КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*«Окурмандын китеп текчеси»* сериясы

**30-том**

# СМАР ШИМЕЕВ
# БАКЫ ӨМҮРАЛИЕВ
# ШАТМАН САДЫБАКАСОВ
# ЖАПАРКУЛ АЛЫБАЕВ

Академик А.А.АКМАТАЛИЕВДИН
жалпы редакциясы астында

Түзгөндөр: *Миргүл Текешова*
*Асыл Турсуналиева*

БИШКЕК
«КУТ-БЕР»– 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Ш-61

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Редколлегия:

Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

Ш-61 **Смар Шимеев, Бакы Өмүралиев, Шатман Садыбакасов, Жапаркул Алыбаев.** «Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 30-том. / Түз. М.Текешова, А.Турсуналиева. – Б.: «Кут-Бер», 2017. – 646 б.

ISBN 978-9967-12-678-7

Бул китепке С.Шимеев, Б.Өмүралиев, Ш.Садыбакасов, Ж.Алыбаевдердин тандалып алынган чыгармалары киргизилди.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**Ш 4702300100-17**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-12-678-7

© КР УИА, 2017
© «Кут-Бер», 2017

## СМАР ШИМЕЕВ
*(1921–1976)*

Акын Смар Шимеев (1921-1976) Кемин районунун Алмалуу кыштагында 1921-жылы 15-ноябрда туулган. «Ленинчил жаш» гезитинин адабий кызматкери, Кыргыз ТАГдын кабарчысы, радиокомитетте адабий-драмалык уктуруу боюнча жооптуу редактор, «Ала-Тоо» журналынын жооптуу катчысы, Кыргызстан КП БКнын инструктору, Кыргызстан Жазуучулар союзунун катчысы болуп иштеген.

1949-1954-жж. С.Шимеев Москва шаарынын М.Горький атындагы адабият институтун окуп бүтүргөн. С.Шимеевдин биринчи ырлары 1938-жылы «Ленинчил жаш» гезитине чыгып, 1940-жылы «Тилек» аттуу альманахта жарыяланган. Акындын биринчи ырлар жыйнагы «Париждин каары» деген ат менен 1944-жылы жарыкка чыккан. С.Шимеев чыгармачылык өмүр жолунда ондон ашуун лирикалык жыйнактарды чыгарып, бир топ үзүрлүү эмгектенген. «Париждин каары», «Лирика», «Гүлай», «Ак кептер», «Таалай поэмасы», «Мезгил жана турмуш», «Махабат», «Жаным менен», «Сонеттер», «Жамийла», «Шаркыратма» сыяктуу ырлар жана поэмалар жыйнагында ар түрдүү тематикаларды акындык сезим менен ачып берүүгө аракеттенген. Акын өз мезгилинде «Алтын булак», «Каба» сыяктуу китептеринде бир топ аңгеме-повесттерди да жазган.

Ошентсе да С. Шимеевди кыргыз окурмандары лирик акын катары билишет, айрыкча анын сонет формасында жазган лирикалары чыгармачылыгында өтө бөлүнүп турат. 1945-жылы С. Шимеевдин «Түшкөн жылдыз» деген ырынын жаралышы менен профессионал жазма поэзиябызда сонет формасы жаралат.

С. Шимеевдин сонеттери — кыргыз поэзиясы үчүн саамалык болгон. Ошондой эле бул формада акын чындык, сүйүү, достук, адилеттик, чыккынчылык, жүзү каралык, ыпластык жөнүндө философиялык ой жүгүрткөндүгүн белгилеген. Отуз сонетти жазуу менен С. Шимеев дүйнөлүк поэзиядагы эң татаал форманы кыргыз профессионал жазма поэзиясында биротоло толук кандуу форманын абалына жеткирип иштеп чыкты десек болот. Акындын чыгармаларына көз жүгүртүн, алар жөнүндө маани толгоп олтуруп К. Бобулов минтип жазат: «анын талантынын негизги касиети кайсы эле деген суроого «ал биринчи кезекте лирик акын болчу» деп айта алабыз».

С.Шимеев Пушкиндин, Лермонтовдун, Назым Хикметтин, Ясыр Шивазанын ж.б. акындардын ырларын жана поэмаларын, Алишер Навоинин «Фархад менен Ширин» аттуу поэмасын кыргыз тилине которгон. 1954-жылы акындын «Алтын чойчөк» аттуу ырлар жана поэмалары орус тилине которулган.

Бул китепте акындын жарык көргөн чыгармаларынан ар кыл темадагы ырлары жана сонеттери тандалып алынды.

## ТҮШҮМДӨ

Ысык-Көлдүн жээгинде мен,
Ойноп күлүп жүрөмүн.
Ушупчалык кубангандан,
Толкунданат жүрөгүм.

Алды жакты карай калсам,
Келе жатат бир кайык.
Жай мезгили, аба салкын,
Жүргөн жерим көк жайык.

Кайык келип токтогондо,
Басып бардым жанына.
Кайыктагы Шевченконун
Кубандым мен шаңына.

Учураштым сүрдөп араң,
Шевченконун алдында.
Колун берип, колум кысты,
Улуу акын алдымда.

Сөз сүйлөштү бир аз туруп,
Ысык-Көлдүн боюнда
Улуу акын берип кеткен,
Калем калды колумда.

Жумшак мүнөз шайыр экен,
Мээримдүү ал караса.

Телегейи тегиз келген,
Талантына, жараша,

Чочугандан ойгонсом мен,
Бул окуя түштөгү.
Шевченконун кылган иши,
Ойлоруму түшкөнү.

*1939*

* * *

Талантсызды көтөрсөң да асманга,
Канат бүтүп, ал эч качан уча албайт.
Таланттууну жер алдына бассаң да,
Канат бүтүп, чыдап жерде жата албайт.

*1940*

## БАКЧАДАГЫ ГҮЛ

Бакчада гүлдөр өскөн кандай сонун,
Таңыркап көңүлүмдү бөлөмүн мен.
Карасаң көз уялат, жакут сындуу,
Күнүгө кумар болуп көрөмүн мен.

Түбүнөн жылып агат тунук булак,
Үстүнөн нурун чачып күнү турат.
Кып-кызыл, теп-тегерек гүлүн ачып,
Буркурап атыр жыты ойду бурат.

Алыста жүрсөм дагы эстейм, гүлүм,
Сайрасам булбул болуп жетер үнүм.
Арнадым ыр чыгарып гүлүм сага,
Жашоого сенсиз каран болор күнүм.

Жүрөккө кубат берет сенин шаңың,
Сен үчүн курман болсун назик жаным.
Эгерде керек болсо, суу ордуна,
Куярмын жүрөгүмдүн ысык канын.

Гүлүмө берген ушул чындык антым,
Сакталар сага жазган жүрөк катым.
Арманым өмүрүмдө болбос, гүлүм,
Жазылса сабагыңа менин атым.

*1940*

## БАРЧЫН

Кең капчыгай түрү сонун мемиреп,
Арасында эркин соккон жел жүрөт.
Мелтиреген бийик зоонун боорунда,
Барчын салган сонун уя көрүнөт.
Турдум тиктеп чебердикке суктанып,
Тынч койбостон санаам санга бөлүнөт.

Ак күп болгон балапандар уяда,
Тумшук менен канаттарын тарашкан.
Тээ бийиктен барчын шаңшып калды эле,
Чый-чый этип асман жакты карашкан.
Эне барчын булут жиреп зыпылдайт,
Зоо боорунда сайран куруу жарашкан.

Ай балапан, болот текөөр болорсуң,
Ак күп канат темирдей бек торолсун.
Булут жиреп сен асманга сызарсың,
Түнөгүндө жетилерсиң толорсуң,
Ала-Тоодон алыс жакка учарсың
Өз уяңа шаңшып кайра конорсуң.

## МЕН ИЧКЕН БУЛАК

Шылдырап күмүш булак суусу кандай,
Кочуштап, жата калып далай ичтим.
Ичкенде ширелериң таттуу балдай,
Кечиргин кээде ойноп сени кечтим.

Айыгам ооруп калып ичсем сени,
Дарысың, ажалымдан алып калар.
Өзгөчө касиетиң, билбейм деги,
Кымбатсың жүрөгүмдөн артык баалар.

Жүрөктөн кан түгөнүп, көзүм жумсам,
Булагым кан ордуна сенин сууң бар.
Алсырап элсиз ысык чөлдө калсам,
Эстесем, канат бүтөт, сага барар.

Башканын көз артканын ыраа көрбөйм,
Мендиксиң, киндигиң бир, сени ардактайм,
Көк тулаң – килемиңди тебелетпейм,
Бөлөктүн изи түшсө, казып таштайм...

Сайрандап жээгиңди мен көп бойлодум,
Жүрөккө элес болуп салды чийин.
Тебелеп тулаңыңды көп ойнодум,
Так болуп баскан изим калар кийин.

Шылдырап күмүш булак суусу кандай,
Кочуштап, жата калып далай ичтим.
Ичкенде ширелериң таттуу балдай,
Кечиргин, кээде ойноп сени кечтим.

*1941*

## БИР ШИЛТЕМДЕР

Кебелбес темир устун, курбум, көргүн,
Ченесең туурасына кучак толот.
Устунду жонуп тегиз, өгөй бергин,
Эмгегиң эгер жетсе, ийне болот.

* * *

Айланып ак туйгундар учса бийик,
Чагылса нурга канат көккө тийип,
Зыпылдап желден күлүк, октой учса,
Күн күлсө, мен да турсам башымды ийип..

* * *

Эч качан жалган жеңбейт, чындык жеңет,
Чындыкка жердин бети тегиз толсун.
Жигиттик айткандарын иштей билет,
Өлүмдөн уят катуу эсте болсун...

* * *

Бирөөгө тизе бүгүп жүргөнүңчө,
Күрөшүп аны жыгып өлгөнүң оң...
Көз карап, жакшылыкты көргөнүңчө,
Курдашым жамандыкты көргөнүң оң...

* * *

Артында өчпөй изи калуучулар
Тайгак жол, тар капчыгай жолдон өтөр.
Төрт жактан душман каптап, кысып алар
Түшүрбөй анда тууңду бийик көтөр!

Эр жигит отко кирип, оттон чыгар,
Акыры күндөй күчтүү кубат бүтөр...

* * *

Эненин сүтүндөй ак ниеттүүлөр,
Чындыкка сугарылып, бышып чыгар.
Бир гана акыйкатка тизе бүгөр,
Каршыгып каралыктын туусун жыгар.

Кара ниет бутун тосуп, көп кезигер,
Азамат аттап өтүп, ага чыдар.
Ак сынбайт, бир аз гана ал ийилер,
Чырпыгы актын акыр болот чынар!..

* * *

Көп эле көздөрдөн жаш чуура берсе,
Аккан жаш жер каптаган селге айланар.
Жерди оюп, атырылып ташып кирсе,
Сел барып мелтилдеген көлгө айланар.

* * *

Карайган кара туман үргүлөмөк,
Айбаттуу бороон аны сүргүлөмөк.
Жеңиштин ач шумкары жайып канат,
Ал эртең күн нур төгүп күлүңдөмөк.

* * *

Куурабайт жашыл арча кышта, жайда,
Арчадай өмүр бизге неге бүтпөйт?!
Адамзат жөө басса да жетмек айга,
Калчабай турмуш бизди неге күтпөйт?!

*1941*

* * *

Отко күйгөн айыгар,
Доско күйгөн айыкпас.
Ок жарасы айыгар,
Дос жарасы айыкпас...

* * *

Суукка калган кайыгар,
Сүйүүгө жанган кайыкпас.
Үшүк алган айыгар,
Күйүт чалган айыкпас.

* * *

Тоо башында тоо болбойт,
Ак пейилдүү жоо болбойт!

* * *

Карганын канаты кара,
Тамагын издейт,
Зыяны жок кылдай.
Арамдын адаты кара,
Жамандык издейт,
Күн-түн тынбай.

* * *

Көмүргө темир эрийт,
Жакшы сөзгө көңүл эрийт,
Жаман сөзгө өмүр кемийт.

* * *

Майда жамгыр көйнөгүңдү кирдетсе,
Күбүр-шыбыр көңүлүңдү кирдетет.
Жууп койсон, көйнөгүңдөн кир кетсе,
Ушак жуулбайт, өмүрүңдү зилдетет.

* * *

Ар бир буудай данынан,
Тамчы тери көрүнгөн,
Дыйкан берген нанынан
Ырыскысы төгүлгөн.

* * *

Бурананын бийиги,
Көлөкөдөн билинет.
Адамзаттын бийиги,
Калк көзүнө илинет.

* * *

Жоргонун жүргөнү жыргал,
Молдонун күлгөнү ызгаар.
Булуттун түргөнү жыргал,
Акмактын үргөнү ызгаар.

* * *

Жакшы коңшу кабылса,
Түгөнбөс кенч тапканың.
Жаман коңшу кабылса,
Сазга тереңбатканың.

* * *

Адамдын таянычы ишенич дейт,–
Өйдөдө өбөк болор,
Ылдыйда жөлөк болор,
Тар кечүү, тайгак жолдон алып чыгар.
Дарактын таянычы тамыры дейт –
Жай чилдеде кууратпастан,
Кыш чилдеде сулатпастан,
Кылымга туруш берип тике чыдар.

* * *

Көп сөз
Жок сөз,
Аз сөз
От сөз.

* * *

Сөзү күйдүргүнүн
Өзү сылык,
Өзү күйдүргүнүн
Сөзү сылык.

* * *

Атылбаган мылтыктан,
Пайда болбойт октолуп.
Этектеген кырсыктан
Айла болбойт токтолуп.
Ийне көзү жылчыктан,
Суук кирет топтолуп
Өз туугандан чыр чыккан,
Жүрөк тилет ок болуп.

## КЫЛ КЫЯКЧЫ ЧАЛ

Чал көрдүм, Түркстандан кыяк тарткан,
Жашынан муң-кайгынын ыйын арткан.
Бир кезде кыз-келиндер ашык болуп,
Оозунан ал акындын балы тамган.
Казактын куу чөлүнүн боз торгою,
Балбылдап көздөрүнөн оту жанган.
Безентип сайраганда боз талаанын
Элинин чери тарап, мооку канган.

Сексенден, ашып калган жарыктыгым.
Бактылуу турмушуна карыктыгын.
Укканда кыл кыяктын күүлөрүнөн
Көрөсүң сен таалайдын ою-кырын.
Бир кезде кыл кыягын жерге коюп,
Карыя жашыргансып ички сырын,
Жерден ал тонуракты чымчып алып,
Эстеди жыттагылап жаштык жылын.

## ЖООМАРТКА

Гүлдү тандап сайраган булбул элең,
Күнгө карап жаркырап күлмүңдөгөн.
Сен ырдаган Сайражан ак алтындын
Талаасында чоюлуп үлпүлдөгөн.
Акын, жоксуң, сен бүгүн арабызда
Кечээ гана биз менен бирге жүргөн.

Өлүм алды элимдин көрөр көзүн,
Кыл жип менен буудуго чебер сөзүн.
Ал алыска чабыттап учмак эле
Кантип анан уккандар күйүнбөсүн.
Кендин оозун ал ачып кирген эле,

Кантип кайгы жүрөккө үйүлбөсүн?!
Ийне менен сайгандай биздин жүрөк,
Тызылдады, муну ким сезип билмек?
Элим билет, эскерет сени унутпай,
Эл менен бир акыным көпкө жүрмөк.
Анын жазган ырлары жашай бермек,
Шайыр акын өлдү деп ким түңүлмөк?

*1944*

## ЖАЛБЫРАК

Желбиреп жел тийгенде көк жалбырак,
Кылындай кыл кыяктын ал калтырап,
Тигилип карап турган жаш акындын,
Чийилип жүрөгүнө из калтырат.
Сүрөтү алдымдагы көрүнүштүн,
Көзүмө өчпөс болуп бүт тартылат.
Табийгат көркөмүңө ашык болуп,
Ырдадым сени кошуп мен жалдырап.
Сүйкүмдүү жалбырагым, жалбырагым,
Нур чачкан сага бүгүн күн жаркырап.

*1945*

## УУЛУМА

Чырагымсың балбылдап жана бергин,
Булагымсың шылдырап ага бергин.
Ишеничим, таалайым – өскүн, жетил,
Куштай учкун, канатты кага бергин.
Күлмүңдөгөн күнүмсүң күндө, түндө,
Мээримдүү бол, нуруңду чача билгин.
Таң алдында жайнаган чолпон өңдүү,
Жарык турмуш эшигин ача билгин.

Жамандыкка жабыркап кайгырбагын,
Жакшылыкка жалындап албырбагын.
Ак, караны жаңылбай ажыраткын.
Досту тааны, касыңа алдырбагын.
Оттой күйүп алдыга бара бергин.
Сенден учкун артыңа кала берсин!..

*1946*

* * *

Жаз да келди кыздын сүйгөн көзүндөй,
Күн жаркырап нурлар салам беришет.
Талаа тойбос карынбайдын өзүндөй
Нурду жутат, балкып тоңдор эришет.

Бак-дарактар силкип таштап кыш тонун,
Күчүк байлап, жазды алкап жаткансыйт.
Муз эриген, суу шылдырап кыштоонун
Азабына чыдаганды айткансыйт.

Жаз эркеси байчечекей кылтыйып,
Гүлүн ачып, башын жерден көтөргөн.
Бак башында каргалар да тымпыйып,
Каркылдашат кемпирлердей жөтөлгөн.

Сен экөөбүз байчечекей териштик,
Өмүр гүлүн бирге терип жаттыкпы!
Сөз талашып, анан кийин кериштик,
Таарынычтан жоголгонду таптыкпы!!

Тез жазылып, күлкү салдың кайрадан,
Сен ошондо мага сүйүү бергенсиң.
Күлгөн өңдүү жашыл талаа айланам,
Өмүрүмө жазды алып келгенсиң.

Жаз да келди кыздын сүйгөн көзүндөй,
Тоо, талаага салам айтат нурларың.
Ай, сулуу жаз, сүйгөнүмдүн өзүндөй,
Күлкүң менен жүрөгүмдү уурдадың.

* * *

Устарага алдырып, жаңы чыккан,
Аппак чачтай жер бети кыроо болгон.
Бул кеч күз да чалкадан жайды жыккан,
Кышты күткөн даракка кыроо конгон.

Скверде азанда жүрөм басып,
Арт жагымда карарып изим калат.
Кыроосу да өмүрдүн келер шашып,
Кейип кетем, ойлосом ичим жанат.

Өмүр кышы келгенче изим болсо,
Кар басса да эч качан ал кетпесе.
Анда мейли чачыма кыроо толсо,
Бороонду өмүр тоготпой түз беттесе...

* * *

Айланышат таз жорулар аскада,
Тарптын жытын сезип калган көрүнөт.
Чыкпай калса жүрө берет ачка да,
Күндүк жерден билип напси төгүлөт.

Жоруларга миң жыл өмүр бергени,
Табигаттын калыстыгы эместир.
Мин, жыл бою тарп издешип келгени,
Тирүүлүкпү? Жок, көлөкө элестир.

Бу да кордук өзүң жемди таппасаң,
Мин жыл жарык көргөн кайран өмүр ай!

Жорусуң да үйгө отту жакпасаң,
Түтүн чыкса адам анда көңүл жай.

Адамдардан тарп издеген кезигет,
О, андайлар узак жашайт бүрүшүп.
Жакшылардын кендири эрте кесилет,
Аз өмүрдү саз жашашып сүрүшүп.

Жакшыларды көпкө сактап кармашса,
О, табигат болмок сенин кубанчың.
Жору менен адам өмүр алмашса,
Кайда кетмек акыл сенин кулачың?!..

* * *

**ЫСЫК-КӨЛ ЖӨНҮНДӨ ЫРЛАР**

О Ысык-Көл көк түсүңө эргисем,
Сага окшогон бир ыр жазсам туп-тунук.
Сенин жыпар желиңе мен сергисем,
Тургансыймын айды көздөй умтулуп.

О Ысык-Көл толкунуңду түрөйүн,
Менин ырым так ошондой үн берсе...
Шарыңа айда эркең болуп жүрөйүн,
Ырларыма толкун өңдүү түр келсе...

* * *

«Ысык-Көл жер соорусу» деген тура,
Ким айтса, ошол адам берген тура.
Өмүрү Ысык-Көлгө теңдеш болуп,
Акылы көл сыяктуу терең тура...

* * *

Жайы салкын, кыш жылуу,
Үстү толгон ак куулуу,
Мелтиреген көл сулуу –
Жер сыймыгы Ысык-Көл.

Берекесин карачы,
Таза – тунук абасы,
Эс алгандын дабасы –
Эл сыймыгы Ысык-Көл.

## САРЫ-ӨЗӨН ЧҮЙ

Жазында гүлдөр жайнап,
Кулпунат Сары-Өзөнүм.
Туш-тушта эмгек кайнап,
Умтулат Сары-Өзөнүм.

Көгөртөн бардык тарап,
Жай артык Сары-Өзөнүм.
Үйүлгөн даны манат,
Шайы артык Сары-Өзөнүм.
Төгүлгөн берекеси,
Жер болбос Сары-Өзөндөй.
Дыйкандын сен энеси,
Кең болбос Сары-Өзөндөй.

* * *

Адам деген таалай баркын билеби?
Кайгы чалган убай дартын билеби?
Эгер билсе, чиренбесе, кеппөсө!..
Адам жарык күндүн баркын билеби?

Айсыз кара түндүн дартын билеби?
Эгер билсе, күнү бекер өтпөсө!..
Адам анык сүйүү баркын билеби?
Санаа чеккен күйүү дартын билеби?

Эгер билсе, башын салып чөкпөсө!..
Адам байлык, токтун баркын билеби?
Ачкачылык жоктун дартын билеби?
Эгер билсе, түк ырысын төкпөсө!..

* * *

Адам дайым ак болсо,
Жүрөгү тунук булактай.
Арамдыктан жат болсо,
Аңды көздөй кулатпай.
Ач көздүктөн сак болсо,
Жаткыра чаап сулатпай.
Бак-дөөлөтүң бат консо,
Таңды көздөй чуратпай.

Сүйүү жашыл бак болсо,
Саргартып кээде кууратпай.
Көңүл куунак шат болсо,
Ачылган гүлдөй кылактай.
Өмүр өчпөс чак болсо,
Жанып турган чырактай.

Достук бизде бек болсо,
Майтарылбас болоттой.
Эрдик бизде чеп болсо,
Душман келсе тоготпой.
Тагдыр деген чеп болсо,
Жокко бизди коротпой.
Байлык келип чек койсо,
Упуратып жоготпой.

Ооруу деген жок болсо,
Адамды бекер кыйнабай.
Кайгы өчкөн чок болсо,
Көз жаш төкпөй ыйлабай.
Үмүт жарык от болсо,
Кур кыялды жыйнабай.

* * *

Ким сыйласа карыны жанын берип,
Өз колунан жасаган нанын берип,
Ага сыйы баладан кайтар кайра.

Ким карыга кийгизсе жибек, торко,
Түк эч качан кылбаса аны колко,
Өз баласы алкышын айтар кайра.

Ким карыга назарын салса дайым,
Аюу талпак астына жайса дайым,
Өз баласы жүрөгүн төшөк кылар.

Ким карыны пөпөлөп бакса, колдо,
Суу кечкенде көтөрүп өтсө жонго,
Өз баласы көңүлүн төшөп турар.

Көксө кары басалбай калса жолдо,
Кыя карап жанынан өтчү болсо,
Өз балаң да сөзүңдү укпай калат.

Суусап кары акактап турса чөлдө,
Суу таап бербей көз жазып өтө көрбө,
Өз балаңдын кайыры жукпай калат.

«Кары сөзүн кадырлап капка сакта,
Өлсө сөөгүн аруулап апта сакта!»
Деген макал сакталсын көңүлүңдө!

Өз атаңбы, башкабы сыйлап өткүн,
Өз энеңби, бөлөкпү назар төккүн,
Сый табасың балаңдан өмүрүңдө!..

* * *

Гүүлдөшөт аарылары гүлгө конуп,
Аарыны да адамдар алган тушап.
Бир күндө алар миңдеген гүлдү соруп,
Бал челектен учушат алыс узап.

Анык мээнет буларда болот тура,
Тынбай жыйнайт гүлдөрдүн балын аары.
Алар тунук гүл канын сорот тура,
Ал адамга керектүү миң бир дары.

Бир бирине байлаган эриш аркак,
Чебер колуң табийгат кандай кылдат!
Адам сенин акылың алтын алкак,
Улам сырын ачасың чубап кылдап.

## УЯ

Өткөн жылы мен барсам айыл жакка,
Колхозчулар иштешет жазда тынбай.
Тиричилик карасам бар тарапта,
Кантип уктап жатышсын эмгек кылбай.

Кичинекей ылайды тиштеп келип,
Чабалакей уясын жасап жатат.
Турдум карап негедир көңүл эрип,
Канаттуу да жазында ишке багат.

Чабалакей сайрашат конуп бакка,
Шыпка кылдат уясын салып бүтүп.

Алкыш айтып жаткансыйт ушул тапта,
Ал адамдан ырайым калка күтүп.

Жай ортолоп дагы да барган чакта,
Балапандар чыйылдайт оозун ачып.
Канаттууга бала да келер бак да,
Каршы-терши учушат жемди ташып.

Жүрдүм сыртта, азанда ала булут,
Күндүн алтын жүзүн да жапкан экен.
Рогатка алып уяны мээлеп туруп,
Үй ээсинин тентеги аткан экен,

Балапандар чала жан жерде жатат,
Эне-атасы чыйылдап учат көктө.
Чыдабадым мен карап, жанга батат,
Унутулбай ал учур жүрдү көпкө…

Кармап алып сөз айттым, туяр эмес,
Сабайт элем бирөөнүн баласы да…
Ай, акылсыз тентек ай, уяны эмес,
Аттың түп-түз жүрөктүн жарасына…

## ЖАҢЫ ШААР

I

Ушул жерде
Бала кезде,
Балдар менен ойноп бирге,
Жүргөнүм али эсте…
Ал кездерде
Менин оюм шок эле,
Мен көрбөгөн,
Мен билбеген

Ушул төштүн–
Бир да чөбү жок эле.
Ал кездерде
Менин колум шок эле,
Дөңдө туруп ыргытпаган,
Кармабаган
Бул коктунун–
Бир да ташы жок эле.

II

Кечээ,
Окуп жүрүп мында келгем.
Анда мен
Өзүм жүргөн,
Ойноп күлгөн,
Балалыктын
Сонун күнүн өткөргөн,
Көзгө жылуу
Ушул төштү,
Бул коктуну
Дагы көргөм.
Бирок, мындай көркөм,
Жаңы шаарды
Көрбөгөм.
Бүгүн көрсөм,
Кызгалдак үзгөн
Төш түбүнөн,
Таш ыргытчу дөңүмдөн,
Кокту өрдөгөн
Нечен-нечен
Үйлөр турат Көкөлөгөн.
Көздү ушалап,
Өңүмбү деп,
Түшүмбү деп,
Турдум көпкө мен карап,

Мем менсинип кайкалап,
Жаңы шаар турат,
Көркүнө көз кубанат.
Өз айлыман,
Серкебай аттуу карыдан,
«Жаңы шаар» деген
Жомокту уккан элем.
Бир жетим тентиреген,
Ашуулар ашып,
Дайралар кечип,
Жерлерди кезип
Бакты издеген.
Арып-ачып,
Өңдөн азып
Бир күнү
Талаага келет, мелтиреген.
Чарчаган жетим
Уктаган экен,
Суу боюна
Кеч кирер менен.
Тура калса,
Такыр башка
Бүт айлана.
Өзгөрүп болгон калаа,
Кечеги жетим талаа.
Кайгы тарткан,
Арып-ачкан
Бир да адам жок,
Бактыга
Бардыгынын көңүлү ток
Таңданып турду бала,
Айланага,
Бул кезде маңдайына,
Сакалы белге түшкөн
Бир карыя,
Келди дагы

Эркелетти баланы;
«Ай садага,
Сөзүмдү ук,
Мени кара,
Бул калааны
Бакыт шаары
«Жаңы шаар» – дейт
Көптөр билбейт.
«Жаңы шаар» көчүп жүрөт.
Чанда бир адам муну көрөт.
Түндө биз,
Бул талаага
Көчүп келгенбиз.
Бул дүйнөдө
Таалайлуу элденбиз-
Ай садага,
Шаарды арала,
Каалаганың ал,
Каалаган жерге бар!»
Турду бала
Ишенбей айланага.
Айтыңызчы мага,
Бакыт ата,
Канча жылда курулат,
Мындай калаа?
Курар, адам
Миң жылда араң,
Кошкун, балам! –
Деди да карыя кетти.
Ал айтты укмуш кепти,
Жаш жүрөктүн
Толкунуна таасир этти.

Кыдырып кечке дейре,
Ал болуп ушул жерде,
Бакты адамын

Бакыт шаарын
Көргөн эле.
Бак шаарынын адамы
Болсомчу деп,
Өзүнчө кайгы жеп,
Көңүлүн токсон
Бөлгөн эле.
Ак сарайга
Кечинде жетим барды,
Дүр-дүнүйө тамак ичип,
Пейли канып,
Куш жаздыкты жазданып,
Уктап калды...
Бейкапар эртең менен
Турган эле,
Бир да жан жок
Мелтиреген
Баягы талаа.
Тентиреген
Жетим бала
Түшүмбү деп таңдана,
Турду шордуу кайгылана.
Өмүрү өткөнүнчө,
Издептир
«Жаңы шаарды»
Ал шордуу бала,
Бирок, дагы көрүнбөптүр
Экинчи ага
Так ошол калаа.

Күн көргөн
Ай талаада,
Ашуулар ашып,
Дайралар кечип,
Жерлерди кезип,
Ал жүргөн азаптана.

IV

Жомокту кыялымда,
Мен эстеп турганымда,
Бир карыя
Келиптир маңдайыма.
Бул ким деп, жалт карасам,
Жүзү тааныш кары адам.
Кадимки кепке бай,
Карт досум Серкебай.
Адатынча таанубай,
Сен кимсиң деп кууланып,
Тамашаны салдыбы ай.
Учурашсам, кол бербей,
Карт-карт күлүп калдыбы ай.
Көптөн бери келбегем,
Көп болду аны көрбөгөм.
Буурул сакал агарып,
Күмүш түскө бөлөнгөн.
Ушул жылдар ичинде,
Менин өскөн жеримде,
Жаңы шаар төрөлгөн.
Сен таңданып караба,
Жок болучу, кече гана,
Бул жаңы шаар,
Жомок эмес,
Чындык элес,
Советтик адамдар
Курган калаа.
Мында турушат –
Жумушчулар,
Колхозчулар.
Мында турушат; –
Жаңы шаарды куруучулар
Бакыт жасап туруучулар.

Мында турат Серкебай,
Баягыдай кепке бай.
Эки кабат үйүм бар,
Бакыт деген күнүм бар.
Аралагын, ойногун,
Барбаган жер болбосун!
Жаңы шаардын ээси мен,
Кечинде кел,
Үйүмө сен. –
Деди да кетти кары.
Ушул жер бакыт шаары,
Аралап жүрдүм дагы,
Кечке жакын,
Серкебайдын үйүнө бардым.
Жайнатып тамактарын,
Ичирип шараптарын,
Сүйлөдү далай кепти
Сөздөрү көңүлүмө
Өчпөгөн таасир этти.
Тагдырын ал жетимдин
Эсиме дагы салдым,
Кубанып мен өзгөчө,
Ал жерде конуп калдым.
Бакыт шаары качты бекен?!
Деп, турсам эртең менен,
Көңүлдү эркелеткен
Жаңы шаар турган экен.
Так ушул бакыт шаарын
Дагы да араладым.
Советтик адамдардын
Ишине тан, каламын.
Дайыма барып калсаң
– Жаңы шаар – биздин жерде,
Бактылуу эл – биздин элде.

*1951.*

## ЭНЕ МОСКВАДА

Жай гана
Көчөсүндө Москванын
Келатат
Улам карап эки жагын,
О, бул ким?
Башындагы ак элечек
Ойлонтуп,
Ала-Тоону элестетет.
Жүзүнүн
Жылгалары сыр белгилеп,
Негедир
Көңүлүмө таасир этет.
Каяктан
Көрдүм эле деген суроо
Оюма
Кылт-кылт түшүп, келет,
кетет
Тааныдым,
Чолпонбайдын энеси экен,
Айлында
Жеңиш жылы болгон элем.
Эсимде,
Жаздын сонун күндөрүндө
Эненин
Үйүнө да конгон элем.
Мен сурап
Өткөндөгү окуядан
Эсимде,
Сүйлөшкөнүм эне менен.
Таластын
Этегинде тоого жакын,
Колхоз бар,

Тельман дешип, атайт атын.
Көргөнгө
Бир туугандай ал колхоздун
Окуучум,
Араласаң сен кыштагын.
Анда жок,
Эки кабат,
Үч кабаттар,
Жөнөкөй,
Бирок, аппак үйлөрү бар.
Эгерде бир үйүнө конуп калсаң,
Көрөсүң,
Бай турушат колхозчулар.
Бул колхоз
Көп колхоздун бири гана
Кубанган
Эмгегине, жыргалына,
Бирок да
Сыймыктанат бүтүн колхоз
Өзүнүн
Чолпонбайдай баатырына.

О, курбум,
Жалаң Талас кубанбастан,
Кубанат,
Бүтүн биздин Кыргызстан!
Элине
Так ушундай баатыр тапкан,
Энеге
Миң-миң алкыш ким айтпаган!
Эне ыйык,
Эне сыймык
Биздин элде,
Мекеним
Бир өзгөчө кадырлаган.

Так ошол,
Чолпонбайдын энесин мен,
Горькийдин көчөсүнөн көрөр
менен,
Бир топко
Арт жагынан ээрчий басып,
Бир кезде,
Жете келип салам берсем,
Бурулуп,
Эне токтоп, мени карап,
Өз уулун
Көргөнүндөй ал кубанат.
«Каяктан
Көрдүм эле балам сени?»
Дегендей
Карашында суроо турат.
Озунуп, сураганча эне менден
Үйүндө

Болгонумду айткан элем,
Эненин
Ийнинен тоо кулагандай
Бул кезде
Кубанычтуу күлдү белем.
«Москва»
Конок үйүн көздөй бастык,

Айлана
Эне үчүн бүт жаңылык.
Бир укмуш
Арасында жүргөнүндөй,
Калың эл,
Бийик үйлөр
Таң каларлык.
Көчөнүн

Бурчунан биз бурулдук да,
Алдына
Конок үйдүн жетип бардык,
О балам,
Жомоктордон далай-далай
Болот деп,
Асмандаган бийик сарай,
Бир кезде
Угар элем аң-таң калып
Чиркин деп,
Санаа бөлүп кыялданып,
Бирок да
Мындай калаа угалбагам,
Кечээ мен
Келгенимде көрө албагам.
Таластын
Тоолорунда жүргөнсүймүн –
Ал бүгүн
Көчөлөрдү араласам.
Тоо эмей,
Так ушул үй,
Анан эмне?
Бирөө айтса,
Жомок дешер, бөлөк элге,
– Деди да
Эне шилтеп колу менен
Көрсөттү,
Чоң ак үйдү
Мен-менсинген.
Ооба чын,
Маңдай-тескей бийик үйлөр,
Кадимки
Ала-Тоодон жапыс бекен?
Уулумдун
Эстелигин куруш үчүн
Чакырткан,

Кремльде
Болдум бүгүн.
Бактымдын
Төбөсүндө турамын мен
О, балам,
Унутулбас ушул күнүм!
Бир кезде
Үйүмдөн даам таттың эле,
Москва
Менин үйүм,
Сенин үйүң,
Дагы да
Энекеңдин өз колунан
Даамын тат,
Конок үйгө балам жүргүн!
 – Деди да
Эне басты, жүзү күлгүн,
Кебине,
Кайратына
Мен сүйүндүм.
Бир сөзүн
Кайталадым көңүлүмдө:
«Москва –
Менин үйүм,
Сенин үйүң».

## СҮЙӨМҮН

Түш десең, көлгө түшөмүн,
Күй десең, отко күйөмүн.
Сурасаң, берем жүрөктү,
 Нур элим, сени сүйөмүн.

*1940-жыл*

* * *

Жаркырап алтын күндүн чыкканындай,
Сүйгөнүм, келет десем, келбей калдың....
Сулуу кыз, айтчы сырды, мунуң кандай,
Жаралап жүрөгүмө чокту салдың.

Көзүмдөн чыккан жашым тамчыласа,
Жер эмес, таш болсо да оюп кетер.
Зарымды эрке желден айтсам сага,
Сен эмес, асмандагы айга жетер.

Жаркыным, көпкө күттүм жалт-жалт карап,
Көрбөдүм карааныңды, кайгырамын...
Ар минут өткөн сайын сени самап,
Келбедиң, мен зарымды кимге айтамын?..

*1942-жыл.*

* * *

Сүйөр элем, сага мен кайгылуумун,
Сүйбөйт го деп сулуудан айбыгамын.
Кимдигимди эрке гүл билбейт, билбейт,
Ичимдеги жыйылган бул арманым.
Бирөө күлсө күлмүңдөп сени карап,
Тогуз куйкам курушуп тардыгамын.
Максатыма жетпестен ара жолдо,
Калам го, деп ушуга ардыгамын.
Жок, сулуу кыз, жетемин, тилегим бар,
Ал таяныч жүрөккө изди салар.
Жалындаган жүрөккө изди салар,
Жалындаган жүрөгүм толку, толку,
Маңдайыма чолпондун нуру жанар.

*29-V, 42-жыл.*

## АК-КУУ

Тып-тынч, караңгы, түн, көлдүн жээги,
Эркелеп беттен сылайт тоонун жели.
Көрдүм да, мен кубандым, канат жайып
Кубулган Ак-куу, Ак-куу, Ак-куу сени.

Көрүндүң түн койнунда көз алдыма,
Кулпунуп тири укмуштуу жагалдана.
Таалайдын гүлү болгон эркеси, сен,
Канат серп, кошул, учкун таң нуруна.

О чиркин, ак канаттын бири болсом,
Каккылап кумарыма эгер толсом.
Сен учсаң, илебинде эрке желге
Асмандын төрөсүндөй ойноктосом.

Конорго жарашыктуу гүлдөй болсом,
Учарда нурун чачкан күндөй болсом.
Ак-куу, чабыттасаң, сайран курсаң,
Асманда санжыргалуу түрдөй болсом.

Тып-тынч, караңгы түн, көлдүн жээги,
Эркелеп беттен сылайт тоонун жели,
Көрдүм да, мен кубандым, канат жайып,
Кубулган Ак-Куу, Ак-Куу, Ак-Куу сени.

*29-V, 42-ж.*

* * *

Күмүш канат асманда шумкар болсом,
Ак булутту аралап учуп көрсөм…
Канатымды эрке жел аймаласа,

Жууса жамгыр, эреркеп көңүл бөлсөм.
Жерде, досум, канатсыз жата бербейм,
Канат өсөт жетилип, күндөй күлсөм.
Сулуу Ак куу, чабыттап уча бергин,
Мен жетемин артыңдан тирүү жүрсөм.

*19-V, 42-жыл.*

* * *

Ак кептер оң ийниме келип конду,
Бул кезде суна койдум мен сол колду.
Кат жазып канатына жабыштырдым,
Койкоктоп ал карады сапар жолду,
Жонунан сылап туруп, белги берсем,
Канатын каккылады оңду-солду.

Анакей, асмандагы ак булуттан,
Жарчысы кубанычтын канат каккан,
Мүрөктүн бир тамчысын ууртап келип,
Кайрылып сүйгөнүңдү кептер тапсаң?!.

## СУЛУУ КЫЗ

Көл үстүндө баратып, ой сулуу кыз,
Сени көрүп, ашыкмын жүрөгүм тыз.
Ачык асман айгине күбө болсун,
Менин сүйүүм айланып сага консун.
Көз жүгүртчү, сулуу кыз, көл түбүнө,
Ачуу-таттуу ой түшсүн көңүлүңө.

Эр жигиттин оюнда толгон кыял,
Кыял эмес, чынында толкун кыял.
Акын ырдап кейиген көл үстүнөн,

Ага шордуу мындай иш неге түшкөн.
Сабыр кылгын, жаш жигит, сабыр кылгын,
Сулуу келер жаныңа, анан тынган.

Бүлбүл-бүлбүл көрүнгөн күндүн көзү,
Ашык болгон сулуунун ошол өзү.
Нуруң чаччы, сулуу кыз, мен тынайын,
Өзүң көргүн жүрөктүн жаш убайын.

Көлдү тиктеп карасам алтын балык,
Бир көрүнүп, жок болду жара салып.
Ошол балык сенсиң го, ой, сулуу кыз,
Айсыз түндө мен үчүн нурдуу жылдыз.

*24-II, 43-жыл.*

## ЫСЫК-КӨЛ

Канакей, Ысык-Көлүм, койнуңду ач,
Эркелейм, мүрөгүңдү жүзүмө чач.
Таңга жуук, сени көрүп, чиркин сулуу,
Кубандым, мөлтүрөгөн көзүмдө жаш.

Билинер билинбестен жашыл толкун,
Уулуңа тоодон күчтүү кайрат болдуң.
Мелтиреп сыр бербестен жата бергин,
Кубаныч, жеңиш, кайрат, ойго толдуң.

Чабыттап ак шумкардай мен кайрылып,
Сапардан издеп келсем, көлүм, тоскун.
Аңгыча кош канатты каккылайын,
Сүйкүмдүү Ысык-Көлүм – энем, кошкун!

*24-11, 43-ж.*

## САР ЖЫЛДЫЗ

Сар жылдыз мени тиктеп жымыңдаба,
Барууга азыр сага жолум алыс.
Сыр берип көк сулуусу кымылдаба,
Кара түн чын достукка болсун калыс.
Айланып жылдар өтүп, зыпылдаса,
Жүз көрүш экөөбүзгө бирдей парыз.

*22-VIII, 44-ж.*

## БИР КЫЗГА

Сүйкүмдүү кыз, кайдасың сен, кайдасың?
Колум жетпейт, жерде эмессиң, айдасың.
Жүрөгүмдүн кайгысы бар башында,
Кайдан табам мен сүйүүнүн айласын.

Ичтен сызып, мен сагынып кайгырам,
Кээде, жаным, көңүлүмдү жай кылам.
Муңдуу сырдын түйүндөрүн чече албай –
Тагдырыма шыбыш берип кайрылам.

Сен жароокер, ыйлабагын, ыйлаба,
Сүйгөнүңдү ара жолдо кыйнаба.
Таңда чыккан чолпон сымак жаркырап,
Сен келерсиң, муңду өзүңө жыйнаба!

*1-V, 44-жыл.*

## «К-К» га

Таң алдында мелүүн соккон жел сымак,
Мен бешикте жатканымда терметтиң.

Сен, энемсиң, маңдайымда шам чырак,
Ак булупай эмчек сүтүң бергенсиң.
Өсө берсин жүрөгүңдөн чынарың,
Сен, көрөсүң, булбул сайрап чыгарын.

*Декабрь, 1944-ж.*

## АНЫ КӨРДҮМ

Аны көрсөм жөнөкөй адам экен,
Сырткы кейпи бөлөктөн айырмасыз.
Анын укмуш кабагы түк кайгысыз,
Күндөн туулуп өскөндөй пейли кенен.

Ал адамдын акылы тоодон бийик,
Көлдөн терең толкуса жерди каптар.
Акылдуу көз карашы эл кубантар,
Мен жүрөмүн сыртынан чексиз сүйүп.

Ал төрөлгөн адамзат таалайына,
Кара түндө жылдыздай жанарына,
Анын ысмы жеңишке баскан кадам.
Ал жылмайып күлгөндө, күн чыккандай,
Мурутунан таалайдын кушу учкандай,
Бүт дүйнөнүн тагдырын чечкен адам.

*7-1X, 45-жыл.*

## ЧОЛПОН ЖЫЛДЫЗ

Чолпон жылдыз,
Сен да жалгыз,
Бир энеден
Мен да жалгыз,

Биздин жүрөк,
Биздин тилек,
Бир сыяктуу,
Айрып алгыс.

Таң алдында
Таанышканда,
Миң кубултту,
Булбул сайрап.
Эртең менен,
Экиленген
Эрке желге,
Көңүл жайнап.

Чолпонум ай
Түрүң кандай,
Сулуулуктун
Көркү сенсиң.
Тиктей берип,
Акын эрип,
Акыр талант
Күчү жеңсин...

*Июль, 1941-жыл.*

## КҮЛГҮН ЖАШКА

Күлгүн жаш, күн баткандай сен да өтөрсүң,
Азиз баш далайларды көп көрөрсүң.
Турмушка бир жаңылык калтырып кет,
Өмүрдүн акырында бир күлөрсүң.

Болбосо, тирүү жүрүү неге пайда,
Өмүрүң өтүп кетсе бекер сайга.

Жашыңдан канатың серп, талпына бер,
Жетерсиң, кыйналсаң да көктөгү айга.

*9-IX, 45-жыл.*

## ЖАРЫМА

Мен сүйөмүн, сүйөмүн, сени жаным,
Көл үстүндө кубулган сен бир ак-куу,
Жүрөгүмө билгизбей салдың го чуу,
Сүйүү сырын кайрылып сага айтамын.

Жаштык өмүр жалындап өтө бербес,
Бирде өчөр жалының суу сепкендей.
Өз колуңдан кумсарып уу ичкендей,
Өткөн күнүң кайрылып такыр келбес.

Кызуусунда темирди соккун деген,
Иш өткөндө армандыр кайгы жеген,
Жаштык өмүр биз үчүн жазгы гүлдөй.
Жазда дарак бүрдөсө, күздө куурайт,
Бир кайгырса адамзат, бирде куунайт,
Перизатым, жашайлы, батпас күндөй.

*VIII, 45-жыл.*

## ТҮНКҮ ЫР

Ушул азыр, сен уйкуда мемиреп,
Жаткандыр деп жар жүрөгүм элирет.
Сүйгөн жарым, кылыгыңды ойлосом,
Жарды көңүл кээде байып семирет.

Мына, кара, жаштын түнү – айлуу түн,
Сен сыяктуу, мени өпкүлөп жел жүрөт.

Айдын нурун кыял минип алгандай,
Алда нени менден алыс ой сүрөт.

*24-VIII, 45-ж.*

## КЫЗДЫН ҮНҮ

Кош жүрөктү жаралап,
Кайдан келген сулуу кыз?
Кан тамырды аралап,
Кайдан тийген нуруңуз,
Жаштык кыял сабалап,
Чечилбеген сырыңыз.
Бирде куунап көңүлүм,
Эркелетти оюмду.
Бирде куурап өмүрүм,
Ичиркентти боюмду.
Түшпү, чынбы, төгүнүн –
Билалбадым оюңду.

Терезeмде коюлган,
Кыздын берген гүлүбү?
Ыйга ыйым кошулган,
Чын кайгынын күнүбү?
Айлуу түндө созулган,
Бул сулуунун үнүбү?

## НЕГЕ СҮЙБӨЙТ

Неге мени сулуулар сүйбөйт, досум?
Бул суроонун түйүнүн чечип берчи.
Же болбосо, көңүлүм курсант болсун,
Жаш жигиттин кайгылуу алын көрчү.

Келишимдүү, акылсыз, сулуу жигит,
Басып өттү алдыман жерге сыйбай.

Аны көргөн чүрөктүн бою жибип,
Сүйүү оту тутанды жалын жыйнай.
Мен барганда ал сулуу көзүн кыйгай,
Тик карабай, күйдүргөн, сабыры суз,
О, чиркин ай, кайгырам жүрөк туйлай.

Бирок менин көрүнбөс ишеничим бар,
Айсыз түндө жылдыздай жымыңдаарсың...
Жүрөгүнө ар кимдин чокту салар –
Адам эмес, перилер кызыгарсың

*1945-жыл.*

## КЫЗГА БЕРГЕН СҮРӨТКӨ

Сүйгөнүм, бул сүрөттө мен эмесмин,
Көлөкөм, сөөлөтүм бар сен билесиң.
Сүрөтүм мага такыр тең эмессин,
Бирок да айкындалат кең элесим.
Элесин сүйгөнүңдүн көрө жүргүн,
Унутпай жаштык кезди ойго туйгун.
Махаббат – экөөбүзгө бирдей эркин,
Сулуу кыз, жүрөгүңө бирди сүйгүн.

## САГА...

Көрбөсөм сени бир күнү
Карааныңа зарылам.
Жылаажын үндүү күлкүнү
Укпасам күйүп сагынам.

Моймолжуп жаным карасаң,
Көкөлөп канат каккансыйм.
Чачымды сылап тарасаң,
Таалайдын гүлүн тапкансыйм.

Мүрөктүн өлбөс булагы,
Оюнунда турбайбы!
Жаштыктын жашыл тулаңы,
Коюнунда турбайбы!..

* * *

Гүл көрсөм жолдун боюнан,
Айланып андан кетпеймин.
Өзүң бир чыкпай оюман,
Саргайып сени эстеймин.

Ошол гүл болсоң эгерде,
Желден да сени кызганам.
Жолоочу өтөр а жерде,
Элден да сени кызганам.

Тигиле карай өтүшкөн,
Көздөрдөн сени кызганам,
Чубуртуп балын төгүшкөн,
Сөздөрдөн сени кызганам.

Асмандан жарык нур чачар,
Күндөн да сени кызганам,
Жымыңдап жылдыз жарышар,
Түндөн да сени кызганам.

* * *

Тигиле карайм жаркыным,
Жылдыздуу түнкү асманды.
Билдиң бекен алтыным,
Жүрөктү күйүт басканды.

Асманда жарк дейт сан жылдыз,
Издедим сени ичинен.

Кыргызда эрке сен бир кыз,
Кагылам баскан изиңден.

Көрүнбөйсүң жылдызым,
Жүрөгүмө нур себер.
Сенснң жалгыз ырысым,
Өмүрүмө түр берер.

* * *

Кыялга чөгүп олтурам,
Эстедиң бекен сен мени?
Жүрөккө муңду толтурам,
Көңүлүмдүн эрмеги.

Жаш баладан кыялдуу,
Мен барсам кучак жаярсың.
Айттырбай билген кыялды,
Аялдан башка аярсың.

* * *

Жарыгым, сенсиң, жарыгым,
Адашсам түндө жол ачар.
Жалыным, сенсиң, жалыным,
Үшүтпөй суукта тон жабар,

Жыргалым, сенсиң, жыргалым,
Кадыр таң мага аткандай,
Ырларым, сенсиң, ырларым,
Булактай оргуп жаткандай.

Сүйөмүн, сени, сүйөмүн,
Он сегиз жашым келгендей.
Күйөмүн, жаным, күйөмүн,
Махаббат гүлүн бергендей.

Арабызда аска бар,
Жолотпой бизди кармаган.
Мелтиреп турган ташта бар,
Сүйүүнү басып арбаган.
Тосо албайт аска жолумду,
Чын ашык оту жанганда.
Мен созсом, берчи колуңду,
Аскадан тартып алганга.

Терезеңдин түбүнөн
Күнүгө өтөм жалдырап.
Шам өчсө, сенден түңүлөм,
Сүйүнөм күйсө жаркырап.

Терезеңдин жанынан
Өткөндө жанчу чырагың,
Өмүрдүн жарык таңынан
Алганбы нурду чырагым!..

Терезеден жарк этип,
Көрүнсөң мага жалжалым,
Жүрөктөн кетет шарт этип,
Бугуп жаткан арманым.

Терезеңдин түбүнөн
Күнүгө өтөм жалдырап.
Шам өчсө, сенден түнүлөм,
Сүйүнөм күйсө жаркырап.

* * *

Кара-Деңиз жээгинде бүгүн кечке,
Толкун менен сырдаштым муңдуу жалгыз.
Күмүштөрү чачырап урса бетке,
Жүрөк толкуйт толкундан айрып алгыс.
Өркөчтөнгөн толкундан издейм сени,

Алыстагы шоолалуу аткан таңым.
Кыялында ойлойбу деги мени,
Асмандагы жылдызым – сүйгөн жаным...
Каалаганым бир сага жалгыз бакты,
Күлүп турсаң мен үчүн өмүр жарык.
Сен ыйласаң ошондо күнүм батты,
Мен болормун куу чөлдө шордуу карып.
Жүрөгүмдү өрттөсө оттуу сүйүү,
Анда учканым булутта кагып канат.
Түшсө мейли башыма азап-күйүү,
Турган кезде сен үчүн жүрөк канап.
Кайгы менен соолутар өмүр гүлүн,
Чын ашыктык отуна күйгөн адам.
Көрбөсө да Мажнундай жыргал күнүн,
Бирок дагы бактылуу сүйгөн адам...

* * *

Сары жылдыз көктөн кулап,
Деңизге түшкөн турат.
Ай, жаным, кайык сурап,
Айдайын, тез барайын,
Түшүрбөй мен алайын,
Колума кармап келсем,
Жылдызды сага берсем,
Өмүрүм болор куунак...

Сары жылдыз кулап ана,
Дениз чөктү, кара!..
Болбосо нуру кана?
Жүрөгүм болсун кайык,
Деңизге торду жайып,
Түбүнөн чыксам алып,
Толкуну бөлө жарып,
Бериштем сунсам сага...

Сары жылдыз кабак жарып,
Деңизге түшө калып,
Түнкүсүн жуунары анык.
Жайганча алтын чачын,
Жетейин шашып бачым,
Экөөбүз басар жолго,
Шам кылып, алсам колго,
Түнүбүз күндөй жарык...

Жок, жаным, жылдыз кеппи,
Телмирип карап көктү,
Кур бекер убак өттү.
Бир сага, жаным, ынак,
Койсунчу кыттай кынап...
Тиктечи, көзүң жылдыз,
Жылмайчы, өзүң жылдыз,
Махаббат нурун төктү...

* * *

Мен сапарга кетип баратсам,
Сен күйгүзүп жүрөк канатсаң,
Жол тостуруп өзүңдү
Томсортуп улам каратсам,
Ой жалжалым,
Өрттөсө ичти арманың –
Анда сен каптер элең жалжалым.
Сен адашсаң түндө жаңылып,
Аскалуу зоого кабылып.
Жол таппай турсаң туюктан
Айлаң бир кетип зарыгып,
Ой жалжалым,
Алдыңдан чыксам арманың –
Анда арылар беле жалжалым?!.
Келатсаң жаным талаада,

Сагыныч толуп санаага,
Күлмүндөп чыгып алдыңан
Кызыл гүл сунсам садага,
Ой жалжалым,
Күйгүзүп мени караба,
Анда сен чок салып жүрөк жарага!.

* * *

Көңүлүмдү элжиреткен,
Кулагыма ыр угулат.
Жүрөгүмдү титиреткен
Бир укмуштуу сыр угулат.

Кимдин ыры күкүк, күкүк?!
Кимдин сыры күкүк, күкүк?!
Күлкү чыгат алыс жакта,
Сүйгөн жарым күлөт бекен?
Оюн куруп тигил бакта
Кыздар менен жүрөт бекен?
Күлгөн ким айт, күкүк, күкүк?!
Жүргөн ким айт, күкүк, күкүк?!

Кундуз кара чачын тарайт,
Таңкы ачылган гүлдөй сулуу,
Туш тарабын улам карайт,
Издейт кимди күндөй сулуу?
Гүлдөй кыз ким, күкүк, күкүк?!
Күндөй кыз ким, күкүк, күкүк?!.

* * *

Шарап сундум, сууну бердиң ордуна,
Жүрөгүңө уюл музуконгонбу?
Балды сундум, ууну бердиң ордуна,
Жүрөгүңө ачуу мурчу толгонбу?

Гүлдү берсем тикен болду колуңда,
Же жүрөгүң сайып кетер ийнеби?
Күндү берсем, түнгө айланды жолуңда,
Же тилегиң, кайып кетер дүйнөбү?!

## ЭНЕМЕ

Көрүнгөн дөбөдөгү мүрзө бекен,
Кандайдыр жүрөк чиркин сокту бекем,
Бардым да, энекемди көмгөн жерди
Тааныдым, калың чөптөр баскан экен.

Турдум да ар нерсенин барын ойлоп,
(Ой менен көк деңиздин боюн бойлоп),
Денеме суу куйгандай ичиркендим,
Сезилет жүргөн өңдүү жылан сойлоп.

Бир туруп отко түшүп кеткен өңдүү
(«Дозоктун» так өзүнө жеткен өңдүү).
Чымырап денем ысыйт, билбейм толук,
«Туткунга» түшкөнүмдү сезген өңдүү.

Бир эсе чокусунда мөңгү жаткан,
Муз тоңуп, капчыгайдан суулар аккан,
Памирдин куш учалбас тоосунда мен,
Адамсыз жүргөнүмдөй ойго баткам.

Энекем көз алдымда тирүү болуп,
Бакчанын көрүнгөнсүйт гүлдөр окшоп,
Бүрлөрү, сабактары калган соолуп...

Тургандай кубулжутуп тилин кайрап,
Гүлүндө булбул конуп, мукам сайрап.
Чыныдай кызыл-кызыл гүлүн ачып,
Суу тийип жашаргансыйт кайра жайнап.

Биздин үй суу жээгине конгон жалгыз,
Али да элес көрөм, айрып алгыс.
Күндөрдүн бири болчу бешим убак,
Окуя болуп өттү, унут калгыс.

Мен анда төрт жаштамын, эс-эс билем,
Эрмектеп таш мылтыкты ойноп жүрөм.
Чыбыкты ат кылгамын минип алып,
Кайгысыз эселекмин, кээде күлөм.

Бир кезде чакырышты үйгө мени,
Капарсыз кирип келдим, билем нени...
Түрсүлдөйт жаш жүрөгүм аянычтуу,
Өңүң жок, сабырың суз, көрдүм сени.

Жанында эркелеттиң чекем сылап,
Көзүңдөн тептегерек бермет кулап.
Билбеймин эмне көрүп, эмне туйдуң?!
«Артымда калмак болду жалгыз туяк».

Кумсарып эки беттен каның кеткен,
Башыңды көтөрдүң да сүйдүң беттен.
Очиркин, эң акыркы сүйгөнүң ал,
Алиге тагы да бар, чыкпайт эстен.

Сөөгүңө баткан өңдүү эки көзүң,
Карадың таенеме жашып өзүң.
«Балага көз сала жүр, апа», дедиң,
Эсимде ошол туюк айткан сөзүң.

Таенем билип мени алып кетти,
Көзүнөн аккан жашы жууган бетти.
Жеткирип эжемкине, мени карап:
«Бүгүн кон, ушунда» деп эркелетти.

Каадалуу адам болуп конуп жаттым,
Балалык таттуу кыял ойго баттым.
Кайгылуу унутулбас так ошол түн –
Койнуңа энемди жер, бекем каттың!..

Түшүнбөйм, алда кандай болгон белем,
Көрүнбөйт көшөгөдөн оору энем.
Билдимби, билбедимби, ыйладым да,
«Апакем кайда? Көрсөт!» деген элем.

Таенем колдон алып, энекемдин
Көрсөттү көшөгөдөн мага жүзүн.
Зиреси жүрөгүмдүн алыс учту,
Көргөндө куп-куу сөөктөй анын түсүн.

Отуруп жанына мен, апа! дедим,
Өлгөн ал, кантип укмак сөзүм менин.
Балалык, улам-улам айттым дагы
Чалкамдан кетиптирмин, кысып демим.

Тоолордон кездешетко белес, колот,
Жүрөктө кездешүүчү кайгы болот.
Ошол кез так түшүмдөй болсо дагы
Эстесем эки көзгө жашым толот.

Ширеге түшө калар чиркин таңдай,
Адамга таттуулугу балдын кандай?
Балага ооздон түшпөс балдан таттуу –
Теңелбейт, эне кымбат, болбойт андай.

Жээгинде бетегелүү тулаңы бар,
Оргуштап, ичсе дагы, булагы бар.
Баланын маңдайында балбылдаган –
Энедей түндө жанар чырагы бар.

Эгерде муңдуу, зардуу болсоң карып,
Таң атар, эне күлсө кабак жарып,
Ошондо баласына асыл эне –
Жаркырап нурун чачкан күндөн жарык.

Жүрөккө эне жакын, оттой ысык.
Бакчадан гүлдү көрсөң, көнүл кызып.
Көз тойбос сулуу көркүн, жытын жыттар,
Балага эне чиркин гүлдөй кызык.

Адамга дем алууга аба керек,
Жайытка жашыл көрктүү талаа керек.
Белине тоодон кубат, таңуу болор –
Энеге жыттоо үчүн бала керек.

Энеси бала үчүн отко түшөт,
Ысык, суук азабына тегиз түтөт.
Эмгектен, жанын сабап баккан эне –
Баладан келечекте үмүт күтөт.

Эмизип аппак сүтүн, балам деген,
Мени да бакты төрт жыл Турсун энем.
Унутпайм, жүрөгүмдө сакталмакчы,
Алтындай эмгегине жетпей ченем.

Эстедим өткөн-кеткен барын тегиз,
Мынакей, бүгүн жашым туура он сегиз.
Кантип мен кыялданып жашабаймын.
Жашадым он төрт жылы мен энесиз.

Бирок да жетимдикти көргөнүм жок,
Азапка көңүлүмдү бөлгөнүм жок.
Төрөлдүм гүл заманда, бактылуумун,
Эркемин, эркин желдей жүргөнүм шок,

Жетимдер басыш өтүп, тамга түшкөн,
Муңдуу күн, көздүн жашы, өткөн иштен.
Ала-Тоо башын ийген кайгыларын,
Көрөмүн ошол күнкү калган изден.

Мен болсом гүл өмүрдүн эркесимин,
Ал эми кимдер мени жетим демек,
Тутунган эне-атамдын эмгектерин,
Болбостур эч нерсеге баалап-теңеп.

Өстүрдү тарбиялап кичинемден,
Окутуп адам кылып эмгек эткен.
Жүрөгүм согуп турса ойдон чыкпайт
Айланам, энем-атам гүл Советтен!

Дүркүрөп гүлдөп өскөн заманымды,
Түгөнбөс тоодой ырыс жыргалымды,
Көрбөдүң, апа, сен да кайгырамын,
Он сегиз жашка келген кырдаалымды.

Мамаңды жаш баладай мен жыттасам,
Эркелеп мен жаныңдан түк чыкпасам,
Энекем ушул күндө болсоң эгер,
Армансыз моюнуңдан кучактасам.

Ушуга өкүнөмүн күйүп ичим,
Өлбөстөн ушул күнгө келсе дедим.
Орнотуп жүрөгүмө эскерткичти –
Ыр менен түбөлүккө эскеремин.

## ДОСУМА

Атанын акыл сөзүн сакта, досум!
Эненин аппак сүтүн акта, досум!
Эрдикке жердин бети дүңгүрөсүн,

Асмандан күнгө дагы күч теңешсин…
Жүрөксүз коркок болсоң жоо бетинде,
Чыныгы, анда мага дос эмессиң…
Атанын акыл сөзүн сакта, досум!
Эненин аппак сүтүн акта, досум!

*1941*

## СЕН

Сен өскөн жер кадимки эки Кемин,
Уулун эстеп муңданып алды демин,
Кайда кеттиң көрүнбөй айтчы жигит?
Энең жашыйт кейитип чиркин ээнин.

Ээн жердин бөрүсү карап тургус,
Жымыңдаса асмандан калың жылдыз.
Тоо торгою сайраса сени кошуп,
Уккан адам ордунан такыр жылгыс…

Сен жүргөн тоо – Көк-Ойрок башын ийип,
Мен-менсинген ак чоку көккө тийип!
Миң кылымдык мүшкүлдү бир көргөндөй
Бүгүн турат карыя оттой күйүп…

Сен ичкен суу бир кезде аппак көбүк,
Миң кубулчу асмандан күн нур төгүп.
Ылайлоого жутунат душман башын
Кантип чыдайт өз уулуң аны көрүп!

Уулуң серпти туурунан ак канатын,
Карматууга душманга өз адатын,
Киндик кесип чоңойгон бир тууган жер,
Күтө бергин жеңиштин шарапатын!
Душман башы кесилсе күн күлүңдөр,
Уулуң мактап кубанып жер дүңгүрөр.

Төшүн керип асманга тоо чалкалар,
Ак мөңгүлөр кошулуп, суу күркүрөр.

КОШКУН, жолдош
Кошкун жолдош кол булгалайм,
Жүрөгүмдө нур элесиң.
Канатымды мен каккылайм,

Келер жазды сен көрөсүң.
Кайгыланба, кошкун жолдош,
Көзүңө түк жаш албагын.
Турмуш чиркин бирдей болбос,
Жашоо кымбат, тартынбагын.

Чартылдаган чагылгандан,
Таалай турса тартып алгын.
Өлүм корксун кайратыңдан,
Көр оозуна, күлүп баргын.

## КАРЫНДАШЫМ

Суу жээгинде олтурган, карындашым,
Неге мынча муңайып кайгырасың?..
Кышкы күндөй бүркөлгөн кабак-кашың,
Бирок, сулуу, көңүлдү жай кыласың.

Айтылбачу ичинде сырың бардай,
Аккан сууну тигилип көп карайсың.
Кээде, жаным, тиштендиң, буулуккандай,
Сен, өзүңдү өлүмтүк жан санайсың.

Эңкейгенде эки өрүм кундуз чачың,
Сууга тийип калса да байкабадың,
Дарыяга мөлтүлдөп акты жашың,
Мукактанып сөзүңдү айталбадың.
Терең ойго чөмүлгөн, ой жалжалым,

Бир убакта көтөрүп сен башынды:
«Курман болдуң эл үчүн, сүйкүм жарым»
Деп муңканып аарчыдың көз жашыңды.

*1944*

## КӨЛ БОЮНДА БИР ЭЛЕС

1

Бүркөлүп күндүн көзү турган болчу,
Жүрөккө өлүм канжар сунган болчу,
Карайлап жаш жигиттин эки көзү,
Чурулдап кулактары тунган болчу.

Фашисттин түрмөсүндө көп жыл жатып,
Жигиттин оң жак буту сынган болчу.
Ал бүгүн качып чыгып темир тордон
Дем алып көл жээгинде тынган болчу.

Жалындап от сыяктуу жигит күйгөн,
Ичине жүрөк сырдуу кайгы түйгөн.
Басууга дарманы жок, көл боюнда
Ал жатат, азап башын каптап үйгөн.

Бир гана анын сырын ушул көлү
Мункаnып, тең бөлүшүп бирге туйган.
Арманын уга турган бир адам жок,
Көлүнө көздүн бермет жашын куйган.
Тозоктун азаптарын түгөл көргөн,
Таалайга жаш көңүлүн жигит бөлгөн.
Жалындай күйүп турган оттон чыгып,
Турмуштун күрөштөрүн толук жеңген.
Тагдырдын токсон түркүн мүшкүлүндө
Эненин парзын актай уулу билген.

Беш минут болсо дагы эркиндиктин,
Жыргалы көз алдында ойногонсуйт,
Бирок да өмүр менен өлүм экөө
Кармашып жанын тынч да койбогонсуйт.

Жаралуу, кыбыраган араң жан бар,
Дүйнөнү ал суктанып карап тойбойт.
Өлүмдүн алдында да элестетип,
Муңканып сүйгөн кызын жигит ойлойт.

Нур чалды анын жүзүн ушул кезде,
Жаштыгы чубай өтүп, келип эске,
Ал ачка көл суусунан улам ичип,
Жалдырап жыла албастан жатты кечке.

Умтулуп улам алга көлгө жылып,
Минуту тирүүлүктүн ага кызык.
Акырын көзүн жумду, өлүм жеңди,
Көл толкуп, кучагына алды кысып...

II

Көзүнүн жашын төгүп сулуу келин,
Кейитип кайгы муңга чиркин зээнин,
Алтындай сары чачын жайды дагы,
Тиктеди бир далайга көлдүн жээгин.

«Жарымдан айрылганча мен өлөйүн,
Тозоктун азаптарын бир көрөйүн.
Алдымда мелтиреген ушул көлгө,
Көзүмдөн кан аралаш жаш төгөмүн.
Бейкапар жаткан сени азыр чиркин
Кайгынын бешигине мен бөлөйүн.
Бир кезде эркин жаткан толку, көлүм,
О толкун, төө өркөчтөп чыгып бөлүн.

Гитлердин кол алдында азап чеккен,
Элиме толкун менен айткын көңүл.
О чиркин, сенден башка барар жерим
Калбады, суусу бүттү бул жаш өмүр.

Бир гана баш калкалар көлүм сенсиң,
Кээ бирде, о сүйкүмүм, көккө теңсиң.
Канчалык азап, кайгы тартсаң дагы
Душманың кайратыңды кантип жеңсин?

Кошкун, эл, кошкун, журтум, кошкун, көлүм!
Койнуңду ачып мага тоскун, көлүм!» –
Деди да чиркин сулуу көлгө боюн
Таштаарда толкундардын арасынан,
Элеси сүнгөнүнүн көрүндү да,
Капалуу кар жаагандай кабагынан,
Жок беле, бир бороондук сенин алың?

О жаным, мен сүйүүдөн жанылгамын.
Тирүүлүк ал адамга берген жыргал,
Күрөшсүз сен өлүмгө кабылбагын...
Жашай бил, душманыңдан өчүңдү ал,
Күрөштө, жарым, сенин жаныңдамын –
Дегенсип сүйгөн элес көздөн кайып
Жок болду, турду келин эстен тайып.
Көз жашын тыйып анан басып кетти,
Турмушка, тирүүлүккө кучак жайып...

*1944*

## ТҮШКӨН ЖЫЛДЫЗ

### Сонет

Кокустан жая салсам алаканды,
Асманда учуп жүргөн жылдыз түштү.

Бул кезде байкабапмын аткан таңды,
Табигат, таасирлериң кандай күчтүү.
Бетимди түгөл жууду эртең менен,
Кубанычтан кыялданып чыккан жашым.
Көңүлдүн кири ойдон кетти беле,
Бийлетип ишеничке акын башын.
Күн жылып, ай айланып, жылдар өтсүн,
Экөө тең эгиз болсун, айрып алгыс.
Турмуштун тартышында күнгө жетсин,
Ар кимдин жүрөгүнө таасир этсин,
Акындын тагдырына түшкөн жылдыз.

*1945*

## ЖҮЗҮМ

Күздүн мээрим күнүндө,
Колхозчунун үйүндө,
Шербет жүзүм жегемин.

Жүзүм сунган сулуу кыз,
Мас кылды бейм нуруңуз,
Кантип мындан кетемин.

Жүрөк болсун белегим,
Жүзүм үчүн беремин,–
Кереги жок дедиңби?

Кабагыма түн түшөр,
Жүрөгүмдү үшүтөр,
Мен укпайын кебиңди.

Сунчу, бактым, жүзүмдү,
Бир көрөйүн жүзүңдү,
Угайынчы сөзүңдү!

Сунуп, секет дагы да,
Отур бир аз жаныма,
Тиктейинчи көзүңдү.

Сени тиктеп карасам,
Куйкаланып баратам,
Көзүңдө от бар беле?

Күйгүздү бейм жанымды,
Кетирди бейм алымды,
Сөзүңдө ок бар беле?

Шербет жүзүм тилимде,
Күндөй сулуу дилимде,.
Калсам бекен бу жерде?!

Мен мас болдум жүзүмгө,
Кара каш, сага, жүзүңө,
Күйөө болсом бу элге!

Күздүн мээрим күнүндө,
Колхозчунун үйүндө,
Шербет жүзүм жегемин.

Жүзүм сунган сулуу кыз,
Тартуудга жүрөк алыңыз,
Кайгыртат албайм дегениң...

*1948*

## ӨРҮК ГҮЛДӨДҮ

Терезедмин түбүнө бир түп өрүк,
Эртең менен карасам ак гүл болуп,
Бир өзгөчө кубулуп түргө конуп,
Акын оюн өзүнө алды бөлүп.

Тереземдин түбүндө гүлдөп өрүк,
Жаздын сонун күнүнөн белги берет.
Жазда дыйкан өнөрдүн көөрүн төгөт,
Акын оюн бул өнөр алар бөлүп.

Тереземдин түбүндө гүлдөп өрүк,
Кары багбан эмгегин ал эскерет,
Ал өстүргөн жемишин элге берет,
Акын оюн бул эмгек алар бөлүп.

Тереземдин түбүндө гүлдөп өрүк,
Заманамдын жемиши эске келип,
Биздин өмүр ушундай гүлдөй берип,
Акын оюн толкутуп алар бөлүп.

## ЭЛИҢДИ СҮЙ

Калың бактын түбүндө көлөкөлөп,
Бешигине баласын эне бөлөп.
Балтыр бешик баланын күлкүсүнөн
Күндөн жарык таалайын эне көрөт.
Күлкүсүнө кагылып эрисе эне –
Бешик ага дүйнөнүн бурчу өңдөнөт.
Бешик менен эне да бир термелип,
Медерине жалынып мээрин төгөт.
Алдей-алдей садага, күнүм бөбөк,
Жаңы ачылып кулпунган, гүлүм бөбөк.
Элиңди сүй чоң атаң Лениндей,
Тилеги жок энеңдин мындан бөлөк.

## КАУХАР ТАШ ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

Бир кылчайып карасак,
Кандай кымбат бала чак.
Тийип өткөн күн өңдүү,

Таңда ачылган гүл өңдү-
Балалыктын жылдары
Өттү канат сабалап.
Агын суунун шарындай
Күндү-күндөр кубалап,
Ал өткөндөр элестеп,
Көз алдыма чубалат…
Кат келгенде досуман,
Кубандым бейм абыдан.
Көп жыл аны жоготуп,
Көргөн өңдүү жаңыдан.
Маанисине түшүнбөй,
Өңүм болуп түшүмдөй.
Ачып катты окудум,
Табышмакпы бүтүндөй…
«Өзүң көргөн капчыгай,
Бир кезде тынч жатчу жай,
Качкан жок, дале ордунда,
Тамашага батчудай.
Купуя сыры калбаптыр,
Бала кезги чымчымай.
(Ууртунан жылмайып,
Бул досумдун шылдыңы ай!)
Күндүз келбе, түндөп кел,
Кабагыңды бүркөп кел,
Көңүлүңдү бир ачсын,
Тоодон соккон салкын жел!»
…Түн салкын. Тыптынч айланам,
Бир гана сайрайт саратан.
«Победа» менен таш жолдо,
Зыркырап кетип баратам.
Көрүндү кырдан ашканда,
Көптөн тааныш капчыгай.
Түнөрүп жаткан түнү жок,
Адаштымбы капырай?

Көрктөнүп бүгүн жаркырайт,
Көктөн күн түшө калгандай.
Капчыгай ичи башкача,
Жылдыздан нур алгандай.
Тараткан түндүн ирецин,
Жиберип нурдун илебин,
Шаңданып ушул капчыгай,
Кетирген көңүл кирлерин.
Кинодой болуп чубалжып,
Эстелди өткөн күндөрүм.
Кадыр менен бир күнү,

Капчыгай өрдөп жүргөнүм...
...Байге алчудай жүгүрө,
Кадырдын келдик үйүнө.
Бизди көрүп өзүнчө,
Жыпар эне сүйүнө:
О, окшошкон арамдар,
Ойнуңар канбайт күнүгө.
Биз үчүн силер күлгүлө,
Канып өмүр гүлүнө.
Тоонун башы кызыл чок,
Күн батып бара жаткан кез.
Тоголонуп алтын топ,
Уясына баткан кез.
Бетти аймалап жайкы жел,
Салкын койнун ачкан кез.
Мемиреген капчыгай,
Түндүн сырын тапчудай,
Бирин-серин от чыгат,
Мында бардай жакшы жай.
Кара чырак үргүлөйт,
Сараң нуру булбүлдөйт.
Китеп окуп жатабыз,
Эне кээде күлмүңдөйт:

Көзүңөр ооруйт, арамдар,
Ал өзүнчө күңкүлдөйт:
Каухар таш деген болот деп,
Атабыз кылчу кээде кеп.
Аны тапкан адамдын,
Түнү күнгө тенелет.
Ошол таш үйдө болсочу,
Ышы жок нурун себелеп.
Каухар таш эмне, энеке?
Жанып турган таш дешет.
«Асыл болот ташта» деп,
«Акыл болот жашта» деп,
Илгеркилер кеп кылып,
Ошол ташты издешет.
Бирок таппай эч адам,
Болгон экен убара.
Ленин атам тапкан,– деп,
Кадыр айтты кубана.–
Ильич шамы күлмүңдөп,
Күйүп турса нурдана,
Уяң нурун жашырып,
Жылдыз турар уяла.
Жандырамын карап тур,
Каухар ташты, энеке,
Жаркыраса капчыгай,
Үйгө кирер береке,–
Кара чырак үргүлөйт,
Сараң нуру бүлбүлдөйт.
Тилегин көр, арамдын,–
Деп энеке күлмүңдөйт...
Ошол күндөн бери карай,
Өттү чууруп жыл далай.
Мына келди машина,
Койнун ачты капчыгай.
Түнөрүңкү түнү жок...

Күндүзгүдөй жатат жай.
Каухарды издеп тапканбы,
Досумдун айлы жаркырайт.
Нурдан жарык көңүлүм,
Шамалдай учуп аркырайт.

*1955*

## СҮЙҮҮ

Сүйүү деген – көктө учар куш эмес,
Жүрөгүңдү калтыратар уз эмес.

Сүйүү деген – кымбат, асыл зат эмес,
Ал – өмүрдүн шериктеши, жат эмес.

Сүйүү деген – булбул сөзү кубулар,
Мукам үнү миң бир түркүн угулар.

Сүйүү болот сени менен бир жашташ,
Сен карыйсың, ал карыбайт дайым жаш.

Сүйүү адамга өмүр берет, кубантат,
Кээде чиркин күйгүзөт да, муңайтат.

Бирок ошол кайгыда да кубат бар,
Кайда барсаң сага даңгыр жол ачар.

Сүйүү болот турмушуңда ар кандай,
Маңдайыңда электр шам жангандай.

Кандай адам эстебесин сүйгөнүн,
Сыр чечишип, жалынданып күйгөнүн.

Кол кармашып өмүрлөшкөн жар менен,
Таттуу турсаң артык-сүйүү бар бекен?!

Аталаса, эркелесе балдарың,
Кымбат чыгар, ушул сүйүү жыргалың!

Өмүр жолу жана турмуш эшиги...
Ар кимдин бар каалап сүйгөн кесиби.

Бир сүйүү бар, башка сүйүү тең келбес,
Бүт дүйнөнүн байлыгына эч бербес.

Сурасаңар кайсы сүйүү экенин,
Ошол болот сүйгөн мекеним!

Сүйүү деген булбул тили кубулар,
Мукам үнү миң бир түркүн угулар.

*1956*

## КЫЗ КҮЛКҮСҮ

Нарын дайра боюнан
Көрдүм былтыр кара каш.
Күлүп койсо кокустан,
Эрий турган кара таш.
Жүрдүм аз күн айлында,
Укмуш кызга кабыла.
Болдум анын жанында,
Күлкүсүнө зарыла.
Ага ырымды окудум,
Бирок мага күлбөдү.
Сен кара каш окшодуң
Жылдыз өңдүү түндөгү.
Зоо башында гүл болсо,
Кыйналсам да барсамчы.
Үзүп келип ошондо,
Бир армандан калсамчы!
Ысык-Көлдүн түбүндө

Көк чаар балык болсоңчу,
Кармаш үчүн күнүгө
Торду жайып койсомчу!
Ошол койчу болсомчу,
Нарындык кыз күлгөндөй,
Көңүлүнө толсомчу,
Жайында дайым жүргөндөй.
Нарын дайра боюнан,
Көрдүм былтыр кара каш.
Күлүп койсо кокустан
Эрий турган кара таш.

*1956*

## АРКЫТ

Жер көргөм, не бир көркөм, не бир артык,
Бирок да сендей аздыр, сулуу Аркыт.
Жүрсөм да сапар чегип алыс жакта,
Элесиң шыктандырып турар тартып.

Ыр экен карап турсаң кыргыз жери,
Ырда деп толкундатат көркү сени.
Чынында ушул укмуш сулуулукту,
Ырдабай кантип чыдайт акын деги?

Алыстан каптагансып жашыл алкак,
Көрктөнтөт капчыгайды калың жаңгак,
Карачы табийгаттын берешенин,
Көргөндөр сукталнышып кетер алкап.

Канатка күүнү кошкон жер экенсиң,
Талантка үндү кошкон жер экенсиң
Атактуу Жеңи Жокту толкундатып
Ыр берген көзөл Аркыт сен экенсиң.
О, ошол Жеңи Жокко берген ырдан,

Түгөнбөс миң кылымдык терең сырдан,
Тамчысын берем десең сулуу Аркыт.
Алайын кийик баспас бийик кырдан.
Дүйнөнүн сулуу бурчу сен экенсиң,
Өмүргө өмүр кошкон берекемсиң.
Аркыттай жер соорусун жердеп жаткан,
Кыргызым, чын бактылуу эл экенсиң!

*1960*

## ШАРКЫРАТМА

Тиги аскадан булак кулап,
Шаркыратма күүнү курат.
Бул укмушту укса кулак,
Көңүлүмдү тартып турат.
Ал булакка болдум ынак,
Мекен деген үн угулат.
Ырларыма койсом кынап,
Ошол күүдөн алсам сурап.
Шаркыратма, ага бергин,
Кубулжутуп күүнү курап.
Ошол күүнү чала бергин,
Атырылып алга чурап.

## ТЕРМЕЗ КЫЗЫ

Мекенимдин ысык жери Термез дейт,
Отту жакпай суусу күнгө кайнаган.
Чаңкай түштө күнү райым бербес дейт,
Куйкаланып кетүүчүдөй айланаң.

Жумуртканы кумга көмсө бышырган,
Жай чилдеде жан чыдабайт күнүнө.
Бирок жүрөк башкасына кысылган,
Бөлчү көңүл сабыр кеткен түрүмө.

Көңүлүмдү байлады да пөпөлөп,
Ай, ай Термез, сенин сулуу бир кызың...
Мен айланган болдум жетим көпөлөк,
Ай, ай Термез, нурун чачып жылдызың.

Көзү күнбү карай албайм жалтанып,
Бир тиктесе куйкаланчу түрүм бар.
Кашы айбы серпип койсо калтаарып,
Санаа чегип, азап тартар күнүм бар.

Термез кызы кайдан калды кабыла,
Сүйгөн жүрөк, күйгөн жүрөк сагынмак.
Болдум ашык көз нуруңа зарыла, .
Тиктеп койчу, өрттөнөйүн жалындап...

Махаббатын жүрөгүмө конгонун,
Билбей калдым жарк этенде нур жүзүң...
Жылынтууга көңүлүмдүн тоңгонун,
Берчи-мага көз нуруңдан бир үзүм!..

Укчу, Термез, күйүп турган күнүңдөн,
Кыздарыңдын көз нурлары ысыктай.
Булбулуңдун мукам чыккан үнүнөн,
Кыздарыңдын күлкүлөрү кызыктай.

Сенин күлкүң үнү болсун ырымдын,
Берчи күлкү, эл көңүлүн ачайын.
Көзүң нуру күнү болсун ырымдын,
Берчи нурду Ала-Тоомо чачайын!

## ДОСТУК ЫРЫ

Суулар кургап сай болсо да,
Эл достугу эч кургабайт.
Тоолор урап жай болсо да,
Эл достугу эч урабайт.

Дайра суулар ага берет,
Эл достугу кала берет.
Жылдыз жанып, бирде өчөт,
Эл достугу жана берет.

* * *

Жангым келет от болуп,
От болбосом жок болуп.
Калгым келет шок болуп,
Шок болбосом жок болуп.
Сүйсөм деймин чок болуп,
Сүйө албасам жок болуп.
Күйсөм учуп ок болуп,
Күйө албасам жок болуп.

## ТАҢ АТСА

Туу чокудан күн жарк этип таң атса,
Койчу жигит коюн жайып баратса,
Жонго чыгып чоорун тартса кубулуп,
Ойдо турган кыз, келинди каратса.
Тоону койчу көрккө бөлөр дагы да
Аны сүйүп чабан кызы жаратса...

Теректерге күн нур чачып, таң атса,
Колхозчу кыз бозой менен баратса,
Жигит ырдап торгой менен жарышса,
Таң, калдырып айланасын каратса,
Талаа көркү так ошондо чыкпайбы
Эмгек ырын алар бирге жаратса...

Гудок менен шаар ойгонуп таң атса,
Жаш жумушчу кыз колтуктап баратса,

Асфальтталган кең көчөнү шаңдантып
Күлкү менен элди өзүнө каратса.
Ошондо шаар көрктөнбөйбү өзгөчө,
Эмгек менен алар бакты жаратса...

* * *

Толкунуңду чаччы бетке,
Кубанайын, Ысык-Көл.
Толкун кыздай качсын четке,
Кубалайын, Ысык-Көл.

Турса Ысык-Көл мелтиреп,
Жансыз көп-көк асмандай.
Толкун көрккө келтирет,
Көлдүн сырын ачкандай.

Чамын толкун, бөлүнгүн,
Сенде кызык турмуш бар.
Толкуну жок өмүрдүн,
Баса турган жолу тар.

Айда толкун, кайыкты,
Жээктен алыс жөнөйүн.
Тээтиги көк жайыкты,
Барып достор көрөйүн.

Мүмкүн толкун сыры бар,
Аны ачып калайын.
Мүмкүн толкун ыры бар,
Аны жазып алайын.

Толкунуңду чаччы бетке,
Кубанайын, Ысык-Көл,
Толкун кыздай качсын четке,
Кубалайын Ысык-Көл.

* * *

Мезгил менен турмуш дайым алышат,
Бирде жыкса, бирде калат куланып.
Мезгил менен турмуш дайым жарышат,
Жеткизбейт да мезгил озуп чубалып.

Мезгил менен турмуш эгиз төрөлгөн,
Тойбос болду турмуш өмүр күрөшкө...
Мезгил менен турмуш бирге көгөргөн,
Мезгил калыс сөзүн айтат күн өтсө...

Мезгил менен турмуш дайым тең, ата,
Турмуш жеңет, мезгил, сени акыры.
Турса дагы тузду, даамды тең тата,
Өсөт эртең адамзаттын акылы...

* * *

Чөмүлдүк ак булуттун мөл суусуна,
Жылындык чагылгандын биз отуна.
Көк чарпып сен экөөбүз толкудук бейм,
Кошулуп океандын толкунуна.
Жашайбыз күндөй күлүп сан кылымга.

## БАЛА

Бала жылдыз нурундай,
Түндө көктөн себелеп,
Жол көрсөтөр жетелеп.

Бала куштун тууруундай,
Алыс жүрсөң келесиң,
Ошол сенин элесиң.

Бала өчкүс шаң экен,
Ал эртеңи адамдын.
Ал эркеси замандын.

Бала сенин мекениң,
Ыйык тура баарынан,
Ысык тура абыдан.

Сен, энеке, баланды,
Сөз тиет деп сактаба,
Көз тиет деп сактаба.

Кароо болсо анчалык,
Суук тиет деп качырба,
Күн өтөт деп жашырба.

Тынчтык болсо ар үйдө,
Балаң күлүп каткырат,
Көңүлүңдү шат кылат!

## СОНЕТТЕР

I

Сен жөнүндө көп ойлойм, ыйык көрөм,
Тереңине жүрөктүн атың каткам.
А бирөөлөр кеп кылса көңүл бөлөм,
Бир өзүңдөн ишенич сүйүү тапкам.

Ал сүйүүмдү балталап кесе албастыр,
Дайым өчпөй жылдыздай жанып турат.
Сүйүү – деңиз, башкалар кече албастыр,
Күндүр-түндүр шарпылдап агып урат.

Ар адамда ак сүйүү болуу керек,
Сүйүүсү жок өмүрүң купкуу терек,

Шамал соксо кыйшайып сынып калат.
Бир өзүңө бел байлап али дагы,
Бир өзүндөн күйгөнсүйт турмуш шамы,
Сенсиз өмүр чынында сынган канат...

II

Жаз келди, күн жылыды, кар, муз эрип,
Кулпурду жердин өнү жашылданып.
Негедир кең талаага көз жиберип,
Турду адам эки көзү жашылданып.

Сен быйыл көрбөдүңбү, элүү жазды,
Дале да барар, жашар жолуң алыс.
Кейийсиң, көргөн өмүр сага азбы?
О, адам, жооп берчи өзүң калыс.

Жазында тоңдор эрийт күн жылыса,
Эмнеге чачымдагы кар эрибейт.
Ушуну ойлогондо болом ыза,
Көбөгөр, жүрөктөгү муз кемибейт.

О адам, бала эмеспи келер жазың,
Күлкүнү өмүрүңө берер жазың!..

III

Даракка дайым үзбөй сууну берсе,
Көгөрүп өсүп турат, мөмө берет.
Ошондой ыйык, кымбат асыл нерсе,
Ишенич жүрөгүңдө болуу керек.

А качан адам андан ажыраса,
Өмүрүң куураган бир болот дарак.
Ишенич күлүп турса, жадыраса,
Адамдын учарына канат жарап.

Каныма сиңип калган ишеничти,
Тебелеп жоготом деп, далбас уруп,
Сен баштап жаман жорук, келбес ишти,
Акыры өзүң кеттиң алдас уруп…

Ишенич жүрөгүмдө жанган шамым,
Ал барда өмүр өчпөс аткан таңым!..

IV

Достук жолу чынында ичке болот,
Аны кылдат аярлап алып жүрсөк.
Достук жолу көрүнөр иште болот,
Аны унутпай көңүлгө салып жүрсөк.

Дөөлөт жолдон чыгарып коёт тура,
Бир досум бар досторун тебеледи.
Мансап уусун таратып соёт тура,
Бөлөк жанды жанына теңебеди.

Ушу бойдон каякка жетет эртең?
Ал асманда, жерден көз салабызбы!..
Же чалкадан куланып кетет эртең,
Тургуза албай кыйналып калабызбы?!
Достук жолу түз жүрсөң такыр болбос!
Тайып кетсе асты зоо акыр оңбос!..

V

Капчыгайды мен өрдөп бара жатсам,
Эки жагым көк тирейт, бийик аска.
Бүркүт көрдүм асманда канат каккан,
Гүүлдөгөн дабышы такыр башка.

Жерде жатат тигинде сынган канат,
Алып көрсөм, бүркүттүн канаты экен.

Аттиң турмуш ушундай кегин алат,
Учпай кербез бүркүт да калат экен!..
Түлкү алам деп канаты таш чаптыбы?
Же кол салып каманга алыштыбы?
Же мергенчи эселек ок аттыбы?
Же көкжалга тырмагы карыштыбы?..

Бүгүн сынсаң, ал кечээ учкан канат,
Жерде эмес, булутта сызган канат!..

VI

Турмуш менен күрөштүн түбү бир да,
Адам сенин өмүрүң сарып болгон.
Турмуш менен күрөштүн күнү бир да,
Бирде кара, бирде күн жарык болгон.

Турмуш менен күрөштү жеңдиң, адам,
Өмүр бою иштедиң, тынбадың да...
Адамзатка бардыгын бердиң, адам,
Бир өзүңө жакшылык кылбадың да...

Неге десең, журтуңду ойлодуң сен,
Бар үмүтүң элиңдин жыргалында.
Өмүр бою күрөшкө тойбодуң сен,
Атың калды эстелип ырларыңда...

Журтка кылган эмгегиң дайым гүлдөйт!
Көпкөк болуп жашарып дайым бүрдөйт!..

VII

Билем, билем, сенин учкул талантың,
Далайлардын жүрөгүнө от жагат.
Бирок сенин көпмө мүнөз адатың,
Адамдардын арасына чок салат.

Талантыңды ыйык, таза кармасаң,
Аласың да адамдардын алкышын.
Абайлабай элге тийсе каргашаң,
Угасың да анда журттун каргышын…

Жамандай бер мага окшогон досторду,
Бирок элге тийгизбегин тилиңди!
Эл ыйык да көтөрбөгүн кош колду,
Жини келсе көрсөтөт да пириңди!..
Көпмөлүктөн биз көлөкө салбасак,
Акыл, талант элге гана арнасак!..

VIII

Мен, мен дейсиң, күч акылың бар өңдүү,
Жулунасың кудайыңды таанproblemsбай.
Жээгин бузуп, таш агызар шар өңдүү
Жиниң тартчы, күрпүлдөбөй, каарыбай!

Сендейлердин дүрмөтү да бир атым,
Аткандан сон, жели чыгып жок болот.
Канча мактан, көтөрбөйлү биз атын,
Суу төгүлүп, өчүп калган чок болот.

Акыл ташып, батпай жатса иштегин,
Күчүң ашып жатпай жатса иштегин,
Анык дыйкан, азамат деп жер айтат.

Мансапкорлук бөркү эмеспи наадандын,
Жөнөкөйлүк көркү эмеспи адамдын,
«Улук болсоң, кичик бол!» деп эл айтат!..

IX

Күчөп турдуң колуңда бийлик барда,
Бирөөлөрдүн артына дайым түштүң.

Күнөөсүздөр жолукту сенден зарга,
Далайлардын кендирин кесип, үздүң.

Ойлодуң го асмандап жүрөмүн деп,
Көрүндү окшойт көзүңө кырсык алыс.
Каршы чыккан бардыгын сүрөмүн деп,
Жөргөлөттү өзүңдү турмуш калыс.
«Орду казсаң, бирөөгө кенен казгын»,
Деген кеп бар түшөсүн өзүң ага.
Жар кырында турасың, кадам баскын,
Учуп түшүп калбайбы, сөөгүң гана!..

Тилегенче, эй адам, бирөөгө өлүм,
Тилесеңчи, эй адам, өзүңө өмүр!..

X

Бир дарактын бутагындай жанаша,
Өскөн элек бала кезде бөлүнбөй.
Күндөр келип жаз маалындай алаша.
Биз бөлүндүк, кийин, калдык көрүнбөй.

Үмүттөнүп келечекке көз салган,
Бала кездин кыялары сонун да!..
Таттуулукта экөөбүздөн тез калган,
Сен жеткенде өтө бийик орунга.

Сагынамын, тосуп турсам жолуңда,
Өтүп кеттиң, көңүл бурбай, карабай.
Адам жүрсө, мансап, бийлик соңунда,
Мас болобу апийими тарабай!..

Жалгыз калдың, жерге батпай өзүң да,
Ичим ачыйт, мезгил алды өчүн да!..

XI

Өйдөлөдүң, улам өйдө асманга,
Кээде мени жогор жактан бир карап.
Даражаңдын чокусунда басканда,
Сен калгансың бир өзүңдү пир санап.

Машинеңде сулуу отурса сонун да,
Дүйнөң эмне? Көнүлүң да төп болот.
Турган кезде бийлик адам колунда,
Жабалактап кошоматчы көп болот.

Бутуң тайып тал чокудан куладың,
Тосуп алар бир да киши жок болду.
Жөө жалаңдап биздей баскан курагың,
Өткөндү эстеп ичиң күйүп чок болду.

Адам өйдө жүргөн кезде пас болсо,
Тили ширин кошоматка кас болсо!..

XII

Көлдүн бою, капчыгайдын этеги,
Бир үй турат, анын ээси көрүнбөйт.
Эстейт окшойт, өткөн күнүн кечээги,
Жалгызсырайт, неге каңул бөлүнбөйт?

Ээси барда үй жапжаңы тургандыр,
Туз, даам татып, байыр алып адамдар.
Анда дүйнө көзүн албай бургандыр,
Ээси кетип түгөнгөн көз амалдар...

Турмуш өзү жеткен мерез сезбеген,
Бар кезинде тегеренип эстеген,
Жок чагында унутушкан, билбеген...

Тигил үйгө ээси кайра келсинчи,
Шаар кылып эски көркүн берсинчи,
Жанда калбас анда сага кирбеген!..

XIII

Мергенчилик кызыгы жанбас кызык
Уга чыгып, кошулуп бара жаттым.
Мергенчинин ээрчиген танбас кызып,
Тийбесе да далбастап мылтык аттым.

Балтыркандан сороңдоп көрүндү элик,
Келе жаттык жол болбой, бешим убак.
Мен суктансам сынына көнүл эрип,
Атып ийди мергенчи, кетти кулап.

Чыга калса энесин чаарчык издеп,
Дагы атууга камынып жатты мээлеп.
Кагып салдым мылтыгын ары шилтеп,
Жетим жүргөн балалык жүрөктү ээлеп.

Таш боорлугуң ой, адам, кайгы берет,
Айбанды да энеден бөлбөө керек!..

XIV

Жапжаш кыз он алтыда өчүп барат,
Өмүрдүн эшигине кирген кезде.
Шум өлүм кээде ушинтип өчүн алат,
Турмуштун даамын жаңы билген кезде...

Наристе кызга өмүр бере түшүп,
Табийгат калыс болсоң эмне болот?
Жашатып, карыганда жибин үзүп,
Алсаң да, нерсең сенин калбас короп!..
Кыз жатат, кыймылдабайт, жалдырайт көз,

Өмүрдөн үзбөйт үмүт, айталбайт сөз,
Чиркин, ай, кандай таттуу өмүр деген!..

Жумулуп эки көзү кыздын кетти,
Теңсизсиң кээде, турмуш, түпкө жетчү!
Күч болсо күрөшүүчү өлүм менен!..

XV

Кеч күздө Ысык-Көлдөн куулар көрдүм,
Сулуусун канаттуунун чынында да.
Чыгарды оюн салып көркүн көлдүн,
Кербез да, сыймык да бар сынында да...

Салаңдап көлгө булут түшкөн- турат,
Эркелеп бир бирине куулар ойнойт.
Бир ак куу аза күткөн жалгыз куурап,
Муңканат өткөн күнүн эстей, ойлойт...

Жубайың ажалынан өлдү бекен?
Болбосо ок жаңылып тийдиби ак куу?
Сен кечээ сонун күндү-көрдүң эчен,
А бүгүн кайгы жүрөк чийдиби ак куу!..

Адам да сендей артык сүйө алсачы!
Азаны сендей тартып күйө алсачы!..

XVI

Жыргатамын кандидат болсом эгер,–
Деген жарың окууга кетер чакта.
Катты жазды жалбарып күлкү берер,
Максатына жакындап жетер чакта.

Балдарыңды кыйналып эптеп багып,
Күн-түн иштеп күйөөңө түздүң шартты.
Бүтөр менен канатын кетти кагып,

Сенин тунук нээтиңен эмне артты?
Чоңдун кызы туш келип күйөөң алды,
Балдар менен өзүңдү күйөөң чанды.
Жыргарыңда сен калдың жашты төгүп...

Жөн кетпестен кондурду жаманатка,
Ичтен сызып тапшырдың аманатка,
Таптазасың, кайгырба, муңга чөгүп!..

XVII

Бирөөнүн көз жашына курган таалай,
Эшилип жамгыр тийсе урар дубал...
Тием деп жулунбачы, ойлон далай,
Анын да балдары бар, билсең, убал...

Сен уурдап аялынан күнүн алдың,
Ойлончу, ошол күндөр азбы деги!
Азгырып өмүрүнүн бүрүн алдың,
Сендейдин алкы сормо сазбы деги?

Түшүнүп жаңылганын, кетти үйүнө,
Өзүңдөн кутулганга ал сүйүнө.
Жадырап-балдарына барды күлүп...

Унутту аялы да мастык чагын,
Акылдан бир адашкан жаштык чагын.
Үйүрүн тапкандан соң калды күлүп...

XVIII

Сулуу десе чиренип дайның таппай,
Кара айнектен карайсың дүйнөнү да…
Бутуң жерге тийбеди күлүк аттай,
Сен көзүңө илбедиң күйөөнү да…
Алтын дедиң, колуңда алганың жез,
Кымбат менен арзанды бааласаңчы
Жибек дедиң, колуңда турганың бөз,
Ак, караны айыра карасаңчы! ..

Назик сезим учуучу куюн болбос,
Асыл сүйүү сатуучу буюм болбос,
Же алмашып кийүүчү көйнөк эмес…
Кор кармаган акыры кор болот да,
Аярлаган акылы зор болот да,
Сүйүү өмүрдү жетелер өчпөс элес!…

XIX

Кел дедиң, барсам жаттың, жаным ыйлап
Муңканып тагдырыңа кылып наалат,
Бүтүрдү күйөөң сени күндө кыйнап,
Эмне дейм, өзүң тийдиң аны каалап.

Мастыкпы, жаштыгыңбы чандың күйөө
Мыктысын табамын деп ойлодуң го!
Туш келип кесепетке калдың күйөө,
Өмүргө учурунда тойбодуң го!..

Жүрөктүн тереңинде сага сүүм,
Билесиң менин да бар жылуу үйүм.
Колумдан сөздөн башка эмне келет?..

Туюк ой, турмуш өзү кекчил болот,
Оңкодон жыгып кетер эпчил болот.
Дале да башты көтөр, кайрат керек!..

XX

Сүйдүң, сүйдүң… акыры калдың жалгыз,
Эртең менен ойлосок болот эле!..
Жамгыр жаабай кууραган сенсиң жалбыз,
Түштөн кийин көз жашың толот неге?

Мен биринчи сулуумун деп өзүнө,
Наздандың да жигиттер менен күлүп,
Эртең бырыш кирерин сен көзүңө,
Билбедиң да, ылгабай кеттиң жүрүп,

Керектигин адамга анык сүйүү,
Билдиң окшойт, пайда жок казыр күйүү,
Солуганда эбакта кызыл гүлүң…

Бир берилген өмүрдү кирдетпестен,
Бирди сүнар жүрөктү зилдетпестен,
Жашай билсең жарыктыр өмүр күнүң!..

XXI

Сүйүү таттуу адамды мас кылат да,
Унутасың дүйнөнү ошол чакта.
Турмуш андай минутту аз кылат да,
Мезгилине жеткенде жабат капка…

Сүйдүм, күлдүм сен менен ойногонум,
Унутулбайт эсимде, жүрөгүмдө!
Арты кандай болорун ойлободум,
Ажыраштык күйүт бар көңүлүмдө!..

Мезгил, мезгил... сараңсың кыскан колду,
Сүйүү өзү ушубу кыска жолдуу.
Улутунуу жүрөктү эзмек белең!..

Тагы калды, ээгимди, өпкөнү эсте,
Кеч жолуктум дайрадан өткөн кезде,
Же болбосо көтөрүп кечмек элем!..

XXII

Таза элең, таңкы ачылган гүл сыяктуу,
Туптунук тоонун кашка булагындай.
Жаздагы торгой сайрар үн сыяктуу,
Ышкырган улуу тоонун уларындай.

Гүлүңдү мен биринчи жыттадым да,
Бейкапар жүрөгүңдүн тынчын алдым.
Салкындап гүлзарыңдан чыкпадым да,
Өмүрдүн бир жыргалын көрүп калдым!..

Гүлүңдү андан кийин үзөбер деп.
Өмүргө сен кайдыгер карадың да,
Мөлтүрөк булагына түшө бер деп,
Турмушту көлчүк суудай санадың да!..

Тазасың сен мен үчүн дале жаным,
Өмүргө бир жарк этип аткан таңым!..

XXIII

Кырктан ашкан адам деги сүйөбү?
Кеткен кезде кырдан ашып алыстап.
Жаштыгындай жүрөк кайра күйөбү?
Кана мезгил табышмакты калыс тап?!

Үзүлөрдө көңүлүмдүн күдөрү,
Не жолукту, кызыл жоолук колго алып?
Ушу бекен жүрөгүмдүн жүдөөрү!
Мен унуттум бара турган жол калып.

Тай чабымдай арабызда жаш турат,
Бирок жаным алоолонуп жаткандай... –
Сен менен бирге болгон жакшы убак,
Ал өмүрдүн гүлүн жаңы ачкандай!..

Келет тура сүйүү жашка карабай,
Сууп бараткан жүрөгүңдү жаралай...

XXIV

Сени сүйгөм, адам кандай сүнө алса,
Кирсиз тунук жүрөгүмдү арнагам.
Сага күйгөм, адам кандай күйө алса,
Башкаларды капарыма албагам.

Эртең менен тутам роза үздүм да,
Алып келдим жыттачы! – деп сүйүнүп.
Эмне үчүндүр сен кубара түштүң да,
Таштап койдуң, калдым ичтен күйүнүп.

Андан кийин өтө берди өмүр да,
Бирок дагы жыпар жыттуу гүлү жок.
Күндөн күнгө сууй берди көңүл да,
Түтүн чыгат, оту күйгөн түрү жок...

Сенден мага бала болду белегиң,
Гүлүм – бала, жыттап жашай беремин...

XXV

Сүйөм дедиң, мен эригем сөзүңө,
Арманы жок бар шаарында тургандай,
Ишенчүмүн бу турмушта өзүңө,
Чын сүйүүмдүн ак сарайын кургандай.

Шамды айланып учуп жүргөн түндөгү,
Болгом анда сага жетим көпөлөк.
Күлүп койсоң унутчумун дүйнөнү,
Учкан өңдүү ак булутта көкөлөп.

Аттиң тагдыр, көз сүйүүгө тойбойбу!
Калды айланып да бир жетим көпөлөк.
Таш боор сулуу сүйүү менен ойнойбу!
Аны канча турасың сен бөпөлөп?!

Сүйүү деген бузулууну билбесе,
Бекем болсо, азгырууга кирбесе!..

XXVI

Сахна сенин турмушуң да, күнүң да,
Жүргөнсүйсүң сонун дүйнө аралап.
Үйүң болду кабак түйөр түнүң да,
Жүрөгүңдү эки бөлүп аралап.

Сахна сенин өмүрүң да, сүйүүң да,
Анык жашоо, турмуш таңы ишинде.
Үйдө күтүп турат дайым күйүүң да,
Элдер билбейт дарттын баары ичинде.

Сүйбөй тийип, сүйүп азыр башканы,
Өмүр даамын билдиң, татып жаңыдан,
Унутулуп тигил күндөр баштагы,
Жүрөгүң да учкан турат кабынан...

Сахна, сүйүү төп келише калганда,
Качат окшойт сенден оолак арман да!..

XXVII

Сен жарыңды узатууга кыйбадың,
Жалоорудуң тиктеп аны өпкүлөп.
Көпкө дейре эстеп жаның кыйнадың,
Кээде сулуу көздүн жашын төккүлөп

Суктанчумун сүйгөн сендей болсо деп,
Жубайыңдын бактысына көз артып.
Кагуу жешти оозун ачып койсо тек,
Сынап көрдү далай жигит сөз тартып…

Күндөр өттү, бирөө менен жүрүпсүң,
Мен байкаган капалыгың жүздө жок.
Кучакташып, сен өбүшүп, күлүпсүң,
Сүйгөн жарың, өңүндө эмес, түштө жок…

Чын сүйүү бар, адам ага ишенет,
Баары кетпес, бирөө чыкса кишенеп!..

XXVIII

Сулуусуң, кемтиги жок келбеттериң,
Суктантып көргөндөрдү кылган маза.
Табийгат аябаптыр берметтерин,
Аппак өң, келишимдүү сымбат таза.

Жаныңан гүл ачылса кандай артык,
Ошондой ачылыпсың сен да сулуу.
Жаныңдан бир өткөндүн көзүн тартып,
Ар кимдин жүрөгүнө салып чууну.

Гүл дагы күз келгенде соолуп калар,
Анткени табийгаттын жолу ушундай.
Сулуулук эртең өчүп оңуп калар,
Колуңдан качып кеткен ал кушуңдай!..

Бирок да чын сулуулук калар ойдо,
Кыпкызыл алоолу от жагар ойго!..

## XXIX

Айлуу түн, көл жээгинде толкун менен
Сырдашып сен экөөбүз турган элек.
Бактыбыз болсочу деп көлдөй терең,
Көңүлдү келечекке бурган элек.

Жаш кезде үмүтүң да кандай эрке,
Толкундай оюн салып, көбүк чачкан,
Жарым түн анда бизге болгон эрте,
Сөз бүтпөй, оюн канбай, уйку качкан.

Мен быйыл көл жээгинде болдум дагы,
Эстедим күмүш нурлуу айлуу түндү.
Кайдасын өмүрүмдүн качкан багы?
Жүрөгүм али сактайт өткөн күндү...

Өмүргө жол көрсөткөн өчпөй жанып,
Так ошол айлуу түнүм дайым жарык!..

## XXX

Мен капалуу басып жүрсөм кечинде,
Гүл кучактап келатыпсың жаркырап.
Бир гүл сундуң сквердин четинде,
Алдым, жыттап, менин бактым барчылап...

Далай сулуу гүл беришкен өмүрдө,
Унутулду, эсимде да калган жок.
Сен берген гүл дайым турат көңүлдө,
Ал негедир жүрөгүмө салган чок.

Бу турмуштун өкүнүчү түнөгү!
Же болбосо жолукмаксың азанда.
Бакты деген өмүрдө бир күлөбү?
Улутунуу менин тартар жазам да!..

Сен берген гул өнүп турат жүрөктө,
Ал тартылын өмүр өчпөс сүрөткө!..

*27/ III–12/IV 1967-ж. Гагра шаары.*

Ала-Тоом өзүң менен сүйлөшөйүн,
Билсемчи сен билгендей кылымдарды.
Үн какчы, мен да кошо үндөшөйүн,
Турмушта бут тийбеген кырың барбы?

Биринчи басып ага чыгайынчы,
Дүйнөнү бийигиңден караганга.
Келбе деп бороон урса, чыдайынчы,
Азамат деген сөзгө жараганга.

Ак чокуң кылымдарда кийген селде,
Күн көктөн кайнаса да эритпеген.
Береке ошондодур тийген элге
Ал акыл, замандар да кемитпеген.

А көрсө биздин чачтар агарганы,
Чокуңду туурап окшоп калганыбыз,
Акылдын дыйканы да табарманы,
Өзүңдөй селде кийип алганыбыз.

Арканды шамалдарга тосуп кылым,
Гүлдөткөн кең Чүйүңдү сен экенсиң.
Ала-Тоом капчыгайың, оюң, кырың,
Эл чардап жатышына берекемсиң.

Мөңгүдөн атырылып чыгат дайра,
Суусунун талаалардын кандырууга.
Суу жетсе жер кулпунуп күлөт кайра,
Ала-Тоом мээнетиңди жандырууга.

Кылымдар дайра өңдөнүп ага берет,
Ала-Тоом ак селдесин баштан албайт.
Тукумдар сыйлап таазим сага берет,
Өтсө да миң, миң жылдар сени танбайт.

Ала-Тоом суктанамын өмүрүңө,
Байыган кылымдардын сырларына.
Эмесе мени катчы өңүрүңө,
Өмүр кош узак жашар ырларыма.

* * *

Чатыр көпкөк жалбырак,
Жаттым бакта жайында.
Жылдыз жаккан шам-чырак,
Түн ушундай айылда.
Тоонун суусу шаркырап,
Түндүн күүсүн ойногон.
Ай төбөдө жаркырап,
Ойлор тынчтык койбогон.
Ай, адамзат, кулачың,
Айга жетип барды да,
Ушул менин кубанчым,
Элим жолду салды да.
А тээтиги көк асман,

Сырың али катылуу.
Жол болорсуң көп баскан,
Заманым ага акылуу.

Түн тынчтыгын бузду да,
Кара дөбөт даркырап.
Оюм алыс учту да,
Ыйлап бөбөк баркырап.
Көк мейкинди аралап,
Келерсиң эртең бөбөгүм.
Жылдызга учуп сабалап,
Кызыктыр сенин көрөрүң.
Кара дөбөт уктады,
Мемиреди айлана.
Бөбөк үнү чыкпады
Таңкы жел жүрдү жай гана.
Жылдыз тарап суюлуп,
Таң шооласы сөгүлдү.
Түн боёгу куюлуп,
Тоонун башы көрүндү.
Дүр дүнүйө чымчыктар,
Кубулжутуп сайрашты.
Угулат не бир укмуштар,
Мин түрлүү тилин кайрашты.
Симфониясы куштардын,
Кулакка сиңе калгандай,
Угам канбай, куштармын,
Жүрөккө күү чалгандай.

Чатыр көп-көк жалбырак,
Жаттым бакта жайында.
Өчүп жылдыз шам-чырак,
Таң да атты айылда…

* * *

Акыл неге сен келесин кечирээк,
Эрте келсең отуң күйбөй калабы?
Таш бакадай жылбай жетсең тезирээк,
Жолдо бирөө сууга ыргытып салабы?

Жаш кезинде акыл кайда жашынат?!
Бушаймандуу, уйгу-туйгу, камалуу.
Кийин өзү жолугууга ашыгат,
Калган чакта өмүр күнү саналуу.

Келсең жашта мыскылиңды коротпой,
Адам көрмөк сепин берер пайдаңды.
Күн өткөрүп, бекер жүрбөй коноктой,
Турмуш анда эрте тапмак айланды...

* * *

Түн уйкуда мемиреп тоолор уктайт,
Үргүлөгөн чокуда аппак булут.
Кыйкырамын үнүмдү такыр укпайт,
Тоолор, тоолор мелтиреп жатат тунуп.

Миң кылымдар томдору сыяктанат,
Окусакчы барактап, четин ачып.
Бек жашырат, кызыганга кыяптанат,
Казынаң бар түбүңдө жаткан басып.

Ийме-чийме жолдоруң жалгыз аяк,
Кимдер гана ал жерден жүрбөдү да.
Үңкүрлөрчү, көргөндө калам аяп,
Бабалардын жашаган үйлөрү да.

Китебиңдин тилин да биле албастан,
Кылымдарда бабалар азап чеккен.
Казынаңдын четине тие албастан,
Далай тукум алмашып карып кеткен.

Сандыгыңдын ачкычын таптык тоолор,
Түгөнүүчү түрү жок, канча албайлы.
Кенен тунуп байлыкка баттык тоолор,
Тойсо неге адамдар тынч калбайбы!..

Байлыгыңды адамга кас кылууга,
Уйку көрбөйт батышта жоолор, жоолор.
Уратууга чокуңду пас кылууга,
Кендер тапты төшүңдөн тоолор, тоолор,

Бизге берген байлыгың жоону тосор,
Элим сактайт, билип кой асыл тоолор.
Казынаңды издейбиз күчтү кошор,
Демек бизден бой тартпай, ачыл тоолор!..

* * *

Тээ бийикте бүркүт учат,
Ак булутту аралап.
Сендей алыс кыял сызат,
Көк мейкинде сабалап.
Аппак чоку булут жапкан,
Кылымдардын күбөсү.
Тигинде ашып бара жаткан,
Бүркүт асман бүлөсү.

Бүркүт, бүркүт көзүм арткам,
Бала кезде суктана.
Мен өзүңдү жазбай тарткам,
Үмүт менен куп гана.

Көк асманда учтум далай,
Сенден алып канатты.
Жерден туруп көктү карай,
Элим аны жаратты.
Биз эмес сен, суктан эми,
Советтик эл канатчан
Көрчү бүркүт элдин эри,
Космосто учуп бараткан.

* * *

Ой, эки көз, эки көз,
Кечир, айтсам чеки сөз!
Терезеси турмуштун,
Берекеси турмуштун,
Баарын да көрөр эки көз…
Жашты да төгөр эки көз…
Талаам ана мелтирейт,
Булак тунук мөлтүрөйт,
Тоом сайма кулпунат,
Дайрам алга умтулат,
Кулпунганда эки көз,
Умтулганда эки көз…

Таң кызарып атканда,
Булбул сайрап жатканда,
Бакта кыздар жүргөнүн,
Гүл теришип күлгөнүн,
Көрүп жүргөн эки көз,
Көрүп күлгөн эки көз…

Кыштак ичи жай гана,
Эли шашпайт каймана,
Көп-көк сонун айлана,
Турган өңдүү шаңдана,

Шаңданганда эки көз,
Таңданганда эки көз…

Баш көтөрбөй кайкалап,
Бышкан буудай жайкалат,
Адам жок эмгек кылбаган,
Дыйкан күздө тынбаган,
Тынбаган да эки көз,
Сындаган да эки көз…

Шаарым көрчү башкача,
Көчөлөр күзгү тап-таза.
Жүргөн элдер быкылдайт,
Машиналар зымылдайт,
Зымылдаган эки көз,
Кымылдаган эки көз…
Муңдуу күүнү чалышып,
Өлгөн жашты алышып,
Көрүстөнгө баратат,
Жүрөктөрдү канатат,
Ыйлаган да эки көз,
Кыйнаган да эки көз…
Бүт дүйнөнүн малына,
Адам калса малына,
Ошондо да аз болот,
Дүнүйө адамга кас болот,
Дүнүйөгө тойбойт эки көз,
Дүнүйөнү ойлойт эки көз…

Турмуш жарык таң болот,
Турмуш артык шаң болот.
Таңга адам суктанат,
Шаңга адам кубанат.
Суктанар да эки көз,
Кубанар да эки көз…

Космос чексиз кенен да,
Анын сыры терең да,
Жылдызга жол салсам дейт,
Адам учуп барсам дейт,
Караган да эки көз,
Самаган да эки көз...

Ой, эки көз, эки көз,
Кечир айтсам чеки сөз!

Терезеси турмуштун,
Берекеси турмуштун,
Баарын да көрөр эки көз,
Жашты да төгөр эки көз...

* * *

Ой, энелер, энелер!
Асыл барбы өзүңөргө теңелер?!
Силер ыйык ушул биздин заманда,
Мен жыгылып бутуңарга сыйынам.
Өмүр берген бул дүйнөдө адамга,
Эмне артык бир эненин сыйынан?!

Ой, энелер, энелер!
Бизди чексиз мактап жатат дебеңер.
Эне сенин жүрөгүңдө тирүүлүк,
Өмүр алып жаралат да көгөрөт.
Чыкпас деймин сага кылчу күнүлүк,
Так өзүңдөн наристе жан төрөлөт.

Ой, энелер, энелер!
Киши жокпу бизди жектеп жемелер?
Өзүң берген ушул кымбат өмүрдү,
Баалабайбыз аны кээде кирдетип.

Актабайбыз ак сүтүңдү төгүнбү?
Сенин мээрман жүрөгүңдү зилдетип.

Ой, энелер, энелер!
Эне күнсүң алтын нурун себелер.
Бул турмуштун башталышы эне да,
Жылуулукту жүрөгүңдөн алабыз.
Турмуш деңиз, бизди чайкап кеме да,
Ким жаратты тарс унутуп калабыз.

Ой, энелер, энелер!
Жүрөгүңдү жаралайт курч жебелер.
Тутандырса согуш отун бир уулуң,
Аны өчүрөт экинчиси кайрадан.
Бирөө ачка, бирөө ток да кулунуң,
Кайгы, күлкү, ыйга толгон айланаң.

Ой, энелер, энелер!
Турмушту да, убакты да жеңе бер.
Өзүң чыйыр салган күндөн бер карай,
Артта калды кылымдардын жолдору.
Ленин курган заман гана тең карай,
Ошол чыйыр космоско жол болгону.

Ой, энелер, энелер!
Заманыңда жемишиңди бере бер.
Тиги алыскы сенин ыйык изиңен.
Көрүнөт да бүткүл тарых көзүмө.
Кагылайын энекебай ичимен,
Сыйынамын, табынамын өзүңө.

Ой, энелер, энелер!
Жолуң улуу сен өмүрдү бере бер.
Алтын бешик перзентиңди бөлөгөн.
Жарык күндүн ыйыгы ошол эң эле.

Бүт ааламга Ленинди төрөгөн,
Эй, адамзат, баш иели энеге!..

* * *

Комуз, комуз, кыргызымдын жанысың,
Орток болгон кубанычка, кайгыга.
Үч кыл сайрап алып берген намысын,
Жоо беттешсе, калган эмес айбыга.

Сен кубансаң, комуз дагы сүйүндү,
Сен ыйласаң, а да боздоп ыйлады.
Сен мункансаң, муңун төгүп күйүндү,
Сен кыйналсаң, жанын кошо кыйнады.

Жайдын сонун түнү болчу, боз үйдө,
Кара-Молдо комуз чертет, кол ойнойт.
Жүрөгүмө күүлөр кайгы көп үйбө,
Деген өндү кыял мени жөн койбойт.

Түндүк ачып, жылдыз нурун себелеп,
Суктангансыйт, бизди карап асмандан.
«Көкөй кести» жүрөгүмдү тебелеп,
Үч кыл боздоп, комуз ыйлайт, жаш тамган.

Ай, жарыктык, Кара-Молдо колуңдан,
Айланалы! – деди кары четтеги.
Бир тепкедей комуз сенин бооруңдан,
Не бир укмуш күүнү гана чертпеди!..
Көрбөй калдым түндүктөгү жылдызды,
Таң атыптыр, күүгө такыр канбадык.
Үйдө отурган кишилерди жылгызчы,

Дагы, дагы! – дедик сурап танбадык.
Эсте калды бул окуя жүрөктө,

Кара-Молдо терип чертет комузун.
Аттиң кейийм, муңканамын, күн өтсө,
Кулак сактап ошондогу добушун...

Комуз, комуз сенин мукам күүлөрүң,
Миң жыл көргөн ал элимдин күнү да.
Үч кыл болсо, сүйлөп турар жүрөгүң,
Кылымдарга күбө болгон үнү да...

* * *

Ачык күндүн белгиси тунук асман,
Булуту жок күн тийип жалтыраган.
Жакшы, адамдын белгиси кабак ачкан,
Качан көрбө дайыма жаркыраган.

Так ушундай карт болгон айлыбызда,
Аты Балбай, жүзү да аткан таңдай.
Ал аралжы дайыма кайгыбызга,
Эл тыңшоочу сөздөрүн такыр танбай.

Айыл качан жайлоого көчүп барса,
Таң эртелеп отурчу дөңдө Балбай.
Жөө жомоктоп Манастын кебин салса,
Келчү карттар үйүндө бири калбай.

О, ошондо сүйлөөчү эрип таңдай,
Отургандар угушуп тамшанышчу.
Улам жаңы сөздөрдөн чубайт Балбай,
Баатырларга илгерки таңданышчу.

Күндүн бири дагы барып калдым,
Ынтызармын угушка кары кебин.
Гүстөм-дастан дегенди чалып калдым,
Кеп кызыптыр, эл уккан албай демин.

Байкап калган чалдардан мени кээси,
Жактыргандай көз менен күлүп койду.
Кызыл көз бай чүрүшкөн миң кой ээси,
Жекиргендей тиктеди бөлүп ойду.

Бул кочкордой чалдардын арасында,
Сага суутуп койгон жок, баргын жетим.
Минтип жүрсөң бир балаа саласың да,
Шуудуңдабай жөнөгүн аргын жетим.–

«Аргын» деген кордугу жаныма өттү,
Жүрөгүмө ийнени сайган өңдүү.
Мынча неге кызыл көз каарын төктү,
Жылан чагып, уусун да жайган өңдүү.

Жаакка чапса болбойбу мындан көрө,
Турдум араң шылкыйып, ыза тартып.
Бай койгонсуп жүрөктү эки бөлө,
Кеттим, Балбай кебине сугумду артып.

Бекер кылдың, баланын шагы сынды,
Сергек экен бечарам, шыктуу кепке.
– Койчу, Балбай.
– Ал сага эмне кылды?
Мүнөзүң бар корс этип чапмай бетке.

– «Ата мынча, эмнеге кызыл көзүң,
Карышкырдай кан ичип кызардыбы?»
Тили какшайт, капырдан күйдүм өзүм,
Баары күлдү, буктарын чыгардыбы...

Кысталыштан чыгасың жол учурап,
Эңкейиште ийинге жата калып,
Байкап көрсөм кулакка так угулат,
Тыңшайм кепти, билинбей күндө барып...

Күндөр өттү, чакырып мени Балбай,
– Жүргүн уулум, отуруп уга бергин!
Байкап жүрөм күнүгө элден калбай,
Кеп угушка ийинге дайым келдиң.

Өткөнүнө элиңдин көңүл буруш,
Өмүрүңө турмушта берет сабак.
Адам болот окшойсуң уулум, дурус,
Жетил, өскүн, жетимим, ачып кабак.

Жакшылыктын гүлдөрүн гүлдөтүп жүр,
Кор болбойсуң азили, уулум, айда.
Адамдыктын чынарын бүрдөтүп жүр,
Зор болосуң жолугуп өчпөс танга.

Карттын сөзүн унутпай капка сакта,
Эгер болсо бир нерсе күдөрүңдө!..–
Бул укмуштуу карылар бала чакта,
Жолукканы алиге жүрөгүмдө…

Жылдар өттү, жаздагы каркырадай,
Азыр да эстейм, угууга Балбай кебин.
Дайра болчу, ал аккан шаркырабай,
Деңиз болчу толкуган, кейийт зээним.

Өткөн күндүн сүйлөмөй китеби экен,
Аттиң ошол китептен калсам жазып!..
Кең экен го түгөнбөс чексиз бекем,
Аттиң четин мен оюн жатсам казып!..

Жакшы күндүн белгиси тунук асман,
Булуту жок жаркырап күнү чыккан.
Жакшы адамдын белгиси кабак ачкан,
Акыл сөзү душмандын туусун жыккан…

* * *

Адам эмес, кийик басып өтпөгөн,
Бийик аска, баш жагында уя бар.
Эч нерсе жок, бала назар төкпөгөн,
Жылда көрөм, бүркүт анда уялар.

Жетсем барып балапанын алсам дейм,
Анан таптап үйрөтсөм деп көксөймүн.
Түлкүлөргө, карышкырга салсам дейм,
Тиктейм күндө, кыя басып өтпөймүн.

Эртең менен турдум аска түбүндө,
Эне бүркүт учуп келди калдайып.
Чый-пый эткен балапандын үнүндө,
Бир ажайып үн бар өңдүү далдайып.

Мен бүркүттүн балапаны болсомчу,
Канатымды булут жууса какканда,
Көк мейкинди учуп көрүп, консомчу,
Чоң дүйнөнүн кызыгына батканга.

Ушул ойго алек болгон балалык,
Бүркүт менен чабагандап жаткансыйт.
Жүрөгүмө канат бүтүп жаралып,
Асман ээси бүркүттөн дос тапкансыйт.

Күндө келип уяны да караймын,
Бүркүт мени кароолчусу кылгандай.
Уя турат, өз үйүмдөй самаймын,
Кайра кетем, көңүлүм да тынгандай.

Асман тунук, тоо чокусу агарып,
Күн нуруна, жалама аска чагылат.
Бүркүт бийик шаңшыйт көктө карарып
Байкабаган чымчыкпы деп жаңылат.

* * *

***Батыш Сибирь металлургия комбинатынын болот эритүүчүлөрүнө арнайм***

Кызды көрдүм от менен ойноп жаткан,
Анын назик колунан ичке, сыйда,
Болот эрип көлкүлдөп суудай аккан,
Укмуштуу кыз татыйсың кандай сыйга.

Эриген от куюлуп, шыр-шыр этип
Кызыл учкун жылдыздай учуп тарайт.
Отко күйүп калчудай чочуп кетип,
Артка качтым, кыз мени сырдуу карайт.

«Ойнобогун от менен жүргүн алыс»,
Деп айтуучу таенем бала кезде
От шырылдап куюлуп аккан алыш,
«От дайра бар тозокто» дегени эсте.

От дайрабы, кайнаган болот агып,
Күйгөн деңиз өңдөнөт анык өзү.
Кара айнеги чекеде жакын барып,
Улам карайт каныккан кыздын көзү.

Болот агат чачырап жалын чыгат,
Ал жалындын ичинде кенебейт кыз.
Суюк отту караймын жаным чыгат,
Учкундарын аралап тебелейт кыз.

Кызмат бүттү, жасанып кыз да кетти,
Колунда жок калдайган эпсиз мээлей.
Билбейм кандай ушул кыз таасир этти,
Карап турам, кеткенсийт жүрөктү ээлей.

Кыз колунан жаралып жалын дайра,
Отту кечип жүргөнү тартты бекен?
Бара жатып карады кылчак кайра,
Назиктиги көнүлгө жакты бекен?

Сен эритип, муздаткан албарс болот,
Көрөм андан мекендин сүрүн анык,
Ай, назик кыз жүрөккө сыйлуу конок,
Болотундай мен эрип, барам жанып.

Жумшак, назик колуңдан чыккан болот,
Мүмкүн тигил космосто учкан чыгар.
Ойлор келип ушундай көңүл толот,
Сени көрсө адамдар таазим кылар.

Океандар, деңиздер көп-көк жайык,
Мекенимдин коргошуп чегин бекем,
Сүзүп жүрөт түбүндө атом-кайык,
А да сенин болотуң болду бекен?

Менин жазган ырларым сен жараткан,
Болотундай өтө курч, бекем болсо!..
Анда алыска учмакмын мен канатчан,
Аттиң, болот жалын мага консо!..

Кызды көрдүм от менен ойноп жаткан,
Анын назик колунан ичке, сыйда,
Эрип суюк болоттун дайрасы аккан,
Укмуштуу кыз бөлөсөк сени сыйга!

* * *

Тизип өргөн кара бермет көрүнчү,
Согончокко түшкөн чачың баратсаң.
Мен артыңан тиктеп көңүл сөгүлчү,
Аттиң турмуш, да бир жолу каратса!..

Сенин чачың көркүң болчу жашында,
Суктанчумун мен оронуп мойнума,
Тиктеп эркем отурганда кашыңда,
Жыргал дүйнө баткан өңдүү койнума.

Өмүр уста тынбай иштеп узанып,
Саамайыңды бир аз күмүш басыптыр.
Чачыңда жок турчу анда тушалып,
Мезгил сук да көркүңдү алып качыптыр.

Мен жакында көрдүм кайра чачыңды,
Жүрөк шуу деп, чочуп кеттим, түшүнбөй.
Көрсө сенин кызың экен, жашыңды,
Элестетип, бир көрүнгөн түшүмдөй.

Так ошол чач, өзүң басып жүргөндөй,
Бою гана сенден узун байкалат.
Ай, өмүрүм бир каткырып күлгөндөн,
Жаштыгыбыз кайра келсе кайталап.

Тизип өргөн кара бермет көрүнчү,
Согончокко түшкөн чачың баратсаң.
Мен артыңан тиктеп көнүл сөгүлчү,
Аттиң турмуш, да бир жолу каратсан!..

Капаланган адамдын көңүлүндөй,
Дарак турат кеч күздө кабак бүркөп.
Жадыраган жайдагы күн көрүнбөй,
Кара булут асманды алган чүмкөп.

Ичиркентип күз шамал ыркыраган,
Күбүп жатат саргайган жалбыракты.
Чайпалышып бутактар чыркыраган,
Күзгү суукта тапкандай калтыракты.

Ушул күздө бараттың бакты аралап,
Жалбырактар төшөлөт буттарыңа.
Даректар да ийилкп жатты карап,
Күзгү абаны суктана жутканыңа.

Күздү сүйөм, башкалар көңүлсүз дейт,
Күздүн дагы өзүнчө жыргалы бар.
Куурап түшүп жалбырак өмүрсүз дейт,
Бирок жайды ырдаган ырлары бар.–

Колуңа алып алтындай жалбыракты,
Тиктедиң сен өмүрдүн күзгүсүндөй.
Жалын болуп көзүңө албыратпы,
Калгам анда өзүнө түк түшүнбөй.

Көрсө жаштык кезинде баары сулуу,
Жаз, жай эмес, табийгат көздө күлгөн.
Так ошол күн көңүлгө салып чууну,
Мен эстедим өзүңдү күздө жүргөн.

Капаланган адамдын көңүлүндөй,
Күздө күндүн кабагы бүркөлүптүр.
Жашап калган адамдын өмүрүндөй,
Сары тонду айлана чүмкөнүптүр...

* * *

Бир кара кыз күзгү алдында жасанып,
Узун чачын ороп, түйдү жакшына.
Жактырбады, кайра жазып, таранып,
Таштап конду өрүп туруп артына.

Ары-бери басып карап күзгүдөн,
Кызыл көйнөк кийип чыкты кылактап.
Кайда барат, кимге көзү түштү экен?
Сүйүү кимди албайт дейсиң кулактап...

Көчө менен кыз баратты кечинде,
Бирде куунак, бирде көңүл тынчы жок.
Адам уяң алгач баскан кезинде,
Бу сүйүүгө жүгөн салар сынчы жок.

Кыз көнүлү күйсө күндөй жалындап,
Так ошодур махаббаттын таңы да.
Кыз жүрөгү сүйсө күндө сагынмак,
Кара кыздын аппак экен багы да...

* * *

Сулуулуктун өзү талант эмеспи,
А да берген табийгаттын белеги.
Эмне чыгат, турмуш сенде теңешчи?
Акыл дээрсиң, ал өмүрдүн желеги.

Ырас акыл түгөнбөгөн байлыгың,
Кыйын, кыстоо күндөн сени чыгарып,
Деңиздерден сүзүп өтөр кайыгың,
Кызыл өрттөн сактап калар сыналып,

Сулуулукчу көздүн канар жыргалы,
Бейиш багы турган өңдүү ыргалып.
Бирок анын жолунда көп кырлары,
Кошулбаса акыл ага чырмалып.

Акыл менен жол талашат сулуулук,
Эрегишип мен биринчи барам деп.
Бирок акыл кылат экен улуулук,
Алга бассам туюктан жол табам деп.

Бул экөө тең бир адамга кезигип
Калса өмүрдүн өчпөй турган таңы бар.
Табийгаттын жүрөгү да эзилип,
Эки адамга бөлүп коймой жагы бар.

Сулуулуктун өзү талант эмеспи,
А да берген табигаттын белеги.
Эмне чыгат, турмуш сенде кеңешчи?
Акыл дээрсиң, ал өмүрдүн желеги!..

* * *

Ыйлаак кыздын көзүнөн жаш чубурат,
Так ошондой жамгыр да шорголоду.
Күн кулагы түрлөнүп миң кубулат,
Элдер качып туш-тушка корголоду.

Табийгаттын сүрөтүн көрчү карап,
Тоо жагында салаңдап кара булут.
Күн жаркырайт кайрадан булут тарап,
Бир четинде көгөрүп асман тунук.

Күн кулагы керилген жаадай болуп,
Нечен укмуш боёкту боёнуптур.
Болсом, аттиң сүрөтчү, тартсам толук,
Асман гүлдүү шайыга оронуптур.

Суу болсоң да качпадың сен жамгырдан,
Куюп жаткан өңдөнөт сага мүрөк.
Жамгыр жууган бетинде нур албырган,
Табийгатка канбаган сүйчү жүрөк?

Көзүңдү албай тиктедиң күн кулагын,
Боёгуна суктанып жатасыңбы?
Анда ошол түрүнөн сен сураган,
Бербейт го деп ичиңден капасыңбы.

Күн кулагы кездеме болуп калса,
Көйнөк кылып тиктирип кийгиң бар го,
Ысык күндөн көйнөгүң оңуп калса,
Түк өчүрбөс айласын билгиң бар го.

Жамгыр күчөп чакалап төгүп жаткан,
Көйнөгүң суу, чачыңдан суу шорголойт.
Сагындандай түрүң бар ойго баткан,
Сенден башка кишилер не корголойт?!

* * *

Махаббатым издесем жашыл талга,
Жашыныптыр чачтарын суугa малып.
Эркем сендей ал дагы дайым таңда,
Булагымда таранан кыял чалып.

Балалыгым издесем бийик бактан,
Күкүк, күкүк! – деп улам үнүн кагат.
Бак башына чыга албай кайра кайткам,
Жүрөгүмдөн кайгы да уя табат.

Кайда десем жаштыгым тоого кетип,
Кызыл көйнөк кийинип чыгат майда.
Сүйүүбүздүн тамыры жерге бекип,
Жоогазындын гүлү да болгон пайда.

Жаштыгымды табалбай келсем үйгө,
Муң, алдамчы сулуудай мени күткөн.
Муздак көзүн албастан тиктейт күндө,
Муңум ээрип жүрөгүм күйүп бүткөн.

* * *

Жайлоодо жыңайлакчан шүүдүрүмдө,
Жүгүрүп көк көйнөк кыз чыкты кырга.
Эмне бар, кандай ой бар жүрөгүндө?
Ал тиктейт айланасын, батып сырга...

Күн көзү шиш чокудан жарк дей түштү,
Дүйнөгө күлкү берип сүйгөн көздөй.
Ашыктык жалыныңды күндөй күчтүү,
Кээ бирде үшүтөсүң кара өзгөй.

Махаббат кыз көзүнө конгон окшойт,
Дүйнөнү кучагына кыскысы бар.
Алыска ой жүгүртүп, жүрөк копшойт,
Бу кызда ашыктыктын ышкысы бар.

Күн өрттөйт капчыгайды, колот, ойду,
Кыз карайт ушул кезде айыл жакты.
А мүмкүн койду жайган тигил койчу,
Бу кыздын жүрөгүнө ачкыч тапты.

Күн менен кеңешкенсийт бу эрке кыз,
Чынында сүйүү тийген күн эмеспи!
Жүрөктү кээде мыкчып үшкүртөр тыз,
Айрылуу сүйүү үчүн түн эмеспи!..

## ШУМКАР КОНОТ ТУУРУНА

Шумкар учту туурунан канат жайып,
Эртең менен нур чачты күн кылайып
Бейпил каккан элинин жүрөгүнө,
Душман кирген шумдуктуу ийне сайып.

Жүрөктөгү ийнени шумкар сууруп,
Заманасын душмандын миңге кууруп.
Канат кагып, күүлөндү кирген суудай
Кандуу жоосун камырдай четтен жууруп.

Бүркөлгөн күн жарк этип, тарап күүгүм,
Жаңы күлгөн баладай өтө сүйкүм.

«Жоо жүрөгү жарылды» деген кабар,
Шумкар өскөн тууруна келер бир күн!

Душманынын тамырын кесип-кыйып,
Күлүн көккө сапырып тыйпыл кылып.
Мына ошондо, чаалыккан учкул кыраан,
Шумкар конот тууруна, канат жыйып.

## БАКЫ ӨМҮРАЛИЕВ
*(1932-2003)*

Драматург Бакы Өмүралиев Жумгал районундагы Жаңы-Арык айылында 1932-жылы 1-январда туулган. Кыргыз Республикасынын адабиятына жана искусствосуна эмгек сиңирген ишмер. Ата-энесинен эрте ажырап, 1941-жылдан 1949-жылга чейин Чаектеги балдар үйүндө тарбияланган. 1951-жылы Чаек орто мектебин, 1955-жылы Ташкент шаарындагы А.Островский атындагы театралдык көркөм институтту бүтүргөн, ал эми 1973-1975-жж. чейин Москвадагы СССР Жазуучулар союзунун алдындагы Жогорку адабият курсунун угуучусу болгон. 1955-73-жылдары Б. Өмүралиев Кыргыз академиялык театрында актёрдук кесипте эмгектенет. Бул жылдардын аралыгында көптөгөн эсте каларлык образдардын үстүндө иштеп, Р. Шүкүрбековдун «Акындын үмүтүндө» Токтогулдун, Ш. Бейшеналиевдин «Качкынында» мугалим Тентинин, А. Грибоедовдун «Акылдан азабында» Молчалиндин, В. Шекспирдин «Король Лиринде» Шуттун ж. б. көптөгөн психологиялык жактан татаал, ашкере чеберчиликти талап кылуучу, эстетикалык таасири күчтүү ролдорду аткарат.

Б. Өмүралиев театр менен гана чектелбестен, кино өнөрүндө дагы өзүнүн күчүн сынап көргөн. Натыйжада «Муз жүрөк жөнүндө баян», «Алыскы тоолордо», «Тянь-Шандык кыз», «Космонавттар көчөсү», «Кызыл алма» көркөм тасмаларында көрөрмандардын купулуна толгон, ийгиликтүү чыккан образдарды жарата алган.

Б. Өмүралиев он жети жыл актёрдук кесипте эмгектенип, театрды ийне жибине чейин өздөштүрүп, сахнанын сырын толук билгенден кийин гана драма жазууга киришкен. «Унутулгус күндөр» драмасы автордун өзү жашап, башынан өткөргөн, бирок ошол элестер эс тартканда дагы, чоң киши болуп баралына келгенде дагы эсинен кетпей элесинде өмүр бою сакталып калган жетимдиктин жүрөккө салган эч качан айыкпас тагы, балалык чагы жөнүндө чыгармасы. Мына ушул драмасы эл элегинен өткөндөн кийин Б. Өмүралиев биротоло драма жазуу менен алек болуп калат. Натыйжада, «Мен билем, тоолор билет», «Сирена», «Жолчубектин көнүрөсү», «Жаңырык», «Сел», «Кыйышпастар», «Эсирген ата — эрксиз кыз», «Ырайымсыз ынтымак», «Ыйык жер», «Бир кезде согуш болгон» ж. б. бир нече көп жана бир актылуу пьесаларды жаратып, ал пьесалар республикабыздагы бардык профессионал театрлардын сахналарында ийгилик менен коюлган.

Драматург турмушту ар кандай кырдаалдарда чагылдыруу менен түрдүү мүнөздөгү адамдардын ортосундагы өз ара конфликттер, пикир келишпестиктер аркылуу алардын сүйүүгө, достукка, коомго, байлыкка, бийликке жана салт санаага кылган мамилесин, кулк мүнөзүн, ички сезимин ачып бере алган. «Жаңырык» («Жүз катын жана бирөө») драмасы учурунда мурдагы союздук жана республикалык басма сөздөрдө көрүүчүлөрдүн жана сынчылардын жогорку баасына татып, союздук процесстеги этаптык окуя катары бааланган.

Б. Өмүралиев 1975-1984-жж. Кыргызстан Жазуучулар союзунун башкармалыгынын адабий кеңешчиси болуп, 1986-жылдан Кыргыз ССРинин Маданият министрлигинин системасында эмгектенген. Китепте Б.Өмүралиевдин көпчүлүк окурмандарга белгилүү «Ата сөзү – ар-намыс», “Унутулгус күндөр». «Мен билем, тоолор билет», «Жаңырык» пьесалары орун алды.

## АТА СӨЗҮ – АР-НАМЫС

### КАТЫШУУЧУЛАР:

*(Үч көшөгөлүү, алты сүрөттүү драма)*

1. Дыйкамбай – колхозчу
2. Алыйман – анын аялы
3. Жакыпбек – алардын баласы
4. Шарипа – айылдагы врач кыз
5. Асылбек – мугалим
6. Сергей
7. Даукен
8. Файзулла
9. Ира
10. Фарида
11. Люба
12. Чанач көтөргөн аял
13. Шыпыргычан киши
14. Белгисиз киши
15. Шымаланган бала

## БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

### Биринчи сүрөт

Июнь айы. Дыйкамбайдын эки терезелүү оозгу бөлмөсү. Бөлмөдө Алыйман. Көшөгө ачылганда сырттан күндүн шатырата жааган добушу угулат.

*(Жаанга кийүүчү плащ жамынып, Шарипа кирет)*

Алыйман. Шарипасыңбы?

Шарипа. Жакшысызбы, энеке.

Алыйман. Кел, келегой.

Шарипа. Бая күнү тигил үйгө, керектүү буюмумду унутуп кетипмин.

Алыйман. Эч ким деле келген жок, жоголбойт. Деги карап көрчү *(Шарипа ички бөлмөгө кирет. Алыйман терезеге барып)*. Эчтеке көрүнбөйт. Күн алай-дүлөй. Чал мынча эмне кечикти? Бүгүн алты күн болот... Балакетиңди алайын Жакыпбегим, эмне кылып жүрөт болду экен? Эки жыл өттү. Дагы үч жыл... *(төркү бөлмөдөн китеп кармап Шарипа чыгат)*. Таптыңбы, балам?

Шарипа. Таптым, эне.

Алыйман. Рас болуптур, отуруп тамак ич.

Шарипа. Курсагым ток, энеке. Жакыпбек мынча китептерди кайдан алган?

Алыйман. Аа, айланайын, Жакыпбектин агасы – Жайдарбек деген уулум «Жакыпбек чоңойгондо окуйт»– деп, китеп жыйнап жүрчү.

Шарипа. Ал уулуңуз азыр кайда?

Алыйман. Ал уулум... аскерге кетип, ошол жактан.. *(жашыйт)*.

Шарипа. Коюңузчу, энеке, Жакыпбегиңиз бар эмеспи... Менин атам да согуштун бүтөөрүнө эки күн калганда, Берлинде курман болуптур.

Алыйман. Энең, барбы?

Шарипа.. Жок... Детдомдо тарбияландым.

Алыйман. Бир туугандарыңчы?

Шарипа *(муңайып)*. Бир туугандарым да жок. Атадан жалгызмын.

Алыйман. Сен да капаланба, кызым. Жетим жүрүп жетилип, минтин илимпоз болупсуң. Эстүү-баштуу кишиге дуушар боло көр *(сырттан бир келиндин үнү чыгат)*.

Келин *(энтиге)*. Айланайын доктур кыз! Кырсык болду! Тезирээк жүрүңүз!

Шарипа. Кандай кырсык?!

Алыйман.Ой келин, эмне болду?

Келин. Такиним чыдабай жатат.

Шарипа.. Качантан бери?

Келин. Азыр эле ичим деп калчылдап жыгылды. Айланайын доктур кыз, бол батыраак!

Алыйман.Мени жалгызсыратпай, кайра кел, кызым.

Шарипа. Макул энеке.

Келин. Дары-дармек, ийнелериңди алдыңбы?

Шарипа.. Жолдон ала кетебиз *(Шарипа, келин кетишет)*.

Алыйман. Башынан көп кыйынчылыктарды өткөргөн ыймандуу кыз көрүнөт. Атаганат Жакыпбегим ушул кызды.. *(эшик ачылып, Дыйкамбай кирет)*. Апей, ботом! Келип калдыңбы? *(Дыйкамбай жооп кайтарбай, суу болгон үстү-башын кагып, төргө чыгат)*. Азыр эле сен жөнүндө ойлоп отурдум эле. *(Пауза)*. Апей, ботом! Сага эмне болгон?! Эмне укчукпайсың?! Деги Жакыпбегим аманбы?

Дыйкамбай *(үшкүрүп)*. Жакыпбегиң аман.

Алыйман *(безеленип)*. Анан эмнеге үшкүрүнүп жатасың, ачыгын айтчы?

Дыйкамбай *(жөтөлүп)*. Бир аз чырмыктап турам. Суук тийсе керек.

Алыйман. Өңү-башынан азбаптырбы?

Дыйкамбай. Эмнеге азмак эле. Биз жиберип турган акча ага аздык кылабы?

Алыйман. Балакет-мээнетиңди алып жиберейин, каралдым, ошондой эле болсун. Өзү качан келем дейт?

Дыйкамбай. Наркы айда *(алаксытып)*. Мен кеткенден бери айылда кандай жаңылыктар болду?

Алыйман. Жаңылык көп, абышка.

Дыйкамбай. Ии, ии...

Алыйман. Сен кеткен күндүн эртеси атасынын тилин албай. Чекир чалдын баласы тиги өйүздөн кыз ала качып келсе, артынан куугунчу келип, кызды алып кетишти.

Дыйкамбай. Хм... Эрке өскөн баланын кылары ошол экен да...

Алыйман. Баса, кечээ райондон чоңдор келишти. Абышка-кемпирлерди иштен бошотушат имиш... Анын ичинде экөөбүз да бар экенбиз.

Дыйкамбай. Пенсиягабы? Эгер мен каалабасамчы?

Алыйман. Антпей эле бошонуп ал, жайкысын алачык тигип жайлоого чыгабыз.

Дыйкамбай. Экөөбүз жайлоолоп жүрсөк, жакадагы оокаттарды ким тейлейт?

Алыйман. Кудай буйруп, Жакыпбегим окуусун бүтүп келсе... Анан... анан келинчек алса, жакадагы оокаттарды ошол тейлейт. Биз болсок жекшемби сайын экөөнө кымыз жеткирип, Жакыпбегимдин жалийнасын жеп, жайлоодо мал багып жата беребиз *(сырттан дарбазаны каккан добуш угулат)*.

Алыйман. Шарипа келди окшойт.

Дыйкамбай. Кайсы Шарипа?

Алыйман. Доктур Шарипа *(Алыйман эшикке чыгат, Бул учурда жаан басаңдап, анча-мынча жаандын добушу билинер-билинбес угулуп турган болот. Короодон Жакыпбектин: - "апа!" Алимандын – "Жакыпбек" - ... деген үндөрү угулат. Дыйкамбай сыртты болгон окуяга кулак түрүп тыңшап калат. Жакыпбек, Алыйман кирет. Жакыпбектин колунда аябай суу болгон плащ, үстүндө тар багалек кара чий баркыттан жасалган костюм-шым)*.

Жакыпбек. Саламатсызбы, ата.

Дыйкамбай.Жакшы балам.

Алыйман *(кыйпычыктап)*. Бүткөн боюңдун баары суу, үшүдүң го, каралдым. Ички үйгө кирип, атаңдын ичигин жамынып алсаңчы.

Жакыпбек. Эчтеке эмес, апа. Кургап калат.

Алыйман. Мейлиң каралдым. Мен казан асайын *(Дыйкамбайга)*. Аркы айда келет дебедиң беле?

Дыйкамбай. Оокатыңды жаса, байбиче.

Алыйман.Деги кыйналбай жүрөсүңбү, балам?

Жакыпбек. Жок апа, кыйналган деле жерим жок.

Дыйкамбай.Окууң кандай, балам?

Жакыпбек.Жаман эмес, ата.

Дыйкамбай. Жакшы болсо эле болду. Ыя, байбиче, Жакыпбекке бирдемең, барбы?

Алыйман *(дасторконго боорсок салып жатып)*. Азыр.. эт бышканча буларды жей тур. Ий... өңүңөн азып калыпсың, да?

Дыйкамбай.Күн-түн дебей окуп жатса, өңүнөн азбай коймок беле... Баягы коноктордон калган бирдемең болсо балаңа берсеңчи. *(Алыйман шкафтын ичинен жарты бөтөлкө арак алып, дасторконго коет, Дыйкамбай стаканга арактан куюп, Жакыпбектин алдына коёт)*.

Алыйман. Өгүнү, жазга жуук ичкен тамагы начар болбосун деп, карыздап 40 сом жибердик эле, алдыңбы?

Жакыпбек.Алгам.

Алыйман *(шыбырап)*. Атаңдан жашырып, аванса эмгегимден элүү сом катып койгом, кетериңде берем *(угуза)*. Жээндериңдикине барып турасыңбы?

Жакыпбек. Көп барбайм. Сабактан кийин ар дайым китепканада болом, анын үстүнө сабак өтө оор.

Дыйкамбай. Колуң бошобойт экен да?

Жакыпбек. Асылбек кандай? Мында келип турабы?

Алыйман. Келип турат. Маалимдин мыктысы дешет, заңгыраган үй салдырып жатат.

Дыйкамбай. Э-эп, байбиче, Жакыпбегиң бүтүп келсинчи. Үйдү сага да куруп берет.

Жакыпбек.Ничего, мен шаардан үй алып, силерди шаарга алып кетем.

Алыйман. Койчу балам, киндик кан таамп, өсүп-өнгөн жерден башка жакка барбай, айылда эле бололук.

Жакыпбек. Эмесе кызыл кирпичтен ушул жерге үй салдырам. Ишениңиз, апа. Мен Асылбектин бир жылда тапканын бир айда табам.

Алыйман. Башың аман болсо, баары болот. Андан көрө ден соолугуңду тиле... Деги ким болосуң?

Жакыпбек. Эмне болгум келсе, баары колумдан келет.

Дыйкамбай. Азыр окуучулардын сыноого даярданып жаткан мезгили эмеспи. Сен кандайча эрте келип калдың?

Жакыпбек. Биздин факультет Москва-Ленинградга экскурсияга барганы жатышат. Ошого карата тыйынтыпыр алайын деп келгем.

Дыйкамбай. Москвага?! А, сыноолоруңду тапшырдыңбы?

Жакыпбек.Үч сабактан досрочно тапшырдым. Экөөнөн 5, бирөөнөн төрт болуп калды. Калгандарын Москвадан келгенде тапшырам.

Алыйман. Өкмөттөн да акча алып турасыңбы?

Жакыпбек *(апасына шыбырап)*. Жок.

Алыйман. Апей, ботом! Эмне үчүн? Окуучулардын баарына беришет деп жүрүшпөйбү? Сүрүштүргөн эмессиң го, сүрүштүрсөң, алат элең. «Эне-атам картаң кишилер, колхоздо иштешет»,– десең эле беришмек.

Дыйкамбай. Ал акчаны жакшы окуган балдарга беришет.

Алыйман. Жакыпбек жаман окуйт бекен?

Жакыпбек *(мукактанып)*. Кышкы сыноодон бир сабактан 3 алып калгам.

Дыйкамбай *(акырая карап)*. Калгандары «4» менен «5» пи?

Жакыпбек. Ооба.

Дыйкамбай. Демек, бардыгы «отлично» экен да?! Эмесе көтөрүп жибер *(Жакыпбек ичейин дегенде, атасы колунан кагып жиберет)*.

Дыйкамбай. Оо.. балам! Кантип сакалдуу атаңа калп айтып отурасың!

Жакыпбек. Калп эмес, ата!

Дыйкамбай. Сүйлөбө!.. *(пауза)* ... Сенин курсагың, ачпасын деп, жыйып-тергенимди чогултуп, сага барын,– «балаңыз тентектик кылгандыктан институттан чыгарып койдук»,– деген сөздү угуп...

Жакыпбек. Аны ким айтты, ата?!

Дыйкамбай. Элдин эстүү балдарын көрүп, сенин зөөкүрлүгүңө, келесоолугуңа ызаланып отурам! *(Алыйманды көрсөтүп)*. Мына бул энең экөөбүз зарлап жүрүп тапкан балабызсың. Сени билимдүү, маданияттуу болуп, кемпир-чалга жардам берип, эл алдында эмгеги менен сыймыктанар бекен деп, тердеп тапкан эмгегимди бүт сага зарп кылдым.

Жакыпбек. Ата, мен...

Дыйкамбай. А сен чал-кемпирдин ак эмгегин сыйлабай, элге бетибизди чиркөө кылып, төшкө тээп, окусуп деп берген каражаттарга арак ичип, киши катарынан чыктың! Эркинди карачы! Найзабекти карачы! Кичинекей Бактыбекти карачы! Сен ошолордон кемсиңби? Жок! Сен уятсыз, намыссызсың, уятсыз-намыссыз жашаган адам, адам эмес, ал акмак! Сен акмаксың! Чык үйдөн! Жолобо үйгө! Сендей баладан жогу жакшы!

Алыйман *(Жакыпбекке болушуп)*. Сага эмне болгон?

Жакыпбек. Уксаңыз, ата... мен... мен...

Дыйкамбай. Бала жакшы болсо, бала деген – эне-атанын ырыскысы, кубанычы. Бала – байлык, бала бакыт. Жаман болсо, бала деген – эне-атанын башына түшкөн сар санаасы, азан-кайгысы, оор мүшкүлү.

Алыйман. Деги сен эмне болгонсуң?

Дыйкамбай. Өмүрүндө турмуштун ачуу-таттуусун, азап-кайгысын кембагал-кедейликтин, жетишпеген жакырчылыктын баарын башыман өткөздүм. Бирок, ушул жашка келгени бирөөнү алдап, бирөөгө бир да калп айткан жан эмесмин.

Алыйман. Балакет баскырдыкы ай! Балекет баскырдыкы ай!

Дыйкамбай. Кой десе болбой менден жашырып акча берип жүрүп, баланын бузулушуна сен айыптуусуң!

Алыйман. Жалгыз балама бербеген акчаны эмне кылам, сактап. Ансыз деле өңүнүн жоктугун көзүң менен көрүп турбайсыңбы?

Дыйкамбай *(Алыйманды жекирип)*. Көп акча турмушка түшүнө элек баланы бузарын билбейсиңби? Күнтүн дебей арак ичип көчөдө жүрсө, ошондо эмненин өңү болсун.

Жакыпбек. Ата!

Дыйкамбай. Атадан айлан!

Алыйман. Деги эмне болуп кетти, абышка? Түшүндүрүп айтсаң боло?

Дыйкамбай. Аракеч. Бузулган акмак!

Жакыпбек. Ата!.. Мунун баары калп! Ушак!

Дыйкамбай. Калппы? Ушакпы? Директор калп айтабы?

Алыйман. Катыгүн ай, карангүн ай. Койчу эми, абышка, эсиңе келчи?

Дыйкамбай. Жогол! Экинчи сен мага бала эмессиң, мен сага ата эмесмин! *(Дагы бир нерсе айтмакчы болот, бирок үстөккө-босток катуу жөтөл ага сөз айттырууга мүмкүнчүлүк бербей алсыратат. Монологдун акырында келип, баятан бери эч нерсеге түшүнбөгөн Шарипа чуркап барып Дыйкамбайды колтуктайт. Алыйман менен Шарипа Дыйкамбайды колтуктап ички бөлмөгө алып кетишет. Оозгу бөлмөдө Жакыпбек каккан казык сыяктуу бир ордунда кыймылдабай турган болот).*

Жакыпбек. Хм... Баарын билиптир... Мына кызык... «Мен сага ата эмесмин, сен мага бала эмессиң». Ушул да кеп болдубу?.. Как будто магазиндин арагын жеке мен ичкенсип, жекирет... Ичсем жолдошторум менен ичтим... Аларды эмне аталары куубайт! *(Катуу, ички бөлмөгө угуза)*. Болуптур, ата! Мага берген акчаңар силерге көп көрүнүп кеткен тура. Мен баарын кайрып берем. Бергениңерди эсептеп койгула *(ички бөлмөдөн Дыйкамбай жулунуп чыгат)*.

Дыйкамбай. Эмне дедиң! Кайра айтчы!

Жакыпбек. Бакырба, ата! Жаның тынчыйт! Менден кутуласың, *(кетмекчи болот)*.

Дыйкамбай. Токто, сен эч кайда барбайсың! Ушу жерден кетмен чаап, суу сугарасың. Сарай салып, мал багасың. Уктуңбу?!

Жакыпбек. Уккум да келбейт! Иштебейм.

Дыйкамбай. Иштейсиң!

Жакыпбек. Ишиңиз болбосун, эмне иштеп, эмне коём, өзүм билем!

Дыйкамбай. Ыя! *(Чуркап барып, жаакка чабат)*. Мына сага!

Жакыпбек. Жетишет, ата!

Алыйман. Кантесиң, балам!

Дыйкамбай *(башын мыкчып)*. Оо, шордуу башым! Балам бар деп, медер тутуп жүрбөймүнбү?!

Шарипа. Сабыр этиңиз, оорулуу адамга капалануууга болбойт.

Алыйман. Ай, балам ай, балам ай. Атасына ким бакырат... *(Шарипа кайра чыгат)*.

Жакыпбек. Сага да жек көрүнүп турамбы? *(Шарипа жооп бербейт. Жакыпбек кетмекчи болот)*.

Шарипа. Караңгыда кайда барасың?

Жакыпбек. Башым оогон жакка.

Шарипа. Бирок, кепке келип, ой жүгүртсөң? Чоңойгондо эне-атанын сөзүн укпай, өз алдынча жүргөнүң, уят эмеспи?

Жакыпбек. Чоңоюп калган баласына тил тийгизип, жулунганы, уят эмеспи?

Шарипа. Түшүнбөйсүңбү? Эне-атаң картаң кишилер…

Жакыпбек. Эми сенин оюңча, эмне кылуум керек?

Шарипа. Эне-атаңды кайгыга салбай, барып кечирим суран.

Жакыпбек. Эмне? Мен анын алдына жыгылып кечирим сурайынбы? Жок… жок… Өз атамдан ушундай сөз укканча…

Шарипа. Сени мындай болот деп эч качан ойлогон эмес элем… «Намыстуу» жигит экенсиң *(пауза)*.

Жакыпбек. Эх!! *(Чуркап чыгып кетет)*.

Шарипа. Жакыпбек!!

**К ө ш ө г ө**

**Экинчи сүрөт**

Дыйкамбайдын короосу. Сахнанын оң жак тарабында үйгө кирүүчү эшик. Короодо кетменди бийик көтөрүп, кериле чаап жаткан Дыйкамбай.

Алыйман. Сен издебесең, мен издейм *(үйгө кирип кетет)*.

Дыйкамбай. Ал арамдын чын эле кетип каларын кайдан билдим… Жакыпбегим… жалгызым… кайда жүрөт болду экен?… же?… койчу, кайдагы жаман ойду ойлобоюнчу… *(Алыйман кийинип үйдөн чыгат)*.

Дыйкамбай. Кайда барасың? Бар, оокатыңды жаса *(Асылбек кирет)*.

Асылбек. Саламатсызбы, ата, жакшысызбы апа.

Алыйман. Келдиңби? Көрө алдыңбы?

Асылбек.Көрдүм… Бирок…

Алыйман. Оозуңа май, тегеренейин. Аман-эсен бекен?

Дыйкамбай. Эмне кылып жүрүптүр?

Асылбек. Сүйлөшө албадым. Барган күндөн баштап издебеген жерим калган жок. Окуган жерине барып, мугалимдерден, балдардан сурадым. Эч кимиси көрбөптүр. Бир күн издедим, эки күн издедим, үч күн издедим. Төртүнчү күнү чемодандарды көтөрүп, Жакыпбекке окшогон бир жигит Москвага кетүүчү поездге түштү. Жетип суроого үлгүрө албадым. Поезд жөнөп кетти. Кийген кийими жакшы. Өңү-башы деле. Жакыпбек эле.

Дыйкамбай. Мүмкүн, ал башка кишидир?

Алыйман. Анык көрдүңбү?

Асылбек. Анык. Ка-ап... жете албай калбадымбы!

Дыйкамбай. Жанындагы кишилер кандай немелер экен?

Асылбек. Хм., бирөө узун бойлуу, шыңгактай неме, экинчиси орто бойлуу, толмоч киши. Алыстан өңдөрүн жакшы байкабай калдым.

Алыйман. Деги түзүк кишилер көрүнөбү?

Асылбек. Ай, таң!

Дыйкамбай. Кийген кийимдери түзүк дедиңби?

Асылбек. Ооба.

Дыйкамбай. Түшүнүктүү...

Алыйман. Эмне түшүнүктүү?

Дыйкамбай. Алып чык күрмөмдү.

Алыйман. Эмне кыласың?

Дыйкамбай, Алып чыкчы! *(Алыйман чыгып кетет)*.

Асылбек. Каякка барасыз?

Дыйкамбай. Издегени.

Асылбек. Табалбайсыз.

Дыйкамбай. Табам *(Алыйман чыгат. Дыйкамбай күрмөсүн киет)*. Мен кеттим байбиче.

Алыйман. Каякка?

Дыйкамбай. Шаарга. Асылбек, энеңе каралашып тур.

Асылбек. Макул ата *(Дыйкамбай чыгып кетет)*.

Алыйман. Ал башкаларды ээрчип кайда кетти болду экен? Бир жыл дарексиз...

Асылбек. Күн сайын ушинтип кайгырып отурсаңыз, аксакалдын денсоолугун начарлатып аласыз. Мен, сиздерге жардам берип турам.

Алыйман. Рахмат! Тегеренейин. Шарипаны көрдүңбү?

Асылбек. Жок.

Алыйман. Эки-үч күндөн бери көрүнбөй калды. Бир жакка кеткен го, болбосо күндө келип атакелеп, апакелеп жан алы калбай кетчү эле. Жакыпбегим үйдө болсо, келин кылып алат элем…

Асылбек. Шарипа ага көнмөк эмес.

Алыйман. Эмне үчүн! Көнөт эле болчу. Балакетиңди алайын, бала кези эсиме түшөт. Согуштун бүткөн жылы. Кошунадан бир чай чыны ун сурап, Жакыпбекке деп жалгыз калама жасап койдум. Окуудан келер менен нанын берип, чай куюп жатсам жаш баласы менен кайыр сурап келген аялга алдындагы нанын кармата бергени. Алар кеткенден кийин: – Ыя балам, өзүң эмне жейсиң, үйдө башка оокат жок,– десем – ээ апаке, жанагы балага караганда мен чоң эмесминби, эптеп чыдаармын. Боорум ооруп кетти,– деди. Кечинде эмне кылаар айламды таппай жатам, ун-талкан алып атасы келди. Кичинекей кезинде боорукер болучу.

Асылбек. Түндө түш көрсөм экөөбүз балык улап жүрүптүрбүз. Бир убакта Жакыпбек айлампага түшүп кетти. Мен кайра тартып алдым. Чочуп ойгонсом, түшүм экен.

Алыйман. Жакыпбегим келип, экөөң жүздөшөт экенсиңер.

Асылбек. Жакыпбекти бирөөлөр бузду го…

Алыйман. Ким бузмак эле?

Асылбек. Коюңузчу энеке, бирөөнүн айтканын сиздерге айтсам, ушакчы болуп кетпейминби.

Алыйман. Чындык болсо, ушак болбойт.

Асылбек. Мага авторитеттүү киши айтты, бирок өз кулагыңыз менен укмайынча ишенбеңиз.

Алыйман. Айтчы, кагылайын, ким экен?

Асылбек *(жалган ыңгайсызданып)*. Коюңузчу энеке, анан…

Алыйман *(кызыгып)*. Ии, ии…

Асылбек. Мен сизге жеңил болоор бекен, деп жатам. Бирөөнүн айтканын оозумдан чыгарчу эмес элем… Мен айтты деп, эч кимге айта көрбөңүз.

Алыйман. Кимге айтмак элем.

Асылбек. А – Шарипа. Бирок мен ага ишенген жокмун.

Алыйман *(чочуп)*. Койчу! Эмне дейт! Ал антпес!

Асылбек. Уккан кулакта жазык жок энеке. Шарипаны мен да жакшы көрөм, бирок, жанагындай сөздү уккан соң жипкире түштүм.

Алыйман. Жалган кеп.

Асылбек. Ылайым жалган болсун. Бирок ал эч калп айтуучу эмес эле.

Алыйман. Бүдөмүктөтпөй толук айтчы?

Асылбек. Ушу жерден Шарипа менен сүйлөшүп жүргөнүн сиз деле байкаган чыгарсыз?

Алыйман. Жок.

Асылбек. Жакыпбек окуп жүргөндө Шарипа шаарга көп барчу беле?

Алыйман. Ооба, ооба.

Асылбек. Ии… Мына ошол жактан Шарипа Жакыпбекке мындай деген сунуш кылат: «Эгер мени чын жүрөгүң менен сүйө турган болсоң, көзүмдүн карегинен айланып, айтканыман чыкпайсың. Ага чыдабасаң, экинчи ооз ачпагын»,– дейт. Жакыпбек Шарипа үчүн бардыгына макул болот. Ошентип сиздер жиберген акчаны экөө ичкиликке зарп кылышат.

Алыйман. Шарипа да ичет бекен?

Асылбек. Эне-атанын тарбиясын кербөгөн неме, арак эмес спирт ичпейби *(Алыйман таң калып)*. Жакыпбектин окуудан чыгып калышына да Шарипа себепкер дешет.

Алыйман. Ыя! Ушунун баары чынбы?!

Асылбек. Оо, айланайын апаке, эгер ушунун баары ушак болсо, үйүңөргө бакыт кирбейт беле. Бирок Жакыпбек кеткенден бери, райондогу, хирург жигит менен сүйлөшүп жүргөнүн өз көзүм менен көрүп жүрөм. Бул ушак эмес.

Алыйман. Тымызын жүрүп алып... баламдын башын айлантып.

Асылбек. Антип айтпаңыз, кокус угуп калса... Сиз минте турган болсоңуз, мен айтпайт элем. *(Жайдары менен Шарипа кирет).*

Шарипа. Саламатсызбы? *(Асылбек алик алат, Алыйман унчукпайт).*

Асылбек. Шарипа, жана сизди райондон келген бир жигит издеп таппай, мобу катты берип кетти *(Шарипа катты алып окуйт. Асылбек Алыйманга акырын).* Көрдүңүзбү кызара түштү.

Шарипа. Аа... бул кишиге жолуккам. Семинарга чакырыптыр.

*(Сумкасынан бир неме издейт).*

Асылбек *(акырын Алыйманга).* Караңызчы, билмексен болуп жатат. Өзү ушундай татынакай кыз. Адамдын оюна келбейт.

Шарипа. Ана, райондон атама керектүү дарыны таап келдим *(сумкасынан дары алып Алыйманга берет. Алыйман албайт. Шарипа эч нерсеге түшүнбөй, бирде Алыйманды, бирде Асылбекти карайт. Асылбек болсо мен да эч нерсеге түшүнбөйм дегендей ишарат кылат). (Пауза).*

Алыйман *(ачуулу).* Жөн эле кой, балам...

Асылбек. Эне!.. *(Алыйман кетет).*

Шарипа. Бул эмнеси, Асылбек?

Асылбек. Шарипа кемпирге капа болбо. Өзүлөрү үйдөн кууп жиберип, сени күнөөлөгүсү бар. Жакшылыкты билбеген кишилерге жабышып эмне кыласың?

Шарипа. Мен буларга эмне кылдым?

Асылбек. Сенин адамкерчилик мамилеңе түшүнбөй... алардын оюнча Жакыпбекти бузган сен имишсиң. Ушул

күнгө чейин ичтеринен тынып, сени жек көрүп жүрүшкөн. Мына, эми..,

Шарипа. Мен Жакыпбекти бузуп... Ал Фрунзеде жүрдү... Мен бул жерде... Ансыз деле өтө аз көрүшчүбүз... Жакшылыктуу коштопшой да калдык.

Асылбек. Кимдир бироө: – Буларга, Шарипа кайын эне, кайын атаны жек көрөт, өз алдынча жүрүп көнүп калган, эптеп Жакыпбектин башын айландырыш үчүн гана силердикине келип жүрөт,– дептир.

Шарипа. Жок. Мен буга ишенбейм. Түшүнө албай турамын...

Асылбек. Мында түшүнө турган эч нерсе жок.

Шарипа *(ойлуу)*. Жок!.. Жок!.. Дыйкамбай ата ушундай жакшы киши... Бул киши деле жок, жок! Ишенбейм! Бирок... жетим эмесминби? Аа... жетим!.. Жетим!.. А мен эне-атамдай көрүп, сүйүнүп жүрбөдүм беле... Күйгүлүктүү турмуш ушул экен го?

Асылбек. Турмуш деген жасап койсо ошол жерде тура берген статуя эмес экен. Турмуш деген аракеттенүү, тырышуу, бакыт издеп алдыга жылуу, ойлочу, элибиз өсүп маданиятка жетти. Ошондуктан, эски ой менен элден калыш – биз үчүн кечиримсиз...

Шарипа. Мен буларды сыйлап жүрсөм... Асылбек. Булар сени жетим дешип, жеришет. Эмне үчүн мынча кор болосуң? Алдыңда таалай нуру жайнап турса...

Шарипа. Муну менен эмне демекчисиң? Асылбек. Айтайын дегеним, Жакыпбекти күт... Башкага ыраа көрбөйм. Ал тентек айланып келгенче, сырына-сырдаш болом.

Шарипа. Жакыпбек...

Асылбек. Шарипа, валериянкаң барбы?

Шарипа. Бар эле.

Асылбек. Жүрөгүм ооручу болду.

Шарипа. Жүрүңүз, медпунктка *(чыгып кетишет. Алыйман үйдөн чыгат таң калып карап калат)*.

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

### Үчүнчү сүрөт

Шаардын панорамасы. Карагайга илинген кулактандыруу доска, жанында скамейка. Сол тарапта водопровод. Плащты ийнине арта салынып гитар асынган Жакыпбек кирет. Көңүл кош барып кулактандырууларга көз жүгүртөт.

«Архангельскидеги токой чарбалык башкармасы эки жылдык мөөнөткө, ар кандай кесиптеги жумушчуларды кабыл алат. Толук жайын Гоголь көчөсүндөгү № 75-үйдөн билүүгө болот». Токтогул ГЭСине сварщиктер, электриктер, бетонщиктер, каменщиктер... Сибирь... Тайга...

*(Ылайыктуу эч нерсе таппагандан кийин скамейкага отурат, анан водопроводго барат, суу жок).*

Жакыпбек. Эми, эмне кылыш керек?.. Уралга кетсемби?.. Жок! Же Токтогул ГЭСинеби?.. Институтка кайра барсамчы?.. Жок!.. Анан кайда?.. Кайда?! (Шыпыргы көтөргөн адам кирет). Аксакал, эски кийим албайсызбы?

Шыпыргычан киши. Эмнеңиз бар?

Жакыпбек. Плащ.

Шыпыргычан киши *(плащты ары-бери карап). Канча сом?*

Жакыпбек *(канча деп айтаарын билбей).* Өзүңүз билиңиз, канча бересиз?

Шыпыргычан киши. Буюмдун ээси сиз, айтыңыз?

Жакыпбек.Мен алыс жакка жумушка кетмекмин, билетке акчам жетпей жатат. Беш сомго аласызбы?

Шыпыргычан киши. Мындай плащ дүкөндө абдан көп. Базарда эч ким албайт.

Жакыпбек.Канча берсеңиз өзүңүз билиңиз.

Шыпыргычан киши. Бир сом 55 тыйын.

Жакыпбек. Мынаңыз, алыңыз.

Шыпыргычан киши. Уурдап алган плащ эмеспи?

Жакыпбек. Жогуңуз, өзүмдүкү, 50-размер, 3-рост. Окуп жүргөндө алгам.

Шыпыргычан киши. Окууну бүтүрүп, сатынып калдыңбы?

Жакыпбек. Керек болсо такыбай алыңыз, кереги жок болсо, жолуңуз менен барыңыз.

Шыпыргычан киши. Мени жолдон токтоткон ким? Ай бала, мынчалык адепсиздикти кимден үйрөнгөнсүң? Окуткан мугалимиң же эне-атаң үйрөткөнбү? Ээ, ата баласы болбой кур. Өзүнөн улуу кишиге тийишет. Бу жер, базарбы? Көчө боюнда соодалашкандан уялбайсыңбы?... Сага окшогон балдар жандарын сабалап, мээнет кылып жүрсө... Тапкан экенсиң, ылайыктуу кесипчиликти!.. Жолуң болсун! *(Чыгып кетет, Жакыпбек жалгыз калат).*

Белгисиз киши. Кана, ойлондуңбу?

Жакыпбек. Жабышпачы.

Белгисиз киши. Өзүңө жаман. Жыргайсың «дос».

Жакыпбек. Жыргатпай эле кой.

Белгисиз киши. Кебетеңе карачы?

Жакыпбек. Кош?

Белгисиз киши. Эмне үчүн жашап жүрөсүң?

Жакыпбек. Анын сага кереги кандай?

Белгисиз киши. Керексиң мага.

Жакыпбек. Бар, жолуңа түш.

Белгисиз киши. Сен бизге бересесиң, билесиңби?

Жакыпбек. Билем.

Белгисиз киши. Кутулбайсыңбы?

Жакыпбек. Кутулам.

Белгисиз киши. Качан?

Жакыпбек. Бир убакта.

Белгисиз киши. Жок «Дос», чукул арада кутулууга тийишсиң.

Жакыпбек. Менде азыр тыйын жок.

Белгисиз киши. Тапкын.
Жакыпбек. Каяктан табам?
Белгисиз киши. Иштегин.
Жакыпбек. Кандай иш?
Белгисиз киши. Ойлонуп көр?
Жакыпбек. Силер мененби?
Белгисиз киши. Ооба.
Жакыпбек. Жок.
Белгисиз киши. «Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин», «дос».
Жакыпбек. Жөө жүргөнүм жакшы.
Белгисиз киши. Алыска бара албайсың?
Жакыпбек. Жолдо калбайм.
Белгисиз киши. Жем болосун!
Жакыпбек. Оозго тебем!
Белгисиз киши. Тишиң түшөт!
Жакыпбек. Салдырып алам!
Белгисиз киши. Көзүң соолот!
Жакыпбек. Бирөө калат!!!
Белгисиз киши. Ажалың менден!
Жакыпбек. Коркпойм сенден!
Белгисиз киши. Үч күн мөөнөт берем, дагы ойлонгун!
Жакыпбек. Ойлонуп бүткөм.
Белгисиз киши. Кутулбайсың.
Жакыпбек. Сенден сурабайм.
Белгисиз киши. Жарык дүйнө менен коштошуп кал.
Жакыпбек. Колуң, кыска.
Белгисиз киши. Узарып кетет.
Жакыпбек. К ыскартып коем.
Белгисиз киши. Эй, шүмшүк! Мен киммин, сага?!
Жакыпбек. Мен үчүн, эч ким!
Белгисиз киши. Жүр быякка!
Жакыпбек *(ызырынып)*. Коркуп кеттим.
Белгисиз киши. Коркок.

Жакыпбек. Кет!

Белгисиз киши. Эй балапан, менин торумдан эч ким кутулган эмес. Оңой-олтоң кутулбайсың, билип кой.

Жакыпбек. Зирилдеп сенден коркуп, тизе бүгүп, кол куушуруп, жалооруп баккан жанды...

Белгисиз киши. *(алдоого өтөт)*. Ачууланбачы, бай болгур... Чарлистон ча-ча-ча... коньяк, коктейль, ар түрдүү винолор, а?..

Жакыпбек. Тойдум сени менен эмнеге сүйлөшүп жатам. Барчы, эркиме койчу?

Белгисиз киши. Эркиң менен болосуң, Венера, Жанна, Дилде, а?

Жакыпбек *(намыстанып кетип)*. Жогол!

Белгисиз киши. Акырын «дос» эл угат.

*(Шымаланган бала кирет)*

Шымаланган бала. Чорбулатпай жатабы?

Белгисиз киши. Түшүнбөстүк кылып жатат.

Шымаланган бала. Жакыпбек чынбы? *(Жакыпбек унчукпайт)* Москва, Ленинградга «Экскурсияга барабыз». Агаң акча бербей койдубу? Эчтеке эмес, сендик акча табылат. Дос эмеспизби?

Жакыпбек. Сени менен достошкон эмесмин.

Шымаланган бала. Достошпосок, достошобуз.

Жакыпбек. Көп асылбай жакшылык менен кетсеңерчи? Чегиме жеттим. Жаман болот.

Шымаланган бала. «Дос», Москвага барасың.

Жакыпбек. Анан...

Шымаланган бала. Метрополь. Астория, укмуш мейманканалар, тойлоолор. Бирок бир аз иштөөгө туура келет. Коркпо, сен иштебейсиң. Биз өзүбүз... сен гитар ойноп, эстетикалык каалообузду канааттандырсаң болду башка функцияң жок.

Жакыпбек. *(ойлоно)*. Москвагабы?

Шымаланган бала. Ленинградга да, эгер ийгилик болсо, Рига, Таллин, Киев, Одесса ж. б. жерлерге да барабыз.

Жакыпбек *(ооз учунан)*. Болуптур. Ойлонуп көрөйүн.

Шымаланган бала. Азаматсың! Чекунтайдан кичине?..

Жакыпбек. Мейли.

Шымаланган бала *(белгисиз адамга)*. Сүйлөшө билбеген салпаяк!

Жакыпбек. Эмне дедиң?

Шымаланган бала. Мына бу салпаякты айтам. Сени капа кылган жокпу?

Жакыпбек. Жо-ок!

Шымаланган бала. Ошондой десең. Винтигин бурап таштайм. Кеңкелес. *(Жакыпбекке)*. Окуудан чыкканыңа өкүнбө? Өзүм окутам. *(Чөнтөгүнөн четок коньяк сууруп, Жакыпбекке куюп берет)*. Тартып жибер, көшүлө түшөсүң *(Жакыпбек тартып жиберет)*. Кана кеттикпи?

Жакыпбек. Бара бергиле, эртең, жолугабыз.

Шымаланган бала, *(саатына карап)*. Бүгүн жолугабыз, саат бирде де. Ушул жерде болгун.

Жакыпбек. Башка барчу жерим жок. Мына бул скамейка кроватым. Жуурканым плащым. Жаздыгым гитарам.

Шымаланган бала. Муруntан жолукканда… мейли бардыгы унутулат.

Жакыпбек. Мен буга капа эмесмин. Мындай жашоо – романтика!

Шымаланган бала. Дружинниктер көргөнжокпу?

Жакыпбек. Уктап калганымда көрүшпөсө, көзүм ачыгында көрүшкөн жок.

Шымаланган бала. Көрбөгөнү жакшы.

Жакыпбек. Көрө беришсин. Коркпойм да, намыстанбайм. Таңга жуук чыйрыккандан ойгонуп, гитарамды кыңгыратып эрмек кылам. Үшүсөм дем, кайгырсам кайрат берчү жалгыз досум – ушул гитарам. Өткөн жолу, бир цыган келип, асылганынан берген жокмун. Акча ичилип кетмек. А гитара өзүм менен бирге жүрөт.

Шымаланган бала. Кызарып кеттиң Жакыпбек.

Жакыпбек. Коньяктын маңызы бетиме чыгат.

Шымаланган бала. Бороштун атасы, «балам көңүлдү чөгөрбөй каалагандай жаша» – деп, шаардан үй сатып берди. Ал да окубайт.

Жакыпбек. Андай атага алтымыш жолу атак! Даңк! Урмат!!

Шымаланган бала. Сен акылдуусуң, Жакыпбек!

Жакыпбек *(чекесин чаап)*. Менин башым автоматика, кибернетикадан кем эмес. «Биз карыдык, бизди бак, арак ичип бузулба. Сырын билип, сырыңды айт, жолдошторуң жакшы болсун»,– деген сөздөр тажатты. Силер жамансыңарбы? Ха! Эски философия! Ар бир ата баласынын оюн таап, эрки менен болууга закондуу түрдө милдеттүү, Анте албаса, бала күтүп не пайда?

Белгисиз киши. Кызып калды.

Шымаланган бала. Анчалык эмес.

Жакыпбек. Силер шыбырашпагыла! Мен ачык айтканды жакшы көрөм. Адам баласы бир жаралып, бир өлөт. Мен муну атама айтсам, атам жаман көрөт. Өзү чала сабат. Түшүнбөстөн мени каарына алат. Ээ!.. абышка... абышка...

Белгисиз киши. Атаңа кат жаз.

Жакыпбек. Эмне деп?

Белгисиз киши. Акча салсын.

Жакыпбек. Салбайт.

Белгисиз киши. Апаңа жаз.

Жакыпбек. Апам салат. Эмнеге? Силерден карыз албаймбы?

Белгисиз киши. Акча эч качан көптүк кылбайт.

Шымаланган бала. *(Белгисиз кишиге)*. Көңдөй челек! Сүйлөшө билбеген соң сөзгө аралашпа *(Жакыпбекке)*. Эркелетип жатат, акча жетишет.

Жакыпбек. Силерге канча карызмын? Кутулам. Одессада калып пароходдо иштейм да...

Шымаланган бала. Аны кийин пландаштырабыз.

Жакыпбек. Кочегар болом... Анан... анан эмне кылам?..

Шымаланган бала. Үйрөтөбүз. Ушул жерде бол. Кайра келебиз. «Дос» эртеңки оокат ресторанда болот *(экөө чыгып кетет. Жакыпбек, гитарасына аккорд алып, ойлуу отура берет)*.

Жакыпбек.Ушулар менен кетсемби?.. Башым маң... бирок убада бергеним жок. Кайда барам?.. Жалгыз калдым... Эмне үчүн жалгыз? Жок, жалгыз эмесмин. Ажырагыз досум бар *(Гитарга карап)*. Ал сенсиң, жети кылдуу гитарам. Сени эч кайда калтырбайм. Сен да мени калтырбайсың! Экөөбүз бирге жатып, бир турабыз. Сынсаң кадап алам *(аккорд алат)*. Тра-ля-ля-ля, үнүм чыкпайт. Эмне үчүн? *(Чөнтөгүнөн сигаретанын пачкасын алып, сигарет жок болгондуктан ыргытып жиберет)*. Баары түгөндү. Чыда, Жакып! Эртеңки оокат ресторанда болот! *(Сахнага Сергей кирет. Ал Жакыпбекти бай-кабай өтүп кетет)*.

Жакыпбек *(Сергейди байкап калып)*. Сергей!

Сергей. Жакыпбек?

Жакыпбек. Тааныдың, Сергей!

Сергей. Бир аз өзгөрүлүп кетипсин.

Жакыпбек, Сен өзгөрүлбөпсүң.

Сергей. Эң жакшы болду. Эртең институтка барып жолугайын деп жаткам. Качан бүтөсүң?

Жакыпбек. Эч качан.

Сергей. Мунуңду кандайча түшүнсө болот? Жакыпбек. Каалаганыңдай түшүн.

*(Пауза)*

Сергей. Эмне? Окууну таштадыңбы?

Жакыпбек. Таштадым *(пауза)*.

Сергей. Мне... кубанткан жоксуң тууган... иштеп жатасыңбы?

Жакыпбек. Жок.

Сергей. Иштебесең, окубасаң, анан эмне кылып жүрөсүң?

Жакыпбек. Жүрөм басып.

Сергей. Жөн элеби?

Жакыпбек. Жөн эле.

Сергей. Анда кыйын экен?

Жакыпбек. Эч нерсе эмес. *(Ордунан туруп)*. Хоп, кезигербиз.

Сергей. Эми кайда барасың?

Жакыпбек. Аалам чоң. Бир бурчуна барам да... Сергей. Жакыпбек!

Жакыпбек. Эмне?

Сергей. Олтурчу, сүйлөшөлүк *(Жакыпбек отурат)*, Айылга бардыңбы?

Жакыпбек. Баргам.

Сергей. Дыйкамбай ата, Алыйман эне жакшы турушабы?

Жакыпбек. Жакшы турушат.

Сергей. Биздин үйгө барган жоксуңбу? Жакыпбек. Жок.

Сергей. Мда... сени көргөндө бир тууганымды көргөндөй сүйүнсөм... а сен, капарыңа албапсың *(пауза)*, Жакыпбек *(өзүн айыптуу сезип)*. Өзүң кайдасың?

Сергей. Көкчө-Тоодо. Дың жерде.

Жакыпбек. Фрунзеге эмнеге келдиң эле? Сергей. Дыңга балдар алганы келгем. Жакыпбек. Каалоочулар табылдыбы?

Сергей. Табылганда да кандай?! Он жылдыкты быйыл бүткөн жалаң жаштар.

Жакыпбек. Жакшы экен *(пауза)*.

Сергей. Эми эмне кылайын деген оюң бар?

Жакыпбек. Билбейм.

Сергей. Мда... Билбейм де... Жүрү жолукканыбызды белгилеп, оокат ичели...

Жакыпбек. Менин курсагым ток.

Сергей. Сени ачка деп жатамбы?

Жакыпбек *(кыйналып)*, Сергей... Сен ойлобо, мен...

Сергей. Айта бер, Жакып.

Жакыпбек. Акчаң, барбы?

Сергей. Бар.

Жакыпбек. Карызга бере аласыңбы? Мен сага...

Сергей. Берейин.

Жакыпбек. Карыздар болдум.

Сергей *(түшүнгөндөй)*. Жанымда азыраак. Жүрү мейманканага баралык. Акча чемоданда.

Жакыпбек. Мага азыр керек.

Сергей. Жакып, сен экөөбүз бир жерликпиз. Сен менден эч нерсе жашырууга тийиш эмессиң. Айтчы?.. Сага эмне болду? *(Жакыпбек унчукпайт)*. Такыр чегүп кетипсиң.... Арыктап...

Жакыпбек. Боор оорубай сүйлө, Сергей!

Сергей. Айткан сөзүм катуу тийсе, кечирип кой.

Жакыпбек. Сенин бооруң ачыгандай, мен кайырчы эмесмин! Албайм акчаңды!

Сергей *(ызалантпоо аракетинде)*. Ай, ай, ай. Жакып, мен сага башка кишиминби? Кичинебизден бирге ойноп, бирге өскөн тең курбалым эмессиңби? Кантсе да жамандыкка кыйбайм.

Жакыпбек. Болду, Сергей жайыма койчу?

Сергей. Силердин үйдүн жанындагы дөңсөдө, мен сага гитар үйрөтүп, ай батканча отурган кез, эсиндеби?.. Жаңылбасам алдагы гитара сен онунчу классты бүтүргөндө, сага эстеликке берген менин гитарамбы?

Жакыпбек. Ошол!

Сергей. Жакшы сактапсың. Өткөн жылы Ленинграддан сонун гитар сатып алдым. Бир топ, жаңы обондорду өздөштүрдүм. Эгер сен мени менен болгондо баарын үйрөтөт элем... Каалasaң жүр биз менен, дың жерге.

Жакыпбек. Аякка барып эмне кылам?

Сергей. Иштейсиң.

Жакыпбек. Адистигим жок.

Сергей. Үйрөтөбүз.

Жакыпбек *(ойлонуп)*. Дың жер...

Сергей *(арына келтире)*. Барбасаң кой. Бизге талыкпай эмгектене турган кишилер керек.

Жакыпбек. Кайда барам! Эмне иш кылам! Ал менин ишим! Өз тагдырым өз колумда. Жашасам – эркимче жашайм! Эркимче ырдап, эркимче сүйлөйм!

Сергей. Эх! Сен, сен... Кузбасс, Донбасстагы шахтерлордой тоону тешип, Каспийдеги нефтянниктердей сууну кечип, дың жерлерде жер каңтарып, геологдордой тоо аңтарып иштөөнү эрөөн көргөн жалакай адам болупсуң.

Жакыпбек. Мораль окуй баштадыңбы?

Сергей. Окуюн деген оюм жок! Чындык сөзүм.

Жакыпбек. Барбайм!

Сергей. Эмне үчүн? Эмне үчүн! Адамдар космосто, Тайгада, кайнаган чөл, $70^{\circ}$ градус суукта иштешет. А, сен... Мени менен барасың!

Жакыпбек *(тура калып)*. Мага кийлигишпе, Сергей!

Сергей. Азгырылып ак жолуңдан адашпа, Жакып! *(Экөө тиреше түшөт)*.

Жакыпбек. Мактанба мага! Сен билгенди мен да билем!

Сергей. Билсең, тентиреп жүрөт белең?

Жакыпбек. *(Сергейди жакадан алып)*. Сергей!

Сергей. Кое бер Жакып! (*Жакыпбекти катуу силкип, скамейкага отургузат)*. Мага кол көтөрүүгө быша элексиң. Трактористке кол көтөрүш үчүн миң бир жолу трактордун чоюн моторун көтөрүп, миң бир жолу ысык күнгө денеңди кактап, миң бир жолу таң заарынан талааны айдап, чыңалууң керек *(пауза)*. Адам, мүдүрүлөт, кайра турат. Адам, кыйналат, кысталат... адам адашат, кайра табат... Жо-ок Жакып, сени ушул жерге таштап кетсем, Дыйкамбай ата менен Алыйман апа эмне дейт?.. Алардын жүздөрүн кантип карайм?.. *(Белгисиз киши менен Шымаланган бала кирет)*.

Белгисиз киши. Кеттик «дос»! *(Жакыпбек ордунан турат)*

Сергей. Кайда?

Жакыпбек. Кеттим.

Сергей. Кетпейсиң. Кыймылдабай тур.

Белгисиз киши. Эй, сен кайдан чыккан немесиң? *(Сергей жооп бербейт).* Кеттик, «дос»!

Сергей. Кете бергиле, Жакыпбек эч кайда барбайт.

Белгисиз киши. Мурунтуктап алдың беле?

Сергей. Оптуу сүйлө, жаш жигит!

Белгисиз киши. Көз айнегиңди алып койчу, баатыр жигит.

Сергей. Көз айнектен көңүлүң калганбы?

Белгисиз киши. Көз айнегиңдеп коркуп кетем.

Сергей. Коркпо жигит. Мен тийбейм.

Белгисиз киши. Кычышкан жериңди айт.

Сергей. Тырмап бересиңби?

Шымаланган бала. Жаагын басып койчу, мен карап турайын.

Сергей. Ээй, музоо баштар, таптап таштайынбы? Эки колума эрк берсем, жапаа чегип каласыңар! Күчүм жетет!

Шымаланган бала. Ышкырылат элең, ыңгайсыз жер. Кеттик! *(Кетишет).*

Сергей. Ишенген досторун ушуларбы? Булар менен алыска бара албайсың. Буларың бүгүн болбосо, эртең кармалат. Ишенип кой, берчи гитараңды? *(Жакыпбек гитарды берет. Сергей ойнойт).* Болуптур, мен кеттим. Керек болсом телефон чал – 26-61-52.

Жакыпбек. Бу да кетти. Сергей мененби?

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

### Төртүнчү сүрөт

Август айы. Талаа. Палатка. Суу чүпүрөк менен оролгон чака палатканын жыгачында илинип турат. Палатканын жанында суу куюлган фляга. Керосин куйчу

бочкалар, ар кандай запас бөлүктөр. Горизонтто буудай талаасынын панорамасы. Талаадан трактордун үнү угулат. Сахнанын тереңинде чанач көтөргөн аял, кубанычтуу алыска көз чаптырат.

Чанач көтөргөн аял. Ата-бабалары угуп көрбөгөн жерге келишип, тээ-тигинтип жан-дилдери менен иштеп жаткандарын көр... *(пауза)*. Ысыкта чөлдөштү го, трактордун илеби да канча? *(Чанач көтөргөн аял сыймыктана алыска карап тура берет. Бети колу майланып, комбинезон кийген Жакыпбек кирет. Кружкага суудан сузуп тартып жиберет. Бутун араң сүйрөп келип, дөңгөчкө отурат. Көп отурбай жерге сулайт)*.

Жакыпбек. Өгш!..

Чанач көтөргөн аял. Опирим, ау? Мынабу жаткан Жакыпбекпи? Калкам, сага не болду?

Жакыпбек. Аа... Акмаңдай эне, сиз белеңиз?

Чанач көтөргөн аял. Бир жериң ооруйбу, калкам?

Жакыпбек. Жок.

Чанач көтөргөн аял. Көнбөй жатасыңбы? Чарчаган чыгарсың, мына боорум, атайы сага кымыз алып келдим.

Жакыпбек. Жөн эле койбойсузбу?

Чанач көтөргөн аял. Жөн койчу беле? Баламды ажалдан сактап калганың үчүн эт жүрөгүм ыраазы. Сен болбосоң каналга чөгүп кетпейт беле! *(Кружкага кымыз куюп берет)*. Жутуп жибер, боорум.

Жакыпбек *(жутуп жиберип)*. Рахмат, эне.

Чанач көтөргөн аял. Кубанганымдан эмне берип, эмне айтаарымды билбейм, өмүрлүү бол! Улуу балам сен сыяктуу башка жакта иштейт, куду сага окшош, ал дагы ушунтип, элден алкыш алып жүрсө болду. Алматыда болгон белең?

Жакыпбек. Болгом.

Чанач көтөргөн аял. Ошо Алматыдан нары Талган деген жерде иштейт. Токойчулардын башчысы. Эки-үч жолу посылка алдык.

Жакыпбек. Жардам берип турабы?

Чанач көтөргөн аял. Ии, анан бербей койчу беле? Атама эстелик салдырам деп, кат жазыптыр. Жардам берип окутуп алып, баласынын убайын көрбөй көз жуумп кетпедиби... Арбагы ыраазы болсун...

Жакыпбек. Атасы жоош киши беле?

Чанач көтөргөн аял. Тынчы жок, иштерман, бир беткей киши эле. Баласын күч менен окутту.

Жакыпбек. Күч мененби?

Чанач көтөргөн аял. Атасы ооруга чалдыкканда, «иштейм» деп, айылга келиптир. Атасы ага көнбөй урушуп, кайра окуусуна жиберген (Жакыпбек улутунуп терең дем алат). Сага не болду калкам!

Жакыпбек. Эч нерсе... Тим эле...

Чанач көтөргөн аял. Жакында келет. Кой, көп сүйлөбөй кетейин. Идишиң барбы? Кымызды куюп коёюн.

Жакыпбек. Палатканын ичинде болсо керек.

Чанач көтөргөн аял. Жолдошторуң ысыкта чөлдөшкөндүр? Келери менен бер.

Жакыпбек. Алар ичпейт.

Чанач көтөргөн аял. Ыя де?!.. Ал эмнеси?.. Өзүң ич *(Жакыпбек, Чанач көтөргөн аял палаткага киришиет. Тракторлордун үнү жакындайт, Чанач көтөргөн аял коштошуп чыгып кетет. Жакыпбек баягы ордуна келип дагы жатат. Солдатча кийинген Даукен кирип, суусун ичет).*

Даукен *(чекесиндеги терди сүртүп)*. Эй, Жакыпбек! Сен эмне тракторду баткакка тыгып коюп, сулап жатасың? *(Жакыпбек жооп бербейт)*. Эй! Артист... Бул жерге гитара ойноп, шапар тепкени келдиң беле? Ыя?.. Жооп бере бергин, мага?!

Жакыпбек. Жооп бергидей сен кимсиң?

Даукен. Биле элексиңби?

Жакыпбек. Жо-ок. Билгизип койбойсуңбу?

Даукен. Тур ордуңдан.

Жакыпбек. Турбайт экенбиз.

Даукен. Жатканды урбайт, билип кой.

Жакыпбек. Эмесе сен тургузуп кой?

Даукен. Коен жүрөк.

Жакыпбек *(тура калып)*. Эмне?!

Даукен. Мени менен мушташууга кудретиң жетпейт. Баргын, бөлүнгөн жериңди айда. Бүгүн сени жыйналышка салабыз деп жатышат. А, мен кажылдаганды жаман көрөм. Эсиңде болсун, артист! *(Суудан дагы ичип, чыгып кетет. Жакыпбек ызалуу отуруп калат)*.

Жакыпбек. Демек, бүгүн жыйналышка салышат экен да?.. Катышпай койсом эмне кылышат?.. Ушулардын милдети өттү, мага! Адамдын жанын жай алдырбайт! *(трактордун үнү жакындап, палатканын жанына токтогондой сезилет. Башында өзбек топусу бар майкачан Файзулла кирет. Кара кумгандан чай ичет)*.

Файзулла. Күндүн ысыгы ай!... Сага эмне болгон?

Жакыпбек. Мен ооруп турам.

Файзулла. Койчу? Эмнең ооруйт!

Жакыпбек. Бүткүл денем.

Файзулла. Ээ, орток, эч нерсе эмес, убагында мен да ооругам. Ооруп калган сайын жыйналышка түшчүмүн, Даукенден да токмок жегем. Бирок ал жакшы бала. *(Пауза)*. Кеттик эмесе! Тракторлор күтүп калды.

Жакыпбек, Иштей турган алым жок.

Файзулла. Демек... Ээ, ортак, мажиликте, – така-так, таң-таң! Тука-тука, туң-туң болоор экенсиз да. Ооман болуң. *(Чыгып кетет. Эркекче кийинген Люба кирет)*.

Люба. Сен бул жердесиңби?! Тракторуңду көрүп чочуп кеттим! Бузуп алдыңбы?

Жакыпбек. Жок.

Люба. Анан эмне иштетпейсиң?

Жакыпбек. Өзүңөр айдагыла!

Люба. Ал эмне дегениң? Аа... түшүнүктүү. Жоолук салынып ал?!

Жакыпбек. Өзүңө буюрсун.

Люба. Ардансаң эркек бол!

Жакыпбек. Эмнеге баарыңар мени жеп жиберчүүдөй тиктейсиңер? Эс алууга да укугум жокпу?

Люба. Жумуш үстүндө сени каалаганыңдай эс алтпайбыз.

Жакыпбек. Баары эле мыкчыгер!

Люба. Тургун.

Жакыпбек *(турат)*. Анан...

Люба. Кечирим суран.

Жакыпбек. Кылмышым кайсы?

Люба. Адепсиз! *(Чуркап чыгып, палатканын артындагы чоң коңгуроону урат)*.

Жакыпбек. Ай, кудай ай! Өлтүрүшөт го, булар! *(Чуркап чыгып кетет, Файзулла, Даукен кирет)*.

Файзулла. Койсоңчу, өздөштүрө албай жатпайбы? Сен аны, көп эле ардантпачы? Ал да адам го.

Даукен. Адам, адам болсо эл катары иштебейби? Жаңы трактор берилди! Же ал үчүн мен иштеп беремби?

Файзулла. Өзү эле иштейт. Бардыгы акырындык менен.

Даукен. Баарына Сергей күнөөлүү. Кайдагы бир иш билбеген жалкоону ээрчитип келип, бүтүн совхозго уяткарды.

Файзулла. Уят болбойбуз.

Даукен. Тракторун көрдүңбү?

Файзулла. Баткакта жатат.

Даукен. Чыгара элек бекен?

Файзулла. Жалгыз чыгара алчудай эмес.

Даукен. Тим кой, иштетем мен аны!

Файзулла. Деги төпөштөй көрбө?

Даукен. Ага төпөш керек.

Файзулла. Даукен, суранам сенден, сен аны төпөштөбө? Мени төпөштөгөнүң деле жетишет. Анын мүнөзү татаал.

Даукен. Алты саны аман туруп... Ах! Күйөт экенсиң да!

Файзулла. Ачууланбачы Даукен?

Даукен. Тыйбачы сен?..

Файзулла. Бир нерсеге түшүнсөң?..

Даукен. Баштадыңбы?..

Файзулла. Оозумду бастым. Тамам.

Даукен *(ардуу)*. Али айдала элек, океандай талаа жатат. Мелдешкенибиз Юрий Гагарин совхозу. Билесиңби? Алардан озуш үчүн биздин совхоз космос ылдамдыгы менен иштеши керек.

*(Фарида, Люба кирет)*.

Айтып кой, Сергейге! Бул бригадада же мен, же Жакыпбек! Либералдыктын кереги жок.

Файзулла. Сен да иштейсиң, Жакыпбек да иштейт. Баарыбыз иштейбиз.

Даукен. Бизге андай артисттин кереги жок, гитара... Серенада!.. Романс!.. Бизге солидол менен керосинге бышкан адам керек!

Файзулла. Жакыпбекти бышырып алыш, биздин колдо.

Даукен. Бир жылдан бери бышпаган, азыркы боло турган отуз минуттук жыйналышта бышабы?!

Файзулла. Бышырабыз.

Даукен. Көрөм!.. «оңолот... көнүксүн,.. кыйналып жүрөт»... Башка эмне айтмак элеңер!

Люба. Совхоз боюнча экинчи орунда калганыбыз, кимибиздин болсо да ичибизди күйгүзөт. Биринчиликти алып, көнүп калган бригадага албетте, бул өтө оор окуя.

Даукен. Өлүм! Дагы: – «Коммунисттик эмгектин бригадасы үчүн күрөшөбүз»,– деп коюшат.

Файзулла. Күрөшөбүз эле?

Даукен. Сүйлөбөчү сен!

Файзулла. Эркимден ажырадымбы?

Даукен. Ажырадык! Баарыбыз ажырадык!

Файзулла. Курулай чуу!

Фарида. Бардык күнөөнү Сергейге жүктөп, бир ооздон башка бала сурайбыз?! Ушуга макулсуңарбы?

Даукен. Макулбуз.

Файзулла. Даукен, өзүң үчүн жооп бер. Мен ма- кулдугумду бербейм.

*(Саржан көтөрүп бриджачан Ира кирет).*

Ира. Өлдүк балдар!

Люба. Эмне болду? *(Баары Ирага көңүл бурушат).*

Ира. Жакыпбек бүгүн да бир тилке жерди ала айдап таштаптыр. Тереңдиги он сантиметрге да жетпейт. Лазарев көрүп: «Кайра айдагыла»,– деди.

Даукен *(Файзуллага)*. Буга эмне дейсиң?

Файзулла *(ачуулу)*. Жакыпбек кайда?

Ира. Каналдын жээгинде отурат! Өңү башы бузулган. Жанына барып: «Жакыпбек»,– деп чакырсам, мелтиреп карабай койду. Былк этпейт. Дембе-дем эле тамеки тартат.

Файзулла. Тээжик неме кокусунан… ыя?

Ира. Мүмкүн…

Файзулла. Мен барып ээрчитип келем.

Ира. Мейлиң. Катуу айтып урушпа, сак бол *(Файзулла чыгып кетет).*

Даукен. Коркосуңбу?

Ира. Коркпойм… бирок… ачуусу менен… жана да… Файзулла! Токто! Мен да барам *(кетет. Сергей кирет).*

Сергей. Эмне кабагыңар салыңкы? *(Балдар унчугушпайт).* Даукен сен өзгөчө капалуусуң… Фарида, сага эмне болду? *(Любага)*. Сенин тревогаң бүгүн бөтөнчө угулду. Беркилер кайда?

Фарида. Канал бойлоп Жакыпбекти сейилдетип жүрүшөт.

Даукен. Мени бошоткула, башка бригадада иштейм.

Сергей *(жылмайыңкы)*. Бригаданын алпын бошотуп жиберсек, оокатыбыз өтөбү?.. Экинчи бригада менен биздин бригадабыздын айырмасы, тогуз кана процент. Бул аралык үч катуу силкинсеңер жоюлат. Ал эми биз-

дин совхоз, Гагарин совхозунан 70 процент артта экен. Борбордон Лазарев келди. Эртең Гагарин совхозуна барат. Ал жактагы жаңылыктарды кийинчерээк угабыз.

Фарида. Жакыпбектин айдаган жерин эмне деп кетти?

Сергей. Ал жерди өзүнө кайра айдатабыз.

Даукен. Трактору баткакта жатса...

Сергей. Биз чыгарып койдук.

Даукен. Крансызбы?

Сергей. Крансыз. Биринчи менен артка берип чыгарып койдум.

Фарида. Качанкыга чейин анын тракторун чыгарып, бөлүнгөн жерин айдашып жүрөбүз?

Сергей. Мына келатат, өзүнөн сурагыла *(Файзулла, Ира, Жакыпбек кирет)*. Кана отургулачы? *(Бардыгы отурушат. Кызуу түрдө)*. Эмне үчүн биздин бригада экинчи орунда келе жатат?.. Анын себеби эмнеде?.. Эмнелер тоскоол болду?.. Буга ким айыптуу?..

Даукен. Аны Жакыпбектен сура?

Сергей. Эмне үчүн сен сурабайсың?

Даукен. Сурайм *(Жакыпбекке)*. Дың жерге, кандай максат менен келдиң эле?..

*(Пауза)*

Сергей. Жооп бер?

Даукен. Ушул отурганыбыздан сенин эмнең артык?.. Кичине кызарып койсоң боло?!.. Кечээ иштебей трактордун көлөкөсүнө жата калдың. Андай көлөкөдө багылып, асемдүү өскөн жан болсоң, бул жер сага ылайыксыз! Жанын кыйнап, чекесин тердетпеген киши бизге бүлө боло албайт. Элден бөтөнчө шартты сага эч ким түзбөйт. Каалаганча ичип, каалаганча уктап, каалаганча иштей турган шарт түзүлө элек... Сөзүм бүттү!

Фарида. Мурун кайда иштеген?

Сергей. Өзүнөн сура?

Фарида *(чечкиндүү)*. Жок, мен сенден сурайм? Ээрчитип келген өзүңсүң! Жакшы эле чыдадык. Мындан ары

чыдай албайбыз. Жолдоштук – жолдоштук. Иш – иш. Ар кимибиз таң сүрө туруп, иштеп жүрсөк… а сенин досуң жаңы ойгонгон кишидей ыңгыранып, көңүл коштук, кенебестик, жоопкерсиздикте! *(Кайраттуу)*. Жаштын жүрөгү, бирде оргуп ташкындап, бирде күйүп жалындап… бирде… *(сөз таппай)*. Фу, кандай десем… *(Сергейге)*. Сергей обывательдиктин кереги жок. Жакыпбектин ордуна башка киши алабыз. Бул жалаң менин суроом эмес, бүтүн бригаданын суроосу! *(Отурат)*.

*(Пауза.)*

Сергей. Дагы ким сүйлөйт?

Файзулла. Мен.

Сергей. Сүйлө.

Файзулла. Мен билбейм… Жакыпбек, өзүң ойлоп көрчү? Биз келгенде мындан кыйын турмуштарды өткөрдүк. Ач болдук, ток болдук. Бирок биз жан-дилибиз менен ишке киришкенде, кыйынчылыктарды унутуп да койчубуз. Распы, Любахан. *(Люба туура дегендей баш ийкейт)*. Өзүң бил, иштегиң келсе биз менен чогуу иштегендей иште? Иштегиң келбесе, биздин убалыбызга калба, Жакып? Башка сөзүм жок.

Ира. Мен сүйлөйүнчү.

Сергей. Сүйлө, Ира.

Ира *(баарын күнөөлөп)*. Силерде адамга мээримдүү мамиле кылуу жок болсо керек. Макул, биз кетирелик. Кайда барат?! Эне-атасы, узаткан жолдоштору, эмне дейт?! Уят эмеспи? Атайы аттанып чыгып, олжосуз кетсе, эр жигитке уят эмеспи? Жакыпбек эч жакка кетпейт! Биз менен болот.

Даукен. Сени менен саржан салышсын, жардамчы кылып ал.

Ира. Ай, ай Даукен, ар нерсени чукул ойлоп, чукул көрөсүң да!

Даукен *(кызуу)*. Ира!

Ира. Мурункудан оңолуп калды. Бизди уяткарбайт. Жакыпбек бригадада калсын. *(Отурат)*.

Фарида. Калбайт. Боорукерлик кылгыңар эле келсе, кухняда иштеп, бизге тамак жеткирип турсун.

Люба *(Фаридага акырын)*. Кантесиң, Фарида?

Сергей. Сен сүйлөбөйсүңбү, Люба?

Люба. Сүйлөбөйм, сөзүм жок.

Сергей *(Жакыпбектин оор абалда турганын сезип)*. Жакыпбектен башкаңар жумушуңарга баргыла. *(Бардыгы кетишет. Сахнада Сергей, Жакыпбек калат. Пауза)*

Сергей. Сүйлө, Жакып?.. Эми эмне дейсиң?.. Бардык кылык-жоругуңду айтып, эне-атаңа кат жазамын.

Жакыпбек. Жазбайсың?

Сергей. Мен сени үйүңө ачык, жарык бетиң менен барат десе... сен...

Жакыпбек. Сергей... кубаласаң кубала, тилдесең тилде. Бирок үйгө кат жазам деп ойлобо.

Сергей. Кубалай турган болсом, бул жерге алып келбейт болчумун.

Жакыпбек.Бүгүн ооруп калдым.

Сергей. Макул. Бүгүн ооруп калыптырсың. А, кечээ күнү эмне талаада уктап жаттың? Сага болушуп жүрүп, бүт бригадага жаман көрүндүм.

Жакыпбек. Мындан ары уят болбойсуң. Бүгүн кетем.

Сергей. Кеткенге мастер эмессиңби?

Жакыпбек. Далалатыңа ырахмат!

Сергей. Сага да ырахмат.

Жакыпбек. Ишеничиңди актай албадым, кечирип кой *(ордунан турат)*.

Сергей. Кайда?

Жакыпбек. Саламат бол!

Сергей. Аман бол!

Жакыпбек. Келе колуңду.

Сергей *(колун бербей)*. Кете бер.

Жакыпбек *(эки, уч кадам шилтеп, кайра токтойт)*. Экинчи көрүшпөйбүз.

Сергей. Эрк өзүңдө.

Жакыпбек. Ушунчалык жек көрүнгөндөй, тоодой кылмыш кылдымбы?

Сергей. Анан кылмышым жок, акмын деп ойлойсуңбу? *(Жакыпбек жооп бербейт)*. Кыйын болсоң, жанакы айтылган сөздөрдөн тыянак чыгарып, намысыңа келбейсиңби?

*(Ушул эле көрүнүш. Түн. Палаткада Сергей кийимчен уйкуга кыйшаюуда. Даукен, Файзулла фонардын жарыгында отурушат. Алыстан жалгыз трактордун гана үнү угулат.)*

Файзулла. Мына, бүгүнкү күн өттү. Бүгүнкү түн да өтөт. Балким соңку жылкы ушул түн мындай кооз көркөмдүү болбос... А, балким мындан да укмуштуудай кооз болор... Бир айтарым жаратылыштын түркүн кубулуштарына маани бербей, саат он бирден кийин жарым өлүк уйкуга кетебиз... Менин айтайын дегениме түшүнүп жатасыңбы?

Даукен. Түшүндүм. Жүр, каналды бойлоп кыздарга барабыз.

Файзулла. Алар уктап калышты. Уйкусун бузбайлы.

Даукен. Менин Фаридам кеч жатат.

Файзулла. Макул *(Чемодандан үч алма алып чыгат)*. Мен бери жакта турайын, сен ушул үч алманы үчөөнө берип кел.

Даукен. Өзүң бербейсиңби?

Файзулла. Кантип беришти билбейм. Эгер уктап жатышкан болушса, палатканын түбүнө коюп коюшка жарайм.

Даукен. Ираны чакырып берсем, «сүйөм» деп айтасыңбы?

Файзулла. Айтамын.

Даукен. Кеттик эмесе.

Файзулла. Тобокел.

*(Чыгып кетишет. Жакыпбек кирет)*.

Жакыпбек. Суусу жок чөлгө, чаяндуу жерге, тикендүү токойго, ызгардуу бороон, кактаган ысыкка, көзүм туна-

рып таманым туурулганча, жүрөк тамырларым создукканча, мандай чачым агаргайча, аппак колум карарганча кете берем! Кете берем! Кете берем! *(Пауза)*. Менин бир тууганым... Агам Жайдарбек тирүү болсо, ал деле ушу сен сыяктуу, күйүп-бышмак... Качан Шарипага кошулуп, үйлүү, жайлуу болгондо бетме-бет туруп, ошондо сенден кечирим сурайм. Ага чейин унчукпайм *(ойлуу столго отурат)*. Кайылбек– композитор, Билал – аспирант, Токон – - шахтер, Тукеш – актер, а менчи... *(үргүлөп кетет)*. «Намыссыз жашаган адам-адам эмес, ал акмак!.. Чык үйдөн!.. Жолобо үйгө! Оо, шордуу башым, балам бар деп медер тутуп жүрбөймүнбү? Жо- гол! Экинчи сен мага бала эмессин, мен сага ата эмесмин!»,– *(деген Дыйкамбайдын үнү угулат)*.

Жакыпбек *(чоочуп, башын көтөрүп)*. Атакебай!..

Сергей. Аа, келдиңби? Укта, эс ал. Эх, Жакыпбек... Дайыма бүгүнкүдөй иштесең кандай сонун болор эле!.. *(Жакыпбек фонарды өчүрөт.)*

## ҮЧҮНЧҮ КӨШӨГӨ

### Бешинчи сүрөт

Төрт кишиге чакан, таза, жарык бөлмө. Бөлмөдө төрт койка жана башка керектүү буюмдар. Стеналарда дың жерлер жөнүндө илинген плакаттар. Жакыпбектин койкасынын баш жагында рамкага салынган Шарипанын портрети. Комнатанын терезелеринен жаңы эле айдалган күздүк айдоо аянттары көрүнүп турат. Көшөгө ачылганда Шарипанын сүрөтүнө тигиле карап, Жакыпбек гитар ойноп жаткан болот *(эшик кагылат)*.

Жакыпбек. Кириңиз!

Люба. Оо, гитар ойноп жатасыңбы?

Жакыпбек. Анча-мынча.

Люба. Бош убактыңда мага үйрөтпөйсүңбү?

Жакыпбек. Үйрөтөйүн, бирок Сергей менден жакшы ойнойт, ошондон үйрөнбөйсүңбү?

Люба. А мен сенден үйрөнгүм келет.

Жакыпбек. А мен Сергейден үйрөнүүнү каалайм.

Люба *(илинип турган Шарипанын порт ретине карап)*. Сага окшош экен, карындашыңбы?

Жакыпбек. Ооба.

Люба. Окуучубу?

Жакыпбек. Ии.

Люба. Кат алып турасыңбы?

Жакыпбек. Алып турам.

Люба. Сагынган окшойсун, ээ?

Жакыпбек. Аябай сагындым.

Люба. Азыр кайда?

Жакыпбек. Ал Тянь-Шанда, мен Кекчетауда *(пауза)*.

Люба. Дагы ойносоң?

Жакыпбек *(гитарага кошулуп, кыялга бата ырдайт)*.

Сүйүү чиркин,
Отко-чокко салдырат.
Сүйүү чиркин,
Сагындырат, мас кылат.
Сүйүү чиркин,
Кайрат берет, шаң берет.
Сүйүү чиркин,
Кайталанбай бир келет.

Люба. «Кайрат берет, шаң берет,
Кайталанбай бир келет». Жакшы экен.

Жакыпбек. Кээ бирөөлөр, сүйүүнү учуп жүргөн көпөлөк деп түшүнүшөт. Бир убакта мен да ошондой түшүнгөм.

Люба. А сен эми жакшы түшүнөсүңбү?

Жакыпбек. Биздин арабызда, турмушту Сергейден жакшы билген эч ким жок. Сүйүүнү да, жек көрүүнү да,

жашоону да мага ошол үйрөттү. Кийинки учурда силер да үйрөттүңөр.

Люба *(башын чайкап)*. Хм... али түшүнбөйсүң?

Жакыпбек. Себеп?

Люба. Себеби Сергейдин жетегинен чыкпай... Башкаларга назар салбайсың... Клубда ар дайым оюн-күлкү, тамаша болот, ага да келбейсиң?..

Жакыпбек. Кино көрүп, бий бийлегенди өтө жакшы көрөм. Бирок ишенсең убактым жок.

Люба. Анда жүр, азыр барып, бийге түшөлү?

Жакыпбек. Сергей келсин, чогуу барабыз.

Люба. Ал качан келет?

Жакыпбек. Саат жетиге дейре келем деген.

Люба *(жылмайыңкы)*. Ушу Сергейдин мүнөзүнө такыр түшүнбөйм.

Жакыпбек. Оо, бардык адамда Сергейдикиндей мүнөз болуп, Сергейдей түшүнсө, Сергей кайраткер, Сергейдей чынчыл, ак жүрөк болсо жаман болбос эле. Сергей – караңгы үйгө жарык берип, адашканга жол көрсөтчү кичипейил жөнөкөй адам.

Люба *(Жакыпбекти колдон алып)*. Жүргүн эми, досуңду көп мактабай.

Жакыпбек. Ал – мактоого татыктуу жигит *(Люба, Жакыпбекти колдон алып, ээрчитип бараткада, Даукен менен Файзулла кирет)*.

Даукен *(ыңгайсызданып)*. Кечирип койгула, азыр кайра кетем.

Файзулла. Мен дагы...

Люба. Силерден мурда биз кетебиз, жүр, Жакыпбек. *(Жакыпбек, Люба чыгып кетет)*.

Файзулла *(улутунуп)*. Жетелеп кетти.

Даукен. Ичиң күйсө, туз жала.

Файзулла. Ээ, ич күйгөндө туз жардам берсе, жаламак тургай центнерлеп жейт элем го...

Даукен. Эмесе, сүйлөбө.

Файзулла. Жарайт сүйлөбөскө.

Даукен. Кийин. *(Экөө костюм кийип, күзгүнүн алдында бойлорун түзөшөт).*

Файзулла *(байлап жаткан галстугун ыргытып).* Эх, сени тагынбасам, көркүмөн бузулмак белем.

Даукен. Кантет, байланып ал. *(Даукен Файзуллага галстук байлайт).*

Файзулла *(күзгүгө каранып).* Эч өзгөрүү жок. Баягы эле Файзулла *(мурдун көрсөтүп).* Мурдум болсобу *(күзгүдөгү, кебетесин көрсөтүп).* Кебетем болсо тиги.

Даукен. Зато жүрөгүң жакшы. Кечээ Ира менен сүйлөштүңбү?

Файзулла. Жок. Сөз айталбай, көзүмдү ирмеп-ирмеп, улутунуп кайра келгем.

Даукен. А Ирачы?

Файзулла. Ира капарына да алган жок. Бир аз күлүп турду да, клубдан музыканын үнү угулар замат, колун берип, жөнөп кетти.

Даукен. Анан артынан барбайсыңбы?

Файзулла. Барган жокмун. Караанды үзүлгөнчө көзүмдү албай, көпкө чейин тиктеп турдум.

Даукен. Эх, уяңым, уяңым, сен сөз айтканча, башка бирөө илип кетпегей эле.

Файзулла. Мен бүгүн ичемин. Анан Ирага барып, макул десең мына колум, аный десең тигине жолуң,– деп кесе айтамын.

Даукен. Туура, досум, күн сайын кыялданып, өзүңдү алдаганча, биротоло ачыгын айтып тын.

Файзулла. Макул болбой койсо кантем?

Даукен. Кантмек элең, башка кызга сүйлөш.

Файзулла. Кимге?

Даукен. Фаридага.

Файзулла. Сенчи?

Даукен. Мен бойдок өтөм.

Файзулла. Бойдок өтөм!

Даукен *(күлүп)*. Любаны тоору.

Файзулла. Жакыпбекчи?

Даукен. Жакыпбектин күтүп жүргөн мончогу бар. Люба Сергейге таандык.

Файзулла. Койчу!.. Уксаң, Даукен... Сен Фаридага, мен Ирочкага... Сергей Любага... Жакыпбек күтүп жүргөн мончогуна үйлөнсө... Баарыбыз тең балалуу болсок... Кийин, кийин балдарыбыз чоңоюп жетилгенде, өзүбүз курган көчөнү, бак-даракты көрсөтүп, балдар, бул жер адам жашабаган ээн талаа болуучу. Карагылачы, тээтетиги чытырман токой, заңгыраган үйлөрдү... Түп-түз асфальт көчө менен жаркыраган электрди, баарын биз курганбыз, силердин атаңар курган деп сыймыктансак *(шашкалактап Жакыпбек кирет)*.

Жакыпбек. Тезирээк койкаңарды оңдогула. Кыздар келатат. *(Үчөө шашкалактап, койкаларын оңдошот)*.

Даукен. Кайсы кыздар?

Жакыпбек. Силерге тааныш кыздар.

Файзулла. Тааныш кыздар?

Жакыпбек. Ооба.

Даукен *(койкасын иреттеп коюп)*. Баары иреттелди, келе беришсин.

Жакыпбек. Балдар, бүгүн мында кыздар менен жолдоштук кече өткөрмөй болдук, каршы эмессиңерби?

Даукен. Эмненин урматына?

Жакыпбек. Билбейм. Борбордон Сергей телефон чалды.

Файзулла. Ира болобу?

Жакыпбек. Болот.

Файзулла. Мен каршы эмесмин.

Жакыпбек. Сенчи, Даукен?

Даукен. Фарида келеби?

Жакыпбек. Келет.

Даукен. Мен да каршы эмесмин.

Жакыпбек. Мен азыр келем *(чыгып кетет).*

Файзулла. Эй, ЧТЗ, Ира келсе эмне дейин?

Даукен. Бек кучактап, ооздон өп.

Файзулла. Жаакка тарс дей түшсөчү?

Даукен. Мени эмне сыйкырчы дейсиңби?

Файзулла. Жок, сен сыйкырчы эмессин, ЧТЗ-сың.

Даукен *(качырып)*. Эмне?!

Файзулла. Жо... жок сен Отеллосуң... Оо! кечирип кой, Мавр *(эшик кагылат).* दездемоналар келе жатат *(Даукен менен Файзулла китеп тиктеп калат. Чанач көтөргөн орто жаш аял кирет).*

Чанач көтөргөн аял. Саламатсыңарбы, балдар?

Даукен.Саламатчылык, кыздар?

Файзулла *(күлөт).*

Чанач көтөргөн аял. Опирим ой, кыздар дегени неси?

Даукен. Кечирип коюңуз, биз байкабай...

Чанач кетөрген аял. Эч нерсе эмес, балдарым. Мен да бир кезде кыз болгом, азыр төрт баланын энесимин. Жакыпбек кайда?

Файзулла. Азыр келет.

Чанач көтөргөн аял. Мына, силерге кымыз алып келдим.

Даукен. Төөнүкүбү же бээникиби?

Чанач көтөргөн аял. Төөнүкү да бээники да.

Файзулла. Төөнүкүн мына бу ЧТЗга бериңиз, бээникин Жакыпбек экөөбүз ичебиз *(Жакыпбек кирет).*

Жакыпбек. Ой, апа! Акмаңдай апа! Саламатсызбы?

Чанач көтөргөн аял. Боорум неге келбей калдың? Күндө келип жүргөнүңө көнүп калыппыз. Үч күндөн бери күтүп отуруп, сагынып кеттик. Эмне болду деп, санаам чыдабай келдим. Мына, кымыздан ичкин. Силерге келип, кымыз ичпесем, айылды сагынам дечү элең го?

Жакыпбек. Рахмат Акмаңдай, апа. Сизди көргөндө, өз апамды кергөндөй болом. Үч күндөн бери иштен такыр колум бошобой, бара албадым. Эртең барайын деп тургам.

Чанач көтөргөн аял. Үйүңө кат жаздыңбы?

Жакыпбек. Жок.

Чанач көтөргөн аял. «Жаз»,– дебедим беле. Ай, балам ай, качан жазасың?

Жакыпбек. Жазам, апа.

Чанач көтөргөн аял. Жазгын, жазбасаң болбойт. Мен кетейин энди. Келип тур. Кичкинтайым сени сагынып жүрөт.

Жакыпбек *(тумбочкадан куурчак аюу берет)*. Мына буну кичкинтайыңызга ала барыңыз.

Чанач көтөрген аял. Опирим ой, аюунун өзү гой. *(Балдарга)* силер да келип, кымыз ичип тургула.

Даукен. Рахмат апа *(аял чыгып баратып, кыздар менен беттешип калат)*. Опирим ой, кыздар энди келди гой *(колдорунда майда түйүнчөктөрү бар Фарида, Ира, Люба киришет)*.

Фарида. Уруксатпы балдар?

Жакыпбек. Уруксат!

Файзулла. Келиңиздер!

Даукен *(Фаридага стол жакты көрсөтүп)*. Отуруңуз!

Файзулла *(Даукендин кыймыл аракетин кайталап Ирага)*. Отуруңуз!

Жакыпбек. Кыздар, силер столду иреттей бергиле. Жардамдашууга Файзулла калат.

Файзулла. Даукен калсынчы, мен...

Люба. Жардамдын кереги жок, өзүбүз эле жетишебиз.

Жакыпбек. Анда жүргүлө балдар *(балдар кетишет. Пауза)*.

Люба. Кыздар, конокко келгенсибей, үйдү иреттейлик.

Фарида. Эмнесин иреттейбиз, баары иреттүү экен?

Люба. Силер кроваттарды жакшылап ондоп чыккыла, мен стол даярдайын *(Ира, Фарида кровать оңдошот, Люба столго жашылча жемиштерин кое баштайт)*. Жакшылап ондогула, жаман ондосоңор жигитиңер чанып кетет.

Фарида. Фу! Антүүгө кудуреттери жетпейт.

Люба. Сен Даукендин жооштугун билип алып, «фу» деп жатпайсыңбы.

Фарида. Даукен жоош бекен? Жеткен орой, олдоксон неме.

Ира. Орой болуп, сени урдубу?

Фарида. Фу! Тийип көрсүнчү.

Люба. Эркесиң да... Даукен – жигиттин гүлү.

Фарида. Жигиттин гүлү деп, Жакыпбекти айт. Сүйлөсө сөзү, ырдаса үнү, баары өз жайында.

Люба. Мен үчүн Жакыпбек да. Даукен да бирдей.

Ира. А Файзуллачы?

Люба. Файзулла да өзүнчө бир түркүн жигит. Мага абдан жагат.

Ира. Мага дагы...

Фарида. Фу! Ошол мурундун эмнесин жактырдыңар?

Ира. Сенден сураган эч ким жок. Безилдебей отур.

Фарида. Ээй, мунун ачуусун көр.

Ира. Ачууну али көрө элек экенсиң.

Фарида. Оой ээй! Мен тамашалап айтсам, сен чын көрүп жатасыңбы?

Люба. Ой сенин тамашаң ай, ушинтип да тамашалайсыңбы? Кокус көөнүнө кетерин ойлобойсуңбу. Түн уйкусун төрт бөлүп, багыттап жүргөн жигитин жамандасаң, албетте ачуусу келет.

Фарида. Ирочка кечирип кой, көңүлүңө алба, мен тамашалап айттым. *(Анча-мынча арак, вино алып, Даукен, Файзулла. Жакыпбек кирет).*

Даукен. Охо. Үйдүн ичи кулпура түшкөнбү?

Жакыпбек. Кыз бар жерде – көрк бар. Сергей келе элекпи?

Люба. Жок.

Жакыпбек. Ага эмне болду?

Фарида. Жумуштары бүтпөй жаткандыр.

Люба. Келип калар.

Даукен. Кыздар столго.

Файзулла. Кое тур, Сергейди күтөлүк.

Даукен. Ал келгенче аз-аздан...

Жакыпбек. Ашыкпачы Даукен.

Даукен. Бук болуп отура беребизби?

Жакыпбек. Ирочка приемниктин жанында турасың Фарида экөөң бир тегеренип алчы, көнүлү ачыла түшсүн. (Ира пластинканы коёт. Вальс ойнолот. Фарида Даукен менен, Люба Жакыпбек менен бийлейт. Ира анда-санда Файзуллага карап, приемниктин жанында турат. Файзулла Жакыпбектин гитарын кармалап кроватта отурат. Даукен менен Фарида биринчи планга бийлеп келишет).

Даукен. Макулбу?

Фарида. Ойлоноюн.

Даукен. Келеримде апамды ала келем.

Фарида. Быйылча коё тур.

Даукен. Эмне үчүн?

Фарида. Өзүң түшүнбөйсүнбү?

Даукен. А... апам баарын камдап койгон. *(Авансценага бийлеп Жакыпбек, Люба келет).*

Люба. Биринчи жылы сенден көпкө дейре сестенип жүрдүм.

Жакыпбек. Эмнеге?

Люба. Билбейм, кандайдыр каның ичиңе тартып, көздөрүң шишимек тартып турчу.

Жакыпбек. Хе-хе, азырчы?

Люба. Азыр такыр башкасың, бул жердин авасы жакты окшойт?

Жакыпбек. Жаңы жердин жаңы авасы кимге жакпайт? *(Музыка бүтөт. Фарида приемникке барып башка пластинка коёт).*

Даукен *(Файзуллага)*. Оозуңду ачпай, аракеттенбейсиңби?

Файзулла. Ашыкпа дос, ал мага бир нече жолу телмире карады.

Даукен. Сенчи?

Файзулла. Мен дагы карамыш эттим.

Даукен. Өлсөң дагы бүгүн жообун ал.

Файзулла. Жарайт.

Даукен. Уялбай сүйлөш.

Файзулла. Макул,

Даукен. Бар эми, бийге чакыр *(Файзулла эки-үч кадам шилтеп, бирдеме эсине түшкөндөй токтоп калат)*. Барбайсыңбы?

Файзулла. Азыр... *(Фарида Ираны алып бийге түшөт)*. Бийлеп бүтүшсүн.

Даукен. Жүрү, экөөнү бөлүп кетебиз. *(Экөө экөөнү бөлүп, Файзулла Ира менен, Даукен Фарида менен бийлейт. Авансценада Файзулла, Ира)*.

Файзулла. Канчадасыз?

Ира. Он сегизде... Ии аябай тердеп кетипсиз.

Файзулла. Мен он тогуздамын. *(Пауза)*. Ирочка!..

Ира *(бет аарчы берип)*. Териңизди сүртүп алыңыз. (Музыка бүтөт).

Жакыпбек *(саатын карап)*. Охо! Сергей эмне кечикти?

Даукен. Жакшы эле күттүк, баштай бербейбизби?

Жакыпбек. Ээ, баштаса баштайлык, столго жолдоштор (бардыгы столго отурушат. Даукен кыздарга вино, балдарга арак куят. Сергей кирет).

Даукен. Тилегибиз бир экен, ооз тиелекте келдиң.

Сергей. Ар дайым ошондой болсун.

Жакыпбек. Приказыңды орундатып, баарын уюштуруп сени күтүп жатабыз.

Сергей *(толкунданып)*. Досторум! Ойногула! Бийлегиле! Бүгүндөн тартып биздин бригада – «Коммунисттик эмгектин бригадасы» *(пауза)*.

Люба. Ирочка! Коммунисттик эмгектин бригадасы, түшүндүңбү?

Ира. Түшүнөм!..

Сергей *(чөнтөгүнөн кагаз алып окуйт)*. Кымбаттуу комсомолецтер жана комсомолкалар! Люба Бочкарева, Ира Хоменко, Фарида Канапиева, Файзулла Мухамедов, Жакыпбек Дыйкамбаев, Даукен Калкабаев Сиздерди «Коммунисттик эмгектин бригадасы» – деген ардактуу наамга жетишкендиктериңиздер үчүн чын жүрөгүмдөн куттуктайм! В. Л. Лазарев эртең өзү келет.

Даукен. Музыка!

*(Фарида пластинка коет. Даукен бийлейт. Бардыгы көңүлдүү, жүздөрү жарык).*

**К ө ш ө г ө**

## ҮЧҮНЧҮ КӨШӨГӨ

### Алтынчы сүрөт

Дыйкамбайдын үйү. Биринчи көшөгөдөгү жасалга.

Алыйман. Жыйым-теримден колуң бошоп калды, эми Жакыпбекти изде, абышка.

Дыйкамбай. Издебейм.

Алыйман.Кара мүртөз, эл эмне дейт?

Дыйкамбай. Сай-сөөгүмдү какшатпа, байбиче! Эл алдында жүзүм жарык. Басмачылар менен болгон салгылашууларда, кулактар менен болгон бой тирешүүлөрдө аздыр-көптүр сиңирген эмгегим бар *(сүрөттү көрсөтүп)*. Тиги улуу балам Жайдарбек жанын багып жатып өлбөй, душманын атып өлдү! А Жакыпбек эмне кылды?

Алыйман. Жалгыз айыбы, окуудан чыгып калганы.

Дыйкамбай. Эне-атасын алдап чоңойгон бала элин, мекенин алдайт. Атаганат, билимимдин жоктугу, болбосо, Жакыпбектин кылык-жоруктарын жазып, балдарын

эрке өстүргөн аталарга, ушул окуяны баяндап, тартуу кылбайт белем!..

Алыйман. Жакыпбектен үмүт үзбөй сүйлөчү, ботом.

Дыйкамбай. Эмнеге үмүтүм үзөм, дээринде болсо, аймагы чоң СССРдин бир бурчунда мээнеттенип жүргөндүр. Дээринде жок болсо...

Алыйман. Жок дегенде, кабарын билгизип, келбей койсо да мейли эле.

Дыйкамбай. Жетимишке чыккан менин тапканымдай оокат таба албаса, анда... өзү билсин.

Алыйман. Иштеп көнбөгөн бала...

Дыйкамбай. Аракет кылса адам баласы баарын жасайт. Кечээ Шейшендин баласы Самар жолугуп: «Чоң ата, шаардан үйлөргө, көчөлөргө жарык берчү кесипти үйрөнүп келдим. Жакында үйүңүзгө иликтр орнотом»,– дейт. Карачы? Кечээ аракеттенди эле, бүгүн алтын кесипке ээ. *(Көйнөгү тытылып, чачтары уйпаланган, колуна бөртмө жоолук сүйрөп демиге Шарипа кирет).*

Алыйман. Шарипасыңбы?

Дыйкамбай. Шарипа!

Шарипа. Жакшысыңарбы? *(Алыйман, Дыйкамбай алик албай, күнөөлүү кишилердей жер тиктейт).* Колуңуздардан даам татып калдым эле, бир чети учурашканы, экинчиден коштошкону келдим.

Дыйкамбай. Коштошкону?

Шарипа. Ооба, башка жакка кетип жатам.

Дыйкамбай. Жо-ок, кызым эки көзүң тоодой шишип, жапа тарткан кебетең бар. Эмне болду? *(Шарипа унчукпайт).* Көзгө сайса көрүнгүс, караңгы түндө мында келишиң бекеринен эмес, буга кимдир бирөө себепкер, айтчы?

Шарипа. Асылбек!

Дыйкамбай. Баланын айдай тунук көздөрүн тумандаган жашка бөлөп, ал наадандын ушинтээрин билгем. Кайда жүрөт?

Шарипа. Билбейм.

Дыйкамбай *(каарданып)*. Азыр аны Асылбек эмес, машаякбек болсо да, айыл ичиндеги кем акыл шүмшүктүн желке тамырын кыркам.

Алыйман.Катыгүн кудай, койсоңчу, айбанга теңелбей.

Дыйкамбай.Боскундун кызын алып, анын да карагатгай көзүн канга боёгон, бул акмак. Ал арам издеп келер кишиси жок деп ойлогон го...

*(Дыйкамбай ачуулуу чыгып кетет. Пауза)*.

Алыйман. Капаланба кагылайын, бул үйдү өз үйүңдөй сез. *(Сырттан иттин үргөнү угулат.)* Ит үрүп жатат, чоочун киши келди окшойт. Эки жакты байкап келейинчи (чыгып кетет. Аңдып турган Асылбек кирет).

Асылбек. Шарипа, эл-журтка уят болдум. Казан кайнап, дасторкон жайнаган бойдон калды... салтта жок иш жасадың, жоолук байланып көшөгө ичине кирген соң, кепке каласың.

Шарипа. Үч кишилеп колу бутту таңып, зордуктап машинага салып, алып барган жериңден качып чыккан мен! Андай сөздөн коркпойм.

Асылбек.Кагылайын, Шапыш, алдыңан кыя өтпөй, күлсөң күлүп, ыйласан кошо ыйлап. Азыр мугалимдиктен түшсөм да, келечегим, баса турган жолдорум көз алдымда көрүнүп турат. Иштеген ишимди, ойлогон оюмду жалгыз өзүңө арнайм.

Шарипа. Жолдошуна ак санабаган кишиден, эмнени күтүүгө болот?

Асылбек. Күйгүзбө мени! Бу көрөкчө колуңдан уу берип өлтүрүп кой!

Шарипа. Уйгактай жабышып, сүйбөгөнгө сүйкөнбө! Кандай адамсың!?

Асылбек. Босогомду аттадың, менин аялымсың! Бас үйгө!

Шарипа. Желкемдин чуңкуру көрсүн!

Асылбек. Өлүп кетейин, өлтүрөм!

Шарипа. Оозумдан биринчи жана акыркы айткан сөзүм ушул болсун, шүмшүк! Көрүнбө көзүмө!

*(Алыйман кирет).*

Алыйман. Апей ботом! Качан кирип келдиң эле?- Жакыпбегим жогунда бизди эмне мынча басынтасың?! Чыгып кет үйүмдөн!

Шарипа менин кызым! Ыя, абышка, бери келчи!

Асылбек. *(Шарипага).* Шашпа өзүң келесиң! (Кетет).

Алыйман. Адам болбой жерге киргир, Жакыпбегимдин жолдошу деп, жакшы көргөнүмдү кантейин. Кибиреп алып бүткөн бою бүт арамзаа окшобойбу? Ата, куда гана бардыр сага *(Шарипага).* Кечирип кой кагылайын. «Көсөөнүн акылы түштөн кийин»,– дегендей, мен шордуу бардыгын кийин түшүндүм.

Шарипа. Чабалекейдей айланып, чамгарагыңыздардан кетпегеним Жакыпбекке жасаган сыйым болучу.

Алыйман. Болду балам, болду. Бардыгын көрүп, билип жүргөндөй безеленгенинен, мен ага ишенген элем. Баарыдан да Жакыпбекти аябай сагындым деп ыйламсыраганычы, тири укмуштуу шүмшүктүн... *(Пауза)* Оо жараткан, экөөнүн бирөө болсочу!..

*(Сергей кирет)*

Сергей. Жакшысызбы, Алыйман апа.

Алыйман. Шүгүр тегеренейин, кайсы баласың?!

Сергей. Тааныбай турасызбы?

Алыйман. Таң? Үнүң жылуу учурайт. Ии-и... Эми тааныдым. Келе гой.

Сергей. Архип чалдын баласы Сергей эмесминңби.

Алыйман. Аа, кашайып кал! Сергейсиңби?! Бери бетинден тосчу берекем *(көзүнө жаш алып өбөт).*

Сергей. Дыйкамбай ата кайда?

Алыйман. Азыр эле чыгып кетти.

Сергей. Жакшы турасыңарбы?

Алыйман. Жаман... Жакыпбегим дарексиз...

Сергей. Жакыпбекти таап берсем... сүйүнчүмө...

Алыйман. Оозуңа май! Каалаганыңды берем.

Сергей. Ыйлабайсызбы?

Алыйман. Ыйлабайм, садагаң.

Сергей *(терезеге келип)*. Жакыпбек?.. *(Пауза)*. Кайраттуу болуңуз. Ыйлабаңыз кайра алып кетем.

Алыйман. Ыя! Ыйлабайм!..

*(Жакыпбек кирет)*.

Жакыпбек. Апа!

Алыйман. Жакыпбек! Балакет-мээнетиңди алайын, каралдым, чын көрдүмбү?! *(Пауза)* Кайда жүрдүң, берекем?

Жакыпбек. Казахстанда…

Алыйман. Чал-кемпирди жүрөк заада кылып, неге кат жазбадың?

Жакыпбек. Кат жазып, тынчыңарды алгым келген жок.

Алыйман. Бакырайган көзүңдөн тегеренейин, эми өлсөм арманым жок *(ыйлап)*. Ыйлабайм!

Жакыпбек. Апа, мына бул чамадан сизге, бул… атам кайда?

Алыйман. Атаң азыр келет. А кудай, аксарбашылың!

Сергей. Мен кетейин.

Алыйман. Сергей балам даам ооз тий.

Сергей. Рахмат апа, эртең келем.

Алыйман. Мейлиң, Архип дагы сагынып жүрөт.

Сергей *(Жакыпбекке)*. Кош эртеңке чейин *(кетет)*.

Алыйман. Казан асайын *(чырак алып, сыртка кетет. Пауза. Ички бөлмөдөн Шарипа чыгат)*.

Жакыпбек. Шарипа!.. Шарипасыңбы? Саламатсыңбы? Шарипа! Алик албасаң да жүзүңдү бир көрсөтчү? *(Шарипа мурдагы калыбында өзгөрбөй тескери карап тура берет)*. Түшүнөм… Таарынчың катуу. Эми мени кандай жазаласаң ошондой жазала! *(Шарипа демин ичине жыйып кайдыгер кишиче Жакыпбекке карайт. Жакыпбек Шарипаны көпкө үңүлө тиктейт)*. Өңү-башың бузулуп турат… Бир жериң ооруйбу?

Шарипа.. Эки жыл, эки күн эмес. Кат жазып койсоң алыстагыңды алдыңан жулуп албайт элем го?!

Жакыпбек. Кат жазуудан уялып жүрдүм. Айыптуумун!..

Алыйман *(сырттан)*. Абышка! Уулуң келди!

*(Дыйкамбай, Алыйман кирет)*.

Жакыпбек. Ата!

Дыйкамбай. Уулум! *(Кучакташат)*.

Жакыпбек. Ата мен...

Дыйкамбай. Болду балам ишенем! Сергей айтты.

**К ө ш ө г ө**

## МЕН БИЛЕМ, ТООЛОР БИЛЕТ

*(Эки бөлүмдүү драма)*

### КАТЫШУУЧУЛАР:

1. Кадыржан
2. Бегаалы
3. Султангазы
4. Калыя
5. Нуржан
6. Жекшен
7. Шофёр
8. Медсестра
9. Айбек

*Окуя тоолуу райондордун биринде өтөт.*

### БИРИНЧИ БӨЛҮМ

Мезгил жай. Тоо этеги. Чокуда үч караан турат. Бегаалы, Кадыржан, Султангазы. Акырындап аларга жарык берилет. Бегаалы чоор тартып экөө угуп отурушат. Ал кең далылуу, бакыраң көз адам. Шашпай сүйлөйт. Үнү коңур. Кадыржан отуз бештер чамасындагы орто бойлуу, өткүр, курч киши. Сол жак жаагында чоң тырыгы бар. Султангазы экөөнөн кичүү, алакөөдөн жигит. Чоор тартыла берет.

Кадыржан *(ыраазы боло)*. Жаша Беке!.. Сонун дүйнөдө жүргөндөй болдум... *(Султангазыга)* Бекемди жонго чыгып чоор тартканда алыстан көрсөң, карап эле тургуң

келет! Айлана кулпуруп тоо көрктөнө түшөт. Тоонун көркү эле адам экен го... Бөтөнчө түнүчүндө, чоор добушу жел аргы менен кошо, алыска-алыска кеткендей болот *(чоор ойнолуп бүтөт)*. Рахмат Беке!

Бегаалы. Бүгүн чоорум бөтөнчө таңшып калганбы?..

Кадыржан. Сонун Беке...

Султангазы *(Кадыржанга)*. Сен баянтартасың... Мына мен шордууну айтпайсыңбы... алты жыл комуз үйрөнөм деп далалаттанып жүрүп, үйрөнө албай койдум... Койчуга ушундай бир эрмек болбосо, кээде куса болот.

Кадыржан *(тамашалап)*. Дээринде жок да...

Бегаалы *(Кадыржанга)*. Сен Султангазыны кепке жыгам деп турасыңбы?

Султангазы. Бу саам, жыгылдым Беке.

Кадыржан *(күлүп, Бегаалыга)*. Шекерге кантип үйлөнгөнүн уктуң беле?..

Бегаалы. Жок.

Кадыржан. Дагы бир жолу айтып берчи.

Султангазы *(кежигесин кашып айта баштайт)*. Хи, аял алуу оюмда жок. Фрунзеге окууга өтөм деп барып, экзаменден кулап калдым. Эртеси документтеримди алып институттан чыгып келатсам, бир кыз бурчта ыйлап турат... Көрсө ал да экзаменден кулап калыптыр... Ошо жерден тааныша кеттик. Тагдырларыбыз бирдей болуп чыккан соң сырдашып шаар араладык. Театрга бардык. Эртеси ал Ошко учмак болду. Узатып аэропортко бардым. Мына ошол жерден дилим бузулуп, кандайча ала качып кетүүнүн айласын таппай турам.

Бегаалы. Ата эргулум ай!.. Же жанында күйөө жолдошуң жок.

Султангазы. Балаанынбы! Диктор: «135-Фрунзе – Ош маршруту боюнча жүргүнчүлөрдү отургузуу башталды», – деп кулактандырганда, жүрөгүм болк дей түштү. Үнсөз жок колунан жетелеп барып таксиге отургуздум. Жанымда болгон акчаны тутамдаган бойдон таксистке карматтым да, күн чыгышты карай айдай бер дедим.

Бегаалы. Жолдо кыз ыйлаган жокпу?

Султангазы *(күлүп)*. Эл жок жерден ыйлап, элдүү жерге келгенде басылып калат.

Бегаалы. Демек, көңүлү бар экен да...

Кадыржан. Көнүлү барлыгынан таксиге отурдуда.

Султангазы. Кечке жуук үйгө келдик. Үйдөгүлөр айраң-таң!.. Ошентип күтпөгөн жерден үйлөнгөм, Беке...

Бегаалы. Азамат!.. Билим издеп барып, өмүрлүк жар тапкам де! Азаматтык кылгансың, колуктуң жаман чыккан жок.

Султангазы *(күлүп)*. Алдын-ала экзаменден кулап калган кыздар болсо, ала качабыз дешип жүргөн эргулдарды да жолуктурасың. Кээси айылда сүйлөшүп жүргөн кызын ээрчий келип, кулап калышын тилеп жүрүшөт.

Бегаалы. Эмки балдар шаарга качып жатышпайбы. Илгери биз шаардан айылга каччыбыз.

Султангазы. Шаардын эмнесин жактырышат?.. Айлыктан айлыкты күтүп... Менин бир тууган таякем тогуз жылдан бери шаарда турат. Эки жолу пальтосун аңтартып кийди.

Бегаалы. Шыпыртпа?! Пальтону бир жолу эле аңтарат.

Султангазы. Ишенбейт. Ии, калп айтыптырмын. Кийинки жолу аялынын пальтосун аңтартыптыр...

Бегаалы. Ошондой десең.

Султангазы. Шаарда жашаш кыйын.

Бегаалы. Жашоого эби келбеген адамга бардык жерде кыйын.

Кадыржан *(асманды карап)*. Тээтиги бийиктиктеги үч бүркүттүн айланып жүргөнүн кара. Эбегейсиз чоң бүркүттөр экен. Жакын жерде уясы бар го? Бүркүт канча жыл жашайт? Беке?..

Бегаалы. Бүркүттүн канча жыл жашаарын билбейм. Тарп аңдыган жору менен тоң чокуган карга узак жашайт.

Кадыржан. Жамандыктын жарчыларына узак өмүр бергенин... Бу жер, деңиз деңгээлинен канча метр бийик?..

Бегаалы. Тянь-Шандын тоолорун Памирге теңештирип жүрүшпөйбү?.. Ден соолук болсо бийиктикте жашоо керемет, достор. Кайберен искеген гүлдөрдү искеп, окчун жерде жүргөнгө эмне жетсин. Космоско учпайбыз, жаңылык ачпайбыз. Колдон келген жакшылыгыбыз ушул. Мал багыш.

Султангазы. Балким таалай айтып...

Бегаалы. Таалайды сурап таппайт. Намыстана көшөрүп, тереңдиктен казып табат. Карапайым адамдын таалайы эле эмгек. Жок дегенде өлгөндөн кийин он жыл эл оозунда калаарлык эмгектенсең, сенин таалайың ошол. Андан артыктын бизге кереги жок.

Кадыржан. Малда жүргөнүңө нече жыл болду?

Бегаалы. Укум-тукумубуз менен мал багып келатабыз. Он сегиз жашымдан малдамын.

Кадыржан. Ушунча жыл аскер кызматын өтөсөң генерал болмоксуң...

Бегаалы. Баягы жылы, бошойм деп бошонуп алып, кайра келдим, койго көнүп калыптырмын.

Кадыржан. Карыганча мал багасыңбы?

Бегаалы. Тоодон жаралган жанымды тоого берем, Кадыш.

*(Пауза).*

Султангазы. Кечээ кой жайып жүргөн жеримден сүрөткө тартып кетишти. Газетке чыгарабыз дейт. Жакында Сукеңди газеттин биринчи бетинен көрөсүңөр! Козуну көтөрүп, моминтип, туруп бердим (кандайча сүрөткө түшкөнүн көрсөтөт). Күл дейт? Менин күлкүм келбейт. Айла кеткенде тишимди ырсайтып күлүмүш болдум. Кайра тарткыла, күлгөн жокмун десем, тыяктан өзүбүз күлдүрүп коёбуз дешти. Силерди таппай койдум.

Бегаалы *(тамашалап)*. Бир айылдын бир эле азаматы болот.

Султангазы. Келерки жылы ар бир койдон 5 килодон жүн, эгизден козу алам! – дедим кабарчыга.

Бегаалы. Эгизден туубасачы.

Кадыржан. А бул туудурат *(күлкү)*.

Султангазы *(элейип)*. Менин койлорум көрүнбөйт. Туянаны ашып кеттиби? (Кетет).

Кадыржан *(дүрбү менен эки жакты карайт да, элейип туруп калат)*. Беке! Дүрбүңдү алып биздин үй жакты карасаң?! *(Бегаалы дүрбү салат)*, Көрдүңбү?

Бегаалы. Көрдүм. Эмне экен?

Кадыржан. Нуржандын жанында олтурган ким?

Бегаалы *(ийнин куушуруп)*. Таң.

Кадыржан. Палаткага кирип кетиштиби?

Бегаалы. Кирбей эле отурушат.

Кадыржан. Эркек киши сыяктанат.

Бегаалы. Ооба, эркек экен.

Кадыржан. Өптү!

Бегаалы. Калп айтпа.

Кадыржан *(туталанып)*. Эмне кылайын, Беке?

Бегаалы. Жинди болгондон соосуңбу? Эмне кылмак элең?

Кадыржан. Өлтүрөм! Экөөнү тең атып таштайм!

Бегаалы. О-о арбак аткыр! Адамдын өлүмү чычкандын өлүмүбү? *(Колунан силкип отургузат)*.

Кадыржан. Мен өзүмдү эч кимге кемсинттиргим келбейт, Беке! Сырдашып отурушат! Коё бер Беке?!

Бегаалы. Жиндиленбе, Кадыржан?! *(Кадыржан колдон суурула жөнөйт)*.

Бегаалы. Ичи тар неме, чатак чыгарат. Кой, артынан барайын *(Кетет. Чокудан жарык алынып, авансценага берилет. Сахнанын оң канатында палатка. Жайылган көйнөк-кечелер. Нуржан, Жекшен эшикте отурушат. Алар дүрбүнүн объективинде. Жекшен кыска сакалчан, узун бойлуу арык адам. Чачын буурул чалып, чаалыккандай түрү бар. Нуржан кетирекей мурун, сулуучумак келин)*.

Жекшен *(сүйлөшүп жаткан сөзүн улап)*. Болот деңизчи?

Нуржан. Алып туруңуздар.

Жекшен. Козу-позу сатпайсыңарбы?

Нуржан. Өзүнөн сураңыз. Мен билбейм.

Жекшен. Саат канчаларда келишет? *(Саатын карайт)*.

Нуржан. Кечинде күн батарда.

Жекшен. Койчулардын алдынан кыя өтпөй, салам берип туруш аздык кылат. Жаан-чачында, өзгөчө кышында кыйын эледир? Албетте, иштеген киши кыйналбай коёбу. Бирок, сиздердин иш бөтөнчө иш. Дем алыш, саатты билбейсиңер... Алып кел, барып кел деп буйрук бериш ар кимдин колунан келет. Бирок, күрткү кечип, бороондуу суукта жүрүш ар кимдин эле колунан келе бербейт. Кечке эмне иш кыласыз?

Нуржан. *(жылмайып)*. Уктайм... Китеп окуйм... Кайта уктайм.

Жекшен. Оо, анда супсак, бир өңчөй жашайт экенсиз.

Нуржан.Ушул жерден да кызыктуу күн өткөрүүгө болобу?

Жекшен. Неге болбосун. Эки жагыңызды караңызчы? Мындай жерде жашоо ыракат эмеспи, карындаш!

Нуржан. Сиз жаңы келип сонуркап жатасыз. Бир-эки жыл турсаңыз...

Жекшен. Өмүр бою турар элем!

Нуржан. Зеригип кетесиз.

Жекшен. Сулуулукту көрө билип, аалам добушун уга билген киши, эч качан зерикпейт, карындаш. Гүл төшөнүп тоо жамбаштап жатабыз, берекени тоо койнунан ачабыз!.. Же сизди эч кандай табигый сулуулук суктантпайбы?

Нуржан. Нөшөрлөп беш-алты күн жамгыр төгүп турганда келсеңиз башкача сүйлөйт элеңиз. Түтүнгө көзүңүздү жаштап, палаткада отурсаңыз сулуулукка суктанганыңызды көрөт элек.

Жекшен. Тоо жеринде ал табигый нерсе. Жааган күн басылат, бүркөлгөн кабак ачылат, карындаш. Айлап-

жылдап жер бетин көрбөй өмүрүнүн көбүн деңиз үстүндө өткөргөндөр бар.

Нуржан. Эмне үчүн сиз кой бакпайсыз?

Жекшен *(күлүп)*. Коңшу бололу дейсизби?

Нуржан. Керзи өтүктү айкүрүнөн басып эки күндө маңги болосуз.

Жекшен. Тамак ичкен адам тамагына түкүрбөйт, карындаш. Астапырылда деңиз?

Нуржан. Астаапырылда! *(Кылыктана күлөт)*.

Жекшен. Канчадасыз? *(Нуржан тескери бурулуп, күзгүдөн жүзүн карайт)*.

Нуржан. Шамал жалаган бет картаң көрүнүп жатабы?

Жекшен. Тескерисинче. Кайра күн жыттап, шамал өпкөн дене чымыр болот. Биздин балдар эртеден кечке жылаңач жүрүшөт. Кара күрөң тартып күнгө күйгөндөрүн көрсөңүз! *(Нуржан палаткадан керден чыныга кымыз алып чыгат)*.

Нуржан. Кымыз ичиңиз!

Жекшен. Ыракмат. Анча болбосо өзүм сурамакмын *(дем албай ичип жиберет. Нуржан дагы алып келет)*. Ыракмат.

Нуржан. Катуу суусаганда кургак нан, же туздалган балык жесе суусун кандырат дешет.

Жекшен. Ээ?..

Нуржан. Журналдан окугам.

Жекшен *(кымыз ичип)*. Чекмейе түштүм. Бүгүн күн ачуу тийип турат.

Нуржан. Тигиндей жогору бассаңыз шаркыратма бар.

Жекшен. Сиз уруксат этсеңиз үйгө кирип кичине тук этип алсам..

Нуржан. Палатканын ичи ысык.

Жекшен. Мейли. Түндө бир жолдошумдун туулган күнүн белгилеп, уйкум канбай калыптыр *(Нуржан палаткага кирип, орун даярдап чыгат)*.

Нуржан. Эс алыңыз *(Жекшен палаткага кирет)*. Суусасаңыз мискейде кымыз турат *(өзүнчө)*. Сакал койдуруп алганы эмнеси?.. *(Палаткадан баяндын үнү чыгат)*. Кыйын неме го?..

Жекшен *(сыртка чыгып)*. Баянда ким ойнойт?

Нуржан *(кылыктана)*. Чалым.

Жекшен *(күлүп)*. Атыңыз ким?

Нуржан *(ойсоктоно)*. Айтылбайт.

Жекшен. Менин атым – Жекшен.

Нуржан. Апей! Уктабайсыңбы?

Жекшен. Таанышып алалык, атыңызды айтыңыз?

Нуржан. Жылуу-жумшак мамиле жасаса эле ушинтип тийише беришет. Атым жок.

Жекшен. Сизди тентек балдар жалкытып койсо керек. Мен андайлардан эмесмин, карындаш.

Нуржан.Кандайлардансыз?

Жекшен. Жөнөкөйлөрдөн...

Нуржан. Жанагы кымыз тынчыңызды алып жатабы?

Жекшен. Кымызыңызга спирт кошуп койгонсузбу, ичим ысып чыкты. *(Баянга аккорд алып, буту менен ритм кагат)*. Па, па, па, пам!... Кааласаңыз ырдап берем.

Нуржан. Кызык киши экенсиз... Ырдагыңыз келсе ырдай бербейсизби?

Жекшен. Тамаша, карындаш. Кечке зеригем дегениңизден...

Нуржан. Күндө келип ырдап берейин дейсизби?

Жекшен. Сиз макул болсоңуз жок дебес элем.

Нуржан. Шойкумдуу киши окшойсуз.

Жекшен. Адамда чүлүк жок болот, карындаш.

Нуржан *(күлүп)*. Өзгөчө эркектерде *(чака алып сууга жөнөөрдө Жекшен жолун торойт)*.

Жекшен. Сиз менен сууга барсам кантет.

Нуржан. Эмнеге?

Жекшен. Жон эле.

Нуржан. Балким ышкын улап, карагат терели деп жүрбөңүз.

Жекшен. Жаман болбос эле.

Нуржан. Уктап эс алыңыз. Болбосо бир аздан кийин сүйөмүн деп шакаба чегесиз.

Жекшен. Сиздей татына келинге эмне үчүн антип айтпаска.

Нуржан. Андай сөздүн далайын укканбыз, секет.

Жекшен. Көңүлүңүздү көтөрөм деп кыжырыңызга тийип алдым окшойт. Кечиресиз *(палаткага кирип кетет)*.

Нуржан *(бушуркөп)*. Бу кишини кайдан көрдүм?.. Кинодон көрдүм беле?.. Жок, ал суулучумак жаш жигит болчу... Деги ошого түспөлдөшүп кетет. Ороң этип бир тийдим окшойт... *(Палатканын жанына барып, кирсемби-кирбесемби деп арсар болуп турат да, жылмайып кайта басып кетет. Ушул убакта атырылып Кадыржан келет. Нуржан түрүнөн чочуп алая түшөт)*.

Нуржан. Апей, келип калдыңбы?

Кадыржан. Тоскоол болдумбу?..

Нуржан. Эмне болду?..

Кадыржан. Акырын сүйлө?! Эмне тайсалдайсың?.. Үйдөгү ким?!

Нуржан. Тааныбайм!

Кадыржан. Күндө келип бийлеп береби?..

Нуржан. Ал эмне деп айтканың?

Кадыржан. Анткорлонбо, Нуржан?!

Нуржан. Өлүп кетейин таанысам!

Кадыржан. Жаныңды жебе?! Тааныйсың!

*(Бегаалы келет)*.

Бегаалы. Кадыржан!..

Кадыржан *(калчылдап)*. Палаткада жатат!

*(Пауза)*.

Бегаалы *(Кадыржанга)*. Тигиндей тур?.. Мен өзүм сүйлөшөм!

Кадыржан (*туталана)*. Бул кандай мазак?! *(Кадыржан сахнанын тереңине кетет. Бегаалы үйдөгү ким дегендей Нуржанга сөздүү, суроолуу тиктейт)*.

Нуржан *(апкаарып)*. Таанымбайм аке!

Бегаалы. Кайдан келиптир?

Нуржан. «Геологмун, айран, сүт, козу сатпайсыңарбы?» – дейт.

Бегаалы. Эмне ыйлайсың?

Нуржан. Ишенбей жатсаңар...

*(Пауза)*.

Бегаалы. Кадыржандын кубаныч эрмеги жалгыз сенсиң, Нуржан ошону сезесиңби?.. Кадыржанды капа кылганың мени капа кылганың, ошону билесиңби, Нуржан?..

Нуржан. Билем, аке.

Бегаалы. Жок, билбейсиң Нуржан!..

Нуржан *(ыйлактап)*. Азыр ойготом!.. Мен эмне?!..

Бегаалы. Өзүм ойготом! Көрүнбөй тыякка бар? *(Нуржан кетет. Бегаалы палатканын жанына барат. Коңурук угулат)*. Жолдош... Оо, жолдош.. *(Дагы коңурук)*. Ойгонуңуз?.. *(Пауза)*. Башын кесип кетсе да ойгончудай эмес... *(Палаткага баш багып)*. Сакалдуу неме го?.. Аксакал!..

Жекшен *(үйдөн)*. Аа хм...

Бегаалы. Мейман... Эшикке чыгыңыз?..

Жекшен *(үйдөн)*. Аа... *(Уйкусу ачылбай Жекшен чыгат)*. Салам алейкум.. *(кол берет)*.

Бегаалы. Кимди издеп келдиңиз эле?

Жекшен. Сизди... *(оозун ачып эстейт)*. Түндө уктабай...

Бегаалы. Бул үйгө уктаганы келдиңиз беле?

Жекшен. Үйдүн ээси сизби?

Бегаалы *(паузадан кийин)*. Ооба.

Жекшен. Кой, козу сатпайсызбы?

Бегаалы. Кайдан келдиңиз?

Жекшен. «Узун булактан», геологбуз...

Бегаалы. Койчулар күндүз үйдө болбосун билбейсизби?

Жекшен. Сиздин аялыңызды көрүп...

Бегаалы. Нуржанды кайдан тааныйсыз?..

Жекшен. Нуржаныңыз ким?

Бегаалы. Кууланбаңыз, койчунун дүрбүсү алысты көрөт. *(Кадыржан бүшүркөй таанып, келет).*

Кадыржан *(даана таанып)*. Жекшен!

Жекшен. Кадыржан!.. *(Кучакташышат. Пауза).*

Кадыржан. Кайдан?..

Жекшен. Өзүңчү?..

Кадыржан. Ушул жер, менин мекеним! Кайдасың?..

Жекшен. Шаарда.

Кадыржан *(кубанып)*. Кайсы шамал айдап келди, сени мага!..

Жекшен. Уйгу-туйгу шамал...

Кадыржан *(ойлонуп)*. Он төрт жылдан бери жолугушканыбыз ушул... *(Бегаалыга)*. Беке, бала чактагы жолдошум... *(Жекшенге)* Таанышып алгыла?

Жекшен *(колун сунуп)*. Жекшен.

Бегаалы *(жылмайып Кадыржанга)*. Кайсы жоругуңду айтайын... Курдашыңдын кыялын билчү белең?

Жекшен. Бала кездеги кыялдарын...

Бегаалы. Бизге келгени беш жыл болот. Ошол беш жылдын ичинде эки жолу зоодон учуп, бир жолу суудан акты *(күлкү)*.

Кадыржан. Менин бул жерде экенимди уккан эместирсиң?

Жекшен. Оюма келген эмес.

Кадыржан. Чач кантет?..

Жекшен. Жүүнү бош адамдын чачы ушинтип бат агарат.

Кадыржан. Коош, сүйлө Жекиш? Быякта эмне кылып жүрөсүң?..

Жекшен. Таалай издеп...

Кадыржан *(тамашалап)*. Таптыңбы?

Жекшен. Таптым.

Кадыржан. *(кичинекей дөңгөч алып келип)*. Отур, Жекиш!

Жекшен. Айылдан эмне кетип калдың? Таарындыңбы?

Кадыржан. Оо, анын баарын айтып берсем узак жомок. Төрт жыл лагерде отурдум.

Жекшен. Эмне дейт?!.. Чынбы?..

Кадыржан. Чын. Көөдөн толтура кезде көзгө эч нерсе көрүнбөй калат тура. Кыз ала качып, төрт жылга кеткем.

Жекшен. Кыз жаш беле?

Кадыржан. Он жетиде болчу... Бир күнү акылымды сезимиме жеңдирип, ээликкен бойдон үйгө көтөрүп келсем, эртеси кызды эне-атасы, мени милиция келип алып кетти... Эки жыл кат жазышып турдук... Кийин кат келбей калды... Көрсө, эне-атасы зордоп күйөөгө беришиптир... Абактан бошонуп айылга келсем... Саадатым аябай жүдөп, муңайым тартып калыптыр... Дит багып көпкө учурашалбай жүрдүк. Мен күйүттөн иче баштадым... Бир ай өттү... Эки ай өттү... Бир күнү катуу мас болуп үйүнө бардым. Эри түшүнүктүү киши окшойт, сыйлады, Саадат экөөбүзгө сүйлөшүүгө мүмкүндүк берди... Саадат: «Кадыш, бу көрөкчө көрүнбөчү»,– деп, ыйлап жиберди. Мен көпкө мелтиреп турдум да, унчукпай саамайынан жыттап алып чыгып кеттим... Ошол бойдон ушул жактамын... *(Бетиндеги тырыгын көрсөтүп)*. Саадатымдын эстелиги... Ошо куну, ташка жыгылсам керек...

Жекшен. Неге мага кат жазбадың? Ойго келбеген иш!..

Кадыржан. Ушундай кызыктар болгон.

Жекшен. Момпоюп адамдын жоошу элең...

Кадыржан *(күлүп)*. Жоош адамда жүрөк жок дейсиңби?

Жекшен. Ошентнп ортобузда чоң роман болгон де?

Кадыржан. Болгондо да кандай!.. Таң атканча сен сүйлө, жок сен сүйлө деген сөздөн башка эч нерсе айтылчы эмес... Мен баянымды кыңгыратып суу жээгинде күтүп отурчумун... Апасын уктатып бир оокумда Саадат кел-

чү. Мен баянымды ойносом ал назик үнүн кошуп ырдап берчү. Керемет кездер эле, жүрөктө буккан арман көп, Жекиш *(шаша Султангазы кирет)*.

Бегаалы. Эмне болду мынча шашып?

Султангазы. Эчтеке болгон жок *(Жекшенге)*. Салоомалейкум. Дүрбү менен карасам быякта жүрөсүңөр. Деги тынччылыкпы?

Бегаалы. Көрүп турбайсыңбы бизге мейман келди.

Султангазы *(паузадан кийин)*. Мен сизди тааныйм, артиссиз ээ?

Жекшен. Ооба... болгом...

Султангазы. Мен сизди кинодон көргөм. Бир кездерде мен дагы артист болсом деп көксөчүмүн.

Бегаалы. Артист болуу жеңил деп ойлойсуңбу?

Султангазы. Бирөө жазып берген сөздөрдү жаттап алып, трал-ля-ля, деп коюштун эмнеси кыйын. Мен жалаң оң каармандарды ойномокмун.

Бегаалы. Койлорду кимге калтырдың, оң каарман?

Султангазы. Аялыма.

Бегаалы. Жаш немени аябай эзет экенсиң го.

Султангазы. Мени сүйгөнү чын болсо иште көрсөтсүн. Салтка көнсүн.

Бегаалы. Мунун салтчылдыгын көр!

Султангазы. Аялымды өзүмө тең ата кылып алып неге тебетей кийип басып жүрөм.

Кадыржан. Нуржан! Нуржан! Кайда кетип калды?

Бегаалы. Сен аны таарынтып койбодуңбу?

Султангазы. Түү, аялды таарынтмак түгүл, ноктолоп сабаш керек. Ошондо гана кеп угуп, ийкемге келет. Мына менин Шекерим. Өл десем өлөт, кел десем келет. Азоонун жинин союл кагат. Туурабы, Беке? Нуржан! Нуржан!.. Чакырып келтире албас атактуу артист мейманга келсе кетип калганын кара.

Кадыржан. Азыр *(Палаткадан ичимдик, стакан алып чыгат)*. Кыял жибитип отуралы. Ичкиликтин

бир мыкты касиети, кээде сезим козгоп, кыял жибитет. Сен түшкөн кинону көрдүм. Көчкүнүн алдында калдың беле?..

Жекшен *(жылмайып)*. Ии, көчкүнүн алдында калгам... *(Чылым куйгузөт. Колунун калтыраганын Кадыржан байкап калат)*.

Кадыржан. Колуң эмне калтырайт?

Жекшен. А, нерв...

Кадыржан. Ырас эле артисттер менен врачтардын нерви бат бузулат деп уккам. Врачтар ажал менен кармашып, а силер образ таппай, ушундайбы?.. Кандай ролдорду аткарасың?

Жекшен. Лакей, малай, байдын жигити, королдун маскарапосу.

Кадыржан. Оо, көп роль ойнопсуң.

Султангазы. Жанагы үн сөз чыгарбай ай балта көтөрүп, эшик кайтарып тургандар да айлык алабы?

Бегаалы. Кое турчу кеп угалы? *(Жекшен терең улутунуп алат)*.

Кадыржан. Жер бийиктик кылып жатабы?

Жекшен. Жок, андай эмес.

Кадыржан. Үйгө кирелиби?

Жекшен. Эшик жакшы.

Султангазы *(стакандарга ичимдик куюп)*. Шаңдуу отуралы, алып коюңуздар.

Бегаалы *(Султангазыга)*. Ай ушу сен!..

Султангазы. Алып коюңуздар...

Бегаалы. Ынтымак үчүн!.. *(ичишет)*.

Кадыржан. Театрдан ойногонуңду көрсөм дегенде эки көзүм төрт.

Жекшен. Театрдан кетип калгам.

Кадыржан. Эмне үчүн?

Жекшен. Он жети жыл иштедим. Он жети... Өмүр өтүп чач агарды, а жылыш жок. Чидерленген атай болуп, таскак чыгара албадым. Кайра окуюн десем жашым өтүп

кетти. Балдар бар... Ээ, куруп кетейинчи, турмуштун татаал формуласына сүңгүп алсаң, мээ кемирет *(пауза)*. Жаштыгым, үмүтүм, учкул кыял кездерим ошол кичинекей сахнада калды. Сахна менен ажырашуу сүйгөн жарыңан ажырашкандан кыйын окшойт. Дале, магниттей тартылып, жөжөсүн жоготкон тооктой имерчиктей берем *(пауза)*.

Кадыржан. Азыр кайда иштеп атасың?

Жекшен. Жайкысын геолог разведкада иштейм. Кышкысын дубляж, радио, телестудияда...

Султангазы. Тыякта театрдан чыксаңыз, быякта биз кабыл алабыз. Колхоздон бир короо кой алыңыз да кудай деп, бага бериңиз. Чабандар силердин эл артисиңерден көп табат. Туурабы, Беке? Мына менин чабан болуп иштегениме эки жыл болду, «Волга» чөнтөгүмдө жатат. Туурабы, Кадыржан?.. Кааласак, он жылдын ичинде самолет сатып алабыз.

Бегаалы. Ай, көөдөнүңдүн чоңдугу ай!

Султангазы. Ырдап бериңиз. Сүйүү жөнүндө, бакыттаалай жөнүндө, же күйгөндөн *(палаткадан аккордной алып чыгат)*. Мынаңыз... Таң аткыча тоо тынчтыгын бузуп, көнүл ачабыз.

Бегаалы. Сени дайым эле даалдатып койсо.

Султангазы. А эмне үчүн капа болушубуз керек. Агайды театрдан чыгарып коюптур деппи? Ага капаланыштын кажаты жок, Беке. Аалам чон, агайлык иш табылат. Биз турбайбызбы? Туурабы, Кадыржан?.. Эми ырдап коюңузчу, агай.

Кадыржан. Мунун оюндагысын аткарбасаң адамдын жанын сууруп алат *(Жекшен бир аз ойлонуп туруп ырдайт)*.

Султангазы. Мына, артистигиңизди эми билгиздиңиз.

Бегаалы.Чшш. Угалычы *(Жекшен ырдап бүтөт)*.

Султангазы *(алакан чапкылап)*. Рахмат, бала кезде мен дагы акын болсом деп эңсечү элем.

Нуржан.Үйгө кирип чай ичкиле *(Нуржандан башкалары палаткага кирери менен, Шекер келет).*

Шекер. Султангазы силердикиндеби?

Нуржан. Ооба.

Шекер. Эшикке чыксынчы *(Нуржан палаткага кирет).*

*(Султангазы чыгат).*

Султангазы. Опей... сен белең?..

Шекер (сездүү). Кайда жүрөсүң... Койлор кайда?

Султангазы. Жайытта.

Шекер. Жайытта деп коет, камырабай... койлоруң башка койго кошулуп кетиптир.

Султангазы. Я-а!

Шекер. Эмне турасың? Жөнөбөйсүңбү?

Султангазы. Мына баратам. Акырын сүйлөчү, жаным. Үйдө мейман олтурат.

Шекер. Эмне!.. Сен мени кой бактырганы алдың беле?

Султангазы. Жок... Сүйүп алгамын, жаным.

Шекер. Жөнө!..

Султангазы. Тыс-ос... Үйдөгүлөр чыкканы жатышат. Сыр билгизбей кетип калчы, күчүгүм.

Шекер. Шашпагын!.. Сени менен алтүндө гана сүйлөшөм (кетет).

Султангазы. Кыялыңдан садага болоюнум ий! *(Палаткадагылар чыгышат).*

Бегаалы. Ким менен сүйлөшүп жатасың?

Султангазы. А, Шекер эле.

Бегаалы. Эмне дейт?

Султангазы. Эмне десин, тил угуп кайра кетти. Аялды какмалабаса мойнуңа минип алчудай.

Бегаалы *(кытмыр)*. Анчалык зулум болбо.

Султангазы. Салтка көнсүн, Беке.

Бегаалы *(Жекшенге)*. Көптү билет экенсиң, тууган. Сага акыл айтчу биз эмес. Өз кесибиңди таштай албасаң

жүрөк заада болбой, кайта театрыңа бар. Жорго болбосо да жоргонун жанында жүргөн ат, бара-бара басык чыгарат.

Кадыржан. Бир ай мейман болосуң.

Жекшен. Аз го?

Кадыржан. Бир жыл, адам улгайган сайын бири-биринен алыстай береби, Беке?

Бегаалы. Аны ынактыгыңар билет.

Кадыржан. Кана, конок камын көрөлүк, Нуржан.

Жекшен. Мен кетем, Кадыржан.

Кадыржан. Кайда?

Жекшен. Азандан жумушка чыгабыз.

Кадыржан. «Узун-Булактагы» геологдор – силерсиңерби?..

Жекшен. Ооба.

Кадыржан. Эртең менен жеткирип коём. Козу ала кетип, жолдошторуңа союп бер.

Жекшен. Биз үч-төрт ай болобуз.

Кадыржан. Эң сонун, канча кишисиңер?

Жекшен. Он төрт.

Кадыржан. Эки табак киши экенсиңер. Каалаган убагыңарда жолдошторуңду ээрчитип кел. Биз, койго кеттик. Чарчасаң укта, эриксең баян тарт *(күлүп)*. Бийлесең бийле *(кетишет. Сахна караңгылайт. Түн. Ай жарык. Калыя, Нуржан, Шекер дасторконго тамак аш коюп жүрүшөт. Дасторкон жанында эки асма чырак. Обочодогу казан асылган кемегеден от жылтырап, буу чыгат)*.

Шекер. Жанагы киши кайдан келиптир?

Нуржан. Артист. Менин эримдин досу экен.

Шекер. Отпускага келген го?

Нуржан. Бакыт издеп жүрөм дейт.

Шекер. Сымбаттуу киши экен.

Нуржан. Акылычы... Ушундай эрге туш болгон аялдып бактысы тоо.

Шекер. Келесоо!..

Нуржан. Эмне?

Шекер. Келесоо дейм. Эмне сүйүп калдыңбы?

Нуржан. Сүйбөй турган жигитпи.

Шекер. Мээ жок, сенде!

Калыя. Эй келиндер, неге түйтүңдөшө түштүңөр?

Шекер. Жанагы немени сүйүп калган имиш.

Калыя. «Колдо бар алтындын баркы жок»,– деген ошол.

Нуржан *(керкакшыктап)*. Ийй кудай ий... Алтын деп...

Шекер. Шашпа, Кадыржан келсин.

Нуржан. Мага десең азыр айт.

Калыя. Жиндиленбегиле уятсыздар.

Шекер. Хе, сүйүп калган имиш. Өлүп калсаңчы! Экинчи ал неменди, Кадыржандын үйү эмес, босогосун аттагыс кылам. Эмнеге эле мынчалык жасанып, түзөнүп боенуп алган десе...

Нуржан. Ал сенин ишиң эмес.

Шекер. Менин ишим.

Нуржан. Сен эмне эле мага тийишесин, ыя?!

Шекер. Сүйлөбө, бети жок! *(Экөө жаакташып. жаңжал күчөйт. Калыя ортого түшүп арачалайт. Алымсабак ирээтсиз сөздөр. Ким эмнени айтып жатканын ажыратып болбойт).*

Калыя. Болду дейм! Келатышат! Чатырга киргиле *(Чатырга кирип кетишет. Жекшен, Бегаалы, Кадыржан, Султангазылар келишет).*

Жекшен. Керемет. Айды карасаңар... Чоор үнүнүн коштоосу менен алыска-алыска калкып бараткансыйт.

Кадыржан. Бекем өзү да асман деңизиндей адам го. Охо... бул киши болбогондо, мен кайда болот элем? Адамкерчилиги менен мени ушул жерге тушап таштады.

Жекшен. Чөйрөң жакшы болсо какыраган чөлдө жашасаң да ыраазысың.

Султангазы. Мындан артык бакыт болбойт. Калыңыз биз менен.

Шекер. Эмнеге калмак эле, конок болуп сыйы менен кете берсин.

Султангазы. Ой, сен эмне жүрөсүң? Бар үйгө.

Кадыржан. Жөн кой, биз менен болсун. Охо, сен жеткен феодал окшойсуң.

Султангазы. *(сыр көрсөтө)*. Эркектердин сөзүнө аралашпасын. *(Бегаалы, Кадыржан, Жекшен сахнадан чыгып кетишет)*.

Шекер. Эй, бас бери, ысык шиш менен тилинди кайрып коёюнбу, ыя *(кубалайт)*.

Султангазы. Кантет, кантет!.. Мен сени ийменчээк аял деп, элдин баарына мактап жүрсө... Кел, өөп коёюн...

Шекер. Ооба, эл жок жерде өбүшүп, эл бар жерде урушуп...

Султангазы. Кулдугум бар, эркем *(Шекерди өпкүлөйт. Шекер капталынан катуу чымчып алат)*. Ай!.. Келе жатышат. *(Бегаалы, Кадыржан, Жекшен келет)*.

Кадыржан. Бүгүн райкомдун секретарынан түшсөң эртең намыстанбай кочегар бол. Турмуш... жашаш керек... Кимге таарынасың?..

Жекшен. Сен жан дилиң менен чабан болгон экенсиң.

Кадыржан. Кыргызды малдан ажыратпасын. Кой, ата журтума ак кементай, ак өргөө болуп, териси сууктан, эти ачтан сактаган мал. Кой баккандан терикпейм.

Жекшен. Сүйүп иштеген кесибим дечи.

Кадыржан. ...Кесиппи, милдетпи, айтор иштеп жүрөм. Былтыр район боюнча төлдөн экинчи орунга чыктым. Сыйлык беришти. Бекем айткандай, космоско учпайбыз, жаңылык ачпайбыз, колдон келген жакшылыгыбыз ушул.

Бегаалы. Канчалык далалат кылба, турмуш ар кимди өз ордуна чектеп коёт.

Султангазы. Кээде өз бактыбызды өзүбүз сезбей, турмушка шылтап, наалый берчү өнөкөт таап алдык. Калаабы, талаабы көңүл куунак өмүр өтсө болду. Эгер таланттуу артист болсоңуз, театрдан эч качан кетмек эмессиз.

Кадыржан. Султангазы!

Жекшен. Мейли, сүйлөй берсин.

Султангазы. Же мен калп айтамбы?

Бегаалы. Өзүң түшүнбөгөн нерсеге кийлигишпе, Султан.

Султангазы. Эмне үчүн түшүнбөйм? Айда сонун түшүнөм.

Бегаалы. Театрды унута албасаң, мүмкүн кайра барарсың.

Жекшен. Жок, Беке. Кыркка чейин эл оозуна илинбеген, мындан ары илинемби. Жөн эле текке кеткен өмүрүмдү ойлоп...

Кадыржан. А геологдогу ишиң жагабы?

Жекшен. Геологдордун бир асыл сапаты эчтеке таппасаң да, табамын деп издейт.

Султангазы. Бизге кел, Жекшен. Башка жактан табылбаган бакыт тоодон табылат. Же калп айтамбы? Көзү башыңды акшыңдатып артист болгончо... Мына биздин турмуш жакпайбы?.. Таза ава, тунук булак... Хе... артист.

Жекшен. Сен артисттик кесипке шек келтирбе, дос. Ал мен!.. *(Ордунан туруп, обочолоп кетет)*.

Бегаалы. Жекшен сенден акыл сурабайт, Султан! Оозуңа келгенди сүйлөй бересиңби? *(Кадыржан артынан барат)*. Сен адамдын ички сырын түшүнгөнчө көп бар, али... *(Жекшен, Кадыржан кайра дасторконго келет)*.

Султангазы *(Жекшенге)*. Мен сени капа кылам деп оюма да келген эмес. Кечирип кой.

Кадыржан *(көңүлүн көтөрүп)*. Уу!.. Алдыда канча рахаттуу өмүр жатат. Кел, бардык жакшылык үчүн!

Жекшен. Аялыңды чакырбайсыңбы, биз менен отурсун.

Кадыржан. Нуржан!.. А, Нуржан!.. *(палаткадан Нуржан чыгат)*. Кел, биз менен...

Нуржан *(суз)*. Ичип жүрчү белем?!

Кадыржан *(тамашалап)*. Элдин көзүнчө ичпейт.

Нуржан *(ызаланып)*. Иче бер өзүң! *(Кейкейип кайра кетет)*.

Жекшен *(стаканды кагыштырып, ичип жиберет)*. Алып чык баянды! Жаман артист болсом да артистмин да... *(ойнойт)*. Эсиңдеби, Кадыржан?.. Көчө бойлоп чаң ызгыта бийлеген учурлар... *(шаңдуу, ритмдүү музыка ойнойт. Кадыржан бийлейт. Султангазы кол чапкылайт)*. Ме, ойно Кадыржан! *(Кадыржан ойнойт. Жекшен бийлейт)*.

Бегаалы. Оп, баракелде! Өмүрлүү болгула!..

Кадыржан. Мен сенин дайым ушундай шаңдуу жүргөнүңдү каалайм, Жекшен!

Жекшен *(бийлеп бүтүп)*. Оо, таң сүрүптүр. Мен кетейин достор. Рахмат. Шаарга келсеңер үйгө келип, конок болгула.

Бегаалы. Ат минип кет, Жекшен. Султангазы, тору кунанды току.

Жекшен. Рахмат. Кайсы кызматым үчүн ат минип, кереги жок, Беке.

Кадыржан. Ата салты, антсең таарынып калабыз. Болбосо тартынбай берип, жок болсо уялбай алыш керек. Бүгүн бизде жок оокат эртең сенде болот. Ошо да кеппи *(кучактайт)*. Жыргап калдым. Ар дайым оюмда жүрдүң Жекиш. Кыял жоруктарыңды сагындым... Керекпи? Алып тур... Мен узатып келейин, Бегаалы аке.

Бегаалы. Албетте, Султан, сен күн чыга электе койлорду короодон чыгар.

Жекшен *(баары менен кол алышат)*. Кошкула... Рахмат, жакшы калгыла. *(Султангазы Шекерди, Бегаалы Калыяны ээрчитип кетет. Обочодон Жекшен менен Ка-*

*дыржандын созолонто ырдаган үндөрү угулат. Экинчи жактан Шекер менен Султангазынын чой-чойлогон үндөрү чыгат. Сахнада эч ким жок. Таң аппак атып, күндүн нуру чачырайт. Дасторкон жыйылбай баягы ордунда турат. Нуржан керилип-чоюлуп палаткадан чыгат).*

Нуржан. Таң атканча уктабай чыгыштты. Уф, жашабай жатып бетке бырыш түштү. Кой деп жүрүп, кой болуп кетмек болдум. Жайкысын ысык палата... кышкысын көң жыттанган там... Же кино көрүп, жаңылык укпасак... жылдыздай жанган жаштык өтүп, ай талаада өчүп баратат (күзгүдөн жүзүн карап). Аа жылтыраган байкуш!.. Күн сайын өзгөрүлүп баратат... Күн сайын! Кеч кирсе таң атпайт, таң атса күн батпайт... Эртеден кечке тиктегениң аска зоо *(Султангазы кирет)*.

Султангазы. Ким менен сүйлөшүп жатасың?

Нуржан. Көлөкөм менен.

Султангазы. Автолавка келди. Бирдеме алат белең?

Нуржан. Албайм эчтеке!

Султангазы *(күлүп)*. Эмне урушасың?

Нуржан. Койгулачы?! Кекетип-мокотпогулачы?!

Султангазы. Ким сени кекетип-мокоткон?

Нуржан. Баарыңар! Кече аялың келип...

Султангазы. Эркесиң да, сулуу... Ырысың бар экен.

Нуржан. Ооба, маңдайымдан шорголоп агып турат.

Султангазы. Эшектин жүгү жеңил болсо, жатак болот. Таякты колуна карматып коюп, күндө кой артынан кубалап турганда...

Нуржан. Башка жакшылыгың жокпу? *(Сүйлөшкүсү келбей палаткага кирип кетет. Султангазы кетмекчи болгондо пальто, өтүк көтөрүп Кадыржан келет).*

Кадыржан. Автолавка келди.

Султангазы. Көрдүм.

Кадыржан *(алып келгендерин көргөзүп)*. Нуржанга алдым. Жактырар бекен?

Султангазы *(какшыктап)*. Үч жүз сомдук тон алып берсеңчи.

Кадыржан. Жаш эмеспи кийсин. Нуржан ойгоно элек бекен? Ай абдан уйкучу да... Айбандан арыстан, адамдан Нуржан көп уктайт. Нуржан! Тур, тура гой! Адам аз уктаса жарыкчылыкты көп көрүп, узак жашайт. *(палаткадан Нуржан чыгат)*. Көрчү, сага алдым. Адими пальто, адими өтүк. *(Нуржан пальтону кием, сүйрөлүп чоң келет)*. Каап! Мындай этек, жеңин бүйрүп...

Нуржан *(пальтону чечип)*. Койнунда жаткан аялыңа чак келер кийимди билбесең...

Кадыржан. Атка мингенде кий.

Султангазы *(тамашага жооткотот)*. Сен илгерки байдын байбичесиндей кийинтет турбайсыңбы? Тоого көчкөндөгүсү бир башка, жакага түшкөндөгүсү бир башка.

Кадыржан. Өтүк жагабы?

Султангазы. Мындан кымбаты жок бекен?

Кадыржан. Шекерге ушундайдан бирди сатып берсеңчи.

Султангазы. Мындай өтүк Шекерге жарашпайт.

Кадыржан. Эмне үчүн? Музейге кое тургансып, кырк-элүүдөн жууркан жыйганча, бой түзөп кийинген жакшы.

Султангазы. Биз жууркан да жыйбайбыз, мындай өтүктү да кийбейбиз. Койчуга сумка кармап, кой кайтарган жарашпайт.

Кадыржан *(күлүп)*. Сойдуң Султангазы *(Нуржанга)*. Уктунбу? *(Шекер кирет)*.

Султангазы. Берээк басып көрчү? Пери болуп кеткенсиңби?.. *(Жоолук, чай-чамек алып Калыя кирет)*.

Калыя. Алдагы тонду Шекерге сатып бер.

Султангазы. Канча турат экен.

Шекер. Төрт жүз сом *(Султангазы ышкырып коет.)*

Калыя. Ышкырынбай сатып бер. Карачы, чүрөк болуп калат экен, аялың *(колундагы өтүктү берип)*. Мобу өтүктү да сатып бер *(Шекер өтүктү кием)*. Эң сонун, сараңданбай муну да сатып бер.

Султангазы. Ары-бери басып көрчү.

Шекер. Эчтекенин кереги жок *(чечип)*. Ме, алып барып бер.

Султангазы. Жок... жок... сатып берем. Жаным, жүр, жүр. Кудай урсун сатып берем *(Шекерди жетелеп кетет)*.

Калыя. Таттуу-паттуу, майда-чүйдө, жоолук-кече алдым. *(Транзисторду көрсөтүп)*. Бегаалыга алдым (бурайт, музыка ойнолот).

Кадыржан. Көп ааламдан кеп салып берет. Мыкты транзистор.

Калыя *(конфет, печеньяларын түйүп)*. Балдарымды бир кубантайын!.. (Кетет).

Кадыржан. Бучугум менин, бас бери. Керектүү оокаттарың болсо, өзүң барып тандап ал. Дүкөнчү көп буюм алып келиптир.

Нуржан. Эчтекенин кереги жок, мага!

Кадыржан. Кел эми өөп коёюн?

Нуржан. Кетпейсиңби коюңа?!

Кадыржан. Барбайм. Кечке тиктеп кашыңда отурам.

Нуржан *(мазактагандай)*. Ай жыргал, ай!

Кадыржан. Болор-болбос нерсеге таарынып...

Нуржан. Сага ким таарынат. Акмалабай кетпейсиңби? *(Өзүнчө)*. Аңдыганы эле мен! Мындай дүлөй турмушка туш болоорумду билсем?!.

Кадыржан. Эмне дедиң?

Нуржан *(паузадан кийин)*. Мен кош бойлуумун... *(ыйлап жиберет)*. Бар нары! Койлоруңа бар! *(Буулугуп ыйлайт)*. Сен болбосоң!..

Кадыржан. Чынбы? Чынбы, Нуржан?! О кудай! Мына бакыт, мына ырыскы! Эми биздин балабыз болот! Ээй, Султангазы, Калыя, Шекер! *(Кыйкырып)*. Бегаалы!.. Кайда жүрөсүңөр?! Быякка келгиле! Нуржан! Эми биз бактылуу болобуз! Э-эй биз балалуу болобуз!

Нуржан. Бул эмнесине кубанат?!

Кадыржан. Эмне дедиң?

Нуржан. Эчтеке... *(Автолавкадан сатып алгандарын көтөрүп, Шекер, Калыя, Султангазы келет)*.

Султангазы *(комузун кыңгыратып)*. Эмне болуп кетти?

Кадыржан. Жакшылык! Кечинде балдарыңар менен биздикине келгиле. Чоң той берем! Азыр бүт автолавканы сатып келем! *(Чуркап кетет)*.

Бегаалынын үнү. Э-эй, Султангазы, Кадыржан!

Султангазы. Бегаалы аке чакырып жатат, жүргүлө! *(Калыя, Шекер, Султангазы кетет. Нуржан жалгыз калат. Ыйлайт)*.

Кадыржан *(кубанычы ичине батпай көтөрүнүп келет)*. Мына килем, муну алдыңа төшө Нуржан. Мына наристеге одеял, карачы жумшактыгын! Жагабы? А мына бул сага чылк жибек. *(Нуржан үн катпайт)*. Эмне ыйлайсың? Эмне болду сага?

Нуржан *(ыйын токтотпой)*. Ыйлаган жокмун! О-о-о! *(Колу менен бетин басып палаткага кирип кетет. Кадыржан ызалуу чылым чегет. Пауза. Бегаалы кирет)*.

Бегаалы. Эмне маанайың пас?

Кадыржан. Күн бүркөлгөнгө сөөктөрүм сыздап жатат. Кыясы жаан жаайт го.

Бегалы. Тоо башын кардап кирди. Бороон болбогой эле. Койлорду төмөндөтүп этеке жайбасаңар...

Кадыржан. Азыр барам, Беке *(Бегаалы кетет. Палаткадан Нуржан чыгып тунжурап отурган Кадыржанга келет)*.

Нуржан *(жумшак)*. Эмне отурасың?.. Тоого кар жаап жатат.

Кадыржан. Билем.

Нуржан *(колу менен тамекинин түтүнүн желпип)*. Кечкиге конок чакырдыңбы?

Кадыржан. Ооба.

Нуржан. Конок камын көрөмбү?.. *(Кадыржан үн катпайт)*. Айтчы, эмне кылайын, Кадыш?

Кадыржан *(ордунан туруп)*. Билбейм, өзүң бил... *(илкий басып чыгып кетет. Нуржан аны көзү менен узатып жалгыз калат)*.

**К ө ш ө г ө**

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Түн. Кыш. Улуган шамал. Ыйлаган жаш баланын үнү. Терезесин бубак баскан там. Үй ичи жупуну. Кроват, радиоприемник, ирегеде илинген санитардык сумка. Текчеде ирээтсиз чачылып жаткан газет-журналдар. Асма чырак булбүлдөп, үйгө күңүрт жарык берет. Бешиктеги бала өпкөлөп жатат. Шаша Нуржан кирет. Мылтык үнү угулат.

Нуржан *(үстүндөгү тонун чечип, бешикке келет).* Ай, ай, ай!.. Мына, мына!.. *(Төш бүчүлүгүн чечип бешикке эңкейет).* Өпкөсү көөп калган тура! Оозу ысып чыгыптыр... Же кай жериң ооруганын билбейм... Укта, уктап калчы?.. *(ыйламсырап).* Тарс-тарс!.. Айт-ууйт!.. Маа... мөө!.. Ач кыйкырык, куу сүрөөн *(алыстан карышкыр улуйт).* Уктуңбу?! Түнкү серенада башталды... *(эшик ачылып. Шекер кирет, Шекердин колунда мылтык).*

Шекер. Сен үйдөсүңбү? Кадыржан кайда?

Нуржан. Жоголгон койлорун издеп кетти.

Шекер *(тонун чечип, мешке жылынат).* Такыр коркчу эмес элем, көчөкү окуядан кийин бир аз коркуп жатам.

Нуржан. Мылтык аткан сенсиңби? *(Чай берет).*

Шекер. Ооба... Кечээ Бегаалы акенин коюн эки карышкыр жеп кетпедиби. А өзү болсо төшөктөн турбай дале ооруп жатат... Султангазынын кеткенине үч күн болду *(бешикке эңкейип).* Кадыржандын эле өзү. Эмне, эти ысык, чырмыктап атабы?

Нуржан. Сасык тумоолоп калса керек.

Шекер. Кана, күлүп койчу, күл дейм? Күлдү, карасаң! Көзү, мурду, кулагы бүт Кадыржандыкы, үйдө бала-ба-

кыранын көп болгону жакшы. Ызы-чуу... Күлкү-ый... Менин эмнеге келгенимди билесиңби?.. Жалгыз коркуп жатам, менин жанымда болчу, Нуржан *(мылтык атылат)*. Ай! Бул Калыя! *(Чуркап чыгып кетет, дагы мылтык үнү угулат)*.

Нуржан. Жинди десе, баланын жүрөгүн түшүрүп... *(Бешик терметет. Кадыржан келет)*.

Кадыржан *(чечинип жатып)*. Эшикте ит өлгөндөй суук!.. Кара кыядан келген шамал төөнү учурчудай... Үйүң үп болуп кетиптир, эшикти кыйшайтып коёюнбу?

Нуржан. Суук тийет, балага.

Кадыржан. Ороп-чулгап баланы жаман көндүрүп жатасың.

Нуржан. Ымыркай немени эмитен эле...

Кадыржан. Эмитен бышсын...

Нуржан. Эти ысып жатат.

Кадыржан. Арча түтөтүп койсоң го... *(бешикке келип баланы карайт)*. Мынча эмне арык?..

Нуржан. Витамин жетпейт.

Кадыржан. Куйрук сордур. Кой эти бүт бойдон витамин.

Нуржан. Алма, жүзүмдүн ширеси керек.

Кадыржан *(колун серпип)*. Жарабаган кеп. Дайым болуп турбаган соң...

Нуржан. Ичкенибиз кардын суусу...

Кадыржан. Башталды!

Нуржан. Мени өлтүрүп жаның тынбаса, айтканым айткан.

Кадыржан. Тирүүчүлүктө жай таппаган адам, өлгөндө жай табабы?..

Нуржан. Ушундай турмуштан көрө, өлгөн артык!

Кадыржан. Тобо де, Нуржан... *(сөзгө алаксы та радио приемникти бурайт. Кырылдаган үн чыгат)*. Приемникке эмне болгон?..

Нуржан. Батереясы түгөнгөн.

Кадыржан. Спидола сатып берем *(китеп алып барактайт)*. Адам акылынан сыгылып чыккан асыл ойлорго туңгуң келсе, мына чекесинен алып окуй бер.

Нуржан. Окугам аларды.

Кадыржан *(тамашалап)*. Быйыл сени окууга жиберсемби. Кой, бала жытына көнүп алган аял жакшылыктуу окуй албайт.

Нуржан. Андан көрө жибергим жок десеңчи!

Кадыржан. Мектептен алган күмүш медалың бар, дагы о, оо алтын медаль аласың.

Нуржан. Сен аман болсоң бардык медаль меники болот.

Кадыржан *(жылмайып)*. Эмне?.. Жаманбы?..

Нуржан. Кыйын экенсиң! *(Кадыржан күлө, Нуржандын жанына барат. Сүймөнчүктүү бетинен өбөт)*.

Кадыржан. Күлүп койсоң боло?

Нуржан. Ха, ха, ха!..

Кадыржан *(акырын баян ойнойт. Нуржан суз отурат)*. Ырдап берейинби?.. Ээй, эмнеге уйкум келбейт?..

Нуржан. Бала ойгонот!

Кадыржан. Сени жибитүү кыйын го, кыязы? Нуржан, йод кайда?

Нуржан. Сумкада, коробкада *(Кадыржан эки асма чырак күйгүзөт)*.

Кадыржан. Ветврачты күтүп отурбай... койлордун мээсин тазалап коёюн (санитарлык сумканы алып эшикке чыгат).

Нуржан *(бешикти терметип)*. Койдон башканы ойлобойт. Узун куйрук төгөрөк кой жок. Тиги кой жок, бу кой жок. Түшүндө да чой-чойлоп чыгат... Күпчүйүп жайы-кышы жонубуздан чапан түшпөйт... Бактылуу кылам деп коёт! Кулак-мурун кесилгенсип, тоо таштын арасында калдым. Эл-жер көрүү, адамча жашайлы десе... Кудайдын отун уурдагансып... (Кадыржан кайра келет).

Кадыржан. Күндүз дарылабасам, караңгыда көрүнбөйт. Көк мээ болгон үч койду далиске кийрип коёюнбу...

Нуржан. Маа десен кроватка жаткырып кой.

Кадыржан. Арбак аткыр! Оң сүйлөсө тескери сүйлөйт.

Нуржан. Ансыз деле аралашып калдык.

Кадыржан. Күйгүзбөчү, Нуржан?! Алтыным! Чолпонум! *(Пауза). (Бешиктин жанына келип ызалуу отурат).* Балаң ойгоо жатат. Эмиз баланы?

Нуржан *(какшыктап).* Куйрук сордур. Витамин эмеспи!..

Кадыржан. Долу энеңдин долусу кармады. Эмне кылабыз? Бармагын соруп жатат. Эмиз дейм! *(Нуржан көз караштан сездеп, бешикке келет).* Акылың болсо, анча-мынча кыйынчылыкты билмексенге салып койбойсуңбу?.. Адам дайым эле жыргап жүрсө, кайсы күнү жыргаганы билинбей калат. Кышкысын бир аз кыйналсак, жайкысын жакшылыгын эки эселеп аласың.

Нуржан. Мага жайы-кышы бирдей... Жапайы адамдардан бетер.

Кадыржан. Ырыс тепсин сени! Малдын туягы урсун! Ата конушун жериген кишиден кандай жакшылык күтүүгө болот. *(Нуржан титиреңдеп, жерге төшөк салып, өзү кроватка жатып алат. Кадыржан ызасын алаксыта, бирде китеп тиктесе, бирде баян ойнойт).* Чыдадым, оо көпкө чыдадым! *(Кайра жумшак).* Нуржан!

Нуржан. Эмне?

Кадыржан. Купулуңа там жакпаса, жайында асты-үстүн тактайлап берем.

Нуржан. Ошондо эле жыргалга жетебизби?

Кадыржан. Сөз жесең?..

Нуржан *(тирмийип).* Мына, айта бер?

Кадыржан. Баары сонун болот. Турмуш өзгөрөт. Шарт түзүлөт. Акча топтоп, каалаган жакка саякат жасайбыз.

Нуржан. Раазымын баарына.

Кадыржан. Бешикте перзентибиз бар.

Нуржан. Мен да бирөөнүн перзентимин.

Кадыржан. Сен перзент болбой жерге кир! Тажаал!

Нуржан. Ошентип, жек көрөр күнүң кана!

Кадыржан. Жүрөгү таш, мерес! *(Пауза)*. Жамандыгымдан же иш таппай калганымдан жан корголотуп жүргөн киши эмесмин. Колумдан баары келет... Сыйлаганым адам абийири. Жолдошторум... Бегаалы акем, сен, балам! *(Пауза)*. Каадалуу кишиче коомдук малдын милдетин алып, кайра каадасыз немече өткөрүп берсем, эл эмне дейт?.. Билем, кыйын... өтө кыйын... Бирок, женил оокат кайда?.. Түшүн Нуржан. Адам түйшүктөн чыйралып, түйшүктөн энчи табат.

Нуржан. Уга жүргөн куру кайрат.

Кадыржан *(тутпөй эркелете)*. Ай, бучугум ай! Мейлиң, кыш чыкканча кыштакта бол.

Нуржан. Кетсем, биротоло кетем.

Кадыржа. Ажырашасыңбы?

Нуржан. Ажырашам!.. *(Кадыржан ачуусу келип Нуржандан көзүн албайт)*. Караба антип караба антип!.. *(Жуурканга чумкөнөт. Кадыржан салаңдап, сыртка чыгат. Үңкүйүп ташка отурат. Чылым тартат)*.

Нуржан *(үйдөн)*. Адам сыяктуу жашагым келет. Окуудан калдым. Теңтуштарымдан бөлүндүм... Мени менен бүткөндөр окуп, иштеп жүрүшөт. А мен думугуп...

Кадыржан *(сырттан)*. Балким ойлоноор... Балабыз бар...

Нуржан *(үйдөн)*. Эрден чыккан аялдар толуп жатат. Жалгыз жанымды бага албасам...

Кадыржан *(сырттан)*. Чындап окууга дилгир болсо, Жекшендикине табыштап койсомбу?.. Бүтүп келгендечи?.. Ошондо турмуш болобу?..

Нуржан *(үйдөн)*. Айлам кетсе дүкөнчү болом.

Кадыржан *(сырттан)*. Мм да... Маң болдум... Эч качан капа кылбайм дечү элем... Жаңыдан жердин уусун алып, малдын тилин түшүнө баштаганда, минтип үй-бүлөдөн жарака чыкса... мен акмак муну жакшы көрөм. А бул акмак аны билип алып...

Нуржан *(үйдөн)*. Эки жыл эки кылымга тете болду. Жаның жай албайт. Ээ шордуу жаным!.. Кандай күнү ушуга туш болдум?

Кадыржан *(сырттан)*. Жаш эмеспи... Көнөт... Каныгат... Этегин дагы балдар басса, энелик мээрим күчөп, кыйынчылыктар унутулуп калат.

Нуржан *(үйдөн)*. Жыйырма төрт жыл жаш – күлгүн мезгил... Кечтим ушундай турмуштан...

Кадыржан. Эй, сен ким?

Султангазынын үнү. Желмогуз!

Кадыржан. Султангазысыңбы?

Султангазынын үнү. Жан алгыч! Коюнду алайынбы, жаныңды алайынбы?

Кадыржан. Дабдыраба! *(Мешок көтөрүп Султангазы кирет)*.

Султангазы. Корктуңбу?

Кадыржан. Ооба, жүрөгүм түшүп калды.

Султангазы. Эшикте эмне турасың?

Кадыржан. Сейилдеп... Үй ысып чыкты... Мынча эмне кеч?

Султангазы. Жол күрткү, ат баспайт.

Кадыржан. Доктуруң кана?

Султангазы. Эртең келишет. Башкарма жок. Замфермага айтсам, мышмыйып ийнин куушурат.

Кадыржан. Башкарма кайда экен?

Султангазы. Турист болуп чет мамлекетке кетиптир. Бекем кандай?

Кадыржан. Жатат төшөктө, жанагы мергенчи сөрөйлөр ит, куштун күч алып турганында мергенчилешпей, саратан жайда элик, суур аткылашып тим болушат. Түндө эки коюн жедирип ийди.

Султангазы *(кейип)*. Каап!.. Ооруп жатканда...

Кадыржан. Кир үйгө *(үйгө киришет)*.

Султангазы. Уктадыбы?

Кадыржан. Чарчады байкуш.

Султангазы.Короо кайтарды беле?

Кадыржан. Ии.

Султангазы *(ыраазы болуп)*. Ошентсең, үстүнө үйрүлүп түшпөй. Кээ бир аялдарга үйрүлө берсең, манчыркап кетет. Айыл ичи ууду, жоро-бозо, кыз алып, кыз бербейлер *(мешоктон газет, журнал алып чыгат)*. Бир айдан берки газет, журналдар.

Кадыржан *(бир газетти алып окуйт)*. «Кыштоо кыркаларынан». «Биздин маяк». «Талап, мезгил, чарба».

Султангазы. Өлүм-житим жокпу?

Кадыржан. Азырынча жок.

Султангазы. Менин алтыным кандай?

Кадыржан. Сенин алтының жүрөт, заңкылдап ырдап.

Султангазы. Ал ошондой, эргул.

Кадыржан. Атайы барып доктур ээрчитип келбей...

Султангазы. Суук тийген, жылуу-жумшак жатсын дейт.

Кадыржан. Хе, көрбөй туруп диагнозун койдубу?

Султангазы *(Нуржанга)*. Апей... көзүңдү жылтыратпай келбейсиңби?

Кадыржан. Эй, Султангазы сага салам айтып жатат.

Султангазы. Жаңы жылды кандай тособуз, беш күн калды.

Кадыржан. Былтыркыдай Бекемдикине чогулабыз. Баян бар, чоор бар.

Султангазы. Убакыт суудай агып, тез өтүп жа¬тат, Нуржан турбайсыңбы? *(Кадыржан жөн кой деген маанide жаңсайт, Султангазы эмне болду дегендей суроолуу карайт)*. Урдуңбу? *(Кадыржан башын чайкайт)*.

Кадыржан. Аай!..

Султангазы *(жерге салынган төшөктү карап)*. Бу жакшы жышаан эмес. Ээ аюудай болгон байкушум. «Тандаган тазга жолугат». Көзүн карап жүрүп ушул ахвалга келдиң. Нуржан! *(Нуржан үн катпайт)*. Башыңызды көтөрүп, сөз угуңуз, сулуу. Койчунун жини келсе, көчкү жүрөт, билесизби?

Кадыржан. Жөн койчу, Султан.

Султангазы. Муну менен өзүм сүйлөшөм.

Нуржан. Эмне керек, силерге?!

Султангазы *(төшөктү көрсөтүп)*. Бул эмне жоругуң?.. *(Кадыржан Султангазыны Нуржандын жанынан алып кетет)*. Ушинтип отурсаң!.. Чала сага!

Кадыржан. Аял урган эрдикке жатпайт.

Султангазы. Баарыбыз эле аялды жакшы көрөбүз. Бөтөнчө эле... *(энтиге шашып Калыя келет)*.

Калыя. Эмне турасыңар? Бегаалы чыдабай жатат!

Кадыржан. Эмне дейт?!

Калыя. Эти от-жалын! Чабалактап!..

Кадыржан. Азыр, азыр барабыз *(шаша кийинишет)*. Шелпейген жаман, атайын доктурга жиберсе!..

Султангазы. Эртең келет дебедимби?

Кадыржан *(Нуржанга)*. Тур өйдө! *(Мылтыкты берип)* Карма муну! *(Ичикти ыргытып)*. Кий ичикти? Бас! Короодон көзүңдү алба?! *(Нуржан ачуулу кебетесинен сездеп айтканын кылат. Сыртка чыгып мылтык кучактап авансценада отурат. Бегаалынын үйү. Кадыржандын үйүнөн үй жасалгасы менен айырмаланбаса, бир типтеги үй. Үй ичи таза, ирееттүү. Бегаалы оор дем алып кроватта жатат. Дубалда илинген асма чырак, анын жүзүнө жарык берет. Бегаалыны тегеректеп отургандар: Кадыржан, Султангазы, Калыя. Көпкө тынчтык. Кадыржан Бегаалынын колтугунан градусникти алып акырын башын чайкайт)*.

Султангазы. Эмне?

Кадыржан. Температурасы түшпөйт.

Султангазы. Бекеме эки таблетка эмне болот? Бер дагы экини.

Кадыржан. Дозасынан ашып кетсе...

Султангазы. Норсульфасолдун зыяны жок.

Кадыржан *(Бегаалынын чекесин басып)*. Муздак тер...

Султангазы *(Калыяга)*. Пенцилин барбы?

Калыя. Бар.

Султангазы *(Кадыржанга)*. Ийне салып көрөлүбү?

Кадыржан. Ийне салганды билесиңби?

Султангазы. Шекер ооруганда өзүм эле ийне сайып жүрөм.

Кадыржан *(Калыяга)*. Тамак ичтиби?

Калыя. Наар албайт.

Кадыржан. Беке, а Беке!

Бегаалы. Ме...

Кадыржан. Оокат ичесиңби?

Бегаалы. Суу. Суу *(башын көтөрүп отурат. Калыя суу алып келип, Кадыржанга берет. Кадыржан азаздан ууртатат)*.

Кадыржан. Кандайсың, Беке?

Бегаалы. Жакшы.

Калыя *(сүт алып келип)*. Сүт ич.

Бегаалы. Сумбала эрте чыкты. Кыш каат болот. Жем, чөбүнөрдү үнөмдөгүлө. Карышкырлар күчүктөгөн кезде тукумун үзүш керек. Кечээ эки койду алдырып жибердик. Кынык алып алышты, эми тынчтык бербейт.

Кадыржан. Ага кейибе, Беке.

Бегаалы. Кейибей койчу беле, бөөдө чыгым болуп...

Кадыржан. Кай жериң ооруйт, Беке?

Бегаалы. А бу бир келген жел оору. Коркпогула. Ажал келсе кутудагы жанды алат. *(Султангазыга)*. Качан келдиң?

Султангазы. Азыр эле келип, Кадыржандыкында отургам. Ага туугандарың салам айтышты.

Бегаалы. Саламат болушсун. Биздин уулга жолуктуңбу?

Султангазы. Айбеккеби? Жолугуп, өтүк алып бердим.

Бегаалы.Окуусу кандай экен?

Султангазы. Бу чейректе ударник болуптур.

Бегаалы. Быйыл мектеп интернатка өткөрөм деп, колум бошобой калды. Келеркиде өтөөр. Оф... Туз, түгөнүп баратканын айттыңбы?

Султангазы. Айттым. Жеткирип беришет.

Бегаалы. Зоотехник, ветврачка эмитен кулактай жүргүлө. «Кыр-Жол» жайытын өзүбүз жайлайбыз. А жердин оту күчтүү.

Султангазы. Олдо Бекем ай! Ооруп жатса да кой оюнда.

Бегаалы. Баланын кебин сүйлөйсүң Койчуда башка кандай ой болот *(тыңшап)*. Кой дүрбөдүбү?

Султангазы. Бороон.

Бегаалы *(Калыяга)*. Короону кара, кашайтып кетпесин.

Калыя. Короону тегерете каракчы койдум *(пауза)*.

Бегаалы *(Калыяга)*. Кечээ бир аз опузаладым... Кечир айым... *(Кадыржанга)*. Сени Нуржан кыйнап коёр бекен?.. Мени билбейт дейсиңби?.. Баарын билем. Кетем десе кетирип ий. Бүлө болбойт. Кор болуп каласың. Билем, дилиңден жакшы көрөсүң... А мен ушул күнгө чейин Калыяны дилимди көргөзүп эркелете элекмин. Түшүндүңбү? Сезим козголуп, жүрөк делбип калган. Бара-бара унутасың. Таарынттымбы? Чындыкты айттым... Сезгенимди айттым. Оф, ич өрттөнөт! Аязга чыгып, муздак абадан кере-кере дем алсаң ээ... Кече түнү карышкыр аңдып, таң аткыча короонун четинде отурдум. Ылайым короодон кой алдырган жан эмес элем. Ичим күйүп калды *(Султангазыга)*. Шекериң жол карап отургандыр, барсаңчы.

Султангазы. Аялды сагындырып барсаң, барктуу болосуң, Беке.

Бегаалы. Ата-а, эргул, ырасын айттың. Бирок, Шекердей келин болбойт. Тың.

Султангазы. Менин таалимим да, Беке.

Бегаалы. *(Кадыржанга кыйыта)*. Койчунун бир бактысы аялы... Мм... *(Түйүлүп ичин басат)*. Ушул жаман илдетке алдырып коёмбу?.. *(Пауза)*. Жоок, Бегаалы оңой менен алдыра койбос *(кийинет)*.

Кадыржан. Этиң ысып, тердеп турасын, Беке?

Бегаалы. Оорудум деп жата берсе, киши ого бетер ооруй берет. Кычырата кар басып, короону бир айланып келбесем, тамеки тартпай калган кишидей бук болуп кетем. Тыңшагылачы. Кой үрктүбү?

Кадыржан *(Султангазыга)*. Чоң жолго чейин нече километр?

Султангазы. Аттын текирең таскагы менен бир жарым сааттык жол.

Кадыржан. Анда тез чана кур.

Султангазы. Жарайт *(чыгып кетет)*.

Бегаалы. Кайда?

Кадыржан. Чыйрал, Беке? Доктурга барабыз.

Бегаалы. Караңгыда... мал эмне болот?

Кадыржан. Ээ мал, мал! Малды кудай албайт! *(Кийиндиришет)*.

Бегаалы. Таң атсынчы, мүмкүн жакшы болуп калармын.

Кадыржан. Жок Беке, азыр жөнөйбүз.

Бегаалы *(Калыяга)*. Булар ээликсе болбойт. Түнкүсүн короо тегерете асма чырак илип жүр.

Кадыржан. Биз келгиче талаага жайбай, жемчөп берип, короого кармагыла.

Бегаалы. Жайытка көнгөн мал туягы менен жер тепкилеп бирдеме кайсалабаса, жем-чөпке алымсынбайт.

Кадыржан. Жоолук барбы? *(Калыя жоолук берет, Бегаалыны жоолук менен курчайт. Султангазы кирет)*.

Султангазы. Чана даяр!

Бегаалы. Өх, муздак абанын жыты.

Кадыржан. Чанага барып жатсаңчы.

Бегаалы. Жок, жатпайм *(Кадыржан колундагы саатын карап)*. Саат эки *(Калыяга)*. Сен эмне турасың? Кете бер, чананы айдап.

Калыя. Машина чыкпай калса...

Кадыржан. Кандуу жолдон кантип бир машина өтпөсүн.

Калыя *(Бегаалынын жака мойнун кымтылап)*. Үшүгөн жоксунбу?

Бегаалы. Жок *(Пауза. Калыя Бегаалыны кучактап ыйлайт)*. Кантет.

Кадыржан *(Калыяны колдон алып)*. Сен эмне?

Калыя. Үч күндөн бери наар алган жок.

Кадыржан. Жаман жорукту баштап...

Калыя. Коюңдан кам санаба, Бекиш!

Бегаалы, Дары-дармек алып, кайра эле жүрө берем.

Калыя. Жакшылап көрүн?.. Чоң доктурга көрүн *(кетет)*.

Бегаалы.Байкуш аялдардын жүрөгү назик да, *(Султангазы келет)*.

Султангазы. Машина көрүнбөйт. Калыя кеттиби?

Кадыржан. Кетти.

Султангазы. Машина чыкпай калса, чана менен кете бербейт белек.

Кадыржан. Чыгат машина. Чыда, Беке. Доктурга жетсек бат эле сакайып кетесиң. Койчунун колдогону болот. Демейде ийме-чийме өткөн машиналар бүгүн өтпөй жатканын кара! Ии! Үн чыкты! *(Пауза. Тыңшап көпкө турушат. Машинанын үнү утур жакындап угулат, жарыгы көбөйө баштайт)*. Төмөн жактан келатат *(кол көтөрүшөт. Бир аздан кийин шофер жигит чыгат)*.

Султангазы *(эпилдеп)*. Саламатсызбы, тууган? Биз койчу болобуз. Жолдошубуз ооруп, кыштоодон түштүк. Районго жеткирип койбойсузбу? Сураганыңызды алыңыз.

Шофер. Жогортон машина өткөн жокпу?

Султангазы. Өткөн жок. Келгенибизге бир топ болду.

Шофер *(башын чайкап)*. Саат тогузга чейин машина чыкпай калышы да ыктымал.

Султангазы. Кылган жакшылыгыңыз өмүр бою унутулбайт, тууган. Койчунун батасы, кожонун батасы. Тилеген тилегине жетип, бактылуу бол.

Шофер. Эрк менде болсо жеткирип коет элем. Тиги киши эмне дээр экен?

Султангазы. Жок дебес. Көрүп турасыз го?

Шофер. Ал киши машинада уктап жатат. Бириңер барып, жакшылап сурансаңар...

Султангазы *(Кадыржанга)*. Сен бар! Жок. Кыялың чатак, өзүм барам.

Шофер. Сыпайы-сылык сүйлөшүңүз.

Султангазы. Макул, тууган *(чыгып кетет)*.

Шофёр. Кудай урбадыбы, мышыкка деле адамдын боору ачыйт. Кантип жок десин.

Кадыржан. Кайда баратасыңар?

Шофёр. Фрунзеге. Иниси той берип жатыптыр, көрсөңөр таанyйсыңар, жыл сайын малчылардын майрамында сыйлык тапшырып жүрбөйбү, Акынбаев.

Кадыржан. Акынбаев? Таанылбайт экемин.

Шофёр. Чоң сары киши.

Кадыржан. Үшүгөн жоксуңбу, Беке?

Бегаалы. Жок.

Шофёр. Кыйналып турган экен. Жеткирип келе кой десе, алеки саатта жеткирет элем. Кыйыктанып койбогой эле.

Кадыржан. Жабыла сурасакпы?

Шофёр. Ай ким билет. «Айда» дейт айдайм, «токтот» дейт токтотом. *(Ачуулуу Султангазы келет)*.

Султангазы. Ит экен! Болбой койду. Уккусу келбейт. Ыңгыранат. Мас.

Шофёр. Айла жок. Машина ээси.

Султангазы. Машинасын айдап жүрүп, бир ооз сөзүң өтпөсө, сен да мыкты экенсиң.

Шофёр. Бир-эки жыл шофёр болуп иштесең, минтип айтпайт элең тууган.

Султангазы. Ушундай кишиге эки жыл эмес, эки күн шофёр болсом арман болбос эле менде.

Сигнал. Пи-пи-пиип!

Шофёр. Кечиргиле туугандар *(ийнин куушуруп чыгып кетет)*.

Султангазы. Оо, балоонуң жарылгыр! *(Пауза)*.

Сигнал. Пи-пи-пии!

Кадыржан. Кетпейсиң.

Бегаалы. Теңелбегиле! Кете берсин!

*(Шофёр кайра келет)*.

Шофёр. Отургула машинага! Шоферлук правамды алмак беле, көп болсо кызматтан алар. Отургула!

Султангазы. Жаша тууган!

*(Оорукананын бөлмөсү. Стол, Кушетка, эки-үч стул. Оор күрсүнүп, Кадыржан аркы-терки басып жүрөт. Бир топтон кийин медсестра келет.)*

Медсестра. Агай!

Кадыржан. А!

Медсестра. Кушеткага отуруп көңүлүңүздү тынчытыңыз. *(Дары берет)*. Глюкоза, зыяны жок. 500 грамм кан оңой дейсизби?

Кадыржан. А кишиге кан эмес, жанымды берем, сестра. Качан куясыңар?

Медсестра. Кандын группасын текшергенден кийин.

Кадыржан. Каныбыз бирдей, жайлаган жайлоо, кыштаган кыштообуз бир. Күнөм санабай куя бергиле. Ким операциялады?

Медсестра. Капар агай! Бизде андан башка хирург жок. Элет жер дегенсип башка хирургдар көп токтобойт. Келгенден кеткени бат. Эбепке-себеп болсо, айыгып кетер. Колдон келген жакшылыгыбыздын баарын жасайбыз, агай.

Кадыржан. Кыйналып жаткандыр, ээ?

Медсестра. Союлган киши кыйналбай коёбу?..

Кадыржан. Оолда садагаң, Бекем ай! *(Жашыйт)*.

Медсестра. Жаш баласызбы, кантесиз?

Кадыржан. Менин көзүмдөн оңой менен жаш чыкпайт, садага. Жандай көргөн кишиңдин азабын көргөнчө,

өзүң азаптансаң жеңилирээк болчудай. Үч үйлүү кишибиз. Улуубуз ушул. Сыйлайбыз, сүйөбүз, бу кишинин кылган жакшылыгына эсеп жетпейт. Көп адамдар менен катташып, жолдош күттүм. Бирок, Бекемдей ай бетиндей тунук адамды ушул кезге чейин жолуктура элекмин, садага. *(Пауза)*. Бекемдин айлына коколой башым келген. Беттерим кабарып, ичкиликтен уулугуп жүргөн кез. Турмуштун кыйынчылыгына наалып, жакшылыктан үмүт жок. Ошондо ушул киши тоого ээрчитип кетти да, бир жыл жардамчы койчулукка алды. Үйүндө жүрдүм. Бөлүп-жарганды билбеген кенен адам. Кийин үйлөнгөндө бир тууганымдай тике туруп, эчтекесин аянган жок. Адеп өзүмчө чабан болгон жылы жыйырма коюмду жоготуп жибердим. Ошондо «Эчтеке эмес Кадыш, кырсыгы жок койчу болбойт», – деп мага жардамдашты. Айкөл адам. Султангазы экөөбүз көп милдеттүүбүз.

Медсестра. Бала-чакасы барбы?

Кадыржан. Үч бала бар. Аялы жаш.

Медсестра *(кейип)*. Мурунтан алып келгенде... Дайыма ашынып кеткенде келишет.

Кадыржан. Өзү болбой койбодубу?

Үн. Сестра!

Медсестра. Баратам! *(Жүгүрүп бирде кислород жаздыгын алып өтсө, бирде дагы бирдеңкелерин көтөрүп ары бери эбелектенет. Кадыржан чылым чегип отура берет)*.

Кадыржан. Эмне? Эмне болду? Жүрөк апкаарыйт *(графинден суу ичет)*.

Медсестра. Суусап чыктыңызбы? Кан бердиңизби, суусатат.

Кадыржан. Бекем, жашайт. Бекем тегин жан эмес. Балким бизди көрүп чыйрала түшөр. Үстүнө кирүүгө уруксат бергиле.

Медсестра. Үстүндө Капар агай отурат. Көзүн ачып сиздерди сурады.

Кадиржан. Айттыңызбы – биерде,– деп.

Медсестра. Билет өзү. Кээ бирөөлөр сыздоок чыкса сыздап келишет. Бу киши укмуш киши экен. Дың деген жок *(сетка толтура тамак-аш алып Султангазы кирет).*

Султангазы. Саламатсызбы, карындаш? Бекем кандай?

Медсестра. Келип калдыңызбы?

Султангазы. Бекем кантип калды?

Медсестра. Жакшы.

*(Султангазы сеткадагыны алып чыгат).*

Медсестра. Арак алган жоксузбу?

Султангазы. Кааласаңыз ящиги менен алып келем. Козу бышкан кезде ар бириңерди коноктойм. Таанышып алдык. Отказ жок. Жолдошуңуз барбы?

Медсестра. Жок, кокуй.

Султангазы. Эчтеке эмес, карындаш. Быйыл чыкпасаңыз келеркиде чыгасыз. Бу жерге жакында келгенсиз го?

Медсестра. Төрт ай болду.

Султангазы. Бу жердин шумкарлары сизди кантип көрбөй калды? Сизге окшогон татына кыздарды... Топо-топо бийлешип, эки-үч ооз сөз сүйлөшүп туруп эле жетелеп кетет. Үйлөнүү тоюңузга чакырыңыз, үчөөбүз тең келебиз.

Медсестра. Ыракмат.

Султангазы. Бегаалыга чоор тарттырып, Кадыржан баянда ойноп, өзүм бийлеп музыка менен келебиз. Бегаалынын өнөрүн ошондо көрөсүңөр! Бу киши бороондо алты күн кой артынан куюккан киши. Таягы менен карышкыр чапкан. Карышкыр көрдүңүз беле?

Медсестра. Көргөм. Зоопарктан...

Султангазы *(Кадыржанга).* Чактап тартсаңчы, үй ышталып кетиптир.

Медсестра. Айтсам болбойт.

Султангазы. Кууп чыкпайсызбы?

Медсестра. Чоң эле кишини.

Султангазы. Өзү чоң болгону менен, кыялы бала *(Кадыржанга көз кысат)*. Эмне кумсарып кеткенсиң? Мен кеткенден тамак ичкен эмессиң го?

Медсестра. Ушул жерге түнөдү.

Султангазы. Түнөшүндө чатак жок. Койчулар...

Үн. Сестра!

Медсестра. Баратам!

Султангазы. Сестра, буларды ала кетиңиз?

Медсестра. Баары бир ичилбейт.

Султангазы. Ичпесе да жанында турсун *(жолун торойт, сестра пиводон башкасын алып кетет)*. Бекем пивону жакшы көрчү эле... Сен эмне? Ооруп турасыңбы? Мал-жан аман. «Жаңы-Жол» колхозунан бир чабандын алты коюн карышкыр тамактан кетиптир. «Эмчегим зыркырайт»,– деп ыйлап, Калыя жүрөт. Балаң ошондо экен. Берип жиберген витаминдериңди Калыяга бердим... Нуржан көрүнбөйт *(Пауза. Кадыржан бөтөлкөдөгү пивону ачып ичет)*. Үй эмне караңгыланып баратат? *(Сестра келет)*.

Сестра. Сиздерди чакырып жатат *(кетишет. Сахна караңгылайт, көшөгө алдында мелтирешип Кадыржан, Султангазы турат)*.

Кадыржан. Кутубуздан ажырадык!..

*(Биринчи көшөгөдөгү көрүнүш. Кадыржандын палаткасы. Таң сүрүп жерге жарык кире баштайт. Калыя кирет)*.

Калыя. Уктап жатышабы?.. Мейли укташсын... (палаткага баш багып) Кызуу уйкуда экен... *(акырын)* Айбек!.. Айбек!.. Чши... акырын тур, Кадыржан абаң ойгонот... *(Уйкусу ачылбай майкечен Айбек чыгат)*. Койду короодон чыгараар мезгил болду, балам... Ушунча да уктайсыңбы?

Айбек. Кадыржан абам түндө таң атканча көз ирмеген жок.

Калыя. Эмне үчүн?

Айбек *(буркуюп)*. Эмне үчүн?! Эмне үчүн экенин кайдан билем! Нуржан апычемдин кайда экенин билбейсиңби?..

Калыя. Эмне кыласың?

Айбек. Сүйлөшөт элем. Таш боор!

Калыя. Аа, садага болоюнум, жаман-жакшыны ылгаганды ким коюптур сага.

Айбек. Кадыржан абам биздикинде эле жүрө бербейби? Дайым үңкүйүп жалгыз жүрөт.

Калыя. Түндө чакырып кел деп жибербедим беле?

Айбек. Болбой койду. Өзү тамак бышырып отуруптур. Түндө шаркыратманын жанына барып көпкө отурдук. Келип тамак жасап берип турбайсыңбы?!

Калыя. Чши!.. Абаң ойгонот.

Айбек. Капаланып жүрөт... Мени билбейт дейсиңерби?..

*(Кадыржан чыгат)*.

Кадыржан. Жакшысыңбы Калыя, эмне азандан?..

Калыя. Силерди уктап калдыбы деп...

Кадыржан *(Айбекке)*. Сен качан туруп кеттиң?

Калыя. Мен ойготтум.

Кадыржан. Түндө, Айбек экөөбүз Чолпон жылдыз чыкканча отурдук. Уктабайт шайтан! *(Сүлгү алып жуунганы кетет)*.

Айбек. Апа түндөгү үйрөнгөнүмдү ойноп берейинби. *(Палаткадан баян алып чыгып, «Сонунда» деген ырды эдиреңдеп мактана ойнойт)*. Баян сатып бересиңби, апа?

Калыя. Сатып берем, балам.

Айбек. Эх! Кадыржан абам ойногондой ойносом!.. Укмуш ойнойт! Нуржан апычемдин эси жок. Ушундай адамдан кетип...

Калыя. Короодон койду чыгар, Айбек *(Айбек кетет. Кадыржандын көйнөк-кечелерин алып чыгат. Ушул убакта жуунуп, Кадыржан келет)*.

Кадыржан. Жөн эле койбойсуңарбы?.. Дайым эле...

Калыя. Жөн койбойбуз.

Кадыржан. Суугa өзүм эле чайып алат элем.

Калыя. Муздак сууга кир чыкпайт.

Кадыржан. Мага эмне шам, бойдокчулукта…

Калыя. Шекер экөөбүз турганда, жакаңа чаң жукпайт, Кадыржан.

Кадыржан. Түндө Айбекти жибербей калтырып койдум. Жаман көрбөгүлө!..

Калыя. Ал сага аябай көнүп алды.

Кадыржан. Бирдемелерди билгиси келип сурай берет… Сурай берет. Ырдап бер дейт, ырдап берем. Жомок айт дейт, жомок айтам. Күзүндө мектеп интер- натка өткөрмөк болдум. Окусун. Бекем өзү өткөрөм деп жүрчү.

Калыя. Кол арага жарап калганда…

Кадыржан. Биз турбайбызбы… Тирикарак эстүү адам болчудай.

Калыя. Райондун интернатынан окуйбу?

Кадыржан. Жок. Фрунзеге алып барам.

Калыя. Алыстап кетет.

Кадыржан. Фрунзеде, Жекшендики бар. Табыштап коём. Көз салып турушат.

Калыя. Өлгөндүн артынан кошо кетпеген соң, адамдын жашагысы келет экен, Кадыржан… *(пауза)*. Жашсың, жоолук жаңыртып, башыңды бирөөгө байлатып ал дешет.

Кадыржан *(паузадан кийин)*. Айта беришет… Балдарың эс тартып калды… Кем-керчилигиң болсо айтып тур?.. Балдарыңды кор кылбайм, Калыя! Коюуңарды кай тарапты көздөй чыгардыңар?

Калыя. «Кыр-Жол» жакка…

Кадыржан. Убараланбагыла… Айбек экөөбүз кайтарып келебиз *(кетет)*.

Калыя. «Атаң өлсө өлсүн, атаңды көргөн өлбөсүн»!.. Бегаалынын арбагы ыраазы!.. Кой, күн ачыкта, кир-коокторун чайкап жиберейин… *(эки чака алып кетип бараткaнда, Султангазы кирет. Көтөрүнчөгү бар)*.

Султангазы. Жакшысыңбы, Калыя?

Калыя. Келдиңби?

Султангазы. Кадыржан жокпу?

Калыя. Азыр эле Айбек экөө койго кетишти.

Султангазы. Кубанычтуу кабар уктум. Райондук баш байге Кадыржанга ыйгарылат имиш. Биз оңдогон кыштоодогу кашарларды комиссия аябай мактады дейт. Баш байге «Волга» экенин билесиңби?.. Эми Кадыржанга эстүү-баштуу колукту табыш керек.

Калыя. Өзүнүн үйлөнө турган ою барбы?

Султангазы. Сөз кылбайт. Жанагы жаман аялы ызалантып кетти *(сумкадан газет, журналдар алып берет)*. Жакада чарба иши күчөп турган кез. Менин «жаманым» кандай?..

Калыя. «Сенин жаманың» Бегаалы отурчу борчук таштын үстүнө чыгып алып, заңкылдата эле ырдап жүргөнүн угам.

Султангазы. Ал – ошондой. Эргул! Эзели кабак түйбөйт.

Калыя. Жаман киши өз аялын мактайт. Эл мактасын.

Султангазы. Андай аялды мактабай, анан... Оо, тээтиги көрүнгөн Шекерби? А кургурум!.. Султангазы кашында болсо болду. Башкасына кайыл *(чакырып)*.

Шек-ээр!.. Уккан жок. Жакшы аял өмүр булагы дейт Калыя. Менин Шекеримдей аял жок.

Калыя. Ошон үчүн төрт, беш күндөп кетип жүрбөйсүңбү.

Султангазы.Мен ага ишенем! Койчунун ырысы аял менен. Кечке талаада жүрүп, кечинде үйүңө келгенде аялың жадырап-жайнап тозуп чыкпаса, тозок ошол. Кадыржан эмне болду?.. Сүйөм, күйөм деп жүрүп... Оңбоссун бучук! Совхоздогу дүкөнчүгө тийип кетиптир. Эмки кеп мындай: Кечинде бала-бакыраларың менен биздикинде болгула. Кадыржанга айтып кой, келсин... *(ырдап, кетет)*.

Ээй, көгүлтүр адыр тоолордун Көктөмүн басып мен жүрөм...

*(Жекшен келет).*

Жекшен. Саламатсызбы?

Калыя. Келгиле.

Жекшен. Кадыржандын үйүбү?

Калыя. Ооба...

Жекшен. Ээлери жокпу?

Калыя. Кой жайып кетти.

Жекшен. Экөө теңби?

Калыя. Өзү эле.

Жекшен. Аялычы?.. Нуржан...

Калыя. Аялы, аялы жок... Ажырашып кетишкен.

Жекшен. Качан?..

Калыя. Кышында...

Жекшен. Сиз...

Калыя *(сөзүн бөлүп)*. Мен кошунасы болом.

Жекшен. Жалгыз турабы?

Калыя. Ооба, жалгыз турат. Сен, Жекшен эмессиңби?

Жекшен. Ооба.

Калыя. Жайында келип конок болбодуңар беле?

Жекшен. Сиз... Калыясызбы?.. Аябай өзгөрүлүп кетипсиз...

Калыя. Үйгө киргиле.

Жекшен. Рахмат. Бегаалы, Султангазы кайда?

Калыя (паузадан кийин). Бегаалы, кышында каза тапкан. Султангазы ушул жерде (пауза).

Жекшен. Кечир Калыя... Билбегендик... Бекем...

*(Кадыржан келет)*

Кадыржан. Жүрөк сезет деген чын. Эмнегедир жүрөгүм туйлап, келгениңди сездим. Саломалейкум *(кол алышат)*. Биздин ал-жайды уккандырсың?.. Сыбызгыган чоор үнү эсиңдеби?..

Жекшен. Уктум, Кадыржан.

Калыя. Султангазы келди.

Кадыржан. Ээ?.. Эмне дейт?

Калыя. Кечинде «келгиле» – деп, чакырып кетти.

Кадыржан *(Жекшенге)*. Иш жакшы. Турмуш сонун! Ден-соолук темирдей... Өзүң кандайсың?..

Султангазы. Кадыш!.. Кадышым ов! *(Жекшенге)*. Ас-салоом алейкум! Мени тааныйсынбы! Султангазы деген койчу мен болом. Кадыржан деген бу киши. Таанып жүргүлө!.. Дагы айтам таанып жүргүлө! Бир адамыбыз бизден кетип калды.

Жекшен. Билем а кишини.

Султангазы. Билбейсиң! Эч ким билбейт... Мен билем! Кадыржан билет!.. Мына бул тоолор билет!.. Эч кимге билинбей бу дүйнөден өтүп кетти. Эч кимге билинбей!.. А эмне деген киши эле! Ушул тоолордун ээси болучу.

Кадыржан. Күндө бир маал жолугуп, маек курчу жерибиз ушул жер. Бекемдин жайыты... Бекемдин конушу *(асманды карап)*. Төбөдө эки бүркүт айланып жүрөт...

Жекшен. Жакын жерде уясы бар го.

Кадыржан. Ооба, уясы бар. Биз тийбейбиз. Эркин сызып жүрө беришет.

Жекшен. Айлана алаканга салгандай көрүнөт турбайбы? Тигине геологдордун палаткалары.

Кадыржан. Дагы канча болосуңар?

Жекшен. Кар түшкөнчө.

Кадыржан. Биз дагы кар түшкөнчө болуп, анан кыштообузга кетебиз.

Султангазы. Бүгүн күн жаабайбы, Кадыржан?

Кадыржан. «Ак-Байталда» булут жок, жаабайт. Сени театрда ойногонуңду көрсөм дегенде эки көзүм төрт, Жекиш.

Жекшен. Күзүндө шаарга кел. Балким театрда иштеп калармын. Өзүм да сагынып бүттүм.

Кадыржан. Сөзсүз барам!

Султангазы *(ачуу үн менен)*. Чо-ойт!

**К ө ш ө г ө**

## ЖАҢЫРЫК (ЖҮЗ КАТЫН)[1]...

***(Эки бөлүмдүү драма)***

### КАТЫШУУЧУЛАР:

Арапбаева – 35 жашта
Зеленин – 28 жашта
Мажид – 70 жашта
Бердибек – 48 жашта
Сулайманов – 40 жашта
Букей – 18 жашта
Суусар – 27 жашта
Улгайган аял – 50 жашта – (катышуучулар Умай эне дешет)
Дарыйка – 28 жашта
Сары келин – 24 жашта
Тоголок келин – 19 жашта

*(Көпчүлүк сахнага аял-эркектер катышат. 1942-жылы Кыргызстандын түштүгүндө болгон тарыхый чындык окуя).*

Кыргызстан мамлекеттик академиялык драма театры үчүн кайрадан иштелген вариант.

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

Жамгыр электеп төгүп жатат. Чагылгандын жарыгынан аска-тоонун кычыктарында жамгырдан корголоп турган аялдар көрүнөт. Асманды тиктеп авансценада Букей турат. Жамгыр күч алат.

Букей. Өткүн, өткүн өтүп кет,
Жүз эжемди жүдөтпөй,
Биротоло эле көчүп кет.
Биз турган жердин асманы,
Туп-тунук болсун ар убак.
Душмандын ордо-сарайын
Кыйратып кет талкалап!
Күркүрө күн күркүрө,
Үнүңдөн жер жарылсын.
Нөшөрлө жамгыр нөшөрлө,
Думуккан бугуң арылсын.
Э-эй эжекелер!
Чагылгандан ачуулу,
Үнүңөрдү угайын.
Суранаарым, жалынганым, тилегим
Эжекебайларым!
Эч качан тартпагыла убайым!

Кабагыңарды чытып жер карабагылачы. Жамгыр тийген чач узун болот. Жамгыр денени чыйралтат. Дагы, дагы бийигирээк үн катсаңар эжекелер!

Буура сандай чоюнду,
Көтөргөндү көргүлө.
Буркан түшүп жүз эжем,
Көшөргөнүн көргүлө!
(Хордун сроңунда.)
Булбулду мукам дешет...
Эмнеси мукам?..
Жазда сайрап, күздө тили катса...

Күкүктү үндүү дешет,
Анда кайсы үн?..
Сезим козгоп, жүрөктөрдү сыздатпаса.
Көгүчкөндү сулуу дешет
Анда кандай сулуулук?..
Өз жанынан башка жанды бакпаса.

*(Хор катуулап чыгат.)* Э-эй, эжекелер! Учун мага койгула! *(Жүгүрүп чыгып кетет. Күн басаңдап, азыр эле кардан кеткен кырка тоолор көрүнөт. Сахнанын сол канатында үңкүр сымалдуу үч таш рабат. Чопкут жамап, четки рабатта уюган коргошундай чымыр адам отурат. Ал Мажид мергенчи. Тоо санындай англиялык деңиз кабелин ийиндерине арта салып, авансценадан өргө карай, кербен тарта чубалжып кетип бараткан аялдар. Арасында жашы бар, карысы бар, жүдөөсү бар, тыңы бар. Энтиге чуркап Зеленин чыгат.)*

Зеленин. Эжекелер! Карындаштар! Өчөшпөгүлө!.. Таштагыла кабелди?! Дарыйка! Букей! Суусар! *(Аялдар Зеленинге карабай кете беришет.)* Булар өлөөр-тирилерине карабаган өжөр калк турбайбы. *(Мажидге.)* Сиз эмне унчукпайсыз?.. Суук тийип ооруп калышса эртең иш токтоп калбайбы.

Мажид. Сенин тилиңди албаган, менин тилимди алышабы?! Жүз катын эмес, өз катының буркан түшүп долуланса кирээрге жер таппай каласың. Жүз катынга кимдин алы жетет. *(Пауза.)* Замандын долусу, ушинтип адамды да долу кылат, уке... Сен укем боорукерлигиңди коюп ишиңдин ыкчам бүтүшүн ойлон. Булар кечээ эле, оуу, алыскы давандан жол казып, табийгаттын катаалчылыгына каржалып көнгөн аялдар. Бадандарынан чыккан тер али кургай элек. *(Пауза.)* Ээ, укем, бу ааламда пендечиликтен күчтүү эчтеке жок. Адам пенделери, эмнелерди гана көрүп, эмнелерди гана көтөрбөдү. Атан төө көтөрө албаган нерселерди, адам пенделери көтөрүп кете берет.

Зеленин. Мындай өжөр аялдарды биринчи көрүшүм.

Мажид. Өжөрлүк кыргыз тукумунун канында бар, укем. Турсам өлтүрөм деп эзели багынганды билбеген калктын кыздары да. *(Жасаган чопкуттарын көрсөтүп.)* Мен буларды эмнеге жасап жатам? Чопкут... Ийиндери жооруп кетиптир.

Зеленин. Монтажниктер кабел төшөлчү траншейлерди казып бүтүшсө эки айга жетпей бүтүрөбүз.

Мажид.Эки айда бүтүрөсүңбү, эки күндө бүтүрөсүңбү бизге баары бир. Бүгүн бу жерди бүтсөк, эртең дагы бир жер күтүп турат. Биздин доор тынчы жок иштермандардын доору. *(Паузадан кийин.)* Жанагы кабелиңди чубалжытпай майдалап кесүүгө болбойбу?

Зеленин. Болбойт. Бул Англиядан келген деңиз кабели. Айла кеткенден 10 тоннадан төрткө бөлдүк.

Мажид.Өтөккө чейин чыгырыкка сүйрөтүп келбегенде... Быяк менен мурда байланыш жок беле?

Зеленин. Ташкент, Чимкент, Жамбул аркылуу байланышчубуз. Азыр алардын өздөрүнүн иштери көп. Линия бошобойт. Бошосо да сөздөр жакшы угулбайт. Саат сайын борбордон жаңы буйрук, директивалар келет. Ал көрсөтмөлөрдү учурунда быякка билдирип туруш үчүн, өзүбүздүн туруктуу байланыш линиябыз керек. Ашуунун бороон-чапкыны зым карагайларды топондой учуруп, зымдарын парчалап үзүп кетпесе, ачык линия жүргүзүлмөк.

Мажид. Көк-Арттын даваны жиндейсе карагай түгүл атчан кишини камгактай учурат. Мен ушул асканын жаракасында көз жарып, ырыс-кешигимди аска-тоодон тапкан кишимин. Бу жердин сыры мага ыраса маалим. Мергенчиликтин кумарына батып, нечен тоо-таштарды кыдырдым. Бирок кышкысын мындай бетбак даванды көрбөдүм.

*(Карганын үнү: Ка-ак! Ка-ак! Ка-ак!)*

*(Карганы туурап.)* Оозуңа та-аш! Оозуна та-аш! Кар тилеп жатпайбы, желмогуз.

Зеленин *(асманды карап)*. Кандай дейсиз кар жаабайбы?

Мажид. Жиндене жаап да коёт. Бу жер – бир күндө он өзгөргөн ажаан катындын кыялындай жер... Уке, аялдарга казынадан пайке бербейби?

Зеленин. Казына каягына жетишет. Казынанын колун карагандар аз дейсизби?

Мажид. Бечара аялдар, эркектерге Караганда чыдамкай келишет... Эми чыдамкай болбоско арга жок. Согуш чыкпаса бул ишти аялдар иштечү иш беле... *(Ийнинен тына.)* Ээ, кылым кырк эмес, уке... Деги аялдардан шор арылбайт. Илгерки тобочулук убакта көчүп баратып, ат үстүндө төрөп коюп, ошондо да көч токтотпой кете беришчү. Уке, аялдарды кыйнабай башка жол менен байланыштырууга болбойбу?!

Зеленин. Болот. Радиорелейный мач куруш керек. Бирок аны азырынча турмушка ашыруу эч мүмкүн эмес.

Мажид. Эмне үчүн?

Зеленин. Анткени ал татаал техника. Ага чоң индустрия керек. Ультра короткий волнада иштетилчү...

Мажид *(сөзүн бөлүп)*. О, кокуй мен дагы кыйкырык сүрөө менен бүтчү иш экен десе... Колдогу иш эмес, ойдогу иш десеңчи.

Зеленин. Туура айтасыз, азырынча ойдогу иш.

Оо,анда уникалдуу көп аппаратуралар болот.

Мажид. Сен мунун окуусун кайдан бүтүргөнсүң?

Зеленин. Москвадан.

Мажид. Оо, чоң борбордон окупсуң. Кыргыз балдарынан окуп жүргөндөрү барбы, же ушул жерде эле бирбирин этектен тартып, раистикти талашып жүрүшөбү?

Зеленин. Бар эмей, көп.

Мажид. Окушсун. Москва илимдин, акыйкаттын борбору деп угам.

Зеленин. Мажид аке, аялдардын ичинен кимиси саясий тарбия иштерин жүргүзө алат?

Мажид. Уке, кыргыздын кыздарын табигый жаратылыш өзү тарбиялуу жараткан. Иштете бергиле. Эп көрсөңөр аялдардын теңин жер казганга чеккиле.

Зеленин. Лом, керки менен гранит таштарды казуу өтө оор, Мажид аке. Ар бир метр жер азап менен бүтөт.

Мажид *(Паузадан кийин).* Ээ, уке... тозоктун бейиши, азаптын рахаты да бар.

Зеленин. Кышка калсак казылган траншей көчкүнүн алдында калабы деп корком.

Мажид. Мен дагы ошону сезип, айтып атам. *(Топ-топ болуп аялдар келет.)* Келдиңерби?.. Жаанда... чопкутуңар жоктор тиги мен жаткан рабаттан чопкут алгыла. Баарыңарга жетпейт. Жаңы келген кыз-келиндер алсын. Ишке каржалып калганыңар күтө тургула. *(Аялдар үн катпай чопкут алышып рабаттарына киришет. Мажид зээни кейип тунжурай түшөт.)* Келе, төрө попорусуңдан...

Зеленин *(папирос берип).* Сизге эмне болду, Мажид аке...

Мажид. Букей, мен жаткан рабаттагы кекиликтерди алып, оокат жасап ичкиле. *(Букей кекиликтерди алып кетет.)* Ка-ап!.. *(Рабаттан мылтык асынып чыгат.)* Жанагы тарбиячылык ишиңерди ушу кызга тапшыргыла.

Зеленин. Туура айтасыз.

Мажид. Мен кеттим.

Зеленин. Жолго папирос алыңыз, Мажид аке... *(Палатка жакка ээрчитип кетет. Рабаттан Суусар, Букей чыгат. Суу кийимдерин сыгып, ташка жаят.)*

Букей. Менде сыйкырдуу күч болуп, бир күндө бардык ишти өзүм жалгыз бүтүрүп койсом!..

Биринчи жол казганбыз,
Биринчи кен тапканбыз.
Биринчи көккө учканбыз!–

деген адамдар эң бактылуу адамдар! Биз дагы Кыргызстандын түндүгү менен түштүгүн биринчи байланыш-

тыргандардан болобуз. Согуш бүтүп Фрунзеден окуп калсам, ало! Ало!.. Сагындым сени Суусар эже! – деп телефондон сүйлөшүп турам. Ал убакта аскерден атайлар келип, айлыбыз абад болот. Ало!.. Ало!.. Эжеке *(Элжиреп Суусарды өпкүлөйт.)*

Окууну бүтсөм борбордон иштейм. Көп кабат тамдан үй алам!.. Ошондо бүткүл жүз эжемди, Мажид Бердибек, Зеленин акелеримди үйүмө чакырып, дасторкон толо дүр-дүйүм оокат-ашты жайнатып таштап, патефон коюп берем.

Колдо бурган машинасы зырылдаган жүгүргөн.
Социалдык эр балбандар, билектерин түрүнгөн.
Ал забойщик кажыбас социалдын балбаны.
Каз алтынды, каз алтынды,
Толсун өнөр жайлары.

Суусар. Сен эмнеге кубанып атасың, Букей?!

Букей. Мен дайым ушундаймын эже. *(Тегеректен чамынды-бутак чогултат.)* Азыр доолдата от жагам. *(Рабаттан ширенке алып чыгып от жагат.)* Эжекелер отко жылынгыла. Эмне үчүн баарыңар тең кабак түйүп унчукпайсыөар?.. Кайгырбагыла! Адам кайгы үчүн туулган эмес. Кыштын арты жай болот, жоктун арты бар болот. «Калдамадагы» мрамор ташты көрдүңөрбү?.. Мына ошого баарыңардын атыңарды чегип жазып жатам.

Суусар. Эмнеге?

Букей. Ташка жазылган жазуу кылымдар өчпөйт. Небереңиздин неберелери окушат. Ары-бери өткөн жүргүнчүлөр таңыркап карашат. Силер ошого татыктуусуңар. Ал түбөлүк эстелик. Күнгө чагылышып, аска боорунда атыңыздар жазылып турса жаманбы?

Суусар. Жакшы сиңдим.

Букей. Эң сонун! Адамдын орто өмүрү 50 жаш. А, силер миң жыл, эки миң жыл мрамор аскада жаркырап тура бересиңер!..

Суусар. Ыракмат сиңдим.

Букей. Э-эй! Эжекебайым! Колумдан келсе мен силерди көкөлөтүп учурсам дейм.

Суусар. Кайда?

Букей. Айга, Күнгө, жылдызга! Бүткүл планетага! Көрүшсүн, жерде кандай эжелерим бар экенин. Жана силер хор ырдап, өр тарта баратканыңарда, кубангандан толкунданып ыйлап жибердим. Ошондо силер дүйнөдөгү эң сулуулардын сулуусу, күчтүүлөрдүн күчтүүсү болуп көрүндүңөр эжекебайларым!

Суусар. Сен бизди жерге-сууга тийгизбейт экенсиң го. *(Рабаттан аялдар чыгат.)* Эй түйтөйгөн «каракчылар» үңүрөйүп-чүңүрөйбөй отко келгиле, ийинге кирген келемишке окшоп рабатта жата бересиңерби?.. *(Дарыйкага)* Ий дардайган өлүк! Эркектер көрсө эмне дейт?! Кийинип чык!

Дарыйка. Бул жерде кайсы каадалуу эркек бар. Келемиш кейиптенген Бердибекпи?..

Суусар. Биринчи Бердикбекти оозанып калыпсың, сүйүп калгансың го, өлүк.

Дарыйка. Эркектен көзү каткан бир шордуу эле сүйбөсө, ким сүйөт ошону.

Суусар. Желбоодогу майга жетпей, «аный жебейм сасык» деген мышык болуп турасың.

*(Күлкү.)*

Дарыйка *(каадалана)*. Биз сүйсөк өңчырайы келишкен, кызыл жүздүү шайдоот жигиттерден сүйөбүз.

Суусар. Андай жигитти түшүңдө таппасаң, өңүңдө таппай калдың, шор.

Дарыйка. Эмне үчүн таппайм. Табам эле. *(Күлкү.)*

Суусар. Чалдар карабай калды. Жигит карайбы?!

Улгайган аял. Эшегине буттатып минип, шилекейин сакалынан ашыра түкүрө албаган кээ бир чалдар кыз алып жаткандарын айт. Чалдардан нысап качты. Абийирди аялдарга берсин. Мен он алтымда турмушка чыгып, күлгүндөй 22 жашымда жесир калдым. Мен да жазда жарыла көөп, күздө чатыра бышкан шиңгил мейиз

элем. Ала топу, суусар тебетей кийип, чиренгендердин нечени кардар түштү. Бирок мен ардуу, нарктуу жашадым. Байкагыла келиндер. Ооздугу жок жаштыкты тизгиндебей коё берсе, ээлигип жүрүп кандай ташка урунганын билбей калат.

Дарыйка. Мактанарлык жашабапсың «Умай эне». Мүмкүн мындан ары бузулуп кетпе?!

Улгайган аял. Ий!.. Наалаты!..

*(Күлкү.)*

Жанында турган кыздан уял, жээксиз!

Дарыйка. Букейденби?! Букей менден үч жаш улуу.

*(Күлкү.)*

Кашына осмо, бетиңе эндик сүртүп, Мажид акенин палаткасына кийрип коёбуз.

Улгайган аял. Ий, бетим! *(Уялып рабатка кетип бараткандa, Букей токтотуп калат.)*

Букей. Тамаша, тамаша, Умай эне. *(Кубана.)* Дайым бүгүнкүдөй шайыр болсоңор эжекебайлар! Күлкү санаадан алыстатат.

Дарыйка *(куудулдана купшуңдап бийлейт).*

Атаны кокуй кашман күн
Аялдан эркек качкан күн.
Өзөндүн суусун бойлойлу ой,
Мөгдүрөп сулап жатканча
Каткырып күлүп ойнойлу ой.
Ымпа, ымпа, ымпа,
Жылганын суусун бойлойлу ой,
Жылас тийип өлгөнчө,
Жылдыздар менен ойнойлу ой.
Идриң, идриң, идриң.
*(Сүрөө, күлкүлөр.)*
Ай тийбеген түн болбойт.
Айнексиз салган үй болбойт.
Идриң ымпа, идриң ой
Идриң ымпа, идриң.

Улгайган аял *(көзүнөн жаш чыкканча күлөт)*. Сүлкүлдөйт, ха-ха, бүлкүлдөйт. Сөөгү жок маскарапос!

Дарыйка. Кыз кезимде кыйын чыккам. Азыр быкындарыма эт толуп...

Букей. Умай эне, эми сиз...

Улгайган аял. Менби?..

Дарыйка. Суусарды бийлет Букей.

Букей. Суусар эже...

Суусар *(Дарыйкага)*. Үксүңдөгөн албарсты, менин бийлегенимди көрдүң беле?

Дарыйка. Анда мөңкү... *(Күлкү.)*

Улгайган аял. Бүгүн бөтөнчө күлдүк. Ушуну кут кылсын.

Суусар. Ыйлап мүйүз чыкпады. *(Тоголок келинге.)* Капырай жылмайып койсоң боло? Жап-жаш туруп мерес экенсиң.

Сары келин. Ал башынан ошондой бир сырдуу неме. Күйөөсүнөн кат албай куса болуп жүрөт.

Дарыйка. Куса болбогондо, күйөөсүн үч күн түнөтпөй аскерге алып кетсе. Эй катындар! Бизди эмнеге аскерге албайт. Эркектен баатыр Манас чыкса, аялдан Сайкал баатыр чыккан.

Суусар. Сен ушу, жерден жалакайланып, алапайыңды таппай жүрөсүң. Согушка барсаң жүрөгүң түшүп өлүп каласың.

Дарыйка. Жок дегенде душманды карай дүңкүлдөтө мылтык атканга кантип жарабайын.

Суусар. Түнкүсүн таш рабатты дүңкүлдөтүп чыкканыңдайбы? *(Аялдар бооруката көздөрүнөн жаш чыкканча күлүшөт.)*

Дарыйка. Аялдардан аскер курап, мени командир шайлап согушка жөнөтсө...

Суусар. Көчүгүң окопко батпай сыртта калат. *(Күлкү.)*

Дарыйка. Көчүктү кудай албайт. Маа десе бышырып жешсин. *(Күлкү.)*

Катындар тургула!
Мылтыктарды сунгула!
Жаткыла!
Аткыла! У-ра!..
Токтогула.. Тизилгиле!.. Түздөнгүлө..
По порядку считат!
Бир эки жети сегиз кырк сегиз 89. 99.

Букей. Эмне үчүн 99 биз жүзбүз да?

Дарыйка. Умай энең аскерге жарабайт.

Умай эне. И-ий өлүк! Ушу сенчелик болбосом!

Дарыйка. Анда күрөшөсүңбү?

Умай эне. Күрөшсө күрөшөм эле... Сенден жыгылсам...

*(Күлкү.)*

Сары келин *(элейип)*. Арапбаева келатат!.

Дарыйка. Кумсарган өлүгүңдү көрөйүндүн канаты бар. Кечээ эле кетти эле... Жаркын деп жаманга ат койгонун кантесиң.. Муну кутурткан инженер Зеленин. Экөө шилекей даамдаш.

Сары келин *(ого бетер экиленте)*. Хи-хи-хи. Койсоңчу жаманатты кылбай.

Дарыйка. Курду эмнеге курчанып жүрөт дейсиңер... *(Аялдарга мүнөздүү таңдануу, шыпшынуулар, тил бултуйтуп, бет чоюулар.)*

Сары келин. Өлмөк беле, күнүн көрсүн.

Дарыйка. Кудай жалгап көк көз бала төрөп салгыдай эле. Ай бир мазактайт элем!.. Ай бир мазактайт элем!!! Тү-тү-түү!

Улгайган аял. Арапбаеваны көргөндө эле түктүйүп түрүң бузула түшөт. Неге мынча өчүктүң?

Дарыйка. Ээ, умай эне, ошол минген атка мен мине албайт дейсиңби... Бактысы бар экен, дайым эркектер менен даамдаш. Өгш! Кокуй келип калды!

*(Аялдар жылып-жылып жок болушат. Зеленин, Мажид чыгат.)*

Зеленин. Качан келесиз?

Мажид.Бирдеме тапмайынча келбейм.

Зеленин. Коё туруңузчу? Жаркын Арапбаевна келатат. *(Орто жашар адам ээрчитип Арапбаева келет. Арапбаева бетинде кан-сөөлү жок арык аял. Ал 35 жашта.)* Келишиңиз менен Жаркын Арапбаевна!

Арапбаева *(суз)*. Саламатсыздарбы, элиңер кайда?

Зеленин. Рабатта.

Арапбаева. Жумушту жыйнаштырып койдуңарбы?

Зеленин. Жамгырда суу болуп, азыр келишти, Жаркын Арапбаевна.

Арапбаева. А кар жаап койсо, эмне кыласың? Анда таркатып жибересиңерби? Давай боорукерликти үйүңдө көрсөт. Айт майректеп, той майректеп жүргөн жан жок. «Өл, тирил, бүтүр ишти», буйрук ошондой. *(Мажидге.)* Чакырыңыз келиндериңизди. *(Мажид кетет.)* Монтажниктерде жылыш барбы?

Зеленин. Сиз кеткенден бери 150 метр траншей казылды.

Арапбаева *(ойлуу)*. 6 миң метр... дагы 6 миң....

Монтажниктердин барына повестка берди. (Чөнтөгүнөн повесткаларды алып) Мына, бүгүн кетишет.

Зеленин. Анда иш токтон калат, Жаркын Арапбаевна.

Арапбаева. «Башка резерв жок, аялдар менен бүтүргүлө» дешти.

Зеленин. Нечен тонналаган кабел бир кап тезек эмес, аялдарды өлтүрүп алабыз.

Арапбаева. Өлүм-житимсиз жеңиш болбойт. Бул иш сенин идеяң, жолдош инженер.

Зеленин. Жумушчу куч аялдар болот деп иш планда көрсөтүлгөн эмес, Жаркын Арапбаевна.

Арапбаева. План шартка, чөйрөгө жараша түзүлөт. Эркектер фронтко кетип жатканын сезген жок белең?

Зеленин. А сиз бул иштин фронттон кем эмес мааниси бар экенин түшүнбөйсүзбү?

Арапбаева. Болуптур, айтчы, мөөнөтүндө бүтүрө аласыңбы?

Зеленин. Бүтүрөбүз! Мен бул ишти бүтүрөм деп келгем. *(Чечкиндүү.)* Гудрон келиптирби?

Арапбаева. Жок.

Зеленин. Сулаймановго бардыңызбы?

Арапбаева. Бара берип, жек көрүндүм.

Зеленин. Иштин кызыкчылыгы үчүн жек көрүнүү чекилик эмес, Жаркын Арапбаевна. Апакай бойдон жүрө берсек, мындай чоң объектини жетектеп да кереги жок.

Арапбаева. Тетиги түнөргөн немени издеп жүрүп далай жумуштан калдым.

*(Рабаттан аялдар чыгат. Пауза.)*

Саламатсыздарбы, кымбаттуу аялдар! Биздин патриотук каарман ишибиз даңазалуу легендага айланды. Азыр бардык жерде тынымсыз эмгек жайнап, бизге окшогон аялдар, жеткинчек балдар суткасына 13–14 сааттан иштеп жатышат. Согуш күндөн-күнгө күч алып, өлкөбүз оор абалда жолдоштор. Бүгүн монтажниктердин көпчүлүгүн аскерге узатабыз.

Кымбаттуу аялдар! Бүгүнкү күнгө чейин кабел көтөрүү менен гана чектелсек, эртеңден баштап, траншейди да биз казабыз. Башка эч арга жок, «кокуй белим» деген сөз укпайын! *(Жымжырттык.)* Эгер тетиги кейбирге окшоп качып кетүүчүлөр болсо согуш трибуналына берилет. *(Качкынга).* Бас бери! *(Качкын башын шылкыйтып Арапбаеванын кашына келет.)* Көпчүлүккө кара… Арапбаева таппайт деп качтыңбы? Сенин жаның мобулардыкынан артыкпы, ыя?! Аялдар чыдаган жерге сен чыдабайсыңбы кейбир!

*(Качкын, Арапбаевадан көзү өтүп, ага кол шилтейт, Арапбаева кетенчиктеп эңкейе калат.)*

Качкын. Жүрөгүмдү өрттөп жибердиң Арапбаева! Бүгүн мен качсам, эртен булар качат. Ач бел, ызгардуу тоодо суукта куюгуп өлгүм келбейт, Арапбаева!

Коломтодон от талашып, чабалекейдей чырылдаган кызыл чиедей балдарым бар үйүмдө. Качкан андай эмес, мына момундай!.. *(Жинденип чыгып кетет. Арапбаева көпчүлүккө суроолуу тиктеп, анын соңунан бармакчы болгондо Зеленин токтотот.)*

Зеленин. Тенелбеңиз. Жаңжал чыкпасын, Жаркын Арапбаевна.

Арапбаева *(чаңырып)*. Жо-ок кетпейт! *(Качкындын артынан барып, мойнуна камчы толгоп жетелеп келет.)* Бузуку! *(Камчы менен жон талаштыра тартып-тартып алат. Букей чаңырган бойдон Арапбаеванын бутун кучактайт)*

Букей. Жаным эже! Урбаңыз! Соттотпоңуз, жаным эже! Бу киши үчүн мени сабаңыз!.. Мени соттотуңуз? Бу акемдин чиедей 6 баласы бар. Ошолорду жетим калтырбаңыз!

Арапбаева *(ачуусун токтото албай калчылдап)*. Качкынга камчы урулат! Аёосуз урулат!

Зеленин. Эсиңизди жыйыңыз. Чатак ырбабасын Жаркын Арапбаевна! *(Баятан бери сөзгө аралашпай окуяга түтөп отурган Мажид сөзгө кийлигишет.)*

Мажид *(ыза менен)*. Эй, жер астын-үстүн болсо да сакалдуу кишини сабоого кантип дит бактың?! Башталган иш бүтөт. Жүрөккө калган так бүтпөйт. Бу шордуу душмандык ойлоп качты дейсиңби?

Букей. Соттотпогула! Күнөөсүн күн-түн иштеп актайт. Мен жардамдашам. Силер эмне унчукпайсыңар, эжекебайлар! *(Ачуусун токтото албай калчылдап турган Арапбаеваны Зеленин ээрчитип кетет.)*

Дарыйка. Кумсарган өлүгүңдү көрүп берейин! Мындан жакшылык болбойт! Эркекти сабадың, этегиң узарбасын.

Букей *(чыйралып)*. Эжекебайлар, сүф деп койсо учуп кетчү чымчык эмес бул эл! Эжекебайлар. Эмне үчүн сакалдуу кишини сабап жатса болушпайсыңар?!

Улгайган аял *(күңкүлдөп)*. Көкүрөгү тунук бала, турмушту окуган китебиндей көрүп жатпайбы.

Дарыйка. Энесинин курсагынан чыкканда эле бизге муштумун түйүп чыкса керек!

Мажид. Заман бузулса да, адам бузулбаса... *(Качкынга.)* Сен дагы кокуйгүн киши окшойсуң! Өкмөттү сен аябасаң, өкмөт сени аяйбы?

Дарыйка *(Мажидге тийгизип)*. Силердей эркек болсом...

Мажид. Мушташат белек. Кой балам сакалдуу кишини тукурбагын, катынга теңелип... *(Качкынга.)* Жүр, сени рабатка кийрип коюп, ууга чыгайын. Дагы кетип калба?! Арапбаевадан шайтан качып кутулбаса, адам кутулбайт. *(Качкынды ээрчитип кетет. Букейден башкалары рабатка киришет. Букей маң боло очоктун жанына келип тымызын ыйлайт. Абайлап басып жанына Дарыйка келет).*

Дарыйка. Качкан киши жакыныңбы?

Букей. Силер коркконуңардан иштеп жүрүпсүңөр. Атамдай болгон кишини... *(Шолоктоп ыйлайт.)*

Дарыйка. Мага окшоп боорукер окшойсуң... Албуут Арапбаеванын көрсөткөн кордугу көкөйгө тийди. Канткенде өч алабыз Букей?.. Жабыла качып кетсекпи?..

Букей. Ал жумуштан качкандыкка жатат, эже.

Дарыйка. Сабатың бар, эжелериңдин өчүн алып бер, Букей.

Букей. Кантип?..

Дарыйка. Арыз жаз, баарыбыз кол коюп Арапбаеванын өзүн соттотобуз. Аз күндө сени сабайт.

Букей. Мен өз ыктыярым менен келгем.

Дарыйка. Арапбаева кетирбейт эми. Канкор катын.

Букей. А мен өзүм кетпейм.

Дарыйка. Балалыгын. Чыдай албайсың го.

Букей. Чыдайм!

Дарыйка. Өзүң бил. Биз башка, көзгө койгулатып көнүп калганбыз. Бул жаакты чапса, бул жаакты тозуп бермей.

Букей. Сизди качан сабады?

Дарыйка. Кокус кетип калсам…

Букей. А сиз кетпеңиз.

Дарыйка. Жаным кыйналып кетти.

Букей *(өкүнүп)*. Эмне үчүн өз намысыңарды сактабайсыңар, Дарыйка эже?

Дарыйка. О, кокуй, кайдагы намыс? Буйдалатып жетекке түшүп бербедикпи.

Букей. Капаланбачы алтын эжем, шайыр эжем. Согуш бүтөт, ый токтолуп, күлкү жаңырат.

*(Арапбаева, Зеленин келет. Дарыйка жылып жок болот.)*

Букей *(ызалуу)*. Балбан экенсиз!

Арапбаева. Көпчүлүк бар жерде тартип сакталат.

Букей. «Казанчынын өз эрки кайдан кулак чыгарса…»

Арапбаева. Какшыкпы?..

Букей. Эл макалы.

Арапбаева. Орду жок макал.

Букей. Орунсуз макал айтылбайт. Эл акылман.

Арапбаева. Дезертирге болушпагын.

Букей. Болушканда сизге кимдин алы жетет?

Арапбаева. Кой садагасы, жаакташпай өз ишиңди бил.

Букей. Сизге сот жок деп ойлойсузбу?

Арапбаева. Балээ кыз го?

Букей. А сиз мүйүзү жок музоо деп жүрдүңүз беле?!

*(Тоотпогондой кекейе басып кетет.)*

Зеленин. Жакшы эмес. Бирөөгө кол көтөрүүгө кандай укугуңуз бар?

Арапбаева. Укук менен сүйлөшсөк анда, сотко берели.

Зеленин. Туура. Сот акыйкаттасын.

Арапбаева *(паузадан кийин)*. Инженер болгонуң менен дале бала окшобойсуңбу?..

Зеленин. Түшүнбөдүм...

Арапбаева. Кийин мага окшоп, чачыңды кыроо чалганда түшүнөсүң...

*(Пауза.)*

Арсыз боорукерликтин кереги жок. Давай эртерээк повесткаларды монтажниктерге жеткир. Жанагы качкын кайда жүрөт? *(Зеленин рабаттан качкынды ээрчитип чыгат.)* Эң оор участокко сал. Эми качсаң кашайып каласың? Жөнө *(качкын чыгып кетет.)* Николай, бул кишинин үй-тиричилик, жөн-жайын билчи. Турмуштары өтө начар болсо балдарын убактылуу детдомго өткөрүп коёбуз.

Зеленин. Жакшы болот, Жаркын Арапбаевна!

Арапбаева. Балдарынан кам санабай иштей берсин... *(Зеленин кетет. Пауза. Арапбаева очоктун жанына келип ойлуу олтурат.)* Бир кишинин тогуз баласы болот. Балдардын энеси дайыма тамак ичээрдин алдында балдарын ыйлата уруп туруп анан тамак берчү экен... Эри: «тамак берердин алдында эле чыркыратып ура бергениң эмнең» десе, антпесем тойбой калдык деп ыйлашат. Үзүмчүлүк убакта кимисин тойгузам. Ошондуктан алдын-ала опузалап коём дептир. Бечара эне 9 баласын ыйлатып коюп, өзү ыйлаган жок дейсиңби?.. Алардын ар бири үчүн 9 эсе сыздагандыр. *(Пауза.)* Сиз кайда, Мажид аке?

Мажид *(суз)*. Ууга...

Арапбаева. Менин атымды минип кетиңиз.

Мажид. Жок. Кудай эки бутума кубат берсин.

Арапбаева. Минип кетиңиз Мажид аке?

Мажид. Дарыядан сүзүп чыккан киши кыйынбы же сүзүп чык деп буйрук берип жээкте турган киши кыйынбы?

Арапбаева. Түшүнбөдүм...

Мажид. Мен да түшүнбөдүм.

*(Кетет, Пауза. Арапбаева рабаттан Букейди чакырат.)*

Арапбаева. Букей... *(Букей чыгат.)* Өзүңдөн улуу кишиге опурулбай жүр садагасы. Сен али турмуштун ойку-кайкысын баамдоочу убактың келе элек.

Букей. Көп жашаган киши эле баарын билип, бизди эчтеке түшүнбөйт деп ойлойсузбу. Качан эркекти аял урчу эле эже?..

Арапбаева. А качан сендей секелек эжеси менен кермурут айтышчу эле.

*(Ушул убакта шабро пальто, хром өтүкчөн Сулайманов менен милиционер келет.)*

Сулайманов *(Букейден көзү өтүп)*. Мен жолтоо болгон жокмунбу?

Арапбаева *(түшүнбөй)*. Эмнеге?

Сулайманов. Азыркы кыз мында иштейби?

Арапбаева. Ооба, эмне болду?..

Сулайманов. Жылдыздуу кыз экен.

Арапбаева. Коюңузчу, жаш кызды.

Сулайманов. Мен деле картаң эмесмин...

Арапбаева. Ой, көптүңөр го эркектер! Сиз тийишчү кызбы ошол. Эми бу жерде калган эркектер колуңардан келгени ушу да.

Сулайманов. Хе, сиздин ушундай өткүр, бетке чабар эркек мүнөзүңүз жагат.

Арапбаева. Каадалуу эркек жок болсо, катын каадасын бузат жолдош Сулайманов.

Сулайманов. Ой, бо-ой, сиз тамашаны унутуп баратыпсыз. Мен жөн эле тамашаладым. *(Иштиктүү.)* Ко-ош, иштер кандай, жолдош Арапбаева?.. Жамгыр тоскоол болгон жокпу ишке?

Арапбаева. ...Мейли бороон-чапкын жүрсүн. Бардык күч мобилизацияланат.

Сулайманов. Жүз аял оңой күч эмес жолдош Арапбаева. Алардын моралдык патриоттук сезимин көтөрүп: аялдар – Мекен ээси!.. Аялдар журт уюткусу!..

Арапбаева *(сөзүн бөлүп)*. Оо, мындай сөздөрдүн нечени айтылды.

Сулайманов. Вообще келечекте айта жүргөнгө бул ишти жалаң аялдар бүтүрүшсүн. *(Милиционерге.)* Сен кандай дейсиң?

Милиционер. Туура.

Сулайманов. Дезертирлик кылып качып-безгендери жокпу?

Арапбаева Жок.

Сулайманов. Оору-сыркоолор...

Арапбаева. Жок.

Сулайманов. Эртең дары-дармек алып доктор келет.

Арапбаева. Биз үчүн кам көргөнүңүзгө чон, ыракмат.

Сулайманов. Кароосуз калтырбайбыз. Кооперативге кийим-кече келип калса, биринчи силерге жибертебиз .

*(Жыртык өтүк, малакайчан Бердибек кирет.)*

Бердибек. Атсалоом алейкумдар... *(Эч ким алик албайт.)* Валейкум ат салам. Хе, кескелдирик кейиптенген кайдагы неме деп таң калып жатасыздар го... *(Сулаймановго.)* Сиз мага таң калбаңыз, мен сизге таң калбайын. Чапаныңыздын чаңы жок. Ээгиңиз кеберсип, өтүгүңүз майрыйбайт, текшерип келген чоңдордон болбоңуз.

Сулайманов *(Арапбаевага).* Бу киши кайдагы киши?

Арапбаева. Монтажник, Бердибек аке.

Бердибек *(Арапбаевага).* А бу киши кайдагы киши?

Арапбаева. Обкомдон. Жолдош Сулайманов.

Бердибек. Оо!.. Анда датым бар улук.

Сулайманов. Жарым эс немеби?

Бердибек *(ызалана түшөт).* Эмне дедиңиз?!

Сулайманов. Эмне үчүн улук дейсиз?

Бердибек. Илгери улук дечүбүз.

Сулайманов. Сөз төркүнүн байкап сүйлөңүз.

Бердибек. Мен сабатсыз кишимин, сөзүмдөн калет кетсе кечирип коюуңуз.

Сулайманов *(Арапбаевага).* Ата-теги ким мунун?

Бердибек. Менин ата-тегимди сурап жатасыңбы? Менин ата-тегим илгери малай, кийин кедей-дыйкан

болушкан. Башкаларга буйруган кымыз, эт, менин ата-тегиме буйруган эмес. Өңгөлөр күлгөн күлкүнү менин ата-тегим билген эмес. Күн ысыкта чымын да ызылдап үн чыгарат. Менин ата-тегим мостоюп келип, мостоюп кеткен бир макулуктар болучу. Хе, өзүмдү болсо көрүп турасыз. Урсаңыз чегөлөп берем. Жакшылык кылсаңыз ыракматымды айтам. Бу турмушта башка аласа-бересем жок.

Сулайманов. Кандай жакшылык сурайсыз?

Бердибек. Ат жемсиз баспайт. Трактор деле майсыз жүрбөйт экен, кара курсакка бирдеме кайрылыңыз. Карын ток болсо азандан күүгүмгө чейин ураалап иштей бермей.

Сулайманов *(Арапбаевага)*. Монтажниктерге колхоздордон оокат бөлүнүп берилсин дебедик беле.

Бердибек. Өткөн айда үч эчки, үч кап макканын адыратмасын алганбыз. Ада болду.

Сулайманов. Болгонун берип жатабыз.

Бердибек. Бергениңердин жумурга токтому жок. Ырас айтам. Маңызы бар, ширеси жок оокат, кара жумуш иштеген кишиге кубат бербейт, улук.

Сулайманов. Анжияндын ашын жеген эч ким жок. Матак неме көрүнөсүң. Жайыл дасторкон кайда экен?!

Бердибек. Эмне бакырасыз?!..

Арапбаева. Бердибек аке, жолдош Сулайманов биз үчүн атайы обкомдон келди. Жай сүйлөшүңүз.

Бердибек. Ошол уксун деп, үнүмдү бийик чыгарып даттанып жатам.

Сулайманов. Фамилияң ким?

Бердибек. Таштанбек уулу Бердибек.

Сулайманов. Мен сени жумушчу батальонуна жибертем.

Бердибек. Башка жакшылыгыңыз жокпу?..

Сулайманов *(Арапбаевага)*. Алчы таасы жок жаак жанган неме го мунуңар?

Бердибек *(ызалуу куңкулдөйт)*. Неме дейт!.. Неме...

Арапбаева *(Сулаймановго)*. Жүрүңүз монтажниктерге. Каниет кылыш керек Бердибек аке. *(Арапбаева Сулаймановду ээрчитип кетет. Сахнада Бердибек.)*

Бердибек. Туура айтат. Каниет кылыш керек.

Суусар!

Суусар. Ой, и-ий... Кайта-кайта эле келе бересиңерби?..

Бердибек. Санаам тынчыбай сагынып жатсам кантейин.

Суусар. Түлөгөн тайлактай болгон шордуум ай...

*(Бердибектин үстү-башын оңдойт.)*

Бердибек. Сары тондун ичинде саргарып жаткан алтын бар. Куур тондун ичинде күмүшкө бергис баркым бар. Колум коло, бутум алмаз, көзүм иликтир, ха-ха-ха... *(Элжиреп.)* Асылым... Кичинекей чымчыгым... Карыганда тапкан махабатым!.. балалыгымды, жаштыгымды кайра жандырган жан чырагым!

Суусар. Ой, ий!.. Ушунча жалынасыңарбы?

Бердибек. Жалынам!.. Үнүм өчүп, өмүрүм өткөнчө жалынам.

Суусар. Койгулачы, мага минтип эч ким жалынган эмес.

Бердибек. Кээде сени өзүмө да ыраа көрбөй кетем. Махабатка ийидим... Махабатка улдук.

Суусар. Көп келбей жүргүлөчү. Арапбаева көрсө...

Бердибек. Эмне?.. Арапбаева бирдеме дедиби?

Айт чыныңды? Өлбөгөн жерде калам!

Суусар. Ал бизди аябай кайтарат.

Бердибек. Туура кылат. Силерди кайтарбаса чилдей тарап кетесиңер.

Суусар. Корком.

Бердибек. Кимден?..

Суусар. Силерден, ушинтип жүрүп бир күнү кетип калсаңар, монтажниктерге повестка келди. Уктуңбу?

Бердибек. Уктум.

Суусар. Силерге жокпу?

Бердибек. Мен жумушчу батальонуна кетем.

Суусар. Эмне дейт?

Бердибек. Чын.

Суусар. Коркутпачы, Бекиш?

Бердибек. Коркпо, Бекишиң октон өлбөсө, жумуштан өлбөйт.

Суусар. Жакшы иштейт деп Арапбаева менен инженер алып кала албайбы?...

Бердибек *(ийнин куушуруп)*. Арапбаева унчуккан жок.

Суусар. Ыркыйган кургурум, аякка барып...

Бердибек. Сагынам сени...

Суусар. Кат жазып тур...

Бердибек. О-о, кат жазганды билсем, небак эле мен дагы кайыш шапке кийген чоң болот элем го.

Суусар *(паузадан кийин)*. Мен... кош бойлуумун, Бекиш.

Бердибек *(толкундана)*. Оо, кудай! Бердибек эми кайра жашарат. Токтоосуз үйгө жөнө! Ачкыч көңдун тубүндө. Коңшу-колоңдор сураса Бердибектин жубайымын де. Мен азыр Арапбаевага айтам. Никелуу аялым дейм!..

Суусар. Акырын, эл угат.

Бердибек. Бердибек эми кайра жашарат. *(Суусарды көтөрүп эркелетет. Ушул убакта эркектердин хору угулат. Рабаттан аялдар чыгат.)* Монтажниктер келатышат.

Улгайган аял. Эй келиндер, эркек аттуулардын баары кетип баратышат, же берээрге оокатыбыз жок. Эми эмне кылдык арман кун! Караныңардан кагылайындарым ушул тизилген тобуңар бузулбай кайра келээр күн болор бекен?.. Ай аялдар селдейип тура бербей кыр- кырга чыгып кол булгалап коштошуп калгыла! *(Аялдар сахнага толуп чыгат.)* Кудай жандарына кубат берсин! Оомийин!

*(Аялдар «Оомийин» деп көккө колдорун сунуп тура беришет. Эркектер хору алыстан угулат.)*

**К ө ш ө г ө.**

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Түн. Сахнанын ортосунда алоолонуп күйүп жаткан очок. От итеректей байпак, колгап түйүп олтурган аялдар. Алардын ар биринде түйдөк салып асынган баштыкча.

Сахнанын оң капталындагы чакан палатканын ичи ширма менен эки бөлүнгөн. Бир жак бөлүгүндө инженер Зеленин. Ал түнкү тынчтыкта орустун эски «Очи черные» романсын мандолинге ойноп ойлуу олтурат. Палатканын экинчи бөлүгүндө Арапбаева, фонарлуу чырактын маңдайында байпак түйүп тунжуроодо. Сахнада жымжырттык. Тек гана мандолиндин үнү боздойт.

Арапбаева. Николай...

Зеленин. Ов!..

Арапбаева. Эртең азандан кетебиз.

Зеленин. Билем.

Арапбаева. Укта, эс ал.

Зеленин. Музыка ишке тоскоол кылбайт. Жаркын Арапбаевна. Музыка жүрөк толкутуп, кыял жибитет. Адамды чыйралтат. Сиз Россияда болгон жоксуз ээ?.. Согуш бүткөндөн кийин сөзсүз кыдырып чыгыңыз. Адам баласы таңгалып, суктанчу жерлер Россияда... Аякта да жамгыр дымбырт коюп, куду жайлоо сымал абаны бат-бат тазартып турат. Асман мелжий созолонгон кайыңдарычы! Эртең менен жуунуп таранып, чачын өргөн сулуу кыздардай койкоюшуп сымбаттуу да, ажарлуу. *(Мандолиндин коштоосу менен ырдайт.)*

Ак кайыңдын түбүндө кыял балкып,
Отурушту эки жаш маңдай-тескей
Күн күркүрөп, нөшөр жаады электете,
Оо, жаштык тура берди аны сезбей.

Ох, кайта-кайта эле өбүшө берчибиз. Мен өбөм, ал өбөт, мен өбөм, ал өбөт. *(Улутунуп.)* Санбатта... Ме-

дик... Офицер... Жакшы ырдайт... Жакшы бийлейт... Экөөбүз бал маскараддарга барганда, колдон-колго өтүп, мени менен бийлөөгө үлгүрө албай калчу... Мен ичим күйүп, көкүрөгүмдү папироско ыштап, туталана олтура берчүмүн... Ал ак көңүл элпек болучу. Эч кимдин шагын сындырбай чакырган киши менен бийлей берчү... *(Пауза).* Угуп жатасызбы?.. Сиз менен көзмө-көз беттешип, бакыт, таалай, келечек жөнүндө сүйлөшүүгө болбойт турбайбы... Укта, иште, отур, тур!..

Адам бирөөлөргө сырын айтпай, тымызын ичтен сызып жүрө берсе, жарп жазылып, кабак ачылбай бук болот экен... *(Пауза.)* Аял кишинин асыл касиети, анын сезгичтиги, назиктиги Жаркын Арапбаевна... *(Пауза.)* Мен сиздин тынчыңызды алдым окшойт. Ыйманда жатыңыз. *(Палаткасынын эшигин шарт түшүрүп алат. Арапбаева үңкүйүп колгап түйүп отура берет.)*

Арапбаева *(үшкүрүнүп).* Кайта-кайта эле өбүшө берчүбүз. Мен өбөм, ал өбөт. *(Тымызын солкулдап ыйлап, кат окуйт.)* «Жаркынтай табияттын таш боор кырсыгынан оолак саксаламатта жүрөсүңбү? Аял баркы алыста жүргөндө билинет экен. Уктасам түшүмдө, ойгонсом оюмдасың. Сагындым... аябай сагындым! Канатым болсо сага учуп барып, кусам таркагыча, черим жазылганча өпкүлөп, жыттагылап... Мен болсом көптүн бири катары ыйык мекенимди коргоп, душман менен жан аябай согушуп жатам. «Отличник стрелок» деген наам беришти. *(Пауза.)* Ак жүр, адал жүр».

Ичинин тарын кантесиң. Өзүң түгүл арбагыңа акмын. Мен дагы эч кимге билгизбей кез-кез ушинтип бугумду чыгарып алам... Россия... Россия... Кемелимдин сөөгүн жашырган мага да ыйык жер... Россия... Өлбөсөм Ала-Тоонун бир ууч топурагын жеткирермин... Болду бырылдаган өлүгүңдү көрөйүн... Чоң иштин башында туруп...

Улгайган аял. Капырай бир ажылдасаңар ээ-жаа бербей, бир тымпыйсаңар мисирейип коёт турбайсыңарбы. Үн чыгарып олтуралы тирүүчүлүктө.

Сары келин. Үн чыгармак түгүл сиркебиз суу көтөрбөй араң олтурабыз. Күндүзү жер казып, түнкүсүн тор түйсөк. Мынча колгап, байпакты күйөөм үйдөн кийген эмес.

Улгайган аял. Жакшылыкка багышталган ишиңе наалыба урган.

Дарыйка. А, жерге кир!.. Тоголок келин томолонуп уктап калыптыр.

Суусар. Уктабай эле адатынча санааркап жатат. Элден бөтөнчө муңайбачы байкуш? Келет. Сенин эриң сөзсүз келет. Ай катындар тоголок келиндин эри келет ээ?..

Жабалактаган үндөр. Келет. Жолдо келатат дейт. Мүмкүн сени күтүп үйдө олтургандыр.

Дарыйка. Түү!.. Эркектин ушунчалык барктуу экенин билгенде, эркек болуп туулбайт белем. *(Куудулдана.)* Ох ты. Суусар! Сен колтукта, Ай Маруса сен оң колтукта, Айда пошел бадалга! *(Күлкү.)*

Анан Арапбаеваны…

Сары келин. Акырын, Арапбаева уктай элек.

Дарыйка. Билем. Ал шүмшүк күзөтчүдөн бетер таң аткыча уктабайт. *(Асынган баштыкчасынан байпак алып.)* Мына, Умай эне. Керкидей бутуңа кетмендей байпак! *(Күлкү.)* Арстанымдын өзүнө тийсин. Ак жолтой байпак болуп, Дакисине ээрчитип келсин. Колтугума ката турайын; кокус жыттап калса, жыпар жыттуу Даким түйгөн экен десин.

Суусар. Башка кишиге тийип калсачы?..

Дарыйка. Дарыйканын жыты баарына дары!

Сары келин. Ырас айтат. Алар деле аял жытын сагынгандыр *(Улгайган аялга.)* Өчүр тизмеден. Бүттүм.

Улгайган аял. Кичинекей түйүп коюпсуң.

Дарыйка. Кичине эмес. Кашыктай бутуна калактай байпак киймек беле. Ал менин жакын кайним. Өзүнө туура келет.

Улгайган аял. Келиндер! Көз жашка чыйралып бүткөн буюм ыйык болот. Бүткөнүңөр ичиңерден тилек тилеп, капка сала бергиле.

*(Бөтөнчө ээги-башын эбиретип, түйгөн байпагын. өөп-жыттагылап Тоголок келин капка байпак салат. Анын соңунан башкалары салат. Улгайган аял байпак, колгап өткөргөн аялдарды тизмелеп сызып отурат. Суусар жашка майланган көзүн, элден ала кача бышактаган бойдон рабатка кире качат.)*

Сары келин. Суусарга эмне болду?.. Күйөөсү аскерден качып, камакта дегени чынбы?..

Улгайган аял. Жамандыкты жаап-жашыра албайт экенсиң го...

Сары келин. Ошондой...

Улгайган аял. Эмне ошондой?..

Сары келин. Дегинкисин айтам...

Улгайган аял. Сак кулаксың ээ?..

Сары келин. Бердибек акенин аялы жокпу?

Улгайган аял. Тиесиңби?

Сары келин. Жо-ок кокуй!

Тоголок келин. Кудай колдо, теңир колдо. Кудай колдо, тенир колдо. Бирөөгө үн чыгарып дит бакпаган Жоошбайыма көз сала жур кудай. Менин бул тирүүчүлүктө тапканым, күткөнүм эң кымбатым Жоошбайым. Атылган ок сага тийбей кайып өтсүн! Күтөм сени! Аяктан сен окус болсоң быяктан мен жок болом жаным биргем!

Дарыйка. Тох! Мына сүнүү! Эй Тоголок, өзүң муштумдай болгонуң менен жүрөгүң тоодой турбайбы.

Келет. Кеткендердин баары келишет. Чөкпө, муңайба. Кат алып турасыңбы?

Тоголок келин. Былтыр бир кат келген.

Дарыйка. Ай катындар! Күйүтү күчтүү Тоголоктун көңүлүн ашчу бир даба тапсаңар боло!

*(Арапбаева чыгат. Колундагы колгапты капка ыргытат.)*

*(Пауза.)*

Арапбаева. Баары өткөрүштүбү?

Улгайган аял. Үчөө өткөрө элек.

Арапбаева. Бүткөнүңөр барып эс алгыла!

Улгайган аял *(шыпшынып)*. Үркөр төбөдөн ооду...

Арапбаева. Букей кантип калды?

Улгайган аял. Жатат солуп. Үйүнө жеткирбесеңер...

Арапбаева. Келсинчи мага.

Улгайган аял. Азырбы?

Арапбаева. Ооба. *(Капты көтөрүп кетет. Үч аял өйдө карабай шаша түймөлөрүн түйө беришет. Улгайган аял Букейди ээрчитип чыгат.)*

Букей. Эмнеге чакырды?

Улгайган аял. Билбейм.

*(Улгайган аял Букейди көзү менен узатып, кайра түнөгүнө келет.)*

Арапбаева. Кел Букей. Отур. Үйүңө кетесиңби?

Букей. Сынап жатасызбы?

Арапбаева. Чын айтам.

Букей. Жүз эжем кайда болсо, мен ошол жерде болом.

Арапбаева. Ооруп жатпайсыңбы?

Букей. Өлбөйм! Мага бооруңуз ачыбасын!

Арапбаева. Кандай тескери кызсың! Мен сенден сурабайм, буйрук этем! Эртең Бердибек акең үйүңө жеткирип келет.

Букей. Менден кутула албай тажап турасызбы? Кетпейм дедимби, кетпейм!

Арапбаева. Эмне үчүн?

Букей. Мүмкүн өмүрүмдө мындан кыйын шарттарга дуушар болом. Ак кол аталып, бир зөөкүрдүн алдында тырпырап таяк жегим келбейт. Бул турмушта аңкоолор менен макоолор түйшүктү билбей жашайт. Нагыз адамдын бул турмуштан тапкан ырахаты анын түйшүктүү эмгеги.

Арапбаева. Букей, менин сендей кызым бар. Сен...

Букей. Менин сиздей апам жок. *(Ызалана ыйлап жиберет.)*

Менин апам боорукер, эркек кишини сабамак тургай аялга үнүн чыгарбайт. Сиз өгүнү акемди сабаган күнү

мени сабадыңыз! Жүз эжемди сабадыңыз! Ата- журттун ызаат сый салтын сабадыңыз!

Мага боор ооруганыңыз калп! Сиздин жүрөгүңүз Көк-Арттын музундай муздак, мээримсиз жүрөк! *(Шарт чыгып кетет. Тор түйүп отурган үч келин таңгала элейип калышат.)*

Үчөө. Биз бүтүп калдык.

Биринчи келин. Аз калды эле.

Экинчи келин. Мен бүтмөйүнчө жатпайм эже.

Үчүнчү келин. Эртең таңсаардан кетебиз ээ эжеке?

Биринчи келин. Биз сизди аябай жакшы көрөбүз.

Экинчи келин. Чын эле эже.

Үчүнчү келин. Мына бүтүп койдум эжеке.

Арапбаева. Баргыла түнөгүңөргө. Түймөңөрдү таштап кеткиле.

*(Үч келин түймөктөрүн Арапбаевага берип, түнөктөрүнө кетишет. Арапбаева очоктун жанына келип, үчөөнүн калтырган түймөгүн түйөт. Чоң кап эт көтөрүп Мажит келет.)*

Келдиңизби?

Мажид.Тирүү адамдын ырыскысы түгөнбөйт. Тирүүчүлүктүн өзү ырыскы. Олжолуу келдим.

Арапбаева. Сизге чоң ыракмат Мажид аке.

Мажид. Мага эмнеге ыракмат. Рахматты ушундай берекелүү жерди тапкан, тээ небаккы өткөн кыргыз аталарыңа айт.

Арапбаева. Бүгүн келбесеңиз жүз келиниңиз тең сизди издейбиз деп жаткан.

Мажид. Эмнеге?

Арапбаева. Беш күн жоголбодуңузбу?

Мажид. Чор таман киши жоголбойт. Тогуз-Торонун тоолорунда жүрдүм. Ат ташыркап жолдо калды.

Арапбаева. Муну жөө көтөрүп келдиңизби?..

Мажид. Ооба.

Арапбаева. Экинчи минтпеңиз Мажид аке. Жаныңызды аяңыз.

Мажид. Жатып алгандан жан жай албайт. Көнүмүш иш. Мага кабатыр болбо.

Арапбаева. Чай коёюн...

Мажид. Жок ичпейм.

*(Пауза.)*

Арапбаева. Билем Мажид аке, сиз мени жаман көрөсүз.

Мажид. Жек көрөм! Уктуңузбу, жек көрөм! Мени бу жерге тушаган жүз келиним. Болбосо...

Арапбаева. А, меничи! Мени тушаган ким?!

Мажид. Мага кыйкырбаңыз?!

Арапбаева. Сизге кыйкырган жокмун.

Мажид. Мага эмес, тук адам баласына үнүңдү көтөрбө. *(Пауза.)* Тил алсаң ошент, тил албасаң адатыңча дүрбөлөң салып, билгениңди иште.

Арапбаева. Чай ичиңиз. Суранып жатпайымбы сизден. Отуруңуз. Арапбаева деле жүз келиниңиздин бири го. *(Палаткадан түйүнчөк апкелип, Мажиддин алдына коёт. Нан, кант ж. б.).*

Же мурда эл башкарбасам... Тартип сакташ үчүн кагыс-кукус деле керек го. Болбосо күчү күйүтүнө ашынып турган аялдардын кимисине ээ болом... Өзүңүз «Замандын долусу адамды да долу кылат» деп жүрбөйсүзбү?

Мажид. Айла жокко арга жок.

Арапбаева. Туура айтасыз арга жок. Башка мүшкүл иш түшкөндө эр камчысын аялы алат турбайбы.

Мажид.Адам пендесине камчы үйрүлбөсө...

Ансыз деле өмүр ченелүү.

Арапбаева. Нандан алыңыз, тандыр нан.

Мажид. Кайберендин боор этине тоюп алгам, чай ичейин.

Арапбаева. Күн ызгаар тартып турат, суукка урунуп...

Мажид. Ырас эле чайды шашпай рабаттан ичейинчи.

Арапбаева. Киркогуңуз болсо мага бериңиз, жууп берейин.

Мажид. Ыракмат, болгону үстүмдөгү. *(Мажид рабатка кирип кетет. Сахна караңгылап, кайра жарык болот.)*

Биринчи бөлүмдөгү көрүнүш. Күн ачык. Алыста дүңгүрөтө тоо жарып жаткан монтажниктер. Обочодогу кемегеде бууланып эт кайнап жатат. Мажид сорпо сапырып келип, чокой-чарык жамоо ишин улантат. Созолонтуп муңдуу ырдаган үн угулат. Рабаттан Букей чыгат. Эки жакты карап Мажидди байкабай казандын жанына келип, ойлуу бир аз турат да, анан казандан эт чыгарып алат. Мажид аны көрмөксөн боло шек билгизбейин дегендей рабатка боюн жашырат. Букей ээндеп кетүүгө авансценаны карай келатып, Мажидге көзү чалдыгат.

Букей *(апкарып)*. А, Мажид аке!..

Мажид *(сыр билгизбей)*. Ов...

Букей. Чокой-чарык жамап отурасызбы?

Мажид. Ооба, кызым.

Букей. Мен сизди жок экен деп... Мен сакайдым Мажид аке, ишке баратам. Күн сонун тийип турат...

Мажид. Бүгүнчө коё тур кызым. Эл келе электе экөөбүз баштан таңалы. *(Мажид казанды көздөй баратканда Букей жерге түшкөн этти рабатты. көздөй ыргытат. Мажид казандан эт чыгарып, аякка сорпо куят.)* Адам аягы тепсебеген жерден чөп жеген кайберендин эти дары болот. *(Букей ыңгайсыздана Мажиддин жанына барат. Мажид ажарлуу жылмайып коёт.)* Ал кызым, уялба.

Букей *(паузадан кийин)*. Эмне себептен адам уурулук кылат, Мажид аке?

Мажид. Жокчулуктан, ачкөздүктөн, уурунун ниети кара.

Букей. Менин ниетим ак, Мажид аке. Эжекелеримдин жыргал турмушу үчүн жаныңды кый десе кылчактабай көнөм.

Мажид. Ал эстүүлүгүң. Ракмат. *(Пауза.)* Кыңырылып ачка олтурган адам жандалбастап көнөчөккө колун салса, ал уурулукка жатпайт. Желденбей төшөккө оронуп оокаттан. Тердесең ысыгың чыгат. *(Мажид Букейди рабатка кийрип, кайра чыгат.)* Ка-ап!.. Катуу уялып калды. Жанатан оокаттантып койбой, ка-ап!.. *(Сакал-мурутy өскөн Зеленин кирет.)*

Зеленин. Мажид аке! Качан келдиңиз?

Мажид.Түндө келдим.

Зеленин *(казанга көз кыйытып)*. Жолдуу келгениңиз сезилип турат. Сиз биздин бактыбызга жаралыпсыз, Мажид аке.

Мажид. Мергенчинин олжосу элдики. Айыл, журт бакканга жарабаган мергенчи эмне кылат мылтык кармап. Саал-паал көкүрөгүм какшап күйүккөнүм болбосо, эчки-теке секирген жерден мен деле аттап кетем.

Зеленин. М... да... чарчабайт экенсиз.

Мажид.Чарчоого чолоо жок. Утур карап үмүт күткөндөрү мен. Токчулукта көрсөткөн миң жакшылыктан жокчулукта көрсөткөн бир жакшылык эсте калат. Унутулбайт. Нечедесиң?

Зеленин. Жыйырма жетиде.

Мажид.Катын-балаң барбы?

Зеленин. Жок.

Мажид *(тамашалап)*. Ыя кокуй, колтугуң муздай электе үйлөнбөйсүңбү?! Танда, жүздүн бирин.

Зеленин. Кыргыз кыздары мага тийеби?!

Мажид. Эмне үчүн тийбейт. Ал илгери тукум бузулат деп башка улутка кыз берчү эмес. Заман өзгөргөн сайын кыял, мүнөз да өзгөрөт тура. Азыр башка улуттан куда-сөөктөрүбүз көп уке.

Зеленин. Цивилизация!.. Менин күткөн кызым бар.

Мажид.А, мунуң дурус кеп. Эңсеп, күтүп, сагынып үйлөнгөнгө не жетсин. Мени эне-атам он төрт жашымда үйлөнткөн.

Зеленин. О, боже!..

Мажид. Үч ай качып жүрдүм. Акыры зордоп үйгө алып келишти. *(Күлүп.)* Колуктуң жалгыз олтурат, барып сүйлөш деп жеңелерим үйгө кийирсе, секелек бир кыз турат. Мен аны ошондо биринчи көрүшүм. *(Күлүп.)* Атамдын койнуна жатып көнүп калган жаным, түн ичинде кайра атамдын койнуна келип жатып алучумун. *(Күлкү.)* Акыры кошулдук. Келе төрө попорос?..

Зеленин. Махорка.

Мажид. А, эптеп түтүн болсо болду. *(Пауза).* Тамеки ороп тартышат.

Зеленин. Дарыйканын качып кеткенин уктуңузбу?

Мажид. Кашак!.. Качан?..

Зеленин. Бүгүн төртүнчү күн. Арапбаева издеп кетти.

Мажид. Ка-ап!.. Ал арам былтыр да жол казгандан качкан. Эми эмне болот ага?..

Зеленин. Арапбаева табат аны.

Мажид. Табарын табат дечи, бирок... Уке ушул жашка келгени Арапбаевадай каардуу катынды көрбөдүм. Суу дөңгөчтү мокок ара менен кыйнап таарытчу аял мына ушул Арапбаева.

Зеленин. Сиздер аны түшүнбөй жатасыздар. Эри фронтто...

Мажид *(сөзүн бөлүп).* Мекен үчүн кан-жан берүү колкого жатпайт. Ал ыйык милдет. *(Пауза.)* Элди зар какшатып бий болгончо, ошол элдин карапайым кулу бол уке.

Зеленин *(күлүп).* Мен бий да болбойм, кул да болбойм, Мажид аке. *(Убап-чубап аялдар келет. Мажидге жүгүнүп, таазим кылышат.)*

Мажид. Ыйман берсин, ыйман берсин балдарым!.. Чокой-чарыгыңарды жамап койдум. *(Аялдар бут кийимдерин алышат.)* Чөйчөк-аягыңарды алып, наркы көк жайсаңга олтургула. Мажид акеңер силер бир тоёрлук таап келди! Суусар?!

Суусар. Эмне аке?!

Мажид. Казан чыгарыш.

Зеленин. Мен чыгарышайын. *(Мажид, Зеленин казанды сыртка чыгарып, кайра келишет. Тоо жардырган үн.)*

Мажид. Иштеп жаткан кимдер?

Зеленин. Бердибек аке менен өгүнкү качкан киши.

Мажид. Эргулдар, эркек тана да. Тоо жардыра берип, кийиктерди алыска үркүтүп жибердиңер. Мурун тээ тетиги тектирчелерде эчки-теке жайнап жатчу. Азыр эчтеке жок.

Зеленин. Өмүрүңүздө канча кийик аттыңыз?

Мажид. Ким эсептеп жүрүптүр. Тогуздан аткан күндөрүм болду. Ата, эргулдар, келатышат. Дегеле шайдоот. *(Жайдары Бердибек менен Качкын келет.)*

Бердибек. Атсалоом алейкум, аткөл аман келдиңби? *(Мурун искеп.)* Эт жыттанат.

Мажид. Оу, карышкырым кантип билдиң?

Бердибек. Кабак-кашың майланышып Турат.

Мажид *(күлүп)*. Ха-ха… Бу сен балакетсиң.

Бердибек. Эзели чоң кишинин карды ачпасын. Ыйлай албай, күлө албай чыдайт экенсиң, эмне аттың?

Мажид. Бир курсагың тоёт.

Бердибек. Аб, баракелде! Майлуу этке бир тойсо үч күнгө каниет.

Мажид. Карышкырдын аш казаны экөө болот. Бир жегенде төрт аяк ботко жеп жүрбөйсүңбү. *(Күлкү.)*

Бердибек. Чынын айтсам майы жок ботко курсакка токтобойт. Айла жок. Болгонун жейбиз да. Арапбаева келатат. Аа!.. Кыз Дарыйка колго түшүптүр. Тигини Арапбаевага өңөртүп алган тура. *(Аялдар жарданып карашат.)*

Суусар. Үксүйгөн өлүк, баарыбызды жаманатты кылып…

Сары Келин. Эр экен, үч күн болсо да, үйүнө барып келди.

Букей. Жумуштан качкан эрдик эмес эже.

Сары келин. Эрдик эле…

*(Дарыйканы ээрчитип, Арапбаева келет.)*

Дарыйка *(албууттана)*. Оо журт! *(Койнунан жулунган чач алып чыгат.)* Көргүлө муну! Көргүлө солдаттын жубайын! Ал тыякта кан төксө, мен быякта жаш төктүм, кокуй! Лам деген жокмун. Ичке тепти, башка тепти! Чачымдан сүйрөдү. Эрим урган эмес эл-журт! Колуңду кара жама жесин! Оо кудай! Катын башың менен катынды сабадың, катып өл таркы! Мени күйгүздүң, күйүп өл таркы! Катындан таяк жегенче эркектин тепкисинде өлсөмчү кокуй!

*(Аялдар үн-сөз чыгарбай Арапбаеваны жекире тиктеп тура беришет.)* Мыкчыйба! Акшыйба! Соттот! Жогот!.. Аттырып жибер! *(Чачты көрсөтөт.)* Көргүлө муну! Көргүлө! *(Өңгүрөп ыйлайт.)*

Мажид *(ачуулу)*. Эй, бул эмне кылганың? Буларда эмне өчүң бар, ыя?! *(Жулунат.)*

Бердибек *(Мажидди кармап)*. Арапбаева!.. Көпчүлүккө өчөшсөң тепсеп кетет. Сен да аялсың, же көктөн түшкөн машаяксыңбы?!

Мажид. Тфу, наалаты!

Арапбаева. Акылы жок долуга болушпагыла!

Бердибек. Акылы жок адамды сабагандан акыл кирсе ааламда өлтүрө таяктачу кишилер айласыз көп. Акылсызга сабап акыл кошо албайсың, Арапбаева.

Зеленин. Туура айтасыз, Бердибек аке.

Бердибек. Мен дайым туура айтам. Чындыкты, акыйкатты, бизге окшогон «карапайым кишилерден үйрөнгүлө! *(Туталанып.)* Экинчи аялдарга өкүм көрсөтсөңөр Бердибектен жакшылык күтпөгүлө! Биз корккондубуздан жүргөн жокпуз Арапбаева. Мен да кыргыздын султанымын! Менде да тоодой сүр, көлдөй толкуган кыял бар. Ах!.. Жер таянбай учуп жүргөндөй жүрөсүңөр. Канчалык

чамгарактап, көтөрүлбө, акыры таянарыңар жер. Бүркүт да баласын жерден учурат жолдош Арапбаева.

Зеленин. Чыны менен мыкаачы аял экенсиз. Аялдын чачын жулуп... *(Жабалактаган үндөр: «Акыйкат бар! Жоопко тартылсын! Чоң өкмөткө айтабыз! Оосурган уйдай кылабыз. Көрчү кумсарып турганын! Жогол! деген сөздөр чыгат, ызы-чуу.)*

Улгайган аял. Пайгамбар сыйлаган аялды Арапбаева сыйлабады. Чыдадык... Аябай чыдадык!.. Ооба, Дарыйка күнөөлүү: ишти таштап, бизди таштап качып кетти. Ан үчүн жазасын өкмөт берет. Киши эмес атты башка чапчы эмес эле го, Арапбаева? Ушундай кордук болобу?

Мажид. Кеп жебеген немеге сөз айтып бекер. Оокатыңар муздай электе тамактанып алып, ишиңерге баргыла.

*(Арапбаева, Зелениден башкасы кетет.)*

Зеленин. Мына! Сиздин метод, принцибиңиз. Темирдей тартип сактаганыңыздын тыянагы.

Арапбаева *(дендароо)*. Ырысын жейт. Чачын жулмак түгүл кол көтөргөн жокмун. Караван базарында күн карама сатып олтуруптур. Мени көрүп ал чаңырып качты. Элден уялып андан мен качтым. Милиция кармады. Балким долуланып провокация жасасам, Арапбаева кетирип иет деп ойлодубу... *(Чыңырып.)* Кетпейт...

*(Пауза.)*

Арапбаева зулум аял... Арапбаева мыкаачы... Каргыш тийген Арапбаеванын буларда өчү болсочу!..

Зеленин. Ох, татаал адамсыз Жаркын Арапбаевна. *(Мажид келип, рабаттан мылтык алып чыгат.)*

Зеленин. Дагы ууга кеттинизби?

Мажид *(кайдыгер)*. Ии, болгон өнөрүм ошо болсо...

Зеленин. Жолго тамеки алыңыз. *(Махорка, газет берет.)* Бүт алыңыз.

Мажид. Силер өкмөттүн мыйзамынан сөөм жылбаган адамсыңар. Андан сырткары табигый мыйзам бар. Ал мийзам адамдын жаны менен бирге жаралып, жаны

менен бирге кетет. Эски мийзам жаңыланып, жаңы мийзам эскирет. Мийзам кылымдар жашайт. Адамга кылым кырк эмес. Адам бир гана келип, бир гана кетет. Мен ошол бир келген, адам үчүн ушинтип далбас уруп жүрөм. Силердин көзүңөр ачык, билимиңер бар. А, бизде кудай берген сезимден башка эчтеке жок. Көч ээси силер болсоңор, жүк көтөрчү күчүңөр биз. *(Арапбаевага.)* Жыгылып калган чабырды сабап тургузган эрдикпи же жөлөп-таяп тургузган эрдикпи?

Арапбаева. Сиз мени түшүнбөдүңүз, Мажид аке.

Мажид. Ооба, түшүнбөдүм... *(Кетет.)*

Арапбаева. Ушинтип бири-бирибизди түшүнбөй, бул дүйнөдөн өтүп кетебиз... Жанагы долу келсинчи мага..

Зеленин. Чыр-чатаксыз, Жаркын Арапбаевна.

Арапбаева. Баары келсин. Чогуу-чара сүйлөшөбүз.

*(Кетишет.)*

Бердибек *(Дарыйкага)*. Туйлап секирсек да кетмен, күрөк, биз өлгөндө гана жондон түшөт. Сен экөөбүзгө табийгаттын берген энчиси ошол. Сен Арапбаева үчүн, мен Сулайманов үчүн иштебейм. Элдик иш. Өкмөттүн иши. Экинчи Арапбаева сабабасын, сен таяк жебе. Согуш бүтүп аскерден эркектер келгенде, желеге бээни байлатып, бөдөнө тилди сайратып алты канат ак өргөдө гана олтурасың... Былтыр да кетип калдың... Эгер түшүнсөң, чабылган жол, казылган канал, азыркы биздин иш, укум-тукумубузга калтырган казына, кенч. *(Букейге.)* Туурабы, кызым?!

Букей. Туура, аке.

Бердибек. О, кол ийиктей болгон садага болоюн. Кантип калдың?

Букей. Жакшы. Сакайдым, аке.

Бердибек. Мына кеп! Кыргыз атаңдын укмуш касиети, дарманы кетип үзүлүп бараткanda да кандайсың десең – жакшымын деп үзүлөт. Оо! Дөөлөтүңдөн кагылайын кыргыз ата! Биз да жакшыбыз. Туурабы кызым!

Букей. Туура аке.

Бердибек. Карачы, сенин чыканагыңдай кыз. Дилгирама, телепон коюп бүтмөйүнчө Арапбаева өзү да тынч албайт. Бизге да тынчтык бербейт. *(Арапбаеваны ээрчитип Зеленин кирет.)*

Арапбаева *(каргылдана)*. Кана, көпчүлүктүн акыйкат соту чечсин. Качып кеткен киши күнөөлүбү же кармап келген киши күнөөлүбү?.. Эмне үчүн сиз качпайсыз?.. Сиз, сиз, Умай эне, Суусар, Аныйпа, Күкү, Саадат, Букей. Эмне үчүн качкан жоксуңар?

Сары келин. Сизден коркуп...

Арапбаева. Менденби?..

Сары келин. Ооба.

Арапбаева. Урдумбу, сени?

Сары келин. Жок,

Арапбаева. Анда корко турган кандай жөнүң бар?

Сары келин. Баарыбыз коркобуз.

Арапбаева. Сен эмне дейсиң Букей?..

Букей. Эчтеке.

Арапбаева. Менден коркосуңбу?

Букей. Кылмышым жок эмнеге корком?

Арапбаева. Мына! Кылмышы жок адам эч кимден коркпойт, жолдоштор!

Сары келин. Дарыйканы өлөрчө сабаган ким?..

Арапбаева. Дарыйка өзү айтсын.

*(Пауза.)*

Сары Келин. Көрсөт жанагы чачты. Башка-көзгө тептирип тек болосуңбу?!

*(Пауза.)*

Бердибек. Кана жанагы жулунган чач?! *(Пауза.)* Ии, төбөдөн ургур калп айткан го!.. *(Дарыйканын койнундагы чачты алып таңыркай түшөт.)* Түү!.. Аттын кылы! *(Аялдарга көрсөтөт. Аялдар таңыркап үн-сөз катпайт.)*

*(Тынчтык.)*

Суусар. Эй долу!.. Арапбаеваны урду дебедиң беле?

Дарыйка. Кыпчылба!

Суусар. Дагы болушуп коёбуз.

Дарыйка. Болушпай эле кой.

Бердибек *(Дарыйкага)*. Оозуңду жап. Унчукпай кал. Кичине уялып, бетиңди кызарт. Ии... ошентип жер карап тур...

Арапбаева *(толкундана)*. Кымбаттуу аялдар! *(Пауза.)* Күн күркүрөп, жамгыр төкпөсө жер көктөйбү? Душманга кул болгончо туулуп-өскөн жериңдин азабын тарт. Арапбаева силердин ырыс-кешик, муң-зарыңарга ортоктош аял... Дарыйка!.. Эми качсаң чындап сабайм. Өлсөң кара жамынып ыйлайм. Ак ниет иштесең кудайымдай сыйлайм!.. *(Пауза.)* Арапбаева бейкутчулук убакта силердин балдарыңарга дүйнө тарыхын үйрөткөн мугалим болчу. Мугалимдин сыймыгы окуткан балдары. Ал ошолор үчүн өмүрүн сарптайт. Ал ошолор үчүн күчүн берет. Мыкты окуучуларына кубанса, начар окуучуларына жаны кейиййт. Силер ошол мен окуткан балдардын энесисиңер... *(Пауза.)* Башка эмне айтайын күн кыска, жумушуңарга баргыла.

*(Зеленин, Арапбаевадан башкалары кетишет.)*

Оф!..

Зеленин *(аяп)*. Чыдаңыз, Жаркын Арапбаевна, жүз секирим жер калды.

Арапбаева. Арапбаева чыдайт. Айтчы Николай, жерге төшөлгөн кабель чирибейби?

Зеленин. Көпкө чыдайт.

Арапбаева. Түбөлүк эмес дечи.

Зеленин. Келечекте радиорелейдик мач курулат.

Арапбаева. Ага чейин биз карып кемпир болобуз...

Зеленин. Бирок акыл-эс карыбайт.

Арапбаева. Көк-Арт!.. Көк-Арт!

*(Сахна караңгылап, кайра жарык болот.)*

Чоң шилби түбүндө челек көнөчөктөр, үйүлгөн кийим-кечектер. Бу жер – аялдар оокаттанып, келип кетчү жай. Сахнанын сыртында эмгек атмосферасы. Сахнада Сулайманов, Арапбаева.

Сулайманов. Жардамды берип жаттык. Эки күндүн биринде өзүм келип турдум… Фронтко керектүү оокат-кечелерди эшелондоп жөнөтүп жатабыз… Ага контролдук керек. Телефон тиктеп таңатканча контордо отурабыз… Бу дагы иш. Областтын чарбачылык иштери канча?! Пахта, жүн, эт, май даярдоо, фронтко жаңы резервдерди узатуу… Сиз бир участокко жетекчилик кылсаңыз, биз көп участокту жетектейбиз.

Арапбаева. Айткандарыңыз туура… Бирок, аялдар аябай чарчашты. Түн-күн иштеп дармандары жок калды. Эми жолго айдасак кырып алабыз.

Сулайманов. Өтө боорукер экенсиз… А душман боор ооруган жок!.. Миңдеп, миллиондоп кырып жатат!..

Биз кол куушуруп туруп бербейбиз жолдош, Арапбаева. Тылдагы күжүрмөн эмгек да душманга урулган сокку!.. Бул темада экинчи сөз болбосун! Он күн тыныгуудан кийин өзүңүз баш боло, жүз аял менен «Кызыл-Жар» жолуна барабыз.

Арапбаева. Жок дегенде 15 күн эс алышсын.

Сулайманов *(кесе)*. Эс алуу, курорт, санаториялар согуш бүткөндөн кийин иштейт.

Мен сизге түшүнөм жолдош Арапбаева. Абдан чарчадыңар, бирок… «Кызыл-Жар» жолуна баарыбыз барабыз. Жолчуларга түзүгүрөөк шарт түзүүгө аракет жасайбыз, жолдош Арапбаева. Ал эми, бул жерде активдүү иштеген адамдарыңарды сыйлыкка көрсөткүлө. Ардак грамота, грамота, акчалай сыйлык берилет.

Арапбаева. Жүз аял, үч абышка, инженер Зеленин.

Сулайманов. Баарынабы?..

Арапбаева. Баарына.

Сулайманов. Андай болбойт жолдош Арапбаева.

Арапбаева. Эмне үчүн?

Сулайманов. Бөтөнчө эмгек көрсөткөндөр сыйланат.

Арапбаева. Менимче бардыгы татыктуу. Азыркы акчанын баркы түштү. Сыйлыкка кийимкече бердириңиз.

Сулайманов. Кийим-кече да берилет. Бер, бергиле деп эле сурана бересиз, качан алгыла дээр экенсиз.

Арапбаева. Эки, үч күндөн кийин бул объектини бүтүрүп алгыла дейбиз. *(Көңүлү ачык Зеленин келет.)*

Зеленин. Тоо штурмалап жаткан аялдарга таңыркап турасыздар... Фрунзе менен байланыша бериңиздер.

Сулайманов *(трубканы алып)*. Ало! Ало! Станция! Бул Көк-Арт, Көк-Арт!

Арапбаева. Станция! Станция! Көк-Арт! Көк-Арт!

Сулайманов. Жүрөк кубанарлык иш! Бул эмгегиңерди эске алабыз инженер.

Зеленин. Алкышты Жаркын Арапбаевага айтыңыз.

Сулайманов. Албетте, Арапбаева чоң сыноодон өттү.

Зеленин. Чоң иш бүтүрдү деңиз. Жаркын Арапбаевна болбогондо...

Сулайманов. Чоң иштер али алдыда.

Зеленин. Жаркын Арапбаевна, гудрон төгүү башталды.

Арапбаева. Уруксат берсеңиз биз...

Сулайманов. Бизге кылчактабай иштей бергиле.

Зеленин. Жүрүңүз, Жаркын Арапбаевна.

*(Арапбаева, Зеленин кетет.)*

Сулайманов. Буларга баарын ишенип берүүгө болот. Булар эч качан уяткарбайт.

*(Чекесинен терин шыпырып, Бердибек келет.)*

Сулайманов *(жылмайып)*. Аа... Сен баягы немесиңби?..

Бердибек *(күлүп)*. Ошол нењемин. Неме.

Сулайманов *(күлкүгө аралаш)*. Бу, Сиз...

Бердибек. Ошо мен... Саламатсызбы?

Сулайманов. Саламатсызбы узун тил киши.

Бердибек. Ии... Көк-Арттын көк ташына бүлөнгөн тил...

Сулайманов. Кекчил адам экенсиз.

Бердибек. Торпок кек сактабайт.

Сулайманов. Кайым айтышканды жакшы көрөт окшойсуз.

Бердибек. Кааласаңыз күч да сынашам.

Сулайманов. Кана, күрөшүп көрбөйлүбү.

Бердибек. Мейли, жыгылсам нардан жыгылам, буйласын кармай жыгылам.

Сулайманов. Мен жыгылдым аксакал.

Бердибек. Мына эми оңолдуң мен да жыгылдым. Акылмандык чоңдукта эмес, акылмандык абийир-ызаат жөнөкөйлүктө. Сакалдан улук эмне бар?.. Улуу кишинин сыймыгы сакалы. Калп болсо да аксакал деп турсаңар биз ошого көкөлөп батына албай калабыз. Ылайым зоболоңор көтөрүлсүн. Бирок, журт тегин тепсебей жүргүлө уке. Бири-бирибизге өчөшкөндөй мансап талашкан жерибиз жок. Сенин кызматыңды мен аткара албайм. Менин ишимди сен иштей албайсың. Айырмабыз ушул. Мен бир жаман акыл айтайынбы? Эзели бей-бечараны кемсинтпе. Кайра колуңдан келишинче кожоңдой колдо. Алкыш аласың. Жүрү эми мен бүтүргөн иштерди көр.

*(Кетишет.)*

Гудрон куюлган бочкаларды тоголотуп, бир топ аялдар келет. Көнөчөк, челектерден алгынын уютмасын ичишет.

1-аял. Эй катындар! Жан талашпагыла. Бир аз көчүк басалы. Кетпеген жерден тер кетти.

2-аял. Чечин күпчүйбөй.

1-аял. Кашак!.. Анда жыланач калам.

2-аял. Баягы шайы көйнөктөрүң кайда?

1-аял. Шилби, талдын бутактарында. Түндө Арапбаева менен полномочундун сүйлөшкөн сөзүн уктуңарбы?.. Бизди Кызыл-Жар жолуна жиберет экен.

2-аял. Таш оозуңа! Сен жанында олтурдуңбу?

1-аял. Рабаттан угуп жаттым.

2-аял. Кулагыңа телефон орнотуп алгансыңбы?

1-аял. Ишенбей турасыңарбы?

Үндөр. Мейли, биз баарына бел байлап чыкканбыз.

– Арапбаева барат бекен?

– Барбаганда...

– Ал өлсө да бизден калбайт.

– Анда мергенчи акени да ээрчите кетебиз.

– Мергенчи аке барса кор болбойбуз.

– Барат. Жабыла сурансак..

– Учуктан шоона эшпегилечи, эч кайда барбайбыз, калп айтат.

1-аял. Өлүп кетейин, калп айтсам!

2-аял. Үйгө жибербейбиз дейби?!

1-аял. Он күнгө уруксат берет экен.

2-аял. Оо, он күндүн ичинде бала-чакабызды жыттап казы байлап келебиз.

Үндөр. Аны убагында көрөбүз. Ындыныңарды өчүрбөгүлөчү. Ырас эле эмнеге баш ооруттук. Буйрук болсо, барбаска чара барбы.

– Ай, Арапбаева карап турат!

– Өлүгүңдү көрөйүн каракчылар. Келатат!..

*(Бочкаларды тоголотуп, шаша чыгып кетишет. Бочка тоголотуп Арапбаева, Зеленин, кирет.)*

Зеленин. Жолго бармак болдуңузбу?

Арапбаева. Ооба.

Зеленин. Аялдарга боорум ачыйт.

Арапбаева. Аны айтпа... Эми аялдардан мен жалтактачу болдум.

Зеленин. Неге?

Арапбаева. Убал болду.

Зеленин. Кызык... Сиз толгоосу жанган комуздай кумшадыңыз.

Арапбаева. Жол казганга барсак, Арапбаева кайра чыйралат. Ансыз мүмкүн эмес. Согуш бүтсө мугалимдик

кесибиме кетем. Мындай уюштуруу, жетекчилик ишке чоркоктук кылат окшойм... Башкар десе эле коркутуп, үркүтүп иштетиш керек деп жүрүпмүн... Баягы колум тийген кишини ойлоп, ушул күнгө чейин зээним кейийт *(Сулайманов келет.)*

Сулайманов. Молодцы! Санаам эми тынчыды. Укмуш! Укмуш, жолдоштор! Мындай аялдарды кастарлап төбөгө көтөрүш керек. Дүйнө жүзү аңыз кылчу иш бүтүрдүңөр! Иштин бүтүшүнө чоң той беребиз, жолдош Арапбаева. Сиз биздин көңүлдүн борборундасыз, инженер Зеленин. Укмуш! Укмуш, жолдоштор!

Арапбаева. Жүрүңүздөр, бир-эки саат кол кабыш кылыңыздар.

Сулайманов. А, туура айтасыз. *(Кетишет.)*

*(Сахна ээн. Сахнанын сыртында эмгек атмосферасы. Абайлай баса уурданып Дарыйка менен Сары келин келет. Безгек болгон адамдай титиреп, Сары келин өтө коркуп алган. Алар эки жакка көз чаптырышат.)*

Дарыйка. Эмне титирейсиң?

Сары келин. Титиреп жатамбы?

Дарыйка. Эсиңди жый! Эки жакты байка.

Сары Келин. Уу коргошундан адам өлөбү?

Дарыйка. Мүрт кетет. *(Дарыйка челек көнөчөктөргө уу коргошун куймакчы болгондо, Сары келиндин сездүү үнү токтотот.)*

Сары келин. Ай.

Дарыйка *(алаңдап)*. Эмне?!

Сары келин. Коркуп атам.

Дарыйка. Коркпо. Өлүк-тиригиңерди көрүп берейиндер. Дарыйканын кирпигинен айлангыла. *(Дагы куймак болот.)*

Сары келин. Ай!..

Дарыйка. Эмне?

Сары келин. Куйба?!

Дарыйка. Эмне болду?!

Сары Келин. Өчүңдү Арапбаевадан ал. Башкаларда не жазык?

Дарыйка. Аялдарды кыйнап иштетип белде өлтүргөн деп өкмөт Арапбаеваны атууга буйрат. Ошондо гана жаныбыз жай алат. Бизди жолго жибергени жатканын уктуңбу? Ошонун баарын кылган Арапбаева. *(Идиштерге куймакчы болот.)*

Сары келин. Келатат!

Дарыйка *(чоочулап)*. Ким? Кана?!

Сары келин. Аялдардын баары бизди карап тургансыйт... Жүрөгүм түшүп калды!.. Кой, Дарыйка, адал өлөлү. Билип калышса...

Дарыйка. Айныдыңбы?

Сары келин. Ооба, айныдым.

Дарыйка. Жиндисиңби, айнып?

Сары келин *(кыйкырат)*. А-а! *(Дарыйка Сары келиндин оозун басат.)*

Дарыйка. Кыйкырба деймм!

Сары келин *(апкаарып)*. Өзүм өлалбай жүрүп, бирөөлөрдү өлтүргөндү ким коюптур мага. Коё бер?!

Дарыйка. Оозуңдан чыкпасын!

Сары келин. Оозум бош. Айтып коём, Дарыйка. *(Корконунан калчылдап, чыгып кетет.)*

*Дарыйка (челекке барып корконунан чаңырып жиберет)*. А-ай!.. Ырас эле аялдарда не жазык.

*(Чоң почке тоголотуп Бердибек келет. Дарыйка нес).*

Бердибек. Эмне турасың? Өңүң чөптөй кумсарат, ооруп калдыңбы?

Дарыйка . Көзүм караңгылап, талмам кармаганы турат.

Бердибек. Аки-чүкүнү ойлобой ишке алаксы, опей?

*(Дарыйка көзүн акшыңдатып, муштумун түйө жерге сулайт. Бердибек Дарыйканын колун ушалап, эс алдыруу аракетин жасайт.)* Дарыйка!.. Дарыйка!.. *(Улутуна.)* Күйүттөн, санаадан болгон илдет... Рабатка жеткирип келсемби... *(Кийим-кечектерди төшөп үстүнө жаткырат. Кейийт.)* Көпчүлүгүнүн талмасы бар. Олдо

кагылайындар ай! Аччы көзүңдү?.. Аз калды, жакында үйүңөргө барасыңар... Кабелди эркектер көмөбүз...

Опей, арбак аткыр калп го... Дарыйка!.. *(Сынап.)* Арапбаева келатат! *(Дарыйка көзүн умачтай ача ыргып турат.)* Ок, кара жерге киргир!.. Соо жанын оору деп...

Өлүп калсаңчы!.. Бас! *(Дарыйканы алдыга салып, чыгып кетет. Бочканы араң токтотуп Суусар келет. Ичин басып, шилбиге сүйөнөт. Ал өтө алсыз.)*

Суусар. Эки күн калганда кара басып... Ара төрөп койомбу?! Тегеректин баары эл... Ээндеп кетейин... Дарманым жок.

Букейдин үнү. Суусар эже!.. Гудрон!.. Гудрон!.. Суусар, Суусар эжең курусун. Ай-күнүнө жетпей калды, эч жанга билгизбейин дечү элем. Маскара болдум (*Букей келет.)*

Букей *(элейип)*. Сизге эмне болду эже?

Суусар Мени ээндетип алып кет, Букей? Толгоо... Толгоо...

Букей *(Шашкалактап)*. Эже! Арапбаева эже!

Суусар. Аны эмне чакырдың?

Букей. Анан кимди чакырам, эжекебай!

Суусар. Атасын, атасын чакыр.

Букей, Атасы ким?

Суусар Бердибек акеңди чакыр. Жок өзүм... Эл билбесин.

*(Арапбаева келет.)*

Арапбаева. Эмне болду?

Букей. Эжем...

Арапбаева *(карбаластап)*. Рабатка, тезирээк рабатка! Умай эне, үч-төрт аял келсин, тез! *(Букей чуркап кетет. Арапбаева Суусарды колтуктайт.)* Мурунтан неге айтпадың... Көзүм кашайып байкабаганымды кара... Кечир сиңдим. Уялба, түк уялба. Кыяматтан табылган наристе баарыбыздын эркебиз болсун, Арапбаева баланды койнуна катып багат. Сыймыктанып багат. *(Суусар ээгин бекем тиштене, жерден башын көтөрбөйт.)* Көңүлүндү караңгылатпа Суусар! Ач көзүңдү, кагылайын Суусар!..

Э-эй, бу тегеректе ким бар?! *(Умай эне, Тоголок келин, дагы эки аял келет.)* Опала. *(Суусарды алаканына көтөрүп, рабатты карай жөнөйт. Аялдар соңунан жөнөшөт.)*

Улгайган аял *(ичинен күңкүлдөп)*. Тизгиниңерди тарта жүргүлө деп айткам. Карачы, акыры эмнеге дуушар болду. Атасы мен деп ал шүмшүк келет дейсиңби? Өз шору! Баланын шору!

Тоголок келин. Бала кимден болсо да энеси бар, ырысы бар.

Улгайган аял. Анда ууртуп-чууртуп төрөй бергиле. *(Рабатка келишет. Арапбаева Суусарды рабатка алып кирет. Энтиге Бердибек, Букей келет.)*

Бердибек. Кайда менин Суусарым?! Үстүндө ким бар? *(Рабатка баш багып.)* Эбиреп-жебиреп, күмөн ойлобогула катындар! Суусар менин никелүү зайыбым... Көз жара элек көкүрөк күчүк менин периштем... Аман-эсен көз жарып алса, жалгыз уюмду союп, ушул жерге түлөө өткөзөм! Эми менин байлыгым Суусарым! Кичинекей периштем! *(Пауза. Чаңырган баланын үнү).*

Тоголок келин. Сүйүнчү! Жүз бир болдук!.. Кыз!..

Бердибек. Болсун, кагылайын! Киндик энеси ким?

Тоголок келин. Умай эне!

Бердибек. Киндик атасы долу Көк-Арт болсун. *(Күн кеч кирип, күүгүмдөй баштайт. Чоң кап эт көтөрүп Мажид, иштен аялдар келет. Букей авансценада.)*

Букей. Жокчулук адамды кул кылат деп уккан элем. Эми ишенбейм! Анын баары жалган экен. Дүйнөнү сапырылтып жыйсаң дагы. Баарынан кымбат Ата Мекен!

*(Жууркан, төшөктөрүн көтөрүп тоо өрдөй кетип бараткан аялдар.)*

Букей. Э-эй, э-ээй!.. Алтын көкүл эжекелер!.. Токтогула, мен да барам!..

**К ө ш ө г ө.**

# УНУТУЛГУС КҮНДӨР

***(Эки бөлүмдүү хроникалык драма)***

## КАТЫШУУЧУЛАР:

Шаршенбай Айылчиевич – детдомдун директору
Саадат – тарбиячы
Курман – тарбиячы
Эсенов – районо
Ахмед
Шамиль
Эмиль
Витя
Толик – Летягин
Нурлан
Бермет
Борбук кыз
Сулууча – детдомдун тарбиялануучулары
Карыя – Нурландын чоң атасы
Ахмеддин энеси
Байдылда – навайчы

*(Окуя республикабыздын алыскы райондорундагы детдомдордун биринде өтөт).*

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

### Пролог

Мезгил күз. Бак-дарактуу аймак. Бузулган дубал. Сахнанын тереңинде кароосуз калган там. Айлана жымжырт. Тек бир гана адамдын жай баскан добушу, улам утурлай жакындап угулат.

Мына ал адам сахнада. Орто бойлуу, сур жүздүү. Ал, эки жакты карап, бир нерсе эсине түшкөндөй, муңайыңкы дубалга жөлөнөт. Көзүн жашка кылгыртып алыска телмире карайт.

Көз алдында «Чаек» балдар үйү деген жазуунун үстүндө, окшош кийинишкен балдардын сүрөтү элестейт. Алар жандуу. Бири тумсак, бири жайдары. Ар кыл мүнөздөр. Арасында окуянын каармандары: Ахмед, Шамиль, Эмиль, Витя, Толик, Нурлан, Бермет, Сулууча ортосунда Шаршенбай Айылчиевич.

«Жыйырма жыл... Чейрек кылым... бактылуу балалык, түйшүктүү учур...» деп, өзүнчө кобурап жанындагы дөңкөчкө көчүк басат. Карылыктанбы, же оор түйшүктөнбү, айтор өзгөчө чачы агарган аял келет. Адам аны байкабайт. Аял бушүркөйт. Кимдир бирөөгө окшоштургансыйт. Бүдөмүктөнөт. Акыры өзүнө каратуу максаты менен жеңилирээк жөтөлүп добуш берет. Экөө тиктешип калат.

*(Пауза.)*

Аял. Сиздин короодо жүргөнүңүздү көрүп, эмне үчүн келгениңизди билгим келди.

Адам. Жөн эле... анчейин, кароолчусузбу?

Аял. Жок, өзүмчө эле бак-даракка көз салып жүрөм. Кээ бир эси жоктор бутап, кыйып кетишет. Анын үстүнө бул бактар ыйык бак!.. Жетимдер тиккен... Ошолордун эстелиги.

Адам. Саадат эже?!

Саадат. Сен кимсиң?

Адам. Мен...

Саадат. Токто, токто... Камчыбексиңби?.. Жок, Шамбетов Болот... Адылсыңбы?..

Шамиль. Шамилмин.

Саадат. Оо, байкуш көк жетимим!.. Өгүнү Кукулдан сурасам, кайда экенин билбейм деди. Кызматчысыңбы?..

Шамиль. Чимкентте, конструктор-инженермин.

Саадат. Атаңдын көрү... Отпускага келгенсиң го?!

Шамиль . Ооба.

Саадат. Турмуш ал-ахвалың?..

Шамиль. Жаман эмес. Мыкты да эмес. Өзүңүзчү?

Саадат. Пенсия алам. Жалгыз башыма эмне жетпейт. Шаршенбай Айылчиевич турган үйдө жашайм. Кимге багыттап келдиң эле...

Шамиль . Өскөн жерге...

Саадат. Ушунтип эскерип жүр. Ал жылдарың өмүрүңдүн орчундуу эпизоду. Жашооң канча болсо, ошончо эскер. О, оу! буурул чач болгон турбайсыңбы?

Шамиль. Запкыны көп тарттым Саадат эже.

Саадат. Түйшүктөн тапкан ак чачыңа өкүнбө

Шамиль. Ал учур өттү да кетти. Азыр бирөөлөргө айтып берүүдөн уялам.

Саадат. Арбыйган ачарчылык бир тууганың Эмилди камтып кеткенин, атаң Бухенвальдда Эрнест Тельманды өлтүргөн жерде даргага асылганын, топ жетимдердин ар кыл тагдырын айтып берүүдөн уяласыңбы?.

Шамиль. Сиз билесиз. Тарых билет. Мезгил ошондой эле...

Саадат. Сен көргөн күндү көрбөсөм, жолдошторуң чеккен азапты билбесем, азыркы көрүнүшүмдөн башкачараак болот белем. Айта бергин! Айтууга арзырлык жашадың! Мен күбө!

Шамиль. *(Көрүүчүлөргө.)* Детдом дегенди сегиз жашымда уктум. Бирок, анын маанисине түшүнгөнүм жок.

Билермандар «домсак», «барар көрөрү жок жетимдерди сактай турган жай» деп түшүндүрүштү. Мышыктын көзүндөй идишке тамак берет. Байкуш чылгый курсак көк жетимдерим, барбагылы? Ачкадан өлүп каласыңар! дешти. Анжы болдум... Кыдырбаган үй түнөбөгөн жер калбады. Дөңсөгө отуруп алып аңдыганыбыз түтүн. Кара түтүн булабай, бозоро түшкөнү тамактын бышкан маалы. Жетип барабыз... Мантыкпайбыз... Эмилди ак шишик басты... Детдомго барууга аргасыз болдук. Бу, эжемди ошондон бери тааныйм. Анда эки эсе жаш көрүнгөн.

Саадат. *(Көрүүчүлөргө.)* Бу дагы бетинин сары жүнү түшө элек бейкапар бала эле... *(Шамилге)* Бакай, Койчудан кабар барбы?

Шамиль. Эч ким билбейт. Имиш сөздөр көп... Барыктабас өз өмүрү менен өзү коштошту.

Саадат. Эмне дейт!..

Шамиль. Анын кылмышы ошого татыктуу. *(Көрүүчүлөргө.)* Детдомдон кеткен жылы, ремеселдик окууга кирип бүтүп чыктым. Миллион сомго бергис, залкар сөздүн тамгасын терген наборщик болуп, басмаканада иштедим. Көз алдымда элестеткен жыргал келечегим, балалык кыялымдын сөлөкөтү экен. Ыйлабаган, жыргабаган адам болбойт тура.

Саадат. Турмуш чөгөрөт моюн бербе.

Турмуш алпештейт манчыркаба?

Шамиль. *(Көрүүчүлөргө.)* Анан дилгир болгон институтумду буттүм. Иштеп жаткан өндүрүштөн ар кандай кагылышууларды көрүп чыйрала баштадым... Кыйналганда, өткөндөгү оор кайгымды тең салмактап, тоболоп коём... Жаштык, шаттыкка бөлөнүп, каруселге айланбадым... Жар сүйүп театр-кинолорго барганым жок... Андай шаан-шөкөттөр мага таандык эместей... Түнт өстүм... Азыр, тагдырыма ыраазымын. Өзүмдөй муңайым өскөн жубайым бар. Балдарым шайдоот... түйшүксүз... *(Саадатка.)* Эсиңиздеби? Мен сүйгөн кесип, сүрөтчүлүк...

татаал экен... Үмүт үзбөй көп иштедим. Текке кетти. Түбөлүккө коштоштум. Эргигенде жаңылык ачып айга учам, космос кораблин башкарып, ааламга даңктанам. Дымагым зор! Кантейин жетимдиктин зилзалы...

Саадат. Колуң менен жетпеген жерге, оюң менен жеткениңдин залалы тийбейт. Акылың артат. Кой, жүр үйгө?.. Шашпай отуруп алып, өткөн күндөрүбүздү бир эскерели.

**I-эпизод**

Ахмед *(Аскерге бараткандарга команда берип)*.

Дүңгүрөп жер! Толкуду эл!
Бербейбиз намыс, команда бер!
Баатыр элбиз барчын куштай!
Эй жолдоштор катарга кел?! *(Кайырма.)*
Бир эки үч. Бир эки үч, сол бут сол бут!
Мээле мылтык, шилте кылыч!
Эч жалтанбайт биздин кыргыз!
Күчүбүз тоо! Күчүбүз тоо!! Кармашабыз!
Күбө болсун ай, күн, жылдыз! *(Кайырма)*.

Декабрь. Түн. Суук. Терезелери чүпүрөк, теринин үзүндүлөрү менен калкаланган далис. Ичинде: Ахмед, Шамиль, Эмиль. Ахмед эки таштын ортосуна сөөк чагып төрдө олтурат. Шамиль, Эмиль бири-бирине ыкталышып, бурчта олтурушат. Хордун аяккы эки сабы угулат.

Ахмед *(оозундагы кемикти түкүрүп)*. Тьфу! Уктуңарбы? Өлгөнү же өлтүргөнү баратышат. Гитлер капут!.. Акыйбагылачы?.. Эртең аскер жөнөткөн жерге барып бозо ичебиз... Детдомго өтөсүңөрбү? Өткөрүп коём. Хе, калп айтам. Барбагыла өлүп каласыңар?..

Шамиль. Таш оозуңа!

Ахмед. Хе, жыргайсыңар.

Шамиль. Айткан сөзүн...

Ахмед. Ишенбесең барып көр. Жүрөгүң түшөт! Талап кетишет!..

Эмиль *(Шамилге.)* Кетебиз анда...

Шамиль . Кайда?

Эмиль. Өзүбүздүн айылга.

Шамиль. Суутуп коюптурбу, кыдырып бүтпөдүкпү.

Ахмед. Кудай сураппы?..

Шамиль. Эч кайда барбайбыз. *(Пауза.)*

Ахмед. Мандраң барбы?

Шамиль. Сөкпөгүн сен.

Ахмед. Сөккөн жокмун.Наныңар барбы дейм.

Шамиль. Өзүбүз жейбиз.

Эмиль *(Шамилге)*. Курсагың ачтыбы?

Шамиль. Жок.

Эмиль *(так катып)*. Менин дагы...

Шамиль. Чыда таң атсын.

Эмиль. Макул... Наныбыз түгөндүбү?..

Шамиль. Кичине бар.

Эмиль. Ии. Эртең кайда барабыз?

Шамиль. Өйүзгү кыштакка...

Эмиль *(эрдин кесе тиштеп акырын сүйлөйт)*. Чыдаш керек!.. Чыдаш керек!! Жайкы дүмбүл, күзгү машакка жетсек... Кыштык эгин таап алабыз ээ?..

Шамиль. Ошентебиз. Тамакты көп ойлобочу?

Эмиль. Эл согум союшту бекен?.. *(Шамиль аянычтуу карайт.)* Тамакты ойлогон жокмун.

Шамиль *(коюнунан бир сындырым нан алып чыгып берет)*. Мегой...

Эмиль. Сенчи...

Шамиль. Мен жебейм.

Эмиль. Ыйлагым келип турат.

Шамиль. Эркек бала да ыйлайт бекен?..

Эмиль. Өлбөйбүз ээ?..

Шамиль. Дөөрүбөчү!.. Уктайсыңбы?

Эмиль *(улутунуп)*. Менин шишиктерим таркап калдыбы?.. *(Шамиль Эмилди бооруна кыса кучактап алат.)* Ушинтип отурганда атабыз келип калса... Ыйлайт белең?.. *(Көзү жашылданып)*. Мен ыйлабайт болчумун...

Шамиль. Эмиль дейм, көп сүйлөбөчү?..

Ахмед. Томолойсуңарбы?.. Томолой жетим сиңерби?..

Шамиль. Эмне үчүн жетим, атабыз келет.

Ахмед. Тарс! Тарс, Тарс!! Вы-ың! вы-ың! Келет сага?!

Эмиль. Экөөбүздүн алыбыз келеби ушуга?! Тилеги жаман экен.

Шамиль. Көзүнүн учкуну курч хулиган болуш керек.

Эмиль. Байкатпай сүзүп жиберсеңчи?

Шамиль. Бычагы болсо...

Ахмед. Тамекиңер барбы?

Шамиль. Намай бар. Чүчөксүңбү?

Эмиль. Ой!

Шамиль. Эмне болду?.. Эмилтай!..

Эмиль. Башым айланат... Жер көчүп жатабы?..

(Хор угулат.)

Ахмед. Фашисттик оккупанттарга өлүм! Ур-а! (Сахна караңгылайт. Ышкырган шамал. Боздогон бороон.)

**2-эпизод**

Терезелерин кыроо баскан чакан комната. Ортодо жабуусуз стол. Үстүндө үлбүлдөп жанган кара чырак. Оң кол тараптагы сөөрүдө жаткандар: Ахмед, Эмиль, Шамиль, столдун жанындагы табуреткада бооруна бала кысып отурган Шаршенбай Айылчиевич. Сабыры суз. Көшөрүп ою түпсүз. Саадат, кирет.

Саадат. Уктай элексизби? Шаршенбай Айылчиевич. Сөөрүдө жаткан кимдер?..

Шаршенбай Айылчиевич. Жетимдер.

Саадат. Колуңуздагы кимдин баласы?

Шаршенбай Айылчиевич. Экөөбүздүкү.

Саадат. Ким алып келди?

Шаршенбай. Айылчиевич. Турмуш. Замана... Дарбазанын алдында жатыптыр.

Саадат *(баланы көрүп)*. Шумдук ай!.. Орус го?!

Шаршенбай Айылчиевич. Тамеки орочу Саадат?.. Мына бул периштенин өмүрүн кантип сактайбыз?

Саадат. Билбесем...

Шаршенбай Айылчиевич. Бир бечара бизге ишенип таштады го...

Саадат. Бечара болбой жерге кирсин! Боор этинен чыккан баласын...

Шаршенбай Айылчиевич. Жаштыгың да, түшүнбөстөн...

Саадат. Эмненин жашы. Кара далы кыз атыгып, кордукту кемпирлерден көрдүм.

Шаршенбай Айылчиевич. Ошого... Теригип жүрөсүңбү?

Саадат. Менде эмненин айыбы?.. айлыңарда жигиттер жок, эмне кылайын десем, тегирменчи чал менен Тойтук чалды көрсөтүшөт... Бүгүн бирөө келиптир. Эмне деп айтканым эсимде жок, колумда күрөктүн сабы жүрүптүр. Түбүңүздү калтырыңызчы Шаршенбай Айылчиевич?

Шаршенбай Айылчиевич. Сен да тартасыңбы?

Саадат. Чалдар кызга сөз айтса, кыздар тамеки тарпай эмне болуптур. *(Тамекини дембе-дем сорот.)* Монашка болом... Эми арак ичкенди үйрөнсөм...

Шаршенбай Айылчиевич. Оюңдагыны иште. Бирок балдарга жугумдуу бол?

Саадат. Ойдун баары ишке ашса...

Шаршенбай Айылчиевич *(мизин кайтара)*.

Сен эмне болуп турасың?

Саадат. Билмексен болбоңузчу?

Шаршенбай Айылчиевич. Эмнени?

Саадат. Солдатка назиктик жарашпайт.

Шаршенбай Айылчиевич *(ийнин куушуруп)*. Жөндөп сүйлөчү Саадат?!

Саадат. Балдар чоңоюшат. Кара далы Саадат да карыйт... Сиз да кемпир кыялданасыз... Убакыт өтө берет,

өтө берет... анан эмне?! *(Тамеки сорот)* Канча жыл согуштуңуз?

Шаршенбай Айылчиевич. Эки жыл.

Саадат. Мен солдаттыкка жараймынбы?

Шаршенбай Айылчиевич. Солдаттардын балдарын багып жатпайсыңбы?

Саадат. Турмуштун кайнаган жерине кетким келет. Поровоздун үнү, зоводдун түтүнү чыккан жерге... Эркектерче комбинезон кийип... А эмне?.. Күнүгө телмирип жалооруган балдарды көрүп күйгөнчө... Оолак жүргөн жаңилирээк.

Шаршенбай Айылчиевич. Кыйын болсоң бир жерден көгөр. Тетиги жаткан балдардын көңүлүнө толсоң, ал да чоң эмгек.

Ахмед *(уйкусурап)*. Тең бөл! Ух гад, тең бөл!

Саадат. Уйкусурап жатат.

Шаршенбай Айылчиевич. Түштөрүндө да тамак.

Саадат. Кайдан жыйнап келдиңиз?

Шаршебай Айылчиевич. Көчөдө келатсам, кулуб жактан чакылдаган үн чыгат. Барсам мунусу сөөк чагып, тигил экөө калчылдап үшүп олтурушат. Жетелеп алып жүрө бердим. Чөнтөгү толо таштанды сөөк.

Саадат. Документтери жокпу?

Шаршенбай Айылчиевич. Эмненин документи.

Саадат. Бериңизчи колуңуздагы баланы? Жаткырып коёюн.

*(Бурчка жаздык коюп баланы жаткырат.)*

Шаршенбай Айылчиевич. Мотурайган садагалар, канткенде силерди ачарчылыктан аман алып калам! Моюндарына барабан илип шаңданчу күнүм болор бекен? Же бүлбүлдөп жанган кара чырак менен өмүрүбүз өтүп кетеби?.. «Баардыгы фронтко!» А, фронтовиктин балдарыначы?.. «Эптеп-септеп». (Кыйкырып иет.). Эптеп-септеп жашабайбыз!

Саадат. Тамеки ороп берейинби Шаршенбай Айылчиевич?

Шаршенбай Айылчиевич. Балким аталары юнкеристин бомбасы, «мессершмиттип» коргошуну жааган жерде, эки оюнун бирин балдарына бөлүп, санаададыр... Балким аягын согушка таштап, ордуна таяк алып, жолдо келаткандыр...

Саадат. Кейибеңизчи, Шаршенбай Айылчиевич?

Шаршенбай Айылчиевич. Бажырайган курч көздөрү тиштем нанга жетпей, бозчамбыл болуп турса, а, тиги Эсенов...

Саадат. Эмне дейт?

Шаршенбай Айылчиевич. Ун бер дейт, май сурайт. Атасынын башына берем...

Саадат. Ал ошондой тип, Шаршенбай Айылчиевич.

Шаршенбай Айылчиевич. Денемден коргошундун уусу таркай элек! Керек болсо ала жатам!

Саадат *(тамеки сунат)*. Мынаңыз.

Шаршенбай Айылчиевич *(кыжырланып аркы-терки басат)*. Сен билип ал Саадат?.. Жетим бала жалтанчаак, жашык жана кексе кыйды келет. Энесинин токмогун ал эки саатта унутса, сен экөөбүздүн катуу эле айткан сөзүбүздү көпкө унутпайт. Э-эй!.. Азырынча томураңдап, нанга тойбой мусапыр болуп жүрүшпөйбү. Булардан назик адам, нукура митаам, жылаңач баатыр, чексиз акылдар чыгат.

Саадат. Ушунтип түн боюнча уктабай жүргөнүңүздү чоңойгондо эскеришээр бекен?..

Шаршенбай Айылчиевич. Жемсөөдөй курсактарын тойгузбасак, кантип эскеришсин. Чапай, жана башка оюндар менен алаксытыш керек.

Саадат. Суукта көп жүрсө түнкүсүн жижиңдетип коюшат экен.

Шаршенбай Айылчиевич. Мейли, эч кимисин уяткарба. Көрмөксөн бол.

Саадат. Ошентип эле жүрөм.

Шаршенбай Айылчиевич. Билгизбей матрацтарынын саманын которуп жүргүлө. Ак шишикке алдырбай кыштан аман чыгышса... *(Саадат карап чыракты өчүрөт. Таң сүрүп, үйгө жарык кирип калган мезгил.)* Таң атты. Обход жаса. Бир сааттан кийин подьем. *(Саадат кетет. Шаршенбай Айылчиевич терезеге келип).* Суук күч алып калды. Мындай учурда жаратылыштын да боору таш! *(Бала ээрчитип буурул сакал карыя кирет).*

Карыя. Директор сизби?

Шаршенбай Айылчиевич. Ооба, келиңиз.

Карыя. Сакалымды кырка электе келдим. Өз атасын былтыр алган. Быйыл мен баратам. Сакалымды сыйласаң ушул баламды кор кылбай детдомуңа ал. Тукум калсын. Келип калсам өтөлгөңө чыгармын.

Шаршенбай Айылчиевич. Жакын туугандарыңыз жокпу?!

Карыя. Болсо кана?. Чоң энесин жалгыз үйгө калтырдым.

Шаршенбай Айылчиевич. Арызданып көргөн жоксузбу?

Карыя. Арызданып элге жек көрүнүү, тукумубузда болгон эмес.

Шаршенбай Айылчиевич. Азырынча, орун жок. *(Тапчанкадагы балдарды көрсөтүп.)* Көрдүңүзбү?.. Турган жериңиздин адресин таштап кетиңиз, кийин өзүбүз...

Карыя. Санаам тынчып кетсин, уулум!

Шаршенбай Айылчиевич. Милдеттүү түрдө алабыз аксакал.

Карыя. Менин көзүмчө алыңыз. Мына күбөлүктөрү *(Пауза.)*

Шаршенбай Айылчиевич. Калтырыңыз.

Карыя. Ичкен тамагы кандай болот?

Шаршенбай Айылчиевич. Тойгуза бербейбиз. Өтө ачка койбойбуз.

Карыя. Төхт!.. Кыйын экен!

Шаршенбай Айылчиевич. Жашырганда эмне, кыйын эле.

Карыя. Түркүгүң түшкүрдүкү эй! Балам кайышып кор болот тура... Кайра качып келсемби?..

Шаршенбай Айылчиевич. Антсеңиз жакшы эмес го аксакал.

Карыя. Айла кеткендеги оттогон сөз... Эмне кылам? Калсын. *(Каңырыгы таш жара.)* Нурлантай мында каласыңбы?

Нурлан. Сен кайда барасың?

Карыя. Желмогузга! Мойсоп келем!

Нурлан. Качан келесиң?

Карыя *(баласын бооруна кысып)*. Келем, келем каралдым!

Шаршенбай Айылчиевич. Душманга ыйлап барбай, кайраттанып барыңыз аксакал?

Карыя. Барганыма жаш албай, момунун калганына түтөп жатпаймбы. Нурлантай топуктуу бол, макулбу? *(Нурлан башын ийкейт)*. Кел эми, жытташып алалы. *(Көпкө кучакташышат. Шаршенбай Айылчиевич көздөрүнүн кычыгындагы жашты сүртөт. Карыя оор тунжурап чыгып кетет. (Пауза.))*

Шаршенбай Айылчиевич. Уктайсыңбы?

Нурлан *(чочуркап)*. Уктабайм.

Шаршенбай Айылчиевич. Сен эми мага бала болдуң.

Нурлан. Аный, атамдын баласымын.

Шаршенбай Айылчиевич. Балдар менен достоштурам. Чапай ойнойсуң Ура-а. Тик-тики, тик-тики- тик, тик-тики-тик! *(Курман кирет.)*

Курман. Саламатсызбы Шаршенбай Айылчиевич.

Шаршенбай Айылчиевич. Келдиңби?

Курман. Урушпаңыз, складда товар жок.

Шаршенбай Айылчиевич. Матачы? Матрацтык кендирчи? Пакла да жокпу?

Курман. Тыйпым.

Шаршенбай Айылчиевич. Жыргаттың бейм!

Курман. Министрге кирдим. Очередибиз он бешинчи экен. Ыйлап жатып сегизинчиге жылдырттым.

Шаршенбай Айылчиевич. Сага ишенген!..

Курман. «Эмне кылайын эптеп чыдагыла» деп койду.

Шаршенбай Айылчиевич. Бир эптейсиң, эки эптейсиң, чеги бар го...

Курман. Крупская деткомунун директору Семичкина боору ачый түштүбү «силерге менин жардамым ушул болсун бизге 15 бала жибергиле» – деди.

Шаршенбай Айылчиевич. Азыр жөнөтүш керек.

Курман. Транспорт.

Шаршенбай Айылчиевич. Райкомдун полутуркасын алабыз.

Курман. Берээр бекен.

Шаршенбай Айылчиевич. Бербесе ошол 15 баланы үйүнө кийрип коём.

Курман. Бу балдарды жаңы алдыңызбы?

Шаршенбай Айылчиевич. Даты ону бар. Тапчанка жок жерде жатышат. Төшөнчү жок элден чогултук. Котур көбөйүп, бөлүп жаткырууга жай жок. Райдзрав менен чекелешип жатып, аларды ооруканага жибердим. Пекарный менен салгылашып, бөлкө ордуна ун алмак болдум.

Курман. Эмне үчүн?

Шаршенбай Айылчиевич. Чийки бышырышат экен.

Курман. Таразаны оор басат да.

Шаршенбай Айылчиевич. Курскийден согуш линиясынан бир солдат эки бала алып келди. Үч күн окопто багылышыптыр. Документке окоптук балдар деп толтурдук.

Курман. Крупская детдомуна кимди жиберебиз?

Шаршенбай Айылчиевич *(кылт ойлонуп)*. Кыздар жаткан үчүнчү палатадан алтыны, балдар жаткан алтынчы палатадан тогузду. Баса, детдомдор бөлүмүнө кирип, Токмокдетдомунан да орун сура. Түзүк детдом дешет.

Макул болбосо чагылгандай тий! Шымынды шыпырып калбайт.

Курман. Анда камынайын Шаршенбай Айылчиевич.

Шаршенбай Айылчиевич. Мобу, жигиттерди экинчи палатага жайгаштыра кет.

Курман. Подьем! Тургула! *(Балдар турушат)*. Жүргүлө. *(Чыгып кетишет. Курман кайра баш багып)*. Шаршенбай Айылчиевич, районо!

Шаршенбай Айылчиевич. Эмнеге корктуң?

Курман. Корккон жокмун, жөн эле түрпөтүмдү өзгөрттүм.

*(Эсенов кирет. Кийгени кызыл шабыра пальто. Башында берметтүү көрпө папак.)*

Эсенов. Өлүп баратасыңарбы?!

Курман *(калп ырсайып)*. Аксакал тамашакөй...

Эсенов. Үзүлүп кетчүдөй болушуп, жетимдериңер арызданып райкомдо жүрүшөт. Кайтарбайсыңарбы?

Курман *(бүжүрөп)*. Жаш балдар...

Эсенов. Карантин, короодон эмне чыгарасыңар.

Курман. Мындан ары...

Эсенов. Өзгөртүп жибересиңерби?

Курман. Аракет бар, сиз бар, Шаршенбай Айылчиевич...

Эсенов. Тойбой жүрүшөбү?

Курман. Ким билет. Эртең мененкисине арпанын күйүгүн салып чай, элүү грамм нан. Түшкүсү суйдаң суп, кечкиси жанагыдай... Жаман деле эмес ко...

Эсенов. Өзөк жалгаса болду. Фронтко берип жатпайбызбы.

Курман. Сиздин балдарыңыздын коньки тээп, көчөдө жүргөнүн көп көрөм. Ананайындар борсоюшуп дегеле жакшынакай. *(Ахмед, Шамиль баш багат.)*

Шаршенбай Айылчиевич. Тиги, балдарды жайгаштыр.

*(Курман кетет.)*

Эсенов *(мансаптуу сүйлөйт.)* Бул кандай тоотпостук?!

Шаршенбай Айылчиевич. Эмне буюрасыз.

Эсенов. Согуш комиссариаты менен тирешкениң кылмышкерлик эмеспи?

Шаршенбай Айылчиевич. Иш ордунан чыкса, чоң эрдик!

Эсенов. Жоголуп, жоголуп кетесиң байкуш!

Шаршенбай Айылчиевич. Зекибей сүйлөшүңүз.

Эсенов. Төбөңдөн тиесиң.

Шаршенбай Айылчиевич. Ошонусу кызык.

Эсенов. Геройсуң де?..

Шаршенбай Айылчиевич. Куда кааласа...

Эсенов. Минтип партизандык кылсаң иштей албайсың.

Шаршенбай Айылчиевич. Эмне үчүн?

Эсенов. Берген буйрукту орундатып, жөн иштегин.

Шаршенбай Айылчиевич. Түнөгү жок, көчөдө жүрүшсө...

Эсенов. Жүрө беришсин. Орун болгондо аласың.

Шаршенбай Айылчиевич. Мен анте албайм. Согуш комиссариатынын имаратын алсак, кыдырып жүрүп жетимдерди топтойм. Согуш комиссиариатын ДЭУнун бир тамына көчүрсө да болот.

Эсенов. Ким менен арбашмаксың?..

Шаршенбай Айылчиевич. Сиз кийлигишпеңиз.

Эсенов. Мени аттап башка жакка даттанууга акың жок.

Шаршенбай Айылчиевич. Талабымды орундата алсаңыз, ооба, акым жок.

Эсенов. Билимиң канча?

Шаршенбай Айылчиевич. Бала бакканга жарайт.

Эсенов. Тирегиң ким?

Шаршенбай Айылчиевич. Жетимдерим!

Эсенов. Эсенов көшөрсө...

Шаршенбай Айылчиевич. Асман түшпөйт...

Эсенов *(титиреп ордунан турат)*. Азыр районого кел.

Шаршенбай Айылчиевич. Аксакал... «Улук төрөм!”. Өлүп калсак чын кейишип, тирүү жүрсөк биргелешип жашоо адамга таандык сапат. Акмак болсоң бошот, жогот! Ал колуңдан келет. Грамм эчтеке албайсың. Уктуңбу? Грамм! Айылчиев канын төгүп жарым жанынан ажыраган киши. Кыска өмүрү ушулардын эсинде калса экен деп, кан жүрөгүн жетимдерге арнаган киши. Максатым бар, ажыратсаң!..

Эсенов. Билем, фронтовик, инвалид... анына кулдук. Өлтүрбөйбүз жеңилирээк иш таап...

Шаршенбай Айылчиевич *(мууну калчылдап)*. Кет!

Эсенов. Районо...

Шаршенбай Айылчиевич *(өзүн жоготуп)*. Кет!

**3 - эпизод**

Мезгил жаз. Тамдын бурчунда күнгө кактанышып турушкан узун арык. Ахмед, куйкум чач пакене бойлуу Шамиль. Кийгендери окшош, шымдары чолок.

Ахмед *(колундагы эски балалайкасын койгулап ачуу үн менен ырдайт)*.

Э-эх! Жокчулук, жокчулук!
Болоор бекен токчулук?
Батыраак эле келсе экен...
Фрицтерди жок кылып!
У-ух! Чылгый курсак чоң башым,
Сага арнап өзүм ыр жаздым.
Таң атканча уктабай,
Кыңкыстап неге чыгасың?..
Та-та-та-та, та-та та та!
Шамиль. Мынча эмне бакырасың?

Ахмед. Тамак ойлоп үтүрөйгөндөн, бакырган жакшы. Ө-өх! Бозорду биздин көзүбүз.

Нан болду жалгыз сөзүбүз... Өш!.. Демим жетпей ичим капшырылып кетти.

Шамиль. Сен созолонтуп уккулуктуу ырдасаң!.. Жан-жаныбар кулак түрүп, аалам тыңшагандай болсун.

Ахмед. Мокочонун сөзүн сүйлөбөчү. Аалам мени угабы?..

Шамиль. Түн ичинде зым карагайды тыңшасаң... Зы-ың... Такыр токтолбойт. Ошонун жанына туруп алып, эч ким жокто ырдасаң же ыйласаң, жумурай журттун бардыгы угат дешет.

Ахмед. Ак кептерге кат тиштетип, атама жибердим дедиң беле?..

Шамиль. Жибергенбиз, ишенбесең Эмилден сура.

Ахмед. Өлөйүн иттей калпычысың!

Шамиль. А, сенчи?..

Ахмед. Ахмед калп айтканды жаман көрөт.

Шамиль. Бир сөз айтайын макулсуңбу?..

Ахмед. Эмне сөз?..

Шамиль. Качалыбы?..

Ахмед. Каякка?..

Шамиль. Фрунзеге... Токчулук дейт. Ашкабак жейбиз.

Ахмед *(күлүп)*. Аякта жетимдер жок бекен?

Шамиль. Мейли болсо, биз...

Ахмед. Макоо, азыр жер үстү бүт жетим. Эч кайда качпайбыз. Атам келет. Чайханачы болот. Жыргайбыз!

Шамиль *(кубанып)*. Мен силердикине барып турамбы?

Ахмед. Ананчы.

Шамиль *(колун сунуп)*. Достошосуңбу?

Ахмед Эмне бересиң?

Шамиль *(кыйылып)*. Кечки нанымдын теңин берем.

Ахмед (корстоно). Мени менен дос болсоң жыргайсың чоң башым. Сени эмне үчүн балдар жылма дешет?

Шамиль *(ызаланып)*. А, сени эмне үчүн куркут дешет?

Ахмед. Куркут... Узун.

Шамиль. Жылма... татынакай.

Ахмед. Жүүт. Чоңдор келе жатканда, алсырап жата калып жүрбөйсүңбү. Мына ошол жылмалыгың. Анан, алар тамак бердиришет.

Шамиль. Сен деле картошканын кабыгын мешке кактап жеп жүрбөйсүңбү.

Ахмед. Болду! Таамай сүзгөндү, тездик менен ичке тепкенди үйрөнөсүңбү?

Шамиль. Кереги жок.

Ахмед *(балалайкасын жерге коюп)*. Мына мындай, Пак! Падла!.. Ин-зың сол бут, оң кол бирдей кетсин! диң! Бах, Бах! Сулап түшөт сука!

Шамиль. Үчөө болсочу?

Ахмед. Баң, баң, баң тамам!

Шамиль (көзүн алайтып). Кыйын экенсиң ой!

Ахмед. Жүр, партактивдин дүкөнүнө.

Шамиль. Эмнеге?

Ахмед. *(мактана)*. Чөнтөккө түшөбүз.

Шамиль. *(коркуп)*. Шаршенбай Айылчиевич көрүп койсо...

Ахмед. Жетимдерди урбайт. Өкмөт закон чыгарган.

Шамиль. Уурулук кылса делеби?

Ахмед. Минтип жүрсөң ачкадан өлөсүң. Барасыңбы?

Шамиль. Аный барбайм.

Ахмед. Коркпо, Витька ошол жерде. Эмнени карап жатасың?

Шамиль. Тээтиги үйдөн түтүн чыкты.

Ахмед. Үшүдүңбү?

Шамиль. Ооба, кара түтүнү басаңдап бозоро түшкөндө жетип барабыз.

Ахмед. Азыр эле барсакчы?

Шамиль. Тамактары бышсын.

Ахмед *(мурдун искеп)*. Жыты келдиби?

Шамиль . Түтүн чыккан үй сөзсүз казан асат. Кара түтүн булабай сызылып бозоро түшкөнү тамактын бышкан маалы. Саман, чийдин түтүнү жалындап чыгат. Тигил жашыл түстүү экен көмүрдүкү. Жылкы эти коңур, кой эти жыпар, уй эти өлөң жыттанат. Кандай жарма бышып жатканын жакындаганда айтам.

Ахмед. Машке турбайсыңбы. Ха, ха, ха…

Шамиль. Биз, Ахмед, Шамиль, чоң өлкөнүн кичинекей балдары, күйүтүбүз күчтүү… Курсагыбыз ач деп, Москвага арыз жазалыбы?

Ахмед. Шашпа, мурутума түк чыгып чоңоёюнчу… Уй тилиндей жер калбайт. Баардык жерге аштык айдайм! Гад болоюн! *(Сахнанын тереңинен колунда түйүнчөгү бар Ахмеддин энеси көрүнөт.)*

Ахмедтин энеси. Ахмед… балам! *(Ахмед таанып, үн катпайт).*

Шамиль. Сени чакырып жатат.

Ахмед. Чакырса эмне кылайын.

Шамиль. Барбайсыңбы, колунда түйүнчөгү бар көрүнөт.

Ахмед. Эмне келдиң?

Ахмеддин энеси. Сага тамак алып келдим.

Ахмед. Сенден тамак сурап жатамбы?

Ахмедтин энеси. Апаңды сагынган жоксуңбу? Тентегим?

Ахмед. Атамды күтпөй кетип калдыңбы?.. Кетип калдың… Апаң дагы…

Ахмеддин энеси. Эчтекеден кем кылбайм балам!

Шамиль *(Ахмедке).* Колундагысын алып кал.

Ахмед. Албайм, кете берсин.

Ахмедтин энеси. Бир ооз тилим тийди беле, берекем?.. Сен деп атайы алыстан келсем…

Ахмед *(ызалуу).* Атам келгенде… Аялың күйөөгө тийди дейм. Айтам эле!.. Коркомбу. Balaңды таштап коюп… *(ызасына чыдабай чуркап кетип калат.)*

Ахмеддин энеси *(Шамилдин жанына келип)*. Кагылайын, Ахмедтин жолдошусуңбу?

Шамиль *(коржоюп)*. Досумун.

Ахмедин энеси. Атасынан кабар болбогонунан...

Шамиль. Кетесизби?

Ахмедтин энеси. Ахмедимди чакырып кел. *(Түйүнчөгүн көрсөтүп)*. Бышкан эт, боорсок, макул болсо ала кетем. Азыркы атасынын алты саны аман, табарман. Түшүндүрүп айт берекем?..

Шамиль. Өз атасы келип калсачы?..

Ахмедтин энеси. А, берекем кеткендерден ким келди. Келбейт.

Шамиль. Ок! Антип айтпаңыз.

Ахмедтин энеси *(кетүүгө камынып)*. Өзү билсин, бара-бара түшүнөр.

Шамиль. Колуңуздагыны таштап кетиңиз, берип коём.

Ахмедтин энеси. Мынакей, апаң боздоп кетти де?

*(Кетет)*.

Шамиль *(түйүнчөктү жыттап)*. Ах, жыргал...

*(Ахмед келет)*.

Ахмед. Эмнеге алдың?

Шамиль. Өзү берди.

Ахмед. Кайра кайтар.

Шамиль. Эт, боорсок!..

Ахмед *(муштумун түйүп)*. Чурка! *(Шамиль чуркап кетет, Ахмед батышты карап.)* Ата, сен келмейинче, апа дебеске ант берем! *(Шамиль кайра келет)*. Бердиңби?

Шамиль *(демигип)*. Бекер кылдың. Жаман кишини жаман алдаш керек болчу.

*(Байдылда кирет. Эки уурту чулчуюп, көздөрү балбылдаган сүрдүү неме)*.

Байдылда. Нан сатам аласыңарбы?

Ахмед. Кана наның?

Байдылда *(коюнундагы жарты бөлкө нанды көрсөтүп)*. Мына.

Шамиль *(нандан көзү өтүп)*. Омий.

Байдылда. Эки шейшеп.

Ахмед. Бир шейшеп.

Байдылда. Качан?

Ахмед. Бүгүн түнү. Тетиги бурчта тургун.

Байдылда. Калп айтасыңар. *(Муштумун кезейт)*.

Ахмед. Коркутсаң албайбыз.

Байдылда. Шейшеп алып берсеңер, дайы силерге нан берип турам. Үйүм толо нан.

Шамиль *(Ахмедке)*. Биз жамынып жаткан шейшепти ал.

Ахмед. Келе наныңды (Байдылда нан берет. Ах¬мед аткып сугунат. Теңин Шамилге берет).

Шамиль. Мынча көп нанды кайдан алдың?

Ахмед. Эмие кыласың. Бергенди жей бер.

Шамиль. Рахмат. Алып келе бер.

Байдылда. Сүйлөштүкпү?

Ахмед. Түн ортосунда... *(Байдылда кетет. Экөө шашкалактап нанды сугунушат)*.

Шамиль. Өх! Жаагым карышып кетти.

Ахмед. Шашпай же.

Шамиль. Үйү толо нанды кайдан алды?

Ахмед. Пекарныйчы.

Шамил . Пекарный алыспы?

Ахмед. Суунун жээгинде.

Шамиль. Чалгындап келелиби?.. Терезенин көзүнөн башым батса эле, калганы култ дей түшөт. Айылдан бирөөнүн үйүнө ушинтип киргем.

Ахмед. Кароолчусу бар, кармап алат.

Шамиль. Кармаса мейли, жетимдерди урбайт дебедиңби?

Ахмед. Өлтүрөт чоң башым.

Шамиль. Атымдан ата Куркут.

Ахмед. Чоң баш!

Шамиль. Куркут!

Ахмед. Чон, баш!

Шамиль. Куркут!

Ахмед. Чоң баш! *(Ар кимиси көп айтууга тырышып энтигип калышат.)*

Шамиль. Мен койдум.

Ахмед *(кылыя тиктеп)*. Ахмед бирөөдөн нан алды деп, эч кимге айтпайм. Ант берем де?

Шамиль *(кайталап)*. Ахмед бирөөдөн нан алды деп, эч кимге айтпайм. Ант берем!

Ахмед *(бармагын, сунуп)*. Жала? *(Шамиль жалайт)* Баарын жеп түгөтөсүң.

Шамиль. Эмилге кичине калтырам.

Ахмед. Айтып коёт.

Шамиль *(жалооруп)*. Изолятордо жатпайбы?..

Ахмед *(боору ооруп)*. Мейлиң. Ме, муну да бер. Көрсөтпөй жесин.

Шамиль. Айыкса экен...

Ахмед *(Шамилдин көңүлүн улап)*. Сен, муңканба билдиңби?.. Атам келсе иниңди да ала кетебиз... Анан жанагы, Дылдадан нан алган сайын беришип турабыз, билдиңби?.. Чоң кудай бар эмеспи айыгып кетет. Анан... Сени мындан ары чоң баш дебейм.

Шамиль. Айыкканда ырдатабыз. Үнү сонун, дайыма сыйлык алчу. Аман болсо Баетов Мусанын өзү болот дешчү мугалим агайлар.

Ахмед. Мен буга чертсем, ал ырдаса... Дагы үчөөнү кошуп алып цыгандарча табыр түзөбүз... Сен князь болосуң. Германияга чейин барабыз. *(Чөнтөгүнөн картошканын кабыгын ыргытып нан салат.)*.

Шамиль. Толик келе жатат наныбыздан беришелиби?
Ахмед. Макул.

Шамиль Эй, Толик! Скрипкасын колунан түшүрбөйт. Атасы сурнайчы экен. *(Толик келет.)*

Толик. Эмне чакырдыңар?

Ахмед. Айтпайсыңбы?.. Ме.

Толик. Чоң рахмат силерге.
Ахмед. Качумай, макулбу?
Толик. Ага... *(Нанды жейт.)*
Шамиль. Скрипка ойноп beresиңби?
Толик. Ага...
Ахмед. Кай жерликсиң?
Толик. Ленинграддык.
Шамиль.. Ой-ий! Чоң шаарбы?
Толик. Ага...
Ахмед Чаектен да чоңбу?
Толик. Ага...
Ахмед. Үч эсеби, төрт эсеби? (*Толик беш манжасын көрсөтөт.)* А, Рыбачыдай турбайбы.
Шамиль. Ленинградда токчулукпу?
Толик. Жокчулук, элдин тиктегени асман.
Шамиль. Асман?..
Толик. Самолеттон тамак таштайт. Немецтер курчап алган.
Шамиль. Ата-энеңчи?..
Толик. Апам санитарка. Атам трубач марш ойноп парадда жүрөт.
Шамиль. Сени быякка ким алып келди?
Толик. Шаршенбай Айылчиевич.
Шамиль. Алар сенин кеткениңди билишеби?..
Толик. Жок. Согуш бүткөндө өзүм таап барам. Үйүм Финляндия вокзалынын жанында.
Шамиль. Жумуруң кампайдыбы?
Толик. Момундай тойдум.
Шамиль. Ойносоң?
Толик *(футлярдан скрипканы алып)*. Эмнени ойноп берейин? Гаммаларданбы?..
Шамиль. Жок башкасынан.
Ахмед. Күйдүм чокту билесиңби?
Толик. Нотасы болсо...
Ахмед. Мындай. *(Ырдайт.)*

Күйдүм бир гана күйдүм иий күйдүм чок!
Күйөйүн гана десем ээй түтүн жок.
Курсагымдын ичинде,
Оой, күйдүм ой, бир калама бүтүн жок?
Иий, ии, ии, ии, оо, уу, уй, уй, уй

*(Толик ойноого аракеттенет).*

Толик. Бахтан ойноп берем.

Ахмед. Бах?.. Ошону ойно? *(Толик ойнойт.)* Бах! Муну кантип үйрөнүүгө болот?

Шамиль. Көмөч менен скрипканы башыңа коюп жат. Скрипка түшүңө кирсе...

Ахмед *(күлүп)*. Көмөч жеңип кетет ко... *(Толик ойной берет.)*

Толик. Күнүгө төрт беш сааттан машыксаңар...

Шамиль. Мен анда көп машыгат элем.

Ахмед *(балалайкасын даңгыратып)*. Мага мобул жетишет.

Атанда! Шаршенбай Айылчиевич *(Балалайкасын ургулап ырдайт)*

Ээй, замана, замана,
Ачка жүргөн жамана,
Өмүр бакыт билсеңер
Көп болуп турса калама.

*(Шаршенбай Айылчиевич, Саадат кирет.)*

Шаршенбай Айылчиевич. Эмне турасыңар?

Ахмед. Ырдап жатабыз.

Шаршенбай Айылчиевич *(жердеги чачылып жаткан картошканын кабыгын көрүп)*. Муну ким таштады? *(Балдар бири-бирин тиктешип унчугушпайт.)*

Чөнтөгүн аңтар. *(Балдар алая түшөт. Саадат чөнтөктөрүнө колун салып, нан бар экенин жашырып коёт.)*

Саадат. Чөнтөктөрү таза. Эчтеме жок.

Шаршенбай Айылчиевич. Промкомбинаттын сасык быштагын жеп, уулуккан балдар эсиңердеби? Экинчи

таштандыларды жебей жүргүлө. Баргыла палатаңарга текшерүү болот. *(Балдар кетишет.)*

*(Витяны жетелеп Курман кирет.)* Эмне болду?

Курман. Партактивдин дүкөнүндө жүрүптүр. Мынакей кыркып алган чөнтөктөрү. *(Кайчыны кошо берет.)*

Шаршенбай Айылчиевич *(Витяга)*. Бас бери. Булар кимдин чөнтөктөрү?

Витя. Эсеновдун, тигинисин билбейм.

Шаршенбай Айылчиевич *(Курманга)*. Кийимдерин чечип ал, алты күн төшөктө жатсын. Кечки тамак берилбесин.

Витя. Детдомдукун уурдабасам деле...

Шаршенбай Айылчиевич. Өйдө кара! Көзүңдү чукуп алам!

*(Жетелеп кетет. Пауза)*

Курман. Шаршенбай Айылчиевичти жайына койбойсуңбу?

Саадат. Качантан бери контроль жүргүзүп калгансың?

Курман. Көп көкөлөбө. Учуп кетпейсиң, сүзүлө тиктеп Шаршенбай Айылчиевичтин жүрөгүн мыжыбагын. Шаршенбай Айылчиевичтин колуктусу бар. *(Жарык алынып, сахна караңгылайт. Нурлан сахнанын алдынан жер тиктеп өтөт.)*

## 4 - эпизод

Шаршенбай Айылчиевичтин кабинети. Экинчи көрүнүштөгү жасалга. Кабинетте Шаршенбай Айылчиевич, Ахмед.

Шаршенбай Айылчиевич *(сөзүнүн аягын улап)*. Жаңы форма бердиргени жүрсөм...

Ахмед. Мен алган жокмун агай.

Шаршенбай Айылчиевич. Калп айтып үйрөнбө.

Ахмед. Өлүп кетейин агай!

Шаршенбай Айылчиевич. Карганбай сүйлө.

Ахмед. Ишенбей жатсаңыз.

Шаршенбай Айылчиевич. Жолдошторуң ачка жүрсө, а сен...

Ахмед. Албасам эле...

Шаршенбай Айылчиевич *(ачуулу)*. Жаздыгыңдын ичиндеги нандарчы?

Ахмед. Ал башка нан. Апам алып келген.

Шаршенбай Айылчиевич. Апам менен катташпайм дебедиң беле?

*(Ахмед жер тиктеп унчукпайт. Шаршенбай Айылчиевич Ахмедге сүрдүү карайт).*

Ахмед. Эмне, детдомдон чыгарасызбы?

Шаршенбай Айылчиевич. Башка арга жок.

Ахмед. Оокат кыла албай калат бекемин?

Шаршенбай Айылчиевич. Айтасыңбы, жокпу?!

Ахмед. Баскан изим артымда калсын, агай!

Шаршенбай Айылчиевич. Анан ким?

Ахмед. Билбейм.

Шаршенбай Айылчиевич. Билесиң. Шамилби?.. Кукулбу?.. Батыридинби?..

Ахмед. Алар ууру эмес.

Шаршенбай Айылчиевич. Жаздыктын ичиндеги нандарды апам берди дедиңби?.. Апаңды чакыртып алып, көздөштүрсөмчү?..

Ахмед. Көрөйүн деген көзүм жок.

Шаршенбай Айылчиевич. Аида эмне үчүн нанын алдың?

Ахмед *(ордунан ыргып туруп, үстүндөгү кийимин чечет)*. Мынаңыз! Кийимиңиздин кереги жок! Чыгарыңыз детдомдон!

Шаршенбай Айылчиевич *(кыжырланып)*. Кий кайра! Терс аяк!

Ахмед. Билгениңизди иштеңиз! Мен акмын... Ал нанды пекарныйдан алгам.

Шаршенбай Айылчиевич. Жалгыз барчу белең?

Ахмед. Экөөбүз. Анын башы терезеден батпай сыртта калчу.

Шаршенбай Айылчиевич. Адылбы? Төлөмүшбү?

Ахмед. Айтылбайт.

Шаршенбай Айылчиевич. Эң жакшы көргөн уулум деп, жаңылыпмын...

Ахмед. Детдомдук сөзүм... Мен эмес.

Шаршенбай Айылчиевич. Кий кийимиңди. *(Көйнөгүн алып колуна берет. Ахмед киет.)*

Ахмед. Сиз мага ишенип жүрүңүз. Мен жакшымын. *(Ахмед кетет. Витя кирет.)*

Шаршенбай Айылчиевич. Бери жакын кел.

Витя. Ахмед айттыбы?

Шаршенбай Айылчиевич. Эмнени.

Витя. Уурдады дедиби?

Шаршенбай Айылчиевич. Танасыңбы?.. Түн ортосунда терезеден секирип түшкөн ким?

Витя. Табарсыгым толуп сыртка чыккам.

Шаршенбай Айылчиевич. Эшиктен эмне чыкпайсың?

Витя. Мен дайым терезеден түшөм.

*(Сырттан үндөр угулат.)*

Биринчи үн. Курсагыбыз ачты агай!

Экинчи үн. Тамакты качан ичебиз?

Үчүнчү үн. Жүргүлө балдар качып кетебиз.

Шаршенбай Айылчиевич *(белиндеги курун чечип)*. Уктуңбу?.. Жегениңден калганын алып кел.

Витя. Урбаңыз??

Шаршенбай Айылчиевич. Алып кел деп жатам!

Витя. Мен уурдаган эмесмин.

*(Шаршенбай Айылчиевич бети башы титиреп, Витядан көзүн албай сурданат. Витя сүрдөп жазганат.)*

Эмне?!

Шаршенбай Айылчиевич. Жегениңден калганын алып кел.

Витя. Баарын жеп койгом. *(Шаршенбай Айылчиевич, кур менен көчүк талаштыра чаап жиберет.)* Эмне

урасың... Курсагымды тойгузбасаңар эртең да уурдайм! Ачка болсоңуз сиз да уурулук кыласыз. Өлсүн дейсизби?

Шаршенбай Айылчиевич. Сенин жаның башкалардан...

Витя *(каны ичине тартып, алдына барат. Төшүн жайып)*. Мына! Сабаңыз!.. Түкүрүңүз! Тебелеңиз!! Курсак тойгузбаган детдомдун кереги жок мага! Баарын өрттөйм! Витянын коргоп калчу кишиси жок! Өлтүрүңүз! *(Ыйлайт.)*

Шаршенбай Айылчиевич. *(Курун терезе тарапка ыргытып, дал болуп калат)*. Тур өйдө. Бар... *(Витя акшыя карап чыгып кетет.)* Акылы толуп сөөгүката элек балдар менен алышканча... *(Айласын таппай, чекесин мыкчып, бирде отурса, бирде туруп терезеге келет. Аба жетпегенсип дымыгат.)* Эгерде менден «адам иштөөчү татаал кесип кайсы?» – деп сураса... Буйдалбай туруп, жетимдерге жетекчи болуу кыйын, деп жооп берер элем. Ар биринин эне-атасы болгон... Алар өз баласынын кыялына жараша мамиле жасап талабын орундатышкан... Бизде жалпы режим. Каалаганын эмес, болгонун бересиң... *(Жаздык каптын белинен нан көтөрүп Ахмед кирет.)*

Ахмед. Шаршенбай Айылчиевич сиз менден шек санабай жүрүңүз, Мындан ары детдомдун шейшептерин уурдабайм да, уурдатпайм. *(Баш бармагын жалап кекиртегин сыдырып алат. Бул анын анты. Колундагы көтөрүнчөгүн столдун үстүнө коёт.)* Нан пекарныйдыкы. Шейшепке ороп полдун алдына катып жүргөм. Столовойду сагалаган балдарды көрүп...

Шаршенбай Айылчиевич. Колуң эмне канап жүрөт?

Ахмед. А, Витя, сиз ага унчукпаңыз, мен өзүм...

Шаршенбай Айылчиевич. Палатадагы майда балдарга бөлүштүрүп берсин. Поварга бер.

Ахмед. Баарына жетет. Витянын каткан жерин билем. Аны да алып барайынбы?

Шаршенбай Айылчиевич. Өзүң бил.

Ахмед. Мени таап берди деп ага айтпаңыз?.. Жо- жок, андан коркпойм. Тартип ошондой.

Шаршенбай Айылчиевич. Ай, ушу силердин тартибиңер...

Ахмед. Мага ишенсеңиз, мен шпиктердин баарын тең выйт!.. Столовойдон же складдан бирдеме жоголсо, өзүм кошо жоголом. *(Эшикти шарт ачып Шамиль кирет.)*

Шамиль. Изолятордогуларга тамак бердиртпейсизби?

Шаршенбай Айылчиевич *(Ахмедге)*. Жөнө, биринчи изолятордогуларга бердирт *(Ахмед кетет)*.

Шамиль. Эмиль качан айыгат? Кечке эле жата береби?

Шаршенбай Айылчиевич. Доктурлар дарылап жатышат.

Шамиль. Күчтүү дары менен дарылашпайбы. Апам ооруганда Чаектен дары таппай, атам Фрунзеден алдырткан.

Шаршенбай Айылчиевич *(көңүл улап)*. Биз дагы ошентебиз.

Шамиль. Сууктап кетсе, ысыктап эт, шорпо менен айыктырат агай.

Шаршенбай Айылчиевич. Билем. Ахмед менен дале доссуңбу?

Шамиль. Түбөлүк!

Шаршенбай Айылчиевич. Палатадан шейшеп, кийим-кечек жоголуп жатат...

Шамиль. Ахмед азыр уурдабайт.

Шаршенбай Айылчиевич. Досуңду сактап жатасыңго...

Шамиль. Кызык экенсиз. Менден жакшы билесизби?

Шаршенбай Айылчиевич. Жөн эле...

Шамиль. Кууланбаңыз, мен баарын түшүнөм.

Шаршенбай Айылчиевич. Эмнени түшүндүң?

Шамиль. Айлантып чачып жатканыңызды.

Шаршенбай Айылчиевич. Сен менден да куусуң го?

Шамиль. Хе, жетиммин да... *(Өңү кубарып Саадат кирет.)*

Саадат. Шаршенбай Айылчиевич!

Шаршенбай Айылчиевич. Эмне болду?!.

Шамиль. Эмне?.. Эмилтайым! *(Чуркап чыгып кетет.)*

Нурлан *(жер тиктеп баратып зым карагайды кучактайт)*. Ата, ата! Угуп жатасыңбы? Тогуз жашар Эмиль, туулган жери «Жаңы-Арык» бүгүн ачкадан өлүп калды. Агасы Шамиль жер тепкилеп ыйлап жатат. Батыраак кел. Мени топуктуу бол дебедиң беле. Ошентип эле жүрөм. Ата сен батыраак кел.

**К ө ш ө г ө.**

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

### 5 - эпизод

Дарбазанын жанында будка. Дарбазага жөлөнтүп коюлган эки жыгач мылтык. Шамиль Ахмеддин аркасына туш менен ийне сайып бирдеңке жазып жатат.

Ахмед. Бүттүңбү?

Шамиль. Ооруп атабы?

Ахмед. Жо-ок, жаза бер.

Шамиль. Аркаң шишип баратат.

Ахмед. Батыраак жазбайсыңбы?

Шамиль. Коохдоп жатам.

Ахмед. Даанараак жаз.

Шамиль. Эки сыйрабы?

Ахмед. Ооба, э-эх!

Күйсө да кызыл чок жалын!
Аралап басып өтөмүн.
Чыдамдуу болсоң мага окшоп,

Ээрчитип алып кетемин.
Та, та, та, та, та, та, та,
То-то-то-то-то-т-о ох, бүттүңбү.

Шамиль. Бүттүм.

Ахмед. Оку!

Шамиль. «Бул турмушта бакыт жок!»

Ахмед. Туура, алдын сызып кой.

Шамиль. Сыздым.

Ахмед. Эми, якордун сүрөтүн тарт!

Шамиль. Канжардын сүрөтүн дебедиң беле?

Ахмед. Якор жакшы. Атам моряк.

Шамиль. Коё турчу. Аркаң канап жатат. *(Кагаз менен сүртөт.)*

Ахмед. Тарта бер?.. Эстелик калсын... *(Башын көтөрүп.)* Сен экөөбүз качандыр бир кезде айрылабыз. Сен сүткор аксым болосуң... Мени, ал түгүл детдомду да унутасың. Зилиң жаман!.. Мен сендей болбойм. Душманга айыгышам, беттешем, жеңем, жеңилем, моюн бербейм. А сен, келишчээк коркок болосуң. Тоюнган күнү барын унутасың. Сөзүң жакшы, өзүң жаман шүмшүк болосуң.

Шамиль *(ызаланып)*. Тос жонуңду!

Ахмед. Ушунтип чечкиндүү болсоң. Дайыма эле мен жаныңда жүрбөйм да.

Шамиль *(кыжырланып)*. Муштагашасыңбы?.. Тиштегилеп таштайм!

Ахмед. Көзүңдүн сүрү жок, таасири аз. Мушта! *(Шамиль муштайт.)* Катуу мушта! Дагы!

Шамиль. Аяйм, жетимсиң.

Ахмед. Аяба, жетимден да түрү суукtar чыгат.

Шамиль. Ме, ме, ме!

Ахмед. Болду. Уяң болсоң талаада каласың билдиңби?.. Мендей бол.

Шамиль. Мага да жаз.

Ахмед. Эмне деп?

Шамиль *(ойлонуп)*. «Унутпайм ата, күтөм сени». Жүрөк тартып, жаа матыр. Ийнелерин учтуурак чыгар, өчпөгөндөй болсун.

Ахмед. Ушундай эрктүү болсоң.

Шамиль. Анан менин досум Ахмед деп жаз.

Ахмед. Сен дагы менин досум Шамиль деп жонума жаз.

*(Пауза.)*

Шамиль. Шаршенбай Айылчиевичтен уруксат алып, Эмилдин мүрзөсүнө белги коюп келелиби? Атам келип калса…

Ахмед. Капаланба. Чоңойгондо экөөбүз биргелешип туруп күмбөз тургузабыз. Дагы, дагы көп жолдошторубузду эскеребиз…

Шамиль. Кокус, менден мурун сен өлсөң, атымды Ахмед деп котортуп алам.

Ахмед. А, мен… Шамиль деген казал чыгарам, Төшүмө, бутума, бүткүл этиме Шамиль деп жаздыртам.

Шамиль. Ахмед… Чоңойгондо ким болгуң келет?..

Ахмед. Жумушчу – дыйкан…

Шамиль. Айтсаң эми?..

Ахмед. Адам болгум келет.

Шамиль. Чоң болгуң келбейби?

Ахме Эсеновдой чоң болгончо…

Шамиль. Мен, түн күзөтүп, кадыр түн тоскон сүрөтчү болсом… Кичинекей бөлмөдө тамекини дембе-дем тартып, таң атканча адам баласы таба элек нерселерге алектенсем… Чарчасам кыйналсам, арыктасам… Чачымды ак, бетимди бырыш басса… Шылдыңдашса, күлүшсө, мейли келесоо дешсе… Анан, батс! Бир шумдук жаратсам.

Ахмед. Башың чоң жаман болбойсуң. Мен кокус сел-саяк болуп калсам, жардамдашат белең?

Шамиль. Ананчы, мен сени…

Ахмед. Ишенбейм.

Шамиль. Эмне үчүн?

Ахмед. Сен митайымсың.

Шамиль. Акылдуу киши митайым болот.

Ахмед. Анда, сен эле акылдуу бол.

Шамиль. Жазуучулардын китептерин бүт окуйм!

Ахмед. Ушул баштан оку. Кийин жетише албайсың.

Шамиль. Окуюн десем эле тамак эсиме түшөт. Анан. Сенде бүчөк жокпу.

Ахмед *(чөнтөгүнө колун салып)*. Толуп жатат.

*(Калдыктардан чогултуп тамеки орошот.)*

Шамиль. Оозубузду жыттап жүрбөсүн.

Ахмед. Соогондан жеп алабыз. *(Тамеки тартышат. Дарбаза кагылат. Шашып тамекинин түтүнүн үйлөп өчүрүшөт.)*

Шамиль *(дарбазанын жаракасынан шыкаалап)*. Оно! Эсенов!

Ахмед. Мейли инкубуду болсун. Ачпа?

Эсенов. Ачкыла?!

Ахмед. Эч кимди киргизбөөгө буйрук берген.

Эсенов. Ким?

Ахмед. Шаршенбай Айылчиевич.

Эсенов. Чакыргыла директоруңарды?

Шамиль. Постту таштап бара албайбыз.

Эсенов. Фамилияңар ким?

Ахмед. Берди…

Шамиль (оозун басып). Тиш..ев, ов

Эсенов. Эмне?

Шамиль. Башка фамилияны айт.

Ахмед. Чоңбашов.

Шамиль. Куркутов. *(Күлүп калышат.)*

Ахмед. Шаршенбай Айылчиевичтин жек көргөн кишиси ушул. Бизди өлсө, өлө берсин дептир.

Шамиль *(Витяны көрсөтүп)*. Витя!

Ахмед. Витя!.. Гад, жооп бербейт. Витя!..

Шамиль. Койну тултуюп жүрөт. *(Ахмед чуркап кетет. Шамиль тамекини күйгүзүп, түтүнүн булатып мурдунан чыгарат.)*

Ахмеддин үнү. Токто!

Витянын үнү. Жакындаба?!

Ахмеддин үнү. Ташта бычагыңды?!

Витянын үнү. Сайып жиберем!

Ахмеддин үнү. Төрт бычагың болсо да сулап түшөсүң сука!

Шамиль *(окуяны байкап тура берет. Кыйкырып).* Мен жардамдашайынбы?.. Батс, батс. Менсиз эле тепкилеп жатат. *(Кыйкырып.)* Оң колунда таш жүрөт! Ии-зиң! Аста-диң! Сулап түштү сука! Ох! Моокум канды. Адеп келгенде мени сабаганың эстесем... Ахмед! Мен үчүн эки теп! Батс! Батс!

*(Тамекини соруп, соруп алат. Бир аздан кийин Ахмед Витяны жетелеп келет.)*

Ахмед *(колундагы шейшепти чекесине такап).* Кайсы палатадан алдың?

Витя. Төртүнчү.

Шамиль. Биз жаткан палатаданбы?

Ахмед. Отур. *(Түртүп отургузат.)* Бажись!

Витя. Бажюсь.

Ахмед. То-та!.. *(Шамилге.)* Келе. *(Шамиль колундагы тамекини берет, бир аз соруп Витяга.)* Ме, тарт.

Шамиль. Детдомдон буюм уурдабайбыз деп, антташпадык беле.

Ахмед. Чыккынчы да. Экинчи шейшеп уурдасаң кекиртегиңди жулуп алам!

Витя. Араңарга кошпосоңор...

Ахмед. Эмне үчүн Шаршенбай Айылчиевичти жамандап районого даттандың?

Шамиль. Мындан кийин даттанбайт.

Ахмед. Даттансынчы, эмне болор экен?

Витя. Шаршенбай Айылчиевичке айтпагыла.

Ахмед. Сен дейсиңби?

Шамиль. Эх Витя, Витя...

Ахмед *(Витянын жанына барып кучактайт)*. Мен мыкаачы эмесмин, билдиңби?.. Келе түбүңдү… Үчөөбүз бирдейбиз, укугубуз да бирдей. Ачууң келип кек сактасаң. *(Төшүн тосуп.)* Мына! уруп ал. Андан эч нерсе болбойт… Биз көппүз. Шаршенбай Айылчиевич жалгыз. Силер билесиңерби? Сегиз жеринде осколка бар. Баягында биз үчүн Эсенов менен кандай урушту. Жетимдер үчүн өлөм! Атасы да мен, апасы да мен деп титиреп айтканда, көзүмдөн жаш мончоктой түштү. Эмил өлгөндө кабинетинде шолоктоп ыйлап жатыптыр… А сен даттанган Эсенов кимге ыйлады айтчы?.. Сен өлүп көрчү ыйлаар бекен?.. То-та! Билип алгын, Шаршенбай Айылчиевичтин ким экенин. Тур өйдө. *(Витя турат.)* Экинчи детдомдун буюмун уурдабайм деп ант берем! де.

Витя. Экинчи детдомдун буюмун уурдабайм, ант берем!

**Көшөгө.**

***(Нурлан жер тиктеп өтөт)***

**6-эпизод**

Түн. Кабинетте Шаршенбай Айылчиевич жалгыз, китеп окуп олтурат. Жанындагы жасалгалуу кызыл үйдө жаңы форма кийинишкен Ахмед, Шамиль, Витя, Толик, кичинекей Нурлан, Бермет, Сулууча.

Толик Моцарттын чыгармасын скрипкага ойноп жатат. Бардыгынын жүздөрү жарык.

Шамиль *(толкунданып жалындуу сүйлөйт)*. Уккула!.. Уккула дүйнө жүзү! Скрипа ойногон биздин жетим, Толик Летягин!.. Сыбызгыт Толик!.. Лист, Бетховен,

Чайковский, Глинка, Паганини, Моцарттан!.. Аалам уксун!.. Биз симфония!.. Биз бийик чоку!.. Ачкалык бизди майыштырбайт! Кааласак аска уратып, дарыя бууйбуз! Чоңойсок Чкаловдон бийик учабыз! *(Пауза.)* Эмил менен 27 жаш балапан жерде жатат. Биз аларды жаткырбайбыз ойготобуз! Эскеребиз... *(Жашып кетет, скрипка ойноло берет).*

Ахмед *(салабаттуу, салмактуу сүйлөйт).* Кейибе Шамиль, биз 200 бир тууганбыз. Канталалуу топчанка, каргашалуу жокчулук эч кимибиздин оюбуздан кетпес... Алар биздин балдарыбыздын аттары, ар кимиси жүрөгүбүздө сакталуу. Көзүбүздө тартылуу. Колума күрөк, жонума таш көтөргөнгө жарасам тексиз жерге тегирмен орнойт: Адырга аштык айдап, аскадан суу чыгарам! Койчу болом, уйчу болом. Акыры жокчулукту кайталантпайм!

Тол и к. Колумдагы скрипкам, токчулуктун жарчысы. Бардык жерге: Варшавага, Лондонго, Токиого, Римге барат! Колумду безелентип жүрөгүмдү, жүрөгүмдү эргитем! Ач адамга музыка нан! Чаңкаганга суу! Алсызга дем!.. Кажыбайт Питердик жетим! Көтөргүлө башыңарды!.. Каткыргыла жайдары! Колубузда музыка бар! *(Ойлуу отурган Витя ордунан чагылгандай ыргып турат.)*

Витя. Уккулачы досторум!.. Уурулук көкөйүмө жетти. Кантип жашырам... Нечен шейшеп сатылып кетти. *(Чөнтөгүнөн бычак алып).* Мына бу, жасап алган бычагым, ачарчылыкка каршы найзам! Мындан ары арам оокат жебесмин, кечиргиле!? Мен экинчи ууру эмесмин!

Нурлан (балдардын эң кенжеси). Өз атам, чоң атам экөө тең кетти. Айткылачы байкелер? Мен чоңойгондо кимден алам кекти!

Шамиль. Гитлерден, Муссолиниден.

Нурлан. Алар кайда турушат?

Шамиль. Күн батышта.

Нурлан. Эненди гана урайындар десе!

*(Балдар каткырып күлүшөт.)*

Шамиль. Балдар, көргөн күнүбүз, тарткан түйшүгүбүз, аңдыган түтүн, кыдырган үйлөр... Дагы, дагы бирденкелер көз алдымдан өтө берет. Оюм менен поэма, роман жазам. Окуучуларды ыйлатам, күлдүрөм, кызыктырам, кубантам. Бирок... Кагаз алып калем колго кармаганда, эки ооз сөздүн ээ баяндоочун таппай мелтиреп туруп калам. Ой жүгүртсөңөр... Узун арык Ахмед, көк көз ууру Витя, скрипач Толик, чоң баш ойчул Шамиль... Батс! Ур-а! Ууру Витя депутат!.. Узун арык дүйнөлүк чемпион!.. Ойчул Шамиль Репин... Толик Паганини... А, Шаршенбай Айылчиевич биздии турмушубуздун улуу дирижеру!.. Луначарский, Макаренко... Батс! Баарыбыз жолугуп калдык.... Кучакташтык, өбүштүк, арак ичип мас болдук. А... Эмиль...

Ахмед. Качан болсо ыйлактап... эмне? *(Балдарга.)* Уктуңарбы, адам боло баштады. Китеп окуйт. Көп ойношот. Бирок азырынча акылы тайкы, ою быйты, быйты... Жаша Шамиль! Чоңойгондо чоң өзгөрүш жаса!.. *(Күлүшөт.)*

Шамиль. Эмне?.. Батс!.. И... *(Толик Чайковскийдин размышлениясын ойнойт.)* Бактылуусуң Толик! Өнөрүң бар... А менде пайдасыз ой... Ахмедде куру бакырык... *(Пауза.)* Чоң кишилик театр... Сахнада Толик... Ложада өкмөттөр... Жым... чымын учпайт. Тек скрипканын гана боздогон үнү... Эки миң көз... Толик жалгыз. Толик миң кишинин ээси!.. Браво! Браво! Дүркүрөгөн кол чабуулар. Биз Ахмед экөөбүз, кубанычтын жашын чуурутуп, сыймыктана сага карап алдыда отурабыз... Музыка деңизинде, бирде чөмкүп, бирде кайкып ойноп жатасың... Эл толкун! А сен үстүңдө учуп жүргөн ак чардак!..

Ахмед. Алжып кеттиң. Эл толкун, сен ак чардак. Элди, эл эле дейт. Толик, Толик эле...

Шамиль. Жок Ахмед. Адамды табыгый асыл нерселерге салыштыруу жакшы. Деңиз дайым толкуйт. Ак чардак дайым жашайт.

Ахмед. Толик деле дайым жашайт.

Толик *(чекесинен терин сүртүп, Нурланга)*. Кандай ойнодум байкеси?

Нурлан. Билбейм, түшүнгөн жокмун.

Толик. Түшүнөсүң байкем. Түшүнбөгөн билбеген нерсең болбойт. Анткени, абаларың Ахмед, Толик, Витя, Шамиль.

Нурлан. Силер менен дайыма бирге боломбу?..

Ахмед. Катын алып үйлөнгөнчө...

Нурлан *(уялып)*. Аный, уят эмеспи?..

Ахмед. Уялсаң үйлөнбө.

Нурлан. Үйлөнөм деп жатамбы?..

Шамиль *(эркелетип)*. Үйлөнтпөйбүз, үйлөнтпөйбүз уялба.

Нурлан. Мен Шаршенбай Айылчиевичти тартам.

Толик. Биз баарыбыз тең анын балдарыбыз. Ким-де-ким, ал агайыбызды өз атасындай көрбөсө, биз аны ортобуздан четтетебиз. Жек көрөбүз.

Ахмед. Шаршенбай Айылчиевич биз үчүн түбөлүк адам! Аны унуткан шүмшүктүн чокусун уютам!

Шамиль. Мен, агайымды чоң сүрөткө тартам. Көзүн карай туруп, көптү окугандай сезем.

Ахмед *(кыздарга)*. Эмне унчукпайсыздар?

Сулууча. Биз унчукпай эле эл катарына кошулабыз. *(Кыздар күлүшөт.)*

Шамиль. Бычмачы, ашмачы, саймачы болосуңарбы?

Сулууча.Өзүбүз билебиз.

Бермет. Суу байлайбыз, жер айдайбыз. *(Ахмедке.)* эңишсең алып жыгам. Күрөшсөң чалып жыгам! *(Бардыгы күлүшөт. Билегин түрүп.)* Ишенбесең жекеге чык!

Ахмед. Менби?

Бермет. Ооба, сен!

Ахмед. Кыйын болсоң Шамилге чык.

Бермет. Каканак баш, куурай сан буйдамга келбейт.

Ахмед. Мен бүктөп коём.

Бермет. Өлтүрүп койсом доосу жок. *(Күлүшөт.)*

Сулууча. Оорусаңар айыктырчу доктур, адашсаңар жолго салчу акылдашыңар, сонун кийим, таттуу тамак, жарык үй, жагымдуу сөздүн устаттары мына биз.

Бермет. Мен булар менен кошо таймашам.

Шамиль. Кыз деген назик, муңайкы, жылдызы жарык, мүнөзү жумшак болот.

Бермет. Сен бол ошондой. Ахмед айдаган аэропланды мен деле айдап кете берем.

Витя. Жарайсың жаркыным! Мага жагасың. Сендей эркек чалыштар кыйын болот дешет. Ахмед! Ойно балалайканды! *(Ахмед ойнойт, Толик кошулат. Витя, Шамиль бийлешет.)*

Шамиль. Жетимдер жерде калбайт! Нан болсун! Тоо түзөлөт! Муз жарылат! *(Сахна караңгылайт).*

**Хор.**

Дүңгүрөп жер, толкуду эл,
Бербейбиз намыс, команда бер!
Баатыр элбиз барчын куштай,
**Кайырма**
Эй, жолдоштор катарга кел.
Ахмеддин үнү.
Бир, эки, үч, бир, эки, үч,
Мээле мылтык, шилте кылыч!
Күчүбүз тоо, кармашабыз?
Күбө болсун ай, күн, жылдыз.

*(Барабан урулуп, сигнал тартылат.)*

*(Шаршенбай Айылчиевич, терезенин жанында оюн алыска жиберип какайып турат. Саадат кирет. Шаршенбай Айылчиевич аны байкабайт.)*

Саадат. Шаршенбай Айылчиевич!

Шаршенбай Айылчиевич *(чочуп)*. А, эмне үчүн баары чыккан жок? Курсактары тойдубу?

Саадат. Таң сүрө элек Шаршенбай Айылчиевич.

Шаршенбай Айылчиевич. Малыбыз болот. Чарбабыз болот. Чекелешем орундатам! Өзүбүздүн чарбабыз болсо, балдар эмгекке үйрөнө баштайт. Балдардын тагдыры экөөбүздүн колубузда. Жаңылышсак, өмүр бою күнөөлөшөт. Кечиришпейт.

Саадат. Өл деңизчи өлүп берейин... Ден соолугуңузду сактаңыз... Уктап, ысык тамак ичпесеңиз...

Шаршенбай Айылчиевич. Баары сонун. Мындан артык жыргал жок. Кечээ, кичине корпустун жанында сүйлөшүп жаткандарын угуп, эс алып калдым. Турмушту чоң кишилердей талдашат. Толик Летягин кадыресе кишидей, капкайдагы идеалдар жөнүндө сүйлөйт.

Саадат. Бир нерсе айтсам макулсузбу?

Шаршенбай Айылчиевич. Айтып көр.

Саадат. Биздикинде турсаңыз...

Шаршенбай Айылчиевич. Мүмкүн эмес. Суранарым Курманды көп күйдүрбө? Жакшы адам. Тилектешмин. Жаңылышпайсың. *(Курман кирет.)*

Курман *(ыңгайсызданып)*. Мен иш боюнча...

Шаршенбай Айылчиевич. Биз дагы иш тууралу.

Курман *(Саадатка)*. Палатаңызга барыңыз. Бир кызыңыз талма болуп жатат.

Шаршенбай Айылчиевич. Кайсы кыз?

Саадат. Жаңы келген, Чакчыгай деген кыз.

Шаршенбай Айылчиевич. Ушундай да ат болобу?

Саадат. Кыздардын койгон аты. Таң сүрө электе туруп алып ырдайт экен. Анан аны уктабаган Чакчыгай деп алышыптыр.

Шаршенбай Айылчиевич. Кокуй жөнө. *(Саадат кетет.)* Отурчу мындай... Сен эмне...

Курман. Эчтеме...

Шаршенбай Айылчиевич. Оюңа да кетпесин...

Курман. Анан эмне...

Шаршенбай Айылчиевич. Жөн эле...

Курман. Түшүнөсүзбү мен…
Шаршенбай Айылчиевич. Билем, билем…
Курман. Билбейсиз, Шаршенбай Айылчиевич.
Шаршенбай Айылчиевич. Сүйөсүң.
Курман. Алчы?
Шаршенбай Айылчиевич. Ал дагы.
Курман. Эмне үчүн тамеки тартат?..
Шаршенбай Айылчиевич. Жаштыгы.
Курман. Сүйүүнүн мастыгы… Сизди сүйөт.
Шаршенбай Айылчиевич *(тамашалап)*. Мени сүйүүгө болбойбу?.. Тирүү жанмын…
Курман *(үшкүрүп)*. Кеп ошондо болуп жатпайбы?
Шаршенбай Айылчиевич. Эмне, мени өлсүн дейсиңби?
Курман. Бир кыз үчүнбү?
Шаршенбай Айылчиевич. Жакшы кыз үчүн…
Курман. Коюнуз, а көрөкчө менин кеткеним оң.
Шаршенбай Айылчиевич. Бир кыз үчүнбү?
Курман. Жаман кыздын жанында жүргөнчө…
Шаршенбай Айылчиевич *(күлүп)*. Экөөбүз күрөшөлү, жеңген киши…
Курман. Жалгыз колуңуз мененби?..
Шаршенбай Айылчиевич. Менин ала турган колуктум бар. А сен, жолуң болгур…
Курман *(түшүнгөндөй)*. Айыптуумун агай.
Шаршенбай Айылчиевич. Чын сүйүү айыпталбайт. Закон жок. Тилектешмин. Жардам берем.
Курман. Сизге чон, ырахмат Шаршенбай Айылчиевич.
*(Сахна караңгылайт.)*
*(Нурлан авансценадан нан жеп өтөт)*

**6-эпизод**

Жаңы көтөрүлүп жаткан корпус. Тегерегинде: чака, күрөк, кетмен, үйүлгөн кыш, саман. Авансценада скамейка, Бермет ыйлап скамейкага келип отурат. Артынан чуркап Ахмед келет.

Ахмед. Бермет, Берметтай, ким ыйлатты? Айтчы? Шамилби?.. Толикби?.. Витябы?..

Бермет *(өпкөсү көөп)*. Вн... Ви... Витя! Ме, мени сс дейт.

Ахмед. Сөктүбү?

Бермет. Мен дейт, сени дейт, сүйөм дейт!

Ахмед. Ошого да ыйлайбы.

Бермет. Колумду кайрып туруп бетимден өөп жатса... Балдар көрүн күлүштү.

Ахмед. Азыр анын ээгин кемшийтем!

Бермет. Айтып кой менин атым Борбок кыз эмес, Бермет.

Ахмед. Азыр балдарды чогултуп, Борбок кыз деген бизде жок, Бермет деген бар деп, жар салам.

Бермет. Мен үчүн, менин апам дүйнөдөгү сулуу апа, атам дагы... Мен ошолордун кызымын.

Ахмед. Көрүнбөй палатаңа бар. Шаршенбай Айылчиевич көз жашыңды көрсө... Витяны шорлотосуң. *(Кыйкырып Витяны чакырат.)* Витя!.. Витя...

Бермет. Аны эмнеге чакырдың?

Ахмед. Элдештирем.

Бермет. Элдешпейм.

Ахмед. Берметтай, бир казандан... *(Витя келет, Ахмед акырын чыгып кетет. Бермет байкабайт. Ызасы менен алек.)*

Бермет. Ууру!.. Хулиган!.. Тил албаган кежир!

*(Витя күнөөлүүдөй көзүн кыбыңдатып, мурдун шып тартат.)* Уурулугун койсо, элпек болсо, ошондо элдешем!..

А сен... Ой! *(Бетин басат.)*

Витя. Борбок кыз дегенге эле... Тамашаласа...

Бермет. Кечээки саатты кайдан алдың?

Витя. Шаршенбай Айылчиевичтин чөнтөгүнөн.

Бермет *(көзү чанагынан чыгып)*. Азыр алып барып бер?!

Витя. Бергем.

Бермет. Урушкан жокпу?

Витя. Билгизбей кайра ордуна... *(Жаңсап көрсөтөт.)*

Бермет. Түзүгүрөөк кесипке умтулбайсыңбы?

Витя. Ал тууралу ойлоо, азырынча эрте. Азыркы максат, курсак кампайтуу, негизги максат... Заманам көрсөтөт.

Бермет. Сенин курсагың башкалардыкынан артыкпы? *(Өкүнүп.)* Толикти карачы?..

Витя. Атактуу скрипач... Колго түшпөс атаман, даңкы бирдей. *(Кыялга толкуп.)* Витя Ташкентте, Самаркандда, Алма-Атада, Фрунзеде... Кийгени жибек шым, бутунда хром өтүк. Акчага эсеп жетпейт. Витя колго түштү. Токмоктошту, сабашты, тамак бербей камерага камашты. Витя ыйлабайт! Витя кайгырбайт! Дайым күлүп жайдары. Бийик коргон. Төрт бурчунда сакчылар. Түн... Караңгы камера... Тордолгон кичинекей терезеден, айдын шооласы тийип турат.Сенин Витяң, шаңдуу!.. Үнүн бийик чыгарып ырдап жатат... Ушундай турмуш жаманбы ыя?.. Билгиң келсе, Ленин, Фрунзе, Пудовкин-Жукеев үчөө тең түрмөгө түшкөн. Эч кимге айтпа, менден башка жан билбейт.

Бермет. Келесоо...

Витя. Мен келесоо болбосом башка бирөө болмок. *(Күлөт.)*

Бермет. Жана эмне дедин, эле?

Витя. Мен сен, сен мен бололу дегем.

Бермет *(башын чайкап)*. Ууру менен нг...

Витя. Дайым бирге жүрсөң мен деле... Жалгыз жүргөндө, көзүм кычышып, бармактарым кыбырап, оолугуп кетем.

Бермет. Тойбой жүрсөң, түшкү нанымды алып жүр.

Витя. Ким айтат? Тоюп эле жүрөм.

Бермет. Анда уурулугуңду таштa.

Витя. Түн ичинде дарбыз уурдаганды жакшы көрөм.

Бермет. Балдар келатат. *(Кетет. Шамиль, Ахмед, Толик, Нурлан, Сулууча кирет.)*

Ахмед. Элдештиңби?

Витя. Биз урушкан эмеспиз.

Ахмед Анда эмнеге ыйлады.

Витя. Эркелеп.

Ахмед *(муштумун көрсөтүп)*. Баң. Баң. Тамам!.. Түшүндүңбү?

Витя. Ме!

Ахмед *(кепкасы менен уруп жиберет)*. Ме!

Шамиль. Шаршенбай Айылчиевич!

Ахмед *(башталып келаткан чатакты жашырууга аракет кылып)*. Балдар кандай гана болбосун, соцмелдешти чындап кыздардын жаңы корпусун, мөөнөтүнөн мурда орундатууга бардык күчүбүздү жумшайбыз. Сен Толик, скрипач болгондуктан, детдомдук советтин чечими боюнча, кара жумуштан бошотуласың. Кыш куйбайсың, там салбайсың. Картошка сорттоп, кап көтөрбөйсүң. *(Шамилге.)* Сен, акылың кеңейип: «башың чоңоюп бараткаnына байланыштуу «Келечек» аттуу дубал газетанын жооптуу редактору болосуң. *(Витяга.)* А сен кемпай!.. Сен экөөбүз эшектей иштейбиз. Күчүбүздү ошол жерден сынашабыз. *(Шаршенбай Айылчиевич кирет.)*

Шаршенбай Айылчиевич. Чарчадыңарбы?

Ахмед. Өндүрүштүк кеңешме өткөрүп жатабыз.

Шаршенбай Айылчиевич. Курсагыңар токпу?

Шамиль. Бейиш, Шаршенбай Айылчиевич?

Шаршенбай Айылчиевич. Мындан ары дайым

ушундай болот. 50 кой, 12 уй, 6 жылкы алдык. Эмдиги жылы лагерге чыгабыз. Окуу башталганча, кезек менен ошолорду кайтарууга балдар бөлүнсүн.

Нурлан. Мен кайтарам, агай.

Шаршенбай Айылчиевич. Жаштык кыласың.

Нурлан. Кайдагы жаш, баарын билем.

Шаршенбай Айылчиевич *(жылмайып, Нурланды башынан сылайт)*. Көрөбүз балам.

Нурлан. Боюм кичинекей болсо эле... Мындан артык чоңойбойм агай. *(Бардыгы күлүшөт.)*

Шаршенбай Айылчиевич. Эмне үчүн? Алдагы курсактын баары бой болот.

Нурлан. Теректей бой бергенче теменедей акыл берсин.

Шаршенбай Айылчиевич. Бойлуу да, акылдуу да болосуң, Витя! Сындырба бакты. Эмнеге бөлүнүп турасың? Күн ысый электе, жумушуңарды иштегиле. *(Саатын карап чыгып кетет.)*

Ахмед *(чөнтөгүнөн кагып тамеки оройт. Витяга)*. Ширеңкең барбы. *(Витя Ахмедке папирос ыргытат)*. Ого! Папиросуң барбы? Шамилге бересиңби?..

Шамиль. Тартпайм. Сен деле таштап койсон,?..

Ахмед *(күлүп)*. Семирип кетем.

Толик. Балдар билесиңерби, тамеки ден-соолукка зыян!

Ахмед. Мен Витя таштаганда таштайм.

Витя. Киндигиң бирге беле?

Ахмед. Кел мелдешели.

Витя *(чөнтөгүнөн папиросту алып, мыжып, мыжып ыргытып жиберет)*. Мына!

Ахмед. Сенден эрксиз болсом... *(Папиросун ыргытат)*

Шамиль. Элдешип алгылачы.

Ахмед. Каршылыгым жок.

Шамиль *(Витяга)*. Витя, кел мындай.

Витя. Чоң сүйлөбөй жүрсүн!

Шамиль. Боюна жараша... *(Нурлан күлүп жиберет)*

Ахмед. Жылдырттыңбы жылма.

Шамиль. Кечирип кой Куркут.

Ахмед *(Витяга барат. Тамашалап тап берет)*. Ух! Кежир, бери кара! Ме муштагылап ал. *(Витя акырекке коет. Кучакташышат.)*

Шамиль. Детдомдун жарым кудайлары элдешти.

Нурлан. Борбок кыз баятан бери бизди карап турат. *(Витя ошол тарапты карайт).*

Ахмед. Бермет эже деп жүр. Жарыбагыр, өз теңтуштары менен жүрбөй, биз менен эмне жүрөсүң?

Нурлан. Силер кызыксыңар...

Шамиль. Витядан башкабыз... *(Жаңсап, кетели дегендей түшүндүрөт).*

Ахмед *(Толикке).* Скрипкаңды алып кел. Азыр мында Бермет келет. А сен көрүнбөй баягы чоюп тарткан күүңдү ойно? Ошондо менин жүрөгүм толкунданган. Булардыкы да ошентет... Кеттик!..

Витя *(жалгыз ойлонуп).* Бүттү! Окуйм. Тээ тыякка барам! Аялды ошол жактан алам. *(Бермет кирет)*

Бермет. Урушуштубу?

Витя. Кел отур. *(Бермет отурат, чөнтөгүнөн бир алма алып теңин берет.)*

Бермет. Рахмат, сен, жакшысың Витя... *(Витя колун түрүп Бермет деп жазылган жазууну көрсөтөт.)* Ай, ий! Уят! Өчүрүп ташта!

*(Скрипка ойнолот).*

Витя. Түндө балдар уктап жатканда жазгам.

Бермет. Эмне үчүн?

Витя. Билбейм... Жакшы көрөт окшойм.

Бермет. Балдар көрсө...

Витя. Тамекини таштадым. Тигине...

Бермет. Эми тартпайсыңбы?

Витя. Тартпайм.

Бермет. Витя ууру, Витя чөнтөкчү дешсе эле ызалана берем.

Витя. Мындан ары... *(Бармагын жалап кекиртегин сыдырып алат).*

Бермет. Чынбы?

Витя. Чын. Мени менен сүрөткө түшөсүңбү?

*(Бермет башын ийкейт. Пауза. Скрипка ойноло берет.)*

Шамилдин үнү. Витя! Витинька!.. *(Келет.)* Сүйүнчү *(аптыгып)*. Сен, мен, Ахмед үчөөбүз Фрунзеге окууга кетмек болдук!

Витя. Качан?

Шамиль. Жакында дейт. Кагазы келиптир, ФЗУ деген окуу.

Витя. Эмне болуп чыгат экенбиз?

Шамиль. Адам болуп чыгат экенбиз кийми, тамагы өкмөттөн дейт!

Витя. Сүрөтчүнүн окуусуна барам дебедиң беле?

Шамиль. Анда кийим, тамак бербейт экен. Батырак эле кетсек!.. Сүйүштүңөрбү?

Витя. Качумай!

Шамиль. Кат жазышып турасыңар. Берметушка! Витя экөөбүз Фрунзеден окуйбуз!

Шамиль. Тор түйүп, казан асып, котлет жасагандан башка...

Бермет. Сенин бизден артыкчылыгың көрүнбөйт. Шамиль *(эдиреңдеп)*. Атырыл күчүм! Кыздар үчүн! Сулууча, кел тебеле? *(Сулууча бармак болгондо, Бермет колунан тартып жибербей коёт.)*

Бермет. Өзү тебелейт.

Шамиль. Нурлантай, самандан сал. (Нурлан саман салат). Витя кечетен бери ноокас. Оо, ии... жалын чок!

Витя. Качум...

Ахмед Шек-шек!

Витя. Берметке тийишпесин!

Ахмед. Уктуңбу Шамиль?

Шамиль. Эмнени?

Ахмед. Тийишпейсиң!

Шамиль *(көзүн жуумп)*. Жумгулачы көзүңөрдү?.. Үстү ачык машина... даңгыр жол. Коштоштук... Витя дагы коштошту... Берметтин көзүнөн топ, топ, топ... Биз үч берен көкүрөгүбүздү шамалга тосуп кузовада... Зы-

мырап учуп баратабыз... Көркү сулуу, көрө элек жерлер Кыялымда мен баарын сүрөткө тарттым... Ахмед уктап кетти... Витя, жарым жаны калгандай муңайыңкы, өңү керсар... Ак шоокумда. Фрунзеге жеттик. Гудоктун үнү! Топураган эл! Биз дагы элдин санын көбөйтүп, кошулуп калдык. «Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет!» Сонун макал! Мен ойлогондой ойду силер ойлойсуңарбы ыя?

Витя.Боло турган нерсени.

Ахмед. Анча-мынча артыгыраак.

Шамиль. Бир заматта, оюм менен дүнүйөнү чарк айланам!

Витя *(Берметке)*. Күлүп турсаң?.. *(Бермет жылмаят.)* Биз кетебиз...

Бермет. Көп карабачы?..

Шамиль. Ахмед суу ичип келейинби?

Ахмед. Тебеле, тебеле.

Витя. Эки норма жейсиң.

Шамиль. Теңин сага берем. Толик кайда? Музыка менен иштесек чарчабайт элек.

Ахмед *(Нурланга)*. Толикти таап кел! Кыягын ала келсин. Жер тиктеп жүрүп албай тезирээк!.. Жерден бирдеме издеп жүрүп, көнүп калыптыр... Нандын күкүмүн тооктон ылдам терет.

Шамиль. Эх! Күн батпайт да таң атпайт, Сулууча! О-о, деп койсоң боло?..

Бермет *(Шамилге)*. Жаман эле киши болосуң.

Шамиль. Менби?!

Бермет. Бабыр...

Шамиль. Витядан... *(Витя олурая карайт.)* Астапырылда...

Витя. Жаныма батты. Жанчып таштайм!

Ахмед *(Шамилге)*. Күйдүрбөй сүйлөп жүрсөңчү?

Шамиль *(Витянын колун кармап)*. Витинька! Керекпи сен үчүн. Берметушка!.. Экөөңдү тең жакшы көргөн-

дүн үстүнө жакшы көрөм. Сулууча, сени да жакшы көрөм. Паспорт алгандан кийин бир атанын баласы болобуз.

Сулууча. Сен жиндисиң.

Шамиль. Сени сүйлөткөнгө жараган мен, азамат! О, музыка келатат. *(Толик, Нурлан кирет)* Толик, эритчи тоңуп баратабыз *(Скрипканын үнүн туурап.)* Ви... Виии.., Вии, Вии-ий...

Ахмед. Эртең кетебиз деген түнү Шаршенбай Айылчиевичтен уруксат алып, таң аткыча уктабай, тиккен багыбыз, көтөргөн тамыбыз менен коштошобуз. Ошондо сен, баягыдай созолонтуп ойносоң?..

Шамиль, Балдар, курулуштун темпин ылдамдатып эртерээк эле... Аскер келатат.

Бермет. Ордендери көп экен.

Сулууча *(атасына окшоштургандай)*. Сакалы бар экен.

Нурлан. Бир буту жок ко?..

*(Солдаттык формачан Нурландын чоң атасы келет.)*

Карыя. Чоңойдуңарбы балдар?

Балдар. Саламатсызбы.

Карыя. Директоруңар кайда?

Ахмед. Канторунда.

Нурлан. Ата! *(Чуркап барып мойнуна асылат.)*

Карыя. Нурлантайым!.. Каралдым!.. *(Балдар тунжурап тура беришет)*. Байкең келдиби?

Нурлан. Жок. Жолуккан жоксуңбу?

Карыя. Чоң энең барбы?

Нурлан. Өлүп калган.

*(Пауза)*

Шамиль *(Витяга)*. Шаршенбай Айылчиевичти чакырып кел.

*(Витя кетет)*

Ахмед. Кайгырбаңыз ата...

Шамиль. Нурландын аман калганына сүйүнүңүз. Быякта, бомба түшүп, ок тийбей 27 жолдошубуз...

Ахмед. Кайрат айтат десе...

Толик. Ленинградда болдуңузбу?

Карыя. Белорус фронтунда болдум.

Толик. Согуштун бүткөнүнө бир жылдан ашты. Сиз...

Карыя. Госпиталда жаттым.

Бермет. Госпиталда аскерлер көппү?

Карыя. Толтура кызым.

Бермет *(Сулуучага)*. Экөөбүздүн атабыз ушинтип келип калсачы...

Карыя. Курсагың тоюп жүрөбү?

Нурлан. Азыр жакшы.

Карыя. Окуп атасыңбы?

Нурлан. Үчүнчүгө көчтүм.

Карыя. Сагындыңбы каралдым.

Нурлан. Ооба.

Карыя. Келчи, дагы бир жытташып алалы.

Ахмед. Нурлан агайга ээрчитип бар.

Нурлан. Жүрү ата канторго.

Шамиль *(Нурланга)*. Бизге жолугуп кет.

Ахмед. Кибиреген байкушум, кетип калат ээ?..

Витя *(Берметке)*. Эмнеге ойлонуп калдың?

Бермет. Кантип оокат кылышат?

Ахмед. Падьем! Ордуңарга баргыла. *(Иштеп жаткан орундарына барышат)*.

Шамиль. Чамдагыла! Чамдагыла! Эй, Сулууча келсең боло жаныма?! *(Коңгуроо кагылат.)* Дежурныйдын үнү: Куруучулар, тамакка!

Акыркы эпизод

Авансценада өтөт. Бурчтагы оокат салынган мешок. Үстүндө балалайка. Сахнада Бермет, Сулууча, Толик.

Бермет *(акча санап)*. Эки жүз он...

Толик. Балдардан токсон. *(Берметке берет.)*

Бермет. Үч жүз. Үчөөңө жүздөн.

Толик. Чогуусу менен Ахмедке бер.

Сулууча. Аз эмеспи?

Бермет. Болгону ушул.

Толик. Балдардын чогултуп жүргөн конфеттерин сатып...

Бермет. Кеч болуп калды.

Сулууча *(чөнтөгүнөн үч саймалуу бет аачы алып)*. Буларды сен берчи?

Бермет. Сен бересиң.

Сулууча. Эмне деп берем?

Бермет *(бет аачыдагы сайма жазууну окуп)*. Детдомдун кыздарынан эстелик ушунтип эле берип кой.

Сулууча. Витяга өзүң бер.

Бермет. Макул.

Сулууча. Келатышат! *(Жаңы форма кийишип Ахмед, Шамиль, Витя келет.)*

Ахмед. Машина МТСтан азыр келет.

Шамиль. Жүрөгүм алып учат!..

Витя *(Берметке)*. Күлүп узатсаң?..

Ахмед *(мешоктун үстүндөгү балалайканы чертип, акырын ырдайт. Калгандары кунт коюп угушат)*.

Биз кеттик алыс жакка сапар чегип,
Чоңойдук чылгый курсак жетим делип,
Актайбыз агай, эже осуятын,
Чарчабай күнү-түнү эмгектенип!
Мектептен сабак окуп кеч келемин,
Жатарда жетимдерди эскеремин...

Шамиль. Өзүңө окшотуп, чубалжытпай... *(Манасчылардын мотивинде.)*

Э-эй! Үч турумтай уядан
Учуп кетип баратат.
Булуттуу бийик чокудан,
Сызып кетип баратат.
Канаттары темирдей,
Кабактарын карасаң,

Кас душманын жегидей!
Жашылданып көздөрү,
Бийиктиктен асмандан,
Бүтүн дүйнө ааламга.
Угулгансыйт сөздөрү.

– деген экен жавасы.

*(Жаздык капка конфет көтөрүп Толик кирет.)*

Толик. Мына, балдар кыздардын үч күндөн бери силерге чогултуп жүргөн конфеттери. *(Мешоктун үстүнө коёт.)*

Бермет *(акчаны Ахмедке берип)*. Биздин жардамыбыз...

Сулууча *(бет аачыны берип)*. Биздин эстелигибиз. *(Желек көтөрүп, сигнал тартып, детдомдун балдары, Шаршенбай Айылчиевич, Саадат, Курман кирет.)*

Балдар жалпы. Сапарыңар ийгиликтүү болсун! Бизди унутпагыла!

Шаршенбай Айылчиевич. Кана барчындарым! *(Кучакташышат)*. Детдомуңардын наамын бийик көтөргүлө!

Шамиль. Сиздин эмгегиңизди, жүрөккө азык берген каным менен актаймын. Шаршенбай Айылчиевич.

Ахмет. Бир гана сөз... Рахмат сизге!

Витя. Кечириңиз мени, мен экинчи ууру эмесмин.

Шаршенбай Айылчиевич. Курман агайыңар кошо барат. Кыйналсаңар кат жазгыла. Жардам беребиз. Турмуш али өз нугуна кире элек. Кана эми, отургула машинага. *(Ахмед, Шамиль, Витя балдар менен кол беришип, коштошуп чыгып кетишет.)*

Бермет *(Толикке.)* Сенин ойноонду жакшы көрүшчү эле... Ойно Толик? *(Толик скрипка ойнойт. Балдар кол булгашат. Сахна караңгылап, кайра жарык берет.)*

## ЭПИЛОГ

Саадат. Толик, Витяны кайда дедиң?

Шамиль. Толик театрда скрипач. Витя поездде машинист.

Саадат (көрүүчүлөргө.) Балдар чоңоюшуп, кээси окууга, кээси өз алдынча тиричилик кылып кетип жатышты. Мурункудай «детдомго өтөбүз» деген жетимдер жок болгондуктан, отуз чакты майда балдар башка детдомго жиберилди… Детдом жабылды. Бирок Шаршенбай

Айылчиевич балдарды аябай жоктоп жүрдү. Башын жерге салып, эртели-кеч короодо басып жүргөнүн көп көрчүмүн. Агайыңардын арбагы ыраазы унутпапсың…

**К ө ш ө г ө.**

## ШАТМАН САДЫБАКАСОВ
***(1932–1983)***

Акын, прозаик Шатман Садыбакасов Жумгал районунун Дыйкан айылында 1932-жылы 25-майда туулган. 1955-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн.

Эмгек жолун «Жаш ленинчи» журналында адабий кызматкер болуп баштаган, 1961-жылдан «Кыргызстан» басмасында редактор, 1965-жылдан проза жана поэзия бөлүмүнүн башчысы, 1975-жылдан өмүрүнүн акырына чейин «Ала-Тоо» журналынынын башкы редактору болуп иштеген.

Ш. Садыбакасовдун биринчи китеби 1958-жылы басылып чыккан «Пейил» аңгемелер жыйнагы болуп саналат.

1960-жылдан СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү.

В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматына «Каарман эмгеги үчүн» медалы менен, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы, Кыргызстандын ЛКЖС БКнын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Ондогон проза жыйнактарынын, бир поэтикалык жыйнактын жана бир катар орус тилиндеги басмалардын автору. Шатман Садыбакасов 1983-жылдын 3-августунда Фрунзе шаарында каза болгон.

Бүгүнкү күнгө чейин Шатман Садыбакасов талаптуу кыргыз авторлорунун бири. Ал эми жазуучунун 1965-жылы жарык көргөн «Күндөр» аттуу романын критиктер Кыргыз адабиятынын жаркын кубулушу – деп аташкан.

Жазуучунун чыгармаларында элибиздин тарыхына, социалдык маселелерине тийиш орчундуу маселелер козголуп, чагылдырылган. Кыргыз элинин тарыхый тагдырындагы урунттуу учуруна арналган «Күндөр», «Ак боз ат» сыяктуу чыгармалары жеке жазуучунун эле эмес, жалпы кыргыз адабиятынын өсүп-өнүгүш баскычындагы бараандуу көркөм туундулар катары өз ордун ээлеген. Жазуучунун көптөгөн чыгармалары орус жана башка тилдерге да бир нече ирет которулган. «Күндөр» романы, «Ак боз ат» драмасы орус тилине которулуп басылган.

Ошол эле учурда Ш. Садыбакасов М. Шолохов, О. Гончарь, Г. Мүсрепов, В. Степанюк сыяктуу жазуучулардын чыгармаларын кыргызчалаган.

Акын Ш.Садыбакасов, мейли прозалык же поэзиялык, же болбосо драматургиялык чыгармаларында болсун, жазуучулук маданияттуу сапаты даана көрүнүп турчу. Образды жаратууда, сөздөрдүн маанисин, маңызын, музыкасын кылдат сезип, элдик казыналарды терең өздөштүрүп, өзүнүн чыгармачылык өнөрканасына аларды жеткиликтүү иштеп чыгып, пайдаланып окурмандарына тартуулаган.

Жазуучу кийинчерээк драматургия жанрына да көңүл буруп, Ички Теңир-Тоодогу тарыхый окуялар чагылдырылган «Ак боз ат», Рыскул уулунун доору жана эрдиги тууралуу «Керме-Тоо» («Тайлак баатыр») драмаларын, ошондой эле «Уят эмеспи» аттуу комедияны жазган.

Ш. Садыбакасовдун каleминен жаралган «Ак боз ат» драмасы кыргыз театр сахнасынын классикасына айланган чыгарма болуп, театр сахнасынан өз ордун жоготпостон сахнадан түшпөстөн бүгүнкү күнгө чейин коюлуп келе жатат.

Замандаштарынын эскерүүлөрү боюнча Шатман Садыбакасов атак-даңкка умтулбаган, жөнөкөй адам болчу экен. Анын чыгармачылык жылдарында Каарман эмгеги үчүн медалынын ээси болуп, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Бул китепте Ш. Садыбакасовдун окурмандарга белгилүү «Ак боз ат» драмасы, «Азаттык үчүн» киноповести, «Ар кимибиздин жолубуз бар» чыгармасы орун алды.

## АЗАТТЫК ҮЧҮН
### (Калык ырчы)

Куушурулган сүрдүү капчыгай качантан берки ажайып дүйнөсүндө. Таманында ажыдаардай сойлоп, буластап, аркандай эшилип, чыйралып, берметтей көккө сапырылып тоо дарыясы бууракандайт. Заңгел жылма зоокалардын бооруна жармашкан шилбилер желпилдеп, гүүлдөп кулап түшө тургансып дарыяга салаңдайт.

Дарыядан бөлүнгөн канжыга арык, сымаптай мөлтүлдөгөн дайра суусу арыктын эрдөнүнө мелт-калт болуп, сыйгаланма типтике беттерди, кокту-колотторду тепчип, кой таштардан ойт берип, секирип те кептештеги тектирди карай шылдырттайт.

Тектирде аштык сугарган Бирназар. Жаргак шымын тизесине түрүнгөн, малакайчан. Эти күнгө күйгөн, тиши гана жаркырайт. Кулактын оозундагы жайылган таар курмөнүн, чүрүшкөн кайыш чокойдун, анан мына бу канжыга суунун ээси ушул дыйкан.

Тектирдин өйүз-бүйүзү каны качып куйкаланган бопбоз адырлар, кубаңдаган чаптар; эрбеңдеген караан, мыдыр эткен мал көзгө урунбайт; бир гана асманда насмай тартып эбелектеген күйкө.

Бирназар кетменинин сабына сүйөнө батышка карады: күн кеч бешим. Күндүн алдында шаңкайган тоолор, жап-жашыл өзөн; өзөндө ак тасмадай чубалган агын

суу, кеңирсиген талаа бал куюлган сыр чөйчөкө, окшоп көңүлүн тартып, карегине батып турду.

– Ушул жерден энчисине тийгени – Арпа тектир.

Бууракандап аккан дарыя.

– Ушул дарыядан алганы – билектей суу.

Бирназар шыкаалама дүмбүл арпаны аралап, кичине машак терип алды да, кетменин ийнине салып, күрмөсүн карай басып баратты.

– Бул кетменди илгери атасы Анжияндан алып келген экен.

Уютулган чоюн кетмен анын башын күндөн калкалап, күн нуруна чагылып жарк-журк этти.

– Атасынан мураска калган кетмен.

Ал абалкы ата-баба жеринде, аккан суу менен чыккан чөптөн башкага зыяны жок кантип жашап жатты?

Кантип кара жанын бакты? Кандай күндөрдө?

Кайыш чокойдун ичинен кара чаар жылаан сойлоп чыкты. Бирназар колундагы машагын серпип ийди, кетменин ийнинен алып сойлоп бараткан жылаанды ортосунан бөлө чапты да башын бир жагына, куйругун бир жагына ыргытып жиберди.

Демейдеги анын токтоо кыймылына бүлүк түшүп, жүзү кубаңдады. Негедир жылаанды жамандыкка жоруп, кыр аркасынан муздак нерсе жүгүрүп өттү; ичиркенип аны кандайдыр бир каскактын белгиси катары сезип, көзү устаранын илебиндей жылтылдап кетти.

Күрмөсүн кайра-кайра күбүп, желбегей жамынды; чокоюн да чочулап араң алып, бири-бирине кагыштырып кетменге кошуп ийнине салып, канжыга арыкты бойлоп жылаңайлак жөнөдү.

Аңырайган терең капчыгайдын таманында, жалгыз аяк жолдо эрбеңдеп баратты.

Асмандын бир гана тилкеси көрүнөт.

Кабышкан жалама аскалардын шаанисин чыгарып, аскаларды каңыр-күңүргө бөлөп, тобун бузбай тигил өйүз, бул өйүздү мекендеген көк моюн көгүчкөндөр.

Бир жерде жапырылып, үркүп, бирде таандай чачырап, бир тамырын устарадай аскага сайып, бир тамырын обого сайып канаттууларга атаандашкандай улам бийиктеп, улам дүпкүрөп өскөн жаламадагы карагай-черлер.

Биринен бири ажырабай ылымдашып, бири-бирин сулуулап, коооздоп акылды айран калтырган жаратылыш.

Кыбыр эткен бардык жандардын байыр алган жери бар.

Көзгө урунган бардык нерсенин өз-өз орду бар.

Жаратылышта артыкбаш жаралган эчтеке жок.

Бирназар ушуларды көзү менен сыдырып, акылы менен чекмелеп келе жатты.

Дөңсөөгө чыга берип, колун серепчилеп айлын карады. Анын айлы зоокалар кабышкан түзөңчөдөгү кара алачыкта болучу.

Уурту жыйылбай эки көзү жайнап, тиштери кашкая түштү.

Сыягы алачыктар күткөн ырчы келсе керек!

Айыл аксакалы Ысакенин эшигинде Калык ырчы ырдап олтурган.

«...Чемирчекти жашымдан,
Кайырдың го жокчулук.
Чечен тилди – тең сөздөн,
Айырдың го жокчулук.
Көңүлүмдү төрт бөлүп,
Адаштырдың жокчулук.
Көтөргөнүм мойнума,
Чанач кылдың жокчулук
Жайдыр-кыштыр жамаган,
Тон кийгиздиң жокчулук
Жамачы чапан, жаргак шым,
Чом кийгиздин жокчулук.
Кереге, уук, түндүктү,
Ийдирдиң го жокчулук.

Каалга, үкөк, тердикти
Чийдирдиң го жокчулук.
Куюшкан, жүгөн, камчыны,
Өрдүрдүң го жокчулук,
Ар шумдукка жашымдан
Көндүрдүң го жокчулук.
Бал сөзүмдү, манапка
Эм кылбадың жокчулук,
Байдын жаман уулуна,
Тең кылбадың жокчулук».

Калыктын ыры муңдуу болсо да жапжаш үнү менен комузу айкалышып шаңкылдайт. Жүзүнөн жылдыз чачырап, уча турган канаттуудай эки мүрүсүн солбуп көкүрөгүн жайкап, эргип, бакалоору балкылдап, төгүлүп-чачылып ырдап жатты.

Аштыкчылар жамгыр сабаган жалбырактай салбырашып, былк этпей, кыңк этпей, ырдын ыргагына карай баштарын ийкешип, аялдар шыпшынышып угуп олтурушту.

Аялдардын арасында тебетейинин алдын жапыра кийип жалгыз Боробай; аялдарга окшошуп сыңар тизелеген: колунда ийик, түйдөк; эрдине жабышкан жиптин чели. Ал улам үргүлөп баратып чочуп кетет да, чокчо сакалын сербейтип, ийигин ийрип созолонуп калат.

Обочодо малдаш токунган Насеке карыя. Кара сеңселге ак тыштаткан тебетейчен. Кашы да аппак, сакалы тизесине куюлуп, колунун учу гана кыймылдап, боз чапанынын этегине тырмагын алып үңкүйүп олтурат.

Кыя жолдо суу көтөргөн беш көкүл кыз – Күлсүн. Суусун жерге койду. Күрмөсүнүн боору жаркыраган седептер. Ал өзү да жаркырап, ээлигип, эригип, балтыркандай солкулдап, жалбыздай аңкып турду. Анын бутунун башынан муштумдай таш кулады, ал ушул, таштын кулаганынан чочуп, таштын кулаганына күлкүсү тыйылбай;

күлөөргө эле шылтоо таппай, ойноорго эле оюн таппай, дүйнө жүзү өзүндөй мелт-калт болуп жадырап-жайнап, дүйнөдө аны чекеге черте турган эч ким жоктой кесир чайкап, тизесине жыгылган чөптөрдү сылагылап, дүйүм чөптөрдүн арасында чымчыктай элтеңдеп турду.

Чыңылдаган баланын үнү угулду. Күлүсүн көзүн алайта ирмегилеп, аздан соң колундагы жалбыракты кырча тиштеп, кыткылыктап күлүп ийди.

Чырпык минип, калпагын камчыланып, көйнөгү киндигине жетпей чедиреңдеген Сарбала чуркап келди.

– Ырчы... ырчы келди, эжеке!

Күлүсүндүн күлкүсү токтободу.

Сарбала:

– Өлүп кетейин эжеке! Келди...

Күлүсүн алдына төгүлгөн саамайларын аркасына чачып жиберди. Шаша-буша ийнине көтөргөн суусу чайпалып төгүлдү. Ал суусун кайрадан жерге коюп, ага жашыл жалбырактардан үзүп салды. Сарбаланын калпагын ийнине койду.

Күлүсүн бараткан кыянын түшө калышында таш короодон ары кара алачыктар. Алачыктын адамдары күн сайын кеч курун эрмектешип олтура калчу жеринде күндөгүдөй эле бир ууч болуп олтурушат.

Күлүсүндүн көңүлүнө заматта суроолор жаап жиберди:

– Канакей ырчы?

– Канакей көңүл козуткан шаан шөкөт!

– Ырчыны ээрчип үзөңгүнү чирене тепкен жигиттер?

– Жаркыраган кемер курлар, суусар тебетейлер?..

Тигине, кулундуу кула бээ, жанында Ала Баш.

Желинкап тартылган токол эчки коргул таштын этегинде аркандалуу турат. Эгиз улагы энесинин эмчегине асылып, түрткүлөп, энеси эки улагынан жадап, туйлап, сүзгүлөп качат. Эки улак эмчек сүтүнөн түңүлгөндөй, энесине таарынгандай таштан-ташка секиришип тикчиң-

деп ойноп кетишет. Эчки какылдап-какшап улактарынын артынан жулкунат.

Көзгө чоочун каңтарылуу тору ат.

Жалгыз ырчыбы?

Жалгыз атчанбы?

Күлүсүндүн көңүлү кайт боло түштү.

Кулаган таштай безилдеп кыя жол ылдый Сарбала чуркап баратат.

Насаке кестигинин учун эки-үч жолу матырып жер чукуду да, анан этегиндеги тырмагын алаканына күбүп, ошол чуңкурга көөмп койду. Жанында оозун ачып, тиштерин жаркыратып Бирназар.

Күн те капчыгайдын кептешине батып баратты.

Айлананы калдайган көлөкө каптады.

Капчыгай шуулдап кош жаңырык өкүм сүрдү.

Сыдырым жүрүп кара кыяк, кылкан чөптөр сеңселди.

Бирназар малакайын колуна кармап ырчыга жүткүндү:

– Ошент айланайын Каке. Алдыбыз ыйладык, эми күлдүрүп кой.

Калык топучан. Комуз күүлөп бүттү:

– Элди күлдүрүүдө Айдакеңдей куудул жок. Мен ошол кишинин өзү боло албасам да өнөрүн туурап көрөйүн. – Оң колун коломочтоно баштады.

Дүйшөн шыпшынып жанындагы аялды санынан чымчып койду:

– Ботом, ошентип, башкалардын да атагын айта жүргөн жакшы, ийэ кудагый.

Аял аны колго муштап жиберет.

Калык:

– Токтогул экөөбүз Таласта бир тойдо болдук. Басырып баратсак бир жерден дүңгүрөгөн күлкү угулат. Токомо «жүрү Токо, күлкүгө баралы» десем: «шашкаландаган жубарымбек, күлкү угулса эле чапкылап жүрөмбү, сен

бар, жашсың» деп мени жиберди. Бардым. Калың элдин ортосунда өңү дандырдай кызыл, тегерек көк ала сакал киши жал-куйругу кыркылган күрөң бээнин жалына оң бутун арта салып, минтип комузун чертип жатыптыр:

«...Олуята Ташкенден,
Салып келген көйрөң күү.
Алып келген көйрөң күү.
Аркан менен бекитип,
Алты капка жаймалап,
Тартып келген көйрөң күү...»

Калыктын топусу чекесинен кежигесине жөрмөлөп, колу комузда ойноктоп, комузду да нечен ала салдырып, каткыра күлүп, эки ууртун соруп, эрдин чормойтуп томсоро калып ырдайт.

Коён жылы кышында,
Жутап калдык ошондо.
Малдын көбү түгөндү
Капка салдык от таппай,
Ээр-токум жүгөндү,
Он жылкылуу оюлду,
Муздап калып кышында
Жаздын күнү союлду.
Уйлар өлүп кой калды,
Оо, таргыл бука бой калды
Сары жүрмө, карын сал,
Сасып кетет баарын сал...
Мына, мына, мындай,
Мына, мына, мындай,

Аштыкчылар кыйрап күлүп жатышат. Төтөдөн Боробай: боорун тырмап ыкшып; а дээр алы калбай эрип, түйдөгү тоголонгон бойдоп кетти.

Калык:

– Анда мен Айдаралыны капталынан качырып чыгып ырдаганым:

Суусамырдын сазындай,
Былкылдаган сен кимсиң?
Жинди болгон немедей,
Шылкылдаган сен кимсиң?
Жанын койбой комуздун
Жулкулдаган сен кимсиң,

– десем сөздү оозуман жулуп алып, мага жооп берип турган жери:

«Менин атым сурасаң,
Айдаралы Жөргөлөк,
Ар жыйынды көргөндө,
Айтар сөзүм бир бөлөк.
Келин кыздуу үйлөргө,
Керегенин түбүнөн,
Кирип кетем жөргөлөп»

– деп мени кайрадан элдин күлкүсүнө каптап салды. Ушинтип Айдакем айламды бир түгөткөн...»

Калык комузун тигиндей жөлөп, калпагын киет:

– Эл ичинде не бир укмуштар бар...

Насеке башын ийкеп:

– Эл арасы алтын бешик деген кеп бар эмеспи.

Бирназар:

– О айланайын Каке, Айдаралыңа дагы, өзүңө дагы кудай өмүр берсин.

Алкаган үндөр:

– Кар болбо.

– Өркөнүң өссүн!

Баятан бери жабыктын башынан шыкаалаган Күлүсүндүн көзүнө Калыктын көзү чагылыша түштү... Кайдандыр безеленип булбул сайрады. Күүгүм.

Бирназар токол улакты жетелеп келип бата тартып тура калды.

Насеке:

– О жараткан жалынмак бизден, жалгамак сизден, айдан аман кыл, жылдан эсен кыл. Элге бер, эл ичинде бизге бер. Хандын каарынан сакта, замандын каабынан сакта.

Кудай өзүң жар бол,

О-ооминин!..

Насакенин үйү.

Байбичеси коломтого от тамызды. – Күлүсүн төргө көлдөлөң салды, секичектен кундуз тебетейин алып кийди да, бакандын ачасындагы көнөктү алып сыртка, бээ саадырганга чыкты.

Бирназар жанагы тере келген дүмбүлүн куйкалап кирди.

Жанында дүмбүлдөн көзү өтүп Сарбала.

Байбиче ашканадан сүт куюштуруп, какыратып казанын кыра баштады.

Сарбала бирде кырмычыкка чуркап, бирде Бирназар этегине ушалаган дүмбүлгө чуркап, тепейген алаканын тосуп, оозу тынбай чебелектеп жүрдү.

– Эми токто, – деди Бирназар Сарбалага. Ал баланын эки алаканына дүмбүлдү бөлүп салды.– Муну чоң атаңа ооз тийгиз... Муну ырчыга... уучта бекем.

Сарбала эшикти арты менен ачып чуркап кетти.

Байбиче да дүмбүлдөн оозуна атты:

– Бисмилла...

– Буюрса быйыл аштыгыбыз жакшы. – Бирназар ордунан туруп керегенин башындагы сызма курун курчанып, энесинин кулагына эңкейди:

– Мен эгинди бир байкап келейин.

Энеси кулагын түрүп уулуна кыңайды:

– Ыйя?

Бирназар энесинин кулагына кыйкырды:

– Эгинге... Эгинге барып келейин. Эгин...
– И-ии,– Энеси араң гана укту.
Эшиктен Боробай кирет. Уурту жыйылбай күлкү. Колундагы башты шишке сайып, сыңар тизелеп отко кармады. Мурду барбайып, уурту бирде жыйырылып, бирде жазылып ыкшып күлгөнү араң эле турат.
Калык кемердин кырында жалгыз.
Алдында шоокум салып аңтарылган дарыя.
Ал ойлуу.
Кара алачыктарга көз жиберди.
Түндүктөгү жарык шоола салаңдаган капкара аскага чабылды.
Асканын кылда учуна сайылган ай.
Кула бээге кулун салган Күлүсүн.
–Менин уучумда эмне бар? – Сарбала ойлуу турган Калыкты жеңинен тартты.
–Уучуңдабы... уучунда курт бар.
–Сарбала бырс күлүп жиберет:
–Ооба сага, алтын... мына, байке, сени ооз тийсин деди. Биздин арпа... алтын бекен?
– Ааа, анык алтын турбайбы. Дүмбүл... Мен муну жебейм, жутуп коём.
Сарбала кетилдеп күлөт:
– Сен кызык кишисиң, ээ? – Калыкты туткактап,– Сен, эмне жалгыз жүрөсүң?
Калык башын чайкады, негедир улутунду:
– Жо-ок, карачы.– Ал асманга колун жаңсады.– Асманда ай жерде мен. Ай экөөбүз сүйлөштүк. Ай, жер, адам – булар бири-бирине атам замандан бери дос.
Сарбала таңгала ай менен Калыкты алмак-салмак тиктеди.
– Ай менен кантип сүйлөштүң байке? – Сарбаланын бул суроосу жоопсуз калды.
Бээ саадырып бурала басып келаткан Күлүсүн.
Асманда ай, жерде Күлүсүн.

Чалынып-жыгылып, Калыкты сөөмөйүнөн жетелеген Сарбала.

Насакенин үйү аштыкчыларга толтура. Казандагы эт бая эле кайнаган. Колундагы көсөөсүнүн учун майга чыркырата малып күйгүзүп, улам казанды карап коюп, же бир колун бетине көлөкөлөй салып сорпо сапырып боргулданган Боробай.

Төрдө ээ-жаа бербей бууракандап «Курманбек» айткан Калык:

«...Тейиткандын Курманбек,
Дегеле баатыр бала экен.
Кызыл чаар жолборстой,
Кырк жигити бар экен.
Чарайна, соот, туулга,
Жалан темир кийинген.
Кыраан бүркүт сыяктуу,
Кабактары түйүлгөн.
Капаланган бирөө жок,
Жарпын жазып сүйүнгөн...
Он эки күнү күйөм дейт,
Ошо күнү келбесе,
Ордосуна  кирем дейт.
Ойронуңду чыгарып,
Оюм менен билем дейт.
Курманбектин деминен,
Айла кетти, ал кетти,
Камынбасаң мал кетти,
Аяна турган эр эмес,
Ажалыбыз чын жетти...»

Олтургандар Калыкты кыйкырып-сүрөп, орундарында теминишкен. Калыктын үнү бирде алыстап, бирде кайра күрпүлдөп турат:

«...Кайраттанып Курманбек,
Дөлөңгө кирди качырып,

Алдындагы Телтору ат
Араандай оозу ачылып.
Оздугун кемирип,
Ойноктогон Телтору ат,
Оозунан көбүк чачылып,
Бала баатыр Курманбек,
Качырып кирди жана да,

Кый сүбөөдөн бир сайды
Сүбөөдөн тийген найзасы,
Кабырганы аралап,
Кыркалата тепчилип,
Кый сүбөнү жаралап,
Айла таппай кылчайды
Эби кетти Дөлөндүн,
Үзөңгүдөн бут тайды...»

Калыктын үнү кайрадан алыстайт.

Асманда ай.

Калдайган көлөкө түшкөн тоо карааны. Кара алачыктарды байырлап оттогон үч-төрт жылкы.

Көгөндө кепшеген эчки улактар. Түндүктөн салаңдаган кара зоока. Түндүккө сайылган кызыл ууктар. Керегенин башында: көмөлдүрүк, куюшкан, байтеше, керки; теке мүйүзүнөн шыйрак кадалган кара мылтык – кара келте.

Калдайган тебетейлер... ак жоолуктар. Дүлөй кемпир керегенин көзүн кармап уйкуда. Билерик салынган Күлүсүндүн колу, сөөмөйлөрү тынчыбайт.

Коломтодо үлпүлдөгөн от.

Калыктын тизесине жөлөнө көзүн бардаган Сарбала, кулагында жамгырдай төгүлгөн ыр:

«...Найзасынын учунан,
Жалындаган от күйүп,
Бала баатыр жөнөдү,
Бакбурканды качырып.

Теке жоомарт Телтору ат
Коёндой кулак жапырып,
Ак куладай арыштап,
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк,
Омуроого чачылып.
Туяктары тийген жер,
Кемегедей оюлуп
Чымдуу жерлер чытырап,
Чыдай албай союлуп...»

Олтургандардын жүздөрү жайдары. Олтура бергидей!

Коломтодо үлпүлдөгөн от.

Боробай чычаласын чыркыратып майга малып күйгүзүп казанды жарык кылды. Шылынган сөөктү алып үй ээсине көргөздү.

Аштыкчылар ыкшоо козголушту...

Эт желип бүткөн.

Кайрадан «Курманбек».

Калыктын тизесине жөлөнгөн Сарбала, колунда устукан. Көзү илинип уйку-соонун арасында түш.

...Куюндап чапкан атчандар; кылыч, найза тагынып, жаркылдаган зоот-темир кийишкен. Кылаңдап алда кайда караан үзүшүп кайрадан жер көчүрүп чуулдашат.

Кашаттан эки баатыр бири-бири жүлүндөй качырышып, беттешкенде аттары тикесинен туруп, найзалары бычырап сынды. Кайрадан кашатта чапкылашып, кайтолдоп кылыччан чабышып өтүштү. Кылычтар шыңгырап жерге түштү.

Сарбала устуканын сүзүп алды, бардап-бардап көзүн ачты: ага Калыктын өзү жомоктогу адамдай көрүндү, баары аны тегеректеп көздөрү ага ийнедей кадалган.

Калык өзүнчө дүйнөгө алек. Эч кимге окшобой сыртында бейкапар, улам кызып, улам жаалданып чачырап, ансайын шаңкылдап, күмүш маңдай комузу бирде арман-

дуу жигиттей муңканып, бирде жол жүргөн тулпардай тарсылдайт.

Калык ырдап жатабы, комуз ырдап жатабы:

«...Атама ылдам баргыла,
Айланайым кырк жигит,
Салам берип алдына.
Колуңарды куушуруп,
Акыл-кеңеш салгыла.
Алты ай сапар жол жүрсө,
Арыбаган Телтору ат,
Ачка турса арыктап,
Талыбаган Телтору ат.
Алтымыш асый болгуча.
Карыбаган Телтору ат...

Күмүш така колунда,
Бурап келгин кырк жигит.
Күлүк атын атамдын,
Сурап келгин кырк жигит.
Жалгыз уулуң Курманбек,
Телтору берсең минет де,
Эл четине жоо келди,
Эч буйдалбай сүрөт де.
Душманга сүрдүү Курманбек,
Тулпарды берсең минет де.
Каптап келди калың жоо,
Кабыландан кирет де.
Кызматына мен бармын,
Кызыгыма батсын де,
Анттуу жоого кор кылбай,
Айламды өзү тапсын де.
Кабарымды атама,
Айтып келгин кырк жигит.
Бербесе да кечикпей,
Кайтып келгин кырк жигит...»

Калыктын үнү алыстайт.

Кабактар салаңдап тым-тырстык.

Бирназардын муштуму түйүлөт.

Сакалынын учун сөөмөйүнө орогон Насаке.

Боробайдын таноосу кыпчылып, кычкач менен чокту жанчып кирет, Калык:

– Ошондо Курманбек жараланып Кашкарды бийлеген акыреттик досу Акканды колунан кармап керээзин айтып турганы:

«Атам какбаш ат бербей,
Калдым кара талаада.
Менден салам айта бар,
Каралдым жалгыз балама.
...Топурагы чаңдаган,
Турпандын жайык талаасы.
Туурасы жазы чоң коргон,
Туйгунуң досуң калаасы.
Туурунан шаңшып ач калган,
Тумшугу жоктун баласы.
Туюктанып өлдү де
Душмандын сайган жарасы.
Кыз экенде жол кошкон,
Кыяматты болжошкон;
А Канышан бейбакка
Айрылдың деп бир угуз,
Кызыл чаар жолборстон.
Эл-журтума мен жактан
Айтып өт досум саламды.
Ардактап жакшы багып ал,
Аркамда жалгыз баламды.
Калың жоодон сактансын,
Калкыма айткын саламды,
Кар кылбай жакшы багып ал,
Каргадай жалгыз баламды,

Кара бет жесир атыкпай,
Канышай өлөр мен үчүн.
Кара жаным ыраазы,
Хан досум Аккан сен үчүн.
Каңгайдан кантип жан сактайт,
Кайгырам калган эл үчүн...»

Муңканган комуз.

Былк эткен жан жок.

Эркектердин тебетей, малакайлары чекесине түшүп үңкүйүшкөн.

Аялдар жоолуктарынын учу менен көздөрүн, оолдорун басып туттугуп ыйлай алышпай араң олтурушат.

Сарбала уктап жатат.

Күлүсүндүн билерик салынган колу титиреп турат.

Калыктын муруттары бириңдеп кеткен. Чамгарактап түндүктү бир тиктеп алды. Түндүктөн баса калчудай кара зоока салаңдайт.

Калык:

– Аккан Курманбекти угузганда Канышай эси ооп жыгылды. Жүрөгү кабынан жарылып көзүнан талаа-талаа жаш куюлду:

«Аруу жесир болгуча
Ары жок атка коңгуча
Жаңыртып эрге тийгенче,
Жазыгын тартып күйгөнчө.
Жаман эрге кор болуп,
Жалдырап ыйлап күйгөнчө;
Аркама чачым тарайын,
Ажалсыз өлө калайын.
Акырет кеткен жалгыздын,
Аркасынан барайын.
Кара жолтой атыгып,
Кимдин көзүн карайын.
Кайда жаттың Курманбек,

Кара жаным чабайын.
Мени дагы ала жат,
Мээнетиңди алайын».

Калык комузунан капкагын тарс бир койду. Көз ирмемче дымыды, карегинен жаш кылгыра түшүп:

«Деп ошондо Канышай,
Кыны менен жойболот,
Сууруп алып кабынан
Жүрөгүнө малды эми,
Кандан мурда жан кетип,
Канышай...»

Аялдардан кимдир бирөө бышактап...

Боробай чок жанчып олтурган кычкачын жерге таштай тизесин чаап ийди, өпкө-өпкөсүнө батпай көзүн басып, сакалы сербеңдеди.

Аялдар шолоктоп ыйлап жатышты.

Эшиктен ажылдап ит үрүп, көп жылкынын дүбүртү, кишенегени угулду.

Бирназар ордунан учуп турат:

– Эгинди жайлады ээ?!

Уктаган Сарбала, Күлүсүн гана үй ичинде калышат.

Сыртта таң каракчысы. Бака-шака, жыгылып-туруп чуркап бараткан караандар. Жылкы жапырылып, селдей каптап, жарылып уйгу-туйгу үркөт.

Күлүсүн колундагы шыпыргыны улагага жөлөп, орун сала баштады. Жүк бурчундагы Калыктын комузун алып карап, сылагылап, керегенин башына илип койду. Сарбаланы тарткылап ойгото албай; Сарбаланын түшү кайталанып:

...Сайышкан эки баатыр...

Сарбаланын маңдайын карай бир канча найза мелтиреп, ал туйлап, көзүн ачып жиберип, бетине саамайы төгүлүп жаткызганы көтөрүп бараткан Күлүсүндү көрдү.

Колунан устуканы түшүп кетти. Жатпай ыргып туруп, көзүн бардап-бардап үй ичин айланта карады. Устуканын жерден алып кажалап, кайрадан уйкуга карамыгып төшөккө кулады.

Жылкы тектирдеги эгинге кылкылдап жайылып кирген.

Караңгыдан суурулган капкара атчан аңды-дөңдү карабай чапкылап, чаңырып; ат туягы таштa тарсылдап, кап-караңгы капчыгай кош жаңырыктап, дүмүрөйгөн караандар артты көздөй аңкилдек атты.

Таң сөгүлүп келатты.

Шиштей учтуу зоокалардын башына алгачкы жарык чачырады.

Көгүчкөндөрдүн канаты шапалактады.

Өзөндө күргүштөгөн суу ак жал тартып аркандай эшилип, чыйралып, аскага соктугуп көбүк сапырат.

Аркы өйүздө шыкалып батпаган жылкы.

Бирназар Ала Башты жайдак минген, жылкыны чатырата жарып үркүтүп, укуругун шуулдата имерип карс эттире бир байталды жонго салып өттү. Байтал ойт берип жардын башынан кулады.

Жылкыларды жиниктирип кубалаган Бирназар

Уюган чаңда, шагылда башын жерге койгулап ордунда очорулган байтал...

Күн чоң шашке.

Чалкайган кенен түздө аппак үйлөр.

Ыңкып жайылган мал...

Бул айыл, бул жер, бул ыңкыган мал кимдики?

Томогодой аппак өргөдө Зарбат болуш. Алагүү, деңге мас. Чокусунда ак топу, кызыл кайкы чепкен жамынган; чыканагында кош жаздык.

Маңдайында үлбүрөгөн ак жоолук салынган кара көз келин – Эркеган. Билеги, манчалары жаркылдаган күмүш билериктер, шакектер. Чач уштугун артына шарак эттирип таштап, жез ооз кара көөкөрдөн илеби жука кырма чөйчөккө аптыктыра чагырмак куюп сунат.

Зарбат тиги келин колун тартып алгыча чөйчөктү шыпкап, кайра келинге сунду:

– Дагы... дагы узат...

Зарбат дагы тартып жиберип:

– Кеч күздө байбичеге аш берем. Арбагы ыраазы болсун. Ак уул, кызыл кыз тууган.

Эркеган кайдыгер гана кашын кагып зымырайды:

– Өзүң бил. Эрдин иши эл менен, катындын иши эр менен, байым.

Зарбат ыңгыранып:

Аштын чыгымын чачтым.

Келин сумсайыңкы, сыңар тизелеген калыбында чач учтугун аркасына шарак таштайт.

Зарбат тизесин таяна комдонуп, арамза күлүмсүрөдү:

– Эркем, мурчуйба, сен өлсөң да аш берем. Качан тууйсун?

Шөлпүлдөтүп желдирген атчан чылбырын кермеге иле салып Зарбаттын үстүнө кирди. Өкчө түшүп, камчысын бүктөй таяна кекечтенди:

– С-ос-салом алейкум, болуш.

Зарбат ээгин гана кагып койду.

Кекеч:

– Ж-жж-жылкыны аштыкчылар к-кк-кубалап... кызыл май... Б-бб-байтал учуп өлдү.

Зарбат тарс жарылып:

– Ит! Тантык! Байталды өлтүрүп... дагы уялбай салам айтат. Чык!

Кекеч арты менен жылып чыкты.

Зарбаттын көзү алачакмактап, чагарактуу мүйүз чакчаны апкытына шарак-шарак ургулап насмай жыттады, удама-удаа чүчкүрүп, ыргып туруп, керегенин башындагы кылычына асылды.

Токол колунан кылычты алып койду:

– Мырзам, бир байтал үчүн кан уучтаба...чапкылаба.

– Кеп байталда эмес, кимдин байталы? Кеп ошондо?!

Жарактуу жасоолдорду артынан самсаалатып Зарбат чапкылап баратты.

Түш маалы.

Шар суунун жээгинде Күлүсүн, Сарбала.

Сарбала малакайын түрүп төбөсүнө кондуруп «Айдаралы Жөргөлөктү» туурамыш этет.

Күлүсүн көзүп балбылдатып, күлүмсүрөп аны тиктейт.

Тигил өйүздө Зарбат, аркасында жарданган жасоолдор карап турушканын ала-сала экөө байкашкан жок.

Күлүсүн аларды жалт бир карап алды да, карагайдын арасына кире качты.

Зарбат Арча Торусун бир теминип секиртип суугa түштү, түшкөн жерде суу аттын капталын жайпап: арттагы жасоолдор да болушту туурап, буттарын үзөңгүдөн жыйнап суу үстүндө калкамандап баратышты.

Арча Тору ооздугун чайнап, тердигинен суу шорголоп ойноктойт.

Зарбат караган-чер жакка ээгин какты:

– Кимдин кызы?

Сарбала аттан көзүн албай, бир көзүн жума кыйшайып:

– Биздин…

– Кимдин кызы дейм? Атаңдын…

– Биздин айылдын…

– О сенин айлыңдын… Насекенин кызыбы?

Сарбала башын ийкеди.

Зарбат жасоолдорго «бара бергиле» дегендей белги кылып, бадалдын арасына сыдыра көзүн атты. Күлүсүн көрүнбөдү.

– «Жакшыга ылайык катын экен». – Бул үндү ичинен кайырды.

Чырпыгын камчыланып, Сарбала да бадалдын арасына кире качты.

Зарбат бир азга буйдалып, атынын башын жалгыз аяк жолго бура тартты.

Ташкороо...

Алачыктар...

Таштын арасында эчкилер...

Алачыгында эшигин түрүп сакалын сербейтип шырдак шырып олтурган Боробай.

Ит ажылдап үрдү.

Боробай теменесин шаша-буша жакасына сайып, учуп туруп, атын көгөнгө байлап жаткан Зарбатка жетти. Зарбат жайдары, ага ээгин гана кагып койду.

– Шүгүрчүлүк болуш... шүгүрчүлүк кудагый.

Зарбат чурмуң, этип жалт карап, карсылдап күлүп
аны далыга чапкылады.

– Бо, мени кудагый деген эмнең?

Боробай аялча бетин басып, уялыңкырап:

– Ошентип оозум көнүп калыптыр.

Зарбат:

– Мейли, эркек үндүү катындын уяты жок, катын үндүү эркектин кубаты жок. Сен кубаттуусунбу?

Боробай жер тиктеп жооп айтпады.

Зарбат жайдаңдап алачыкка эңкейип кирип, шырдактын бир четине олтуруп, анын бир бүктөмүн жазып, оюсуна таңгала тиктеди.

Боробай:

– Бул, сиздики болуш... Сиздин байбичеңиз жасатып...

– Биздин шырдакты бизге көчүп барып жасайт. Качан көчүп барасың?

– Болуш-биртике аштыгыбыз бар, ошону жыйнаптергенден соң...

– Ошент, көчүрүп алам. Чоң үй, чоң ашты бийлетем. Бир колуңду майга малып, бир колуңду дүнүйөгө малып жашайсың. Жыргатам. Ошент, куурабай.

Боробайдын жакасындагы шоона сапталган теменеси, сакалын сербейтип алайган жүзү, барбайган мурду Зарбаттын карегине арбалып жатты.

Зарбат сунулган суусунду буйдамга келтирбей жутуп, оң колун гана сереӊ эттирип бата кылган болду:

– Катынчам, Насакеге айтып кой, кулундуу бээ, музоолуу уйга жүз баш үйдүн сөөгүн жасап берсин. Айтып кой! Унутпагын, катынчам.

Боробай кол куушуруп бүжүрөп:

– Айтайын... айтайын болуш. – Аяктын түбүн шыпкап ууртайт.

– Бо, айлыңарга бир байталдын буту сыныптыр, союп алгыла. Кызыл ала кылып жүктөнүп жүрөмбү. Силерге буйрук экен.

Боробай чуркап чыгып, болуштун атын чечип колтуктап атказып, анын аркасынан ыраазы боло карап турду.

Таш-таштын кырында локуюп олтурушкан жасоолдор. Болуштун этек-жеңи жайыла көңүлү шагдан бастырып келатканын көрүшүп маңырайып карап турушту.

Бети-башы бырышып-тырышып, байталдын башын кучактаган кекеч болуш жакындаганда өңгүрөп жиберди:

– О... оо, б-бо-болуштун байталы...

Зарбат жетип-жетпей кекечти каптады:

О атаңдын оозуга... Мени байыта тургансыбай мууздап салбайсыңбы. Жакшылыгы жок... Жамандык да колуңан келбейт. Тарткыла кайра! – Сүлүктөй суурулуп бастыра берди.

Байталдын жайын укканда аштыкчылардын айлын самандай сапырып жиберчүдөй кутуруп чапкылап жөнөгөн Зарбат, минтип заматта сыныгып, жүзүнө ырайым жаай түшкөнүнө анча түшүнүшпөй же ишене беришпей жасоолдор бири-бирин караштуы.

Аттарынын туяктарын дабыратып болуштун аркасынан сабаалашты.

Кекеч гана байталды кыя албай кылчак-кылчак карап шөлпүлдөтүп желдирип баратты: «Кайран гана байтал ай, кимге таштады, эмне үчүн?»

Алар алыстады. Белине көтөрмө чалган Боробой байталдын жанына келди. Кийиз кескен чоң шамшарын кончунан сууруп, ташка шар-р, шар-р кайрады да байталдын башына чөгөлөп алакан жая бата кылды.

**Күз...**

Жая салынган карала каптын үстүндө үймөлөнгөн нан.

Нанга окшош кызарып, камыр ийлеп нан жапкан Кенжеке. Кемегенин оозуна от тартып казанын көмөрөт.

Сарбала ооналактап, нанды кесир чайнап чыргоолонот:

– Суусадым... суу сузуп бер.

– Чуркап барып өзүң ичип келчи.

– Аный. Суу жакшы, нан жаман.

Кенжеке уулун бир муштады.

– Таш оозуңа! О кудай, кейбирди кечире көр.

– Көсөө менен тап берди.

– Тур. Курсагың ачса мени жейсиң. Бас ары.

Сарбала кыйыктанып ордунан турду, көзүн бардап-бардап айланасына карады: тигине кысыл үйүлгөн кырман, эгин оргон орокчулар; аңызда эчкилер жайылып, кулундуу кула бээ ылаалап турат.

Кырмандын четиндеги мала ташка байлануу, ээр-токумчан Ала Баш.

Андан ары куйкаланган бопбоз адырлар, кубарган чөптөр.

Ага кандай көңүлсүз!

А орокчуларга кандай гана көңүлдүү!

Алты ай бою бел кайыштырган эмгек үзүрү!

Ороктор шартылдап, колдорунда ыргалган башы кере карыш эгинди улам тестелешет.

Боолук салган Күлүсүн, сакалын сербейтип эгин боолаган Боробай.

Жону күнгө жалтырап кучак-кучак боолорду эки ийнине көтөрүп кырманга ташыган Бирназар.

Тектирден аркы бийик кырдагы кыр ташка далдоолонуп, тебетейин көкүрөгүнө басып, башын улам соксойтуп карап оозу жалжайган кызыл бет жасоол жатат. Аштыкчылардын ар биринин кыймылын жаза тайбай байкап, түгөлдөп: Күлүсүндөн көзү өтүп, боргулданып терин аарчынат. Асманда, так анын төбөсүндө – күн!

...Орокчулар бирден нан кучактап, кара аяктан жарма ууртап эс алып олтурушту. Бажакташып, тамашалашып көңүлдөрү жайдары.

Сарбала кара алачыктын көлөкөсүндө, жараңканы комуздай чертип өзүнчө алектенип ырдамыш этет:

«Бала баатыр Курманбек..,
Курманбек баатырдын,
Найзасы түндүктөй ийилип,
Сайышканда...»

Кыңшылаган күлкү угулду.

Сарбала ыргып туруп алачыкты айлана чуркап Күлүсүн менен Кенжекени туткактап ээрчип алды:

–Мен сууга түшөм.

Күлүсүн аны өөп:

– Кой, күчүгүм, уят болот.

– Мейли... мен силерди көрөм.

Кенжеке жаакка чаап ийди:

– Көрөнөчөгүн... Эмитен...

– Жеңекебай, эмне чаптың? – Күлүсүн жер тепкилеп ыйлаган Сарбаланы соортуп, алдап, – чоң атаңа бар, токойго. Токойдо көп кызыктар бар. Чоң атаң токойдун арасынан узун-узун тал кыркып жүрөт. Андан боз үйгө уу-к жасайт, баатырларга найза жасайт.

Сарбаланын көзү чачырап кетти:

– Найза жасайбы? Кимге?

– Баатырларга – Күлүсүн анын маңдайынан сылады, – Сен да чоңойгондо баатыр болосуң. Найза кармап, тулпар минесиң. Эл-журтуңду жоодон коргойсуң. Курманбектей баатыр болосуң!

– Аный, мен Калыктай ырчы болом. Мага комуз үйрөтөсүңбү?

Күлүсүн жал-жал тиктеп улутунуп жиберди:

– Мен сага темир комуз үйрөтөм, макулбу. Бар чоң атаңа. Барагой.

Сарбала экөөнөн бөлүнүп, этек-жеңи делдектеп тике ылдый чуркап жөнөдү.

Жээкте кийимдери: арыда моюндарын суудан чыгарып беркил экөө.

Кенжеке:

– Ырчыны эле көп сурайсың, Кетмен-Төбөгө кетиптир дешет го. Катын-балалуу немеге быякка суутуп коюптурбу?

Күлүсүн:

– Катын-балалуу бекен?

Кенжеке чоюштап колун шилтейт:

– А кызыке, Кетмен-Төбөдө бир, Анжиянда бир, Жумгалда бир, ал тургай ушул Кабакта да катыны бар экен. Ырчы неме жөн жүрмөк беле? Он жашка чыкканда эле катын ала баштаптыр.

Көзү алайып, оозун ачкан Күлүсүн:

– Калп айтпачы жеңеке?!

Кенжеке:

– Кудай урсун! Өлүп кетейин! Жаным чыксын! Күлүсүн ишенип, ишене бербей башын чайкайт, улутунуп бетин басат.

– А кызыке, сендей сулуу кыз жерде калбайт. Кыз деген буюрган жерге кете берет, буюргандын бүлөсү. Мен да сендей кыз кезимде жаныма эч кимди жолотподум. Эмнелерди гана ойлободум. Падышага күйөөгө чыккым келди. Падышаны кайдан табасың. – Кенжеке кытылдап

күлүп, Күлүсүндү эркелете жаакка чапкылады. – Сумсайба. Сурданба. Сага да бирөө көз салып тургандыр, буюрганын көрөсүң. Мага да бир кезде болуштун көзү түшүптүр.

Күлүсүн селт чоочуп ичиркенип кетти. Анын көз алдына баягы, жайдын аягында суунун өйүзүндө Зарбат болуштун жасоолдору менен жарданып тургандары көз алдына тартыла түштү. Үнү муунуп унчукту:

– Болуш, болуштун көзү түшүптүр?..

Кенжеке сууну өзүнүн үстүнө чачып:

– Болуш деген болуш. Зарбат болуш Калык ырчыны Кетмен-Төбөгө .кубалап ийиптир,

Күлүсүн:

– Эмне үчүн?

Кенжеке:

– Болушту жамандап ырдаптыр. Күлүсүн:

– Эмне эле болушту көп айтып калгансың?.

Кенжеке:

– Эл атасы, журт атасы – болушту айтпаганда... Болуштай жыргал барбы! Атак... даңк...сөөлөт. Атаганат дүйнөгө бир эле жашайбыз! Шаан-шөкөттө жүргөнгө не жетсин!

– Ырчы-ы – Күлүсүн колун сермеп, берметтей сапырып суугa чумкуду.

Кенжеке кыйкырып ордунан тура калып, көзү чакчайып, алаканын чаап, самын ташты таянып жыгылды.

Күлүсүн өркөчтөнгөн суу шарын жебедей жарып кайрадан сүзүп келаткан.

– Арам катын!.. жалап! – Кенжеке аны билегинен аткып жээкти карай сүйрөдү.

Бети табактай жасоол жалжайган оозунан шилекейин агытпа, бутунун башы жер чукуп, сууга киринген экөөнү акыйып карап кырда жаткан.

...Кайдан башталып, кайдан бүтөрү белгисиз капчыгайдын түнт токоюнда, түнт токойду жалгыз аралап,

жалгыз ээлеп, өзүнө керектүүсүн гана издеп, таап, тандап кыйып Насаке жүргөн.

Түнт токойдогу сан түркүн канаттууларды бир карабай, бир тыңшабай, күбүлгөн сары жалбырактарды жыңайлак таманыман учуруп, илмиңдеген согончогу май куйругун ийлеп жалгыз аяк жолдо чуркаган Сарбала.

Кыргоол учту, ойт берип аны жалт карады. Бети-башы, көйнөгүнүн-боору кып-кызыл карагат. Бир уучундагы карагатын чалкалай түшүп оозуна куйду да, экинчи колундагы карагаттын сындырган бутагын камчыланып дагы чуркап жөнөдү.

Шымаланган чынардын жогорку бутагына байланган кол чанач: түбүндө узун саптуу байтеше, жая салынган чапан.

Сарбала бутактагы чаначка тырмышып чыга албады.

– Ата! Чоң ата:..

Ың-жыңсыз. Суу гана курпүлдөйт.

Ал чапанга оронуп жатты. Көзү чаначтан өтүп эринин жаланды. Көзү байтешеге урунду… чаначка… кайрадан байтешеге..

Чапанды ыргытып ийип байтешени алды. Чаначты мойнунан кырча чапты.

Төгүлгөндөн калган ак катык жарманы шыпкап, ичин сылай көмөлөндү.

Шыбырт...

Насаке колтугуна сүйрөгөн солкулдак узун талдарды тиндей-тыштап, бери басып келатып, жерден карагаттын сынык бутагын көтөрдү:

– Сен сындырдыңбы? – Ал жарманы, чаначты элөө кылбады. – Мейли төгүлсө…– Карагаттын бутагын селкилдетип.

– Сенин тамагыңда. Сендей чырпык. Сенин да чыпалагыңды сындырайынбы?

Насакенин аппак кашынын алдындагы көзү Сарбаланы аяп дагы жекирип, шилисинен өтүп дагы турган.

Сарбала оозун кемшейтип ыйлап ийди:

– Күлүсүн эжем жумшаган.

Насаке чөгөлөп олтуруп, чон ак жүз аарчысын койнунан суурду, кемшиңдеп баланы туурап, анын ботола карагат бетин сүртө баштады.

Караңгы.

Кашатта ээрдин кашына эңкейген караан – кызыл бет жасоол.

Кенжеке чуркап жетип күйүгө шыбырады:

– Алтүндө... зоордо... Бирназар кийиктеп кетет. Атасы да жок. Дүлөй кемпир экөө калат.

Жасоол Кенжекенин билегин ээрге басып шалп эттире бир өөп алды.

Кенжеке бетип ала качып:

– Койчу болуштун жигити. Эл көрөт. Арам чечек...

Күлапса.

Жасоол атынан оодарылып түшкөнү баратты. Кенжеке анын колунан булт коюп суурулуп качып, артына түкүрүнүп өзүнчө кобурап бетин чойгулады:

– Сага өптүрсөм эле атама тийейин. Сага колумду карматсам эле мээнет чырмасын... Балакет бассын.

Күйүгүп токтоп, атчандын караанын көпкө карады.

Түндүн бир оокуму.

Алачыктан-Күлүсүндүн бир бакырганы угулду.

Бирдемени көтөргөн түрсө-түрс караандар

Чайылдап канчык үрдү.

Дабырттаган ат туягы алыстады.

Небак таң аткан.

Насакенин эшик алдында аштыкчылар.

Саксайган дүлөй кемпир чучуктай чыңырат:

– Коку-ууй! Кокуй... Чырагымдан айрылдым! Чырагымдан... О Күлүсүн, кокуй!

Таш короо жактагы кыя жолдон Ала Башты минген Бирназар чаап түштү. Бөктөрүнгөнү мүйүзү аркайган кулжа:

– Эмне болду?

Эрдине жер дүлөй жабыштырган Дыйканбай желкесин кашып:

– Күлүсүн... Күлүсүндү уурдаттык,

Бирназар атынан учуп түштү:

Дүлөй кемпир Кенжекеге атырылды:

– Сен... Сенсиң өлүгүң көрөйүн салбар! Сен кирипчыгып аткансың.

Бирназар жалтактаган Кенжекеге:

Айт?!

Кенжеке:

Омей... омей, кайдан билем кызыңарды.

Бирназар кынындагы бычагын сууруп, жалаңдатып тап койду:

– Айт өлө элегиңде?!

Кенжеке аштыкчыларга жашынып:

– Болуш ала качты го. Бирназар шалдая кетенчиктеп:

– Ийя? Аны кайдан билесиң?

Кенжеке:

– Жо... көрсөм көзүм кашайсын. Билсем бала-ботомдун боорун жейин.

Бирназар бычагын асманга ыргытты, темирдей муштуму Кенжекенин төбөсүнө ойной түштү.

Боробай да көзүнө түшкөн жапырак тебетейин тигиндей ыргытты. Арачалаган аштыкчыларга ээ-жаа бербей Бирназарды сүзгүлөдү:

– Тийбе... урба катынымды! Мени өлтүр... Мени өлтүр деймъ! Кудагый... Кудагыйлар!

– Колуңа шал тийгир! Дилиңе жин тийгир! – Кенжеке жоолугун башынан жулуп булгалап, көк ташка олтура калып, тура калып, ууртунан көбүк чачыратып:

– Эмне урдурасыңар? Мага болушпай карап турасыңар? Жүзүңөр курусун. Туфа бетиңерге! Силерди желкемин чуңкуру көрсүн!– Боробайды, колунан сүйрөдү. – Тебетей катын! Эр болбой жерге кир. Эркек болбой көргө кир. О мен шордуу, коку-ууй, а-аа.

Боробай үн-сөзсүз кулагын жапырып алып алдына басты.

Атасы ыргыткан жапырак тебетейди кармап, экөөнүн артында эки көзү толтура жаш Сарбала.

**XX**

– ...Сөзүмдү бүттүм, улук төрөм. Адил сөзүңдү айт, акыйкатыңды көргөз.

Участкалык приставдын жүзү мис табактай кубаңдайт. Сакалы өскөн, шапкеси кыйшык, жакасы бүчүлөнбөй бырыш-тырыш. Салаңдаган кылычынын сабынан бир колун албай, төрө попиросун буркуратып ары басып, кайра шпорун шаркылдата кайрылды:

– Кызыңды Зарбат болуш ала качса куп болуптур. Кыз ала качуу салтыңар экен, мен салтты ондобойм, жапан салтыңарды кантип токтотом, койгула деп кимиңерге айтам? А болушка бербеген, төрөгө бербеген кызыңды кимге бересиң?! Кызыңа болуш бир түнөп өтсө сүйүнбөйсүңбү. Кызыңды өзүңө окшош жапандын бирөө ала качса кантмексиң? – какаар күлүп,– кызың түндө качыптыр, азыр күн батат. Кызыңдын абийири бүттү. Биздин бүтпөгөн ишибиз көп!

Насакенин сакалы бириндеп кетти:

– Төрөм... антпе, ыстарчын.

– Салтыңар боюнча кызыңдын калыңын ал. Кыл куйрук камда, уулуң барбы? Ак падышанын кызматына атказ. Ак падышанын ишине алдагы чапаныңды, керек десе сакалыңды кыркып бер. Ошентсең, акылдуулук кылган болосуң. Мындан кийин бизди алаксытып, карган чагыңда чапкылабай жүр.

– Мен... мен оёзго барам.

– Оёз сени кирип келер бекен деп, кирип келсе бетинден өбөйүн деп күтүп олтурат. Алдагы эл бузган сакалыңды жыттайын деп...

Стражник шашыла кирип приставка честь берет;

– Урматтуу улугум, аттар даяр.

Сакалынын учун сөөмөйүнө ороп туруп бараткан Насакеге пристав:

– Айтканды укканың жакшы. А биз укпагандарды... – попиросун буркурата үйлөп, – момунтип үйлөгөнү баратабыз.

Каны качкан өзөндөгү жалгыз аяк жолдо жүлүндөй чаң ызгыткан караан. Ал – Ала-Баштын күүсүнөн сакалы эки ийнинен артыла сабалып, ээрде кадагандай олтурган Насаке.

Зарбат болуштун үйү.

Тамак жаңыдан желип бүткөн. Майланышып, тиштерин чукулашып сөөлөттүү олтурушкан дөөлөттүүлөр.

Сыңар тизелеп сакалын сербейткен Боробай чоң кызыл чаначты керегеден чечип сүйрөдү. Өзү да чаначтай кызарып көңүлү карк. Улагадагы түйдөктүү ийиктен көзү өтөт,

Зарбаттан көзүн албай, анын бир да сөзүн наатка кетирбей тыңшап, башын ийкеп шыпшынып, кубаттап, кыргыйдай зыпыйып кымыз узаткан Кенжеке.

Ыңгыранып жүккө жөлөнгөн бий, бир ууртун жыйрып:

– Улуктар, ашты коё турсак кантет? «Алык-салык көбөйдү, ак падыша жерибизди алды, малыбызды жеди, эми балдарыбызды солдатка айдайт бекен» деп эл ичи бузулуп турат.

Үндөр:

– Ушинтип сүйлөсөк анык бузулбайбы,

– Баса десең.

Зарбат чакчасын апкытына шарак-шарак урду:

– Ак падыша бизди, кудай ушуну кут кылсын, байбиченин баласындай бөпөлөдү; мына, үйүң үстүңдө, ашың астыңда. Тузуна кара санасак оңобузбу? Бо, бузулгандар бирин-экин кара тамандар. Тыйтактап алардын колунан эмне келет? Баштары койкоктосо падышанын кылычы курч.

Кубаттаган үндөр:

– Бали, сөз эмес бекен!

– Ак падышага кылапат айткан жарыйбы,

– Ак дасторкону узатпайт.

Насмайын жыттаган Зарбат чүчкүрүп ийди, Кошоматтаган үндөр:

– Ак чүч!

– Ак чүч! Арбак колдосун,

– Ишибиз оңболот экен.

Бийдин көзү чекчейип; созолоно ийик ийирген Боронбайды көргөздү:

– Тоб-оо, тиги сакалчан кайсы катын? Дуулдаган күлкү... Акырайган терең капчыгай.

Боз чаңгыл асмандын бир гана тилкеси.

Жалама асканын, бийик беттин боорунда өңү өчүп, сары сойгок болуп бүрү күбүлгөн карагай-черлер, чөптөр.

Какжыраган жаракалар.

Кара алачыктардын чамгарактарында калдайып уюган түтүк, салаңдаган кара таштар. Какыратып казандын кырылганы, баланын ыйлаганы угулду.

Жасаган чамгарагын тегереге кармалап эшигинин алдында олтурган Насаке. Чамгарак кыпкызыл жошолонгон, ак калайдан оймолонуп чеге урулган.

Ал өз ишине ыраазы, чамгарагын көтөрүп, башы бириктире буулган уч жыгачтын башына илип койду. Үстү-башын күбүндү, аспаптарын жыйнады.

Арыта уук-керегеге даярдалган, маталган, кемерге жаңсай жыйылган шырыктай талдарга көз жүгүрттү.

Анан дүлөй кемпири алып чыккан чапанын кийип ат мамыга аса байланган Ала-Башка басты.

Ат думбаланып жабылган.

Ээрин салып, басмайлын тартты.

Атын тегерене басып, ар кай жерин дагы кымтылап тартып, көкүлүнөн сылап өптү да, жеңил ыргып минип желдире жөнөдү.

Таш короодон берки түзөңдө сүмбөлөп кара мылтыгын тазалаган Бирназар: жанында эрдине жер-дүлөй жабыштырган – Дыйканбай. Ал Насакени көз менен узатып:

– Насакемдин ат сууткaны ай, жарыктык, убара болуп… Болуштун сап күлүктөрү байге берет дейсиңби…

Тым-тырстык.

– Болушка куда-сөөк болуп калдыңар. Аштын бир четин чоюп өзүң башкарасың го. Ошондо этке бир тойгуза көр. Жардынын бир тойгону орто байыганы дейт, Бияке.

– Кудай урган, мойнуң кылдай болуп тебетейиңди көтөрө албай калыптыр, топук тилесең, боло.

Дыйканбай:

– Көрөңгөсү жок мени атайсың, Бирназар. Замандын өзү мойнун кылдай кылып мени соруп жатпайбы. Алган аштыгымды ыгым-чыгымга чачтым. Үйгө кирсем чиедей балдар… Кантем?

– Кантейин дейсиң?

Дыйканбай желки эрдин жаланып, желкесин кашыды:

– Күн жылуусунда бир жакка тентисемби? Анжыян жакшы жер дейт.

– Анжыянда бий-болуштар жок бекен? Ал жакта да шимшинип жүрүшөт.

– Анан кантебиз? Кантебиз дейм?! Бирназар:

– Туюкка капталып олтурам. Ошол капталганымдан Кара келтемди тазалап олтурам. Жатып өлгүчө атып өл дейт. Элдин түрпөйү бузулду. Бир жакка үркүп жөнөсө…

Кыя жолдо жинигип чуркаган Дыйканбайдын аялы:

– Айланайындар… жашына көргүлө… Ыстарчындар, жасоолдор төмөнкү айылды улутуп-уңшутуп… эр бүлөнү каттап-чоттоп… Жашынгыла кокуй-алат…– Алачыгына чуркап кирди.

Дыйканбай, Бирназар мылтыкты кармай буйткага жашынышты.

Дабырттаган ат дабышы,

Стражниктер, жасоолдор биринен бири өтүшүп, сороктошуп, ат үстүндө опоңдоп желишип, кара алачыктарды капташты. Үзүктү кылычтан тешип шыкаалашыш ачуу чаңырышат:

– Чыккыла! Ким бар?

Канчык чаңылдап ар кайсынысына бир асылып, кимисин кабаарын билбей корунуп куйругун кыпчып тигинден ары буйт берет.

Сөөмөйлөрүн соруп көзү алайган балдарын эки колтугуна үйүргөн Дыйканбайдын аялына стражник шылдың агытты.

– Баары өзүңдүкүбү? Сен кыйын тууйсуңго падышага солдаттарды... ха-ха... ха... Эркектериңер кана?

– Жок. Кетишкен.

Стражник атын демиктирип бура тартты:

Келебиз!

Бети табактай жасоол атынан ыргып түшүп Насакенин кырчоодогу чылбырын жулуп алып өз атынын жүгөнүнө такты.

Атчандар жин ургандай жөнөй беришти.

Стражниктин бири артына чалкалай түшүп, чайылдаган канчыкка тапанча сунду.

Канчыктын каңшылаганы...

Дүлөй кемпир тигилердин артынан суу чачып, түкүрүндү:

– Жакшылык бизде калсын. Жамандык силерге кетсин.

Уюган чаң...

Кыжылдаган эл...

Алды казганактап, арты сабоолойт.

Элдин алдыңкы кашатында, сөөлөттүүлөрдүн курчоосунда оолжуп бир бөйрөгүн таянып, оозунан кол ыштыктай түтүн үйлөп аштын ээси Зарбат, Кызыл кымкап чепкени үзөңгүсүн жаап, күмүш кемери жаркылдайт.

Кызыл таш суусар тебетейин чекесине кийип, чачыгып желкесинде селкилдетип үзөнгүсүн аттын мойнуна чирене тээп аларды карап ырдаган Калык болучу:

Кайгыра түшүп токтоюн,
Кайран киши өтүптүр,
Кадырын бир аз жоктоюн,
Кылактап күзгү каранган,
Кылдаттап чачын таранган.
Кызматынан таанылып,
Байбичен, кымызын куйган сабаңдан.
Уштугу жибек кызарган,
Урумуң эле кыз алган.
Улуу менен кичүүнү,
Урматтап колу узарган,

Ак болот камчы кармаган
Абысын көөнү калбаган,
Ач-арыктар, жоксуздар
Алдына келсе жалгаган...
Макмалдап көөнүн эп кылган,
Кыжылдаган элдин бир жагы...
Кыздарына сеп кылган.
Оймогу кызыл миз болгон,
Ойлогону иш болгон.
Шакеги сары миз болгон,
Байбиченин, самаганы иш болгон...

Жыгачтап тосулган коонун ичинде камалган жылкылар. Кулунунан бөлүнгөн бээлер же энесинен бөлүнгөн кулундар; жыгач-коонун ичинде тебишип, чунаңдашып, кишенешип, ары-бери удургушат.

«...Булар аш байгесине сайылган. Энесинен ажыраган кулундар... Кулунунан ажыраган бээлер. Бирөөлөрдүн ак малы – кайгысы, көз жашы».

Коонун оозун тосуп үңкүйгөн баягы бети табактай жасоол.

Жөө-жалаң андаалашкан жарды-жалчылар; белдеринде курчанган көтөрмө, колдорунда жүгөн, жылдыздары түшүп четтеп турушат.

Эрдине жер дүлөй жабыштырган, саксайган тебетей кийген, жаман тону атынын соорусун жапкан Дыйканбай жаагынан терин агызып мадыраят. Жыгач үзөңгүгө иттин башындай чокоюн сугунта тепкен.

Атынын жал куйругуна уйгак ширеген.

«Чү» десе аты баспай камчыланса кетенчиктеп, катуу чапса секирип, чычаңдап жыгылып кете жаздады. Ал тон этегин такымына басты.

– Кап, кашайгыр... тамашаны көрбөй... Калыгымдын ырын укпай,– алаканына, шапалагынын сабына шалп түкүрүп атын такымга, басып-басып алды. Аты оңко-чоңко секирип, анан жин тийгендей чуркап топтун арасына кире качты.

Жанагы калыбында ырдаган Калык:

«...Байбиченин өлгөнүн,
Кейиш эмес той дейли
Келин-кызы чуулдашып,
Кейигенин кой дейли.

Капилети өлгөнүн,
Капалык эмес той дейли.
Караламан чуулатып
Кайгырганын кой дейли».

Зарбат артына кылчайып, анан Калыкты көргөзө ээгин кагып койду да бастырып кетти.

Зарбат кайрылган жигит учуп түшүп минген атын Калыкка тартты:

Калык:

«Союл куйрук соп желме,
Зарбат болуп берген ат,
Мунун баасы жүз теңге,
Зардабыма келген ат.
Кыз кыялдуу кылтыңдап,
Жеңе зайып өңдөнүп,
Кыялданат мингенде.
Жетегиме көнгөн ат».

Калык тигил атты жетектеп атынын башын бурду эле, комуздарын белине кыстарган үч-төрт ырчы, аны жактырбай чүйрүңдөшүп, тоотпой, жолун тосуп чандайышты.

Калык:

«Токтоно албай оолугуп
Тойго келет он ырчы.
Тоотпой турат, ким болду,
Тиги торпок курсак жоон ырчы.
Аш берген жерди чабыттап,
Аралап келет он ырчы.
Акыраят эминеге,
Аркы четте комузчан,
Ат курсактуу жоон ырчы»,

Дуулдаган күлкү...

Калык жетелеген атынын чылбырын топтун арасына тебетейин калдаңдатып ага жетпей теминип-кагынгып Дыйканбайга ыргытты.

– Сайыш!

– Сайыш!

Казганактаган эки жаат элдин ортосунда эки караан бири-бирин түтүндөй качырышты.

Кылкылдаган баштар, жыбыраган көздөр, эмеле кагышып тигил экөөнүн бирөө эмеле жалп дей түшөөрүн

күтүшүп, көз ирмемге тосмо суудай мелтирешип, бирок алар кагылышпай, бирөө жалп дебей кулаалы кайкы болуп чыга беришкенде; ошондо эстерин жыйышып, тиги качырышкандар кадимки качырыш эмес экендигин, колдорунда найза эмес, каскас экендагин; калкан-соот кийишпегендигине көздөрү жетип, көз ирмемде тосмо суудай шаркырай түшүштү.

Сайышкан экөө курсактары жер чийген бээ минген аялдар болучу.

Алар сайыша албай качкы бээлерди тырактатып чапкылап, бээлер тердеп, таноолору барылдап чарчап; аларды көрүп сөөлөттүүлөр тырактап күлүшүп, күлкүдөн чарчап жатышты.

Калык чекесин түйүп атын моюнга чапты.

Бир топ атчандар аны ээрчип элди жарып жөнөштү.

«Ат келеатат» деп сурнай ойноду.

– Ат!

– Ат келатат!

Эл чурулдап, козудай жамырап, жөөсү-жөө, аттуусу атчан түрүлүп, селдей каптап кетти.

Элдин төбөсүнө тарс этип мылтык атылып, жакадан алган жасоолдор да, жаркылдаган кылычтар да бул селди токтото албай баары аралашып, бир жакты карай бирин-бири тепсеп агылды.

Куйругун сайып, бута атым узаганда туягынын чаңы жерден үзүлө элек жалгыз күлүк.

Тайгандай кара бээ минип, анын жалына өбөктөп күлүктү сүрөгөн Боробай, жапырак тебетейин камчыланып чаңырып ураан чакырат:

– Насаке! Насаке! Насаке!

Төрт аягы түйүлгөн Ала-Баштын маңдайы жарк дей түштү.

Анын үстүндө жыланбаш чайылдап ураан салган Сарбала:

– Насаке! Насаке! Насаке!

Марада көтөрүлгөн ак желек Ала-Баш өтө бергенде жыгылды.

Насаке чоң ак жүз аарчысын койнунан сууруп, куюлган көз жашын сүртүп атынан учуп түштү да, Ала-Баштын изинен өпкүлөп жиберди.

Ала-Башты ары-бери желдирип, ырсалаңдап дагы эле үнүн баспай чайылдаган Сарбала.

Көзү чанагынан жарылган Зарбат. Жанындагылардын атын башка чапкылап үзөңгүгө тура калып күлүктөргө улам-улам турнабай салат.

Момунда кара терге чөмүлүп, башын чайкаган анын Арча Торусу...

Коого камаган жылкыларды тегеректеген эл. Алды тирелип, арты казганактап, бирин-бири түртүшүп, биринин сөзүн бири укпай дуу-дуу. Насаке ат үстүнө бийик тура калды:

– Болуш,– деди ал Зарбатка чакчарылып,– ыраматынын ашы экени чынбы? Күлүгүмдүн чыкканы чынбы?

Элдин көздөрү Насакеге жаап, кыйкырып-өкүрүп жиберишти:

– «Чын... чы-ын.

Насаке Зарбатка кайрылды:

– Мен, ырайымдуу болуш, аштын ээси, сизден сурап жатам.

Зарбаттын көзүнүн агы канталап кетти:

– Чын... чын...

Насаке тебетейин алып өзүнөн бийик көтөрдү:

– Аш байге экени чынбы? Болуш, бийлер, эл башылары, мен журт алдында силердин ниетиңерди сурап жатам. Аш байге экени чынбы? Тигил дүйнөдөгү ыраматылыкка кайыры тиери чынбы?

Болуш, бийлер ыңгыранып унчугушту:

– Чын... чын...

Насаке кара сеңсел, ак тыштуу тебетейин көккө бир-эки булгалады:

– Анда, орошон журт, уктуңарбы?! – аштоого колун ыргытып,– бул да менин төл малым эмес, коо бузган күлүктүн бир күндүк тери. Тигил дүйнөдөгү арбакка сообу тийсин. Алгыла! Ачкыла! Талагыла!

Эл чуркурап, коо качырап сынып, камалган жылкылар удургуп, чаң тополоң түшүп, өрттөй чачылып, туш-тушка үркүп жөнөштү.

Жүгөн, нокто, көтөрмө кармаган аттуу-жөөлүү эл тебетейлерин көккө ыргытып жылкынын артынан чуулашты.

Насакени, жетектеги Ала-Башты тегеректешип, бирден жылкыны жайдак минишип, жетелешип; сабоолоп чапкылашкандар.

Ашка тигилген аппак боз үйлөр кыландап артта кала берди.

Зарбаттын кабагынан кар жаап эшигинин алдында.

Атка минген мыктылар, жан-жөкөрлөрү.

Зарбат:

– Насаке менден март, менден кайрымдуу болоюн дегени го? Менин сөзүмө, баркыма шек келтирди го? Аштын байгесин шамалга сапырды оң таппагыр.

Бий бир ууртуп жыйрып табаалап сүйлөдү:

– Болуш... балтыр битти башыңа чыгарган өзүңсүң. Ал өзүңдүн кайнатаң. Ал өзүңдүн сөөгүң. Чала болот.
Зарбаттын башы жерге кире түштү:

– Бий, оозуңа карап сүйлө. Ал алтын чачса да сөөгү мага теңелбейт.

Бий мыңк күлүп:

– Теңелбегенин көрдүк ко? Ашта анын атагы тарады, аты чыкты.

– Тегибизди тепсеттиң. Анын кызын катын кылдың.
Зарбат зиркилдеди:

– Бий... Бийим, бетиме чыктыңбы? Бири-бирибизди чайнашпайлы дегем. Мен сени жыгып болуш болгом. Мен болуш. Чайнап салам!

Бий ууртун жыйрып чаркырады:

– Мага тишиң өтпөйт. Менден тишин сынат.

– Шарт бурулду. Олтургандардын бир тобу дүр-р этип аны ээрчий басышты.

Зарбат дүйнөгө батпай, бутун коёрго жер таппай чаңдап, бети табактай жасоолго эңкейди:

– Жанагы ырды айтчы?!

Жасоолдун бети ансайын талпайып, көзү чанагынан ыргып айлананы карады. Зарбат чарт жарылды:

– Калыктын ырын айт деймн:

Жасоол камчысын түшүрүп, апкаарып:

«...Алдым-жуттум, бейчеки,
Ашың менен куруп кал.
Абийри жок кысталак,
Башың менен куруп кал.
Жору болуп тарп аңдып
Жолбун иттей улуп кал».

Жасоол тым-тырстыкты бузат:

– Барып, Калыкты өлтүрүп жиберейинби?

Зарбат тигинин камчысын алып жонго тарс чаап жиберди.

– Менден сурайт?! Эмнеге сурайсыңар?! Эмнеге атымды минип, ашымды ичип жүрөсүңөр? Эмнеге кызылдай сойбойсуңар.?! Уялбай анын ырын мага айтат, О тукумуңду...

Бети табактай жасоол үйдү айлана кача берди.

Артында кубалаган болуш.

Кекеч качкан жасоолду жандай чуркап:

– Б-бо-бо... бо-болуш күйүгөт. Болуш чарчайт. Т-токто! Чуркаба, б-бо-болуш күйүгөт.

Эки жасоол жулкулдатып сүйрөгөн Боробай болуштун так маңдайынан чыкты. Ал сыңар тизилип бараткнда

төбөсүнө болуштун камчысы ойной түштү. Боробай чаңы бурк эткен төбөсүн баса калды.

– О болуш... о ботом... кудагый?! Күнөөм кайсы кудагыйлар?!

– Атаңдын чокусу! Кудагыйың эмес кудайыңмын!

– Зарбат тигини дагы башка тартты. Чаң дагы бурк этти.

– Кепкатын... Тебетейин силкип албаган ит! Боробай муздай тоңуп:

– Болуш, силкээр убакта силкээрбиз тебетейди, айтып саба, болуш.

– Тилин кара, ашыма семирген ит... Кимдин күлүгүн, кимдин аты менен сүрөдүң?

– Жасоолдорго,– ийлегиле... чычырканакка тебелегиле. Кимдин күлүгүн сүрөп, кимдин ураанын айтканды билсин.

Боробай тебетейин көккө ыргытып ийип сүзүүгө камынды.

Башынан кан жая берди.

Атасынын үстүнө чыркыраган Сарбала атасына кошо сүйрөлүп, анан жасоолдун бутунан тебетейдей ыргыды.

Кенжеке буту үзүлгөнчө жүгүрүп келип Зарбаттын этегине эрмешти.

– Болуш... кагылайын болуш.

– Күлүсүндү чеңгелиме түшүрдүң, макул; коондой байталымды жарып жедиң, маакул; а тиги катынча сөрөйүк күлүмдү сапырды... Бээлеримди жөн саабайт экен, садаган, кетейин деп салдатка барсын... Салдаттарга жип ийирсин!

– Жаңылдык... жаздык... салдатка жарабайт!

– Сага жараган... жарайт! Бир ичкенде беш аяк жуурат ичкен неме жарабаганда... ким жарайт. Жер казат!

Кенжеке балапандай оозун ачып жерде сулаган уулун эми гана көрүп, бакырып баса жыгылды. Үнүн баспай, тилин тартпай каргады:

– Оңолбосун! Ордосун жылан сыйпасын! Арам өлсүн.

Аркы ак чардактай өргөө жак чуулдап, анан өргөөгө жетип-жетпей шөлпүлдөп кайра бери желген кекеч алда кайдан эле оозун ачып, болушка сөлдөйдү:

– К-күү-кү… Күлүсүн му-муу-унуптур.

Зарбат үн дебей зыңгырап дөңгө басты. Анын ийнинен жылмышкан чапапын алып, чакчасын, камчысын жыйнап, дагы бирдемесин жаздым калтырбайын дегендей имерчиктеп, жалтаңдап ээрчиди кекеч.

Эч ким албай, эч ким карабай Боробайдын баш кийими тепсендиде жатты.

Аштыкчылардын айлында жыйын. Жасоолдор; ортодо сурак жүргүзгөн бий. Дыйканбай куйрук-жалы уйгак атынын чылбырын жасоолдон сууруп алды:

– Меники! Колуңарга өлүп берем!

Бий:

– Сенин эки атың бар. Бирөөнү Калык берген.

Дыйканбай:

– Союп жегем аны…Мен деген курсагымы тойгузам. Балдарыма шорек кылгам…

Бий бир жак ууртун жыйрып:

– Сен түшүнөсүңбү? Же салдатка бар, же атыңды бер.

Дыйканбай:

– Атымды да бербейм, салдатыңа да барбайм.– Атын көргөзүп чебеленип,– ушуну минип кантип согушат салдатың

Бий:

– Ал сенин ишиң эмес. Сен, маакул, балдарыңды бак. Ырайым кылып жатам сага.

Дыйканбай алаканын жазып:

– Айланайындар, айткылачы, ушундай да ырайым болобу? Атым менин жаным. Жанымды согушка жиберип өзүм кай талаага барам?!

Бий чаңырып ийди:

– Минтип, көрүнгөнгө акыйнек айтып түтөбүзбү? Алгыла!

Жасоол тигинин колунан чылбырды жулуп алды.

Дыйканбай желкесин кашынып, желки баскан эринин бир-эки жаланды, Калчылдап койнунан жарк эттире шамшарын сууруп алды да, атын курсакка бышып-бышып жиберди:

– Ал… алгыла падышаӊа. Оёзуӊа алпар, минип алсын ичегисин чубалтып… Кана, мени салдатыӊа чийип кой. Так падышанды көзгө атайын… Менин абалымды көрбөгөн аныкы кандай көз?!

Аштыкчылардан кимдир бирөө аны жулкунтуп сүйрөп кетти.

Тунжуроодон соӊ бий:

– Эси жок немеге теӊелбейли. Кана, агайындар, кимиӊер өз ыктыярыӊар менен айдай жарык, күндөй ысык ак падышанын кызматына барасыӊар?

Бирназар:

– Мен!

Эл жарылып ыкшала түшөт.

Бий Бирназарды олуп тиктеп турду да, калеминин учун жалап алып кобурап кагазга жаза баштайт:

– Насаке уулу Бирназар. – Башын көтөрүп,– айныбайсыӊ… тамашалабайсыӊ.

Бирназар:

– Азыр тамаша түгөнгөн учур. Эмне тамаша күтөсүӊ булардан? Көрөсүӊбү тамашанын четин?

Аштыкчылар бийди шакектей курчап ызырына чуулдашты:

– Байдын балдары эмне салдатка барбайт?

– Сенин уулуӊ эмне ыктыяры менен барбайт?

– Алдагы тизмеӊде бир манаптын, бир байдын же бийдин балдары барбы? Же алардын катыны тууган жокпу?!

Бирназар бийди демитип:

– Алдагы тизмени өз колун менен бересиӊби?

– Бербейм! Бербейм! Акыӊар жок! – Бий диртилдеп ордунан ыргып турду.

– Анда өз колубуз менен алалы.– Бирназар бийди чап гана билектен кармап кагазды анын колунан жулуп алды.

Бий муштумун асманга булгалап, чаңырып ийди:

– Бузукулар... Мыйзамга жооп бересиңер. Жооп бересиңер дейм!

Аштыкчылар шатектеп жыйылган шырыктай талдарды бирден көтөрүшүп, жаат болуп тура калышты.

Бирназар кагазды шашпай майдалап тытып, көтөрүлгөн союлдарды кергөзө бийге токтоо гана унчукту;

– Тигине берер жообубуз. Жообубузду айта барсаңыз экен. Унутпаңыз.

Бийдин көзү аңтарылып, сакалы бириндеп жасоолдору менен кетенчиктеди:

– Колуңар менен кылганды мойнуңар менен тартасыңар.

Бирназар бир алаканын бийге көтөрдү:

– Мына биздин колубуз – эч кимдин эмгегин жебеген, эч кимге жамандык кылбаган дыйкандын колу. Бул колубуздун да датын айта барыңыз.

Чор баскан,балбан алакан акырындап темир муштум болуп түйүлүп бийдин карегине батпай, бий жалтанып башын төмөн ийди.

Приставдын таза, жасалгалуу кабинети. Рамкада илинген эполеттуу портреттер. Приставдын өзү да зыңкыйып тыкан, жайдары; топчусунан өйдө күлүп турат.

Үңкүйгөн Зарбат, жанында бети табактай жасоолу.

Пристав:

– Болуш, сөзгө түшүндүңбү?

– Төрөм, антип айтпа, антип кейитпе. Сөзгө түшүнбөгөндөй мен дөдөй эмесмин.

Пристав Зарбаттын далысын таптап кытмыр жылмайды:

– Чычалап кеттиңби? Ошон үчүн сен дагы башка бирөөлөргө этиеттеп сүйлө. Бирде бийиңди жамандасаң,

бирде элиңди жамандасаң; алар сени жамандаса, кимиңерге ишенүүгө болот? Кимиңерди угуу керек?

– Баса, төрөм, сөзгө конок бер, ошо бузукулардын тизгинин кыркып салалы деген мага ишенбегенде кимге ишенесиңер? Кимибизди коргойсуңар?

– Сиздин сөзүңүздөн өйдө коргодук. Элге ишенбей сизге ишендик. Сиз да бизди сыйлап элиңиздин майда-чуйдасына бизди убара кылбаңыз. Бийдин үстүнөн арызданасыз, бий да падышага кызмат кылат. Сөздүн кыскасы мындан ары андайды өзүңүз тыйыңыз.

Зарбат кашын түйүп козголду:

– Андайлар мага тыюу бербейт. Эртең өрттөй күчөп баарыбызды каптайт, төрөм.

Пристав попиросун буркурата үйлөдү:

– Өрттөнсө... Эгер ал өрт падыша бийилигине карасанатайбы, моминтип коёбуз. Сөөмөйүн бир шилтеп койгон жерден миң солдат чубурган оёздун өзү быякка келатат.

Зарбаттын көзү чачырап кетти:

– Оёзбу?

– Оёз... Сенин айлыңа... Убадасы боюнча сага барат, Сага чен тон жабат.

– Мага...магабы? Бо кудайдын бергени,– ал жасоолун аткып алды,– а чоң оозум, төрөм эмне дейт?! О, кудайдын шыбагасына миң мертебе ыраазымын.

Жасоолдун бети талпайып оозу жыйылбады.

Пристав ийниндеги! эполетин чаап ырсайды:

– Мен да чоңоём. Көрдүңбү, жаман жагыңды айтып күйүнтүп, жакшы жагыңа заматта сүйүнтөбүз, болуш. Ак падышага, эгер керек десе алдагы карегиңди чегип бер. Ошентсең акылдуулук кылган болосуң. Ошентсен укум-тукумуң тунат. Мени да муундарым кастарлайт, көрдүңбү тигилерди,– колун дубалдагы портреттерге жансады. – Ошентип сүрөтүмдү илишет. Жапайы жерге жасаган эмгегимди унутушпайт. Болуш, оозуңду ачпа. Оёз келатат деп элге жарыя кылгыла; жолго батпай ту-

рүлүп, жаадырап-жайнап эл тоссун. Арыз-муң айткан болбосун, тартип сакталсын.

Зарбат жасоолуна:

– А чоң оозум, чап! Кабар кыл бийлерге. Туш-тушка чабаган жөнөсүн. Баарына айт: Ээнбаштанып өйдө-төмөн чаппасын, шам-шаркыт баспасын. Кабанаак иттер байлансын. Эркетанга айт: үйүн тазаласын.

– Чакчасын алып тизесине шарак-шарак урду. '

Жасоол башын ийип кетенчиктеп чыгып баратып:

– Болушту сураса эмне дейин? Зарбат үндөбөй гана колун шилтеп койду. Аттарын өпкөгө тепкилеп чаап жөнөшкөн жасоол менен стражникти тигил экөө терезеден бир азга карап турушту да, катар олтурушту.

Пристав:

– Болуш, оёз быякка ойногону келаткан жок. Тескей көнбөгөндөрдүн төбөсүнө кылыч кайрайт. Оюндагындай камданбасак экөөбүздү да маңдайыбыздан сылап койбойт.

Зарбат:

– Элимдин теңи кырылып кетсе да оёзду ойдогудай тосом. Кам санаба төрөм, жигиттер касаба болуп кызматында турат.

Пристав чөнтөгүнөн кагаз алып үңүлүп карады:

– Падышадан дагы сөз келди. Солдатка жөнөгөндөр жана солдаттарга керектүү нерселер ойдогудай топтолбой жатканына падыша ыраазы эмес. Азиаттардын курулай дүрбөлөңүнө падыша өкмөтү аябай нааразы.

Экөө үн-сөзсүз бири-бирин тиктешти.

Күлүсүндүн өргөөсү.

Өргөөдө дасторкон жайып Эркеган экөө.

Күлүсүн тизесин кучактап, телмирип бир нокотту тиктейт; өңү жууган чүпүрөктөй.

Эркеган чайын ууртап, чамесин серпип чынысын кырданта койду.

Дасторкондо эки чыны кырынан жатты.

Эки аял бетме-бет олтурду.

Эркеган:

– Мен сени күнүлөбөйм дагы күнөөлөбөйм. Муунуп, арам өлгөн жаман! Ошонуңу күнөөлөйм. Арам өлүүгө жаралдыңбы? Муунуп кимди коркутабыз? Өлүп калуу оңой. Адам болуп бүрдөп чыгуу кыйын.– Силкинип, шаркылдаган чач уштугун чөнтөгүнө салып койду. – Биз эмес аркыраган баатырды сайган, жаркыраган перини жаңылткан аялдар өткөн дүйнөдөн. Заманга, мыйзамга алышып алы, күрөшүп күчү ошолордуку жетпеген; экөөбүз эмне, эпейген эмебиз, бүтүн эркекти кучактабайбыз; бир эркекти бөлүшүп, талашып кучактайбыз... Тагдырдын бул жазуусуна басырынба, тепселбе. Өлбөй өчүңдү, кетпей кегиңди ал; агартып уул төрө, кызартып кыз төрө. Сен көрбөгөнгө, сен жетпегенге балдарың жетсин. Дагы болуштун токолу болгонуңа тобо кыл.

Сырттан жалгыз аттын дүбүртү.

Эркеган кулагын түрүп:

– Чоң оездун атынын дүбүртү экен, дагы кандай шойкуму башталды.

– Чөнтөгүндөгү чач уштугун аркасына шарак ыргытып дасторконун жыйнай Күлүсүнгө каш какты;

– Жүктүн бурчуна барагой.

Чоң ооз камчысын сүйрөй кирип келип, жүктүн бурчунан көзү өтүп:

– Кызыңдай кылып олтургузуп коюпсуң, төбөгө чаап жумшабайсыңбы.

Эркеган:

– Өзү өлгөнү араң турганды өлтүрө албайм.

Жасоол:

– Мунуң, өлбөйт, тиргизип коюпсуң, күнүлөр бетин тытышып, чачын жулушуп эле жатчу эле.

Эркеган кашын кагып, мыскыл күлүп:

– Күнүлөргө көзү кызарган байкуш, сенин күнү катындардан айырмаң, кайсы?

Чоң ооз томсоруңку:

– Заман курусун, бир катынга жетпедим. Болуш катын алып берсе алкымынан сугунам. Үйрүлтүп камчы чаппайм катыныма,

Эркеган чаңкылдап каарып:

– Оозуңдагыны оттобой жумушуңду айт. Болуш кана?

Жасоол оозун жалжайтып, көзү жайнап сүйүнүп, шашкалаңдап:

– Байбиче... Эркеган байбиче, сүйүнчү! Оёз келет экен. Оёз өзү! Болуш үйүңдү тазаласын деди.

Эркеган мурдун чүйрүп ыкчырылды:

– Үйүнө чычып алган киши бар бекен?

Күлүсүн жүктүн бурчун сүзүп бүлкүлдөдү. Бул анын көптөн берки биринчи жолку күлкүсү.

Жасоол, байбиче чыгып кетишти. Күлүсүндүн кулагына Калыктын «Курманбек» айтып жаңырган үнү угулду...

Күлүсүн ичинен муңайым шыбырады:

«Улуу тоодо шаңшыган, улардын үнү белең. Сенин үнүң, сенин жүзүң, бир көргөн түш болуп кала берди, Сен эркинсиң, эркексиң; каалаган жериңе барасың. А мен, кыз байкуш, ооз чайкам сөзүмө ээлигим жок; ободогу кушту да жазгана караган мен, кыз байкуш... кыз шордуу. Мен армандуу Күлүсүн... Мен күйүттүү Күлүсүн... Күң ордуна жүрүшүм».

Ал шуу үшкүрүндү; бул үшкүрүк күйүткө чырмалган, ага баш ийген аялдын үшкүрүгүнө окшобой, бир жоболоңду баштай турган аялдын акисине окшоду.

Анын көзү жарк дей түштү; кулпунуп, уча турган куш сымалданып мүрүсүн жазып керилди.

## XX

Кабат-кабат чапан кийишип, курсактары чедирейип катар тизилишкен байлар. Тебетейлери колдорунда же колтуктарында, баары жылаңбаш – баштары күнгө сыз-

гырылып, булоолонуп, буттарын солбуп Зарбаттын чоң үйү тараптан көздөрү өткөн.

Тигине, эшик булк дей түштү. Байлар түртүшүп, түзөлүп чакчайып калышты.

Эшиктен пристав чыкты, байларга муштумун көргөзүп коюп кайра кирип кетти.

## XX

Бир түп шыраалжынга жашынып байларды караган Сарбала.

Жанында өзүнө жашташ кыз. Экөө тең кара шыйрак,

Кыз:

– Оёздун аты кыйын экен.

– Ики... Ала-Баш кыйын. Ала-Башка жетпейт,– деди Сарбала оозун ачып зеригип:– Качан  чыгат эми? Чыкпайбы.

Кыз:

– Топбой атат да... топгондо чыгат.

Сарбала кызды чыканакка түртүп кетилдеп күлүп:

– Кызык... кызык ай,– ал сөөмөйүн серейтти. – Тетиги киши аялын өөп атканда көрүп койгом.

Кыз бетин чоюп эликтеп:

– И-ий, уят... уят.

– Кел өбүшөлү. – Сарбала аңдоостон кызды өөп жиберди. Өөп жиберип бети-башың тырыштырып, түкүрүнүп, аарчынып жатты.

Кыз ыйламсырап, үрпөңдөп Сарбаланы муштагылады:

– Апама айтам...

Экөө тең ооздорун ача баштарын тийиштирип калышты.

Зарбаттын эшиги бийик серпиле түшкөн эле.

Эшикти Зарбат өзү ачты эки колдоп, төбөсүнөн бийик көтөрүп.

Оёз маалкатып араң чыкты, башынан бутуна чейин жылтырап, жерди карабай көктү карап. Чымындаган чалпоо жылкыга окшоп, эшик алдына кичине аркы-терки басып, башын кыңырайта Зарбатка бирдеме дегенсиди.

Баштары сызгырылып, булоолонуп, оозу-башы кыйшайган байлар…

Оёз аларга саал гана башын ийгенсиди; бирөөнү да тушарына теңебей, ак мээлейчен колун кайдыгер гана сереӊ эттирип, анан кокусунан көз кырына илине калган калдагай тебетейченге жакын барып артында, ээрчигендерге «бул эмне албайт» дегенсиди. Старчын тигинин тебетейин кагып, тегерете тээп жиберди.

Анын башы таз эле.

Оёз жипкирип терс бурулуп, эки жигит эки жагынан суулуктап жетелеп келген аргымактын үзөнгүсүнө бут салды; Зарбаттын колу колтугуна жете электе ыргып минди да, ак мээлейчен колун сереӊ этирип бура тартты. Ошол замат жерден чыга калгансып, кайдан-жайдандыр жан-жөкөрлөрү жабылып ээрчиди.

Жанагы таз тебетейин күбүнүп сөгүп жатты:

– Улук болгонуңду… О төрө болгонуңду-с-с-сс… Кишинин баш кийимин тебет.

Аны карап шыраалжындын далдоосунда баштарын тийиштире моюндашып боорлору катып күлүшкөн Сарбала менен кыз.

## XX

Кызыл кымкап чепкенин желбегей жамынып, падыша өкмөтүнүн чендерин тагынган Зарбат эки тизесин мыкчып, дал ортосун түйүп кесирдүү олтурат.

– Эми бейбаштар менен кебим болсун!– Чакчасын апкытына шарак-шарак уруп, тышка үн салды: – чоң ооз… а чоң оозум…

Жасоол менен кошо бөгүлүп кекеч кирди.

– Барып кел чоӊ оозум, бир ооз сөз ыргытып кел. Арпа тектир менин чапан чечкен журтум. Аштык айдасын деп аларга журтумду бердим.  Бул жакшылыгымды билишпеди томояктар. Малымдын чөбүн жөн жедирбей кызыл май кылып кубалашты. Жөн койдум, анымды билишпеди куу такымдар. Коондой жарып байталымды союп бердим. Кечөө байбичемдин ашында эркелетип жеп койдум. Байгенин малын чачты; менден кыйын, менден март болоюн дегениби? Ала-Баш менин айгырымдын баласы, жеткирип берсин. Насакеге айтып кел, тез жөнө чоӊ оозум.

Жасоол кыйылып:

– Болуш, жалгыз кантип барам. Жатакчылардын түрү жаман. Кийиздей тепкилеп салбасын.

Зарбат кымкабын ийнинен силкип жиберди.

– Оёз мага ченди бекер бериптирби. Шылтоо таппай турбаймбы, Эр болсо тийип көрсүн, анда эле ажыдаардын куйругун басканы... Жөнө! Жигиттерди ээрчит.

Арты менен чыгып кеткен жасоолду көсөй тиктеп, насмайын жыттап чүчкүрө албайт.

Кекеч аны чүчкүрсө экен деп, кежеӊдеп оозун ачып, башын ийкегилейт:

– А-аа-ак... ч-чү...

Зарбат аны башка бир салды: – Ит! Чүчкүрүгүмдү жоготтун.. Кекеч:

– М-м-мм-мени ы-рас кылдыӊ.  М-м-мен  ж-жерге кирейин.

Зарбат дагы тап берди:

– Чык!

Кекеч шүмтүрөп кол куушуруп:

– Б-болуш ченин̦из кут болсун. М-мартабаӊыз ашсын.

Зарбат жанындагы көөкөрдөн чагырмак куюп сунат:

– Бая эле ошентпейсиӊби. И... Ичип ал байкушум.

Кекеч шыкай ичип мышыктай жаланып чыгып кетет.

– Күлүсүн! А Күлүсүн...

– Зарбат өзүнчө наалып,– бо, эркек дегенди аял өзү чыкырчы эле... А Күлүсүн, Күлүсүн чоюла басып кирип ойсоктоп койду.

Зарбат аны таңгала, башынан аягына чейин сыдырып тинтип тиктеп, ээгин кагып мылжың күлдү:

– Ушинтпейсиңби, а куу такымдын кызы, сен жакшыга ылайык катынсың, олтур, бутумду ушала.

## XX

Шыгыраган айыл. Насакенин үйү.

Маңдайынан кан жылжыган Калык чөгөлөп Насакенин колунан кармап турат:

– Насаке, жарыктык, сакайдыңбы?

Насакенин башы бийик жаздалган, кийимчен. Дүлөй кемпири ак даки менен анын бети-башын аарчыгылайт.

– Насаке, сакайдыңбы жарыктык? Насаке көзүн араң ачып:

– Калыксыңбы? Калыктын үнүбү? И-ии, айланайын... сакайсам ушинтип жатат белем, эл чайпалганда... элдин кулагы үркүп турганда, атаганат, сыркоолоп калганымды карачы. Э кокуй, маңдайыңдан кан агабы? Канбы? Бирназар:

– Ата, Калык болуштун жигиттеринен качып кутулуптур. Биздин айылдын четине чейин кууп келишти.

Насаке:

– Элчи менен ырчыга кол көтөрүү салтта жок эле.

Калык:

– Камчы тийип бээлердин эмчеги жарылганда, союл тийип эрлердин маңдайы айрылганда ырчыдан кан чыкпай эмне болуптур.

Насаке:

– Кагылайын... Кагылайын сендей ырчыдан. Үнүңдү бир угузуп койчу. Шаңшып койчу. Башымды кичине көтөргүлөчү.

Калык кабынан комузун алат; комуздун мойну сынык болчу,

Тымтырстыктан соң Бирназар:

– Комузуңду сындырышты, добушуңду сындыра алышпайт,

Түн баласын алдаган,
Түлкү болду заманың.
Дүңгүрөгөн аламан,
Түгөнбөсүн амалың.
Намысыңды тепсетпей,
Найзадан тапкын ажалың.
Бөлүп-жарып куугундап,
Бөрү болду заманың.
Топон суудай калың журт,
Тосулбасын амалың.
Жем болгуча канкорго,
Жериңден тапкын ажалың.

Эл босогого тирелип кире беришет; үзүктү түрүп, туурдукту жырып шыкаалаган көздөр.

Калык чекесиндеги жылжыган канды сүртүп:

Сынбасты уста жасабайт
Өлбөстү кудай жасабайт,
Кол куушуруп сөлдөйгөн,
Коркогун болсо ачык айт,
Кутурган болуш, бийлерге
Кул болуп журтум жашабайт!
Серпилип жерим козголуп,
Сел болуп элим топтолуп,
Падышалуу залимдин,
Маанайын тешкен ок болуп,
Кармашка тургун калайман,
Каскагың учу от болуп!

Насаке:

– Ырысы бар элдин ырчысы элди ырдайт, элдин мүдөөсүн айтат. Баарыңарга насаатым: Калыкты сактагыла. Силердин мылтыгыңар бир атылат, союлуңар бир чабылат. Ырчынын сөзү түгөнбөгөн ок, сынбаган союл. Ырчыга шамал тийгизбегиле, ырчыны туу кылып көтөргүлө.

Кийиз күйгүзүп Калыктын башына тартышты. Дүлөй кемпир элечегин чубап болотнайдан дардар айрып берди.

Эрини кеберсиген Насакеге суу ууртатышты.

Насаке:

– Сак-сактагыла. Топтоп бастырбагыла, чогуу конбогула. Падыша төрт элди кырып салмай болду. Тарагыла кокуй-алат. Мени, тиги кемпир экөөбүздү бир коктуга таштагыла.

Бирназар:

– Кантесиң ата?.! Таштабайм! Атасын ким таштайт?!

Насаке:

– Элчи? Эл кантет? Элди таштайсыңбы? Мен бир киши. Апаат күндө мендей бир карынын сөөгүн куш мүлжүйт. Элдин сөөгүн мүлжүбөсүн. Силер... силер акыл таап элди сактагыла.

Бирназар атасынын колун кармап, мойнунан куркурата жыттады.

Тургандар көздөрүнө жаш алышты.

Чоң короо.

Короонун ичи толтура «салдатка» жөнөөчүлөр.

Короо кырында курал-жаракчан стражниктер, жасоолдор; чуркурап ыйлагандарды жакын жолотпой мылтык кезешет.

Короонун дарбазасы ачылды; буулукккан, калтыраган ачуу үндөр:

– Кош! Кош, кагылайын журт! Кагылайын туулган жер!

– Артыбыз кайырдуу болсун!

Башын көтөрбөй, үндөбөй, эч жакты карабай тултуюп, нес болуп сенделе кадам шилтеген Боробайдын жонуна приставдын кылычынын сырты ойной түштү, Боробай калыбынан кебелбеди.

Пристав кылычын анын чокусуна ойнотту.

Өлтүрдү, өлүгүңдү көрөйүн! – Ыйлап көзү кызарган Кенжеке буркан-шаркан жулунуп, жер сыйпалап приставды тезек менен бетке койду.

Пристав шашылбай кылычын кынына урду, ана тигинде элден оолактап, кылчактап качып бараткан Кенжекеге опондотуп желдирип жетти; аны дагы арылатып, дубалдын далдоосуна барганда, шашылбай кыңкайып лып гана маузерин сууруп алды,

Кенжекенин көзү чанагынан ыргып, кетенчиктеп, кыйкылдап муунуп, алаканын тосуп коргонуп, чалкасынан жыгылды; жыгылаар замат «тарс-тарс». Пристав маузердин оозунап түтүн таратпай чөнтөгүнө уруп чаап жөнөдү.

– Апа! Апакеба-аай!..– Сарбала энесин кучактап, жулкулдатып, тарткылап, койнуна колун салып; колун тартып алып, колундагы канды бир карап, энесин бир карап бакырып-бакырып ийди.

## XX

Куурайдын башынан боздогон, ышкырган суук шамал.

Куурай жыгылып, куурай учат!

Учкашып-чиркешкен «салдаттар».

Алардын баарын аркасынан шамал айдап, этек-жендерин, аттарынын куйругун үзүп-жулкуп, баскан издерин шыпырат, учурат.

Боробайдын таноосу кыпчылган, чекеси тилим-тилим.

Анын кулагында шамалдай боздогон «Көкөй кести».

Караган-чердүү дөбөнүн чокусун көздөй шамалды

жиреп. Бирназар баратты. Бир колунда Ала-Баштын чылбыры, бир колунда кара мылтыгы.

Атын көмүскөгө байлады, кыл чокудан башын кылайтты.

Тигине, аттары килеңдеген стражниктер.

Бирназар мылтыгынын шыйрагын жерге сайды. Мелтирете мээледи. Мылтыктын оозу үңүрөйүп стражниктерди карады. Кимсиң... кимисиң?

«Баң-ң!»

Даарат ушаткан малакайчанга кылыч кесеген стражник мылтыктын үнүнөн мурда жалп дей түштү,

Боробайдын чекесиндеги тилимдер жоголуп, мурду барбайды.

Ал мылтык үнүн тааныды: «Кара келте!»

Сойлоп, бөжөңдөп жалгыздап качып жөнөдү.

Стражниктер тумшугун жерге тыгышып баш көтөрбөй туш-тушка тарсылдатышты.

Алда кайдан, ок жетпеген торпунун башынан «Баң-ң» деген үн экинчи жолу кайталанды.

Стражниктер эми гана эстерин жыйышып, эми гана килеңдеген аттарына ыргып минишип опоңдоп чапкылашып, «салдаттарды» түгөлдөшүп; тигинде улам арылап, улам бийиктеп, бийикте карааны кылаңдаган жалгыз атчан Бирназарга мылтык атып, кылыч үйрүп ызырынышты.

Бир гана стражниктин колунан кылычы кагылып, кылычты түбөлүккө экинчи кармабас болуп жер сүздү. Шамал анын этегин каңтара түрүп, этегине ышкырды, ызырынды.

Караган-чердүү таштын коңулунда бүрүшүп, бирине-бири кыналышкан Күлүсүн, Сарбала.

Далдоодогу Арчатору ооздугун качыратып жер чапчылайт.

– Биз такыр... такыр таптырбайбыз, ээ жеке? Күлүсүн баш ийкеди. Көзү кыркырларды, жылгаларды сыдырды. Кашы дирт эте түштү.

Кырда бир атчан... дагы атчан... атчандар... Туш-туштa, кайсыл жакты караса, ар жылгада, коктуларда сабоологон атчандар.

– Эже-е!

– Сарбаланын да көзү чекчейди. Кайкыда чубашкан үч атчан. Аттары кара терге чөмүлүп өздөрүнүн этек-жеңдери шөлбүрөйт. Анын бирөө Зарбат – кара көк тартып үн катпайт.

Берки экөө жандай бастырып көңүл улашты:

– Арча Торунун туягы он Күлүсүн эмеспи,

– Ийне болуп түшүп кетсе да табабыз.

– Балык болуп сүзүп кетсе да табабыз.

– Капырай, ушунча адам, ушунча күнү бир катынды издедик.

– Атымды! Катынды дейт, Катынды ким издейт?!

– Зарбат тигини чокуга тартып ийди.

Күлүсүн жоолугун мойнуна бууп жылаңбаш.

Басмайылын тартып, үзөнгүсүн тепти да, Сарбаланы кыйып аттана албады. Үзөнгүдөн бутун чыгарып аны маңдайынан өптү.

Сарбала улутуна көзүн жайнатып, башын чайкады:

– Аный, жалгыз мин, кач эжеке! А мен... мен бар эмеспи...

– Бутактардан эңкейип ыкчырылта бастырып бараткан Күлүсүндү бир азга ээрчий тиктеп туруп, карагандын арасына булт койду.

Күлүсүн караган-черден чаап чыгаар замат куугун башталды.

Туш-тушу кыйкырык сүрөөн.

Союлдардын сороктотуп жалгыз Күлүсүндү кубалаган жайнаган атчандар,

Аты күлүк Күлүсүнгө арттагылар чендешпеди.

Жазы капчыгай куушурулуп жалгыз аяк жол тарыды; үстү жалама аска, алды көк ирим суу, артында жайнаган куугун.

Асканы тепчиген жолдун учунан, Арчаторунун маңдайынан үч адамдын башы соройду. Зарбат!

Арчатору кулагын шамдай көтөрүп, шаңгырап кишенеди.

Күлүсүн кыл жолго жетпей токтоду;

Алдында Зарбат…

Артында куугунчулар…

Үстүндө жалама аска…

Астында көк ирим суу…

Зарбат бири-биринен өтүп жутунган, шыкалган куугунчуларга:

– Атты чочутасыңар, иттер, тарткыла! Куугунчулар тирелип калышты.

Арчаторунун туягынан шыркырап иримге кулаган кум-таштар.

Күлүсүн аттан ыргып түшүп, аны артына, жазыгыраак жерге жетелеп, шилбиге орой байлады. Байлап бүтүп жолдун бычактай нугуна, Зарбатты көздөп басты.

Зарбаттын үнү титиреп:

– Бас… бас бери карабет, күнөөңдү кечейин! Күлүсүн көк иримге боюн урду.

Эл чур этип, алардын чур эткенине аска-зоо тарс жарылды.

Дүлөй кемпир.

Жалгыз мелтейип тунжураган көздөрү зоокадан тайгаланат.

Дүлөй кемпирдин ички шыбыры:

«Күлүсүнүм… Күлүсүнүм тигил зоокада басып жүргөнсүйт. Ал тирүү! Тирүү… Өлгөнүнө ишенбейм. Тоонун ар бир ташын кыдырдык, суунун ар бир балыгынан сурадык.

Күлүсүнүмө, жоголгонуна, мына бир жыл толду. Бир жыл… Жок дегенде бир ууч сөөгү табылса… бир үзүм кийимиң жолукса кусам таркабайт беле, көксөм суубайт беле, Күлүсүнүм… Өлгөнүңө бир жыл болду, Мени таштап кантип ошенттиң? Ишенбейм, сен тирүүсүң».

Бөкчөйүп таягына сүйөндү,

Артында жалгыз аяк жол…

Жол таманы.

Насакенин кула бээси.

Колу артына кайрылып, сакалынан чийге бурулуп байланган Насаке.

Дагы ээр токумдуу үч ат.

Бети табактай жасоол жез ооз көөкөрдү шыпкап Зарбатка чагырма куюп сунду.

Зарбаттын көзү кызарып, өңү ант ичксндей кубарган.

Бети табактай жасоол Насакеге башын шилтеди:

– Өлтүрүп жиберейинби?

– Азап көрсүн! – Зарбат чагырмакты тамагына кагып койду.

Берки жасоол кула бээнин ээрин шыпырды. Жалын кармалап, «семиз экен» дегендей баш бармагын көргөздү.

Аттанышты.

Зарбат бээни жетелеген эки жасоолго «бара бергиле» дегендей колун жаңсады. Сакалынын чийге байланган Насакени демитип, тепсете жаздап:

– А кузгунум… уулуң Бирназарды, атың Ала-Башты сенсиз табам. Сенин кесириң башыңдан ашты эле. Же баягы ооруганыңда өлүп калсаңчы. Жок, анда мен өчүмдү алалбай калмакмын.– Арчаторусун моюнга чаап бастыра берди.

Кийими салбыраган, бети-башын сакал баскан адам – караан баятан тигил үч атчанды аңдыйт. Өңкөндөп таштан-ташка, бадалдан-бадалга жашынат. Жата калып, кайра тура чуркап коктунун таманындагы бадалга сиңди.

Ат жалын сүзүп үргүлөп, эки жагына ооп, бирде таскактатып бирде кыбыратып тоолордун башын эрмектеп тиктеп, көзү алачакмактап Зарбат келатты. Ал үргүлөп дагы атынын жалын сүздү.

Чап этип бирөө анын тизгинине жабышты.

Жанагы таанылбаган караан – Боробай! Таноосу кыпчылып, сакал-муруту титиреди, колунда жалаңдаган шамшар.

– Кудагый?! Тебетейди силкээр кезим, мына! Көпкө жолукпадың, бир жылга... Бир жыл сары изиңе чөп салдым. Тебетейимди силкээр кезим!

Зарбаттын тили буулуп, туттугуп көзү аңтарылды:

– Боробай! Жан соога... Иттик менден кетти. Малым тартуу... Ак балтыр байбичем тартуу.

Боробай:

– Менин байбичем кана? Кана менин Кенжекем?! Зарбат:

– Алдыңа жыгылганга атаңдын кунун кеч. Катындык кылба!

– Мына, катындын кийиз кескен шамшаары! – Боробай Зарбатты табарсыкка малып, теңселтип аттан жыга түрттү. Эңкейип, – жаныңды уучтай тур, Насакени апкелип ыйман айттырайын... Жаныңды уучтай тур.

Боробай Арчаторуга ыргып минди, күмүш үзөңгүгө чокоюнун башы батпады. Кайра ыргып түшүп, тигини чатка тээп туруп өтүгүн сууруп алды, чапанын сыйырды. Көмкөрө салып анын шымын да чечип баратып, жийиркенип, түкүрүп көчүккө тээп ийди. Өтүктү кийип, чапанды жамынды.

Зарбат... катарында жаман чокой.

Сакалынан чийге буруп байланган Насакени көздөй чаап бараткан Боробай.

Күн кечтеген убак.

Дүлөй кемпир, Сарбала чыгышты карап дөңдө олтурушат.

– Көзүң курч эмеспи, жакшылап карачы. Караан-параан көрүнөбү?

Сарбала башын чайкады.

– Көзүңөн тегеренейин, деги жакшылап карадыңбы? Сарбала башын ийкеди.

Кемпир баланын көзүнө үңүлүп маңдайынан өптү:

– Кайталы, алтүндө келип калаар.

Сарбала кемпирдин колунан тартып тургузду.

Кемпир бөкчөйүп таягына сүйөнүп, экөө жалгыз аяк жолго түштү.

Тебетейи калдактап, тонунун этеги атынын соорусун жаап, камчы үстүнө камчы урган Дыйканбай, Кырчоого жөлөнгөн аялына алда кайдан айкырды: – Катын, сен уктуңбу?

– Эмнени ботом? – О катүгүн,– атын, моюнга чаап, жаагынан куюлган терин аарчыды. – Азаттык заманы башталыптыр.Падыша кулаптыр. Падыша кулап өлүптүр!

– Калп! Падыша.– аялдын куту учуп өз оозун баса калды.

– Кудай урсун! энемди алайын. Ал эмес биздин жигиттер оёзго куугун салыптыр.

– Эмне тамтаңдайсың кокуй! Ушинткенде бир балаага капталчу элең.

– Кой, мен элге айтайьн, укпаса кийин наалат кылышат. – Желдирип баратып кайра бурулуп, тонунун этегин такымына кысып,– ой, балдардын бети колун жууп кой, Иленин кирсе уят,

– Аледин? Иледин ким?

– И-Леенин де. Ошо...падышаны кулаткан. Кыпкызыл аскерлер келатат дейт, И-Ленин баштаган.

Туш-туштан аны карай чуркап, тегеректеп ээрчиген элден оолактап:

– Силер өз айылсыңар, силер таарынбагыла. Силерге шашпай айтам, бүгүн колум бошобойт. Мен жарчымын! Жарчынын сөзүн кара түмөн эл күтөт. Көрүшкөнчө аман-эсен тургула. Кошкула! – Атынын башын бура тартып Насакенин жанына токтоп,– О Насаке аба, сүйүнчү! Бирназар кол башы болуптур. Оёзду кубалап жүрөт, А мен жарчымын. Элге Иленинди жар салайын.

Насаке таягына салмагын салып бир-эки кадам шилтеп:

– И-Ледин... И-Ледин кыргыз бекен? Дыйканбай желки баскан эринин жалап, кежигесин кашыды:

– Кыргыз, кыргыз дешет. Биздин уруктун жээни экен. Насакенин таягы, колунун башы калтырай, сакалын сылай көз жашы кылгырды:

– О жараткан, калкым тукум курут болордо... айланайындар, укканым ушак эмеспи? Азаттык заманы кандай болду экен? – ылдыйлап, тизесине бүгүлүп, таягын мандайына жөлөдү, Этек-жеңи делбектеп, атын талтактап теминип, тебетейин булгалап чапкылаган Дыйканбай белес ашты.

## XX

Аркайган зоока, кабышкан кокту-колоттор.

Аттарынын куйругу асмага сайылып, аягы суюлбай типтике ылдый чаап түшүп жатышкан жигиттер, такымдарына кыскан союл, чочморлор; ийиндеринде бирин-экин түтөтмө мылтыктар.

Эң алдында Ала-Батышты ойноткон Бирназар, жонунда кара мылтык.

Кырга жете бербей ат жалынан коктунун таманына колун серепчиледи.

Тигине, алар тоскон оёз солдаттары менен алаканга салгандай көрүндү. Ал артындагы жигиттерге колун жаңсап, атынан,түшпөгөн бойдон жанындагы мылтыгын алды да, оёзду кароолго ала баштады.

Коктунун таманында, солдаттарынын алдында катуу жүрүп келаткан оёз тык токтоду. Адатынча асманды карап, колун сереңдетип чалпоолонду. Артынан жин ургандай чапкылаган солдаттары аттарын тыбыратышып, аны тегеректеп турушту. Кимдир бирөө оёзго дүрбү суна

койду. Оёз кырды кырдата дүрбү салып бир аз турду да, атынын башын кайра артына бурду.

«Баң-ң!»

Ак мээлейчен оёздун колу асманды бир чапчып алып тикесинен сайылды.

Уу-чуу... Тарсылдак...чуулдаган ок... ээрин тепкилеп үрккөн аттар...

Күңгөй-тескейден таш кулап заматта акыр заман аңтарылды.

Оёздун солдаттары таштарга, аттарына далдоолонушуп ок жаадырышып жайыкка чачырашты.

– Алама-ан!– Бирназар үзөңгүсүнө тикесинен туруп кылычын шуулдата шилтеди.– Алама-ан!

Бирназардын эки канатында «аламандап» ат койгон жигиттер...

Таштын жаракасына арта салынган мылтыктын оозу баятан бери Бирназарды ээрчиди.

Бирназар кароолго илинди:

«Та-арс!»

Бирназар көкүрөгүн апчып, теңселе бир аз чалкалап кайра ээрдин кашына өбөктөдү.

Аттын жалынан мөлт этип кылычы кулады; кыңгырап ташка тийди.

Аттын жалынан ылдыйлап-ылдыйлап Бирназар өзү куланды.

Ала-Баш четке ойноп чыкты.

Бирназар жер таянып башын көтөрдү: тунарган, арман толгон көзү тигинде куйругун сыртка салып зымырап бараткан Ала-Башты издеди; асман, жер кызылтазыл нурга чайкалып, ал өзү алтын бешикке бөлөнүп, термелип ыракаттана көзүн жумду.

Кайрадан көзүн ачып, колун көтөрүүгө шайманы жетпей мойну шылк дей түштү.

Сарбала, Дүлөй кемпир баягы дөңдө, Кемпир:

– Бүгүн да келбейби?

Бала үндөбөй мурдун тартып койду.

Кемпир:

– Эмчегим зыркырайт.

Бала кулагын делдейтип тура калып кайра олтурду.

Кемпир:

– Жүрөгүм опколжуйт.

Баланын көзүнө алыстан уюлгуган чаң көрүндү, Муундуу чөптү сыдырып учкан жалгыз караан. Кемпир баланын көзүнө үңүлдү, анын көзүнөн шумдукту сезди.

– Ала-Баш! – Бала безилдеп, жерге тийип, тийбесе жок чуркады.

Таягын унутуп, жыгылып-туруп баладан кем калбай чуркаган кемпир.

Кара терге чөмүлгөн Ала-Баш шаңгырап кишинеди. Кемпир чучуктай чыңырып Ала-Баштын мойнуна асылды:

– Кокуй! Кок-уй! Ээң кана? Ээңди  кайда таштадың? – Ала-Баштын мойнунан кучактап, жалындагы канды өпкүлөп, боздоп, солкулдап.

– Уулум кана? Каралдым кана? Кайда таштадың жарыгымды?

Кемпир заматта эсинен ажырады, жер астын-үстүн аңтарылды: чачы-башы саксайып, жыгылып-туруп басып баратты.

Сарбала букулдап, анын колундагы Ала-Баштын чылбырын тартты.

– Эне... энеке, мага берчи.

Эне эчтемени уккан жок, эчтемени көргөн жок. Басып баратты жер көчүп; кулагында кошок:

«Алтын боолу ак шумкар.
Алтындан боосун тыттыбы.
Акылымда жок эле,
Айды карап учтубу.
Жакалай конгон көч калды,
Кагылбай түгөп от калды.

Жанга өлчөлүү тулпарың,
Жайдакталып бош калды...»

– Энеке... Байкеме өкүрүп түшөйүн. – Сарбала эненин колунан жылмышкан чылбырын алып, Ала-Башка минди. Баланын көзүндө салаалаган жаш, ал озондоп ыйлаганы, бакырганы араң, турду. Ал айыл жакты, жалгыз аяк жол таманын карады. Анын көзүнө желбиреген кызыл желек көтөргөн атчандар көрүндү. Ал өз көзүнө ишенбеди.

Имерилиште кызыл желек көтөргөн бөтөн адамдар.

Шоодурал бастырып келатышат.

Бала апкаарыды, атынын башын тартты.

Атчандар экөөнүн жанына ийрилип токтоп калышты.

Атчандын бирөө атынан ыргып түштү, энеге басып келип башын ийди, колунан өптү. Бул – Калык болучу.

– Байке... Калык байке! – Сарбала ый аралаш көзү чачырап Ала-Башты теминди.

Кемпир эсине келе түштү, көзүн бардап ачуу чаңырып ийди:

– Асылымдан айрылдымбы?! Асылым кана? Көзүм Кашайдыбы? Айланайын Калык, Бирназарым канакей?!

Эки кызыл аскер эненин эки жагынан жөлөшүп, анан ошердегилердин баары баш кийимдерин алышып, эненин артынан, тиги көрүнгөн айылга. – Насакеникине жөнөштү.

Айыл үстү.

Насакенин үйүнүн кырчоосунда ийилген кайгылуу кызыл желек.

Тунжурап кайгы жуткан эл.

Кыжырданып кайрат жыйнаган эл.

Эл алдында чоң ак жүз аарчысын суулаган Насаке.

Эл алдында бууракандап ырдаган Калык:

Ар-корду билбейт бок жүрөк,
Артынан кууп бок тиет.
Баатырлардын бактысы,
Мандайын жарып ок тиет.

Качып жүргөн бөөдө өлөт
Кабылан жигит жоодо өлөт,
Атанын уулу Бирназар,
Азаттык үчүн кан төккөн,
Азамат экен тоо жүрөк!
Эненин уулу Бекназар
Эл мүдөөсүн актаган,
Эр жигит экен тоо жүрөк!
Өксүдү, эрте өлдү деп,
Өлүмгө аны кыйбайлы,
Касаба туудай өмүрү,
Калкында калган турбайбы,
Калкында калган турбайбы,
Башыңды көтөр карыя.
Маанайы жарык ушул күн,
Баарыңа айтам жарыя.
Тебишип бирөө кулабай
Теңдик кун өзү келеби?
Эгешип чеке жарылбай
Эркин күн өзү келеби?
Ата-бабан каалаптыр
Алгын деп душман береби?
Алышып жака жулунбай,
Азат күн өзү келеби?
Азат күн үчүн калайык,
Азууларды сындырып,
Алкымдашып көрөлү…

Казганактаган эл улам коюлуп, улам ыкшалып, тосмодогу селдей мелтиреп тымтырс.

Калыктын ырын угуп тымтырс.

Желбиреген кызыл желекти тиктеп тымтырс.

Күн кылкылдап капчыгайдын үстүндө турат.

Күү-шаа түшүп, арыстандын жалындай эшилип дарыя сапырылат.

## АР КИМИБИЗДИН ЖОЛУБУЗ БАР.

### 1. КҮЛКҮ

Врачтын кабинетинде узакка олтурган жокмун. Жедеп көнгөн, бекбекейдей жатка үйрөнгөн «История болезнимди» дагы бир жолу «булбулдай» сайрап берип, кайра палатама киргенимде өз көзүмө өзүм ишенбей ан-кайдым. Эмеле мен көргөн койкадагы эркектин баары эле томурайган аял! Деги соомунбу? Көзүмдү бардап-бардап алдым. Он жактагы койкада санын кармалап денкейип олтурган аял шейшебин бооруна тарта чаңырып ийди. Ошондо гана эсиме келип, аялардын палатасынан атып чыктым. Деле аял көрбөгөн уландан бетер бети-башым дуулдап, жүрөгүм лакылдайт. Дагы башкасына кирип албайын деп шекшинип, мылтык ата тургансып шы-каалап атып өз палатамды таптым.

– Эмнеге антип киресиз,– деди тиги аппак тиш жигит.

Ага жогоркуну айтып бердим.

– Мен да ошенткем. Сиздики да абийирдүү экен. Мен түн ортосунда кирип жүрбөймбү. Туалеттен чыгып ке-лип жатайын десем эле кроватымдан жумшак бирдеме урунду. Кайра колумду сунсам, сүйрөлгөн ак неме тура калып чайылдады. Жан курусун, өзүм да бакырып ийип-мин. Аялдарды жакшы билесиз го… Анан палатадагы аялдардын баары түн ортосунда чуру-чуу түшүп…

Мен ал жигитке күлдүм:

– Анан эмне болду?

– Эмне болсун. Дежур врач, дежур сестралар мени тилдеп да жүрүшөт, күлүп да жүрүшөт. Эртеси андан бетер күлкү. Дарылоочу врачым суракка алды: «Эм-неге бардың» дейт. Бирдеме издеп барыптырмынбы? Оорукананын алды-үстү дебей мени көрсө эле күлүшөт.

Баарыдан келиниме шерменде болбодумбу. Ушерде врач болуп иштейт.

– Кандай келиниңиз?

– Инимдин колуктусу мага келин болбойбу. Мени «аке» деп тергейт. Деле кулакка жакшы угулат экен. Ыймандуу бечара. Жаман күлкүчү да. «Аке» деп келатып эле бышкырып калат... Ушинтип күтпөгөн жерден күлкү чыгат экен. Жетинчи палатадагы аялдар азыр деле мени «күйөө бала» деп калышат.

– Качан антип жүрөсүз?

– Оо, өгүнү. Андагы аялдардын баары чыгып кетти. А жанагы мен шейшеп талашкан келин аябай уялчаак экен. Палатасына кирбей, дарысын, тамагын ичпей дыргаяктап... Деги кызык. Бу ооруканаң кызык болот тура. Ар кайсы жактан келгендер. Ар түрдүү кишилер. – Ал курсагы гана көрүнүп жаткан бирөөгө карай көзүн шилтеп койду. – Алдагы досуңду карабайсыңбы. Эл жаздыкты башына коюп уктаса, бул жаздыкты мурдуна бастырып, тиштеп алып уктайт экен...

– Курсагы ооруйт бекен?

– Жок, бирок ооруган курсактан жаман. Таң аткыча сормо саздай быкылдап чыгат. Иши кылып балакеттин баары бар курсак мунуку.

–Балакеттүү үчүн ысып-күйүп турат да. Кынжыйган биздин курсак эмнесине ысысын, ак жайдын күнү тоңуп турат.– Мен белиме токтобой шыпырылган ыштанды бүйүрө кармап койкама жата кеттим.

Сүйлөөргө же күлөөргө шылтоо таппай турганбы, тиши аппак жигит жан-алы калбай эчкире күлдү. Анын жоро бозодо олтургансып адегенде ачуу кыйкырып жиберип, анан эчкире күлгөнүнө күлдүм.

Өзүмдөн башка палатада төртөө. Алардын аттары ким, кайсыл жерден, эмне оору менен ооруп, кайда иштегендер экендигин айтып бермек түгүл али жүздөрүн түгөл көрө элекмин.

Терезеге жакын, сол жактагы бурчта чалкасынан жаткан неме, жана учурашканымда үндөгөн эмес. Бутун учкаштырган калыбында маңдайындагы газетин кыңайтып бир жак ууртун, бир көзүн, мурдунун теңин гана көргөзүп койгон. Азыр сол жамбашына оодарылып уктап калыптыр. Тумбочкасынын үстүндө варенье, сок, тунган эки кефир, оролгон ак кагаздан тооктун жилиги менен мойну чыгып турат.

Оң жактагы койкада эмелеги сүйлөшкөн жигит. Мунукундай бажырайган аппак тишти мурда учуратпасам керек. Күн сайын шеткалап жууп, атайын тазалаттырып, нечен алакеттен өткөргөн тиштин да мындай аппак болооруна ишенбейм. Көзү тирүү, жылдыздуу, сыягы отуздардын гана айланасында. Ушунун «келиним» дегенин угуп, келини мунун алдында жибектей созулуп, ийменип турарын элестетип, буларга ичим жылып турду.

Ага аякташып чачы сербейген бирөө жатат. Мурду коңкогой, бетинде кан-сөлү жок. Сөөмөйлөрүн илмеңдетип баятадан газеттен жасаган калпагын жигитке ыргытып «эми кийип алып кете бер» дегендей, көзүн сүзүп колун жаңсады. Дудук экен. Мен аны негедир топ менен ойногон мышыкка окшоштурдум.

Төртүнчү мага тушма-туш. Саал кырдана, башын жаздыктын алдына катып киндигинен төмөн жагына шейшеп жабылган. Үзүл-созул кыр-кыр эткен коңуругу угулат. Кичине эле тийип койсо жылбышып кулап түшө тургансып, койканын кырына чейин эшилген курсагы. Анын кулагында бир чымын айланкөчөк тызылдап чуркап жүрөт. Акырын барып чымынды учурдум. Ал кайра конду. Мен учура бердим, ал кайра коно берди... Анан спутниктен бетер курсакка айланган чымынга, ага алек болгон өзүмө, мобул курсактын ээсине күлкүм келди. Так ушул заматта мурда озунуп, баятан берки кыймылымабы, кубалаган тооктой кыкылдап мага дудук күлдү... Дудук экөөбүзгө тиши аппак жигит кайрадан эчкире күлдү.

Бир күлгөн адам күлө берет, мага тегерегимдегилердин баары: мобул «курсак», аркы «дудук», тигил «тиши аппак жигит» күлкүлүү көрүнүп, булар бир күлүү үчүн жаткансып, өзүм да ошол үчүн келгенсип каткырып жибердим.

Каткырыктын арасында бөтөлкөнүн сыныгына окшоп, сол жактагы бир көз мага кадала түштү. Ооруканада экенимди, артыкбаш күлгөнүбүздү сезип, шейшепти жамына үлүлдөй жыйрылдым.

## 2. КҮНДҮ ТОСУУ

Оорукананын да, андагы оорулардын да өзүнчө машакаты, өзүнчө көнүмүшү бар.

Эртең мененки, эң биринчи түйшүгүбүз – жуунуптарануудан башталат. Эртең мененки, эң биринчи насибибиз – дары ичүүдөн башталат. Наушникти кулагыбызга такап, акыркы кабарларды кайра-кайра угабыз. Тамактанабыз. Анан, газет окуп врачтын обходун күтүп жатабыз. Күн сайын ушул маалда, ысып-күйгөн курсагына муз басып, таштай мупмуздак бутуна грелка, коштоп одеял орогон Иван Петрович жаздыгын мурдуна коюп түн баласында жылкы кайтарган эмеден бетер кырылдап коңурукка кирет. Тюрин аны көргөзө кыкылдап тамагынан күлөт да, тумбочкасынын тартмасынан кагаз-карандашын алып сүрөткө тарта баштайт. Сынып кетчүдөн бетер кагазын акырын кармап, акырын чиймелейт. Кеберсиген эриндерин улам-улам жалай берет. Ал биз менен ойногондо да акырын түртүп же сылап коюп алаканын тосуп корунат да, эгер колуңду сунсаң мурда озунуп, шап кармай калат. Мышык ойногондо тырмагын катып алып жумшак таманы менен түрткүлөп ойнойт го. Негедир Тюринди алгачкы күнкүдөй, дагы эле ойногон мышыкка окшоштурам.

Ким аны карабай же байкабай турса, эрикпей, кадаланып сүрөткө тарта берет. Курсагын эшилтип жаткан

Иван Петровичтин бир нече сүрөтү анын блокнотунда, жалгыз эле ал эмес...

Бизге укол жасаган эки сестра бар. Эрини чүрүшүп, көзү үч бурч тартып, кареги ийненин учундай жылтылдап туруучу Машадан баарыбыз сезденчүбүз. Ал тикиреңдеп киргенде былк этпей, кагаз да шуудуратпай тым тырспыз. Ким бул тынчтыкты бузса анын жамбашына ийнени матыра сайып, каалганы тарс жаап, кандай кирсе ошондой чыга жөнөчү. Биз анын кылак эткен жылаңач далысын гана көрүп калчубуз.

А Валя деген сестра киргенде үнү жылаажындай шыңгырап, палата жарк эте түшөт. Ийнесинин учун кебез менен кармап, сени өбө тургансып таптатынакай эринин бөйтөйтүп жаныңа келип кылгыра карап алат. Жупжумшак колу жамбашыңды сыйпалайт. Сенин жаның мээлип, ийне эмес найза сайып ийсе да ыраазы болосуң.

Тюрин Машаны сүрөткө тартыптыр. Кудум өзү! Мурчуюп, колуна колтойгон шприц кармап, керебетке эңкейип турат. Керебетке тизелеп, куйругун томурайтып башын каткан бирөө жатат. Күнүгө бир-экиден күлкүлүү сүрөт. Ушинтип «дудук» көңүл ачаарыбыз, тили бар кишиден көбүрөөк сүйлөйт.

...Ар бирибиздин оорубузга ылайыктуу процедура бүткөндөн кийин эшикке чыгууга камданабыз. Үстүбүздө жол-жол ала пижама. Башыбызда Тюрин жасаган газет калпак. Ысык, үп, дары жыттанган палатада курсагыңа муз басып Иван Петрович гана калат.

– Гвардия, жөнүндө шартылдап,– дейт ал бизге кырылдап.

А «шартылдай» турган биздин кебетебиз; Исландын тиши эле бар. Бирөөбүз дудук. Бирибизден бирибиз өткөн арыкпыз.

– Гвардейская палата, кайда жөнөдүңөр? – дейт бизге сестралар.

– На поход!

Биздин «походко» кошулбай, «жалгыз көз» зыңгырап жалгыз басат. Жок, анын эки көзү, эки уурту, бүлөөдөй мурду бар мантайган жигит. Аты Мукаш, шаардагы соода тармагынын бирөөндө начальник экен. Бизге окшоп ооруп, биздикиндей ала пижама кийип жүрсө да жүргөн-турганы таптакыр башкача. Ага собол сурап келгендер да чыңгырайт. Мобул оорукананын алдындагы узун олтургучта зымга конгон чымчыктардай тизилип олтурушкан ооруларга аралашпай, Мукаш менен окчундап сүйлөшүшөт. Көлөкөдө гана басышат.

Ислам бизди күн жакка ээрчитет. Бир көзүн жуумп күндү типтик карап алат. Күнгө басканда көзү күлмүңдөп, майланышып жылтырап өңүнө чыга түшөт.

– Буудайдын башы кылкылдап турса… Сен атыңдын ооздугун шылдыратып бастырып баратасың… Ар жактан калкылдап күн чыкса… Талаанын ысыгы, талаанын күнү жыргал экен го! Бир айга жакындады. Күндүн чыкканын көрө элекмин. Сагындым Ысык-Көлүмдү!– Ал кыңылдап ырдай кетет. Анын ыры тил кургап оозго батпай турганда жуткан суусунга окшоп, жаныңды жыргатып, өзөгүңдөн кыбылжып кирет. Овонун угуп, бирде көл бетинде акырын термелген кайыкты элестетсем, бирде ыңырсыган күндө, буудайдын арасындагы жалгыз аяк жолдо ылаалаган атчанды элестетем.

Бирин-бирине ичи менен, иши менен окшошпогон кандай гана адамдар бар дүйнөдө! Күн шоогубуз. Кыпкызыл болуп батып бараткан күндү кызыл күүгүмө чейин тиктей беребиз:

– Күн кызарып батты… Эртең да ысыйт. А эртеңки күндү кээ бирөөбүз көрбөй калчубуз. Демейде жуураттай уюп жата берчү Иван Петрович бүгүн өзүнөн өзү капааттанды, наалыды:

– Медицина алиге алсыз… Буга ишенип…

Кирпиги тескери айланып, ачуусу мурдунун учуна чогулду. Эч даам татпады, үйрүлүп түшкөн врачка да

акырандап, анда бир акысы бардай, ал ага бир карасанатайлык кылгандай тиртиңдеп бир тийди:

– Турам мен!

– Макул... тургузабыз. Аз күнгө чыдап туруңуз.

– Эмне үчүн бат айыктырбайсыңар? Эмне үчүн жаткырасыңар?

– Иван Петрович... Эстүү кишисиз. Бул ошондой оору да. Инфаркт... волноватся этсеңизчи. Тынч...

– Фу! Силердин айтканыңар... силер бир китептегини...

Врачтарга кандайдыр ишенбегендей сыяктанып өзүбүздөн өзүбүз иренжидик. Капкаяктагы тумандаган санаалардан таңга жуук гана көзүбүз илинген экен, дүбүрттөн улам ойгондук. Иван Петрович туруп, коридорго кадам шилтер замат жыгылып, врач, сестралар жетишкенче жарык дүйнө менен коштошту.

Мына, эмеле сүйлөп, урушуп, басууга кубаты жеткен биздин арабыздагы адамдын бирөө жок. Түбөлүккө кайрылбайт. «Анын балдары, аялы, туугандары бар... Тигине керебети, кармаган стаканы, жаздыгы... Биз да ушинтип адамдардын арасынан жоголобуз ээ?» Бири-бирибизге айтышпасак да бул ой «чак» этип маңдайыбызга тийип, ичибизден тымызын жеп, тымызын кемирип турду.

Ал күнү ыкшоолонуп, шалдырап күн ылдыйлаганда палатадан чыктык. Көңүлүбүз чөгүңкү. Адам кызык да. Канчалык башка жамандык түшүп, санаркап же ал жамандыктын күбөсү болсун, алар бири-бирине ошончолук имерчектеп, жуурулушуп калат эмеспи. Күндө бизге кошулбаган Мукаш, бүгүн Тюринди колтуктап, ал жасаган модалуу газет шляпаны чекесине кондуруп, баш бармагын көргөзө аны мактап, өзүн да, аны да алаксытып жүрөт. Күндө ала пижаманын чөнтөгүнөн колун чыгарбай, эч кимди карабай сыдырайып басып жүрчү Мукаштын, бүгүн көрүнгөнгө кайра-кайра ийилип учурашып, дудук менен дудук болуп сүйлөшүп, ага түшүндүрө албай, же аныкын өзү түшүнбөй күйкөлөктөгөнүнө таңбы, бир

палатадагы биз эмес, баары аны жылмая узатышат. Ал эми «жетинчи» палатадагы аялдар чымчылай сүйлөшөт.

– Анык дудук эле го?

– Анык күйөө болчу ушул бейм.

– Жасанып да алыптыр, бүгүн койнуңа кирет, – дейт тиги тиши орсогой аялга жанындагы ыткыйган сарысы.

Чынында эле Мукаш «жасанган». Кийгени кечөө үйүнөн алдырган, бир да бырышы жок жалтылдаган жашыл пижама. Өңкөй окшош пижамалардын көздөрү аны ээрчип, аны толгон тооктун арасындагы жалгыз өрдөктөй карашып, пижамасы үчүн аны жактырышпай кодулашып, пижамасы ага жарашып турса да «жарашпайт» дешип, сынашып, «тиги ким?» деп сөөмөйлөрүн сайып көрсөтүшүп, «начальник» экенин укканда кай бирөөлөр аны андан бетер кычыкташып куйкаларын тырмашат.

– Эй, агроном,– деди тиши орсойгон аял бешимдеги көлөкөгө окшоп маңдайына тура калган Исланга,– мени Ысык-Көлүңө ала кетесиңби? Оокатка бүйрөмүн. Жакшы тамактарды жасап берем.

– Аяктагы аялымды кантем?

– Эчтеке эмес. Колу узарганды ал деле жаман көрбөс. Он балам бар дсйсиң. Алардын жалаягын жуушайын. Олтурган аялдар ооздорун ача ахалашып;

– Он?!

– «Күйөө бала», сенин он балаң барбы? Анан эмне бияктагы кыздарды азгырасың?

– Он кайдан болсун...

Ислан узун буттарын Жыйнай, чекесин жалтыратып бир көзүн жума күндү карап алат:

– Он гана эмес, он эки... мурдагы кетирген аялымдан экөө.

– Он эки?! – Ыткыйган сары аял өңгөчүн тартты.

– Сен мурда аял кетирдиң беле?

– Кетирбегендечи... Илээнди болсо, нан бышырганды билбесе.

Бир жак ийнине төгүлгөн чачын аркасына салып ак-саргыл кыз жоодурады:

– Бир үйдө кантип он эки жашасын...

Ислан шашпай, сөзүн таптап сүйлөдү:

– Жок болсо айла жок. Бар балдарды азайтып айтууга оозум барбайт. Отуз жети жаштамын. Он эки баланын атасымын!

– Анча баланы кантип багасың?

– Агрономдун наны көп.

– Ар бирөөнүн өз насиби бар. – Ислан ордунан туруугa камданды.

– Баса, бул да начальник, жейт.

– Жегени жакпаса керек, мойну узарып кетиптир.

Тиши орсойгон аял Исландын пижамасын кармалап коё бербейт: .

– А сен эмне жашыл пижама кийбейсиң? Башындагы кагаздан көрө, суусар тебетей кийбейсиңби, Көрөлү. Тиктейли. И-ий, начальникти начальник чакырып аткан тура. Баргыла!

Мукаш менен Тюрин Ислан экөөбүздү кол булгап чакырып турушкан.

Баятан берки сөздөргө аялдар шарактап, өзүбүз да куунап баса бергенде ыткыйган сары аял мени да бир «каап» алды:

– А момунусу чак түштө коюнга кирчи эле.

– Алы деле калбаптыр го...

Жетер замат Мукаш бизди оорукананын багынын артын көздөй ээрчитип жөнөдү. Бутактардан өңкөйүп, жерди аярлап басат:

– Этиеттенгиле, көзүңөрдү бутак чертип кетпесин, айнекти басып албагыла. Э-эй, мен силерге бир кызыкты көргөзөйүн, Э-эй, адамдар сыйлашкан жакшы. Сыйлашууга жетеби. Кезек-кезек бир сап ырды мурдунун учунан кыңылдап коёт:

«Адамдар сыйлагыла бир-бириңерди...»

Бактын арасындагы дубалдын бир киши өтчүдөй жери ураган. Чубашып чыгаар менен көзүбүз жайнады. Бет алдыбыздагы «Фрунзе» заводунун стадионунда эл быкылдап, суунун шарындай күрү-гүү кулагыбызга жаба берди.

– Футбол!

Шаардын биринчилиги үчүн жолдоштук беттешүү болгондуктан анчалык такык эмес экен, биз эч токтолбой эркечтен бетер трибунанын эң чокусун карай жөнөдүк. Алакандарын чаба албай-араң тургандардын бир тобу бизди карап кол чаап жиберишти. Аңгыча футболисттер чыгып, стадион ызы-чуу түштү да калды.

...Оюн көз ирмемде бүткөнсүп, моокубуз канбай, ошентсе да көңүлүбүз шагдан чыгып бараткaнбыз.

– Жигиттер!– Биздин ооруканaнын «глав врачы» ооздон тосуп туруптур. Ал шашпай папиросунун түбүн соруп ыргытты.

– Кана, силерге ооруканaнын аянтынан чыгууга ким уруксат берди?

Мукаш алдыбызга өттү:

– Дмитрий Павлович, өзүбүз эле.

Дмитрий Павлович колун шилтеп койду. Аны боорукер, ошону менен бирге катаал, эгер колун шилтесе сөз айтып убараланба, ачуусуна тиесиң дегендерин уккам.

Жолдош Кулуев,– деди ал Мукашка,– сиз өзүңүзгө өзүңүз уруксат бергидей укугуңуз жок бул жерде, экинчиден, алдагы жалтыраган немеңизди үйүңүздөн кийиңиз!

Эртеси эртең менен сестра хозяйка пижамаларыбызды жыйнап кетти. «Гвардейская палата» дамбалчан калдык. Эшикке чыгуудан ажырадык.

## 3. ТООНУ САМАЧУБУЗ

Күндүн ысыгында, төрт тарабыңдан курчалган дубалды тиктеп, ордуңдан жылбай жатып көрдүң беле? Анда сен, басып жүрүүнүн өзү эмне деген жыргал экенин билесиң.

Биз жаткан оорукана шаардын четинде. Терезесинен кербен тартып тоолор көрүнөт. Чайыттай асманда ал андан бетер бийик, андан бетер сулуу! Чокуларына апаппак мөңгүлөр уюп, жылгаларына айран төгүлгөндөй салааланып кетет. Тоолорду карай беребиз.

– Тоолор сонун ээ?

– Сонун эмей...

Ушу бүгүн ат минип бастырып баратсаң...

Кулундары кишенеп тургандыр ээ?

Ал жакта жылга сайын атырылган каштай тунук суу, жашыл туланда ойногон салкын жел. Күн сайын болбосо да күн алыста кубаңдаган булуттар чүмкөп нөшөр төгөт. Биз ошол жамгырга – жайдын ак жаанына куштарбыз. Ал дыбырап жаап турса, биз терезени ачып коюп тыңшасак. Анын бермет тамчыларын алаканыбызга тосуп, бетибизге чачыратып чыйрыксак...

А жаан алакчылайт. Керме тоолорду сыдырып гана, ак көшөгө болуп көздү чачыратып өтүп кетет. Тоонун этегиндеги төө карын адырмактар бир кыпын түшсө дүрт этип өрттөнчү самандай бөлпөйүп өңү ачып турушат. Ооруканадагы бак-дарактардын жалбырактары чүрүшүп, түбүндөгү чөптөрдүн каны качып, шуушандай тикчийип сары багалек.

– Ысык-Көлгө да күн жаабады. – Ислан улутунуп, соксоюп койкасына отурат. – Апийим... Эгин... Суунун маалы. Колхоздо кантишти экен?

– Олдо, сенсиз токтоп калгандыр.

– Санаа тынчыбайт. Быйыл буудайдын жаңы сортун сепкенбиз.

– Андан көрө ошол буудайдын дүмбүлүн тез жээриңди айтсаң.

– Чын эле ой,– Ислан маңдай тишин жаркырата жылмаят. – Өнөкөт бир оору менен келдим эле, канча ооруну табышты. Кынжыйган ичимдин каягына батат ошончо оору? Ат минбе, агрономдукту ташта, контордук

кызматка өт дешет. Ансыз кантип күн көрөм? Талааны, тоону терезеден тиктеп кантип күн көрөм? Талааны тоону терезеден тиктеп кантип отурам?

– Буулуктуң. Чыксаң эле тоону көздөй жөнөөрсүң.

Үксүйгөн чачын сылап, койкасын кычырата керилип-чоюлуп Мукаш да ичиндегисин жашырбайт.– Дароо машинеми чакыртып, туура эле тоо жакка айдатам. Тетиги чокуга чыгам.

Сөздү эмнеден баштасак дагы Щедриндин «Үч генералына...» окшоп, биздин сөзүбүздүн аягы тоого барып такалат. Тоонун этегинен суу ичип, тоонун этегинде эле туруп, тоону ушунчалык самайбыз десең! Түгөнгүрдүн тоолору ай! Капкаяктагыларды эске салып, асманды карай калкамандап, толкун болуп түрүлүп жатканын карасаң.

Тюрин да качандыр бир тоого барганын, калтырап үшүгөнүн, кучактай идишке тамак ичкенин жаңдап түшүндүрүп, кыкылдап күлүп, «Тоо сонун» дегендей баш бармагын көргөзүп, таңдайын так эткизет.

Биз анын сөзүнүн учугун чубап чыгабыз:

– Тоодон киши тамакты көп ичет.

– Апетит бир ачыла-ат.

– Эмеле бир козу жесең кайра жегиң келет. Тоо жарыктык...

Палатадан жүрөгүбүзгө тамак баспай калды. Оорукананыкы, сырттан кирген тамак канча. «Алып келбе» дей албайсың, албасаң уят, сага келген кишинин көңүлү кирдейт. Эмне келсе да, ортого салабыз. Мына, улуубуз-кичүүбүз же начальнигибиз жок кум чукуп ойногон «балдар бакчасынын» балдарындайбыз.

Мукашка тааныштары көп келет. Өзгөчө эки сумка күн сайын кирчү. Кара сумка киргенде тоотпогонсуп, шашпай, ичиндегилерин ыргылжың алып, кайра ага: тунган кефирлерди, өзүнөн арткан варенье банкаларын, тамак-аштарын салчу да, нянянын чакырып көтөртүп, өзү

аркасынан салаңдап ээрчип чыкчу, же чыкпай, чыкса да бат эле кайтчу.

Экинчи кызыл сумка күүгүм талаш кирчү. Анда Мукаш ордунан ыргып туруп, сумканы ары-бери бошотуп, жайдаңдап өзү көтөрүп жөнөөчү. Бизге «постельный режимден» кийин, кызыл сумка катташпай калды, анан эсинин жүзүн да көрбөдүк. Чынын айтуу керек Мукаш күнүгө бир маал «начальниктигин» кылтыйтып коюп жүрдү. Тумбочкасындагы жер-жемиштерди бизге берип буюрчу:

– Тазалагыла, – өзү наушникти угуп жата берет.

– Тазаладыңарбы? Эми банкага салып кумшекер сээп койгула. Ии, молодессиңер!

Анан ушу банкадагы жер-жемиштерди кара сумкага салып үйүнө жөнөтчү. Сумкага батпай калган, тунган кефирлерди кээде бизге шыкачу:

– Ой, мобу кефирлерди ичсеңер боло. Ичкиле! Бөйдө төгүлбөсүн.

Ислан бир жолу тырчый сүйлөдү:

– Өзүң ич! Бузулган кефирин өзү ичпей бизге ичиргиси бар. Аны ичип алып каяка чуркайлы?!

Бирок мындай «чарпышуулар» эрөөн болчу эмес. Бир үйдө казан-аяк деле кагышат да. Кочкордой төрт эркектен анчалык сөз чыкпай эмне болуптур. Өзүбүзчө бир сөз чыгарып, аны ар кимибиз туш-тушка чоюп, талалашып, бир короо кишидей бакылдашканыбыз менен, врачтар же сестралар киргенде тултуюп жатып калчубуз. Бул, биздин шымыбызды чечтирип салгандыгы үчүн «главрачты» коркутканыбыз, кекеткенибиз. Мүмкүн «главрач» шымсыз бизди небак унуткандыр. Ооруканада кээде, далдайган чоң кишилердин шымын чечип жазалап жаткырып койгону, чоң кишилер ошого баш ийип, андан кийин жалкып шам-шаркыт баспай калганы кызык.

Бир чети унчукпаганыбыздан, бир чети Тюринге карап дудукча «сүйлөгөнүбүздөн» улам «Гвардейская

палата» деген атыбыз өчүп, «дудуктар палатасы» деген атка кондук. Оюнкараак, тамашакөй сестралар андан бетер бөлөккө бурушту:

– Футболисттер палатасы.

– Жок, шымсыздар палатасы.

– Шым киер күн келет,– дейбиз биз жадаганда күлүп. Жаңыдан шым кийип, чөжүрөгөн бир өңчөй балдар бышырап, жуушап ойноп жатышып, бир кезде «чар-р» дей түшүшөт. Анын сыңарындай биз качанга чейин койкада жуушамак элек.

Тюриндин эки уулу, бир кызы бар. Деле жылдыздуу, монтоюшуп сүймөнчүктүү. Эне-атасында тил жок, а булардын тилинин таттуулугун айтпа! Эң кенжеси, колун аркасына катып, монтоюп, тилин буудай куурутуп ырдап жиберет:

Пус сегда будет солнце
Пус сегда будет небо.
Пус сегда будет мама.
Пус сегда буду я.

Тюрин кенжеси экөө жашынмак ойноп, аны күлдүрүп, өзү да көзүнөн жаш чыгара кыкылдап, анан шиберге томолонуп калышат. Анан баары чогулуп алакандарын эпилдетип сүйлөшүшөт, күлүшөт.

Биз аларга суктанчубуз:

– Тилдүү адамдарга бергисиз үй-бүлө экен…

Бүгүн Тюринге кызы менен кенжеси гана келиптир.

Экөө терезенин тушунда, жерде; атасы терезенин бер жагында, экинчи кабатта. Кулагынын түбүнө мылтык атса укпаган Тюрин, балдарынын үнүн бизден мурда угуп ыргып турат.

Уулу колун сунду, ыйлады. Атасы укту бекен? Укту. Ал биз айта албай турган кандайдыр бир сыйкырлуу сөз менен балдарын соороотуп, жоошутуп, балдарына жалын-

ды. Баласы эч кимге угулбаган, эч ким түшүнбөгөн атасынын үнүн угуп, сөзүнө түшүнүп алаксыды, кетик тиштерин бажырайта бытыйган алаканын аркасына катты:

Пус сегда будет солнце...

Бала учуп бараткан көпөлөккө чуркады. Тюрин тандайынан кыкылдады, топ ойногон мышыкка окшоду. Биз ага жылмайдык. Тюрин селт этти, өңү бузулду, кареги кайнады. Уулу жыгылып, кызы чуркап барып көтөргөндө жамажайынан шилекейине аралаш кан жая берди.

Тюрип «чар-р», этип терезеге боюн урганда кармай калдык. Ал адамдан башкача ачууланып, жулкунуп, тиштегилеп, көзүнүн кареги менен аткылап «ча-чулады». Эмеле топ менен ойногон мышык, жупжумшак таманынан тырмактарын арбайтып, темир да болсо бир аткып өтчүдөй, кыпкызыл чок болсо да бир тийчиден бетер түйүпчөктөй түйүлө калды.

Кыз бөбөгүнүн оозун аарчып бооруна көтөрдү. Бала терезеге колун сунду. Ошондо гана Тюрин жайланды. Ошондо гана газеттен калпак жасап кыкылдап күлчү Тюринге окшошту.

Ошонуп эртеси «Дудуктардын палатасы» пижама кийип эшикке чыкты. Биз Тюринден коркуп, ага кандайдыр абайлап мамиле жасап калдык. Ал да мунубузду сезди.

Үч күндөн кийин Мукаш кара сумкага тумбочкасынын ичиндегилерди ыпырып-шыпырып салды. Адресин, телефон номерин кайра-кайра айтып эпилдеди:

– Келгиле биздикине. Эшик-төрүбүздү көргүлө. Үйүбүз өзүнчө. Короосу кенен. Келбесеңер таарынам. Бирге жатканыбызды унутутпайлы. Адамдар бири-бирин сыйлашканга жетеби! – Ал биздин адресибизди да алды. – Силерди издеп барам. Силер чыкканча сөзсүз келем! Кокус бирдемкеге муктаж болсоңор мага кайрылгыла. Телефон чалгыла. Дароо жардам этем.. Кош эми, мендей болуп өзүңөрдүн, бөйрөгүңөр, ичеги-карыныңар айыксын!

Тюрин ага күлкүлүү сүрөттөрү бар блокнотун берди.

– Байкуш дудугум, адамдан эстүү, жакшынын бир жери кемчил, – деди ал ага, колун керкидей ийип чапкылап.– Сен жыгачтан буюм жасоочу комбинатта иштейт турбайсыңбы. Мен сага книжный шкаф жасатам. Мен сага жардам берем!

Тюрин түшүнүп башын ийкеди.

– Кайыр курбулар, Ислан, сен болсо көлдөсүң,– шляпасын оңдой мага карады.– Самак экөөбүз шаардабыз, кааласак күн сайын көрүшөбүз!

Биз Мукашты узатканы чыктык. Дагы бир жолу баарыбызга тоңдосунураак кол берди да, тигинде, бактын көлөкөсүндөгү сур «Волгасына» кол булгап чакырып, чыга бериштеги тепкичке такай токтоду да, кайкалай отурду. Машина эки жолу «түт-түт» этти.

Башыбызга кагаз калпак кийип карап турдук. Чыгышты карай бир азга түз барышып, тоону карай кеткен асфальт жолго бурулушту.

Тоого кетишти!..

Негедир ичибиз оңкулуктай түштү,

* * *

Ар кимде бир каада күтүү, намыстануу бар эмеспи. Мен Мукашка жөнү жок эле телефон чалгым келбеди. Кийин, Октябрь майрамынын алдында телефон чалдым.

–Алло, Мукаш, салом алейкум...

–Яа-а, – деди телефондун аркы учундагы үн.

–Мукаш, салом алейкум, майрамың менен!

–Бу-бу ким,– деди телефондогу үн ыңгыранып.

–Мен... Самак! Самак Шеримбековмун! – дедим, – «Шеримбеков» десем эле телефондун аркы учундагы үн үзүлүп түшчүдөн бетер.

–Шеримбеков... билбей жатам, – телефондогу үн өзгөрүлгөн жок.

– Кечиресиз, бул Мукаш Кулиевпи? – дедим үнүмдү көтөрө сүйлөп.

– Да-а, Кулуев...

Мен ага жайдын башында ооруканада бирге жатканыбызды, Самак экенимди; Исланды, Тюринди айта баштаганымда ыңгыранып койду.

– Аа-а... – Башка эчтеме сүйлөбөдү, сурабады.

Ичим муздай түштү. Ызаландым. Балким табити тартпай турганда телефон чалгандырмын.

Мен аны экинчи жолу борбордук рыноктогу азык-түлүк магазининин алдынан көрдүм. Ага басып бараткanымда, жетериме эшик төрдөй калганда, мени кайдигер карап туруп машинесине кайкалап олтурду да, «тут- тут» эттирип жөнөй берди.

...Исланга кышында вокзалдын алдынан жолуктум. Алда кайдан эле тишин кашкайтып:

– О-оо, кайран шумкар. Жакшысыңбы?

– Жакшы эмей, көрбөйсүңбү, – деди куркуюп, тумагын кежигесине түртүп. Колтугунда бир бүктөм одеял, арасынан баланын ороосу чубалган.

– Аялың төрөдүбү?

– Аялым жакында төрөйт. Баягы врач келинимчи, ошол төрөптүр. Мына, чоң ата да болуп калдым,– деди таза кырылган ээгин сылап. – Жүрбейсүңбү ресторанга.

– Аябай ичелиби?!

Жолдун аркы өйүзүнө өттүк.

– Ии, ден соолук кандай? Агрономдукту таштадынбы?

– Таштабай калайын, ансыз күнүм өтчүдөй эмес. Ошо агрономдукту күчөтөйүн деп айыл чарба институтунда жүрбөймбү. Мамлекеттик экзамен тапшырып жатам.

– Деги ооруган жериң басылдыбы?

– Басылды. – Колун шилтеп салды. – Басылбаса ал мени басып жегиче тоолорду, талааларды тиктеп жүрөйүн.

– Антпе, доктурлардын тилин ал. Иван Петровичти билесиңби?

–Баса, ошол Иван Петровичтей коридордо өлгүм келбейт. – Ал тишин кашкайта күлүп, адаттагысындай бир көзүн жума күндү карап алды.

–Э-эй, ар бир күнүбүз – күрөш, ар бир кыймылыбыз – эмгек. Ансыз жашоонун кызыкчылыгы не? Ар кимибиздин жолубуз бар…

Дасторкон жайып сыйлашпасаң да, дайыма көрүшпөсөң да, мындай адамдарды эстегенде, алардын айткан сөздөрү акак ташка чөгөрүлгөн алтынга окшоп чыга келет.

Исландын сөзүн дайыма кайталайм. «Ар кимибиздин жолубуз бар». Ак сөз. Жашоодо, турмушта ар бирибиздин ордубуз, ар бирибиздин жолубуз бар. Кимибиз кандай басабыз. Кайжеринен мүдүрүлөбүз? Качан басып түгөтөбүз… Түгөнгүчө бул дүйнөнүн бир күнүнө алтынга окшоп чөгөрүлүп калсак ээ?..

# АК БОЗ АТ

***Эки көшөгөлүү драма***

## КАТЫШУУЧУЛАР:

Малике-аяр – Эл өкүлү.
Карыя.
Кулан
Сулайман – Кол башкарчу жигиттер.
Жаныбек – Хан.
Алтын таяк
Зулайка – Жаныбектин энеси.
Ирбис
Жанкозу – Жаныбектин жигиттери.
Эрке айым
Дилде айым – Жаныбектин айымдары.
Айша айым
Думана – Эрке-Айымдын атасы.
Чарын – Жунгар ханы.
Лайлум – Чарындын кызы.
Шамур – (Шаймаран)
Мансур – Чарындын кол башчылары.

Жонжай кишилер, жортуулчулар, туткундар, ордо кыздары, нөкөрлөр, желдеттер.

## БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

### Биринчи көрүнүш.

Караңгы. Иттин улуганы. Сурнай үнү. Жалгыз жылкынын дүбүртү, кишенегени. Жылаажындын шыңгыраганы алыстап жоголот. Муңдуу ыр угулат:

Кызыл кыр ылдый көч барат, арман,
Кыраанын улуп ач барат, арман.
Ак боз ат илкип, тизгинин чубап,
Ак каңкы ээри бош барат, арман.
Аза күтүп көч барат, арман,
Алгырың жүдөп ач барат, арман.
Ак боз ат арып, чылбырын сүйрөп,
Ак олпок тону жок барат, арман.

Көшөгө жай ачылып, жалгыз түп жапырак талга – мазарга шоола түшөт.

Аса-мусасын шалдыратып Думана кирет.

Думана. Ак! Ак!
Думана келет о ак уруп,
Кудайына о жалынып,
Кудайың, кайда о көрбөдүм,
Куу ажал жетип о өлбөдүм.
*(мазарды карап).*
Жин-перинин уюгу, кыдыр алейсаламдын түнөгү,
Сен айтчы, куу таяк таянып жериңди кыдырдым,
Куу чүпүрөк жамынып элиңди кыдырдым...
Куу тырмак болуп чөбүңдү сыдырдым...
Дагы көрө элек эмнем калды! Кана?..
Малым, малым о дейсиңер,
Малың тоонун о чымчыгы.
Үйүм, үйүм о дейсиңер,

Үйүң токой о чырпыгы.
Өрдөк учса о көл калат,
Өлбөй тирүү о ким калат.
Булбул учса о тал калат,
Бу дүйнөдө о ким калат...
Алдо үй, алдо үй...
Ак дегенден о уялбай,
Актын жолун о кыялбай.
Өлөйүн десем о жан таттуу.
Кирейин десем о жер катуу.
Алдо үй...

Думана таягына өбөктөйт. Азга тымтырстык.

Думанага элес тартылат:

Күнгүрөнгөн үн. Кимсиңер... Силер кимсиңер?

Дыйкандын үнү. Дыйкан элем; Алыш чаап, аштык айдап жүргөндө өлтүрүштү.

Устанын үнү. Колумдан көөр төгүлчү. Өзүм соккон кылыч менен өзүмдүн башымды алышты. Мен алда качан өлгөм. Кылыч алигиче тирүү – жалаңдап баш кесет.

Үн. Башың кана? Сен кимсиң?

Жооп. Ким экенимди өзүм билбейм. Башы жок арбакмын. Денем бөлөк көмүлгөн. Башым ошол кыргында жоголгон. Башымдан ажыраткан кылычка каргыш...

*(Ымыркай баланын ыйлаганы угулат).*

Үн. Сен бешигиңде таңылган боюнча ачкандан чарчап калдың.

Ажалдын үнү. Мен ажалмын. Эй, адам! Сен кайда барсаң мен ошоякта. Мейлиң, эмеле дүйнөнү бүркүп коёсуңбу, кырыласыңбы... баарына макулмун, баарына кайылмын. Кылыч, мылтыкты мен жасаган жокмун, кыргынды мен ойлогон жокмун. Эй, Адамдар, ажалды силер өзүңөргө өзүңөр чакырасыңар. Мен четиңерден санап бирден жаныңарды алчу элем, эми санатым жетпей баратат. Эй, күндүн көзү тунарат – кимиңердин каныңар, айдын бети карарат – кимиңердин жаныңар?

Думанам, унчукпайсың да...

Үн. Эмнеге унчугайын, баары чын.

*(Тымтырстык.)*

Мылтык тарс этет. Ачуу кыйкырык. Сахна жарк дей түшөт. Думана чочуп, секирип токтойт. Алыста керме тоолор, андан бериде, талаада – сепил.

Думана. О, жараткан!
Ыраазымын, жалган дүйнө жыргалыңа.
Дооматым жок кызыл камчы жылдарыңа.
Кулдугум бар, тирүүлүктү көрбөйм эми,
Тарт кудай аманатыңды!
Тетиги булагыңа жүзүм жуугам,
Мына бу мазарыңа жаным курман,
Тарт кудай аманатыңды!
Унуткула менин жаман атымды.
Аманатыңды тарт, куда-ай!

Ажал үнү. Сенин керегиң жок! Сен Думана болуп жүрө тур. Дмана болуп өзүң келесиң. Думана бойдон өлөсүң.

*(Жаңырык)*

А.. а-а, а.

Думана. Оо, көзү жок кудай... *(Үн чыккан жакты кубалап)*

Атым да Думана *(көзүн ушалап эки жагын каранып)* жада калса көзүм да Думана... Оо калыстыгы жок ажал... *(Кетет.)*

Ажал үнү. Ырас, ажалдын калыстыгы жок – ошон үчүн ажал. А адамдар, силерчи... Силер кандайсыңар.. Сай ташындай кылымдар өттү. Силер бири-бириңерди аядыңарбы? Дайыма калыссыңарбы? Кана, ойлонгулачы... Кана, ат жалына казан асып бир азга өткөн-кеткенге көз жүгүрткүлөчү.

*(Пауза.)*

Кылычтын кыңгыраганы. Жоо жаракчан Чарын. Бөйрөгүн таяна сепилге серп салат. Шамур, Мансур жана нөкөрлөр.

Чарын.

Боз жорго...
Туяктуунун баары тулпар эмес.
Канаттуунун баары шумкар эмес.
Таңдагы шамдай жанган кайран күлүк,–
Ак боз ат...
Жебенин огу жетпеген
Жез тумшук болсо тепсеген...
Желесин сууруп чыккан кайран күлүк.

*(Чарт жарылып.)*

Ат мингизбей эринин кендирин кесем...
Элинин үмүтүн кыркам!

Мансур.

Кантайшы, ат жалынан кан акты,
Чептин коргоочулары жакындатпай,
От чачты, чатырап чайыр чачты.
Кара зоодой мелтиреген капкаларын жапты.
Жасайылчылар жамгырдай төгүп жаа тартты.
Калың черүүбүз сапырылып артка качты.

Чарын. Качты?.. Оозуңдан бул сөздү укпайын!
*(Шамурга).* Айт?

Шамур.

Урматтуу каптайшы...
Сиз айткандай, бейкут өзөндөрдү чуулатып,
Беш жашарга чейинки эр бүлөнү байладык.
Катуудан казаны, жумшактан күлү калды.

Мансур.

Бул эл жалбырак жамынып,
Тери чайнап, итке минип калды.
Бели сынып, көзү чыгып,
Таруудай чачырап тымып калды.

Чарын.

Укум-тукумунун көкөйүндө калсын.
Менин атым бул жердин өзөнүндө калсын.
Тамга болуп ташына жазылсын,

Атымды укканда ыйлаган бала басылсын.
Каяша айткан жанын…
Арык-торук баспаган малын да кыргыла.

Мансур. Айтканыңыз ак, кантайшы.

Чарын. Антпесеңер, арыгын семиртип, ачын тойгузуп, найзасынын учунан шамал шуулдатып эртең бөйрөккө саят!

Шамур. Айтканыңыз калетсиз.

Чарын. Кылбаган санатты кылам:

Чептин алдына чыркыратып туткундарды жыям,
Кырам…
Ичи ачышса Жаныбек ордосунан чыгып келсин,
Ай өткөрбөй алымымды төлөп,
Жыл өткөрбөй салыгымды төлөп,
Ак боз атын… Сан дүйнөнү тартууга берсин!
Ага көнбөсө… айдап жүрүп,
Уулдарын уучум толо алтынга сатам,
Кыздарын койнум толо күмүшкө сатам,
Сөөктөрүн шагыратып кумга чачам.

Шамур. Акылмандын акылмандуулугу мунуңуз.

Мансур. Ак сөз сүйлөгөн, арамдыкты билбеген кулуңбуз!

Шамур.

Улуу даражалуу, тайши… кызыл куйруктуу нар,
Кып-кызыл алтын түмөндөгөн мал,
Алгыр куш, каз моюн кара көз келин-кыз
Баары сиздин ак сарайга жөнөтүлдү,

Чарын. Ошонун баары жалгыз Ак боз атка арзыбайт. Ак боз атка жаа тартпагыла, чепти курулай; камап бүлүнтпөгүлө.

*(Чарт жарылып.)* Апкелгиле!

*(Желдеттер Малике-Аярды, жигитти түртүп киргизишит, жигит жыгылып кетет).*

Чарын. Чамаң начар го, каракчы, ууру хандын жигити?
Жигит.

Ханым ууру болсо чеп салмак беле.
Уюткулуу хан уурудан кеп салмак беле.
Кудай буюрган уйкуну уктабай,
Куурай жакса да чогуна алаканын кактабай,
Каракчы сага окшоп...

Чарын. Тилин сууруп салгыла!
*(Желдет жигитти алып кетет. Малике-Аярга.)*
Ии, сакал, ойлондуңбу? *(Сөөмөйүн ченеп.)*
Сөз ушунчалык кыска:
Кана, Жаныбектин сарайын, кандай уста салды экен?
Ак боз аттай тулпарды, кайсы жактан алды экен?
Кулак сенде?

Малике-аяр. Атың хан болгону менен башың маң бейм.
Сөздү көчүк басып угат.
*(Олтурат.)*

Элдин жайынан мурда – хандын
сарайын сурадың,
Калктын жатынан мурда
Хандын сарайын сурадың.
Хандын адеби ушундай болобу?

Чарын. Какбаш!
Малике-Аяр.

Алар башым, жашаар жашым азыраак.
Башым сабагында калчылдап араң турат.
Сага хан керек болсо, мал керек болсо,
Байлап кетпейсиңби Жаныбекти.
Коштоп жөнөбөйсүңбү. Ак боз атты.
Калжаңдатып менде эмне жазык?
Каңкакшатып элде эмне жазык?

Чарын. Эл... Эл имиш. Уучума толбойсуң.
Малике-Аяр. Уучтап элди ченебейт, кочуштап малды санабайт.

Чарын *(сакалдан алып)*. Курч тилиңди курч менен кесейин.

Малике-Аяр. А коңтажы, сабыр тут, бычагың курчпу? Иттериңдин багып өлтүргөнүнөн арстандын чалып өлтүргөнү абзел. Өзүң өлтүр. Сенден өлсөм зор экемин. Элимдин арты кор болбойт.

Чарын. Курч тилиңди курч менен кеспейин. *(Кылычын кынына урат.)*

Сага кылыч кандап кемпай бекемин,
Сакалыңды коркутканым.
Малике-Аяр. Сакалым кестигиңден коркпойт,
Сакалым... убададан коркот!
Чарын. Убадаңды аткар. Ак боз аттын жөнүн айт.

Малике-Аяр. Ал асмандан түшкөн жок же жерди тешип чыккан жок.

Анан... ченсиз күлүк хандыкы.

Чарын.

Жик билгизбей бек коюп, чалым.
Жик чыгарбай ташты оюп, чалым.
Бул укмушту ким кылган?
Хандын чебин ким курган?
Малике-аяр. Бир заманда эл курган.
билгендер чым болуп калган.
Чарын. Далай күндөр камадым – чаба албадым,
Ой-тоону бүт аңтардым таба албадым...
Айтчы чалым,
Бул сепилге суу каягынан кирип, каягынан чыгат?

Малике-Аяр. Сан жеткис жылгалардын, жыбыттардын каягынан суу жетелеп, каягынан чыгарганын мен кайдан билем; бир билсе: талаадан, тоодон жашынган Жаныбек өзү билбесе... Бир билсе, ордо ичинде зериккен, обун таппай ээликкен – Эрке-Айымы билбесе...

Чарын. Табылгынын чогундай көзүңдү кызартасың.
Сөөл жандай сөзүңдү узартасың?

Малике-Аяр *(сакалын сылап)*. Сөз ушунчалык ак. Билгенимди айттым. Калп десең, кылычыңды сууру. Мына, *(башын тосот)* чаап сал. Мүлжү!

Чарын.

Этегиңди ок чийбей,
Башыңа найза тийбей,
Элиңден ажырап
этиңе кийген тонуңдан ажырап,
кагырап-куурап,
тиги чачылган сөөктөрүңдү жыйнап,
көөмп, ыйлап жүрө бер.
Сага башка кыйноо таппадым.
Башка жаза бербедим. Бар!

*(Токтотуп)* Же... тас маңдайга сайып куртуңду күбүсөмбү? Жогол! Бурут!

*(Малике-Аяр, желдет кетет.)*

Таштай катуу, кебездей жумшак
карысы бар,
Жылдыздай бийик, айдай тунук намысы бар –
Бул эл менин элим болсочу.
Абалтан ата-бабам ээлик кылган,
Бул жер – менин жерим болсочу.
Анда, ай тийген тескей көк майдан
Менин ордом болбойт беле.
Абайы үртүк Ак боз ат
Менин жоргом болбойт беле.
Колдон келсе жүктөп кетсем бул жерди,
Мени бирөө кой дейт беле?!
Аттиң, дүйнөдө жакшы нерселер көп.
Дүйнөгө көз артабыз...
Баары азууңа түшүп бербес!
Ошон үчүн адам – адамга,
Жашоо – жашоого өч.

*(Пауза)*.

Кезеги жетсе көрөрмүн,
Керчөөгө окшош бул жерди,
Камчыга ченеп бөлөрмүн...

*(нөкөрлөргө.)*

Жаалы катуу жайсаңдарым,
Көркүнө маржан таккан нойондорум:
Олжого болсо тундуңар... бирок,
Кусаматым жүрөгүмдү жарып турат,
Ким кандай акыл кошот, айла кылат?
Жаныбек эртең эле тынчымды алат.
Жылкымды тийип, кербенимди талап.
Ханына даабай калкын тонуратып
айдаптыр деп,
Качанга чейин жаман атым калат?
Эл саман...
Силер саманды сапырдыңар,
Алардын зардалуусу аман.
Кана сөзүңөр?

Мансур. Камданалы. Ойлонолу.

Чарын. Акылдуу ойлонгуча акмак үч катын кетирет!

Шамур.

Кантайшы, таксыр, өкүмүңүзгө кулдук,
Ай десең айлап, жыл десең жылдап,
Жылгалардан жылбай, кырларды
кырдап...
Кыбыраган жан каттатпай,
Канаттууну учурбай, чепти камап
туралы.

Чарын.

Чепти карап, куйрукту кыпчып, үрүп
тура берелиби?
Алкымга шап дей түшчү жооң жокпу?
Артыңды кесип кетчү дооң жокпу?
Жоокер заман ушундай:
Куюн болуп кайра тийип, кайра кет.

Бу дүйнөгө кылыч болуп суурулуп,
Кылыч болуп сынып өт!
Жарлык кылам:
Ким мында баарына башын байлап,
Жылдаппы же нечен айлаң,
Билинбей жүрүп, ордого кирип,
Митаамдардын митаамын жазгырып,
Хандын эрке катынын азгырып,
Чептин ичин бүлдүрсө,
Боз жоргону колума тийгизсе,
Кызымды калыңсыз берем!
Ушул, буруттарга улук кылам!

*(Таазим кылган Мансурду тегерене басып.)*

Мүнөзүң тоңураак, жылдызың жок,
Кимдин үнү жоон угулса ошоякка ооп.
Алаканыңды чокко алыстан кактап,
Кылтыйып, ичиңе бирдемени сактап,
Сен, бул ишке жарабассың.

*(Таазим кылган Шамурду жайкап.)*

Жылуу сөз айтып, жылаандай арбап,
Таттуу тилиңден мурда тартууңду камдап,
Же тилиңди таманына төшөп, алдап,
Кыл өтпөгөн жерге бычак кайрап,
Көркоодой аңдып, жибек менен байлап,
Сенден чыгат айла...
Сенден чыгат
майнап.

*(Алаканын чабат. Туткундарды айдап киришет. Чөгөлөтүшөт.)*

Чалгыла! Шамурдун жолуна
туткундарды...
Баштарын кесип мазарына илгиле,
Боюнда бар аялдарды иргеп,
Сүт агызып эмчегин тилгиле!

Ээнбаш өсүп булар жолборско үрөт.
Ыйык көргөн жерин тепсегиле!
Тепсегенде,
Силердин күчүңөрдү, каарыңарды билет!
Э-эй, чепти камап курулай бүлүнбөгүлө
Черүүлөр, аттансын кайра...

Эки айбалта эки туткундун башына көтөрүлөт. Сахна ээндейт. Айбалтанын гана өйдө-төмөн жаркылдаганы. Сахна өчөт. Думананын үнү, аздан соң ага шоола түшөт.

Думана.

Ак! Ак!
Түндүгүбүз о тегерек,
Түп нускалуу о эл элек.
Кызыл алтын о курч элек,
Кылымдап келген о журт элек.
Тостурмак болду о толгон жоо.
Кыжылдап камайт о кыйын жоо.
Алдо үй...
Эдил кайда о эл кайда?
Элге жетер о үн кайда?
Ээриң башын о кан жууса,
Элдигиңен о не пайда.
Каракач торгой о суу кайда?
Калкым кайда о хан кайда?
Калкың башын о каңгытса,
Хандыгыңдан о не пайда?
Алдо үй!
Ак элечек о керме тоо.
Ак үлпүнчөк о керме тоо.
Айланайын о керме тоо.
үйрүлөйүн о керме тоо.
Ак! Ак!

## ЭКИНЧИ КӨРҮНҮШ

Гүлбак. Ордо кыздары. Чынар теректеги селкинчекте ак олпокто көөлбүп термелген Эрке-Айым. Жанында көөкөр. Кыздар; бирөөлөрү терметип, бирөөлөрү желпип, ырдашат:

Кыздар.

Алтындан чачпак тагалы,
Ай тийгизбей багалы.
Ай тийбесе не болот,
Айымдын,
Айдай жүзү жоголот.
Күмүштөн чачпак тагалы,
Күн тийгизбей багалы.
Күн тийбесе не болот,
Айымдын,
Күндөй жүзү жоголот.

Эрке-айым. Кыздар!

Кыңшылаган, кызыл аяктар.

Кыздар *(Чуулдашып)*. Сизде ушинтип тилдеген адат бар.

Эрке-айым. Бутумду ушалагыла. Колумду кармагыла. *(Ыргып туруп кайра кулап кетет)*.

Ой, ой, башым, бутум...

Өх, чарчадым.
Эс алайын, терметкиле...
Кыздар. Ай чырайлуу бегилик
Азамат эрдин зайыбы.
Көбүргөндүү көк өзөн
Көлгө конгон айылы.
Кимдин... кимдин айымы,
Гүл жигиттин зайыбы,
Сан жылгалуу сары өзөн
Сайда калган айылы.

Эрке-айым. Шербет… Аний, шарап!

*(Кыздар шарап сунушат).*

Уурттаткыла теңин *(уурттабай кулайт).*

Өг, ысыдым *(кыздар желпийт).*

Шамал болуп кетти. Үшүдүм.

*(Айым ордунан туруп көөкөрдү серпип салат. Кыздар селейишет.)*

Каран калгыр ай…
Көөкөрдөгүнү ичсем бөксөрөт экен.
А көкүрөгүм…
Көөдөнүмдө айыкпаган туюк жара.

Жаныбек *(гүлбактын бир жагынан кирип).*

Колоктогон коңтажынын күчү жок.
Жаң-жуң эткен жасактардын изи жок.
Жым-жырт…
Жер-жерге жесекчи койдум,
Капкага кароолчу койдум.
Эми мобул Айымдын ойну.
Аппагымдын койну.

Эрке-айым. Ханым.

Шырп этсең изиңден тааныйм,

Жаныбек. О-оо. Айым…

Калың жоонун капсалаңында жүрдүк.

Кандуу көйнөк кийдик.

Эрке-айым. Аний, аныңды айтпа дегем! Мен тил жейм.

Жаныбек. Эркем тил жейт.

*(Бир кыз чуркап чыгат.)*

Алтын жака тон болсо кийгениң,
Алтын сарай үй болсо киргениң,
Ак жалгаган эл болсо билгениң–
Кереги эмне баш катырган дүйнөнүн.

Эрке-айым. Ани-й ханым, мен башка бирдеме жейм. Кырк кара кой сойдур, шыймылчагын чактырын, чучугуна күрүч бастырып бер. Жейм.

Жаныбек. Айымдын айтканындай болсун.

*(Кыздар чуркап чыгышат.)*

Эрке-айым. Ханым... Чарчадым.

Жаныбек. *(ырас)*. Сен аябай чарчадың. Ичкениң шарап, жатканың бермет чайкаган мамык. Дегеле жаның тынбайт. *(Эркелетип)*. Айым... Ак билегим... Алтын билеригим.

Эрке Айым. Ханым, аргымагыңды минесиң: талааны, тоону кыдырасың. Баарын көрөсүң, ийе? Кечинде топурак, күн жыттанып мага келесиң. А мен эмне көрөм?

Жаныбек. Мен жаныңда. Башка эмне керек

Айымга.

Эрке-айым. Чын эле башка эмне керек?

Ханым, тыякка, чептин сыртына чыгайынбы?

Жаныбек. Айым, суук тиет. Бирөөлөр сени көрөт.

Эрке-айым. Бирөө көрсө эмне, жаманбы? Шилекейи аксын, таңдайы түшсүн. Дүйнөдө бир гана аял – мен гана сулуу болоюн. Мен гана...

Жаныбек. Сулуусуң, Айым. Чачың узун.

Эрке-айым *(чачын Жаныбектин мойнуна ороп)*. Орго түшсөң тартып алам.

Жаныбек. Орго салбайсыңбы...

Эрке-айым *(башын чайкап, шык этип)* Чачың узун дебедиңби. Акылымчы? Сен мени мурдуман жетелеп алгансың. Мен сени жетелеп... Экөөбүз жетелешип, ийе?

Жаныбек. Эркем, ал ордонун сөөлөтү, жыргалы, Башка эмне керек?

Эрке-айым. Чын эле, башка эмне керек? Бирдемени көп ойлойм, анан барын унутуп сени ээрчитип кетем *(күлүп)* аялмын да, ийе? Мага э-эч аял кийбеген, эч адам билбеген бирдеме таап бер!

Жаныбек *(жактырбай)*.. Айым... Эч аял кийбеген, эч адам билбеген бирдемени мен каяктан табам?

Эрке-айым *(кылыктанып)*. Ханым, уктайм тизеңе... Эс алам, чарчадым. Келчи, ханым.

*(Кыздар бешик көтөрүп киришип, Эрке-Айымдын жанына коюшат.)*

Жаныбек. Хан эмес кулда да бар жакшы тилек. Айым.

Маңдайымды жаркыратасың кайсы күнү, Ак ордомо тутка болоор уул төрөп, Айым.

Эрке-айым. Уул төрөп?

*(Селкинчекке олтурат).*

Бала ордуна мени эркелет.

Мени жытта, мени термет.

Шарап! *(Кыздар шарап сунушат, терметишет. Айым көшүлөт).*

Дилде-Айым. Айша-Айым.

Дилде-Айым *(хан, ханшаны көргөзө)*. Тигине!; Гүлүмдү күбүп, данегимди чагып, салбар кылып салышты. Мени да ушинтип эркелетчү.

Айша-айым Мени да ушинтип...

Дилде-Айым. Ханга катын болгуча, кулга отун болсомчу...

Айша-айым. Отун болсомчу...

Дилде-айым. Эрке шерменде багыбызды байлады. Көркүнөн ажыраталы: көзүн чукуп же мурдун кесели. Сен кес.

Айша-Айым. Өзүм кесип алам.

Дилде-айым. Уктаганда кулагына кумгана куюп сал.

Айша-айым. Төгүп алам. Ал сулуу...

Дилде-айым. Өлүк! Эркекке тайраңдасан, сен да сулуу болмоксуң.

Айша-айым Эркекке табитим тартпайт. Курусун...

Дилде-Айым. Шал... Акырын... *(Шаша кетишет).*

*(Жанкозу кетет).*

Жанкозу. Ханым, күтүп калышты.

Жаныбек.

Чш-ш. Дагы келиштиби?
Буларды карачы, эмнеге кычап?
Айткандары ушак, ойлогондору тузак.
Барам, кажылдашып олтурбайм узак.

*(Жанкозу кирет).*

Ушул энемдики өттү.
Эки ортого арачы түшүп, карыганда көптү.
Эрке-айым Ханым... Жаныбек кайда кетти?
Магдыратып боюмду жазбай,
Шаан-шөкөт курдуруп кабагымды ачпай,
Катынды-катындар менен тегеректетип...
Анан тууп бер дейт, тууйм сага!
Эй, сойкулар кайдан таптыңар,
көргөзбөгүлө мага.

*(Бешикти тээп жиберип, темтеңдеп)*

Жөлөгүлө мени. *(Кыздарды кагып)* Ийе, сыным туташып турат. Барып камдагылачы, бээнин сүтүнө жуунам.

*(Кыздар беттерин чымчышып бешикти көтөрө чыгышат).*

Кайда калдың гүл жайнаган элкин талаа.

Каяктасың кулан кууган эр азамат.

Чыгат.

Зулайка. Кайда жүрөт, жанагы кесепети уулум. Катыны менен кыңшылашып, чымчылашып ушерде дешпеди беле.

*(Кайра кирген Жаныбекке)*

Чыканактап тынч алчу, чырм этип уйку алчу күндөр бекен?.

Боюмду жашырсам да оюмду
жашырбайм балам.
Калың жоо калкыңды чапты карашалап,
Катын-бала олжого кетти, кала албадың
арачалап.
Кана тулпар, кана жарак?!!

Жаныбек Алтын таяк ханыша апам... Мекем, ичкелеп сүйлө, Акыл айтасыңбы, Кана тулпар, кана жарак?!!

Жаныбек. Алтын таяк ханыша апам... Мекем, ичкелеп сүйлө, Акыл айтасыңбы, тилдейсиңби, анан тилде. Каргайсыңбы же үйлөп жибересиңби?

Анан, эл жокто үйлө.
Ак ордонун сыймыгын кетирип,
азыткыларга кирбе.
(Малике-Аяр, Кулан, Сулайман, Жанкозу)

Зулайка Азыткыга кирген мен болсом акылдуу дегенибиз сен болсоң. Элден өкүл келиптир, бир ооз сөз келиптир укчу.

Малике-Аяр
Ханы жок калк болсо да,
калксыз хан болбойт.
Калктын ибаратынан чыкса,
Хан эмес машаяк болсун – оңбойт!
Калктын сөзү мына бул:
Каран түн түшүп тунжурап турганда,
Хан, казнасын чачсын.
Калың жоокер, курал-жарак камдасын.
Элдин сөзүн уксун, дилин көрсүн.
Эгер ага болбойт экен,
Алгыр куш, күлүк ат элдин мүлкү
Ак боз аттын тизгинин мине турган эр
азаматка берсин!
Калкты угарсың, салтты угарсың, ханым.
Салтты укпасаң калктан чыгаарсың ханым.

Жаныбек Калкка жамандык кылган жокмун.
Хандын эли дедиртип катарга коштум. Ар ким маңдайына жазганын көрөт. Ажалы жетсе жоодон же тоодон өлөт.

Малике-Аяр Көптүн көзүнө топурак чачтың, алдаяр?

Жаныбек Казнаны чачып жиберүү үчүн жыйган жокмун.
Боз жоргону саяпкер болуп аларга
таптап жүргөн жокмун.
Бүгүн жоргомду талашса… эртең ордомду! Бүрсүгүнү…
Тескегени жок тентек эл.
Башкарганы жок баш аламан эл.

Айта бар: казна эмес тезектин кыгын бербейм.

Ак боз ат эмес анын бир тал кылын бербейм!

Малике-Аяр. Кар да кетет бел калат.

Хандар өтөт эл калат.

Бийиктин жанында өссө жапыз өзүн бийик сезет Күлүктүн жанында басса чобур өзүн күлүк сезет. Чамгарактап калган экенсиң.

Эл керек болсо ханды бир күндө кул кылып,

Кулду бир күндө хан кылып алат!

Зулайка *(жулунган Жаныбектин жолун тосуп)*. Кылычың курчпу – душманыңа сууру!

Сулайман. Хандын асыл башы жоголоор.

Калктын асыл башы жоголбойт!

Кулан. Элсиз, күнсүз жашаган арбайыңды көрөбүз.

Кош канатыңды бооруңа баса тур!

Малике-Аяр. *(Зулайкага)* Жарты башты бүтүн кылган, Жалгыз башты түтүн кылган умай эне,

Эрди тууган, элди тууган кудай эне?!

Өлүү башка чөп үйүлөт.

Тирүү башка мал үйүлөт!

Кош!!

*(Маликелер кетишет)*

Жаныбек.Элчи менен ырчыга өлүм жок, болбосо...

Каңгай менен мен чабышкам.

Мен алышкам,

А кырылса кырылгандыр,

Катын карга, бала– сагызган.

Сакалын сүйрөп келиптир Малике-Аяр,

Анын сакалындай кыл эчкиде да бар.

Зулайка. Эмне деп жатасың?

Жаныбек Эмне десем ошо!

Зулайка. Кесепетим, акылчың эле,

Алөпкө жүрүп Аярыңдан ажыраган элең.

Акылыңдын жарымынан ажырапсың.

Упатым а?! Жылдызга чыгып кетипсиң.

Түш! Түш төмөн! Тизеле!
Ооздугуң менен суу ичип,
Өтүгүң менен суу кечип турганыңда…
Текебериң шилиңди кескир!
Жаныбек. Алтын таяк ханыша,
Кийимиң бүтүн, курсагың токпу?
Кийимиң тосулуп, курсагың бөксөрсө айт,
Калжактап ишиме кийлигишпе!
Же… энеси көпсө эр издейт деп укчу
элем!
*(Кетет.)*
Зулайка. Эмне деди?
Эмне уктум – Сүтүм ургур. Кусур ургур
Угаарым ушул беле? Ушул үчүн
чоңойттум беле?..
Сени да жок кыларда колтугума катып
аман алып калбадым беле?
Бөйрөгүмдүн жанында экениңде
тумчуктуруп,
Сымап менен ыштап салбай не болдум.
Жүрөгүмдүн алдында экениңде,
Эрдимди кесе тиштеп,
Муштап салбай не болдум.
Ак чүштөдөй жүз аарчыма
Ороп туруп, таштап салбай не болдум?
Кызыл эт элең кол башындай,
Эми чоң казан эт болгонуңда..,
Кылганың, айтканың мындай.
Оо-оо, кудай-ай…

## ҮЧҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

*Гүл бактын капкалуу жагы. Эрке-Айым чынардын түбүндө токтойт. Артынан акмалаган Ирбис.*

Эрке-айым. Бул жалганда, уккандан уга элегин, көп,
Көргөндөн көрө элегиң көп.
Ошон үчүн, Бүгүнкү алтының эртең менен жез.
Кечөөкү акылманың бүгүн барсаң нес.
Ошон үчүн, эмеле тирүү туруп,
Эмеле өлүп каларың да эп.

*(Күкүктүн күкүктөгөнү угулат).*

Күкүкпү? Күкүк! *(Улутунат).* Биздин айыл токойлуу суунун жээгинде болчу. Ай, ошондогу күкүктөр... Ай, ошондо секелектеп, чурулдап чуркаганыбыз: жылаңайлак, жылаңбаш... мандалак, эндик казганыбыз...

Биз ал күнү айылдын четиндеги кемерде козу-улакка кошулуп үркүп, оюн салып, томолонуп жүргөнбүз. Күн кыпкызыл, тоонун башына куланып бараткан.

Айыл «чур-р» дей түштү. Жоо тийди...

Кийин минтип хандын айымы болдум. Андан бери бул чынар канча көгөрдү. Жалбырактары күбүлүп жатат. Чынардын башы шоодурайт, таманымда чөптүн башы шуудураганын укпай калдым.

Шамал чынардын башында шуулдайт, менин саамайымдын арасында шуулдачу эмес беле. Күмүштөй суу ичем, күкүктөгөн үнүн укпайм. Күндү көрөм, күңгөйгө чыкпайм, Айды көрөм, а ай тийген тескей кана?

*(Гүлбакты аралап ары басат.)*

Ирбис *(өзүнчө).* Айым... Айым бузулду. Мээси тегеренди.

Дилде-Айым. Айша-Айым.

Дилде-айым. Ирбис... Айланайын Ирбис, качан?

Ирбис. Кыйын. Хан, Айымдын көзүнүн агына айланат. Алаканына үлпүлдөтүп, маңдайына шам коюп, түнү таң атканча отура берет.

Дилде-Айым *(өңгөчүн тартып).* Өбөбү?

Ирбис. Имере кучактап, алкымынан жыттап, тилин соруп...

Дилде-айым *(силкинип)*. И-ий, айтпа аркысын, и-ий...

Ирбис. Өлүп баратасыңбы?

Айша-айым *(ыйламсырап)*. Мен кетейинчи. Кичинекей кызым ыйлаак эле.

*(Шамур кирип тыңшайт.)*

Дилде-айым *(Айшага)*. Өлүгүңдү көрөйүн титиреген. *(Ирбиске)* Кагылайын Ирбис, ме, мына, жамбы.

*(Айша-айымга)* сен да бер. *(Ирбиске)* Ал шермендениин көзүн ыкчам тазала.

Ирбис (жамбыны койнуна катып). Эрке-Айымды жайлайм деп бекер убада берген экемин. Боорукер жаным, силердин көксөңөр суусун дебедимби. Көрөр көз Айымды аябай көзөмөлдөшөт. Ошентсе да убадамды бузбай, айтканымды аткарам.

Дилде-айым. Оозуңа май!

Айша-айым. Ай кудай-ай кетейинчи? Үйдө кызым...

Ирбис. Эрке-Айымды кыйнап өлтүрүп туруп, бирөөңөрге колун, бирөөңөргө санын кесип келип берем,

Айша-айым. Койчу бечераны.

Дилде-айым. *(Айшага)* Былтыйган бейбак. Бирөө өлмөйүнчө бирөө күн көрбөйт. Бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт!

Ирбис. Көзгө урунбай, баргыла!

*(Эки аял кетишет.)*

Ха... Ха... Ха...

Окшошкон салпаяктар...

Быягын да кайсайын.

Тыягын да кайсайын.

Курттаган салпаяктардын терисин

сыйрайын.

Таш кулатып коюп кырга жата берейин,

Сыздасын... боздосун, кан-какшасын

менден башкалар. Ха... ха-ха... ха.

*(Эрке-Айым көрүнөт.)*

Эрке-айым. Бүгүн күлкүң бийик го!

Ирбис. Бүгүн күлүп турайын Айым, эртең эмне болорумду ким билет. Мени кой, сизге кылтак ыргытышат. Эмелеги экөөнү көрдүңбү?

Эрке-Айым. И-ии? Алар ким?

Ирбис. Күнүлөштөрүңүз. Өлтүрүп бер Эркени дешет. О Эркеден садага кеткирлер.

Эрке-айым. Мен аларга эмне кылган экем?

Ирбис. Сулуусуз. Эрин тартып алдыңыз, таалайын ташка чаптыңыз.

Эрке-Айым. Мен... Ага мен күнөөлүүмүнбү?

Ирбис. Күнөөлүү болбосоңуз да ордо деген ага карабайт. Мындай карасаңыз кучагын жаят, тигиндей карасаңыз колкого бычагын саят.

Эрке-айым. Коркутпа.

Ирбис. Айым, сиз далайдан бери коркосуз. Билем, сыртыңыз жалтыраган менен ичиңиз калтырап жүрөт.

Эрке-айым. Я-а? Эмне-е? Жок! Жок!

Ирбис. Күлкүңүз түзүк болгон менен дитиңиз бузук.

Эрке-айым. Жалган! Жалган! Мен муну ханыма айтам.

Ирбис. Мен да айтам, коңтажыны!.

Ирбис. Шаймаран!

*(Шамур, колунда шыпыргы.)*

Айым унутуп калыптыр, эсине салып койчу,

Шаймаран. Коңтажы баатырга жеткиз деп, Эрке-Айым бетаарчыга түйүп мага сөйкөсүн берген. Ал сөйкө алда качан баатырдын колуна тийген. Айым билегине салып жүрсүн деп, мына, *(койнунан билерик алып)* Чарындан билерик келген, Айымга...

*(Эрке-Айым Шамурду колго кагып жиберет. Билерикти Ирбис тосуп алат.)*

Эрке-айым *(Шамурга)*. Кускум келет сенден!

Шаймаран. Ырас, Айым бизди көргөндө кускусу келет. Бизден баатырдын жайын кайра-кайра сурап, оозунан көк түтүн бурап сөз укса, ага жашырып белек

жиберип же жиберген белекти биздин колдон алса, анда кускусу келбейт, Айымдын?!

Ирбис. Айым, ханга кимибиз эмне айталы? *(Сөөмөйүнө билерикти тегеретип)* Кимибиз эмнени көргөзөлү? Ансыз да аялга ишенич жок деп мага кайтартып жүрөт. Сизди кандай эркелетсе, кандай кызганса, ошончолук кыйнаганды да билет. Муну укканда маңкайган чүрөк байталга тескери минет. Бетиңизди көөлөп, таманыңызды тилет. Анан аялдагы ууздай аппак этиңиз кайсыл азоо байталдын туягында үзүлүп-үзүлүп калар экен?

*(Эрке-Айым эчкирип жиберет.)*

Алдагы аккуу мойнуңуздагы башыңыз каякка тоголонор экен, тишиңиз күбүлүп, тилиңиз суурулуп…

Эрке-Айым *(ыйлап олтура калат.)* Айтпа… Айтпагыла… Корком… Эмне кылсаңар мейлиңер, өлтүрбөгүлө. Мен… Мен сөйкөмдү Шаймаран Коңтажыга барам дегенинен… Ал мага арнап ак мунара куруптур дегенинен…

Ирбис. Ишендиңби?

Эрке-айым. Жөн эле арзып… Арзыганымдан сөйкөмдү… Айтпагыла, өлтүрөт. Эмне кылсаңар көнөйүн. Кыя баспайын. Корком.

Ирбис.

Оо, жараткан!
Көктөн тилегеним жерден табылып,
Оо, телегейи тегиз коңтажы…
Коңтажы баатыр…
Жолборсту кынжылап минген.
Жоосуна арстандай тийген.
Карып мискини жок
Мүлдө калкы кылторко кийген.
Ак сарайын чанып таштап,
Бөкөн кууп бөксөдө жүргөн.
Айланайын Айымга шамдай күйгөн
Коңтажы баатыр…

*(Эрке-Айымдын эси эндирейт.)*

Айым, көзүңдө жашың даяр,
ууртунда күлкүң даяр,
Туш-туш жагы кыбыла периште...
Мен да угуп калгам:
Ай десе арсыз Айым, сизде эмне арман
Коңтажы сизге арнап алтын мунара
курган.
Аны билбейт го деп
Мен тим эле түкшүмөл чалгам,
Айым, мени жыргап жүрөт дейсиңби?
Жыргалымды ушул ордо алган...
Мен бала көрбөйм, бычылып калгам.

*(Үңүлдөп аягына жыгылып)*

О, арман, арман...
А көрө, Айым, кутулайын бул чаяндын
уюгунан.
Мага да кылсаң экен жардам.
Айымга кылдай кылапат айткан,
Мен бузуку, мен айбан...
Кантейин, ушундай анткор, кекчил,
Митаам болуп калгам.
Айым...

*(Шамур арты менен жылып чыгат.)*

Эрке-айым. Мен эмне болуп турам. Түшүмбү? Же жин тийдиби?

Ирбис.

Айдын сыныгындай Айым,
Алчактаганыңызга маашырланып,
Ооба, уккандан уга элегиңиз көп,
Ойлобоңуз, ханга жалгыз эркелеп
жүрөм деп,
Төрт аялы – Карашаар, Камбылда,
Алты аялы – Урум-Турум, Чамбылда,
Дагы...

Эрке-Айым. Я-а?!

Ирбис. Калп айтсам кара башымды жейин! Жоргону ошолор минет, жыргалды ошолор көрөт. *(Бышактап)* А менин эркем жакында Айша-Айым, Дилде-Айымдын кебетесин киет.

Эрке-айым. Тозоку-у!

Ирбис *(өз башын муштагылап)*. Мен тозоку-уу, Айымга кантип жамандык кылайын. Айым... *(өзүнчө чочуп)* Ой, Айым качып кетсе... Чын эле быяктан ошояк жыргал болбосун я?

*(Думананын ак урганы угулат.)*

Актын келмеси тилинде бар,
Шайтандын уюгу зилинде бар,
Жанагы Думана го?
Жолотпо, башыңа мүшкүл түшүп
турганда.
Хандын касабына калабыз.

Думана.

Дүнүйө жыйнап о нетейин,
Не муратка о жетейин.
Дүпө-дүпө о үн салып,
Дүнүйө кесип о кетейин.
Топурак жыйнап о нетейин.
Тозоктон минтип о өтөйүн.
Көзүмөн булак о жаш төгүп,
Көрпенде болуп о кетейин,
олдо үй.
Кыр боорунда о кулунчак
Куурай болор о солгондо.
Хандар кийген о камка тон
Жамачы болор о оңгондо.

*(Эки жагын аяр карайт.)*

Алдо үй... Ак! Ак!

Ирбис. Думана ак урсаң мазарга бар, акыл айтсаң, азарга бар, бу хандын сейилдеген гүлбагы.

Думана *(Эрке-Айымга)*. Чырагым, дидарыңды көргөзүп койчу, дидаарыңды...

*(Эрке-Айым аркасын салып турат.)*

Көпөлөгүм, үнүңдү угузуп койчу,
Үнүңдөн тегеренейин, үнүңдү эле?
Кулунум, менин кимим калды сенден
башка.
Эмнем калды? Асабалуу айлымдан
ажырадым,
Касабалуу уулдарымдан ажырадым.
Ак жабылуу бууданымдан ажырадым.
Колумда таягымдан башка эмнем бар?
Атаңды кебез менен мууздабачы,
Чачыңдан секети...

Ирбис. Думана кет!

Думана. *(Ирбиске)*. Айтчы, караанын көрсөм көрүп, көрбөсөм жок, ак сарайынын айланасында жүрөйүн, күйөө-кызым экөө таманым баскан топуракты ыраа көрүшөөр бекен?

Ирбис. Нысабың жок Думана, караанын эле көргөз дебедиң беле?

Думана. Кызым, алтын чөйчөктөн аш ичкенде атаңды унутасыңбы? Кантип унутасың апаңды?

(*Тым-тырстык.)*

Кызым?! Кызымдын карааны мына, өзү кана? Атага насили кан?..

Күйөө бала күтмөк тургай, кызымдан да кол жуудум. Кана кызым? Кызымды бергиле? Кызымды.., Кызым кана? Кызым...

Ирбис. Кызың... Ал Хандын Айымы. Сен Думанасың, Салакаң тиет Айымга...Кет! Айымды «Кашкар ханынын

кызы» деп жарлык кылган. Бул дүйнөдө да, тигил дүйнөдө да кызың жок! Эркенин көңүлүн арам кылбай, жогол!

Думана. Кызы-ым?! О кызыл тузум!..

*(Эрке-Айым менен Думананын ортосунда Ирбис тура калат. Эрке-Айым темтеңдеп басып кетет, артынан Ирбис).*

Кийейин десем о буулум жок,
Кирейин десем о уулум жок,
Барайын десем о кызым жок,
Татайын десем о тузум жок,
Кызыл өңдөн о кан соруп,
Куба кылган о дүнүйө,
Сырты жылма о ичи курт,
Ала кылган о дүнүйө,
Бети кара дүнүйө!
(Таягын асманга кезеп)
Жүзү кара дүнүйө!

## ТӨРТҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Ордокана. Түпкү эшиктин босогосунда айбалтачан Ирбис.

Ирбис. Кылгылыкты кылдым, кыл жип менен буудум. Айдай сулууну, Ак боз жоргону колго тийгизсе капкалуу шаарды бийлетип, казына карматам дептир, коңтажы баатыр. Атамдын түшүнө кирбеген жыргалга бир, батайын, катын кайтарып, кээде атын кайтарып көз майым түгөндү. Тыякта төрт аягымды керип бир жатайын

*(Шамур улам баш бактап, тыңшап турат.)*

Ойлогонум барып чын болду,
Оорум барып жин болду.
Ак элечекти жинди кылам деп,
Кара башыл өзүмө жин жабышты.

Жүрөгүм опколжуп, кулагым чыңыроон
тартчы болду.
Бул балээге каяктан чырмалдым...
Ушундайымда таманыма майлуу жер
таппасам,
Кылтыным билинсе кылтаман кыйылам.
Качам, Чарынга.

Шамур.(колунда шыпыргы). Ой?!

Ирбис. И-ий... Сен белең?

Шамур. Абайлап кобурабайсыңбы. Көзү жаман бирөө укса көзүң кашайбайбы, жан досум. Кечөө уктаганыңда да «Чарын» деп уйкусурадың, жөтөлүп ойготподумбу. Желдет сени олурая карап өттү.

Ирбис. Я-а?! Желдет.

Шамур. Чш-ш, желдеттин ырайы бузук.
Сени аңдытып койгону бышык.
Ага өзүң чалынгансың: Эрке-Айымды азгырам деп,
Жамбыны менден баштыктап кайсап,
Дилде-айым менен Айша-Айымдан да кайсап?!

Ирбис. Ша... Шамаке?!

Шамур. Чыпалактан кан сорушуп достоштук эле. Менден сактанасың. Айша-Айымдан сактан. Аның сүйрөлүп арам оюңдун баарын ханга ачканы жүрөт. Дилде-Айымды сен жайлаганыңды билет!

Ирбис. Коку-уй!

Шамур. Кач! Айымды коштоп тезинен. Мына, Чарындын аты оюлган алтын мөөр! *(Алтын мөөрдү берет.)* Давандан тосуп тургандарга көргөзсөң дароо жеткизишет.

Ирбис *(кучактап өбөт)*. Азиз досум...

Шамур. Асыл баштуу, ача тилдүү Ирбисим. Мен өлсөм да сен тирүү жүрсөң экен. Сары улагың болоюн жан досум.

*(Сырттан каңырт угулат. Шамур жылып жөнөйт.)*

Эрке-айым. «Жыпарың төгүлүп, жылдызың күбүлүп миң күн жашаганча бир күнү жылт эткен учкун болуп

бер. Тайлактай түлөп, өзүңдөн өзүң жүдөп өлүү-тирүүнүн ортосунда жүргөнчө өзүңдү өмүр бою отко түртүп көр». Ушул сөздөр эсимде калыптыр. Канча шапар тептим, канча шарап ичтим тайрактап. Эсимде жок.

Арзууман толгон эр болсо, асмандагы чолпондой балбылдасам, жападан жалгыз чолпондой... Ордоң менен жерге кир. Оюнуң менен көргө кир!

Ирбис. Айым...

Эрке-айым. Аңдыбай айтчуңду айт.

Ирбис. Коңтажы баатыр күнү-түнү даванда күтүп жатат. Чалчактаса көптүң дебейм, чачса төктүң дебейм дептир. Мына алтын мөөрү. Жаныбек зынданга жапты. Шек санады бизден.

Эрке-айым. Я-а?! Эмне?

Ирбис. Мен бар, Айым. Сага курманга чабылам.

*(Айым эшиктен кирмек болот.)*

Ирбис. Хан, көңүл ачып олтурат, сизди киргизбе деген.

*(Кыздын чыңырганы угулат.)*

Эрке-айым. Бул эмнеси? Ким?

Ирбис. Жерге кирсинчи. Мен буларды Айым билбесе экен, көрбөсө экен деп жүрбөйүмбү.

Эрке-айым. Барайынбы? Бырбыңдап ыйлайынбы? Сендей согоноого кызык! Сен бар! *(Кетүүгө камданат.)*

Ирбис. Кетпе! Күтүп тур. Акылыңдан айланайын Айым! Барып баркыңды кетирбе, кирип кийминди кирдетпе. О, Кудай, Айымга акыл бер, өмүр бер, аңсаганына жеткир. Боз жоргосун сура, хан азыр келет.

Эрке-айым. Маскара эркек! Бир жалбыракты саргартып түйүп салып, бирине көз артат.

*(Алтын таяк Зулайка)*

Зулайка *(Ирбиске)*. Шишиң толду! Тирүүсүндө чириген макулук!

*(Ирбис кетенчиктеген бойдон чыгат. Эрке-Айымга.)*

Жылмаңдап жанымды кашайтпа.

Эрке-айым. Менин да жаным кашайып турат, Алтын таяк апа!

Зулайка. Эки буттуу шайтан?! Катынбаакы уулумдун башын тегереттиң!

Эрке-айым. Өзү тегеренген башты мен кантип токтотом, апа!.

Зулайка. Тарт тилиңди! Узунуң өспөй тууран өскүр. Согончогуң куурап өткүр. Бир суудагы элдин ата-бабасы бөлөнгөн бешикти, атайылап ырым кылып берсем, тескери тээпсиң. Бешикти тепкениң– кешикти тепкениң...

Эрке-айым. Тепсем тепкендирмин мастык менен. Кыпкызыл чычаладай жаштык менен. Мен аны тепкеним жок кастык менен.

Зулайка.

А сенин жаштыгыңа...
Ак уул, кызыл кыз тууп койгондон бетер,
Арты кийин ойлобогон Думананын кызы
бетер!;

Эрке-айым.

Айттырмакчы элең айтпаган кепти.
Кар жиликтей болгон кайнене,
Деле ушул каарыганың өттү!
Туусам туурмун эртеби-кечпи,
Туубасам колум бош, жолум бош,
Жашаарым азбы же көппү.
А хан тукумун тууган катындардын,
Кайсынысы жыргап кетти?!
Карга чычар тактыны талашып,
Биринин башын бири кести.
Калп эле алтын таяк кармайсыз...

Зулайка. Канчык! *(Таягын көтөрөт. Ирбис чуркап кирип арачалайт).*

Кулагыңа кумгана куюп, кереӊ кылып өлтүрөм!

*(Эрке-Айым жалгыз).*

Эрке-айым.

Ханым ордосуна камаса.
Кайненем таяктап сабаса,
Күнүлөр караанымды таласа...
Төбөмдөн асманым, таманымдан топурагым куласа.
Битиреп жашап, титиреп уктап.
Тойдум сенин жыргалыңа!
Өңүмдүн кылоосу өчө элегинде,
Койнумдун жылуусу кете элегинде,
Жерде калбасмын!..

*(Кымкабын желбегей жамынып Жаныбек кирет).*

Жаныбек. Эмне бака-шака? Кемпирдин долусу кармадыбы, Айым...

Эрке-айым. Ханым, көзүң уйкулу экен, чочутуп ийдикпи? Бир үйдөгү казан-аяк деле кагышат. Бизге көңүл бурбачы.

Жаныбек. Акылынан чачы узун, чачынан акылы узун ак билегим. Күндү тиктеп алгансып жалтанып кеткенимди кара. *(Эрке-Айымга)*. Сабырың суз. Шапар тептирейин, шарап ичирейин, жаныңдан жылбай көңүлүңдү куунатайын.

Эрке-айым.

Алтымыш тарам кыялымды,
Айттырбай тапкан чалкагар күйөөм.
Бүгүн...
Боз жоргонду минем!

Жаныбек. Боз жорго?!

Эрке-айым. Боз жорго...

Жаныбек. Аял мине элек жайы бар эле,

Эрке-айым. Шылтооң көп дагы эле.

*(Ирбис).*

Ирбис.

Боз жоргонду бээ саамга,
Берип койгон эмине, ханым?

Арам терин бээ саамга
Төгүп койгон эмине, ханым?
Ак күрүчүн сиңдирип,
Бүгүн, суутуп коёр күн эле, ханым.
Томуктарын жибитип,
Бүгүн, торгой жем кылар күн эле, ханым.

Эрке-айым. Аттын сасык терине мүсүрөтүм жетпегенден кийин, эмнем Айым! И-ий, арым ий, арым *(жаркылдап)*, ханым...

Жаныбек.

Ай ушул сенин кылыгың... Болуптур эмесе!
Айым, аргымакты бир минсин,
тулпардыгын бир билсин!
Алда кандай болот, артынан жигиттер жүрсүн,
Мына ачкычы, ай, ары жакта ким бар?

*(Ирбис ачкычты алат).*

Эрке-айым.

Күлүгүңдү мингизип, күлгөнүмдү аңдытып,
Жоргоңду мингизип, жолумду аңдытып,
Ал эмнең ханым?
Ала жибиңди аттап алдадым беле?
Аялдын алдагысы келсе колун мойнуна жиберип
Койнун ойнуна жиберет, ханым,
Ошончо жигитиң бир байталды он айгыр айдагансып, салпактап артыман жүрсө бет калабы?
Ошончоң менен жүдөтпөй
Жалгыз Ирбисти кошуп бер, ханым.

Жаныбек Айым айткандай болсун, аппак сүттөй Ирбисим.

Чыгышат.

Кыздардын ыры угулат

Ыр.

Ак ирим дайра Нарынды,
Бойлобой турган жер бекен,

Ай жарык түнү ак чөлмөк,
Кыз-жигит,
Ойнобой турган жер бекен.

*(Кубалашып, күлүшүп кыздар киришет. Олтурушат)*

Кумайга чыкса кубулжуп,
Кумары кантип канбасын.
Кубанып жүрүп жоргого
Айымдын,
Куйругу жооруп калбасын.
Талаага чыкса уюлгуп,
Тамаша кантип канбасын.
Тайраңдап жүрүп жоргодо,
Айымдын,
Такымы жооруп калбасын.

*(Жоо кийимчен Жанкозу).*

Жанкозу. Сулуулар, ордо кыздары.

Кыздар. Биз ордо кыздары болсок, бизди издеген жигиттер кайда экен?

– Кийгениңиз темир зоот, сүрдүү экенсиз акетай.

– Кайсы тоого барасыз, кандай жоону чабасыз?

– Караан көрүп алдыңан, кайра качпа аталап.

– Бороон уруп аркаңан, адашпагын апалап.

– Кыз аңдыган кыйшаке, жолуңа түш, кой аке.

Жанкозу. Бийкечтер, үнүңөрдү угуп кайрылдым.

Кыздар. Үнүбүздү угаарсыз,

Алдыбыздан акмалап, дагы далай чыгаарсыз.

Жаныбек.

Кыздар кетишет.

Жаныбек. Жанкозу, кимди издеп жүрөсүң?

Жанкозу. Канжыгам үзүлүп, ханды издеп жүрөм.

Жаныбек. Бул эмне дегениң?

Жанкозу. Урматыңызга кулдук ургандар, чептин сыртына – Көк өзөнгө-аттанышты.

Жаныбек. Эмне-е?!

Жигиттер.

Жигит. Ханым... ханым...

Жаныбек. Айт! Шүйкүмүң бузук.

Көзүңөн чаар чымын учуп.

Шүйкүмүн, бузук. А-айт?!

Жигит.Жортуулчулар...

Ай казанак тууңду жулду.

Жылкыңды канталоон кылды.

Жаныбек. Калп! Ка-алп. *(Жанкозуга)* Бузуку... Сен... Сен-сиң!

Жанкозу *(кылычын ыргытып)*. Мизинен өптүм эле, бузулбаганга сунаарсың.

Жаныбек. Карма! Кармагыла итти!

*(Жанкозу кетет)*.

Атым... атымды! Ак бозумду!.. Боз жоргомду... Кокуй!

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

### Бешинчи сүрөт

Ыр *(шаңдуу)*.

Кызыл кыр ылдый көч келет, журтум,
Кырааның үрүп ток келет, журтум.
Айкөлүң минип жулкунтуп, журтум.
Ак боз ат келет, журтум.
Ак күңгөй өйдө кеч келет, журтум,
Ак шумкар шаңшып ток келет, журтум,
Ай алдынан алкынып, журтум,
Ак боз ат келет,
Ак боз ат келет, журтум.

Көшөгө ачылат

Жашыл жылгалар. Чалкалаган түздө айылдын чети,. Жортуулчулардын коругу. Зоока түбүндө бири-бирине каланган найзалар, айбалталар, кылычтар.

Арткы катарда жасайыл атып, жана чойгондор, Барскан, балка чаап узангандар. Көөкөрдөн суусун сунган зайыптар.

Алдыңкы катарда Думана, Малике-Аяр.

Думана. Бирибиз хан, бирибиз анын жигити, бирибиз Думана.... Эмнелерди көрбөдүк, айтканың ылазим, береним.

Малике-Аяр. Олуям, миң-сандаган жоокер өтпөгөн жерден – сенин чапаның өтөт. Чагылгандын үнү жетпеген жерге – Сенин сөзүң жетет Барагой...

Думана.

Алты кулач о ак бакан,
Айза болот о аштасаң.
Улагаңда о теминги,
Албарс болот о таптасаң.

Ээрин башка о жазданбай,
Эрдин иши о бүтөрбү.
Кара чачын о ак чалбай,
Элдин иши о бүтөрбү.
Алдо үй. Алдо үй.

Кетет.

Сурнай күүсү. Жанкозу. Ээрчиген жигиттер.

Жанкозу *(Маликеге)*. Хандын өңүрүндөгү адамы элек, төгүлүп алдыңарга келдик. Көкүрөгүбүздү калкан кылып эл четине бирге туралы. Өткөн өчтү, кайнаган кекти бирге жууйлу.

Жигит *(айбалтачан)*. Жалгыз бейит кылсак бейм?!

Малике-Аяр. Сунулган моюнду, суурулган кылыч кесчү эмес.

Кулан. Журт! Жыгылбай бала төрөлбөйт, Жаңылбай жигит оңолбойт деген кебиңер бар. Калаймандуу күндө канат-куйругубузду отошпойлу.

Үндөр. Ак сөз...

– Чыбык кыркышпайлы...

*(Сулайман кылычын Малике-Аярга кош колдоп сунат),*

Малике-Аяр *(Жанкозуга).* Эл таянган жер таянбайт. Чычаланды ордонун төрүнө ыргытканыңды уктук. *(Кылычты Жанкозуга берип).* Мындан ары кимдин ырын ырдап, кимдин камчысын чабарыңды билерсиң. Эрдин өмүрү бир, элдин өмүрү миң экенин унутпа, уулум.

Жанкозу *(Кылычты мизинен өөп, маңдайына тийгизип)*

Ак жолдон тайгылсам:
Ак болоттун мизи урсун!
Төбөсү ачык көр урсун!
Төшү түктүү жер урсун!
Ак бата, кызыл кан урсун!!

Кулан *(кайраган кылычын, имерип).*

Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен,
Чымын консо шыңгыраган,
Шамал тийсе кыңгыраган,
Ак албарс мына, аба.

*(Артындагы шыргайды кыя чаап кылычын кылычтардын катарына саят).*

Элди тыйып жүрүп тыйпыл болдук.
Калктын тизгинин жанга ишенип,
Камгактай чуңкурга толдук.
Өрдөштө бирден алачык жатчу элек,
Өрүүлөшүп желе кондук.
Кыя тартып жоо кылайса,

Кылыч менен сүйлөшмөк болдук, аба.
Айбалта менен чабышмак болдук, аба,

Сулайман.

Эндекей жүрсөк коркок дейт экен, душман,
Энөөлүк кылсак чоркок дейт экен, душман.
Жамандын бир аты жоош дейт.
Душманым найза сунса – найза сунуп,
Сурнай тартып, доолбас уруп,
Сез көргөзө албасак дүңгүрөп чыгып,
Биздин эмнебиз эл, эмнебиз журт?!

Кулан.

Жөн жаткан темирди дат басат!
Жөн жүргөн дениңди дарт басат!
Жатып өлгүчө, атып өл –
Эл болобуз, же жер болобуз, аба.

Малике-Аяр.

Чытырманда жол тапкан чыгаан элек.
Ак шумкардай ормоңдогон кыраан элек.
Уюткулуу, калдайган караан элек.
Көз ачырбаган майдандарда,
Журтчулугум алсырады...
Жапайы арстандарым кансырады...

Сулайман. Кан төгүлбөй жүгөн катынган заман кайда...

Кылычтан мурда кыйкырышаар эрди камадык, аба. Найзадан мурда намыска турар элди жыйнадык, аба.

Малике-Аяр. Куру кыйкырык баш жарат, куру намыс таш жарат, Башың бапан – аягың сапан болуп сайда калба?

*(Сыртта дүбүрт, Доолбас кагылып, сурнай тартылат).*

Коңур салкын күзгө окшоп шоодураган,
оо, үнүңдөн айланайын.

Куйруктуу жылдызга окшоп баркыраган,
оо, сүрүңдөн айланайын.
Сурнай тартылып, доолбас кагылып,
Элдин эти ачынып, жүрөктөн кара зил жарылды,
Кана эми...

Жалгыз үн. Баатыр келатат! Баатыр келатат! Жол ачкыла. Баатырга жол ачкыла-а, Сүйүнчү! Сүйүн-чү-ү!

*(Лайлумду байлаган жигит кирет.)*

Жигит. Жер чардап жүрүп, ээн жылкыны тийип, жашынып жаттык.

Кысырактан союп жеп кызыгына баттык.

*(Лайлумду көргөзүп)*

Жоону колго түшүрдүк, дөөнү колго түшүрдүк. Мергендеп жүргөн экен.

Ормон-токойдун арасында сербеңдеп жүргөн экен,

Анык душманың ушу – Коңтажынын кызы!

Үндөр. Коңтажы... Коңтажынын кызы?!

Жигит. Соога бергиле! Мен катын кылып алайын.

Малике-Аяр.

Бу, Чарындын кызыбы?
О, кемпайлар...
Мергендеп жүргөндү байлап,
Үйүнөн адашып сербеңдеп жүргөндү айдап,
Сенин баатырдыгың ушубу?
Чолок жылкыны уурдап сойгонуңа мактанып,
Чоң аяк тоң майга тойгонуңа мактанып,
О, атаңа наалат!

Сулайман. Жаман иттин чычкысы түлкү кууганда келет.

*(Лайлумду байлап кирген жигитке).*

Сага ушундайда олжо керек, катын керек!
Чыпалактай сүттү жоо деп,
Чыканактай кызды дөө деп.
Бөлүнө чаап, бөрү олжого көнгөн немелер,
Кимдин муңун жууйт?

Кимдин намысын коргоп,
Кимдин кунун кууйт?
Кулан. Жүрөгү түктүү, билеги күчтүүлөр
Жортуулга барсын.
*(Лайлумду байлап кирген жигитке).*
Момундай төө минип тезек тергендер,
Айыбын тартып мал артында калсын.
*(Кубаттаган үндөр)*
Малике-Аяр.
Кыз-аты менен сулуу.
Кыз – кырк чачы менен улуу.
Азар көргөзбөй, аттын жакшысын мингизип,
Азем кийгизип, узатып койгула, балдар.
*(Жанкозу, Лайлумду ээрчий чыгат.)*
Кулан *(колунда бараң).*
Ак зоодон чыккан ак темирден,
Көк зоодон тапкан көк темирден.
Төлгө кылып, сай алдырып,
Дөөтү устабыз соккон бараңды...
Сулайман.
Элиңиз сизге муназа кылат.
Журт атасы деп сизге сунат.
Көптү көрүп, көптү билген Аяр абам.
Ак бараңды асынып, ак сакалды жайкап,
Биздин тилекти тилеп, биздин жүрөктү бүлөп,
Атпай журтуңузга...
*(Малике-Аярга ак кымкап жабышат).*
Элдин үнү. Эл башы-ы, берен...
Журт башы-ы кыраан болуңуз.
Малике-Аяр *(бараңдын оозун өөп).*
Ай далымдан сынып кетти.
Алаканымдан жылуум кетти.
Карегимден курчум кетти.
Он эки мүчөмдөн ыркым кетти.
Карысы жашына жол бошотуп берүүчү,

*(Кулан менен Сулайманга карап)*
*Мынабу эгиз уулуңду көрчү,*
*Оо, айланайын кутум, калайык!*
*(Кулаңга бараңды асат)*

Ак бараң ушул уулдарыма ылайык.
Мен карыяң болсом,
Бул эки уулуң дарыяң болот!
Бирөө жолбашчы болсо, бирөө кол башчы
болот!

*(Экинчи бараңды Сулайманга асат).*
Курама жыйнап курч кыл, балдарым.
Куюккан таап журт кыл, балдарым.
Жакшы эрдин багын ыйкы-тыйкы эл байлайт,
Куру кыйкырып төгүлбөй,
Уйдун бөйрөгүндө бөлүнбөй,
Аттангыла!
Атыңар туяктарын ташка кайрайт!
*(Тым-тырстык.)*

Ач болсоң азыгың, ток болсоң казыгың,
Мына бу керене тарткан тоолоруң –
Муундарыңа мураапың.
Кас душманга кыйбайлы.
Калкыбызды жыйнайлы.

Үндөр.
– Чачылганды жыйнайлы.
– Үзүлгөндү улайлы.
– Элибизди коргойлу.
– Жерибизди коргойлу.
Малике-Аяр. Кыздай сыланып билерик салынуу,
Эрдин наркында жок.
*(Жамынган кымкабын колуна алып)*

Кымкап жамынып майданга чабуу,
Элдин салтында жок.
*(Жүгүнгөн келинди көздөй басып)*

Ак жолтой, ак жүздүү, ырыс-кешиктүү бол,
Ак элечегиң башыңан түшпөсүн балам.
Кундактагы балаңа ороо кылып кой.
Бешигиңе белбоо кылып кой, балам.

*(Ак боз аттын элеси бар көгүш туу көтөргөн жарчы).*

Жарчы. Мажилис... Мажилис...

Жортуулчулар, туу түбүнө чогулгула. Жарлык уккула!

Жарыя! Жарыя! *(Баары кетишет).*

Келин жалгыз, Кулан келет.

Кулан. Эл ыйык көтөргөн кымкапты.

Эркеме менин ким жапты.

Келин. Элге берген кол жапты.

*(Үн-сөзсүз тиктешет).*

Түндө түшүмдө төрт саамайым өрттөнүп, чочуп ойгондум.

Жаман жоролуу түш.

Кулан. Түшкө эмнелер кирбейт.

Келин.

Үзүлгөндү улап, айрылганыңды жамап,
Жыгылсаң жөлөп, кыйшайсаң таяп,
Жан шеригиң болгону келген элем.
Асылың болсо көрүшүп,
азабың болсо бөлүшүп,
Ак бешикке уулуңду бөлөп,
Ак элечегиң болгону келгем.
Аруу жол басып баратканыңда,
ай-күнүмө жеткенимди айтып,
тизгиниңе оролуп жолуңду торобогон.

Кулан. Ыйлаба. Ыйлабачы, жан шеригим. Маңдайында аяк бошотуп келин-кыздын көзүнө сайылганча найзанын учуна сайылганым жакшы.

Келин. Кантейин, маңдай сөөгүм кайкы, таалайым тайкы болсо: отума так салып, үмүтүм үзбөй жолуңду карап жүрөрмүн. Таалайым болсо: жоолугумду жаңырган айдай бууп, абийириңди тутуп күлөрмүн. Берекем... Жыргалым.

Кулан.

Кой үстүндө боз торгой жумурткалаган:
Байтал жуушап, бала уктаган заман,
Кой короолош, жигиттер жоролош заман,–
Бейпил заман, качан болор экен?
Желем узарып, качан жергем кулпунар экен?
Качан өңүм кызыл, өмүрүм узун болор экен?

*(Келин жигиттин көкүрөгүнө башын жөлөйт)*

Уул тапсаң атын Жоодар кой.

Бейпил заман терметип жоодурап өссүн,

*(Саадагын чечип берет.)*

Атамдан калган саадак. Менден тукумума калсын. Эл жеринин намысын менден бийик кармасын,

Менден ыйык коргосун!

Кыр-кырларга от жаксын,

Кыйышпаган дос тапсын,

Келин *(ак жоолук берип)*

Чымындай жаныңды түйүп, эсен кайт!

Жолуң шыдыр болсун, жолдошуң кыдыр болсун.

*(Солуктап ыйлайт).*

Кулан. Кылыч менен найза жуушмайынча:

Ээрин жазданып эрдин башы кайда барбайт.

Ээгин жазып ак жоолуктун жашы кайда талбайт!

*(Доолбас, сурнай добушу. Дүбүрт. Жортуулчулар).*

Малике-Аяр.

Кагылайын, кара аламан, кара журт!
Карга чокуур каныбыз калганча,
Куурай жулаар алыбыз калганча,
Эл четинде биз, жоо бетиндебиз.
Калк башына мүшкүл түшсө,

Азуусун аркайтып ат өлүгү,
Мурутун сербейтип эр өлүгу,
Ач белде, куу жолдо калуучу,
Азапка да, ажалга да,
Эрдин эри, элдин эли баруучу.
Жем талашып доодон өлгөнчө
Жер талашып, эл талашып жоодон өлөлү!
Жигит пири Шаймерден колдосун,
О-омийин...

Жортуулчулар каланган найза, кылычтарды алып чубай башташат. Аларды узаткан жөн-жай адамдардын аягы бириндеп үзүлөт.

*(Пауза)*

Жоо кийимчен Жаныбек.

Жаныбек. Жакасы жок тонго окшоп, кайда турам, Башаты жок суугa окшоп, кайда соолом!

*(Күңгүрөнөт.)*

Элге кылса кесирди,
Эр курусун ушу экен.
Калкка чачса кесирди,
Хан курусун ушу экен,

*(Зулайка кирет.)*

Зулайка.

Катының өлсө камчы сап эле.
Атыңдан ажырасаң бир байталдын тезеги эле
– башыңдан ажырадың
А хан туубай,
кара башыма шор тууган жаным!
Эми элдин алдында эмес – артында жүр.
Эрдин жанында эмес – чаңында жүр.
Ичтен чыккан ийри жыланым!
Тиземе эркелетип чоңойтом,
Сакалымды буладың.
Тиги дүйнөдө да кыйнадың.

Жаныбек. Жарыктыгым, сөзгө конок берип кой. Мен хандын дөөлөтүнө кайкаласам, сөөлөтүнө ким чал-

калады? Көзүм тумандаганда адебим жоголорун, көр дүйнөгө чиренгенде кадемиң катаарын мурдатан эмине ойлободуң? Башында эмине үйрөтпөдүң? Акимдигиң-ата мурасың деп мени кайсы жарга түрттүң? Сыймык кушум качканда, чебим менен элимдин ортосу чарт жарылганда «жылдыздан төмөн түш, тизеле» деп алтын таягыңды булгалайсың. Алтын таянып не муразга жеттик?! Эне ыйык, эне бийик. Бирок, намыс деген да бар экен.

Баканын бактысынан шумкардын шору артык!

Күнүм бийиктен бүтөт.

Зулайка *(кучагын жазып)*. Уулум... Жалгызым...

Жаныбек.

Суу кайрадан акчу беле.
Сөөктү жашыткanda не пайда?
Кайра кайтсам ошондо кучакта,

Зулайка.

Кулунум... Кайсы арманымды айтайын...

Эми эмне дейин. Кайсы таягымды карманайын?!,

Көзүм кашайган жаным...

*(Жаныбекти маңдайынан сүйөт. Кетет).*

Жаныбек.

Бир кезде үнүм чаркылдаган жерде,
Бир кезде маңдайым жаркылдаган элде,
Таманымдагыны төбөмө чыгарып,
Таманымдагынын сурунан куланып,
Кантип гана жүрөм?
О Боз жорго...
Сенден башканы кантип минем?
О, дөөлөтүм а, ушундай тоголок белең?!
О, көкө теңири, каягыңа жоголом?
Жок! Жоголбойм...
Майлаган буудай жүздөнгөн,
ачыккан илбирс көздөнгөн,
жигиттерим ээрчитип
Чарындын өтүн жарып, өчүмдү алам.

Же, жакшы ит өлүгүн көргөзбөй өлөт,
Атымды билбеген топурактан жай табам.
Кош, менин кесирдүү күндөрүм!
Кош, менин буулуккан арманым!

*(Эки жигит).*

Биринчи Жигит. Алдаяр! Алдаяр, суук кабар.

Экинчи жигит. Көз жумулуп кашайдык, ханым,
Кол жырылып азайдык, ханым.

Жаныбек.

Дөөлөт тайыса доомат басат деген ошол...
Азмын деп карап турчу эмес.
Көпмүн деп каниет кылчу эмес.
Ындыны өчкөндүн жылдызы өчөт.
Ылгоол... Аттангыла!

## АЛТЫНЧЫ КӨРҮНҮШ

Толукшуган ай, таңкы баар. Тигилген чатыр. Нөкөрлөр. Чарын канжа соруп тактасында жатат. Бутун ушалап олтурган аялды тээп жиберет.

Чарын. Мансур, бул азыткыны эмне апкелдиң?

Мансур. Сизге кереги тиеби деп...

Чарын. Бөкөн кууганда катын кууган кызык бекен?

Мансур. Кантайшым, энеси өбө элек күндөр бар.

Чарын. Кулдар кайда?

Мансур. Кадуу менен түздү койбой, бөксө менен кырды койбой кемер-жар казып жүрүшөт. Сиз кууган бөкөндөр бирөө кутулбай түшүп өлүшөт.

Чарын. Акмак! Аркарга жеткендей күлүгүм жок беле?

Арам эт жегидей билегим жок беле?

Канча чуңкур каздырсаң кайрадан көмдүр. Жөнө!

*(Мансур кетенчиктеп чыгат. Ирбис, артында желдет).*

Ирбис *(бүгүлүп)*. Алдаяр төрөм, бир сындырым нанды, бир жутум сууну тың беришпей...

Чарын. Качып көргөндүн жазасы ошол.

Ирбис. Арзып келгем.

Чарын *(алаканын чаап)*. Бир сындырым нан!

*(Нөкөр Ирбиске нан сунуп, колун кагып жиберет).*

Ирбис. Жа... жа-жазыгым не?

Чарын. Бир сындырым нанды актап же! Кана, калкыңдын ичкен ашы кандай? Кийген кийми кандай?

Ирбис. Жаман! Ичкен ашы жаман.

Чарын *(Ирбистин калпагын жулуп алып)*. Калп! Казаның оттон ыргып, жылаңач жүрсөң тукум курут болуп кетмексиң. Менин бетиме чыккан жоо болот белең?! *(Калпагы менен башка чабат.)* Мээң жаман! Кана, жолуңду кандай чалабыз. Элиңди кандай чабабыз?! Черүүң канча, черүү ичинде эриң канча? Чын сүйлө...

Ирбис. Таксыр, ханым... Ме... Ме-ен биле албайм.

Чарын. Мага биле тургандар керек! Чалгыла!

Ирбис. Азирети таксыр, ит болуп улагаңа жатып берейин. Жугундуңу ичип үрүп берейин.

Чарын. Улагамды баскан бут төрүмдү тепсейт. Жугундума семирип, эзелкисин кектейт.

Ирбис *(Чарындын бутун кучактап)*. О-оо, оо, айланайын... Жансоога! Жамбым көп, баарын алгыла. Жа-нымды... Чымындай жанымды койгула. Бир кашык канымды...

Чарын. Нан менен тузду аттагандын жаны болбойт! Сөөгүн өрттөп, келген жагына сапырып ийгиле. Ала жиптей чубалып ала курттай сойлоп, эми мени тооругусу бар.

Ирбис *(Шамурдун бутуна жыгылып)*. Чыпалактан кан сорушуп шерттештик эле, жан досум...

Шамур *(тээ)*. Дос айрылышат.

Желдет. Ирбисти сүйрөп чыгат.

*(Лайлум)*

Лайлум.Чакырыпсың ата.

Чарын.

> Кызым, бул жоболоңуң кандай?
> Эр кийминди кийип,

эр куралыңды ийниңе илип,
Бастырбайсыңбы баштагыңдай.
Кийимиңе кир жугузбай,
кирпигиңе чаң жугузбай,
Өздүн өктөсүн, жаттын жалаасын угузбай,
Эркек уулдай эркелеттим.
Эми, сен бойго жеттиң...

Лайлум.

Көзүмдү ныл басып бойго жеткениме
капамын.
Каркытыңда өскөнүм менен,
Каарына ууланыпмын атанын.

Чарын *(жалт карап)*. А акисим ургур.

Атаңа арман кылсаң күйөөңдүн таягын жегин!

Лайлум. Күйөө издебейм.

Чарын *(Шамурду көргөзүп)*. Издетпей даяр!

Лайлум. Айтканыңдын баары аткарыла бербейт. Бүт өмүрдү унчукпай өткөрүүгө болбойт!

Чарын. Кыздын эркеси – биттин сиркеси! *(Шамурга)* Ал!

Лайлум. Шамур кубалаша чыгышат.

Эрке-Айым.

Чарын. Ии, сулуу? Үстүңө көк жамынып, астыңа таш салынып уктагансың го, ыргыштайсың. Жүнүң тескери айланып калыптыр, же менин аңгилерим жайытыңды тепседиби? Жоргого кыйналып келди деп уктум, эми жайдак ат минип тосотко туруп бер. Кулан кууйм. Кыйналганыңды унутуп, менин кызыгымды көрүп көр.

Эрке-айым. Сен да катынды алдаган маскара белең? Хандын бети ушундай болобу?

Чарын.

Эмчек сүтүн агызган жерин саткан,
Эне экенин унутуп өңүн саткан.
Эне-атаны жагызган элин саткан.
Этегине башын каткан эрин саткан.

Сеникинен өткөн маскаралык барбы?
Жер жүзүндө мындай акмак болорбу?

*(Күлүп, канжасын соруп ары басат).*

Эрке-айым.

Мүнөзү саңоор, кабагы бийик,
Ичи кенен, этеги жайык,
Өңү жарык, өзүм да жарык.
Бир эрдин колун аңсагам.
А түбүң түшкөн заманаң жылас.
Чоң болуп бири-бирине чоңдугун
көргөзбөгөн,
Зор болуп бири-бирине зордугун
жүргүзбөгөн эл –
Эл ичинен андай эр каяктан чыгат?!,

*(Чарынды көздөй басып)*

*Хан издесем күнкорго жолуксам,*
*Эр издесем канкорго жолуксам.*

Чарын. Кырк катыным бар, кырк жерде отун алат, кыңк этсе каарыма калат. Алардан эмнең артык! Бетиңди көрдүм, и-ии, эки бутуң бар экен. Алактаган сулуу катын менен курч бычактын айырмасы кайсы? Ай чырайын жылтыратып ар кимдин өтүн кесет, акырында өзүн кесет.

*(Айымдын чачына тигилип)*

Шермендени чачынын узунун...

Эрке-Айым *(чачынын учун Чарынга ыргытып).*

Жамынып жат!

Чарын *(алаканын чабат, нөкөрлөр).* Чачын устаралап шыпыргыла. Кементай кийгизгиле, таңдан кечке уй саадыргыла. Уй башын булгап, шыйрагын сый бассын. Мунун кылганы өзүнө да, өзгөлөргө да сабак болсун.

*(Чарын жалгыз калат.)*

Ха... Ха... Кас душманыңдын катын-кызын ыйлатып, күлүгүнүн такымын жара чаап минип жүргөндөн артык ыракат кайда?

*(Кийине баштап, алаканын чаап)*

Боз жоргону...

*(Мансур жүгүрүп кирет).*

Мансур. Таксыр... Жаныбекти байлап келишти.

Чарын. Жаныбекти?.. Байлап? Кантип?

Мансур. Кароолдогу нойондорду кан кустуруп, анан өзү да кансырап уктап жатканда...

*(Тым-тырстык).*

Жайлап салайынбы?

Чарын.

Ордолуу журтунда байлабайсыңбы,
Же көзүмө көргөзбөй жайлабайсыңбы?

*(Кетет).*

Мансур.

Буга айкүр түшсөм да жакпадым.
Күчүк болуп үрсөм да батпадым.
Ийлеп-ийлеп итке салбасмын.
Кышы жок канжардай жылаңачтанып,
Кызыл энчимден куру калбасмын.
Арбашса-арбаштым, кармашса-кармаштым!

## ЖЕТИНЧИ КӨРҮНҮШ

Купкуу тоолор. Этекте ташкороо. Мансур, Думана. сүйлөшүп турушат.

Мансур. Жүрө бер, жаракатымды айыктырдың.

Думана. Канчалык оору болсо ошончолук дары чөп бар, баатыр.

Мансур. Алтын чапан жабаармын.

Думана. Алтын сарайдын кереги жок.

Мансур. Анткени, Думанасың да.

Думана. Кемсинтпе, пендени. Беш жашыңа чейин бечел экенсиң. Эми алкынган арстансың. Арстансың о, ташкороодогу чычкандарды кайтарасың.

Мансур. Сөздү бетке айтканың дурус.

Думана. Жашыргандай кылмышым жок. Падышам эртең башымды алат деп кенедей убайым санабайм.

Мансур. Токточу, сен менин өлөөрүмдү да билесиңби?

Думана. Асмандан түшкөн бал-китепте мындай маана бар: «Душманыңды мурда өлтүр!» дейт. Ошент.

Мансур *(түртүп)*. Кет! Жогол.. Китеп экөөң үйрөтпө!

Думана. Бирөөгө ыза көргөзгөн кысаасын тартат. Бирөөгө ыргыткан куу сөөк, айланып-айланып өз чыкыйыңа тиет.

*(Кете баштап)*.

Алтын боолу о ак шумкар,
Айга учпайт о дебеңдер.
Күмүш боолу о ак шумкар,
Күнгө учпайт о дебеңдер,
алдо үй.
Көп түкүрсө о көл болот.
Көл бузулса о сел болот.
Анда эле айлаң о не болот.
Анда эле күнүң о не болот?
Ак! Ак!

*(Кетет)*.

Нөкөр.

Нөкөр *(колун жаңсап)*. Тиги туткундар Думананы ээрчип алышат. Думана деле киши турбайбы.

*(Күлүшөт.)*

Мансур.

Кулдарды Туз-Көлгө айдагыла.
Сан-саат малга жеткидей,
Сатсак да, чачсак да түгөнбөгүдөй туз
камдагыла!

Нөкөр. Камдап жүрүп ташыркадык, жыртылдык.

Мансур. Ташыркасаң така, жыртылсаң жака табылар. Сен, тилиңди тишиңе кат!

Нөкөр. Акыл кыскарды, тил узарды. Узарган тил ичке батпай кетти! Качанга найзанын учуна жашайбыз. Качанга кылыч менен киндик кесебиз?

*(Кетет.)*

Мансур.

Көз чукуган караңгы түндөр бар,
Кан мыкчыган касаптуу күндөр бар.
Түлкү жойлобос түнт жолдор бар.
Түйүндөлгөн түмөн ойлор бар.
Кылычынын мизин жалайт,
Желдет чуркап кирет.

Желдет. Чарын-тайши келатат!

Кетишет.

Таш короо жактан темтеңдеп Эрке-Айым. Баягы ордо кыздарынын ыр-обону кулагында. Кементайчан, каруусунда көнөчөк, эки жагын карана олтура калып көнөчөктү шыпкайт, жалайт.

Лайлум, колунда түйүнчөк.

Лайлум. Эже... Сизге даам апкелдим.

Эрке-айым *(жүткүнүп)*. Нанбы? *(Кетенчиктеп)* Мен жедим, ичтим. Мен токмун. Наның көппү? *(Колун шилтеп)* Көп болсо Кулдарга бер. Мен, эми эле аябай тойдум.

Лайлум. Эже... эже, качыңыз. Алдыңызга ат, үстүңүзгө тон даяр.

Эрке-айым. Даяр?.. Сиңдим, дүйнө кенен. А каягына качайын, каягына батайын. Бараар жерим, басар топурагым түгөндү. Дүйнө мени батырса да, мен бата албайм дүйнөгө. Эми кимдин башын айлантайын, садагасы сиңдим. Атың көппү? *(Колун жаңсап)* Ошоякта суусу түгөнө элек туткундар бар. *(Чыйралып)* А мен уй саайм. Чарындын аңгилерине тамак жасайм. Бар! Бар!!

Лайлум чуркап кетет. Эрке-Айым артынан көпкө карайт. Улутунат. Көнөчөгүнө дагы үңүлөт.

Шамур

Шамур.

И-и, кускум келет?
Адам десем санда жок,
Өлдү десем сайда жок, бул ким?

Эрке-Айым *(Жоолугун шыпырат. Чачы жок).*

Мен!
Билсең алиги катынмын.
Билбесең чокуңмун!
Менмин... Мен

Шамур. Тайманбай, айбыкпай «мен» дегенин карачы.

Эрке-айым *(көнөчөктү ыргытат).*

Уй сааганды билбей эчкиче сааган.
Эне сүтүн аттаганга дааган.
Азирети атанын ак батасына батпаган.
Азирейилдердин босогосун аттаган–
Мен! Жалгыз мен!
Карарган бетимди кимге шыбайын?
Ийе, а шыбайт элең сен! Се-ен?!

*(Шамур канжарын суурат, Чарын, нөкөрлөрү, Жаныбек).*

Чарын *(Шамурга):* Чымынга бычак ала жүгүрүп... Абийири кеткенге – абийирден кол жууган теңелет.

Эрке-Айым. Жаныбек экөө тиктеше калат. Шамур Чарынды ачуулу тиктеп, канжарын кынына салбагат бойдон чыгат.

Жаныбек *(Эрке-Айымга).* Жолуң болгур...

Эрке-айым. Уй сааганды үйрөндүм, ханым.

Жаныбек. Канат-куйругуң соо, башың ийниңде кантип келдиң?

Эрке-айым. Хандын башы тоголонгондо, ханышанын башы безилдебейби?!

Жаныбек. Шордуум! Тажаалым!

Эрке-Айым. Шорумду эми көрдүңбү? Тажаалымды эми билдиңби, ханым?

Чарын *(Жаныбекке)*. Айымды көрдүңбү, сүйлөштүңбү. Бирөөгө берчү катын эмес экен бул дүйнөдө. Тигил дүйнөдөн да мындай катын таппайсың.

Жаныбек. Катынга өнөрүңдү көргөзүпсүң.

Чарын. Сага да сактап жүргөн өнөр бар.

*(Желдетке)*

Бир кулагын чунайт!

Желдет. Жаныбектин кулагын кесет, Эрке-Айым чыңырат.

Жаныбек *(Чарынга)*. Желдетиң таза кести,

Кийиминди булгабай таза же, ит!

Чарын.

Итке ыргыт кулагын.
Менин иттерим кулак жейт!
Чебиндин сыры ушул беле?
Ханыңдын куну ушул беле?
Жаныбек Айымдын көркүн бузуп,
Адамдын кулагын кесип,
Сенин хандыгың ушубу?

Чарын. Бир топ нойондорумду кепшеген экенсиң.

Жаныбек. Кепшегендей уй эмесмин! Эрөөлдөштүм.

Чарын. Түзүк. Ошол эрдигиң үчүн эрмектейм! Сен түндүгүңдү карап жүр. Айым биздин киши. Буга камчы көтөрбөйсүң, кылапат айтпайсың. Бул уй сааса, сен музоо кайтарасың. Бул аяк жууса, сен казан көөлөйсүң.

*(Жаныбекти алып чыгышат.)*

Ханынын башы канжыгада,
Калкы кайда барат?
Үркүтүп жүрүп жоготом!
Итилеп жүрүп түгөтөм!

Мансур, желдеттер, бети-башы жарылган Думана.

Желдет *(Чарынга)*. Таксыр, жүргөнү шектүү, Тиктегени кектүү Думана тузагыңызда.

Эрке-Айым (Думанага). Ата... Айланайын ата! Олуя ата...

Чарын. Ата?! Атам дейби? *(Эрке-Айымга)* Бул, атаңбы?

Эрке-айым. Жок… Жок! Атам эмес…

Думана. Безери! Мен безеринин атасымын! Кызыл туздун атасымын!

Эрке-Айым *(Думанага кулачын жазып)*. Ата! Айланайын ата?!

Думана. Ата безери. Колуңду тийгизбе! Жамандык сени менен батсын, Сени менен жатсын! Арамы…

*(Лайлум чуркап кирет)*

Чарын *(Эрке-Айымга)*. Аа-а, атаң экен да? Ак боз атынан, айлынан, айдай кызынан ажырап аяктай чым буюрбай алигиче тирүүбү? Муну каяктагы жин-шайтан быякка ыргытты?! *(Мансурга)*. Дөөрүп эмне издеп жүрүптүр?!

Мансур. Күнөөм мойнумда, таксыр. Думана экен, билбейм…

Чарын. Картаң ит бекер үрбөйт! Думана бекер жүргөн жок! *(Мансурга тап берип)* Сасы-ык! *(Мансур качып чыгат, Желдетке)* Думананын тамагынан кан!..

Лайлум. Ата! Ата-а?! Думана эришинди чаптыбы?

Чарын. Кыз чоңойсо кырчаңгы!

Эрке-айым. Эрдигиңди эбелектей чалга көргөзбө, коңтажы. Калайманыңды каргадай чалга тийгизбе, коңтажы. Кыйнаба атамды, менден өчүңдү ал. Атамы… коңтажы.

Чарын. Атаңар сөөк болуп тамагыма сайылып турсачы? Силердин атаңар?!

Эрке-Айым *(Чарынга жыгылып)*. Аш ич десең, таш ичейин, коңтажы… Атакемдин бир кашык канын. Атакемдин сакалын кыйнаба…

Чарын. Бир жолу оозуңдан жылуу сөз укпай. Бир жолу колуңдан жылуу даам сызбай, Атаң сенин кыйнооңо чыдаган. Меники кылыч!

Думана. А ата безери, тур өйдө. Тизелебе! Кагылайын тузум! Сөөгүмдү тааныдың. Ата дегениңди уктум. Думана бойдон өлгөн жокмун! Мен Чарындын жоосумун! Атамын!

*(Ак боз аттын кишинегени).*

Үнүңдөн айланайын, жаныбарым.

*(Чарынга)*

Ак боз ат элдин үмүтү.
Сен күлүктү уурдадың,
Үмүттү уурдай албайсың!!!
Эл-журтту уурдай албайсың?!!
Ак боз ат минген эр келет!,
Артында түмөн эл келет!
Кызыл ат минген…

Чарын. Жогот! Кескилеп итке…

Думана. Жүрү желдет, акыретиңе,

Эрке-айым. Ата… каралдым! Атаке-ем!'

Думананы сүйрөп жөнөшөт. Эрке-Айым, Лайлум артында.

Чарын жалгыз.

Чарын. Көзүм тартат, бул эмнеси? Дагы кандай төлгөсү… Жерине жесекчи коюп, айлына кайгуулчу коюп, коломолуу кол аттанды деп уктум, чынбы?

Түмөндөгөн калың журт,
Түрүлүп атка минбесин
Ойротту каптап кирбесин.
Киргин суунун кечүүсүн билбесең кечпе деген?
Өзөндү өрт каптаса аттап өтпө деген.
Адегенде барып мүйүзүмдү тоспоюн,
Конгонумду кокту билбей,
желгенимди жел билбей,
Бүгүн мында, эртең анда токтоюн.
Алаксытам, коломтомду сыйпалатам.
Аттары ыргайдай, өздөрү торгойдой болгондо,
Күркүрөп маңдайынан,
Ажал чачам!

Желдет.

Шамур көрүнбөй экөөнүн сөзүн тыңшайт.

Желдет.

Билем...
Чөптүн башы кыбыраганынан өйдө,
Эки кишинин шыбыраганынан өйдө,
Шамалдай жылып, ылайдай тунуп,
Аңдып жүрөм. Төгөм десеңиз, каным мына.
Алам десеңиз, жаным мына.

Чарын.

Эки көзүм бол, эки мизим бол,
Берерим көп, аларым аз.
Лайлум кызымды сага кыйдым

Желдет. Түбөлүк кулуңмун.

Чарын. Уулум болосуң!

*(Желдет кетет.)*

Тиртийип колу муздап бараткандардын,
Кырсыйып боору муздап бараткандардын
Колун кагып, боорумдан ары түртүп,
Бирөөнү бирөөнө чаап жайлайын.
Жаш чырпыктай ийилгендерди,
Карааныма жүгүнүп бүлүнгөндөрдү,
Кол бала кылып, чынжырлап,
Улагама байлайын.

Шамур. Амириңиз бар бекен?

Чарын. Оо, акылымды айттырбай билген, керегимде чакыртпай келген, кара кулак сырттаным!

Черүүлөрдүн арасын буруттардын жансыздары шимшилеп калганбы дейм? Алиги Думана...

Шамур. Думана кайда жүрбөйт, ит кайдан үрбөйт!

Чарын. Сен да корсулдап үрүп калгансыңбы?

Шамур. Убададан тайсак, сөз бузулса үрбөйбүзбү!

Чарын. Кызым сага ийикпесе, тийбесе, тушап беремби? Тушайм деп убада кылдым беле?

Шамур.

Тайшы, адамды кандай тушайм.
Кандай чакмак ойнойм, сурабайм.
Кызың канчообузга жетет?

Ажырым айтпай алаканыма сал анан ал тажаалды.

Сөз аягын айтууга үлгүрбөйт. Лайлум кирип канжарын шилтеп жиберет. Шамур жүрөгүнө сайылган канжарды сууруп жыгылат.

Чарын. Өлдү-ү, өлдү-ү, өрт! Өзөгүмдөн өрт!, Шамур?!
*(Лайлумга)*
Кимди... Кимди өлтүрдүң?!
Лайлум. Төрүмдөгү душманымды.
Сен, атам, миң душманыңды бейкүнөө өлтүргөндө.
Мен, кызың, бир душманымды өлтүрдүм.
Адамды кыйнагандан башка эмнеңди көрдүм?
Мына мен, жалгыз кызың – жалгыз тамырыңды өзүң кый,
Бир тамчы каның элем – өзүң уурта.

Чарын. Шамурдун ордун ким басат? Шамурду кайдан табам?

Лайлум.

Ким сага кызың болуп берет?
Ата-баланы кайдан табасың?
Жаа тартканды өзүң үйрөткөнсүң.
Жашык болбо деп өзүң сүйлөткөнсүң.

Чарын алаканын чабат.
Нөкөрлөр
Чарын. Кыйыктайт деп санабай *(Лайлумду көргөзүп)*
Кызым экенине карабай... Зынданга!
*(Шамурду көргөзүп)*
Мунун зыйнаты үчүн:

Жүз туткундун кулак-мурду шыпырылсын,
Жүзүнүн көзү чукулсун.
Жүз туткундун бели омкорулсун.
Жүз өгүз, жүз эркеч союп,

чуркурап ыйлап, кастарлап көмгүлө.
Ким ханына кызмат кылса,
анын сөөгүнө урмат!

Шамурду көтөрүп чыгышат,
Мансур чуркап кирет.
Мансур. Ат... Ак боз ат качты!
Чарын. Таш оозуңа!
Мансур. Атты... Боз жоргону...
Чарын. Тоскула Боз жоргону... Кармагыла!
Кайра колума тийгизбесеңер...
(*Мансурга*) Мууздайм сени!
Мансур кетет.
Желдет. Эрке-Айымды сүйрөп кирет.
Желдет. Агыткан ушул.
Чарын. Ушу... Ушубу?!
Эрке-Айым.
Ордонун кызыл алтын, ак күмүшүн тепсеген мен,
Бирөөлөрдүн күнөөсүн, бирөөлөрдүн мүдөөсүн тепсеген мен,
Мамыдагы атты агытканга жарабайт бекем?
Ийе, Чарын?!
Ийиктей башы бар, илээшкен чачы бар дедиң го...
Ата! Алда арбагыңдан айланайын ай...
Ак бозуң элиңе кетти. Жериңе!..
Чарын. Шерменде?!
Эрке-Айым, Анымды өзүм да билем!

Чарын (*желдетке*). Катындын эки бутун эки азоого байлап, кыйнагыла! Өлтүргүлө...

Эрке-айым. Менин өлгөнүм качан? Кыйналганым качан? Сенин өлүмүңө жүргөм, ийе коңтажы?!! А сөөгүңө ит сийгир!

Чарын, Ордодогу катындардын башы сайга томолонсун. Бирөө калбасын!

*(Жалгыз)*.

Капырай, калтаарыйм да бул кандай,
Ажал алка жакадан алгандай.
Жо-жок,
Билегимдин күчү тосула элек.
Кылычымдын мизи кетиле элек,

*(Мансур бет маңдайынан кыйкырып жаа тартып жиберет).*

Сасыган курт! Жедиң... Ушу сенден...
Мансур. Сен жемексиң! Баарыбызды...
*(Чарын жыгылат).*
Кулады. Кулаттым! Өлдү, Өлтүрдүм.
*(Нөкөрлөр)*
Нөкөр. Тайши... Тайши. Буруттар! Кырчылдаш...
Лайлум ошолорго кошулуп...
Мансур. А! А-а! А-аа?!

## СЕГИЗИНЧИ КӨРҮНҮШ

Үрүл-бүрүл. Чабыш жүрүп сахнанын бир жагына сүрүлүп, аяктап калган болот. Дүбүрт.

Күн күркүрөйт. Чагылган. Бороон-чапкын өтөт. Жарык боло баштайт. Булут көчөт. Купкуу талаа-тоо. Сурнайчы сурнай тартат.

Жортуулчулар жыйнала башташат.

Аздан соң ак желек көтөргөн нөкөрлөр, алдыда Лайлум.

Лайлум *(тизелеп)*. Өч алып, канды чачсаңар.
Кар жиликти чагып жерге каксаңар,
Мына биз, мына нан, мына жан.
Сулайман. Бийке, эл чаап атак алганы келбедик.
Кан агызган мүйүздү жоолап келдик
Чабылып-чачылганыбызды доолап келдик.
Кулан. Жер түтөтүп таалоонго келбедик,
Эл четине – кароолго келдик.
Талоонго кеткендерибиздин жазатын айткыла, бийке?

Лайлум.

Ниетиңерге кулдук кылабыз.
Сүрүңөргө миз бага албай
Тизе калтырап турабыз,
Улууңар бар, кичүүңөр бар, айланайындар,
Мен – энемин,
Энелердин атынан... балдардын атынан...
Эпке көнүүгө чакырам.

*(Жарактарын таштапат.)*

Малике-Аяр *(Лайлумду тургузуп)*.

Эрдин өчү сенде эмес, кызым.
Элдин өчү элде эмес, кызым.

*(Мансурду алып киришет. Мансурга)*

Мойнуна жылан орогула, бетин көөлөгүлө.
Арык төөгө мингизип, эл кыдырткыла.

Элди чабыштыргандар, элдин ырысын төккөндөр ушулар.

Думана.

Думана. Тийбегиле! Тийбегиле Лайлум кызыма! *(Башын ийип)*.

Мени желдеттерден куткарган Лайлум...

Мансур. Думана.... Жан соога, Думана.

*(Мансурду алып кетишет)*

Малике-Аяр *(Думанага)*. Ысмың бар сенин, *(Жортуулчуларга)* Журт!

Думананын ысмы – Адам!

Үндөр. – Адам!

Малике-Аяр. Олуям, адам, акжолтоюм...

Ак боз атыңды минип, элиңе жөнө, Сүйүнчүлө!

Думана. Сүйүнчүңө – күн! Ак боз атты эр минсин.

Мен жер кесейин, эл кыдырайын.
Адам ата балдарына:
«Энең бешик өңөргөн,
Элге кесир ойлобо,
Атаң өнүп көгөргөн,

Жерге кесир ойлобо» – дейин.
Какшайын. Боздоюн.
Өмүрүм жеткиче, көзүм өткүчө...
Өмүрүм жетпесе,
Көңүлүм жеткен урпактарыма барайын.
Малике-Аяр Бар... Барагой, кагылайын.
Бирдин кесири миңге тийбесин.
Түндүн кесири күнгө тийбесин.
Барагой, жолуңа кут жаасын.
О-омийин, мингениңер боз болсун.
Адам аттуу дос болсун.
Думана. Айланайын о жарандар.
Кагылайын о адамдар.
Сага теңдеш о сел барбы!
Сенден бийик о бел барбы!

*Кете баштайт. Баары аны узата карашат. Жылаажын шыңгырайт. Жылкы кишенегени угулуп, Ак боз аттын элеси тартылган көгүлтүр туу желбиреп өтөт? Сахна дүбүрткө толо берет.*

## ЖАПАРКУЛ АЛЫБАЕВ
***(1933–1990)***

Акын Жапаркул Алыбаев 1933-жылы Кыргыз ССРинин Чүй районуна караштуу Бириккен айылында төрөлгөн. 1950-жылы Фрунзе педагогикалык, 1956-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филология факультетин аяктайт.

1950-жылдан тартып Ысык-Ата районуна караштуу Кең-булуң сегиз жылдык мектебинде мугалим болуп иштейт.

1956–1965-жылдары адабий кызматкер, ал эми 1984-жылдан тартып Чалкан сатирикалык журналынын редакциясында бөлүм башчы болуп эмгектенет. 1965–1972-жылдары маданият жана искусство КСЭнин редакциясында ага илимий редактор, Кыргызстан маданияты гезитинде адабий кызматкер, ал эми 1978–1984-жылдары Кыргызстан көркөм абадий басмаканасында редактор, ага редактор жана редакциянын башчысы болуп эмгектенген.

Алыбаевдин чыгармачыл өмүрү 1952-жылдан тарта башталат. Акындын эң биринчи «Гүл» жана «Тикенек» аттуу ыр саптарынын жыйнагы 1961-жылы жарык көргөн.

Чыгармаларынын негизги жанрдык багыты сатира болуп, кыргыз маданий-адабий сатира салтынын калыптанышына өз салымын кошкон.

Анын сатира чыгармалары кыргыз орто мектеп адабиятынын хрестоматикасына киргизилип, республиканын ЖОЖнын (Жогорку Окуу Жай) филология факультеттеринде изилденип келет.

Ж. Алыбаевдин чыгармалары 1954-жылдан баштап республикалык газета, журналында үзгүлтүксүз жарыяланып турган. Ж.Алыбаев жети ыр жыйнактын автору. Акындын ырлары орус, украин, белорус тилдеринде жана Чехословакиянын Братислава шаарында чыгуучу «Рогач» журналында словак тилинде чыккан, «Крокодил», «Украина», «Вожик» Белорустун Полымя журналында басылып чыккан. 1958-жылдан СССР журналисттер Союзунун, 1970-жылдан СССР жазуучулар Союзунун мүчөсү.

Акын тарабынан Гогольдун «Мертвые души» поэмасы, румын драматург-комедиографы Т. Барангинин «Образумься Христофор!» комедиясы, монгол жазуучусу С. Удваланын «Рожденные революцией» повести, Васильевдин «А зори здесь тихие» повести, Большаковдун жазмалары, ошондой эле Сурков, Гамзатов, Степанков жана башка совет акындарынын чыгармаларын кыргыз тилине которгон.

1970-жылдан тартып СП СССРдин мүчөсү жана 1958-жылдан тартып СЖ СССРдин мүчөсү.

Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин грамотасы жана СССР госкомиздаттын ардак грамотасы менен сыйланган. 1990-жылы дүйнөдөн кайткан.

Китепке акындын сатиралык, лирикалык ырлары, аңгемелеринен тандалып алынды.

## САТИРАЛАР

### БИЛИП ТУРУП АЙТПАЙБЫЗ

Кээде ырдын
Уйкашына баш ийбей,
Жазгың келет
Жан кейиткен иштерди:
Бул замандын
Кадыр, баркын түшүнбөй
«Алсам»
«Жулсам»
Деген гана типтерди.
Мисалы:
Күлтүңдөгөн мобу немени̇н
Мазары – базар.
Анар сатат
Чөк, чөк кылып төлгөдөй.
Балким мунун
Айылдашы, теңтуштары
Бир катар
Пахта терип жүргөн
Чыгар жөргөлөй?!
А бу болсо
Айыл менен иши жок
Эңкейбей да тердебей

Акча санайт желбегей!
А мобучу:
Мурут коюп чыкыйган?
– Контролер!
Автобуста,
Же базарда.
Кантсин байкуш
Оорукчандыр дээрсиңер –
Ыркыйган?

О кокуй,
Анын денеси чың
Штангисттей лыкыйган.
Анын үстүнө
Алган диплому да бар
КГУдан
же ФПИдеп!
Ойду-тоону кайсап,
Бул ооп келген
Өзү иштеген «ЧП» дан!

А тигичи:
Кара тончон, суур тумак,
Дүкөндөргө
Туалет тарабынан кирген?
– Оо! Ал эски тааныш –
Кызылкулак,
«Соодага эмгеги сиңген».
Кайсы дүкөнгө
Кандай буюм түшкөнүн
Машкедей
Жытынан билген.
Эл кызматта жүргөндө.
Калемден баштап,
Китепке чейин

Кыргыйдай илген.
Аны
«Иштебейсиңби?» десең,
Сөөмөйү менен башын көрсөтүп,
Сени келесоо катары
Көрүп күлгөн.
Эмесе, туугандар,
Элдин ичи турбайбы кенен:
Мына ушунун баары
Бирге жашайт
Биз менен.
Ооруса – доктору белен.
Соосунда бизди –
жегени жеген.
Билип туруп – айтпайбыз.
Корүп туруп – какпайбыз.
Мунун аты – Кайдыгерлик
Деген.

## ЧАРАБАЙ

Чарабайды чабан дешет,
«Баккан малы «аман» дешет.
Эмесе,
Чакеңдин «чабандыгын» айтууга
Келди кезек.
Ырас,
Чабан деген ардактуу кесип.
Жайдыр-кыштыр жүрөсүң
Үйдөн безип.
Асырап аман тууганын,
Асканын арасы турганың.
Ала-Тоо сенин тууганың.
Жаз, кышы көрсөң кууралын,

Жайы, күзү жыргалын.
Эмгеги эске алынган.
Эл урматтап –
Жылдыз тагынган.
Чабандар бар
Аты кыргызга таанылган.
Бирок,
«Чабан» десе эле мактабай,
Обу жок боло бербей
Актаңдай.
Айталы «ток этер» жерин
Мидикем айткандай:
Ооба, Чарабайды чабан деп жүрөт.
Көрө элекпиз анын
Кой четине жүргөнүн
Түнөп.
Койду койчусу кайтарат.
Чакең болсо
Дайыма жакада
Эки көзү канталап.
Келишкен атты минип
Чалкалап,
Кээде картаны,
Кээде «полбанканы» –
Талкалап,
Ары бастырат,
Бери бастырат.
Бекерпозсуң деп айтып көрчү
– «Мен чабанмын!» деп
Алкынат.
Жайлаган
жайлоосунун атын билбейт,
Анда-санда келип,
«Козулар арыктап кетиптир» деп
Койчусун тилдейт.

Асты жыйналыштан калбайт,
Анда минтип сүйлөйт:
– Биз жүрөбүз тоонун башында.
Тиги эле, заңгелдин ташында.
Силердин болсо:
Үйүңөр – үстүңдө,
Ашыңар – астыңда,
Аялыңар кашыңда.
Ошондуктан
Обуңар менен мага
Акшыңда!
– Чарабайдын «чабандыгын»
Директор билеби?
– Билет!
– Анда эмне кармап жүрөт?
Анда сөзгө сабыр кылгыла
Бир мүнөт!
Чакеңдин койчусу –
Иниси,
Же кайниси.
Балким, өз баласы
Болбосо – күйөө баласы
Чамасы.
Мына ушулар ага арачы!
«Кол сынса – жең ичинде.
Баш сынса – бөрк астында».
Кээ бир чарбаларда бар
Чарабайга окшогон
Бирөөнүн эмгеги менен –
Калкыма!
Демек –
Чабандыкты Чарабайдан алып,
Жоробайга бериш керек
Да,

Мындай «мырза» чабандарды,
Койчулукка чегиш керек!

## АКЫРКЫ САПАР

Таң атты
Ыдырыс туруп,
Жуунду.
Анан, сайышка түшчүдөй:
Зоот, чопкут кийип,
Белин буунду.
Башына – касканы орнотту.
Бутун кирзи өтүккө сойлотту.
Уктап жаткан балдарын
Өөп чыгып,
Анан катынын ойготту:
– Кокус, кырсык болуп
Кайтпай калсам,
Балдарды жакшы бак,– деди.
– Дүйнөдөн так өтмөк белең,
Бир эстүү эрди тап,– деди.
Айтарыңарды сезип турам:
– Деги бул Ыдырысың,
Кайда бармак?
– Согушка барат дейсиңби,
Ыдырыс, ремонттон чыккан үйдү
Кабыл алмак!

## КОНУШБАЕВГЕ КОЛ БЕРҮҮ

Конушбаевди жашынан
Жакшы билесиң.
Ошентсе да кабинетине

Кооптонуп жатып киресиң.
(Бирге окугандан бери
Канча жыл өттү.
Балким, атак-даңк
Өзгөртүп салды го деп
Мүнөзүн)
Жок, андай эмес
Бекер эле чочугам:
Кабинетинин тосуп алып
Босогосунан.
Өбүүгө да даяр
Бетиң гана эмес,
Оозуңан.
Колтуктап барып
Диванга отургузат да
Айтат:
(Албетте үстү-башыңа
Көз жүгүртүп байкап).
– Эмнеге келбейсиң?
Бир кезде талкан дос элек
Баягыдай эле
Кире бербейсиң!
Байкушум десе –
Студент кездегидей
Дале эндейсиң...
Анан бала-чакаңдын,
Карып бүткөн апаңдын
Кайын ата
Жана өз атаңдын
Жөн-жайын сурайт,
Бырышын оңдоп жатып
Жакаңдын.
«Былтыр эле кирбей,
Ушакка ишенген,
Ит экемин мен» дейсиң.

«Авторитеттүү кызмат
Адамды оңдоп салат тура» деп
Алка-шалка тердейсиң.
Батына сүйлөп
Баягыдай эле аны
«Сен» дейсиң.
Ошондо өңүң бир аз
Көлөкө басат.
Бирок, анысын таза
Билгизбөөгө шашат.
– Кана, кандай маселе менен
келдиң?– деп
Столдогу эмес,
Чөнтөк дептерине жазат...
Акырын ордунан турат.
Ауденция тамам кыязы...
«Келген ишим тез бүттү» деп
Сен байкуш ыраазы!
Анан сени секретарына чейин
Узатып чыгат.
«Мобу экөөбүз бир окуганда...» деп
Илгери өткөн окуяны айтып
Шакаба кылат.
Айтканына макул болосуң,
«Андай эмес»деп уят!
Ошентип,
Конушбаев кабинетин
Көздөй жылат.
Бирок сенин басып бараткаңыңды
Терезеден карап турат,
Кетпейт.
«Далай дардаңдачу элең ээ» деп
Чейрек кылым өткөн
Ызалыгын эстейт...
Чөнтөк дептерди тартмага таштайт,

Колу экинчи ага баш бакпайт.
Сен болсо күтө бересиң жакшылыкты
Ал эми ишиң түгүл,
Сенин атың да
Конушбаевдин эсинен чыкты.

## АЖЫГУЛДУН КӨРГӨНҮ

Ажыгул,
Көрүп келди дешип
Чоң шаарды,
Коңшу-колоңдорунун бир даары
Ажыкеңди кепке алды:
– Барганың борбор экенин
Жакшы билебиз.
Чоло таап, баралбай жүрөбүз.
Ал өз күнөөбүз.
Эми айта отургун
Көргөн-билгенди?– дешкенде
Ажыгул
Айылдаштарына
Айткан сөзү бул:
Барган түнү мейманканада болдук
Байкаган адамга–
Тимеле кордук!
Арагын ченеп сатат турбайбы,
Улуксат экен
Ар адамга – жүз эле грамм
Эки сомдук.
Ажыкең анысына карайбы?!
Атайы барган соң
Акчаны аяйбы?!
Дүкөндөн сатып келбей
Жан жокпу,

Шыгыратып, бөтөлкөдөн далайды.
Бир гана жаман жери –
Жанымда жаткан неме
Экен, жеткен – зыкым.
Жүздөн ашык ичпейт,
Ныпым!
Ал уктаганда коңурук чалып,
Мына эмесе деп
Алып келген шишелерди
Шыпкап ичип алып,
Жылып сыртка жөнөдүм.
Жуурканды сыйрып салып.
Силерге – калп,
Мага – чын:
Ичкилик сатыла берет экен
Каалаган мезгилде.
Ооба,
Ал биздин Бүбайша
Эмес да
Дүкөнүн бекитип койчу
Эрте бешимде!
Анан туугандар
Ар жагын жакшы билбейм:
Жаткан жеримди таппай
Темселеп жүргөнүм эсимде...
Милиция алып кетерде
Жанагы
Жанымдагы киши
Араң алып калыптыр
Кепилге.
(Кудай урсун кенедей сөз кошсом!)
Эртесинде чөнтөктө калганы –
Беш сом!
Анымa «баш жазып» алып саардан,
Айылдаштардын үйүн издедим.

Шаардан.
Калаа аман эле болсун
Чынында жетпейт экен
Элетке:
Оонап жатасыңбы,
Же,
Жөөлөшөсүңбү терекке,
Өзүң билесиң.
Кайсы жерге жыгылсаң
Беймарал,
Ойгонгондо үйдү кездөй келесиң!
А, шаарда карабайт тура себепке.
«Коомдук жерде
Жүргөндү билбейсиң» деп
Кылат экен келеке!
Деп Ажыкең бүткөндө
Сөзүнүн аягын
– Сени шаарга жиберген аялың–
Бүлүнүп,
Жаңылык угабыз деген биз,
Сүйүнүп,
Жерге эле кирели дешип
Чыга качышты.
Чапандарынын артын
Күбүнүп.
Шаарга эстүүлөр келсе,
Маданиятына кубанып кетет.
Ажыгулга окшогондор келсе,
Арагына ууланып кетет.

## АРЫЗ ЖАЗГЫЧ ТОГОЛОК

Арыз жазгыч Тоголок,
Айтчы, качан жоголот?

Алма ичинде боз курттай,
Арабызда ойдолоп.

Кирип алса ичиңе,
Кедер болуп ишиңе.
Оңбогурду билбейсиң,
Окшош а да кишиге.
Эч билинбейт куйтулар,
Элдей эки буту бар.
Кымбат атыр куюнат,

Кыйын болсоң, тутуп ал.
Ичкиликтен сактанат,
Иш жагына так барат.
Кыйын жумуш тапшырсаң,
Кыйналса да аткарат.

Секин басып акмалап,
Сезиминде «такталат».
Анан жазат түн бою,
Араң түтүп ак барак.

Ким жазганын ким билет?
(Өзү гана бир билет.)
Отпускага чыккансып,
Он чакты күн тим жүрөт.

Ыйласа да ак барак,
Ырас, баары такталат.
Чындык болсо ордун таап,
Чылгый гана калп калат.

Калдым ээ,– деп жаза атып,
– Калтырбайм! – деп жашатып.
Калпын кайра чогултуп,
Кайра жазат ашатып.

Ушак жазгыч Тоголок,
Учса дагы оболоп.
Чиритем деп бирөөнү,
Чирип өзү жоголот.

## ОҢОЛБАЙДЫН «НАМЫСЫ»

Ооз барбайт
Оңолбайды «жалкоо» деп
Айтканга
Жаны тынбайт:
Жайында сугатта,
Жазында – сакманда,
Күзүндө
Тоодон чөп чапканда,
Көрүндүк берет элем,
Аны
Үйүнөн издеп тапканга!
Акыйкатта
Ал ач көздүктөн, оолак.
Ак эмгегине
Акчаны алса да боолап,
Андан эч ким
Сурабайт дечи соогат!
Ылайым Оңолбай
Жакшы жашасын!
Бирок
Жепирейген сокмо тамда
Турат дешет.
Өзү гана эмес,
Карыткан
Оңолбайдын атасын.
Үйүнүн ийилген устундарын
Көрүп,

Араң отурат киргендер
Карманып жакасын.
Дубалдары
Катуу чүчкүрсөң кулап
кетеби деп,
«Келме» келтирип
Араң кайтасың.
Тамынын үстүн чөп басып,
Жөн эле каракыяк чыккан
тектирдей.
Эрикпей,
Чөбүн чаап алса
Бир уйга
Кыш бою жеткидей!
Терезелери үтүрөйүп,
Эске салат
Урушкан адамдын
Кабагын.
Стол деген болбойт
Балдары жүздөмөндөп,
Шырдакка жатып жазат
сабагын.
Аял далай айтты:
– Эй Оңолбой
Үй куруп алалы
Жакшы жашап жатат
Элдин баарысы!
Жок. Океңдин кармап
Сокур «намысы».
«Волганы» алды
«Жигулинин» начар деп
«арышы».
Эң жок дегенде
Короосу толо бак-шак?
Жоок, кокуй,

Жөн эле ордо ойногондой,
Бош, «аппак!»
Эмесе, окуучум
Адегенде сөздү
Баштадык эле,
Оңолбайды мактап.
Эми Океңдин Көзүнө айтсак:
– Маданияттуу жашоо –
Жеңил машина гана эмес, –
Таза жашоочу үй,
Гүл аңкыган бак-шак!
Айтарыбыз ушу,
Таарынсаң, таарын
Өтө катуу кетип жатсак!

## КЫМЫЗ, КЫМЫЗ...

Кылымдан бери кыргызым,
Кылган ууз кымызын,
Көктөмдөн баштап шаардыктар,
Көп ойлонот тымызын...

Дарылыгын айтпайын –
Даана го, ал элге дапдайын:
«Ден соолуктун ээси» деп
Газет, журнал, теледен,
Какшап жатат ай сайын.

Чечели деп бул ишти,
Чечим кабыл алынган.
Катарлап колдор коюлган,
Кагаздар көп абыдан:
«Кымызкана» өзүнчө
Ачылсын деген чечим бар.
«Бөтөлкөлөп дүкөндөн

Сатылсын» деген чечим бар.
Шаардыктын боору агарып,
Кан толуп, денеге таралып,
Жазылсын деген чечим бар.

«Сатылбайт» десек оңбойлу,
Сатылат, Бирок ойлойлу,
«Сейилден» ичкен чалапты
«Кымыз» деп айтсаң кыргызга
Оозуңду буза койбойбу?!.

Сатылат кымыз «Сейилде»
Самсыйбыз ага кээ күндө.
Мастардан орун табылбай
Турасың өтүп мээ күнгө.

Катарлаш вино сатылат,
Канча адам жүрөт калтырап: –
«Акебай, бир сом берчи?» деп
Айнектей көзү жалтырап.
Кымызга кайыл болосуң,
Кыйшаңдап турса тантырап.

Вокзалда кымыз сатылат,
Барасың желип батырак.
Күрсүйгөн бооз филяга,
Көзүңчө эле ачылат.
Ахалап жутуп ийесиң,
Артыңан кууган барчылап.
Актыгы гана болбосо,
«Ак суу» да андан таттуураак!
Өзүңдү келсе алдагың,
Согуп ий, күтпө ар жагын.
«Дем алып ичем» дей көрбө,
Суу боло түшөт алганың.
Арыкка шилтеп ийесиң,

Айтмаксың кимге арманың?
Көңүлдү бурсаң бир ишке,
Көп чыры турат идиште:
Дат чыгып филягасынан
Даай албайт жаштар ичишке.

Термостой идиш жасаса,
Турбайбы кымыз таптаза!
Кол жетип турган учурда
Тиги
Космостун ичин тинтишке!

Жөнөйсүң анан базарга,
(Жөнү келди муну айтарга!)
Чаначы чылгый, чыны кир,
Кандай «сүт» Аны «кудай бил».
Көп аял келет түндүктөн,
Көк кашка кымыз сатарга.

Имере кармап чынысын,
Ичесиң кыйгыл «кымызын».
Кырк кадам алыс узабай,
Кыйын иш болот жылышың.
Буруу жер учуп көзүңдөн,
Буулугуп кыйын турушуң...

Байлайт дейт бээниЕеминде,
Көк-Ойрок, Ак-Түз белинде.
Кеминден башка санасаң,
Жайлоо азбы, кыргыз жеринде?
Бетеге жеген бээ сүтү,
Бузулат деген эмине!

Болбосо шаарга жеткиче,
Кошобу сууну теңине?

Болбосо, мобу сүт зоотто,
Кымызды салып «тозокко»,
Тартылган уйдун сүтүнөн
Тартынбай арбын кошот го?
«Көбөйтүп» жатып кымызды,
Көргөзмө, план озот го?

Болбосо кайдан бу «чалап?»
Болбойбу буга бир талап?
Актасын кымыз өз атын
Антпесе неге шаардыктар
Ак суурга жүрөт пул санап?

Кай арман айтып кирдейли!
Же, суу менен кымыз бирдейби?
Кыйнаган жалгыз маселе
Кымызды кымыз боюнча,
Ичкенди кыргыз билбейби?

Кыскасы – кымыз маселе,
Кыйнады бизди таза эле.
Чоң маани берип бул ишти,
Чечпесе болбойт бат эле.

Кымбаттуу Чакем илктээр:
Бул ишке кимдер кириптер?
Айылдан келсе таза сүт
А балким зоотто иритер?
Соодада күнөө болбосун,
Солгун көз карап тондоосун,
Кымызды саткан жигиттер
Каймагын калпып, илип жээр?
Ишенип жаздык өзүңө
Изилдеп Чаке билип бер!

## ТӨРТ КҮЙӨӨ БАЛА

Төлөбайдын
Төрт күйөө баласы бар эле.
Угуп алгын:
Жегенбай,
Дегенбай,
Жутканбай,
Тутканбай.
Алп мүчөлүү эргулдар.
Адам өтпөс суктанбай.

Төлөбайда бийлик бар,
Бийлик барда буйрук бар:
Жегенбайга – кампаны,
Дегенбайга – кассаны.
Жутканбайга – МТФ,
Тутканбайга – ОТФ,
Бөлүп берди төртөөнө
Коз тийбесин,
    ты-тыфуу!
Арадан алты ай өткөндө,
Отчет мезгил, көктөмдө.
Ачса бетин «Чалкандын»
Мындай сөз бар байкагын:
«Жегич экен Жегенбай,
Ичкич экен Дегенбай.
Ушакчы экен Жутканбай,
Паракор экен Тутканбай.
Жем баштыкпы эл мүлкү
Жөмсөөлөрдү туткандай?»

Төкөң окуп кабарды,
Төбө чачы агарды.
Агарганга карабай

Мындай буйрук тарады:
– «Жегич экен Жегенбай
Кызматынан алынсын!
Анын иши бүгүнтөн
Дегенбайга тагылсын!
Ушакчы экен Жутканбай,
Сый ордунан кагылсын!

Ал башкарган МТФ
Жегенбайга багынсын!
Паракор тура Тутканбай,
ОТФдан четтесин!
Мындан ары ал ишти
Жуткан өзү беттесин!»

Окугандар буйрукту
Оозун ачып турушту.
«Өлтүрөм!» деп балыкты
Өзөн суугa ыргыткан
Ким көрүптүр шумдукту!

## КӨНГӨН АДАТ

Карап туруп,
Оонап жаткан чочкону.
Картаң короз
Мындай бир сөз козгоду:
– Семиздиктен баса албайсың
Ынтыгып.
Сени ээбиз сүйө турган
Окшоду.
Алдың жумшак,
Жаткан жериң ак сарай,
Ашың даяр
  Кереги жок козголуу.
Арманың жоктур,

Бул дүйнөдөн?
Дегенде
Азга ойлонуп
Чокеӊ минтип онтоду:

– Анысы чын,
Жыргал көрбөй менчелик,
Ата-бабам,
Өткөн экен, жер челип.
Атаганат,
Канатым болсо сенчелик,
Айдын үстүн
Келсем гана бир челип!..
Эмесе,
Сөздү созо бербейли кызып
Чочконун оюна койсоӊ
Аны да кылары бышык.

## ЧЫЧАЛА

Чычала:
Же күйбөйт,
Же жылытпайт.
Өчүп калбайт.
Жылтырап от сыяктуу
Адамды алдайт.
Анан анын
Жаман алында өнөрүн айт:
Бықшып түтүн булайт,
Көзүӊ ачышып,
Жамыӊ кулайт.
Ошондуктан,
Чычаланын түтүнүнө
Агызгыча жашты.
Отко түшүп,
Күйүп өлгөн жакшы.

## ЭКИ БУТТУУ ӨГҮЗДӨР

Эки дос кезигип калышты,
Көптөн бери жүргөн
Көрүшпөй,
(Мындайда болот дечи
Кучакташуу, өбүшмөй)
– О кайраным, көрүнбөйсүң,
Деги жаның тирүү барбы?
– Бар эмей!
Баягы эле иш
Иштеп жүрөм өгүздөй...
– А өзүңчү?
– Мени пенсияга чыкты дейсиңбя?
Мен деле окшоп өгүзгө,
Иштен чолом тийбейт
Учурашуу түгүл,
Өлүшкө.

«Өгүзбүз» дегендерди угуп,
Оттоп жүргөн
Өгүз ойлонду:
– Капырай,
Биздин тукум минтип,
Мактанчу эмес эле,
Же азыркы өгүздөр
Эки буттуу болгонбу?

## КОШУНАНЫН ЧЫМЫНЫ

Чаланбай тамактанып отурса,
Жуунуп болуп.
Бир чымын тынчытпайт дейт
Учуп, конуп.

Жини кайнап Чокеңдин
Кууп жөнөптүр
Уруп, согуп.
Анда аялы:
– Ой, сен кутуруп кеткенсиңби
Сындырасың! – десе – чыныны.
Чаланбай бакырат:
– О бул кошунанын чымыны!
Дайыма биздикинен тоюп
Алганын кара кыныгып
Сынса сынсын
Сатып берем деп – чыныңы
Чаланбай чыңырды.

## ӨЛГӨНДӨ КИЙИПТИР

Адамдар сатып алышкан,
Же тиктирген кийимин,
Дароо кийишет эмеспи
Адатта,
Жаңыртышып ийинин.
Ормуш болсо
Жаңы күрмө алабы,
Же өтүкпү чигирим,
«Жыртылат» деп катып койчу
Жымырып
Эр болсоң жигин
Билгиниң.
Айтсак балким
Ушак болуп журбөсүн:
Ормуш өлгөндө
Кийгизишти деп жүрүшөт,
Отузунчу жылдары
Сатып алган күрмөсүн.

## «ЭСКЕРМЕ» ЖАЗГАН АДАМ

Өкүмү күч,
Өлүм тиксе кастарын,
Өтөт тура,
Ылгабастан жаш, карың.
Акын өлдү.
Аны сүйгөн адамдар
Аза тутуп,
    ийип турду баштарын.
Анда-санда жаза койчу кошунам
Ай, «күйдү» бейм, жанган оттой ак жалын.
Эртеси эле
    «Эскерме» жазып бүтүрүп,
Эшик жыртып,
    тынчын алды басманын.
– Жазыптырсың, акын менен дос болуп
Жүргөнсүң го,
Тең бөлүп жеп ак нанын?
– Жүрбөй анан!
Көк базардан дайыма
Көп көргөмүн, кымыз ичип
Жатканын!

## АРАКТЫ ТАШТАГАН АДАМДЫН МОНОЛОГУ

Кош бол арак, көп жыл чогуу бир бастык.
Коюндашып, бир обондо ырдаштык.
Көрүнөө да, көмүскө да өбүшүп,
Ашыктардай айлуу түндө сырдаштык.

Кошкун арак, сулуу кыздай керемет,
Көп жыл бою мендеги эркти тебелеп.
Көздү кысып алып жүрдүң ээрчитип,

Тамтаңдатып тамга, талга чегелеп.
Отуз жылы сенден канбай кумарым,
«Түлкү куумай» оюнуңа чыдадым.
Кайда калды менин албуут жаштыгым?
Кайда менин таза мээлүү курагым?

Кош бол эми, «сагынбассың» бөтөнчө,
Мен көрөрмүн сени бирөө көтөрсө.
Адам эмес, чиритесиң темирди,
Сага түтөт жалгыз гана бөтөлкө!

Сенин «сүйүүң» башкаларга окшобойт,
Сенин «сүйүүң» бир адамга токтобойт.
Бир адамды бузган кетет соттолуп,
Миңди буздуң, сени неге соттобойт?!

## ЭМНЕ СОЮПТУР!

Бекер тамакка
Көнгөн эргул башынан.
Тоюп келип
Төрөбек чалдын ашынан.
Үргүлөп баратса,
Уйку-суроо астынан,
Үйүнө кирген бирөөнүн
Кобурун угат Жашыган:
– Түндө шордуу жантаслим болуптур!
–  Ошону айтсаң,
Жөн эле зыңкыйып тоңуптур.
– Жансактаткан ошол эле
Аны да жараткан
Бизге буйрубай коюптур!
Муну уккан Дарбаң
Ыргып туруп, Сурайт дейт:

– Ой, кара ашына эмне союптур?
– Тамаксоо десе,
Эшекке да аш бермек беле? – деп
Аялы бетин чоюптур.

## ТОГОЛОК АРЫЗЧЫНЫН ӨЛҮМҮ

Ажалы жетип бир күнү,
А балким, түнү.
Өлүптүр тоголок арызчы.
Арызчынын деле,
Туугандары бар эле,
Көкөлөтө көтөрүп,
Көрүстөнгө алып барышты.
А деп, бу деп,
Молдо сөрөйү «сув» деп
Сырттарынан:
«Жакшы адам болчу» деп
Ичтеринен:
«Далайды сойчу» деп,
Көмө салышты.
Сөөкчүлөр үйлөрүн көздөй,
Салган кезде,
Кырк кадам арышты,
Кудайдын председателдиги астында
Үңкүр-Маңкир тигини
Суракка алышты:
– Атың ким?
Тоголок арызчыда ат болбойт эмеспи,
Турат, суу урттагансып
Тим.
– Атаңдын атычы?
Баш чайкайт...
Кудай, мындан сөз чыкпасын
Байкайт.

– Алып кеткиле,– дейт –
Тозокко!
Аты-жөнү жок неме
Бейишке жакпайт!
Арызчыны желкелеп,
Караңгы жолдордо темселеп,
Акыры жеткиришет
Тозоктун «Завына».
А балким – «замына».
Бейишке киргизели десе,
Атын айтпаган немени
А жердегилер
Карап калышат жабыла.
– Атың?
Дале жооп жок,
Дым...
– Ой, деги кишисиңби?
– Аным чын.
– Анда атың жокпу?
Тиги дале, койкоет,
Жутуп алгансып зым.
Тозоктун «Завы»
Мындай чечим чыгарды:
«Аты-жөнү жокту
Кабылдабайбыз» деп
Кайра бейишке ыйгарды.
Ошентип,
Арызчы тозок менен бейиштин
Ортосунда жүрүп көп күн
Арыз жазды
Жөн эле жаагандай өткүн:
«Бюркраттар мына
Ушу жакта турбайбы – жык.
Ак ниет граждандардын
Арызын карашпай

Айтышат «эшике чык!»
Кудаев менен Тозоковдун
Таманына кагыш керек – Мык!»
– Деп жазып алып,
Салайын десе – почто жок.
Анык эми болбодубу – Тозок!
Айласы түгөнгөндө.
Арызды өзү алпарды Кудайга.
– Бул эмне?
– Арыз.
– Арыз ээси ким?
– Айтпаймын.
– Айтпайсыңбы?
– Ооба, айтпаймын.
Кудай: Мунуку өттү,– деди.
Же бейиште жок,
Же тозокто жок
Эки арада көптү,– деди.
– Салгыла! – деди – тозокко!
– Куке, мунун Фамилиясы жок го?
– Айтпаймын деп жатпайбы,
«Айтбаев!» деп каттайлы.
«Бул камерада тоголок арызчы
Жатат» деген вывесканы чаптайлы.
– Деп, Кудай бүтүргөн соң
Чоң ишти.
Терин шыпырып
Башка ишине киришти.

## СОРГОК МЕНЕН БАЛА

Соргок жеп жатса
Чүйгүн тамак.
Бала жанында турат

Шилекейи чууруп,
Эрдин жалап.
– Байке сизге бир сөзүм
Бар эле,
Уксаңыз экен, бери карап?
Анда Соргок айтат:
– Эй муну уккун,
Тамак жеп жатканда
Мен кереңмин да
Дудукмун –
Деп коюп,
Акыры Соргок оокатын
Жеп, тоюп;
Дейт: – Кана эми кулак
Сенде?
Анда Бала:
– Эми айта турган
Сөз жок, деле.
Жанараак болсо
Чымынды...
Кошо жедиңиз деп айтайын
Деген сөз бар эле –
Дептир – менде...

## КОШТОШУУ

*(Комуздун коштоосу менен)*

Шаарда төрөлүп, шаарда жашаган. Бир эки жолу эрден жолу болбогон, бир аз басагаан, Шааркан деген кызды айылдык бир жигит алып кетип жатканда таенеси минтип кошкон дешет:

Кызым,
Төрөлдүң эле шаарда.

Эми сен төркүнүн сөздүн
Баамда:
Түлкүдөй түндө желчү элең,
Түн бир убак келчү элең,
«Тук түшүнбөс жаштарды
Тупой кемпир» дечү элең
Түркөй жерге барасың,
Кызым
Тилиңди тартып, даалда.

Шакиним,
Жашачу элең шаарда,
Жалгызым сөздү баамда:
Эсирип оюн салчу элең
Эки-үч күн түнөп калчу элең
Эл-журттан сурап темтеңдеп,
Эсимен далай танчу элем
Эми
Эбиң менен даалда.
Убайың көрбөй утуру,
Учурдум жалгыз кушуму.
Борбор жок, анда чаң болот,
Бозоргон жапыс там болот.
Борумуң калар бузулуп,
Кызым
Боёчу элең бутуңу.

Азабын тартып утуру,
Агыттым жалгыз кушуму.
Айылдык сынчы эл болот,
Ателье жагы кем болот,
Улууну улуу дебегин
Ушак сөзгө жем болот.
Эки-үч көйнөк ала кет
Айылга

Жарашпайт шымдын «чучугу».
Эрбейген жалгыз бейпайым,
Эсиңде болсун айтайын:
Арактан жаман «коркчу» элең.
Коньяк жагын сокчу элең
Аралаштыра ичип көн
Эми
Айылдын дагы «чай-пайын».

Жанымда жалгыз бейпайым,
Жашырбай баарын айтайын:
Чыр салып эриң чанбасын,
Чылымдат таза кайтмайын.
Эркекти көрсөң жым болмо,
Эси жок элең дыр коймо.
Адатың кармап баягы
Эми
Алмаштырба ай сайын.
Шакин,
Эриң бар эми, эстегин,
Энеңдин айткан кептерин.
Бийлөөнүн дагы жөнү бар
Биле жүр анын чектерин.
Музыкаңды өкүртүп,
Укканды жерге түкүртүп,
Тилазар элең какшаткан
Баягы
Тивисти бийлеп кетпегин...

Кызым,
Кайнатаң көрсөң созулгун,
Калбаасын тартпа оозуңдун.
Кайненең көрсөң созулгун,
Кармай көр жинин оозуңдун.
«Дура» деп мендей тилдебе,

Дебесин «кандай жинди эме»
Айдап жолго салышат,
Сенин ажаандыгың билди эле...
Төргө отуруп сүйлөбө,
«Төшөктөрүң кир» дебе.
Энесин сыйлап турбасаң,
Эркелетмек кимди эле.
Ээнбаштык кылып көз кыспа,
Эл сүйөт эрден бирди эле.
Эрке өстүң кызым аялуу,
Энеңдин ушу баяны.
Арылдап беттен алычу
Агаңдын сыры баягы:
Сүлкүлдөп үйгө түнөбөй
Суюлуп жүрөт аягы.
Жаман да болсо бир туяк,
Жакшыны кайдан табалы.
Отузга чыкты эси жок,
Он болду алган аялы.
Артыңдан барар жеңең жок
Адырандап мактанба
Ал жагын байка абалы.

Сен кетти десе кубанат
Артыңдан барар кубалап.
«Жылкычы коюн бергин» деп,
Жылдырбай матап, сугалак,
Куданы турса жакалап
Куруган жаным уялат...
Ээн алып чыгып сүйлөшүп,
Эсине келтир «дубалап».
Болбосо аның чыр салса,
Бокчобуз шондо чубалат...
«Алып кетем» десе көнбөгүн,
Анда эле азап көргөнүң.

Темтеңдеп өзү бош жүрөт
Табалбай жалгыз көйнөгүн.
Түшүнбөй жүрөт ал урган,
Тирүү эле туруп өлгөнүн...

Арай көз кылып, чарайды,
Айтпасам арман тарайбы?
Алпечтеп баккан перзентим,
Апаңдын кыйып «таалайы».
Колумда жалгыз кызымдын
Кокуй күн болду маанайы.
«Ме, баккын муну» деп коюп
Меймандап жүрүп ар айы,
Ээнбаш өсүп калдыңар.
Эси жок кыздын бар айбы:
Түбүнө жете тургансып,
Дүнүйө жыйып карайды,
Алсам эле деп турат
Же
Абийрин килем калайбы?!

Айтайын сөздү ич ара:
Атаңар мөңкөй бечара.
Айтканын кылып турса да
Ан сайын апаң – кучала!
Жүгөндөп салып күйөсүн,
Жүрүшү жаман, ичи ала.
Башынан алтын куйса да,
Бары бир аздай бүт ага.
«Акча» деп турат ыктытып,
Айлыгы жетпейт, түт ага!

Атаңар шордуу мөл экен,
Ак пейил, чалкар көл экен.

Кызматта барктуу болсо да,
Үйүндө таза нөл экен.
Өз кызым кантип жамандайм,
Өзүнчө жаткан төрө экен.
Ээндетип айтып жатамын,
Эсиңе туткун көлөкөм.

Эрим бар деп ойлобойт,
Эси жок энең тойроңдойт.
Улгайганын унутуп
Уу жыландап соймоңдойт.
Төшөгүн булгап бирөөлөр,
Төрүндө жүрсө ойлонбойт,
Күйгүзүп турса үй бүлө,
Күйөөсү кантип кор болбойт?!

Тилинин балам заарын айт,
Тим эле өрттөй жалындайт.
Болушсам күйөө балама
«Тийип ал» деп ажылдайт.
«Кууп чыгам – деп – экөөңдү»
Кутурса жүрөк кабылдайт.
Өлүмгө жетпес абышкам,
Өлүп кетип кор кылды
Эми
Өкүрсөм кайра табылбайт…
Кызымдын кызы сен элең
Кызгалдак менен тең элең.
Апаңды тарта көрбө деп
Арз-муңун айтат чоң энең.
Алганың баркын билип өт,
Алдыңда жашоо жол кенен.
Тартынбай иште колхоздо
Табылат бакыт чор менен.

Бар эми бактың ачылсын,
Баланын таптың жакшысын.
Белсенип эмгек кылбасаң,
Бешенең кайдан жаркысын.
«Ордун тапты кызы» деп
Оозунда элдин айтылсын –
Деп,
Коштошкон экен чоң эне
Эми,
Кошор сөз кайсы дегенде:
Күлдүрүп жазат акындар,
Күйдүрүп айтат жакындар.
Шылдыңдап жазат акындар,
Шыр эле айтат жакындар.
Байкагын жаштар азыркы,
Баарында билим, акыл бар.
Замана баркын билип от
Закымдап учсаң, шартың бар!

## ЖАҢЫ БАШЧЫ КЕЛГЕНДЕ ЖОЛДОШУМА АЙТКАН КЕҢЕШ

– Жаңы башчы ырайымсыз,
Сөзү уу.
Кайнап турган чайнек
Өңдүү төшү буу.
«Аксакал...» деп ача электе
оозуңу,
Абийириңе карабастан
жосуну...
– Анда досум киреринде шашпагын.
Азга дем ал, айтар сөзүң тактагын.
Аша чаппа, сурагын ден соолугун,

Кут болсун де, жаңы кызмат орунуң.
Балдарынын эсендигин унутпа,
Мукам сүйлө, анан кепти туйукта…
Аңкоо тартып жалдырама, тиктеп кал,
Аяш жагын оозуңа алба, ичи тар.
– Анан?
– Анан көрсөң:
оттон түшкөн чайнектей,
Баягы эмес…
Буу үйлөгөн чендетпей.
Кармай берип туткасы эмес,
чоргодон,
Арзыңды сун, баары чыгат
оң жолдон.
Анекдот айт,
борсулдата күлдүргүн.
Сөзүн бузба,
анда баарын бүлдүрдүң.
Алакандай мөөрү батат кагазга,
Аялдабай чыгып кеткин, тажатпа.
Азырынча айтар ушу,
бара бер.
Эгер башчың алмашылса,
кайра кел.

## КӨЗ ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

Карагатка,
Кара алчага окшогон,
Караганда
Жүрөк сокпой токтогон.
Көздөр кайда
Кыздар даңкын чыгарган.
Көздөр кайда

Акын мактап, боздогон?!
Билалбайсың
Кара көзбү, кой көзбү,
Карап досум
Көз алдынан өткөзчү:
Жашыл
  кызыл
    сары.
күрөң айнекчен,
Жалаң гана
Көрүп калдык төрт көздү!
– Көзү оорубу?
– Кокуй,
    анын көзү соо!
Бүркүт карек,
Көрө билет тешип тоо.
Ак дүйнөнү
Ага кара көрсөткөн
Ай түгөнгүр
Мода деген «кесип» го?!
Жигит жүрсө,
Аппак кызын «кара» деп,
Кыздар көрсө,
Боз жигитин «мала» деп.
Сопсоо көзүн
Түстүү айнекке алмашса,
Түшүнгөндөр
Айтат экен «чала!» деп.

Көз – телескоп,
Көзүң сенин – чырагың.
Көрө билгин
Заман жүзүн, ыраңын.
Көктү – көктөй,
Акты – актай көрбөсөң,

Өттүң дей бер
Көздүн көрбөй убайын!
Албуут жаштар!
Акын сөзүн бир билгин:
Адегенде
Көздөр сүйөт бир-бирин.
Түстүү эмес,
Кара көздөр,
　　көк көздөр
Түзөт анан
Дүнүйөнүн бирдигин.

## ЖАКЕН «БАЙКУШ»

Жакен «байкуш»,
Жашып кетет, жер десе.
«Тетир бассам,
　　Жер урсун!» деп карганат.
Ак сарайдай дача курду
　　　эмесе,
Көзү түшүп,
　　көргөн адам таң калат.
Жакен «байкуш»
Жаратылыш дегенде –
«Жарыктыкты сактайлы!» деп
бакырат.
Текени айтып-
шишкебегин жегенде –
Терин аарчып,
тоо жаңырта каткырат.
Кеп кыябы,
машинага келгенде –
«Техникасыз, өсүш жок!» – деп
чамынат.
Калктын мүлкү
турган кезде чеңгелде,

«Жигулиси», «Волга» болуп жаңырат.
Кээде ушинтип,
жашоо жактан кеп козгоп,
Кээ бир адам
момун өңдүү сезилет.
Кебетеси турган менен,
бизге окшоп,
Бүт жашоосу
ыпыластар кезигет.

## ЧАЙКООЧУГА

Чайканадан чыкпаган чаар кара,
– «Чай ичиң» деп сыртыңдан даалдаба.
Чагым кантча татууң жок бу турмушта
Чайнек менен жүзүңдү далдалаба.

Эл жүргөндө буерде пахта ташып,
Сен жүрөсүң Сибирде жүзүм сатып.
Эл жүргөндө буерде үрөн чачып,
Сен жүрөсүң тыйынга жүзүң сатып.

Сени көрөм Ташкенден, кээде Оштон,
Поезд эмес, учасың самолетчон.
Бир сомуң түшүп кетсе самолеттон,
«Яалла» деп качасың тоголоштон!

Бутуңда кызыл өтүк кычыратып,
Аш жейсиң, анар жейсиң бычыратып.
Жемишин жер-эненин кымбат сатып,
Желпинтип, арам оокат ысылатып.
Билемин, бизден башка сенин короoң,
Бир күнү жер томпойсоң кайран оён,
Башыңа бир сомдуктан жетөөн жаздап
Мүрзөңө ушул ырды илип коем!

## БЕЛГИЛЕР

– Эмилбек! – деп,
– Кемелбек! – деп чакырса,
Эшим эгиз балдарын,
– «Кантип айрып билдиң?»– деп,
Карап туруп таң калдым.
Анда Эшикең мактанат,
Чылымын соруп чалкалап:
– Эт тууралган кесмеден
Эки аякты шыпкаса,
«Калдыбы апа, дагы?» деп,
Казан жактан чыкпаса –
Анда эле Эмилбек!
Сыртка чыкса – мушташса,
Үйгө келсе – уктаса,
Ажылдашып урушуп,
Айткан сөздү укпаса –
Анда эле Кемелбек!
Туугандар!
Бул албетте тамаша.
Бирок, күлө турган деле иш эмес
Эгер тереңирээк караса…

## ӨЗҮНҮКҮ ЖӨТӨЛҮ

Кээде ыкшып жөтөлүп,
Чүчкүрө калып, охулап,
Илимий кеңешмеде Индирбай
Окуп жатса доклад,
Сураган ооздо эмне күнөө,
Угуп отургандын бирөө
– Ой, мунуңдун айтканы бүт

Академик Аркаровдун
Ою го кечөгү,
Деги бул өз оюн айтууга өтөбү? –
Десе, жолдошу шыбырайт:
– Өз ою жок болсо,
Өлүп кетеби!
Өзүнүкү ал байкуштун:
Жалаң гана – жөтөлү!

## ЭР ДЕСЕ...

Жеңишкан эже ырдаса
Бир кезде,
Жамгырдай жаады гүлдесте!
«Картайганча баалабаптырбыз,– деп–
Талантын»,
Режиссер тердеп, сүрдөсө,
Көрсө...
Гүлдестелерди сатып келген
Күйөөсү тура, эр десе!..

## «МЕНИ АКСАКАЛ ЖИБЕРДИ...»

(Аферисттин айтканы)

Тилим батпай оозума,
Тимеле, өлүп тургам кошуна.
Дүкөнгө бардым да
Озуна:
– «Мени аксакал жиберди» дедим
Созула.
Дүкөн башчысы артынан киргизип,
Бир бөтөлкөнү кармата койду.

Башына стаканын кийгизип.
Анын үстүнө эки коньяк ороду.
Аксакалды сыйлаганын билгизип.
Андан чыгып,
Складга бардым.
«Аксакал жиберди» деп айта салдым.
Алты метр тукаба,
Алтымыш пачке чай алдым.
Анан
Ачкан соң кардым,
Ашкана башчысына:
– «Мени ак сакал жиберди эле,
Алыстан меймандар
Келмек эле,
Дедим,– Аларга банкет бермек эле...»
Ал байкуштун шашканын айтпа:
Бир койдун этинен башка,
Лавр жалбырагынан өйдө берди
Салуучу ашка.
Андан гаражга барып,
«Мени аксакал жибердини»
Айта салып,
Түн кире үйгө келдим
Машинага «олжомду» арта салып.
Аялым илип алган экен эшикти,
(Ача салды,
Балким машинанын үнүн эшитти).
Унута элек жаным
Күндүзгү кылган «кесипти»;
«Мени аксакал жиберди» дептирмин,
(Андай экендерин ким
Сезиптир!)
– Кире берсин аксакалың! дебеспи –
Менин телпегим
Бүгүн негедир кечикти...

## ЭШЕКТЕР КЕБИ

Кезигип калып эки эшек
Жөн-жай сурашыптыр.
Минтип тил безеп:
– Баягы Арыстандын аялычы –
Кабылан?
– Цирктегиби? Мен тааныган?!
– Ооба. Аның айлыгы көбөйгөнгө
Тимеле,
Чамгарактап калыптыр го абыдан!
– Аа кокуй эси жок десе
Айлыгы көп болгону менен
Айтканын кылбаса артисттин,
Жонуна камчы ойноп,
Башына катылып жүгөн-тизгин,
Жүргөнчө
Жашообуз мыкты биздин:
Кааласак оонайбыз күлгө.
Кыйкыргың келсе – маркамат:
Озондой бер,
Күндүз да,
      түндө!
Машина кобойгон кылымда
Бизди эстеген эл жок,
Бош жүрөбүз мүлдө!
Ошон үчүн курдаш
Кабыланга ич тарып күлбө!
Окуучум,
Ошондон калса керек
Бул сөз:
«Айга жетпеген соң
Аны көрүп үрбө».

## ШААРДЫК ИТ

Иленбай
Кайтартам деп короо-жайды,
Шаардан
Күчүк сатып барды.
Мойнуна каргы такты.
Сылап, сыйпап бакты.
Күчүк ит болгону менен
Үрбөйт,
Атүгүл короодо жүргөндү –
Сүйбөйт,
Көзүн жылтыратып
Жатат төрдө.
Ага атайылап көтөргөнсүп,
Ак өргөө.
Тамакты тандап жейт.
– Чык! десең –
– Ырр... дейт
Тажап бүтүп Иленбай,
Коңшу-колондорго
Аны тартууласа да албай,
Шаарга кайра алып келди
Табылар бекен деп
Кардар.
Чын эле четтен чыкты
Баягы итти ала турган
Жандар.
– Оо, бул англис сеттер,– дешти.
Буга жакпайт айылдык
Эттер,– дешти.
Сатасыңбы, алабыз дешти
Кор кылбай, бөлмөдө

Багабыз,– дешти.
Ошондо гана Иленбай:
– Иттер да өз кесиби боюнча
Иш кылаарын сезди…

## ЧАБАН МЕНЕН ИТ

Бозого
Алагүү болгон чабан
Итин тилдейт:
– Ит болбой жерге кир десе,
Өмүрү үрбөйт!
Сорпону чанып,
Сүт ичкенин кара,
Нан эмес,
Эт гана керек экен да
Сага?!
Анда
Шактын жытына
Мас болгон ит:
– Сен жөнү жок
Күпүлдөбө,– дейт – мага!
«Үрбөйсүң» дейсиң,
Койду жара тарткан
Карышкыр дегениң кана?
Караанды көрсөм эле
Үрө бермек белем
Жаагымды жана?
Иттигимен гана чыдап
Жүрөм сага.
Андан көрө
Өзүң жеген козуларды
Сана!

## ДӨӨЛӨС БААТЫРДЫН ЧЫПАЛАК КӨКМЕЛТЕЙ-ДЕН ЖЕҢИЛГЕНИ

Дөөлөс десе бир даары,
«Дөө» деп койчу эл аны,
Чындыгында дөө эле
Чымыр дене, кең далы.

Башынан далай өткөргөн:
Фашисттин огу өтпөгөн.
Барып келген Берлинге,
Баатыр эмей, эмине!

Мына ошо Дөөлөстү,
Ыркыйган бирөө жеңбеспи!
Ыраaты менен айтайын:
Бир күнү райсобеске
Дөкөң,
Справка алам деп келбеспи!

Канторго Дөкөң кирди эле,
Каргадай болгон бир неме
Кагазын жанын чычаят,
Карап койбойт тим элө.

Калп эле Дөөлөс жөтөлөт
(Качан башын көтөрөт?)
Көтөрмөк түгүл тиги эргул
Көрмөксөн болуп көшөрөт.

Анда Дөөлөс: – Балам,– дейт
Алыстан келдим араң,– дейт
Азыр ишти бүтпөсөм

Автобустан калам,– дейт.
Анда тиги Чыпалак,
(Анделек башын укалап).
Ары карап керсейип,
Айтат сөзүн туталап:

– «Келдиң кайсы жайга?» – дейт.
«Маданият кайда?» дейт
«Секин, эшик какпайсың,
Секретарга эмне айтпайсың?».

«Конторду көзгө илбейсиң,
Калпагың алып кирбейсиң,
Келген жериң билбейсиң,
Кепичиң чечип кирбейсиң?!»

«Бул просто… чорт!» – деди,
«Бүгүн кирмей жок!»– деди.
Как башка бирөө чапкандай,
Дөкөң
Кабинеттен шоп деди.

Согушту көргөн бу жүрөк,
Согуп жатты канды үрөп.
Баш айланып, жер көчүп
Балакет болду бир мүнөт…

Аман келген майдандан
Азаптуу кыйын жайлардан,
Дөкөндүн чымыр жүрөгү
Ошентип,
Көкмелтейден жайланган.

## «САПАТТУУ» КИТЕП

– Ой тобоо!
Жазылганына
Жарты кылым болсо да
Жапжаңы турбайбы
Мобу китеп?!
– Ага таң калып
Боздобо.
Жаңы бойдон турат да
Бирөө ачып
Окуп койбосо тиктеп!

## КИТЕПТИН АРМАНЫ

Супсак дебе,
Мени чанып ыргытпа.
Жазса кантем
Чалабаев Зыргытма!

Окубасаң,
Оң капшытка жыйып кой,
Оңу келсе
Отун болом бир кышка!

## ЖЫГА КОЙДУ

Августта шаар күйүп,
Көчө – алоо.
Адамдар кала электе
Болуп – палоо,
Жөнөшөт: көл жээгине,

Суу жээгине
Конушкан көпөлөктөй
Кызыл-тазыл,
Купальник, чатыр-патыр
Дагы эмне...
Энелер балапандуу мекияндай:
Отурат багып, кагып Чүрпөлөрүн.
Аталар эркек каздай коркулдашып
Жылдырышат жүз граммдап
«Бүкмөлөрүн»...
...Ушундай мелмиреген
Бейпил чакта,
Турганда толкуп шилеп
Кумду ташка,
Асман да чайкалгансып
Көксаңкерге,
Көрүнөт
Күзгү болуп көпкөк кашка!
Жаңырды бир ачуу үн
Ач кыйкырык:
Ыр десең, ырдай эмес –
Кур кыйкырык!
Музыкадыр дээрсиңер
Ден балкыткан?
Жок, кокуй, мыёлогон
Бир азгырык!
Чардаган бака болуп калмайы бар,
Киркиреп,
Үнү буулуп талмайы бар...
– Капырай чоочун үн го,
Бул тири укмуш!?
Кайдан буга капилет
Болдук деп туш! –
Тура чуркап жөнөдүм
Улап үндү,

Уга чылап дүрбөткөн
Бейпил күндү!
Аттап-чаттап,
Жаткандарды кумда
Оонап.
Карасам: сулап жатат бирөө
Денесин жүн кеткен коолап.
Далысында аялдын сөлөкөтү –
Жаткан дырдай.
Аскадан талпынган жорунун
Көлөкөсү,
Анан да бар жазылган
«Сүйөмүн» деген сөздөр
Нечен курдай!
Баш жагында – магнитофон
Чет жактан жасалган.
Айкыртып салып
Уктап жатат бышылдап,
Сакалын чайкап кум.
Музыка эмес,
Замбирек атылса да
Ойгончу түрү жок ным.
– Эй жигит! – деп козгосом абайлап,
Чоочуп тура калып карайлап,
Анан эсин жыйган соң
– Жашоодон кечтиңби? – дейт,
Муштумун мурдума такап,
Кум чайнап.
Муну уккан эл –
Тура калышса дүрбөп:
– Эчтеке эмес абышка, тамаша! – дейт
Сүрдөп.
Анан житип жоголду.
Толкун жыга койду эле
«Күр» деп.

## БИР АДАМ БАР КҮЛБӨГӨН

Айтсам өзүм билгенден,
Бир адам бар күлбөгөн.
Олтургансып контордо,
«Олуттуу» сөз сүйлөгөн
«Жолдоштор...» деп кеп баштайт
Жолборс кабак сүр менен.

Арзыбаган сөз деле
Ага кыйын «маселе».
Тантыраган сөз деле
«Так... так... кызык маселе...»
Тамашалап сүйлөсөң
Таарына түшөт бат эле
Лекция окуп жаткансып
Эзип бүтөт таза эле!

Бура сүйлөп алганың
Бир балээге калганың.
Турат дароо, үшкүрөт.
(Түп-түз гана түшүнөт).
«Маселеңди коём» – деп
Майнап издеп күтүнөт...
Зым жуткансып ичим тап,
Зыңкыят да «түз» жүрөт.

Сурданган ошо немеден,
Сурагым бар атайы:
Айтса сырын жашырбай
Ата-энеси, жаш зайбы,
Кенен-чонон сүйлөшпөй,
Кезек менен сөз алып
Үйүндө кеңешмедей жашайбы?

Мейман күтөр иш чыкса,
«Президиум» шайлайбы?
Токтом жазып аялы
Топ «маселе» карайбы?
Аягына өзү кол коюп
Анан «ишке» тарайбы

Тирүү кезде сүйлөбөй,
Тилдин эмне кереги?
Түз сүйлөөнүн жөнү бар
Бирок бардыр ченеми?
Жашап өтсөң сумсайып,
Жаш өмүрдү кум чайып,
Өткөн өмүр – качкан куш,
Өкүнсөң кайра келеби?

## САТИРАЛЫК КҮЙГӨН
### Аялдын күйгөнү

Бир кезде
Ыргалган дарак бүр элең,
Ырдасам назик үн элең.
Жыйылган элди жыргаткан,
Жигиттин ачык гүлү элең.
Жергемден сендей тапканга
Мен
Жетине албай жүрү элем.

Мендей болбос сүйгөндөн;
Сендей болбос жүргөндөн.
Каратып туруп үстүмө
Катын алып үйлөнгөн.

Безилдеп ыйлайт беш бала,
Беш балага аш кана?

«Атам барбы?» дешкенде,
Аккан жашым беш талаа.

Жыйырма жылы бир турдук,
Жыргал көрбөй кир турдук.
Оңолор деп акыры
Ооз ачпастан тим турдук.

Ата жыты жоголуп,
Аракка калдың оролуп.
Бардык достон айрылып,
Басып калдың сороюп.

Жин тийгендей «шамалдап»,
Мени жүрдүң жамандап.
Аягы суюк неме экен,
Алган «жарың» жалаңдап.

Согончогу канабай,
Соосунда жини тарабай,
Туруму жок телтеке
Турмушу бүт кара май.

Кыз алгансып аныңды,
Кыйып жүрдүң жаныңды.
Өзүнчө үй күткөн соң,
Өчтү бейм «сүйүү» жалыны!
Кууп салды талаага
Күлкү болдуң калага.
Акыры мен түтпөдүм
Атасың да балага!

Ак чач болуп арыдым,
Арагыңдан карыдым.
Атасы жок дедирбей

Бала баккан айыбым.
Эми оңолуп пейилиң,
Эстен чыгып «Сейилиң»
Ата болор бекен деп
Акыры бир эридим

Айт отурбай жер карап,
Алдыңда турат эл карап.
Аракпы, же мениби?
Айтышсын эл тең карап...

**Эринин күйгөнү**

Бир кезде,
Кызгалдак элең аңкыган,
Кыялың булут чарпыган.
Кыябын таап жете албай
Кыйналгам далай артыңан.
Колтуктап Күндү жүргөнсүп
Кошулуп нурга балкыгам.
Жапжалгыз өзүң дечү элем,
Сени
Жаралган кыргыз калкынан.

Бир кезде
Мандалак элең тоодогу
Тоту куш элең колдогу.
Тотунун баркын биле албай
Тооктой бактым тордогу.
Ичкилик кетип жетелеп,
Ит кылып мени кордоду.
Алдыңа келип отурам
Айтылсын эми ойдогу.

Эненин мээрин көрбөгөн

Ээн өскөн кулун өңдөнгөн.
Атанын жүзүн көрбөгөн
Адашкан тайлак өңдөнгөн.
Айылда жүргөн жан элем
Адам деп көңүл бөлбөгөн.
Айланса болот замандан
Алдымда жашоо – көлдөлөң.
Маскөөгө чейин окутуп,
Мансапка жеттим өлбөгөн.

Эстүүлөр ырыс көтөрөт,
А мен
Эси жок экем – көпөлөк
Эл турса сүйүп урматтап
Ээлигип кеттим көкөлөп.
Желтаман аял жана арак,
Жетелеп алып экөөлөп,
Түшүрүп кетти түпкүргө
Түңүлбө, менден үшкүрбө.
Тирүүлөй өлдүм алдында
Түшүнгүн ушул мүшкүлгө.

Туурабы, калппы тарап кеп:
«Тубаса бүткөн талант» деп
Мактаса көпкөн экемин
«Мендейди кайдан табат» – деп
Талантым эмес, абийирди
Талады белем арак жеп!
Көчөдө калдым момунтип
Көтөрүп чапса, шалак деп.

Көрсө,
Талант деп мени сыйлаган,
Элимдин баркын билбепмин.
Көз жашын төгүп ыйлаган

Сендей
Келиндин баркын билбепмин.
«Көрүнөм журтка» деп жүрүп,
Көчөдө жүрүп кирдепмин.
Мына эми
Балээсин тартып отурам
Башыма түшкөн илдеттин!.

Акындан мурда коомго,
Адам болуш парс тура.
Атам сыңдуу түз баскан,
Кадам болуш аз тура.
Канча жыл жүрдүм буфетте,
Канатым жайып, «каз» тура.
Элүүгө чыгып калыпмын
Элүү жыл чылгый мас тура!

Калети жок кеп айттың,
Катын алдың, деп айттың.
Беш баланы унутуп,
Жатып алдың деп айттың.
Кантип аны жашырам?
Кайда барып жашынам!
Тирүүлөй жерге көмбөчү,
Түшө берип башынан.

Жаштайыман кошулгам,
Жарым элең созулган
Кечирип кой суранам
Кеп чыкса, осол оозуман
Туюкта турам камалып
Туш тарабым тосулган.
«Ата эмессиң» дейби деп,
Мен
Балдарыман чочунам!

Эркелетип өстүргөн
Элден сурайм кечирим.
Эл алдында сөз берип
Сенден сурайм кечирим...
Ичкиликтен жолдуулар,
Ийри басчу шордуулар,
Аял жактан «жолдуулар»,
Абийри кеткен шордуулар!
Эсиңерге келгиле,
Эсиңерге келбесең,
Мендей акмак болдуңар!

## АТА-БАБАМ АНТЧҮ ЭМЕС

Апрель беле?
Май беле?..
Адашсам балким
Жай беле...
Айылга барсак сыйлады
«Айлыгы» кенен бай неме.

«Байыртан кыргыз март» деди
Баглан козу шарт келди.
Козуга бата кылгыча
Колуңа арак шап берди.
«Албасаң болбойт акетай,
Атадан калган салт»,– деди.

Кымызга кошуп уу ичтик,
Кызылдай жинди суу ичтик.
Каймакка кошуп уу ичтик
Кайдагы «салтты» кууп ичтик?!
– Барбайт! – дейм,
Болбойт таңуулап:

– Мобу балам үчүн ич! –
Деп жалынат.
– Албайм! – дейм,
Анда жаңылап:
– Апам үчүн ич!
Деп жалынат.
Анан биз
«Жибиген» соң кеп алдык
– Аксакал,
«Жигулиң үчүн» деп алдык.
Кол жуубастан кеп алдык,
«Кожоюн үчүн» деп алдык
Койгулашып түн бою
Козунун этин унутуп
Коңурук тартып «дем» алдык…

…Таңында бирөө түрткүлөп
«Таза өлүппүз…» деп үшкүрөт
Аңгыча каалга кыйч этип
«Кожоюн» кирет сүзгүлөп:
Жүзүңдү сууга чайкатпай
Жүз грамм сунат «байкатпай».
Көйнөгүң жонго илдирбей,
Көтөрүп ий дейт билдирбей.

Кыстала түшөм бир топко
Кыйкырат:
– Мобу коркок го?
«Ал эми тууган, тарт,– деди
Атадан калган салт» – деди
Ошондо
Меймандын бири чыдабай
Колуңду менден тарт! – деди.
«Ата-бабам минтчү эмес
Айтканың түгөл калп!» – деди.
Жылаңач ичип көрбөгөм

Деди да
Төшөгүнө жалп деди…

## БЕШИК ЫРЫ

Садагасы аксары
Сандыгымда жапсары.
Атаң менен энеңдин,
Зарлап жүрүп тапканы.
Алабарман жүргөнүң,
«Ак молдодон» татканы.
Окусун деп атайы
Москвага жиберсе
Абасы сага «жакпады».
Алдей, алдей аксары!
Кагылайын аксары,
Калыс болсун жаш-кары.
Түк үйрөнбөй койдуң го
«Твист» бийден башканы…
Бизден жакын көрөсүң
Бирге ичишкен мастарды.
Алдей, алдей аксары!
Олда балам, аксарым,
Отузга келди жаштарың.
Курсагың ток кезиңде,
Кудум дөөдөй басканың,
Али чыкпайт эсимден,
«Акча бербей койдуң» деп
Апаңды жаакка чапканың.
Калпты суудай бүркөсүң
Деги Кайсы бирин айтамын?!
Алдей, алдей аксары!
Күндүн да болот күүгүмү,
Биз көз жумсак бир күнү
Оокатың кандай болот деп

Ойлоном шону миң күнү.
Кесибиң жок, кебиң жок
Кантип болсун, тим жүрүү?..
Алдей, алдей аксары!
Алдей, алдей аксарым,
Аябай өстү чачтарын.
Абийрин таза кетирип
Атаң тапкан акчанын.
Карыганда элден уялам
Эми
Кайда барып батамын?!
«Туубай эле койбой» деп
Кээде
Турмушума капамын!
Алдей, алдей аксарым!
Мындан коро аксарым,
Адам сындуу төрөлбөй
Ара туулук калсаңчы!
Анча-мынча күн турчу,
Чала туулуп калсаңчы
Азабың тартсам кайылмын
Арактын жытын билбеген
Кайра
Бала болуп калсаңчы!
Катыгүн андай күн кайда?
Карыганда салдың бейпайга!
Алдей, алдей аксарым!

## АЙЫЛДАН КАТ

Байкеме жазам саламды,
Бала-чакаң аманбы?
Курдаш кылып «ак молдо»
Кууп кетти дешет агаңды.

Түтпөстөн алдым калемди,
Түйшүктүү байкем аманбы?
«Күч күйөө» кылып «Сейилге»
Киргизген дешет агаңды.

Бошогон дешет кызматтан
Бош калган дешет изаттан.
Калеминин ордуна
Кармаган дешет стакан.

Бир кезде байке ким элең?
Билсеңиз мага пир элең?
«Ала-Тоо түгөл билет» деп,
Айтууга мага сүр элең.
Атама тийген күн элең,
Апама жыттуу гүл элең,
Азыр уксам көчөдө
Айтып жүр, дешет кур өлөң.

Таңынан туруп безет дейт,
Татырбай житип кетет дейт.
Көрүнгөн жандан пул сурап
Көнөктөй шишип кетет дейт.
Саардан туруп кетет дейт,
«Сейилге» дароо жетет дейт.
Жүрүшү башты чайкатып
Жүрөгүн элдин эзет дейт.

Кээде
«Оңолуп» калды деп угам
Ошонуң үчүн дем кылам.
«Иштеп калды» деп угам
Ичимен жылып дем кылам.

Бир келчү сендей агайды,
Билесиз арак аяйбы?

Санынан элдин кемитип
Сандалткан сендей далайды…

Үй десең, үйүң үстүңдө,
Аш десең ашың астыңда,
Атагың, даңкың шыпырып,
Аттиң ай неге бастың-а!

Ылгасаң жаман жакшыны,
Ыйлатпай бизди айт чыны:
Ырыстуу күндү сыйлабай,
Ыкшыйып калсаң жакшыбы?

## УЗУНКУЛАК МЕНЕН ДҮРБӨЛӨҢ

Жанаша жашашты
Узункулак менен Дүрбөлөң.
Экөөнүн жоругуна
Адам жок Күлбөгөн
Узункулактын кесиби,
Элдин оозу менен
Эшиктин тешиги.
Ушак укпай туралбайт
Ошондон жаралгансып,
Ырыс, кешиги.
Бир күнү ал
Шашып келди
Делбиреп этеги:
– Ээй Дүрбөлөң
Бери кел.
Туура турбайбы
Мен айткан сөз кечеги!
– Ошого жеттиби көзүң?
– Мен сага баламынбы

Жиндисиң го өзүң?
Тезирээк камын
Эртеңден баштап Фрунзеде
Жоголот дешет самын!
Мага ишенбейсиң ээ дайым,
Сурап көр
Маана менен Айым
Өлсө калп айтышпасы
Мага дайын!
Өзүнүн оюн айтуудан
Сүрдөгөн,
Анда шордуу Дүрбөлөң
Аялына пальто
Алам деген акчасын
Жүргөн сактап,
Жанына салды каттап.
Барбаган дүкөнү калбады.
Атыр самын,
Кир самын «Новость»
«Лотос»
Бир даарын,
Беш-алты ящик болду
Алганы.
Андан бери алты ай өттү
Тап-так.
Самындан көп неме жок,
Элдин жакасы
Дале аппак.
Анан кыш кирип келди:
«Кана пальто?» деп
Дүрбөлөңдү аялы
Кирди кактап.
Ошондо Дүрбөлөң
Мойну чыгып кержейип,
Самын жыттанып

Басып келди делдейип...
Окуучулар ойлошор:
«Апыртпаптыр деп чактап».
Турмушта боло берет
Узункулактарга ишенип
Төөнөгүч жыйнагандар да
Бар – каптап!

## ИЧТЕН СЫЗМА

Бир институтта
Өтүп жатты илимий совет.
Күн тартиби;
«Кара сойлоктун тукумун
Курутуш,
Өндүрүшкө болгон бөгөт»
Колхозго беребиз деп
Көмөк,
Профессорду трибунага чыгарышты,
Туш-тушунан жөлөп.
Профессор көз айнегин
Ондоп,
Адегенде сүйлөдү жөндөп.
Анан:
– Жолдоштор кечээ бир
Фельетон басылыптыр газетага
Бизди кордоп.
Автордун ою боюнча
Иштебей эле жаткан имишпиз,
Бизди
Мамлекет бордоп!
Менимче бул жалаа –
Ката деп табылсын!
Экинчи жолу тийишсе

Көрө жатарбыз анысын.
Макулмун дегениңер
Кол көтөрүп кой?!
Көтөрүлгөн кол-токой!
Тишш!
Бул биринчи иш.
Экинчи маселе:
Кийинчерээк ишибизде
Жылыш болбой жатат
Таза эле.
Мисалы,
Кара сойлокту алалы
Мунун тукумун курутпасак
Колхозго тийип жатат залалы.
Ишти ылдамдатыш керек.
Демек–
Бөлүп алгыла:
Бирөөң тамырын,
Бирөөң кабыгын.
Изилдейли тегин,
Узабасын кебим.
Эртең планыңарды бекитемин…

Киришти жанын үрөп,
Кээси китепканага түнөп.
«Старший» каарын чачып,
«Младший» – желкесин кашып,
Аралап жүрүштү
Архивди казып.
Бүтүргөндөй эле болушту
Ыкчам,
Бирок, беш жыл өтүптүр
Чыпчаң.
Акыры «таптык» дешти,
Илимий совет туура деп чечти.

Көңүлдөрү өсүп чалкалап,
Көтөрүп жөнөштү
Колхозду көздөй аркалап...
Көрсө колхозчулар да
Отурбаптыр созулуп.
Агроном Рахымдын
Сунушу боюнча
Кара сойлокту жоготушкан экен
Былтыр эле озунуп.
Мына туугандар,
Турмуш деген кызык!
Ага аралаша жүрбөсөң
Артта каласың
Ичтен сызып...

## СЕН БОЛСОҢ ДА МЕН БОЛСОМ

*(С. Урмамбетовдун «Көл болсо» деген ырына пародия)*

Аш болсо да, аш жазында мен болсом.
Аш көтөрүп келе жаткан сен болсоң.
Койчу, койчу
кайсы бирин айтайын,
Тоюп алып, тоону карап ойлонсом.

Бак болсо да, бак түбүндө мен болсом,
Балапандай багып турган сен болсоң.
Чапанымды айкарадан жамынып
Чала уйкулуу чаңкай түштө ойгонсом.

Саратанда пахта чапкан сен болсоң
Сары өтүкчөн сапар тарткан мен болсом.
Койчу койчу
кайсы бирин айтайын,
Дүйнөм түгөл, дүмбүлгө чоң тойгон соң!

Эл болсо да, эл ичинде сен болсоң,
Эрке-талтаң басып жүргөн мен болсом.
Ээкке тээп бир күн айдап чыгабы
Эсим чыгат мына ошону ойлонсом...

## СЫРТТАН ОКУГАН КИШИ

Бул сөз эмес,
Сыргабайды ушактаган.
Илгери ал
Футбол талаасындай болгон,
Далай жашыл столдорду
Кучактаган.
Каршы сүйлөгөндөрдү
Чилдей тузактаган.
Кайнисинен жакшы көрөр эле
Кошоматчыны ырсактаган.
Кыскасы –
Сыдыкемдин кабинетинен
Чыгуучу,
Көп адам бышактаган.
Убактынча бийлик,
Ушинтип аны
Алып жүрдү жоошутуп.
Сыргабай жүрө берди
Өзү айткандай
«Университетти бүткөндөрдү
окутуп».
Турмуш алга жылат,
Тең баспасаң
Темтейтип келеке
Кылат.
Акыры жүрүп
Сыргабай башталгыч кыласска

Мугалим болуп тынат.
Мектеп болсо
Тоонун арасында.
Тиги эле
Мөңгүдөн бөлүнүп түшкөн
Эки суунун салаасында.
Кышында кар басат.
Жайында,
Көпүрөлөрдү агызган
Суу ташат.
Инспектор деген жылына
Бир келет.
Сыргабай болсо бейкапар
Бозого тоюп келип
Сабак берет.
Бешик тойдон да калбайт,
Ал күнү жилик мүлжүп,
Сабакка да барбайт.
Сыргабайдын билими жапыс
Болгону менен
Айлыгы бийикте.
Тоолуу жердин эсебинен
Жүз процентти жалмайт!
Күрптөрү күңгөйгө жайылат,
Тооктон жүздөп багылат.
Бирок
Жомоктун да аягы болот
Эмеспи!
Сыргабайга «билимиңиз аз»,
Коллектованияга кирбей
калдың дебеспи!
– Эмне кылышым керек?
– Окууга кир эртерээк!
– Беш балам калат го темселеп?
– Сырттан оку.

Баланды ташта деген ким
Сени желкелеп?

Эми
Сырттан окуу үчүн да
Сыноо керек.
Сыргабай акең окуу үчүн эмес,
Баа койдуруп алыш үчүн
Элеп-желеп.
Анысына себеп –
Программа боюнча даярданып
Оюнда жок.
Анын мээси жөн эле – элек.
Пара алып,
Пара берип
Көнүп калган жедеп.

Ошентип,
Эл экзаменге камынып жатты.
Сыргабай болсо,
Уйкудан безип
Козу бакты.
Бу да жетипшес деп
Беш күрпүн көтөрүп чапты.
Эл шаарга
Китеп аркалап келди.
Сыргабай бир козу, беш күрп,
Бир филяга кымыз «минип»
Желди.
Сыргабайды ойлобогула
Аңкоо деп.
Сурамжылай билди
Тиги мугалим
Жеткен чалпоо деп.
Берки

Үмөткул дегени
Чөнтөктүүлөрдөн көнгөн
Дешти алкоо жеп.

Ал күнү институтка барган
Жок.
А түгүл билет да алган жок.
«Жердеги жемге,
Асмандагы куш түшөт»
Деди да
Үмөткулдун үйүнө
Болду күзөт.
Окуучум,
Азыркы үйлөрдү өзүң
Билесиң:
Бир эле имаратка
Жүз үй-бүлө киресиң.
Ал эми чынында
Үмөткулдун аялы
Далай тарткан
Кымыздын даамын,
Шорпонун ширесин.

Сыргабайдын досу
Бордубай
Үмөткулдун аялын мактайт,
Тимеле,
Чымын кондурбай:
«Ошо киши эле бүтүрөт
Убара болдурбай».
Ошентип досуна
«22 – квартирада турат» деп
Кеңешин айтты
Жобурай.
Күн тоодон ашат.

Сыдыкең «жыйырма экинин»
Коңгуроосун басат.
Шыпылдаган келинчек чыгат.
Тиги:
«Аксакал ооз тийсин» деп
Көтөргөнүн бергенче шашат.

Аңгыча кубакай киши
«Кириңиз сыртта турбай» деп
Эпилдеп эшик ачат.
– Кулак сизде? – дейт жигит.
– Сырттан окусам дедим эле...
(Жигит бир аз жибип.)
– Баа койдуруп алайын,
Дедиңиз беле?
– Ооба секет,
Бирин да билбейм дегеле...
Эптеп өткөрүп койсоңуз
Карганда калтырбай
Көрүнгөнгө жемеге.
Жигит сырдуу күлөт
(Күлкүсү Сыдыкевдин Жүрөгүн тилет)
– Анда
Токтой туруңуз бир мүнөт.
Көпкө жок болот
Анан эшиктен шыргыйдай
Бир милиционер кирет.
– Жолдош начальник
Чакыртыпсың деп чест берет.
Сыргабай эшиктен адашканын
Ошондо сезет.
Аздан соң
Кызыл каптал машина
Сыдыкемди салып
Шаардык бөлүмдү көздөй

Безет.
Ошентип,
Пара берип окуйм деп
Сыргабай жок болду дешет.
Көрсө досу Бордубай
Жыйырма бирди
Жыйырма эки деп
Жаңылткан тура оңдурбай!
Эмесе,
Ар ким билимине жараша
Баа алса,
« Кыргызчылыкты»
Туурга кондурбай,

Кымыз менен козу
Баанын эквиваленти болуудан
Калса...

## МОНОЛОГ

Эмгектен
Эл өзгөрдү, замана өстү.
Жер эмес,
Жеңди акыл тиги көктү!
Баскычындай
Бирөө бар
Жыйналышта акыл айткан:
«Жашасын», «Алгала!» деп
Көбүк чачкан.
Кокустан
Эл башына мүшкүл түшсө,
Култ этип
Ийинине кире качкан.
Дүрмөттөп

Сатиранын замбирегин,
Жаманбы,
Ошондойду жалпайта атсаң!

Элге тең
Айлыгына канааттанбай,
Жээнек уй сыяктуу
Жеңди жалмай,
Күрөктөй алаканын жайып турат,
Парасыз
Жарым кадам баспайт, андай.
Тыйындын үнүн укса
жашыганды
Көзүнөн
Тааныш керек жазбай, таамай!

Соо жүрсө
Бардык адам, ачык асман,
Үркөрдөй
Бир топ неме ийри баскан,
Кучактап
Ыйлаак уулун соортконсуп,
Мупмуздак
Бөтөлкөнү боорго каткан.
Андайды
Ыркты бузуп, аба ууланткан,
Айтчы сен,
Аны жазбай, кимди жазам?!

Элеңдеп
Эки жакка кулак салып,
Укпаса
Ушак сөздү туталанып,
Аткыча таң кулан өөк арыз
жазат,

Тумшугун
Сыясына малып алып.
Абийрин эл алдына төгүү
керек,
Калемди чарык ташка жанып алып!

Замана
Иштеп жатса, жеңди түрүп,
Оюнда
Тынчтык өмүр, карт-карт
күлүп,

Чектеги
Кызыл сызык нар жагынан,
Угулат
Иттин үнү тынбай үрүп.
Аларга
Таш да керек, сөз да керек,
Отунга сатиранын
Кетсин күйүп!

Жашоону
Таза тутуш биздин милдет:
Өлкөмө
Жолобосун тумоо, илдет.
Колума
Калем берген тууган элим,
Сатирик – дезинфектор болуп
жүр деп.
Шыпырып
Ыпласты соо турмуштан,
Ооруну
Арабыздан жоюп жүр деп!
Акындар
Лирикасын жаза берсин.

Сырларын
Бейпил күндүн ача берсин.
Мактоого
Татыктуусуң, кыргыз эли!
Берекең
Дагы ташып, аша берсин!
Сатирик
Постто турат көз ирмебей,
Анын да
Кубанычы өзүң, сенсиң!

## КОШУНАЛАР

Көчөрбай менен Көлтөңбай
Көптөн бери эшиктеш,
Жашашса да кыйла жыл,
Болушкан жок кешиктеш.
Бой жибитип коңшулар,
Кимиси кайда иштээрин да
Билишчү эмес,
Экөө эки башка кесиптеш,
Бирок,
Көлтөңбай улуу.
Ошондуктан
Көчөрбайга парс эле,
Тигиге
Салам айтып туруу.
Ал болсо зым жуткансып
Араң гана баш ийкөөчү,
Көчөкөңө кайда? Андан,
«Алекима саламды» угуу!
Көлтөңбай аны
Көзүнүн төбөсү менен карачу,

Көргөндө
Итиркейи келип,
Макулук катары саначу.
Жылдардын карып жашы,
Алмашып кышка-жазы,
Онунчуну эптеп бүтүрдү,
Көлтөңбайдын төө таман
Узун чачы.
Уулун институтка кантип
Өткөрөрүн билбей,
Көлтөңбайдын агармай болду
Башы.
Экзаменге кирерин го...
Кирет.
«Кыздын сыры төркүнгө маалым»
Бисмилдасында эле
«Экини» моюнга илет.
«Көлтөңбайдын уулу
Көчө таптап калды – деп,–
Уккандар күлөт».
Деп ойлонуп эргул
Отурду башын мыкчып.
Анан
Алгансып бирөө чымчып:
– Ой мобу неме кайда иштөөчү эле?–
Дейт, Көчөрбайдын квартирасы тарапка
Көзүн ымкып.
– Институтта!
Көлтөңбай шалпылдагын
Илип бутка,
Коңшусуна жүгүрөт.
Анын киргенине таң калса да
Көчөрбай:
– Келиңиз төргө өт: – деп жүгүнөт.

Көлтөңбай шыпты карап,
Чачын салаалап тарап:
Коңшу экенбиз, жигит,
Уулума көз сала көр,
Бир ишке жарап?!
Көчөрбай болсо баш ийкейт:
– Колдон келсе Турмак белек аяп!
Эртеси
«Көз сал дебеди беле – деп –
Баса»,
Коңшусунун жазганын окуса:
Эки баракта,
Элүү ката!
«Бирди» койду Көчөкөң
«Экиге» жетпеген соң таза!
Ал эми
Узун чачта
Эмне капа?
Баарын таап турса
Көлтөңбай – папа!
Борумдуу кийинет, күлөт,
Гитар асынып басып жүрөт
Азыр
Ар кай жерде түнөп!

## ТАБЫШКАНДАР

– Сенде барбы?
– Менде жок.
– Сендечи?
– Башым сынат, ичим чок.
– Анда эмесе элде бар,
«Көк базар» деген жерде бар!
Шоңшоюшкан үч шишик,

Жетип барды из шимшип.
Капысынан чыкпаспы,
Картөшкө саткан Калыбай.
Бири болсо айылдаш,
Кантип койсун таанубай.
– Атсалоому алейким!
– Алейким ой, Саалыбай!
– Кандай ботом, таңынан?
– Картөшкө саттым, үйүмөн.
Карап тура беремби,
Кармата бердим дүңүнөн!

Калыбай да урган кул,
Кагжырап башы турган кул,
– Шаарыңды өзүң билесиң,
Айткан сөздү илерсиң,
Шайланып чык ыктууңар,
Какең бирге жөнөтсүн.
Жутап турган жумурга
Жук болбой бироо ырымга.
Күч чыгарып турушту,
Күйпөлөктөп чылымга.
Калыбай анда барбактап,
Каптарын жыйнап далдактад
– Кана эмесе жүргүлө,
Каржалсаңар тыйынга!
Достор кирип «Достукка»,
Толбой турган боштукка,
Куюп жатты «агынан»,
Каны каткан эргулдар,
Кагып жатты «сарыдан»...

Кантип кетти Саалыбай?
Кантип кетти Калыбай?

Кайра баштан баш ооруу.
Кайра баштан наалымай,
Ууну сурап тентиген,
Ушу дагы жашообу?

## ЭКИ УУЛ ЖӨНҮНДӨ

Онунчуну бүтүргөн
Окутам деп уулумду,
Такен деген кошунам,
Тамандары туурулду.

Дасторконун көтөрүп,
Таяке, жээн издеди.
Баласындай жигитти,
«Байке», деди, «Сиз» деди.

«Жигулиге» мингизип,
Тоого, суунун жээгине,
Төгүп жатты тапканын,
Той бергенсип келинге.

Чачылганга болобу,
Чачтын алды бош болсо,
Урап түшөт турбайбы,
Уйку менен дос болсо.
«Чаво» дейт да, анысы,
Чаар көйнөгүн жагжайтып,
Көчө таптап бош калды,
Көрүнгөнгө калп айтып.

Аны менен бир бүткөн,
Ашырбайы Макендин,

Автозоотто жумушучу –
Анык уулу мекендин.
«Алешка» деп мастери,
Акыл айтат урматтап.
Алешканын жанынан,
Акча үзүлбөйт булактап.

«Папасына» ишенген,
Такендин уулу кор болду.
Таалайына ишенген,
Макендин уулу зор болду.

## КАЙРЫЛУУ

Карысаң да «күйөөлөп»,
Кайындарга барасың.
Илдет-дарттан сүйөөлөп,
Искеш үчүн абасын.

Токол тамдар жоголуп,
Тоонун ичи калаадай.
Бирок, кээ бир иштер бар,
Бойго түшкөн жарадай.

Кыркалекей отуруп,
Кымыз ичип жатканда,
Бирөө оозун толтуруп,
Сөзүн камдайт айтканга;

– Кечээ күнү келиптир,
Кемпирбайдын кудасы.
– Кайсы кызы кетти эле?
– Калыйпадан удаасы.

– Чүйгүн бекен келгени?
– Чүйлүк бекен бергени?
– Кеп-кечеси алты жүз,
Кемпирбай шордуу тердеди.

Өлгөн тура Кемпирбай,
Ошо дагы кудабы?!
Эси болсо билбейби,
Эл жыргаган убагы!

Анан бирөө кеп салат,
Кудама бардым деп калат.
Ошону айтчы бай болгур!
Кулак сөздү жеп калат.

– Ага-тууган чогулуп,
Алты миңди карматтык.
Кейип калдым аз го деп,
Кендир кескен жармачтык!

Кудаа каалап күз келсе,
Кур коюппу, тирүүнү
Салып уруп жүргүдөй,
Сатып берем «Жигули»!

Кесе шак деп чекеге,
Кептер күчөйт жактырган.
Келини менен иши жок,
«Жигулиге» сатылган.

Айланайын кайындар,
Айтпайм силер – караңгы
Баарын турган белендеп,
Барктасаңар боло Заманды.

## КОЛТУКТАН ЧЫМЧУУ

Өзүнөн өзү жүрүп кусаланган,
Сандыктан чыккан өңдүү ушуланган,
Наалыган бир адам бар арабызда
Жаштарга наалат айтып туталанган.

– Аттиң ай, жаштык чагым болсо гана?
Арстандай чапчыйт элем далай мара!–
Дейт дагы эзе берет сөз самынын,
Азыркы бүткөн иштер ага чала.

Угуп тур айткан сөздү эй наалыган?
Жашыңда залим элең эл каарыган.
Эстебейт, элдин ичи кенен тура
Эсен соо жүргөнүңө мен таарынам.

Наалыба, колко кылба, басканыңды,
Көзгө айтам, көңүлгө алба айтканымды.
Чын күйсөң, жаштар алга өзсүн десең,
Чымчыбай колтугунан аткардыңбы?

## ТААРЫНЧААК ЧЫМЫН

Пилди Чымындын көзүнчө
Макташты:
– Пилге жан жетеби!
Дүмүрдү куурайдай
Жулганычы кечээги!
Ага таппайсың тетени,
Көтөргөн карагайын айт,
Өзүндөй бешөөнү.

Анда Чымыкең
Айткан тура таарынып:
– Пилди эле мактайсыңар жабылып
Эгер Пилиңер мага тең болсо,
Мага окшоп, дубал менен чыгып,
Шыптан чуркап өтсүнчү.
Эр болсо?
Анан люстрага барып
Консун.
Мына ошондо гана
Мактоого болсун!

## УШУНДАЙ ДА БАР

– Апырткан экен, – дебегиле –
Оңбогон!
Кээде
Илимий иштер да жазыла калат эмеспи,
Эптеп эле сомдолгон.
Бир тарыхчы
Сейилдеп жүрүп
Ысык-Көлдүн жээгинде
Ташбаканын изин көрүп:
«Байыркы элдин жазмасы экен» деп
Ойлойт зээнинде.
– Таптым! – деп илимден казына,
Көп күнү кабинетине жашына,
Диссертация
Жазган дейт шашыла.
Коргогон темасы: «Кумдагы из»
Болсо да азыр,
«Канга салам бербейт» – деп уктук
Биз.

## «АК НИЕТ» САТУУЧУ

Жетип келип дүкөнгө
Сейитбек:
– Жетимиш тыйынга алдаптырсың» – дейт
Баламды. Кайда бет?..
Дүкөнчү кырданта кийип
Калпагын:
– Эй, Сейитбек, шашпагын.
Мен жөн гана
Азыркы балдар мектепте
Арифметиканы кандай өздөштүргөнүн
Тажрыйбада,
Байкадым...
Мага эмес,
Доону мугалимдерге
Ылайык айтаарың!

## ИНИМ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

– Эй иним Мойдун!
Мына эми окууга өтүп
Шаардык болдуң.
Кыргызда «Эртеси да болот,– дейт
Тойдун».
Элдин баары эле
Көчөдө сейилдеп жүрөт экен
Деп ойлобо,
Шаар уюгу болот –
Эмгек менен Ойдун!
Тамактын да ичээр маалы бар,
Баягы,
Бассаң турсаң,

Балчактап жегениңди койгун.
Көрүнгөн үй сага тамак
Бербейт,
Стипендияңды кийинкисине
Чейин чойгун.
Эми
Кийим жагына келели:
Келели дегенимдин
Себеби –
Баягы эле Сакынын уулу
«Шаардык боломун» деп
Каракчыга окшотуп салды
Келишимдүү денени.
Суроо белгисиндей коюптур
Мурут дегенди.
Өгүнү
«Ала-Тоонун» жанында ээрчитип
Жүрөт,
Өңүн гана эмес
Бутун да боёгон немени.
Тазалык – маскарапоздук эмес,
Анын да бар –
Ченеми.
Сен жакшы жүрсөң
Мен демденем.
Азыр балапан эле бойдонсуң
Өкүмөт менен
Ата-энеңдин колунан
Жем жеген.
Ошондуктан илгеркилер:
«Жууркаңыңа карай,
Бутуңду сун» деген
«Биз» деп сүйлөп
Үйрөн.

Марага жетпей калат,
Азыртадан «Мен» деген
Эгер
Агаңдын тилин албасаң:
«Чернышевканын» ордуна,
«Чынардын» ошигин байласаң,
Энеңди көргөнсүп
«Экстрага» айлансаң.
Анда эле
Түндүгүңдүн түшкөнү!
Ал
Окуу эмес – түш көрүү!
Сенин
«Шаардык» болгонуңдун
Ошо бүткөнү.
Окуунун баркын билбеген
Соң,
Жеңди түрүнүп
Жумуш кылганың эле
Оң.

## КАЙГЫ

– Салам!
– Иш жаман,
Начальнигим түштү!
– Алкоголик беле?
– Жок кокуй, арак эмес,
Сүттү жыттап иччү!
– Анда план?
– План квартал сайын
Ашыгы менен бүтчү!
– Түшүндүм, Элге ыркы

жок го,
Мүнөзү – каман?
– Дүйнөнү төрт айлансаң
таппайсың
Андай мээримдүү адам!
Анда ишинен кантип
Кулады анан?
Ушундай эзмең жаман:
Ал – бир тууган абам!
Бир үй-бүлө ишсиз калдык,
Эми Эжеме,
Жездеме,
Иниме,
Энеме,
Андай начальникти
Кайдан табам?

## БУЛ КИМ

Өпкөсүн ыштап,
Тамеки тартпады.
Абийирин таштап,
Аракка баспады.
Ак жоолукка көзүн
Кыспады.
Камчылууга каршы
Чыкпады.
Бирөөгө жаман
Айтпады.
Өмүрүндө бирөөнү
Какпады.
Өлдү,
Ыйлаган жан болбоду.

Көмдү,
Мүрзөсүнө гүл койбоду.
Жашап өткөн тим
Бул ким?

## СЫР

Көп күнү сызгырып
Мээсин,
Бирде сызып, бирде ондоп
Кээсин,
Сатирик-акын сонун бир
Ыр жазды дейсиң!
Досторун көргөнчө ашыгып,
Окуп берди, үнүн жасап
Аптыгып.
Угушту:
Жылмайган да бироо чыкпады.
Баары жер карап
Ындыны өчүп турушту.
Анан
Бир күнү сатирекке
Оңтойлуу учур кезигип:
Ал козу сойдура салды
Чечилип.
Чогулганда достор,
Көтөрүлүп жатканда
Тостор,
Сатирик баягы ырын
Кайра окуду чечинип.
Угушту:
Кол чаап орулдарынан
Турушту.
Көбүнүн боору
Күлкүдөн эзилип…

## ТУУРАБЫ!

Индирбай менен
Илгертен досмун.
Ал
Агроном болуп иштейт
Алыскы районунда Оштун.
Өзүм дегенде – өлөт,
Ошондуктан ырга коштум.
Зыңкыйып маданияттуу
Кийинүүгө умтулат.
Чоң кызматтагылардын
Ата-тегин сүрүштүрүп
Тууган чыкпай калса,
Энеси өлгөнсүп улутунат.
Бирөөнүн өзүмдүк «Волгасын» көрсө,
Ыйлап жибергиси келет
Буркурап.
«Аз жетпей турат» деп
Акчасын көрсөтөт,
Каткан кумтулап.

Жакында кеңешмеге келген экен,
Магазиндерди кыдырдык экөөбүз ээн.
«Аялымдын туулган күнүнө» деп
Алты метр ак алды.
Жаным күйүп кетти:
– Ой Индирбай деги уятың барбы?
Ал тоотуп койбойт:
Эки кило момпосуй, үч чайды
Кошуп, куржунга салды.
– Кир жуугуч алсаң боло
Күлүйпаны самын жыттантпай?
Же тиги муздаткычты ал

Сүтүңдү иритпей, этиңди курттатпай!
Кайра мени шылдыңдап күлөт:
«Шаар адамды бузат дегени
Чын экен түгөт»
Анан сөзгө жыккысы келет:
– Кир жуугучту жасаптыр
Толгон токой тетиктен курап,
Бир буроосу сынса
Бир жыл бою чаң басып турат,
Кээде ток болбой калса
Жуумакпызбы, бурап?
Сөздүн жүйөөсүн билбей
Сүйлөй бергениң уят!
Азырынча Күлүйпа жаш,
Ага ток менен запчастын кереги жок,
Колу менен эле жууйт,
Ишке маш.
Үйдүн бир капшытын ээлеген
Приемник менен телевизордун
Эмнеси керек?
– Акыркы кабар?
– Акыркы кабарды
Аялым эле айтып берет.
Мен жашаган жер
Элет!
Дагы мени шылдыңдагың
Келет.
– Кана, бирдемең барбы? – деп
Пиводон жутат демеп,
– Сен билесиңби? – дейт сөомойүн чычайтып
Кызматтан көтөрүлбөй жүргөнүңө
Эмне себеп?
Ийнимди куушурам да
Уккум келет:
Акчалууларга салам берүү оюңда жок,

Алиге газетада жүрөсүң
Жамандык издеп.
Сеникиндей шартым болсо
Эмгиче калмакмын мен булут тиштеп.
Индирбайдын «философиясын» байкадым.
Ичимен күлүп, башымы чайкадым.
Кимибиздики туура?
Билип турам «мен жыктым» деп
Индирбайдын айтарын.

## ТЕҢ ЭМЕС

Аның жакшы, артта калбай теңиңен,
Алга озгонуң, аппак пахта теримден.
Амандашып, сыр сурайын деп келсем,
Ак бетиңди чумкөнгөнүң эминең?
Антпе жеңе, артка байла жоолукту,
Мен жаш жигит, сен эмессиң колукту.
Эмгегиңе туура кара жалтанбай,
Тебелеп кет, тетир үгүт-жорукту.

Тең келбейт сага теримден,
Тээтиги келин керилген.
Эрдемсинип коет уялбай,
Эндиги кетпей эринден.

Колунан кокон келбеген,
Дымагы көктү сермеген.
«Ашка жүк» болуп жүрсө да
Айтышып коёт эл менен

Чекеңден териң тамчылап,
Чечинип жатпай жазгы убак.
Пахтада жүрдүң күнү түн

Баланы баккан жанчылап.
Ак эмгек болсо энелеш,
Айбыгып туруу кеп эмес.
Алтындай колуң барында,
Ал келин сага тең эмес.

## ЧОҢОЮУНУН СЫРЫ

Залга эл жык толду.
Начальник доклад жасамакчы
Болду.
Аны билген Чоңду.
Алдыга отуруп,
Камдаган эле чабууга колду.
Кырсыкты болжоп айтабы:
Жуп кол чабаарда
Түшүп кетип калпагы,
Аны кармаганча кубалап,
Жыйналыш аяктап,
Тарай баштады, элдин арт жагы.
Чокең өзүнчө бушайман:
«Мени тоотпойт деген ойдо
Калды көрүнөт,
Деги аман чыксам экен ушу айдан...»
Бирок Чоңду ойлогондой болбоду:
«Бул жигит кол чаппайт, бөлүнөт,
Колдогону чоң жер көрүнөт,
Мени сынап жүрсө керек болжолу...»
– Деп начальник
Чоңдуну кызматка көтөрүүнү ойлоду.
Чоңдунун сыры белгилүү –
Ал кошоматчылыгына корстон.
Кеп начальнигинде жатпайбы,
Өз көлөкөсүнөн өзү корккон.

## ТҮШҮНДҮ

Түн ортосу
Индирбай тартып жаткан коңурук,
Капыстан ойгонуп кетип.
Ох – деди төшөгүнөн обдулуп.
Катыны кагылып, согулуп:
– Эмне болду сага,
Албарстылар баскандан соосуңбу,
Чогулу?
– Баягы склад башчысы Жаманкара,
Элдин көзүнчө
Берип жатыптыр мага пара!
– Алдыңбы?
– Жок.
– Келесоо десе, пальтого жетпей жатканды
Жакшы билет да
Мунун албай койгонун кара! –
Деп жеңекем оор үшкүрдү.
Индирбайды керебеттен тээп түшүрдү.
Индирбай ошондо гана
Бир күнү кызматтан кол жуурун
Түшүндү...

## ТАМСИЛЧИЛЕРГЕ ТАМСИЛ

Адатынча Арстан падыша
Отурганда тактында.
(Эртеңки тамактан кийин
Тишин чукуп
Ыраазы болуп бактына).
Сырттан «киргизип коюңуз» деген
Күбүр-шыбыр угулат.

– Акеме бүгүн дем алыш,
Деги арызчылардын
Аягы качан суюлат? –
Деген Түлкүнүн үнү туюлат.
– Ээ, келин бала,
Алар кимдер экен? – дейт Арстан.
– Санатым жетпейт аке,
Айбандар бүт келишкен окшойт
Алыстан!
– Эмесе келин, карабастан өңүнө, түсүнө
Киргизе бер боюна карай
Анан күчүнө.
Киришет: Аюу, Өгүз, Карышкыр
Жана Эшек.
Келбесе да кезек
Артында Кой жүрөт кепшеп.
– И, келген экенсиңер мырзалар?
Мархабат!
Арызыбыз бар уксаңар:
– Ар ким айтышар өз арманын –
Деп баштады Аюу
Мен азыр ушактан ууланып
Кетип турат дарманым.
Өзүңүз жакшы билесиз, адатым бар
Алты ай бою уктаар.
Жамандай берип
Түшүмө да кирчү болду
Жазуучу Муктар.
Адам баласына зыяным
Жок болсо да кылдай,
Көп жылдан бери тынбай:
«Бал уурдады» деп жазат.
Ырас, балды жакшы көрөм
Бирок менде да бар нысап.
Муктардын кошунасы Ысак

Аарыларды алдап,
Бал топтоп алын
Тиги, Архангельскини көздөй сызат,
Андайлардын бал челегин талкалап
Өзүмчө жүргүзөм эсеп-кысап.
Тайсалдатпай аны эмне үчүн жазбайт,
Карымбай болуп кете электе узап?
Анда Көк Өгүз
– Таксыр, арызды так текшерип,
Көңүл бөлүңүз.
Аюу аксакал айткандай
Тамсилчилерден оңбодук көбүбүз.
Токол Уй экөөбүз кармашып колду,
Пенсияга чыкканыбызга
Туп-туура он жыл болду.
Укмаксан болуп тосуп жөндү.
Узатсам да көп кепти,
Улгайганда «Өгүз спортсмен болуптур»
Деген ушак-айың
Чучугума жетти!
Жаза берет учуруп өрдөк-кушун.
– Тамсилчинин аты ким?
– Тилим да келбейт,
Аты да өзү да
Өтө узун!
– Эсте!
– Каап, жаттап алдым эле кечте!
Муу… Муу… Мукамбеткалый!
Мынча эмне карышылыкты, билбейм,
Уурдаган жок элем
Бир татым да тузун!
Шакылдатып тишин
– Кеминден келдим эле,– деди Карышкыр–
Койдун этин көрбөгөнүмө

Көп жыл болду такыр.
Бирок мени ууру деп табышты.
«Эчки-койдун тукумун соолутту» деп
Эсенгул Чопуев деген неме жабышты.
Тактайын деп айткан ойду,
Ээрчите келдим
Тиги – Койду.
– Ай, айтчы бай болгур
Деги мени силерге жолотобу,
Чабан менен мал догдур?
Өзүлөрү жегенин
Мага ыйгарышат оңбогур!
Кой турду жалдырап,
«Анысы чын» дейт
Арстанды карап дабдырап.
– Ал эми келесоо жөнүндө сөз болсо,
Мага келет кезек –
Дейт Эшек.
Тегирменди көздөй тепилдетишип,
Далай миништи эле
Убалым жетсин, булар качан сезет?
Жамандашкандын гана үстүндө
Үчөө тең тилин безеп!
Айткандарды угуп,
Арстан терең үшкүрдү:
– Ал үчөө мени да далай «кызматка» көтөрүп
Айламды түгөтүп бүтүрдү.
Түлкү келинди жамандап отурушуп
Жеп кое турган болушту бүкүлү.
Курт, Кумурска, Жылан, Кирпи, Чочко…
Канаттууларды кошпо!
Соо коюшпады
Жадаганда Сокур Үкүнү!
Эмесе, мындай чечимге келели:

Ушул арызды колдоруна берели,
«Ала кушту атынан чакыра алышабы»
Анысын билели.
Ага да болушпаса
Алтынчы кабатта турушса да
Күн бата үйлөрүнө кирели.

## АЙЫЛДАШКА КҮЙГӨНДӨН

Айылдашым болсоң да,
Айтмай болдум айбыңды.
Жалпы журтка маалымдап,
Жазмай болдум дайныңды.

«Туугандын» аты – Туткучбай,
Турпаты тоону бузгучтай.
Балбандык жактан эргулуң,
Баарына татыйт, уткузбай.
«Окуйм» деп жүрүп калаада,
Он жылы кетти талаага.
Желкеси калды агарып,
Бирок,
Жеталбай койду марага.

Түкөмө айыл «жакпады»,
Шаардан такыр жалкпады.
«Ахранникмин» деп коет,
Акыры кызмат тапканы.

Кайтарат экен, кафени,
(Калысын айтсак мас эли).
Бошогон идиш чогултуп,
Болуптур дешет таза эми.

Күзөтчүлүк жаман иш эмес,
Бирок,
Курсуйгөн жашка тийиш эмес.
Алты саны соо адам,
Андайга таза жоо адам.
Жыйырма бештин табында,
Жолборстой жойлоор чагында,
Олтурса эшик күзөтүп,
Оо, ал бир кордук чагымда!

Шаардык болгуң келеби?
Заводдон иште береги!
Жумушчу – заман сыймыгы,
Жумушчу – доор желеги!

Мойнуң жар ага бербейби?
Анда
Акылың күтөт сендейди.
Айран ич дагы, мал баккын,
Атаң да карып делдейди.
Мында
Эшикти аңдып жүргүчө
Айылда
Адам болгон бир күнчө.
Адалыраак иш кылсаң
Ак жашайсың миң күнчө.

Айтаарым ушу тууганым,
«Алкымдан кудай» урганым.
Кароолчу болуп жүргүчө
Колхоздун кайтар уйларын.

Түпөтүз чыксаң Токмоктон,
Тунуке үйлөр бар окшошкон.
Бөтөлкө жыйып жүргүчө,
Чочко бак, чочко совхоздон!

Көнбөсөң ушул акылга,
Көмүлдүң арак капырга.
Жүрө бер айбан сыяктуу
Жүз грамм үчүн сатылма!..

## ОЮ КИР

Эмесе менин
Бир досум бар.
(Кечиресиз,
Ушинтип башталып жүрөт
Кээ бир ырлар).
«Досуң болсо болгондур,
Анын эмнеси бар?
Дешер,– сындаар?»
Анда, окуучум муну туюн:
Ал кишиге жакпайт
Биздин фабрикалар чыгарган
Бир да буюм.
«Чолпон» фирмасы тиккен ботинкалар
«Бакадай балчак».
Беш күндө жыртылат дейт
Тиги «Кырк жылдык» тиккен
Шифон көйнөктү алсак.
Техника да купулуна толбойт,
Азыркы
Самолёттордун ылдамдыгына
Ыраазы эмес,
Айтымында: «Сырты гана жылтырак».
Жадегенде биздин арак
Ага ачуусу жок көрүнөт
«Адамды жылытпайт» дейт
Таптырап.
– Деги сага эмне жагат? – десең,
Сөөмөйү менен

Батышты сайып
Алкынат.
Аны сынамака:
«Мобу Гренландияныкы экен» деп
Ак дакиден тигилген көйнөктү
Көрсөтчү:
«Во!» деп бармагын чычайтып
Ошону жактырат.
Кээде туристтерден жалынып,
Сурап алган байпагына сүйүнүп,
Каткырат.
Эмесе, келди го кезек
Жыйынтыктап айтышка:
Арабызда ушундайлар да бар
Кекиртегин созгон Батышка!
Ичкени биз менен
Бир.
Бирок ою кир!

## БӨЛКӨ НАН

Чала желип ташталган,
Чаңда жатты бөлкө нан.
Каада тутуп алгандан
Карап койбойт өткөн жан.

Ай колтуктап жүргөндөй,
Аппак жарын ээрчиткен.
Алса жигит күймөлбөй,
Анда келин кемсинткен:
– «Чыктык беле сейилге,
Чыладан нан жыюуга,
Нан көрдүңбү дээринде?»
Чыкты келип кырууга.

– Ак нан арбын болсун деп,
Атам кайтпай Батыштан.
Ар кай жерде жатчу эмес,
Анда мындай ашык нан.
Балам тирүү калса деп,
Бөлүп жеген нанынан,
Багам деп жүрүп темселеп
Байкуш энем карыган.

Нан жашоонун – мотору,
Нандан дүйнө айланат.
Сүйүү, жүрөк козголуу,
Баары нанга байланат.

## МИТЕ

Эл өзгөрдү, жер өзгөрдү.
Токчулук доорон сүрдү,
Жайдыр-кыштыр
«Ак төөнүн карды жарылып».
Бирок кийими жаңырганы менен
Кээ бирөөнүн мээсинен
Эскилик кетпей жүрөт арылып.
Аны башынан тааныш кыйын,
Ондатр тумактын
Ичинде жүрсө
жабылып!
Кээде тиги жө бу оокат
Жок боло калат.
Мисалы,
Кышында жашылча жагы мүчүлүш.
(Соодадагы азаматтар
Кышка камданууну

Керек эле, небак эле
Түшүнүш!)
Айла жок,
Көзөнөк баштыкты көтөрүп
«Көк базарга» барасың.
– Кайсы жөрдин картөшкөсү?
– Караколдон,
– Кеминден келдим дейт...
Ушундай, шаарда жашап
Дайыма
«Кеминден келген» жер митенин бирин
Мен жакшы билем.
Өзү «колхозчумун» дегенди
Сүйөт.
Кыркынчы жылдардан бери
Базарда жүрөт.
Күзүндө анда уйку жок,
Базардын эшигине түнөйт.
Дүң соодага жанын үрөйт.
Дыйкандардын убакты тар
Сызгырылып отурбайт,
Дүңүнөн уруп жиберишет, шар.
Жер митенин үйү кенен:
Анын жертөлөсү
Ат салышат
«Пригородный» совхозунун
Кампасы менен!
Жемиш сактоону
Агрономдон кыйын билет,
Балдары үшүсө мейли,
Алманын амандыгына күлөт.
Мына азыр кышында
Жер мите бөймарал
Базарда турат.

– Алма канча?
– Беш сом.
– Кымбат го?..
– Кымбат болсо, алба! – деп
Созулат.
Ага эмне: бүгүн сатпаса,
Эртең сатат.
Убакыт өткөн сайын
Үстүнө кайра тыйын кошулат.
Жерден айланса болот,
Анда күнөө барбы кенедей?
Ал адам эмес,
Айбандарды да багып жатпайбы –
Энедей!
Бирок анын жемишин
Кээде биз энебей,
Жер мителерге жедирип жүрөбүз
Ченебей!
Ырас,
Базар деген базар,
Ашык оокат сатылат.
Бирок,
Чыныгы дыйкандар менен
Катар,
Жер мителер жүрсө азынап,
Ичинден жипкирип
Турасын желкенди кашылап.
Ошентип, аларга берсе болот эле,
Законго ылайыктуу жазадан.
Жер митеге окшогон
«Колхоздун мүчөлөрүнө»
Дайыма шаарда жашаган!

## ТАШ ЖЕГИЧ

Кошунабыз бар эле шапылдаган,
Учурашып,
жай сурап жапылдаган.
Короодогу балдарга теңтуш болуп,
Конфет берип,
кээде ойноодон тартынбаган.
Ал каерде иштерин билчү эмеспиз,
Аялы кырс,
үйүнө кирчү эмеспиз.
Жумасына беш жолу конок күтүп,
Түрсө-карса бийлешсе,
сүйчү эмеспиз.
Бир күнү эле сурасак,–
короо дүрбөө
– Кошунаны камаптыр өткөн түндө!
– Каңырыштан айтылган сөз болбосун?
– Кантип эле камалсын,
кылбай күнөө?

Көлгө чөгүп кеткенсип изи сууду.
Аялынан суроодон уят бууду.
Кыңыр иш да билинбей койчу беле?
«Таш жечү экен» дегенден кулак тунду.

Ырас эле,
кошуна таш жечү экен.
Жегенде да билгизбей,
маш жечү экен.
Бизге окшоп алышкан маянаны
– «Бул да оокатпы?»
«Чепуха, аз!» дечү экен.
Көрсө эргул курулуш башчысы экен

Кириш-чыгыш кагазын жазчусу экен.
Кумду, ташты,
    кирпичти көрүнгөнгө
Көмөлөтө,
    көмүскө сатчусу экен.
Таш жегичтин тагдыры таштай болду.
Таасын он жыл бир «үйдө» жатмай болду.
Өзү эмес, баласына так калтырып,
«Таш жегичтин уулу» – деп айтмай болду.

## «БАКТЫЛУУ» КҮЙӨӨ

Аппак жака,
Атыр жыттанып.
Аялы белегин колтукка кыстарып,
Желдеңбай мейманга жөнөдү
«Жата бербейличи, – деп,–
Жаман үйдө ышталып!»
Ойгонсо,
Бир оокумда тырманып.
Галстугу мойнуна чырмалып,
Шымы тогузкаттай бырышып,
Жекең
Өз үйүндөгү дивандан турду ыргалып.
Анан ары-бери басып,
Аялына сурданып
Урушат:
– Эй катын, кантип келдим үйгө?
– Төрт квартал аркама
Көтөрүп келдим түндө!

– Кой-аа, оозуңа карап сүйлө!
Ошентип,
Аялы Жекендин түндө кылган
Жоруктарына күйүнөт.

А Жекең болсо чалкасынан түшүп:
«Балбан аялга үйлөнгөн
Бактылуу күйөө экемин» деп сүйүнөт.

## КАРТАЙГАНДА КАБЫШТЫ...

Шааркан менен Шакирбай
Бири-биринен
Ыймандай сырларын жашырбай;
Үйлөнүштү,
Институтту бүткөндөн соң
Шашылбай,
Анан бу дүйнөгө келди удаа:
Туңгучбай,
Туткучбай.
Кечигибирээк көрүштү
Эң кенжеси Чокону.
Буга таң кала турган деле
Иш эмес,
Балалуу болуш –
Үй-бүлөнүн закону.
Ошентип,
Экөө ээн отурушканда кээде:
«Талаш-тартышты токтотуп,
Үчөөнү адам кылыш
Биздин милдет,
Дайым болсун,– дешчү мээде»

Андан бери
Далай жолу жаңыртып
Конушту,
Авторитеттүү
Кызматтарда болушту.
Үч уулу тең эр жетип,

Небере көрүп, оңушту.
Мына эми көрөрдө
Жашоо үзүрүн
Шааркан менен Шакирбай
Карыганда иттей кабышып,
Согушту.
Биринин сөзү –
Бирине жакпайт.
Биринин изин –
Бири баспайт.
Көтөрө албай баштагы ырысты,
Акыры
Ажырашып тынышты.
«Тартибиңер курусун» деп
Тааныгандар болушту таң.
А балдары болсо
Кимисин урматташарын
билбей
Баштары маң.
Аты-жөнүн так айтпасак да
Шар,
Мындай үй-бүлө
Чанда болсо да Бар!

## ТЕТИРИ ЖҮРГӨН КИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАМАК

Алап болуп денеси,
Адам кээде чын ооруйт.
Арамзасы ашынып,
Кээ бирөөлөр жым ооруйт.
Бүт жүрүшүң тетири,
Сен оорубай ким ооруйт?!
Чырымтал кезден монтойгон,

Чылымды чектиң колтойгон.
Саргайып денең калыптыр
Салат го бир күн оңкондоп!

Өчөшкөнсүп өзүңө
Өтсө эле болду колкондоп.
Жеңдирип ийип аракка,
Жер болуп калба томпойгон?

Ата-энең айтса болбойсуң,
Аялың айтса мойнойсуң.
Азыр «жаккан» ичкилик
Кийин чыгып алдыңан
Ажыдаар болуп сойлойсуң!

Врачтын сөзүн «калп» дейсиң,
Винону көрсөң талп дейсиң.
«Талантың» барат ашынып
Тамырын кыйган теректей,
Бир күнү досум жалп дейсиң.

Бул
Алдын ала айтканым,
Азыртан аңгим байкагын.
Алдап-соолап, жоошутуп,
Ичкилик
Астыртап салат капканын.

Азыр
Өзүңдү дөөдөй санайсың,
Акыл айткан кишини
Айбанбы, «бөөдөй» карайсың.
Анан алты жыл өтпөйт, шашпасаң
Айтканын кылып бөжөңдөп
Аракка досум малайсың:

Жат деген жерге жатасың,
Бас десе, тентип басасың.
Сура дейт – кайыр сурайсың,
Суу жеген жардай урайсың.

Ууру кыл десе, кыласың
Уу жутуп, ууну сунасың.
Карматып бир күн акыры
Камалып кетип тынасың.
Сестене бербей тилим ал,
Бүт албасаң бирин ал.
Айланаң жаркын соо турмуш
Сенсиз да жашайт билип ал.

Сенсиз да чыгып, күн батат,
Сенсиз да жылдыз түн катат.
Сенсиз да жайнап жаз келип,
Секини кызыл гүл басат.

Жоголуп кетсең – өз шоруң,
Оңолуп кетсең – бош колуң:
Кайрадан башта жашоону
Кайрылгыс болсо баш ооруң...

Кекчил эмес эл деген,
Кемчилигиң кечирет.
Он жылы тентип жүргөнүң
Он эле күндөй сезилет.
Аракеч атың өчүрүп,
Ак көйнөк берет энчилеп.
Чанып калган тууганың
Чакырып калат келчилеп.

Кыскасы ушу айтаарым,
Жамагым тамам, байкагын...

## БУЗУКУ СУУ

Айылдан алыс,
Күнчүлүк жерде.
Ар жагы зоока,
Салынган селде.
Жылкычы Бакир
Бешик той берди.
Коңшу-колоң, санаалаш элге.
Эки үйгө эл жык толду.
(Арасында чакырылбагандар да
болду).
Дасторкон үймө боорсок,
Кант төгүлдү.
Кымыздан
Көбүнүн капшыты сөгүлдү.
Андан соң арак келди.
Оюна жаманчылык самап
келди.

Козунун эти,
Ириктин эти,
Кол тийбестен, оюлбай чети,
Чарасы менен кала берди.
Андан кийинки
Уксаңар кепти:
«Менин көкала токтумду
Уурдадың» деп,
Көрпөш Андашты
Көмөлөтө тепти.

«Биздин колхоздун жерин
Оттотуп салдыңар» деп,
Кароолчу Ысмайыл
Борошту матады.

Анда
Кызыган катындар турабы:
«Бир ууртам кымыз атаңардан
Калды беле?» дешип.
Алардын да ырбады чатагы.

Ошентип,
Баланын аты коюлбай калды.
«Балакетиңди алайындар» деп жүрүп,
Бакир конокторун
Араң жолго салды...

Окуучум,
Көпкө ойлоно бербе,
Аз да болсо мындай бар элде.
Буркулдап кымыз
Ташыган жерде,
«Бузуку суунун» кереги эмне?!

## НАН ТАНДАГАНДАРГА

Ар кимдин өз эрки дечи
Кандай нан жээри.
Азыр
«Ак төөнүн карды жарылып» турганда
Замандын төгүлүп мээри,
Өтө эле
Болуп кеттик нан тандагыч.
Таңынан туруп
Көк базарды көздөй маңдагыч.
Калысын айтсак
Канча түрлүү нан бар
Дүкөндө:
Подовой,
Батон

Кирпич нан үйүлүп турат
Дододой.
Таттуу нандардын
Түрүн санасаң –
Өзүнчө китеп болгондой.
Мына ошонун баары –
Биздин «ашказанга – бычак» деп
Жазып койгондой,
Базарга жөнөйбүз
Жорголой.
Анан
Ар кайсы көчөнүн бурчунда үшүп,
Нан саткандарды күтүп,
Кор болмой.
Балдардын коляскасын түрткөн
Адамды көрсөң болду –
«Атакага» жөнөйсүң ойлонбой!
Өгүнү бир келиндин уулун
Көкбөрү тартып кете жаздашты.
Бала бакырып жибергенде гана
Жапкан нан эместигине
Көздөрү жетип,
Араң таркашты...
Ооба, дагы айтаарыбыз
Ар кимдин өз эрки
Кандай нан алса...
Өңгөсүн коюп, баса:
Өктөмхан жапкан нан
Кантип эле болсун,
Өкмөттүн нанынан таза?!
Ошондуктан
«Аш көп болсо, каада көп»
Деген макал
Айтылбаса керек дейм
Жаза?!

## «ШАРТ» ТҮЗДҮ

Иленбайдын жетекчи
Адегенде жөн-жайын сурап,
Анан
Планды убагында аткарбаганы үчүн
«Бурап»
Акырында мындай деди
Сөзүн улап:
– Бюрократ дешет экен Сизди
Адамдарды көзүнө илбеген.
Качан болсо кабинетиңиздин алдында
Эл котолоп турганы, турган
Кайда отурарын билбеген.
Кабыл алууну тартипке келтир деп
Канча жолу айтам?
Деги калың адам экенсиз
Сөз сиңбеген!
Адамдарга шарт түзбөсек
Акыры,
Иштешебиз ким менен? –
Анда
Иленбай: – Аксакал,
Аны бүтүрөм! – деди
Чын дил менен.

Эртеси эле
Мекемесине жетип:
Чарба башчыга
Мындай деди зекип:
– Бизде бар беле,
Стул-мустул,
Диван өңдөнгөн?

– Бар эмей!
– Бар болсо катар кой да
Үстүнө салып кой көлдөлөң!
Адамдарга мамиле керек –
Кылдат.

Бир чоң столду сырдат.
Үстүнө таштап кой «Крокодил» менен
«Чалкандан».
Кабыл алгыча окуп отурушсун
Жыргап!..
Ошонтип ал элге «шарт» түздү.
Көңүлү жайланып,
Эс ала түштү.

## АК ЖООЛУКЧАН «БОКСЁР»

Боксёр Болотту
Күйөрмандары макташты:
Жүз жолку мелдеште
Жүз жолу жеңгенин такташты...
...Кээ бир боксёрдун тренерлери
Сүлгү ыргыта коюшуп,
Накауттан балдарын
Эптеп сакташты!..
Айтор мактоо сөз
Түгөнөр эмес коштолуп...
Бир оокумда
Четте турган жигит
Сүйлөдү мостоюп:
– Айтканыңарга бүт кошулам
Болоттун
Жеңбеген адамы калбады.

Ал менен кошунам,
Бир боксердон күнүгө алат
Накдаун.
Минтип жүрсө
Мээси чайкалып калабы деп
Чочунам…
– Кой-аа?!
Дешти отургандар делдейип.
– Кайсы боксер ал
Бокемди жайлаган?
– Алымбү деген эле аялы,
Башына ак жоолук байланган!.

## КӨЛӨКӨ ДОС

Күн тийип турган учурда,
Чалынып дайым бутума:
Жүгүрсөм, кошо жүгүрүп,
Бүлүнсөм, кошо бүлүнүп,
Сүйүнсөм кошо сүйүнүп,
Күйүнсөм кошо күйүнүп,
Ак санап жүрдүң тузума.

Жамынса күнүм булутту
Көлөкө мени унутту:
Жалпылдап ээрчип жан калбай
Жандадың башка «улукту».
Ал басса, кошо басасың
Ал жатса, кошо жатасың.
Күнгөйгө качмай секирип,
Аягың досум суюкпу?

## КӨРСӨ

Кошунабыз Берикти – чекир көздү,
Тааныгандар бүт эле «ууру» дешчү.
Ак сарайдай үйү бар,
машиналуу,
«Ууру» дейсиң?!
Ал өзүн кудай сезчү!
Көрсө… ушак айтылган «жалаа» тура,
Жок, ууру эмес,
Алганы пара тура!

## ДҮКӨНЧҮ КЫЗГА

Көчөдөн көрсөм көрктүүсүң
Нооту пальто
Норька бөрктүүсүң.
Кымбат атыр жыттуусуң,
Кылыктанган кымча бел,
Кыскасы –
Кызым мыктысың!

Анан
Дүкөнүңө киргенде,
Ырайың калат бузулуп,
«Тиги канча?» деген суроого
Итатайың тутулуп:
Жолборс болуп жойлойсуң,
Жок жерден чыр чыгарып,
Жологонду кордойсуң.
Арстан болуп апчыйсың,
Айга-буйга келбестен

А, деп беттен аткыйсың.
Кара чаар болуп сойлойсуң,
Карыбы, жашпы, баары бир
Катылганын сомдойсуң.
Маникюр коюп, ооз боёп,
Дагы өзүңдү
«Маданияттуумун» деп ойлойсуң.

Сыйлабасаң элиңди,
Сымбатыңдан не үзүр?
Жалаң жакут кийинген,
Кымбатыңдан не үзүр?..

## КОРОЗДУН ОЮ

Учуп жүрсө Бүркүт,
Жерге көлөкөсү түшүп.
Көрө коюп Короз аны
(Кыгын чокуп бүтүп.)
Мекияндарды чогултту,
Кетишкен үркүп.
Анан мындай деди,
Шилекей бүркүп:
– Угуп тургула кебимди макулуктар!
(Убакыт келсе да какылыктаар)
Бүркүттөн менин эмнем кем?
Канат десе – канат.
Эки бут,
Көз десең – эки көз оттой жанат!
Салмак жагынан Бүркүт
Менден артта калат.
Ал шордуу да жүрсө керек
Короз болууну самап

Бирок
Үйрөнсө гана – атаганат!

Окуучум!
Бул тамсилден тыянак чыгарбоону
Туура таптым.
Ошондуктан, сөздү –
Кыя чаптым...

## ЭПТЕП САКТАП КАЛЫПТЫР

Өткөн жылы жайында
Студенттер келишти
Чөп чабууга,
Тоодогу бир айылга.
Жаштын иши – жаш
Колдон суурулган.
Эңшерип салышты чабыкты
Азаматтар экен жулунган.

Кеч курун жаштар
Курушса зоок,
Айылдык кыздар да
Аларды көздөй ооп,
Кээде,
Какшыкташа кетмейлери да бар
Акыйлашып, «суроо-жооп».
Бир күнү кечинде
Алтымыш аттуу саксайган эргул,

Жаак сакалчан, белинде кең кур.
Айжамал кыздын алдынан тороп,
Ашыклык кепке алмакчы болот.
Ага

Айжамалдын айтары чолок:
– «Кыйналба жигит, кайран сөз короп!»
Алтымыш акең ансайын ойноп:
– «Алдыңда жигит, күйөөңүз болмок!»
Анда,
Апыртбай айтсак Айжамал кебин:
«Кызга да кызды берчүбү?» деп,
Кыйкырган уулдун басыптыр демин.

Акырын кептин турсаңар угуп,
Айжамал кыздын сөзүнө уугуп:
Далыны жапкан кырдырып чачын,
Самындап жууп сакалын-башын,
Эптеп коргоп калган дешет
Алтымыш эргул Эркектик атын...

## КЫЗМАТ УБАГЫНДА ЖАЗЫЛГАН ЫР

Окен келет тогузда,
Моке келет тогузда.
Кызуу үстүндө мен жетем,
Кызматымда болушка.

Жаш өткөн соң уйкусу аз,
Жакең келет сегизде.
Чылымдын айтып зыянын
«Чай кайнатып» мээбизге.

Кымбат атыр жыттанып,
Кыздар келет кечирээк.
Автобусту «күнөөлөп»,
Апкелбейт деп тезирээк.

Эки саатпы, бир саатпы,
Эңкейебиз үндөшпөй...

Анан кийин башталат
Аары учкансып дүр дешмей!

«Каймак сатып жатат» деп,
Какен жылат дүкөнгө.
«ЦУМда сумка сатат» деп,
Кезек келет Бүкөнгө.

Телефонго шап минип,
Окен «ишин» узатат.
Шаардык тааныш түгөнүп,
Сокулукту суусатат.

Ары карап үшкүрүп,
Бери карап чүчкүрүп.
Мокен жутат муздак суу
Бараткансып ич күйүп...
Калпагы бар, өзү жок,
Калп болсо да сөзү жок.
Какең тартай тумандай
Кайда кеткен, көзү жок?!

Жайып коюп жазмасын,
Жукең иштен качпасын?!
Кайдан качсын көргүлө
Калтырыптыр папкасын.

«Ана-мына дегиче,
Ачып-көздү жумгуча»,
Жалгыз калдым бөлмөдө,
Саат он бирди ургуча.

– «Элден менин эмнем кем?
Же,
Эс-акылдан кем белем?
Катын-бала деги бар

Качмак беле теңгеден?»
Дедим дагы бул ырды
Жазып салдым дембе-дем!..

## АРАҢАРДАН ТАПКЫЛА

Сурасаң да: «Ким?», «Кана?»,
Айтпайм атын тим гана.
Адеби жок өсүптүр
Араңарда бир бала,

Үлгү болчу кейпи жок,
«Үчкө» окуйт, «беши» жок.
Кара күчкө мактанып,
Кайда бармак эси жок.

Көктө жүрсө дымагы –
Көк баш экен тырмагы.
Анда жүрсө дымагы –
Аябай кир кулагы.

Атасы анын ак ниет,
Ага чоң иш баш ийет.
Энеси анын ак ниет,
Эл кадырлап баш ийет.

Кеңешмеге, кеп-сөзгө,
Келет алар мектепке.
Класс бүтүн чогулат
Каникулга кетмекке.

Анда болбойт кеп катма,
Мугалимдер – бетке айтма:
– Уулуң тентек! – дегенде
Урган өңдүү тек башка.

Кара терге чөмүлүп,
Калышат элден бөлүнүп.
Жетелешип киришмек
Жер жарылса сөгүлүп...

Ата-эненин баркына,
Абийрине, салтына,
Акарат кылган шумпайды
Араңардан тапкыла.
Акын агай сындаган
Анык сен! – деп айткыла.

## ИЛКЕШ

Илкеш деген бар дешет,
Ичи аябай тар дешет.
«Беш» алган күнү жолдошу
Беш күн «оору» ал дешет.

Бирөө жаңы кийинсе,
Бүркөп ачпай кабагын.
«Каап!» деп жүрүп ойлонун,
Окубайт дейт сабагын.

Бирөө жакшы ырдаса,
Буга дагы кыйналса,
Бирөө күлүк чуркаса
Буга дагы мунканса.
Илкеш атын унутуп,
«Ичи тар» деп тергешет.
Айтылган көп чын болсо
Анан аны ким десек?

Эмитен ташта Илкешбай,
Эстүү-баштуу баласың.
Чоңойгондо эр жетип,
Корун тартып каласың.

## ТАШ-БАШАТ

*(Көбүнчө өз айлын мактап ыр жазып, обон чыгаргандарга арналган тамаша)*

Туулган айлым Таш-Башат,
Туурунда калдык аз жашап,
Ээнбаш балдар көп эле
Эмгегиң качан акташат?
Өктөмдүн таруу бозосу ай,
Өмүралынын күрпөң козусу ай,
Өтсө да көп жыл макташат.

Таланттар сенден жаралган,
Таң атпай ичин жаланган.
Сайыңда кумар ойношсо,
Багыңда мастар жай алган.
Швейцария айлансын
Сенин
Шак жыттанган абаңдан!

Селедка жыттуу арагы,
Секиде дүкөн аманбы?
Туз жалап, калпак жыттатып,
Туздадың далай адамды.
Өзүңдөн өскөн баягы,
Өтөштүн уулу Баялы,

Базарга салып абийирин,
Багуусуз калды аялы.

Калкыңа өттү эмгегиң,
Канткенде аны таналы.
Таш-Башат сендей жер барбы,
Тарыхка калар баяны...
Таш-Башат оо!
Таш-Башат ии!

## АРНООЛОР ЖАНА АЗИЛДЕР

Колуна шумкар түнөткөн,
«Койнуна булут түнөткөн».
Ышкыңды сөзгө кандырган,
Ырынан нөшөр жаадырган.
Булуңда буудай жүздөнгөн,
Буулукса, буура түздөнгөн.
Кабылан акын сен элең,
Карыган сайын күчтөнгөн.

Азыр,
Шумкарың учту түнөктөн.
Булутуң тарап түнөткөн,
Нөшөрүң калды басылып,
Ажарың туман тартылып,
Алтын баш калды көрүнбөй
Аяктай чымга жашынып,

Бирок,
Кукемде бүтпөс ырыс бар:
Күкүктөй үндөп туруш бар,
Акынын эстен чыгарбас.
Артында түмөн кыргыз бар,
Томдоруң элдин колунда.

Толкуган заман доорунда,
Болмоксуң журттун оюнда.

## ТЕМИРКУЛ ҮМӨТАЛИЕВГЕ

Торгой таңшык Темикем,
Тоолук элдин акыны.
Тоодой жүгүн аркалап,
Толуп, ташып акылы.

«Жүрөк ырдан картайбайт»,
Жашайт, күлөт адамзат.
«Ай сулуулар» кайда деп,
Азыр да курч калем сап.
Жетимишти желкелеп,
Басып келет Темикем.
«Тоо гүлдөрүн» кучактап,
Шашып келет Темикем.
Карылыкка жеткизбей,
Казыр, мына деп коюп.
Качып келет Темикем.

## МУКАМБЕТКАЛЫЙ ТУРСУНАЛИЕВГЕ

Чабарман болуп окшошуп,
«Чалканда» бирге «баш кошуп».
Чабыттап жүрдүк далай жыл,
«Чабыша» кетип, достошуп,
Кадыркеч абысындардай,
Калабыз кээде жоктошуп...

Сындадык: кыйшык басканды,
Зыргытма жегич, калптарды.

Бүгүлттүк элдин алдына,
Далай «бюрократ – алптарды».
Үңкүйүп, сырың жашырбай
Эми,
Үйрөтө жүргүн жаштарды.
Аалыкемден «бата» алдык,
Айткулудан «жаза» алдык.
Маркум Мидин айткандай,
Чалкандын «эки дөңгөлөгү» атандык.
Элүү жаш бизге кеп бекен,
Эми тынбай жазалык.

## САЛИЖАН ЖИГИТОВГО

Адегенде Журналист элең.
Радиого макал жазган,
Анан акын болдуң.
«Ыймандай сырын» айткан,
Анан.
«Бир жыйнакты окуган соң»
Сынчылыкка оодуң
Халтуранын бетин ачкан.

Ич арада аңгемечи боло кеттиң,
«Иттин икаясын» тапкан.
Азыр болсо илимпозсуң
«Ийне менен кудук казган»,
Айтор,
Иштеген жериңдин тизмеси эле.
Өзүнчө дастан!
Азыр роман жазып жатат дешет,
Деги бир жерге
Байраласың качан?

## ҮМӨТОВ ЖУМАБАЙГА

Сайма сайган кыздардын,
Алтын оймок уздардын.
Тартып алып кесибин
Жуке
Таза баарын «туздадың».

Кыргыздын килем, шырдагын,
Туш кийиз, өрмөк курганын.
Таанытып койдуң дүйнөгө
Талашсыз эрдик бу жагың.
Аралап Париж, Римди,
Алгансың «Гран Прини».
Анык сыйдын ыйыгы,
Ата журттун сыймыгы –
Куттуу болсун
Жукеңдин
Токтогул атындагы сыйлыгы!

## КАЙЫРГҮЛ САРТБАЕВАГА

Калыс сөздү айтсак
Кайыргүл кадам сайын
Салмактуу да, атактуу да болуп
Баратат.
Ал Айчүрөк же
Мадам Батерфляйды аткарган күнү
Эл театрдын эшигин тытып
Талашат.
Эмгекчи адамга айла жок:
Кайыргүлдүн күнү –
Ыр менен башталып,

Ыр менен таң атат.
Демек,
Кыргыздын булбул кызына
«СССРдин эл артисти» деген наам
Куп гана жарашат.

## ТУРГУНБАЙ САДЫКОВГО

Талант дегениң,
Жаш улаган жашка
Жаратылыштын бир берген,
Белеги тура башка;
Мисалы, Тукемди эле
Алалы:
Жан салып,
Сүйлөтүп койду ташка!
Шаңкайып,
Шаарыбызга көрк берип,
Заңкайып,
Төбөсү көк челип.
Оболоп турат,
Революция каармандарына
Чеккен эстелик!
Эми Туке.
Турганда куттуктоо сөз
Эп келип:
Улуу эстелик аталды,
Лениндик сыйлыкка
Төп келип,
Урматын көрө бер,
Калкыңдын,
Эми эл сенден.
Манастын эстелигин.

Күтөт,
Ошого талпынгын!

## КАЛЫЙ МОЛДОБАСАНОВГО

Калый
колуна алганда сыйкыр – чыбыкты,
Зал тым-тырс...
дымыкты.
Анан
Обдулганда аскадан учкан бүркүттөй,
Төгүлдү бейм,
нөшөрлөп музыка жаап.
Угуш да керек
Көрүш да керек
Мындай шумдукту!
Бара-бара жай калкып
Жиреп баратты булутту...
Чын-чыныңа келгенде
«Саманчынын жолу» менен «Куйручук»
Кыргызды Союзга туюнтту.
Эмесе, Калый
Кубулжуй берсин музыкаң
Сен эмес
Эл берген бааны унутчу!

# ЛИРИКАЛАР

## АТА-ЖУРТ ЖАНА МЕН

«Мен бармын» деп бакырбадым,
«Мен жокмун» деп басынбадым.
Кыйындыктан жашынбадым,
Жамандыкка катылбадым.
«Бар» деп айтсаң барып жүрдүм,
«Жан!» деп айтсаң жанып күйдүм.
Тетир кетсем кагып жүрдүң,
Мөгдүрөбөй жарык жүрдүм.
Башка жерге суктанбадым,
Башка асманда уктабадым.
Көз ачканда көргөн таңым,
Сенсиң суум, сенсиң каным!
Эгер өлүм салса кылтак,
Арттан өскөн көрсүн урпак.
Бөтөн жерге чачылбастан,
Сенде болсо үйгөн турпак.

## ТУУГАН ЖЕРГЕ

Арасында жүрөмүн калың топтун,
Аарыдай бал ташыдым, жаткан жокмун.
Азбы, көппү берген бал, кечирип кой,
Азды көптөй көрсөтүп айткан жокмун.
Коюу чаңын аралап, калың топтун,
Кумурскадай кыбырап, жаткан жокмун.
Куурай сүйрөп келсем да кээ күндөрү,
«Дөңгөч түртүп келдим» деп айткан жокмун.

Ысыгыңа күйөйүн,ируерактанамын,
Суугуңа чыдайын, тапталамын.
Ууз жыттуу койнуңда мен төрөлүп,
Уулуң болуп калганга, мактанамын!

## АЛТЫН БАЛАЛЫК

Ал кезекте сен тентек кыз эселек,
Мен да бала сүт оозумдан кетелек.
Жар бооруна экөөлөп,
Орок менен үй куруп,
Жаңы гана үйлөнүп,
Көчүп келдик дечү элек.
Кайырма:
Алтын балалык,
Бизди ойноткон.
Мага билгизбей,
Сүйүүмдү ойготкон.
«Кемпир!» – десем мен колуңдан жетелеп,
«Белим ий!» – деп сен да мага эркелеп.
Чалым байкуш жумуштан,
Чарчады деп мени аяп,
Чай кайнаткан күндөрүң,
Али эсимден кетелек.
Кайырма:
...Коштошоордо коомай кармап колумду,–
Сагынба... – деп, санга бөлдүң оюмду.
Жаш күнүмдүн унуткус,
Эстелиги ушул деп.
Карап турдум жалдырап,
Караан үзгөн жолуңду.

## КӨҢҮЛ АЙТУУ

Уулу аскерге жөнөсө эр жетип,
Улуп-уңшуп ыйлайт энеси.
Кошунасы анда сооротуп,
– Кайра келет, ыйлаганы эмнеси?

Кызы чыкса, анан күйөөгө,
Улуп-уңшуп ыйласа энеси,
Баягы эле коңшусу кайрымдуу:
– Кайра келет, ыйлаба, – дебеспи!

## ЖЕТПЕЙ ТУРДУ БИР НЕРСЕ

Жекшенаалы той берди,
Жакшы тилек ой деди.
Жаш-карысы калбастан,
Жалпы айылы мол келди.
Боорсок төгүп, чай берди,
Каймак майын кам берди.
Дүмбөлөмө, беш бармак,
Түркүн оокат шай келди.
Аркы-берки кепти айттык,
Андан, мындан жеп жаттык.
Ар ким сызып ичинен
«Арак жок го» деп жаттык.
Бирок сырды бербедик,
Чайлар жатты демделип.
«Шыңгыр» деген дабыш жок
Турду кулак делдейип.
Жекшенаалы той берсе,
Жетип бардык кел десе.
Жерге кирсин жаман салт,
Жетпей турду бир нерсе...

## САТИРАЛЫК АҢГЕМЕЛЕР

### БАЯГЫ ЭЛЕ БЕКИШ

Бир жылдары бирге окушуп, азыр бала-чакалуу болушканда жылытмасынан өйдө чакырышып иче турган эки теңтуш жолугушуп калды.

– О, бала-чака эсенби?

– Жакшы, көрүнбөй калдың бир жакка жумуштап барып келдиңби?

– Ооба. Сен Бекишке жолугуп жүрөсүңбү? Мен аны кече капыстан көрүп калдым. Баягы шайыр мүнөзү жок. Бир нерсеге кабатыр болгондой сезилет. Суз учурашыш жөнөп кетти. Сүйлөшүүгө болбой калды. Жанында бейтааныш адамдар бар экен.

– Аны мен сенден сурайын дедим эле. Негедир тез өзгөрүп кетти. Өгүнү Ыбырайымдыкында болдук. Сени командировкада дешти. Өзүң айткандай сиркеси суу көтөрбөй отурду. «Бир жериң ооруп журөбү?» десем, «Жок жөн эле» деп ырсайып күлүмүш болот. Баягы Бекиш эмес...

Достору ал жөнүндө тигинтип сүйлөшүп жаткан учурда тыртайган арык денесине куп келген кара костюмун кийип, кызыл галстук ак жакачан Бекиш өз столунда иштеп отурган. Ден соолугу да жайында болучу. Ал жазып жаткан калемин сыя челекке жөлөп коюп бөлмөгө бир иштери менен кирип келген начальнигинин сыртынан ойлуу тиктеп отурган.

– Жолдоштор, баягы кызмат убактысында кечиккениңерди, шахмат ойноп отуруп алмайыңарды койгула. Өзүңөр көрүп турасыңар улам-улам текшерүү келе баштады. Азыр эле тресттен экөө келиптир, текшерүүнү түштөн кийин башташат окшойт. Акыры коллегияда

карашат көрүнөт. Тийиштүү документтер жайында болууга тийиш,– деди начальник.

Начальниктин айткан сөздөрүнүн бири да Бекишке тиешеси жоктой болучу. Ал шахмат ойнобойт, элге окшоп чылым чегүүнү шылтоолоп коридор кыдырып басып кетмейи да жок. Өз ишине өзү тың. Ичкилик жагын лам оозуна албайт. Өткөн кышта таруудан жапма-челек бозо кайнаттыра койчу эле, анысын да токтоткон. Аксаргыч болгон неме бир аяк бозо ичсе, таш мончодон чыккандай бети алоолоп кызарып чыгат.

Бекиш бул бөлүмдү башкарганына канча жыл болду, өзү! Ал азыр ошону эстеди. Капырай, жылдын билинбей өткөнүн кара! Он беш жыл! Он беш жылдын ичинде торт начальник которулду. Бул бешинчиси. А Бекиш баягы эле ордунда. Алга да жылбады, артка да сыйгаланган жок. Баса, он беш жыл бою өзүнүн кызмат абалы жөнүндө ал бир да жолу ойлонуп койбогонун айтпайсыңбы! Ага ушу стол башчылыгы маңдайына жазылып койгон иштей сезилчү. Башка ишке которулуу же көтөрүлүү анын үч уктаса түшүнө да кирчү эмес.

Бул оюн сыртына чыгарбаганы менен анын көзүн Тентимиш ачып кеткенсиди. Өткөн жумада Бекиш жалгыз отурган болучу. Бир жылдары чогуу окуган Тентимиш сойлоп кирип келди. Жолдошторунун арасында «акыркы кабар» деген атка конгон эргул аркы-беркини чаргытып сүйлөп отуруп, капысынан:

– Бекиш, сен бир нерсени уктуңбу? – дей салды. «Жок» дегиче болбой сөзгө кирди:

– Чагымда силердин начальникти иштен жылдырышат имиш. Көп текшерип калганда эле болду, соо коюшпайт. Мунуңар тыртыйып алып өз көмөчүнө күл тартмайлардын бири дейт го. Өткөн жазда коллегиядан алган эскертүүсү бар имиш. Эми бул текшерүүлөр аны мойсоп түшөрүн түшөт. Өгүнү бир жерде силердин мекеме жөнүндө сөз болуп, кокус бул жылса ордуна келүүчү ылайыктуу адам жөнүндө ой жоруп көрүштү. Урматбек

менен Саткынбай экөөнө токтолушту эле, экөе тең жараксыз болуп чыкты.

– Кандайча?– деди Бекиш эми үн катып.

– Ошондойчо эле. Саткынбайдын азыркы ишиндей жыргал барбы! Сабагын берет да башка менен иши жок. Эң негизгиси. маянасын кемитип анын башы шишиптирби! Урматбекке азыркы эле оруну такыясына тар келбейт. Анын үстүнө баягы чуулгандарынан арылганына аз эле жыл болбодубу. Акыры айланып сага келип токтошту.

– Койчу? – деп чочуп кетти Бекиш. Чын эле бул ой анын башында жок эле. Уялганынан кызара түштү. Аңгыча бөлмөгө кызматкерлер кирип келишти. Тентимиш сөзүн туюк бүтүрүп:

– Ошол, дос, байка. Бирок, айтты-айтты дээрсин, акыры…

Мына, ошондон бери Бекиш өзүнчө эле бушайман. Азыр начальниктин ары-бери басканын байкап отуруп «ушу кантип бизди башкарып жүрдү экен, ыя» деген ойго келди. Мурда анын байкалбаган кемчиликтерин көрүп тургансыды. «Тигини кара, ийне жеген иттей болуп, мында адамкерчилик түгүл, салабаттуулук да жок. Чын эле аны бекитип коюшса эмне болот? Эмне болмок эле? Иштей берет. Иштебей жүргөн ишпи». Кийинки жуманын ичинде бөлүмдөгү кызматкерлер да аны мурдагыдан ызаттап калгандай. Алсак, тиги бурчта отуруучу малга окшогон мүнөзү бар тумтук, өмүр паанасы иш убагында бир жака чыкса суранып кетүү дегенди билүүчү эмес. Кечээ уйпаланган кызыл оттой чачтарына жаман шапкесин шыкап жатып:

– Беке, мен түшкү тамактан кийин бир аз кечигип келем го, аптекага кайрылмак элем,– деди. Мурда мындай сурануу кайда, саламдашууну да унутуп койчу. Бир нерсенин шегин сезген окшойт…

Айткандай эле текшерүүчүлөр келишти. Аларга керек деген кагаздарын көрсөтүп, Бекиш өтө кичи пейилдүүлүк

кылды. Ага берилген суроолордун баарына өз орду менен так, салабаттуу жооп берди. Аларды түшкү тамакты бирге ичүүгө чакырды. Тамак ичүү убактысында да орундуу сүйлөп, экөөнө тең жагып калгандай болду.

Текшерүү бир аптага созулду. Жума бою Бекиш бир да жолу жолдошторуна телефон шыңгыраткан жок. Ага арналган шыңгырактарга болсо «шүгүрчүлүк», «рахмат», «барлыгы эски боюнча» деген жоопторду берип трубканы илип коюп жатты.

Текшерүүчүлөр жаңы эле кетери менен министерствонун Бекиштердин мекемесин тейлеген бөлүмүнө начальник экөөнү чакырып калышты. Мекеменин бир жылдык иши жөнүндө сөз козголду. Бекиш адатынча өз бөлүмүнүн ишин тиркарак сүйлөп берип кутулду. Начальниги ал күнү кечке кармалды. Эмнелер жөнүндө сүйлөндү, бир кудай өзү билет. Бекиштин байкаганы эле, министерстводо иштегендер да ага мурдагыдан башкача мамиле менен учурашканы болду. Андан чыккандан кийин оор сабактын экзамениненен кутулгансып, өзүн жеңил сезди. Дароо жолдошторунун бирине телефон шыңгыратып чери жазылганча сүйлөшкүсү келди. Негедир ал оюн тез эле алаксытып жиберди. Тамагын кырып какайып басты. Балдар бакчасындагы уулун алып, бош таксини токтотту да үйүнө сызып кетти.

Бекиш бүгүнкүдөй көп иштеген эмес. Келгенден бери жаны тынган жок. Начальник коллегияга камынып жатты. Анын машинага басылган отчетун бир сыйра карап чыкты. Кошумча справкаларды даярдап, иреттеди. Иш боюнча келген адамдарды кабыл алды. Эң жакын адамы Койчуман баш бакты эле ага баш ийкөөгө араң, үлгүрдү. Досу бир топко аны босогодон тиктеп турду да өзүнчө жылмайып, тердеген көз айнегин сүртүп чыгып кетти.

Кыш. Кар балпылдата жаап турат. Бекиштин үйү борбордон алыс болсо да бүгүн жөө салды. Колтугуна газеталарды кыстарган калыбында ээн көчөдө жалгыз,

карды балпылдата кечип бара жатат. Башка эмнелер гана келбейт: кокус бекитип койсо, Баткулданы кантет? Бир шылтоо менен бошотуп коёбу. Иштесе иштей берет да. Бирок кудай аткырың чала сабаттыгы жаман. Кээде уят кылат адамды. Берметтичи? Жоо-жок. Ага тием деп балээге калабы. Ал караөзгөй аял. Уят-сыйытыңа карабайт. Ага капталсаң, жамбашыңды жанчтырып аласың. Тумшук жөнүндө ойлоно баштады. Мүнөзү ошо да, кантет. Жамандыкка барбайт, байкуш. Илгери бир окуу жайында окушкан. Анын кээде боло калчу олдоксон кайрыкерлигин ойлоп ичи жылыды.

Кечки тамактан кийин дароо жаткысы келди. Саат араң онду согуптур. Коллегиянын бүткөнүнө көп болду деп ойлонду. Болору болгондур. Телефон шыңгыратсамбы? Ал бул ниетинен өзү чочуп кетти.

Ордунда калса жакшы, ал эми алып таштаса эмне болот? Табалап жаткандай болбосун? Күтүлбөгөи учурда телефон шыңгырады. Алса Тентимиш.

– Алло, ооба кеткен. Эмгиче бүткөндүр. Тамашаңды койсоңчу. Бизди ал ишке көтөргүчө көп бар... Ал тигинин сөзүн көпкө тыңшап укту. Акыры– жакшы, тынч жат,– деп трубканы жайына таштады.

Бекиш төшөгүнө жатып алып: «эмгиче шыпырылып барып отургандыр. Иши катуу деп уккам» деген Тентимиштин сөзүн эстеди.

Бекиш кеңселеринин эшигин ачканда бүт кызматкер толугу менен өз орундарында отурушкан экен. Жүрөгү опколжуп барып токтоду. Сыр берген жок. Саламдашып төрдөгү столуна өттү.

– Баары мен айткандай болуптур,– деди оозгу бөлмөдө отуруучу кызматкер.

– Сен айтканың эмне эле?– деди Бекиш бир аз керсейиңки.

– Сөгүш менен ордуна калат дегем,– калыптыр,– деп ал оозундагы насмайын таштоого түкүргүч издеп кайсалады.

Бекиштин кагазды кармаган колу бир аз титиреп, өзү чалкалай түштү. Туруп ары-бери басты. Бөлмөгө чылымдын түтүнү толуп кеткенин байкады. Бир аз имерчиктеп, эмне кыларын билбей залга чыгып кетти. Кандайдыр өзүн жалгыз сезди. Көөдөнү буулуп, бук болуп турганын байкады. Туш келди бөлмөгө кирди эле, ээн экен. Стол үстүндөгү телефонду өзүнө жылдырды да эшилип калган боосун жандырып, алкактагы номерлерди сөөмөйү менен илип жылдыра баштады.

– Сатаркулсуңбу? Салоомалейкум! Балдарың аман-эсен? Иштен эле, кол бошобой. Баса, Ачууң кандай, сак-саламат жүрөбү? (Тигинин аялынын аты – Таттуу болучу, ал дайыма аны «Ачуу» деп эркелетип айтар эле). Каттабай койдуңар кудая шүгүр. Жума күнү келип кеткиле, ооба жума күнү. Саат сегиз ченде. Кабарыңды билгизип турсаң. Кош!

Эс ала түштү. Ыраңы оңолуп, жонунан бир кап тузду ала койгондой болду. Чыгып бара жатып Шайдылдага беттешип калды.

– Кандай Шаке, ой сенин кызың чырныктап жатат деп уктум беле жаңылышпасам, сакайып кеттиби?

– Ыракмат! О, андан бери эки жума болду. Мектебине барып жүрөт. Суук тийсе керек!

Бекиш өз ордуна жайдары барып отурду. «Бульварым» деген ырдын обонун ышкырып кагаздарын оодара баштады.

## БЕЧАРА ИРБИТ

Саат тогузду какканда заңгыраган үч кабат мекемеге кызматкерлер убап-чубап кирип бүтүштү. Бир четинен бир чети күңүрт көрүнгөн узун зал ээн. Кызматкерлер чечинишип, атыр жыттанган чачтарын сылатып, столдоруна отурушту.

– Тиги, кечээ Фрунзеден келди бекен?– деди жаңы эле келген бирөө.

– Келбегендечи, ал башка чоңдордой командировканы шылтоолоп эки-үч күн ойногонду да билбейт! Адам эмес эле темир!– деп күрсүнүп койду бурчтагы олтурган жалтырак баш. Анын минтип айта турган жөнү бар, өзү да далай жылы начальник болуп жүргөн. Өзү айткандай «урап» түшкөндөн бери, катардагы кызматкер.

– Кечээ самолёттон түшөр менен түз эле конторуна келди. Бөлүмдүн башчыларын чакырып кеңешме өткөрдү.

– Эмне демек элек. Анын кыялын өзүңөр билесиңерго. Бизден сурабай эле секретарын жиберип, тизмесин каттатып алды. Он беш киши ордунда жок болуп чыкты,– деди ордунан жылбай иштөөчү Эркинбек.

– Кеп менен көргөн той,– деди жалтырак баш. Эл эмне болсо ошо болобуз. Ал жайбаракат папиросун түтөтүп, алдындагы кагазга үңүлдү.

Аңгыча бөлүм башчысы кабинетинен башын кылтыйтты да:– Кечээ иштен эрте кетип калгандар түшүнүк кат жазгыла!– деп эшигин жапты.

– Тигинин атына жазышыбыз керекпи? – деди бырышкан киши.

– Анан эмне, менин атыма жазмак белең!– Жалтырак баш бир барак кагазды алып, башын бир жагына жантайткан абалда маашырланып жаза баштады.

Кара дермантин менен капталган каалга улам ачылат да колдоруна бир барак кагаз кармаган кишилер кирип, кайра бүткөн бойлору жанчылып токмок жегенсип, маанайлары пас чыгып жатышты.

Кызматкерлер бүгүн маяналарын алышкан болучу. Мындай ыңгайлуу күнү айлык тийбеспи! Эртең дем алыш. Бирок азыр эртеңки дем алышты ойлогондор буерде аз. Тигил кара каалганы ачкандар да, жапкандар да өздөрүнчө бушайман. Эшик алдында ведомостко акчасын ороп, кассир аял турат.

– Жакында бүтөсүңөрбү? – дейт ал. – Айлыгын тапшырып коюп кетет элем. Балам ыйлап жатса керек эмчегим зыркырайт. Улгайыбыраак сары киши чыккандарга шыбырайт: Аня кирип акчасын берсе профсоюз взносун сурайт элем. Өткөн жолу да айлык алган күнү жаалы келип тургандыктан, ырбатып жибербейин деп үндөгөн жок элем.

Кабинетинен чыккандар бороондон куюккан кишилердей бозорушуп коридордун акырына чогулушуп чылым чеге башташты.

– Мунун кулагында приемниги барбы, же биздин баскан-турганыбызды үйүнөн телевизор аркылуу көрүп отурабы, билбейм, Фрунзеде жүрүп, паркка барып бильярд ойноп, аш жегенибизден өйдө билет экен. Тобо! Өмүрү ушу кишиден жылуу сөз угуп көрө элекмин.

– Коркконго кош көрүнөт болбочу! Ал сен кызматтан эрте кетсең биллиардга барарыңды да, арак ичип, аш жээриңди да жакшы билет. Анын кулак, көзү арабызда жүргөнүн билбейсиңби!– деп шляпасын алчыланта кийинип чыгып бара жаткан шырыктай узун жигитти көзү менен көрсөтүп койду. Биз баарын башыбыздан өткөрбөдүкпү!– деди кашка баш киши дарбыздай башын чыпылдата чаап.

Ошентип, кара дермантин капталган каалганып ичинде эмне болуп жатканын билген кишилер коркуу менен жүрөктөр алеп-желеп болуп жатты...

Ирбит машинасынан түшкөндөн кийин, баягы койкойгон мойну ийнине кирип, бүкүрөйүп басып калды. Экинчи кабаттагы үйүнүн эшигин ачардан мурда туфлисин тазалап бир топко турду, анан акырын жөтөлүмүш болуп эшик ачты.

Мейманкана бөлмөдө эч ким жок болучу. Ал жылып өзү уктоочу жакка өтүп кетейин дегиче.– Ээ, атасы, келдиңби? деген үндөн улам селейип ката түштү. Ал чечинүүгө үлгүргөн жок. Түштөн кийинки ачуу тийген

күндөн үп болуп турган үйдүн ичи эттүү немени ого бетер тердетип жиберди.

– Келдим жаным! – деди Ирбит эшик пардадан башын салып. Ак саргыл узун бойлуу толмоч аял күзгүнүн алдында чачын төбөсүнө түйүп жаткан болучу. Анын жанында жашы он алты, он жетилердеги тиги аялга куюп койгондой окшош кыз да жасанып жатат.

– Жезде мобу көйнөк мага жарашабы? – деди кыз күзгү алдында белин бурап.

– Сонун экен! Ал кыздын көйнөгүн карабай эле кандайдыр жаттап алгандай айта салды да декольте көйнөкчөн аялдын упалуу акырегинен өөп «Кандайсың секет?» деп күзгүгө каранып бат эле жүзүн тартып алды. Жаштык илебине нан бышып турган сулуу аялдын жанынан ал көзүнүн алды бырыштарга толгон сары тиштүү картаң кишини көрдү. Анын бүлкүлдөп турган богогу жалбырактуу жээкте жамгырга жонун тосуп олтурган баканы элестетти.

– Машинаны кете бер десемби?– деди манжаларын кырсылдатып.

– Жок. Бизди паркка таштап койсун. Аял ордунан туруп:– Ленинграддык артисттер келишкен имиш. «Жездем жеңил музыканы сүйбөйт» – деп балдызыңыз сага билет албаптыр, же барасыңбы?

– Жо-жоок– деди ал колун булгап, барып келгиле, мен бир аз дем алайын.

– Бекер жаткыча чаканы төгүп, полду сүрүп койсоң, – деди аял атыр жыттанып өтүп бара жатып.

Ирбит эми жалгыз калды. Пижамасын кийинип эки жагын карап бир азга турду. Анан муздаткычты ачты да четинен бир аз ичилген бутылкадан жүз грамм арактны оозуна куюп жиберди. Эшикти ичинен бекитип, дагырага сууну куюп, жылаңаяктанып полду жууй баштады. Баарынан да кроваттардын алдын сүрүш кыйын болду. Төрт аяктай калса да курсагы тиреп кыйналды. Чөгөлөгөн

калыпта колун кроваттын алдына сунду эле, жумшак бир нерсеге урунуп, «хырыыш» деген дабыштан чочуп кыйкырып жиберди. Көрсө мышык экен. Секирип чыгып мяулап көзүн жаркыратты.

– Чекчейген жерге киргир! – деди ал түкүрүп.

Кыйналган менен полду жаркыратып таза жууду. Каалгадагы ачкычты бурап, эшикти ачык койду. Телевизорду койду эле, пахта теримди көрсөтүп жатыптыр, өчүрүп таштады. Диванга кыйшая кетти. Эмне кыларын билбей бир нерсени унут калган кишидей бушайман болду. Арак эсине түштү. Ичкиси келди. Бирок жалгыз ичкенден заарканды. Эшик такылдады. Да! – деп тура чуркады.

Эшиктин алдында Муктар турган эле. Бул короодо жашагандардан анын соо кезин көргөндөр аз. Качан көрсөң көзү аңтарылып, арак менен ачыган капуста жыттанып жүрүүчү. Бирок коңшуларына анын салакасы тийүүчү эмес. Тынч мас болуп, кээде олтурган жеринде уктап калса, жоон-жолпусунан келген катыны, жөргөмүштөй тарбайтып көтөрүп кетер эле. Муктар жөнүндө шаардын Ирбит жашаган бул бөлүгүндө түркүн түстөгү ушак-айыңдар айтыла турган. Мисалы: Муктардын атасы мурда жооптуу кызматта иштеген, ошондуктан бала эч нерседен кор болбой өскөндүктөн чалагайым тартып, жашынан ичкиликке берилип аягы суюк балдарга теңтуш болуп, этеги суюк аялдар менен жүрүп кеткен. Түрмөгө түшкөн. Денесиндеги көк жазууларды ошо жактан алып келген дешчү. Чындыгында эле Муктардын денесинде сүйүү жөнүндө жазылган ыплас сөздүү чакан «поэма» бар болучу. Ал көйнөгүн чечип салып короодо жүргөндө көк тордон майка кийип алгандай көрүнө турган. Кийинки жылдары Муктар үстүңкү катарда жашоочу улгайып калган учкучтун аялы менен сырдуу көз карашта болуп кеткен.

Учкуч болсо пахта талаасына дары чачканы айлап жоголуп кетүүчү. Муну бул короодогулар бүт билишсе да

бирөөнүн үй-бүлөсүнүн ыркын бузбай байкамаксан болушуп, ичтеринен жоон катын Клаваны жаман көрүшчү.

Учкуч Муктарга жолтоо болбоюн деп күн мурунтан сездиби айтору, бат эле суук тийип өлүп калды. Мына ошондон бери Муктар жоон Клаванын үйүндө жүрөт.

Ирбит Муктар жөнүндө аялынан гана уккан. Өзүн кээде көрсө да сүйлөшкөн эмес. Аны өзүн-өзү кармай албаган эрксиз киши катары карап, сүйлөшүүгө да арзыбаган неме деп санар эле.

– Кошуна, сизден чегишке болор бекен? – деди Муктар кирүүдөн корунуп.

– Кириңиз, – деди Ирбит аны алдыга өткөрүп.– Чочуба, өтө бер. Ал зерикkенинен эмнеси болсо да Муктар менен ичкиси келди.

Муктар папиросун түтөтүп жатканда Ирбит муздаткычтагы аракты алып: Ичесиңби? – деди чанкап.

– Эгер өзүңүз да ичсеңиз...

– Мен да ичем, кел олтуралы.

Ал экөө ашканадагы тегерек столго олтурушту. Муктар болсо үндөбөй шыпты карап отурду. Бир рюмкадан ичип жиберишти. Адегенде алар аба ырайы, пахта терими жөнүндө сөз козгошту. Алардын үйүнүн маңдайында курулуп жаткан театр жөнүндө айтышты. Убакыт билинбей өтүп жатты.

Алар бир бутылканы бүтүшүп, экинчисин ачышты.

Экөө тең, ала буурул кызып калышты.

– Деги сен кайда иштейсиң? – деди Муктардан.

– Турак-жай конторасында. Эмне экен?

– Эч нерсе эмес. Кесибиң эмне?

– Слесар-канализатор. Иш барбы?

– Жок, дайыма эле мас жүрөсүң, кайсы убакта иштейсиң? – деди.

Муктар өзүнүн мыкты сапаттарын айтып мактап жаткансып, кубанганынан тамылжый түштү.

– Аа, эми түшүндүм. Биздин иш квартираларды кыдырып тейлөө. Мисалы бирөөнүн дааратканасы же суу

чоргосу бузулат дейли. Шап ондоп бересиң. Үй ээси жүз грамм арак куят. Андан бирди ичесиң, ишке анчалык зыяны жок. Экинчи үйдөн отказ бересиң, «иш убагында болбойт» дейсиң. Үч сомун сунат, албай койбойсуң. Сыйлап берип жатат да. Дагы көп үйдү кыдырууга туура келет. Бирок саат бешке чейин чыдашың керек. Иш күнү бүтөт. Пожалуйста! Ичпегенде эмне?

– Жаман көрсөң өзүң бил, бирок сенин жашооң, – жашоо эмес дос! – деди Ирбит.

– Кандайча жашоо эмес?

– Ушундайча. Максатсыз жашоо. Ыплас кесип да, ыплас жашоо.

– Оозуңа карап сүйлө жолдош начальник. Менин кесибим ыпласпы? Муктар жини келип ордунан тура калды.

– Эгер түшүнсөңүз сиздики максатсыз, ыплас жашоо. Клаванын боюнда бар. Аны сиз билесизби?

– Мен сага ыпласты көрсөтөм! Ай мончоктой эки баланды энеси менен коё берип, алганың ушу шуркуябы? Ал жүндүү муштуму менен столду бир койду. Стакандар бакадай секиришип, арак төгүлдү. – Мен сенин жашооңду урдум! Жанагы сары албарстыңды... Ал сөзүнүн аягына чыга албады.

Ирбиттин бүткөн бою титиреп: чык, үйдөн! – деп бакырды. Муктар ашыкча кеткенин ошондо гана сезди. Бирок иш оңуна келбесине көзү жетип, алдындагы рюмканы көтөрүп жиберди да: эми кетүүгө болот деп кобурап эшикти көздөй жөнөдү. Кызып калган неме чыгып бара жатып:

– Жолдош начальник, баары бир сиздин турмуш-турмуш эмес! – деди. Ирбит ызырынып эшикке умтулду. Бирок Муктардын изи сууп калган эле.

Ачуусу келгенине чыдабаган Ирбит балконго чыкты. Айдарым жел аны сергитип жиберди. Көчөдөн эл чубап өтүп жатат. Капыстан Ирбит «ата!» деп кыйкырган баланын үнүн укту. Башын силкип алды. Тротуарда беш,

алты жашар баланы жетелеп бараткан аялды көрдү. Бала Ирбитти карап басып бара жатканда аял аны колдон силкип «түз бас» дегендей ишарат кылды. Бала күнөөлүү немедей башын жерге салып басты.

Ирбит ордунан козголгон жок. Балконго өбөктөп жер тиктеди. Көзүнө жаш толуп, жер көчүп кеткенсиди.

## КАЙРАН ГАНА КАШКА ТИШ!

Зупу керилип-чоюлуп көзүн ачканда саат тогузга беш эле минут калган болучу. Кызматтан бүгүн да кечиккенин ойлоп башы айланып, кускусу келе түштү. Анан: «деги сизге дабаа жок көрүнөт, нервимди жеп бүттүңүз, жетишет эми, бу жер бала бакча эмес!» – деген начальнигинин өгүнү эле айткан сөзүн эстеп, ыңгайсыз үшкүрүп койду.

Ылаажы жок. Азыр самолет жалдаса да шаардын тиги четиндеги мекемеге жетмек кайда! Төшөккө кайра кулады. Шишимек тарткан көздөрүн кыбындатып шыпты тиктеп жатты. Жылуу жер издеп койнуна кире калган ала мышыкты желкеден алып ыргытып, ордунан турду. Мышык болсо ага таарынган кебетеде кайра келип бутуна сүйкөндү. Бойдокчулукта мышык болсо да караан, аны жондон сылап кухняга жөнөдү. Шашпай (сакалын кырды. Муздак чайдан жутуп кийинип сыртка чыкты. Сыртынан өтө салабаттуу, демейдегидей торсойгон папкасын көтөрүп алган.

Ал тиш оорулар поликлиникасынын эшигин ачканда туура саат он болуп калган. Шырыктай какайган бойдон барып:– Бүгүн тиш доктур Абдуали Муткаипов иштейби?– деп сурады.

– Ырыстуу экенсиз – дал бүгүн тааныш доктуруңуз дежурлук кылат,– деди сестра. «Бул эмне сүйүнөт! Ырыстууң мен болсом, жыргаган экенсиң» деп ойлоду ичинен Зупу.

Доктордун кабыл алуусунда беш-алты адам отурган экен. Кабагын саландаткан Зупу дароо эле кезекти тактап турган сестраны өзүнө чакырып:– Доктор Абдуали Мутканповго айтыңыз: досуңуз Зупу Зулпукарович суранып жатат, шашылыш кийлигише турган иш болуп калды, тез кабыл алууну суранат деңиз,– деп жаагын басты.

Аздан соң «бир балээ болдубу» дегендей Зупунун досу кабыл алды.

– Эмне болду дос?

– Таң аткыча көз ирмебей чыктым, жулуп ыргытпасаң, жанымды коёр эмес! Зупуну креслого отургузуп:

– Кайсы тишиң? – деди.

– Кашка тишим...

Доктор маңдайын жаркыратып тиштин ар жагын, бери жагын карады.

– Ой, мунуң, таптаза тиш го?

– Таза-мазаңды билбейм, уктатпай койду жулуп ташта.

– Жулууга болбойт, ренген аркылуу текшерип көрүү керек.

Бай болгур, ренгениңди коюп жулуп таштачы, бу менин тишимби же сеникиби?

– Таза тишти жулууга кол барбай турат?!..

Зупу досун акырая карады да:

– Жуласыңбы? Же мен өзүм... Ал тиш жулгуч ар түрлүү кемпироз, аттиштер жаткан аспаптарды көздөй жулунганда, доктордун айласы түгөндү.

Макул деп, ал ылайыктуу жулгуч аспапты шалдыратып издеп жатты. «Менин тишиме кейийт, тыякта кызматтан ажырап жатса! Бир тиш эмне? Кийин өзүм салдырып алам!» деп ойлоп жатты ичинен Зулпу.

– Уколдоп туруп жулайынбы же жөн элеби? Уколдоп деп жибере жаздап токтоду, «балким чыдамсыз деп ойлобосун».

– Жул!– деди көгөргөн эргул.

Доктор көз ачып жумганча калактай болгон кашка

тишти жулуп колуна карматты да, Зукеңдин кан жая берген оозуна дарыга чыланган бир тутам марлини тиштетип салды. Эси оой түшкөн Зупуну тактага жаткырып койду. Ал онтоп жатты.

– Доктурда болду деген справка чийе сал,– деп булдурады Зупу арандан зорго.

Доктор «Оорулуу Зулпукаров Зупу саат 10 дон 12ге чейин тиш поликлиникасында болду» деген справканы колуна карматты. «Эми урушканыңды көрөйүн» – деп ызырынды ал начальнигине өз ичинен.

– Кабыл алууда дагы канча адам бар? – деди доктор сестрасынан.

Көбөйүп кетти жолдош доктор, жыйырмадан ашык.

– Каап! Оорулуулар аз болсо эрте бүтүп кетсем дедим эле. Жада калса дем алыш күнү да бошой албайсың. Кемпир чалга каттабаганыма көп болду,– деп кейиди доктор.

Зупу бирөө жамбашка сайгандай ордунан секирип туруп:

– Эмне дейсиң, дем алыш дейсиңби? – деп кыйкырды оозунан канын чуурутуп.

– Ооба, дем алыш, менин дежурлук кезүүм ушуга туш келгенин карабайсыңбы? Эмне экен?

Эсин дароо жыя койгон Зупу: эч нерсе эмес, жөн эле бирөөгө жолукмак элем, ошол эсимден чыга жаздаптыр! – деп сыр билгизбей сыртка чыкты. Жер көчүп башы айланып залда бир топко турду. Анан терең улутунуп эки жагын карады да «Кайран гана кашка тиш!» – деп көзүнүн жашын төгүп жиберди.

Зупу азыр дале аңшайып кашка тиши жок жүрөт. Бирок жакшы жери кызматтан кечиге элек.

## «ОЛУЯ»

Ишенби күнү болучу. Театрдын кассасынын алдына эл жык толгон. Билет алууга али кезек келгенче зеригип

кетти окшойт, тармал чач, узун бойлуу жигит колундагы газетаны окуп бүтүп, күрмөсүнүн тыш чөнтөгүнө салды да оозу тынбай сүйлөп жаткан аялга кайрылды,

– Аяш, жаңылып калбасам атыңыз Нуруйла болсо керек эле?

– Ооба, сиз мени кайдан тааныйсыз?– Аял жактырбаган түрдө боёлгон бети-башын тырыштырып терс карады.

– Мен сизди жакшы билем, Нуруйла, күйөөңүздүн аты Карабек, Мажырым тал көчөсүндө турасыңар, же калппы?

Аял күлүмсүрөп, жигиттин бутунан башына чейин көз жүгүртүп:

– Кечиресиз, чындыгында эле сизди биринчи жолу көрүшүм. Балким, Карабектин жолдошу болуп жүрбөңүз? Бир окудуңуздар беле?

– Жок. Мен Ташкенден бүгүн гана учуп келдим. Карабек азыр командировкада эмеспи, үйүңөрдө дудук кызматчы аялыңар бар. Бечаранын кемчилиги сүйлөбөгөнү да, болбосо колунан көөрү төгүлгөн аял, чынбы? Бир жылдары аны Карабектен кызганып жүргөнүңүз эсиңиздеби?

– Барлыгы чын. Деги сиз муну кайдан билип жатасыз?

Ал бул окуяны алдында турган келинге айткысы келип бурулду эле, жигит Нуруйланы «кокуй, айта көрбөңүз!» – деп билектен алды.

Бир жагынан аң-таң болгон, бир жагынан эси чыккан аял бүткөн бою титиреп туруп берди.

– Деги сиз кимсиз?

– Мен адамдын ички сырын, кандай адам экенин, жашоосун билген олуямын.

– Олуя?

– Ооба, олуя. Анын эмнесине таң каласыз? Эмесе угуп туруңуз. Карабек менен баш кошконуңарга он жыл болду. Ортоңордо бала жок. Карабектин какшаган энеси бар. Ал үйүңөргө келсе эле чатак чыгат. Карабектин кыялы

бузулса эле анын баарын сиз энесинен көрөсүз. Жакында оозгу бөлмөнүн терезесинде турган гүл өстүргөн карапа менен уруп үйүңүздөн кууп чыктыңыз, чынбы?

– Чын,– деп аялдын көздөрү алайып эси чыга баштады.

– Кабатыр болбоңуз. Аны мен гана билем. Анан Карабек иштен дайым кеч келет ээ? Дежурствосу эле көп болот. Өткөн күнү магазинден күйөөңүздүн кол алдында иштеген Зоя деген кызды бекер уят кылдыңыз. Алардын ортосунда эч нерсе жок. Байкуш кызды күнөөлөштүн кереги жок эле.

– Карабек ким менен сүйлөшүп жүргөнүн да билет экенсиң да?

– Жок.

– Анда биз жөнүндө, Зоя жөнүндө кантип билдиңиз?

– Ал өтө эле оңой нерсе. Мен сизге олуялыкты үйрөтүп койсом, калганын өзүңүз эле билип аласыз.

– Айланайын жигит, мага ошонуңузду үйрөтүп коюңуз.

Жигит күлүмсүрөп сөзүн улады.

– Сиз көп эле Карабектен күмөн санай бербеңиз. Жакында Карабек командировкага жөнөп жатканда, камсыздоо бөлүмүндө иштеген кошуна аял да командировкага кетти. Сиз алардын артынан жөнөдүңүз. Бирок оюңуз ордунан чыккан жок. Аял курдашы үйүнө кетип, Карабек мейманканада калды. Кечинде жолдошунукунан аябай ичип келип, таң атканча коңурук тартып мейманканадагыларды уктаткан жок. Сиз бекер эле суукта кайтарып чыктыңыз. Андан келгенден кийин суук тийип ооруп калдыңыз, туурабы?

– Айтканыңызда калет жок. Мага олуялыкты үйрөтүп койсоңуз. Үйдө отуруп алып күзгүдөн көрүп тургандай болоюн.– Аял жигитти колунан алып жалооруй карады.

– Шашпаңыз. Мисалы, өзүңүздү эле алалык. Жыл сайын курорттон калбайсыз. Былтыркы эле Сочиге

барганыңызды алалы. Жанагы, атың, өчкүр ким эле? Ушуну так биле албай калдым.

– Кээде так билбей да каласыңбы?

– Ооба, кээде. Олуялыктын кээде айрым аттарды так билүүгө алы жетпей калат. Бирок, чанда гана болбосо баарын билесиң. Мейли атынын деле кереги жок. Соодада иштеген жигитчи? Акчасы көп. Бирок төрт баласы бар. Кандай келишимдүү жигит. Баарынан да деңиздин жээгинде түшкөн сүрөтүңөрчү! Аны сиз катып жүрөсүз. Оорум кайра козголуп жүрөт деп курортко кайра баргыңыз келет.

Аялдын эси чыгып, кетүүгө шашты. Жигит колдон алып:

– Шашпаңыз. Мен айтпайм. Эртең, эле учуп кетем. Бирөөнүн турмушун толук айтып берип кызыбасам, олуялыкты башкага үйрөтө албайм. Түшүнүп жатасызбы, үйрөтө албайм.

– Анда айта бериңиз.– Аңгыча аялдын кезеги келип калды.

Жигит:

– Мага да бир билет ала чыгыңыз,– деп акчасын сунду.

Экөө көчөгө чыгышты.

– Деги сиз олуялыкты кимден үйрөндүңүз? Же окуусу барбы?

– Окуусу дейсизби? Ха-ха окуусу жок. Олуялыкты мага сиз үйрөттүңүз.

– Мен?.. Кандайча?..

– Сиз билет алганча жаныңыздагы аялга жогорудагы окуяны айтып бербедиңизби! Кезек күттүрбөй билет ала чыкканыңызга рахмат! – деп жигит басып кетти.

Аял ээрдин кесе тиштеп:

– Алдамчы!– деп ээрчий карады.

## КЕЗДЕШҮҮ

Кайсы бир жылдары газетага сатиралык аңгеме жаздым. Анын башкы каарманынын ысмы – Урбай болчу. Аңгеме жарыялангандан эки күн өткөндөн кийин, эч нерседен капарым жок, ичимен кыңылдап ырдап кызматка келе жаткам. Артыман бирөө кууп жетти да, күйүккөн демин араң басып:

– Саламатсыңбы? Жаңылышпасам, сиз кеситканада иштейсизби?

– Ооба, газетада иштейм.

– Фельетон да жаза коёсузбу?

Жаза коём дегенди билгизип, башымды ийкедим. Ал бир аз мукактанып:

– Жаңылышпасам фамилияңыз Шайдылдаев эмеспи?

– Дал өзү.

Ал жогун тапкандай сүйүнүп, тердеп чыкты. Чөнтөгүнө кол салып бүктөлгөн газетаны сууруп, мобуну сиз жаздыңыз беле?– деп аңгемени сөөмөйү менен сайып көргөздү.

– Жазганым чын, эмне сизге жакпай калдыбы?

– Сизге чоң ыракмат! Миң мертебе ыракмат! Балдарыңдын күнүн көр!

– Жазуучу болобу, журналист болобу, жазгандарын бирөө мактап турса кандай рахат! Ага кошулуп мен да тердеп чыктым.

– Сизге да ыракмат!

– Коюңуз мага ыракматтын кереги жок.

– Мен сизге айтышым керек! – Анын көздөрү жалжылдап мени эле тиктейт. Тулкума көз жүгүртүп, суктана карайт. Ичимен жипкирип, балким жиндиканадан качкан мандемдүү бирөөбү деп корко баштадым.

Эмнеси болсо да бул сырдуу жолугушуу көпкө тиктешкендиктенби мени тажатып жиберди. Жүрөк токтотуп:

– Деги, сиз кимсиз?– дедим. Ал жайдары күлүп:

– Эмесе таанышып коёлу, мен Урбаймын деп алаканын жайды.

– Урбай? Кайдагы Урбай? Эми чындап жаным чыга корко баштадым. Бу балакет баскан ысымды кайдан ойлоп таба койдум. Сагынбай, Аралбай, Маралбай, деп койсом деле болмок!

Сөзсүз «Урбай» дешим керек беле? Коркконуман тез басып эптеп мекеме кызматкерлерине аралашкым келди.

– Сиз бушүркөп турсаңыз керек! Мен чыны менен эле Урбайдын өзүмүн! Ишенбесеңиз мына! Ал ич чөнтөгүнөн паспортун алып чыкты. Мына, Ирбитбаев Урбай! Окуп көрүңүз? Ал паспортун жүзүмө такады.

Оо, балакет баскырдыкы!

Чын эле ошентип жазылып турат.

– Болсо болгондур... Кээде чыгармадагы аттар туура келген учурлар көп кездешет,– дедим аны жоошутуш үчүн.

– Жо-жок, антпеңиз. Мында баары мен жөнүндө жазылган. Аялымдын аты – Жанымбүбү, дал өзү! Уулумдун аты– Ыйманаалы, дал өзү! А түгүл үйгө мейманга келген Жанымбүбүнүн таякеси, аты– Кожонтай, дал өзү! А окуячы? Кудум биздин үйдө кучакташып бир жашагандай жазыптырсыз. Мунун баарын сизге ким айтып берди? Аялым айтса керек! Сурасам караманча танып койду. Сиз азыр эч нерсени биле элексиз! Айыл апа уу-дуу! Кошуналар бүт мени куттукташты. А түгүл башкармабыз Абдыш өзү: «Мына Урбай, эми сенин атыңды бүт кыргыз билет, кыргыз гана дейсиңби, бүт Союз билет» – деди. Зыкымдыгыңды карматпай, кара козуңду союп бер, андан кедей болбойсуң деп дагы кошумчалады.

Эмне деп жооп айтаарымды билбей, жүзүнө тике карадым. Бир аз кубанычка делбөө тартып турганы болбосо соо эле неме сыяктуу.

Кандай кылсак? – деп жибердим, өз оюмду сыртыма чыгарып.

– Козу жерге кирсин, козу табылат! Андан көрө бир аз отуралычы. Сиздин бул фельетонуңуздун кемчилигин айткым келет.

– Ии, айтыңыз, кызык... Бирок, бул фельетон эмес, аңгеме да.

Ал менин сөзүмдү угуп да койгон жок.

– Биринчиден,– деди ал манжаларын бүгүп, – жердин, башкача айтканда мен жашаган совхоздун атын туура жазбаптырсыз. Сын-Таш эмес, Сан-Таш, Манас баатыр жортуулга бара жатканда аскеринин санын билиш үчүн жыйнаткан ташты билбейсизби, жазуучу болуп туруп!

– Кечиресиз, байкабай калыптырмын?

– Ананчы! Экинчиден, – деди ал сөөмөйүн газетага көсөп, – Мына мобу жерде – «Урбай мас болуп келип, оозундагы папиросу менен кулаган экен кызыл ала жууркан күйүп, үй бықшып чыкты. Муну көргөн аялы Жанымбүбү Урбайды алка жакадан алып сүйрөп эшикке чыгарып, жаактан ары бир салды» – деп жазылган. Чынбы?

– Ооба.

– Мына ушу жерден ката кетиргенсиз. Кызыл ала эмес, жашыл тукаба жууркан болучу. Анан Жанымбүбү жаакка чаап гана тим болгон эмес, көчүккө бир тепкен. Ишенбесеңиз мына, дале көгү тарай элек, – деп ал шымына асылганда, шашканыман колун кармай калдым. Ал шилекейин курк эттире жутуп сөзүн улады. –

Масым жакшы тарай элек кезим, – жүзтөмөнүмөн жыгылып мурдумдун териси сыйрылган.

– Эми эмне демекчисиз? – дедим ыңгайсыз абалды жеңилдетиш үчүн.

– Муну кийин жыйнагыңа кошосуңбу? – деди ал газетаны булгалап. Баш ийкедим.

– Анда сизден көптөн көп суранарым: жыйнакка киргизгенде мен айткан кемчиликтерди оңдоп койсоңуз экен? Мага сөз бере аласызбы?

– Берем! – дедим шашкан бойдон.

Ал атайы шаарга келип чоң иш бүтүргөн адамдардай:

– Сизге чоң ыракмат! Мындай байкуштарды көп жазыңыз – деп кош айтышып басып кетти.

Мына, ал аңгеме Урбайдын айтканындай оңдолуп, жыйнакка кирди.

## «ООЗУҢДАН ЧЫГАРБА»

Аэропортто турабыз. Самолет үч сааттан кийин болот деп жарыя кылды. Курортто дем алып келе жаткан үчөөбүз. Бир ай бою сүйлөшпөгөн сөз калган жок. Чындыгы, сөз деле түгөнүп калган окшоду. Чемодандарыбызды буюм сактоочу жайга өткөрүп берип колу-жолубуз бош.

– Дагы балээ басып, учууну калтырып койбогой эле, – деди Абдыш жумшак креслого отуруп жатып.

– Шашпасаң акыры крокодилиңе жетерсиң, – деди Добулбек дубалда илинип турган сүрөттү карап. Өзүңүздүкү крокодил болсо эле, аялдын баарын ага теңей бербеңиз. Анан сиз менин аялымды көрбөй, билбей туруп ал жөнүндө ой жоруй беришиңизди мен уккум келбейт! – деп Абдыш кызыраңдай түштү.

– Жаман көрсөң жаман көр. Балким сенин аялың азыр жаштыр. Айлана-чөйрөсүнө көз жүгүртө электир. Эми эки жылдан кийин көрүп ал, кадимки эле крокодилге окшошуп кетет. Сени көрсө эле оозун ачып турганы турган. Анын оюнан кичине эле тетири иш кылсаң, чайнабай жутууга даяр. Менин крокодилим да адеп келгенде койдон жоош болучу. Бара-бара кошуна аялдардан үйрөнөт турбайбы. Үчүнчү жылы эле акча дегенде көзү кызарып чыгуучу болду. Эртең менен чөнтөктөрүмдү карасаң, тамекинин күкүмү гана калат. Түшкү тамакка өлчөп жете турган тыйынды санап столго таштап кетет. Түштө жолдошторуң мыкты оокаттарды жеп жатышса, айлаң,

түгөнөт. Бир жалам күрүч боткосун аласың да, столдун үстүндөгү бекер нанга күчүңдү чыгарасың. Уялганыңдан «ашказандын абалы жаман, эттүү оокат жедим дегенче уктабай чыгам» деп шыпыртып калп айтууга аргасыз болосуң.

– Жаныңызды кыйнабай ажырашыш албайсызбы? – дедим.

– Ажырашып дейт тура! Ажырашып көр, үйүмдөгү бир отделение балдарды кантем. Үйлөнгөнүбүзгө он жылдан ашты. Ал эми чыт курсактардан бешөө болуп калды. Ажырашмак түгүл крокодилге каяша сүйлөсөң, мени көкбөрү кылып кеткени турушат. Бирок шайтан баскырдыкы «балдар бар үй базар» деп бекеринен айтпаптыр. Мага ошолордун кыжы-кужусу керек.

Ал ары-бери басып ойлонуп калды. Анын шишимек тарткан ак жуумал ыраңынан чын эле балдарын сагынганы байкалып турду.

– Жырткычтардан башка сүйлөшө турган сөзүңөр жокпу? – дедим.

Добулбек саатын карады да Абдыш экөөбүздүн ортобузга отурду. Анан шляпасын алып, манжаларын кырсылдатып мындай деди:

– Ата сакалы оозума бүтүп калганда эле бирөөгө алдатканым эсиме түшөт. Биз кунт коюп ага тигилдик. Онунчу классты согуш жылы бүтүрүп, иштеп жүрдүм. Адегенде мугалим анан мектептин директору болуп турдум. Согуш аяктаган жылы аскерге жөнөп кеттим. Солдаттан тер жыттанган гимнастеркачан демоблизацияланып, Фрунзенин вокзалына түшкөндө элүүнчү жыл болуп калган. Ошо жылы Кыргызстан Мамлекеттик университети жаңы уюшулуп жаткан экен. Дароо эле документтеримди тапшырып, анан үйгө жөнөдүм.

Кирүү экзамендеринен кыйналбай өттүм. Анткени, мектептин босогосун жаңы эле аттаган балдарга караганда менде турмуштук тажрыйба бар эле. Орус тилин

жакшы өздөштүрүп калган учур. Курсташ балдар-кыздар баары мени «агай» дешет. Анын үстүнө балакет басып, жыл айланбай эле курсак чыга түшүп, салабаттуу орто жашаган адам көрүнүп калдым.

Жаш өтүп бара жатат. Мендеги максат тезирээк үйлөнүп алып, квартирага чыгып кетиш. Колхоздогу туугандарым оокаттуу жашаша турган. Бир тууган агам бул ойду жеңемден да айттырган эле. Астыртан байкаштырып көрсөм, кыздарга өзүм кыйшаңдап сөз айтышка жүрөк даабайт. «Сакалдуу киши жоого түшөрбү, агай! Ушул айтканыңыз уят эмеспи!» десе кантем. Өзүмдү күзгүдөн көрөм да наарazy болом. Көздүн алды эбак тордолуп калган. Ачыган камырдай болуп көпшөк тартып турам. Баарыдан да колумду айтпайсызбы. Көпкөк болуп тамырларым жондонуп, суунун куймасындай туш-тушка тарап турат.

Жубан ала койсомбу деп да ойлодум. Баса, биз менен окуган бир келин бар эле. Ага сөз айтсам макул болгудай түрү бар. Бирок, анын мурдагы суук тумшук күйөөсүнөн калган үч баланы кантем! Баланын үнүн угалек жаным, үйлөнгөн эле күнү үч балалуу боло калыш чынын айтканда оңой-олтоң иш эмес эле.

Экинчи группада окуган Сайнаш деген кыз бар. Ачык-айрым «агай» деп имерилип калат. Жалпы лекция болгондо кээде атайылап жаныма келип олтурат. Мына ошо кыз менин тынч турмушума бүлүк салып кетти. Ал ары карап отурса деле жаңы эле мени тиктеп туруп эл байкабасын деп, бурула калгандай сезилет. Кандай аракет кыларымды билбейм. Ээндетип сөздүн четин чыгаруу менин колумдан келбесин өзүм түшүнөм. Сайнашка сөз айтуудан көрө космоско учуп барып келүү мага алда канча жеңилирээк көрүнгөнсүйт.

Ошентип, беймаза тартып жүргөндө студенттерди пахта теримге жардамга деп түштүккө алып кетти. Ал кезде группанын старостасы элем. Поездде, жол бою Сайнаш отурган вагондогу кыздарга колумдун келишинче шарт

түзүүгө тырыштым. Токтогон станциялардан «кыздар, абалыңар кандай» демиш болуп, оокат-аш алып кирем. Окуу башталганына эки гана ай болгон. Көпчүлүк балдар бир-бирин жакшы билише элек.

Пахта терип жүрөбүз. Ар кайсы үйгө бөлүнүп жатабыз. Мен Индирбай деген жигит менен колхоздун ферма башчысынын үйүнө түнөйбүз. Үйдүн ээси кез-кез өлгөн жыландай кылып камчысын сүйрөп тоодон келип калат. Индирбай менден бир канча жаш кичүү. Бирок бөйрөктөн шыйрак чыгарган шум. Бир эле көргөн кишинин бат эле ичи койнуна кирип, аздан соң мойнуңду кучактап сүйлөп калат. Ал үйдүн ээсине бат эле алынып кетти. Эртең менен заардан туруп, короону шыпырып, темир жолдун нары жагындагы колонкадан эки чака сууну көтөрүп келип коёт. Колхоздун кампасынан азык-түлүк алып келүүчү болуп калды. Анын карамагында эки ат чегилген араба. Биз күнгө сызгырылып талаада жүргөндө ал Ошту аралап, кагаз баштыкка толтура жемиш алып келип, чай чыныдай чатыраган анарларды кыздарга сунат.

Сайнаш жөнүндөгү оюмду ушул шумга айткым келет. Кайра, абийирди төгүп студенттердин баарына айтып ыраспымды чыгарабы деп шектенем.

Күүгүм кирип калган. Экөөбүз серменге салынган төшөктө жатабыз. Жылтыратып тамеки чегип көпкө ойлонуп жаттым.

– Доке, жаман көрбөсөңүз канчага келдиңиз? – деди ал оң капталына оонап.

– Отуз бирге.

– Даа! – деп үшкүрүнүп койду. – Жаш өтүп бараткан экен. Үйлөнүү керек. – Аял окууга зыянын тийгизет дегенге эч ишенбейм. Мисалы, ал дагы окуса... Андан кандай зыян?

– Эмне үйлөнбөйсүң? Эмне дээр экен деп күттүм. Дароо эле – жок – деди ал улутунуп. Шарт сиздикиндей болгондо бир башка. Квартирага чыгыш керек. Мен

шордуу кирүү экзамендеринде стипендияга да илинбей калдым. Бизде жакшы кыздар бар. Мисалы Сайнашты эле алып көрүңүз. Мүнөзү кебездей жумшак. Сизди дегеле «агай» деп оозунан түшүрбөйт...

Жүрөгүм дүкүлдөп сого баштады... Ошол учурда тиги куйругу жок, мени сынап жатканын мен кайдан билдим. Анын үстүнө ошол жылы бир акындын «Агай деп калса жаш селки, анда эле сени сүйгөнү» деген ыры чыккан.

Эгер сен жинди, көрүнгөнгө оозуңду чоё бербесең бир сыр айтайын,– дедим.

– Кудай урсун, Доке, мен жинди болбосом, – деп төшөктөн суурулуп отурду. Анын каржайган арык денеси айдын жарыгы менен көзгө суук көрүндү.

– Мен колумдан келгенимди сизден аясам... Ал буулугуп анан кыйшая кетти.

Үйлөнүү жөнүндө чынында мен да ойлонуп жүрөм. Көрүнгөндүн шыйрагын тиктеп жүрүүчү убакыт өтүп кетти. Өзүң айткан Сайнаш макул болоор бекен? Кандай дейсиң, Индирбай?

– Мына, айтпадым беле! Макул болбогондочу! Сизге барбаганда ал эмне, Индиялык махараджага тиймек беле! «Кыздын көзү кызылда» дегендей белек-бечкек... Сиз кандай дейсиз, менин оюмча материалдык кызыкчылык да керек. Жылаңач сүйүүнү көрө элекмин. Кийинки жашоосун да кыз ойлоосу тийиш. Он экиден бири жок, тиктешип отуруп эле «кеттик» дешип үйлөнүп алышкандарды да көрүп жүрөбүз.

– Философияңды коё тур,– дедим ага. Кеп кантип сөз айтыш керек, ошондо. Мен ага жарай албайм.

– Анысы бар,– деди ал улутунуп. Мен айтсам кандай болор экен? – Жеңелик ролду аткара алар белем.

Акыры чынымды айтууга мажбур болдум. – Индирбай, сен бул ишти уюштурбасаң башканын колунан келбейт. Каражат жагын бирдеме кыларбыз. Эң башкысы, экөөбүздөн башка жан билбесин деген айттым. Эмки

жекшемби күнү ал Сайнашты курбусу менен ээрчитип Ошко барат. Мен болсом шаардан аларга капыстан жолуккан киши болуп алдынан чыгам.

Кол кармаштык да уктоого баш койдук. Индирбай эч нерсе болбогон сыяктуу бат эле «кор» деп уйкуга кетти. Мен шордуудa кайсы уйку болсун. Сайнаш менен лекцияда бирге отургандай, мурдума анын чачынын жыты келип жатты. Түшүмө Сайнаш кирди. Ал мени ээндетип туруп: «Агай, ортого Индирбайды салбай эле өзүңүз айтпайсызбы, жашыңыз улуу болгону менен жүрөгүңүз жок көрүнбөйбү» деп күлөт.

Күткөн жекшемби күнү да келди. Дурусураак кийимимди кийинип, шаарга жөнөдүм. Болжошкон жерден Индирбай эки кызды колтуктап алдыман чыга келди. Оо, агай да бул жерде экен го, жалгыздап басасыз ээ, жарыктык, бизге кошулуп Сулайман тоосуна чыгып келбейсизби? – деп Индирбай шакылыктады.

Тоо таянып бара жатабыз. Индирбай, «агай, тиги карындашыңызды колтуктап албасаңыз шайманы жок го!» – деп көзүн кысып койду. Туйлаган жүрөгүм менен колумду созуп, карыдан кармадым. Бир аз жыйрыла түшкөнү болбосо унчуккан жок. Өр талашкан сайын күйүккөндүн үстүнө жүрөгүм кулундай туйлап, тамырларым жарылып кетчүдөй жондонот.

Чокуга чыгып, шаарга көз салдык. Бир аз төмөндөп, таштын коңулуна Индирбай «дасторконун» жая баштады. Студенттик күндөргө багыштап тост көтөрдүк. Көпкө көңүл ачып тоодон түштүк да, магазиндерди кыдыра баштадык. Сайнаш эми мени өзү колтуктап алчу болду. Аялдын назик колу денеме жолой элек жаным, төбөм көккө жеткенсип, айланама мактана карайм.

Кыдырып жүрүп белектер сатылуучу магазинге туш келип калдык. Идиш-аяктардын комплектисин ороп койгон белектерге кыздар имерчиктей түштү. Белек берүүнүн оңу келди. «Кымбатыраагынан эле сатып берсем

эмне болмок эле, акыры бирөөгө эмес да, кийин өзүбүздүн үйдүн буюму болот эмеспи» деген ойдо калдырак кагазга кастарлап орогон белекти сатып бердим. Андан оңтоюн келтирип Индирбайга: «Бооруна менден белек катары каалоо сөз жаздырып берсем кандай болор экен» деп шыбырадым.

– Болот дечи, бирок Сайнаш кыздар менен бир жатат. Курдаштары шылдыңдап жүрүшпөсүн. «Окууга киргенине эки айдын жүзү болбой жатып, белек ала баштады» деген тынчты кетирген ушактар жаап кетпесин. Аны өзүңүз билиңиз.

Өзүм билдим да ал бала кыял оюмдан кечтим. Кечке жуук кыздарды жаткан жерине чейин узатып бардык. Индирбай Сайнаш менен көпкө сүйлөшүп караан үзүп, узап кетишти. Мен анын курдашы менен пайдасыз оозго келген сөздөрдүн башын чатып тура бердик.

– Иш бүттү,– деди ал мени далыга чаап, кайра келгенден кийин.

Андан кийинки жекшемби күндөрүнүн бирин да калтырбай Ошко баруучу болуп кеттик. Театр, кино, ресторандардын эшиктерин тыттык. Каражат керек болду. Жанга күч келгенде пахта теримди дале бат үйрөнүп алат экенсиң. Таң үрөң-бараңда талаада болом. Уйкучул жаш балдар чукуранып ойгонгуча 10 – 15 килограммды шалап салам. Ар бир беш күндүктө терим акыбызды берип турушат.

Ошентип, Сайнашты бир сыйра кийгизип, Индирбайды кошо багып жүргөнсүйм.

– Бакканыңызды түшүндүк. Сөздүн кыскасы үйлөндүңүзбү? Учууга жарым саат калды. Абдыш чыдабай ордунан козголду.

– Ошончо сандалып жүрүп жеткен жарыңды эми крокодил деп калдыңбы? – дедим мен ага бурулуп.

Добулбек бизге иренжий карады.– Ал крокодил болмок түгүл, носорог болсо да ыраазы элем. Андай болбой калбадыбы!

Ноябрь айында Фрунзеге келдик. Чаң-тополоң түшүп майрамга даярдык жүрүп жатыптыр. Факультеттеги мага тапшырылган иштер менен алек болуп жүрүп, эртең майрам деген күнү гана бир жерге чогулуу жөнүндө оюма түштү. Бул оюмду группадагы эстүү жигит Рахулга айтсам ал: бир студенттин үйүндө болмойду чечтик, кам жебе, сен тизменин башындасың, – деп көңүл жубатып койду. Ал түгүл үйүнүн номерин айтып берди.

Парад аяктагандан кийин эки жолдошум менен баягы үйдү издеп жөнөдүк. Сирень гүлүнө көмүлгөн кичинекей балык жон үйгө кирдик. Столдор жасалгаланып, группадагылар чогулуп, бизди гана күтүп турушкан экен. Үйдүн ээлери ким экенин да билген жокмун. Төрдөн орун беришти. Башымды көтөрүп бөлмөнүн ичин айланта карап жаттым. Тике мандайымда мени карап турган эки портретти карап өз көзүмө өзүм ишенбей нес боло калдым. Бир аздан кийин алдымдагы стол көчүп, там астын-үстүн боло түштү. Аба жетпей, алкым топчумду бошотуп, дагы карадым. Мени карап тургандар Индирбай менен Сайнаштын портрети эле.

Эс-учумду жыйгыча фартук тагынган Сайнаш кирип келип: – Агай да келип калыптыр, эми баштасак болот, мен азыр Индирбайды чакырайын, – деп чыгып кетти.

О, жүзү каралык! Индирбай мени көргөндө уялмак түгүл, кашы серпилип да койгон жок. Кайра «биздин үйгө аксакал биринчи келип отурат, үйлөнгөнүбүзгө аз эле болду. Дурус отургучтарыбыз да жок. «Пайгамбар барына азыр» деген. – Жолдоштор, менде сунуш бар. Биринчи тостту Добулбек агай айтсын», – дебеспи!

Отургандар кол чаап жиберишти. Алар менин өлүгүмдү мүрзөгө түшүрүп жатканда «ырас болду, ушунун өлгөнү» деп шатырата кол чаап жаткандай туюлду. Кара терге чөмүлүп жатып, бир нерсени айткансыдым.

Тост артынан тост көтөрүлүп, уу-дуу көбөйө баштады. Майрамдык кечеде отурбай эле рельсадан тайып кыйра-

ган поезддин жанында тургандай сездим. Ал эми күлкүлөр болсо курман болгон туугандарын жоктоп жаткан катындардын кошогундай угулат.

Бир аздан кийин Сайнаш өзүм сатып берген сервизимдеги табактарга куурдак сала баштаганда «сыртка чыгып келейин» деп жылып жоголдум.

Бир аз өткөрбөй башка факультетке которулуп кеттим. Индирбай менен болгон аңгемемди айтсам узун сөз. Бирок андан кол үзгөн жокмун. «Оозуңдан бирөөгө чыгарба» деп далай жолу шилекейин акканча тамакка тойгузуп жүрдүм. Андан бери көп жыл өттү, – деди Добулбек үшкүрүнүп.

– Анда биз да ооздон чыгарбайлы! – деп трап менен самолетко чыктык.

## ҮЧ ТАБАКПЫ, ЖЕ...

Фельетонисттердикиндей «шордуу» кесип жок болсо керек деп да кээде ойлоп кетесиң. Өзүңүздөр калыс болуңуздар: очеркисттин милдети жеңил, ким жана эмне жөнүндө жазарын, а түгүл кайсы автобус менен жетип аларынан өйдө редакцияда айтып беришет. Ал эми фельетонистти болсо, жоопту секретарь өзүнө чакырып алып:

– Да, келдиңизби? Мобу кат боюнча барып, бир жакшы фельетон жазып, ишемби күнгө дапдаяр кыласыз, – деп столунун бурчун сөөмөйү менен сайып коёт.

Барган ишиң далилденсе жакшы. Мисалы, эри менен ажырашкан бейжай катындын арызы болуп, сен барганча жарашып алышып, чардап чай ичип отурушса кантесиң? Андай немелер ажырашууга көнүп калышкан, чырылдашкан күнү эле экөө эки бөлмөгө ташынып алышат да, экөө эки башка редакцияга түн бою арыз жазып чыгышат. Кээде эртеси экөө тең бири-биринин эшигин тыкылдатып жарашып алган учурлары да бар. Андайлар

бир чыны чайын сунуп жатып: «Биз ажырашыптырбызбы?» Ха! Тобо! Аны ким чыгарып жүрөт, жигит? – деп өзүңдү уят кылып беттен алат.

Көчөгө чыгасың. Дагы издейсиң. «Мени фельетон кылып жазсаңыз боло» – деп суранган адам табылбасы белгилүү эмеспи.

Сөздүн кыскасы, ишемби күнү койнумдан «бир жакшы фельетонду» сууруп бериш үчүн жөнөгөн болчумун. Жогоруда «арманымды» ашыкча айтып жибердим окшойт, кээде фельетонисттердин да «бактысы» ачылып, жаза турган окуянын өзү эле фельетон болуп калган учурлары бар. Андай учурда кычкыл сөз издеп убара да болбойсуз, жөн гана болгонун болгондой айтып берип, окуучуну да, секретарды да ыраазы кылып, өзүң да ыраазы болосуң.

Кымбаттуу окуурмандарым, эмесе төмөнкү окуяны дал ошол оюмду далилдеш үчүн болгонун болгондой айтып берүүгө рахым кылыңыздар.

Бул дүйнөдөн эч кимдин так өткүсү жоктур. Ошондой эле биздин Танабаев Арыкбай да «ата-эненин жөрөлгөсү менен» деп, Бакизага үйлөнгөн болучу. Алты жыл текке кеткен жок, Шамшидин, Шарабидин деген эки балалуу болушту.

1966-жылдын ноябрь айларынын суук кечтеринин биринде Арыкбай колхоздогу ишинен кеч үйүнө келсе, үйдө аялы жок. Атасы Танабай аксакал бешикте ээ-жаа бербей ыйлап жаткан Шарабидинди терметип отурат. Үй ичи да ала көлөкө. Келиниң кайда кеткен деген суроого:

– Таң, кечинде эле чыгып кетип жок! – деп чал мулжуңдап ары карайт.

Саат он экини согот. Бакизадан дайын жок. Айласы кеткен Арыкбай нарыдан бери атала кайнатып, үчөө үч табак аталага нан сындырып ичишип, Арыкбай эми Бакизаны издейин деп эшиктин туткасын кармаганда чачынан суусун агызып аялы кирип келет.

– Ботом, кайда жүрдүң, бала ыйлап жатса?

– Кошунаныкында башымды жууп жаттым.

– Саат беште кетипсиң, жети сааттын ичинде бир баш эмес, Кара-Суу районунун катындарынын баары дагырага баштарын кезек менен жуунушса да бүткөндөй болду го?

– Анда сиздин ишиңиз болбосун! Калыстыгыбызды айтышыбыз керек. Эки бала эки жерде ыйлап жатса, анан «башымды жуумак элем» деп аялың түп орду менен жети саат жоголуп кетсе, кантип туталанбай койбойсуң. Менимче, «аялдар башын чогулуп бир үйгө жуушсун» деген санитардык врачтардын көрсөтмөсү азырынча жок болуш керек.

Ачуусу келген Арыкбай: – Ушу да оокатпы? Кыштын узун түнүндө үч табак атала... деди.

– Ыя? Үч талак? Кайра айтчы, үч талак дейсиңби?

– Үч талак эмес, үч табак. Үчөөбүз атала ичтик, аял болуп оокат жасабайсың, дедим.

– Ыйманыңды жебе! – деди Бакиза чыңырып. Аялынын ушунчалык ачуу үнү бар экенин Арыкбай биринчи угуп таң калды. Ал эми Танабай абышканын кулагы далай жылдан бери бүтүп жүргөн экен, ошондон бери чычкандын шыбыртын угуп калды дешет.

Эртеси эле үйүнө кабар бердирсе, алдыңкы эрди менен жер шыпырган, үстүңкү эрди менен көк шыпырган энеси Нуска, анын жанында велосипедде отургансып, атка өчөйүп минген бирөө келди. «Таякеси болом деди анысы дасторкондогу нан менен момпосуйду кайсап жатып.

– Үч талакты бузууга кудайдын да кудурети жетпейт. Анткени, алла таалам өзү чыгарган амирин кайра буза элек, – деди «таякесимин» деген неме кудайдын «иш башкаруучусу» болуп иштеп келгенсип.

Сөздүн ток этер жери Арыкбай менен атасынын жалынганына карабай Нуска кызын эки баласы менен алып кетти.

Арыкбай элчилик кылгыла, журтчулук кылгыла деп үч барды. Үч талак бузулбады. Кыздын атасы макул

болсо, деле Нуска жуутпайт. Акыры «Кыргыз чек» селосундагы сөзмөр чалдардан ээрчитип Танабай аксакал бир кой, 3 чепкен, 30 сом акча менен Бакизаны алып келишти. Арадан үч ай өтпөй пахта терим да, Бакизанын үч маал кетем деп урушмайы да тең башталды.

Арыкбай пахтада жүргөнүнөн пайдаланып Бакиза дагы тааныш чыйыры менен безип жөнөдү.

Эми уруш Рахмандын үйүнө ооду. Бакизанын атасы өзүнүн аялы Нусканын кылыгына наарazы болуп, калыс сөзүн айтса, мына эмесе сага деп Нуска эри менен бөлүнүп алды. Анысы аз келгенсип, аскерде жүргөн уулунун (булардын аттарын атайы айткыбыз жок) аялын эки баласы менен үйүнөн кууп чыкты. Ушу арада Мады менен Аравандын ортосунда качып жүрүп кош бойлуу болуп калган Бакиза үчүнчү баланы төрөдү. Айтор бир үй-бүлөдөн чыккан чатак үч үй-бүлөгө бүлүк салды.

Баары эле Нусканын оюндай болгону жок. Баласы аскерден келгенден кийин аялын таап, атасын үйүнө киргизип алды.

Нуска да жөн жаткан жок. Бакизанын «таякесин» ишке салды. Ал киши Бакиза менен бир жашаган жылдары жаңы үй тургузушкан, анын жарымын жана алимент сурап сотко арыз жазды. Сотто баягы «үч табак же үч талак» маселеси козголду. Бирок Аравандан келгендер күчтүү эле, «жашай албайбыз» дешти. Сотто 750 сом акча жана ай сайын тапкан эмгегинен 50 процент кыркып берүүгө өкүм кылынды.

Ананчы? дешер окуучулар. Анан мындай: бая биз «таякеси» деп атын тергеп жаткан киши ошо Карл Маркстагы Октябрь мектебинин мугалими, коммунист Баатыр Исаев болучу. Анын Бакизага «таякелиги» улак карышкырды «таяке» дегендей кеп экен.

Көрсө Исаевдин «таяке» болуп «күйүп» жүргөнүн Арыкбай кийин түшүндү. Баатыр аке аялын эресеге жет-

кен уулу менен коё берди да Бакиза «жээнине» үйлөнүп алды. Бакиза болсо үч баланы тең энесине калтырды да, колу-жолу бош салт кете берди.

«Үч табак, үч талактын» кесепетинен үч үй-бүлөнү бүлүнткөн Бакиза жана анын апасы Нусканын жоругун кандай баалоого болот? Ал эми ушул баш катырмада «Үч талактын» жообун өзүнүн пайдасына чечкен мугалим Исаевдин жоругун кандай дейсиздер?

Биз окуяны айтып берип, өз милдетибизден кутулдук, ал эми тыянакты, кымбаттуу окуучум, сизге калтырабыз.

## КӨҢҮЛ АЙТУУ

Кызмат күнү аяктап калган, Ал кагаздарын жыйнаштырып жатканда телефон шыңгырады. Керимакун экенин дароо үнүнөн тааныды.

– Угуп жатам. Ооба отурат. Ал көзүнүн кыйыгы менен башын мыжыгып олтурган немени карап койду, – Макул, айтайын.

Шашып чыгып бара жатып тигиге кайрылды: – Мен азыр эле келем. Чогуу чыгалы... Коридордо Керимакун, Усубакун, Ирбит, Дарбаң даяр турушкан экен. Аны көрүп сүйүнүп кетишти.

– Ырас келдиң. Тетигини жөн коюшубуз болбойт. Намыскөй неме, ызасынан өлүп калбасын. Жолдошчулук бир жамандыкта, бир жакшылыкта. Кандай дейсиң?

– Мен го макул, бирок тыйындын чаркы...

– Аны ойлонуштурдук. Ирбит кызыл кресттин взносторун өткөрө элек, айлык тийгенче жумшай турабыз,– деди Усубакун.

Бирөөнүн ажатына жарап жаткандыгына кубанып Ирбит компойду.

– Дегеле ырас болбодубу. Кызыл кресттин каражаты жеринен ушундай жабыр тарткандарга арналса керек

эле, – деди Керимакун. Анын сөзүнө жылмайган жан болгон жок. Чындыгында күлүүгө чоло жок болучу. Алар маслат курган залдагы тактада: «Үзгүлтүксүз ичкилик ичип, эмгек тартибин бузгандыгы үчүн Керпешов Зарлыкка акыркы жолу эскертүүсү менен катуу сөгүш жарыялансын» деген приказ илинип турган болучу.

Бир аздан соң улутунуп уу жутуп отурган Зарлыкты колтукташып жолго чыгышты. Казырынча анын көңүлүн жубаткан эч ким болгон жок. Футбол жөнүндө сүйлөшүп бара жатышты. Эки көчө айланып ресторандын эшигин түртүштү.

Мындайда таңдайы жарылган чечен, тамак-аш ичүү шаан-шөкөтүн мыкты билген Керимакун, небак эле колдон суурулуп лепилдеп, күңүрттүк баскан бурчтан стол жайлап, ат жалындай сапырылган кара чачтарын салаасы менен тарап, официанткалар менен көз ымдашып калган эле. Заказ кезеги ичкиликке жеткенде Зарлык байкуш колун жаңсап: – Мени жөн койгула, мен ичеримди ичип бүтпөдүмбү? – деди каңырыгы түтөп. Отургандар үнсүз бири-бирин караштан.

– Өзүңөр ичкиле, мага карабагыла, – деди тике карай албай көзүн ала качып.

Ага болушабы! Азыр бу бешөөнү бириктирген бир гана асыл максат – Зарлыктын көңүлүн көтөрүү болучу.

– Чепуха! – деди Керимакун Зарлыкка. Сен сөгүштү аракты көп ичкениң үчүн алдыңбы? Ичпеген ким бар? Баары согот. Бирок кайсы жерде, ким менен, качан? Ал бул философиялык ой жүгүртүүлөрүнүн аягына чыкпай, графиндеги аракты стакандарга бөлүштүрүп куйду. Бирөөлөр келип колдорунан жулуп кете тургансып баары тең стакандарын тутамдап өз алдыларына жылдырып алышты.

Отургандардан аяк ичер улуулугу бар Ирбит тост көтөрүүгө камданып тамагын кырды.

– Кайгыңды албетте түшүнөбүз. Чындыгында туура иштешкен жок. Иштегениңе жыл боло элек, үй-бүлөң,

башка шаарда, жалгыз бойлуктун кайгысына бөөдө кайгы кошул-ташыл болгонун айтпайсыңбы! Ал эми сөгүш жөнүндө болсо көп кабатыр болбо, сөгүш менен чоңойгон элбиз.

Анын бул камкордук менен сүйлөгөн сөзүнө жашып кеткен бирөө:

– Айланайын Заке, алып жибер! – деп жалооруй суранды. Кагып жибериշти да, сууга чумуп чыгышкансып «уухх!» дешип жалпы дем алышты. Бир аз жым-жырттык басып, вилка менен бычактардын гана шыңгырагы угулуп жатты. Ичегилерине ток жүгүрткөнсүп денелери ымыр-чымыр, ымшып чыкты. Кечке кападарлыкка туңгуюк тартып жүргөн Закендин ичтейи ачылып, алкашалка тердеп кирди. Экинчи тостту Усубакун көтөртүүгө даяр турат.

– Байкелер, мен болдум, бөйрөк кургурду өзүңөр билесиңер,– деп Ирбит тыржыйды.

– О койчу, сенин бөйрөгүң эле бөйрөк, элдики ырызыңке дейсиңби? Адамдын апетитин бузбай отурчу, – деп Дарбаң Усубакундун тостун оозунан жула сүйлөдү. – Жолдошчулук деген ушу, баатыр, болбосо үйдүн жарыгы үйгө тиеби? Жакшы санаалаштын башына иш түшсө колдо! Бу шордуу үй-бүлөсүн көчүрүп келе албай ансыз да чөгүп жүрсө, сөгүш беришет. Дагы сен токтомдуу экенсиң, мен болсом акесин таанытат элем, сөгүш бергичтердин! Дагы кагып жибериշти.

– Көзүңө айтайын, – деди Дарбаң жүлжүйгөн көзүн жуумп. – Тамак турган жерге оору турбайт. Отурушта тамакка качыр. Канча ичсең, ошончо оокат же. Ал өз принцибин жүзөгө ашырып, алдындагы тамагын кайсап бүтүп, жалпыга тиешелүү салаттын аягына чыкты. Ар ким өз оюндагысын сүйлөп, Ирбит «Эски дубал» деген ырын окуду. Дарбан, залды аралап кайдагы бир өң тааныш аялды ээрчитип келип ичире баштады. Отургандар сээлдеп кайтууга убакыт жетти.

Баары орундарынан ыргалып турушту. Плащтарын кийип, кандайдыр дагы бирдеме жетпей тургандай үнсүз туруп калышты.

Ар бири үйлөрүнө тез жетип, муздак төшөккө ысык денелерин таштап жиберүүнү самашты, бирок, аларды бир бирине болгон белгисиз жакындык кармап турду. Ичкилик тумандаткан мээлери бир азга сергий түшүп, буерге эмне себеп менен келишкенин эстешип, ортого алып Зарлыкты өбө башташты. Эреркеген Закең бышактап ыйлап кирди. Аздан соң достор колтукташып чоң көчө ылдый салышты.

Сөздөр жарым-жартылай сүйлөнгөнүнө карабастан алар бири бирин даана түшүнүп турушту. Азыр автостанцияга жетишет да, эки бөтөлкөнү бошотушат. Аерден үй-үйлөрүнө чилдей тарап кетүү оңой. Бирок алардын бул ниети ишке ашпай калды. Эки кабат бактуу имараттын артына кокусунан кире калган Дарбаң көңүл айтуу кечесин ушу жерден аяктоону сунуш кылды.

– Жан киши көрбөйт,– деди Усубакун көк шиберге чалкасынан түшүп жатып.

– Тездеткиле, бирөөнүн короосу көрүнөт, ээси чыга калса уят,– деп эстүүсүндү Керимакун.

– Коркконго кош көрүнөт болбочу, кана, Заке мен ачып жиберейин! Ал Зарлыктын колунан бөтөлкөлөрдү алып, ресторандан «кытып» чыккан стаканга аракты шоркуратып куя баштады.

– Биздин сага деген жакшы ниетибизге түшүнгөнүңө ыракмат! Эми муну өзүң баштап бер,– деп Ирбит колундагы стаканды Зарлыкка карматты. Анын ойбоюна коюшкан жок, туш-тушунан жаалап ичирип жиберишти.

Ичмечи адамдар өзүнүн мастыктан иштеген жоруктарын адетте акыркы рюмкадан көрүшөт. «Ошону ичпегенде эле, балээ жок» дешет. Акыркы стакан

чындыгында эле Закеңдин тагдырын чечип кеткенсиди. Башы айланып, жер кырынан калана калгандай болду. Ал шиберди эки колдоп кармап жата калды. Беркилердин «Сен ич, мен ичтим» деген сөздөрү анда-санда алыстан угулгансыйт. Көөдөнүнө бирөө от жагып кеткендей ысыйт. Ал көмкөрөсүнөн түшүп, төшүн муздак чөпкө басат. Жаны жер тартып, кирпиктери жабышат...

Мындайда дайыма кычык сүйлөөчү Дарбаң Керимакун менен айтыша кеткенсиди. Эстүүсүнгөн Усубакун ортого түштү. Экөө мушташып кетпесин дедиби, Ирбит Дарбаңды жетелеп жөнөдү. Жер кучактап жаткан Зарлык эстен чыкты.

Зарлык ойгонгондо күн чыгып калган экен. Гүл эгилген короо сыяктанат.

Жакын эле жерден эл өтүп, машиналар зуулдайт. Ал кеңгиреп шаардын кайсы тарабында жүргөнүн эстөөгө тырышты. Ал титиреген денесин бир аз токтотуп, ордунан турду. Тогузкаттай шымын багелегинен чоюп, айланага көз жүгүрттү. Капыстап бактын түпкүрүндө турган имараттын терезесинен бирөөнүн тааныш өңүн көрүп чочуп кетти. Жүрөгү оозуна тыгылып көзүн ушалап дааналап карады. Дал өзү! Ачылган терезеден начальниги Насыр Назаралиевич кытмыр карап турган экен. Начальниктин кыжыры кайнаган көзү Зарлыкты турган жерине кадай койгондой болду. Бут шилтөөгө дарманын келтирген жок.

– Да, Көрпөшов, сиз эми ичкиликти мекеменин короосуна ташып келчү болгонсузбу? – деди ырайымсыз жылмайып. Зарлык үндөгөн жок, шарт бурулуп короодоп чыгып кетти. Ал мекемеге барууну ашык баш иш ойлоду. Кеңгиреп туш келди басып жүрө берди. «Эч жерде иштебесем да ичкилик ичпей койбосом» деп өзүнө өзү кекенди. Ал паркты аралай басты. Суусаганынан тили күрмөөгө келбей кургап чыкты. Пиво саткан дүкөндү көздөй илкип жөнөдү. Чөнтөктөрүн сыйпаласа

майда сомдуктар жүргөн экен. Түшкү дем алуу маалы да жакындап калыптыр. Пивокананын жанындагы манту саткан жерде да котологон эл.

Ал бир кружка пивону алып жаңы эрдин тийгизгенде:

– Баш болбой калыптыр, араң чыдадым. Бир шылтоо таап чыгып кеттик, – деп бакылдап жаткан Дарбаңдын үнү кулагына шак дей түштү. Жалт караса, түнкү достордун Ирбиттен башкасы чогуу жүрүшкөн экен. Негедир окшуп кетти. Колундагы пивосун таштап артын карабай парктын дарбазасын көздөй качты.

## КИЧИ ПЕЙИЛДИК

Колума дипломду алдым да, кудуңдаган боюнча алгачкы кызматка жиберген мекемеге жөнөдүм. Кабыл алуу бөлмөсүндө көп деле кармалган жокмун. Начальник кабыл алды. Жоон жолпусунан келген агай экен. Ымшып отуруптур, улам жүз аарчысы менен мойнун сүргүлөп. Көз кыйыгы менен орунтук көрсөттү мага. Отурдум. Бир жакка телефон шыңгыратып: Даярбы? – деп мени карап койду. Анан дагы терин аарчынып: – Орокчиев деген сенсиңби? – деди. «Менмин» дегендей башымды ийкедим. Министерство багыттаган кагазымдын четине «приказга» деген бир сөздү кыйшык жазды да кол коюп, кадрлар бөлүмүнө шылтады. Кадрлар бөлүмүнө кирдим. Көз айнегин мурдунун учуна илген абышка экен. Улагада машинка басып бир кыз отурат. Мен кагазымды тиги кишиге сунуп, кызды карасам, ал мага тилин сунуп эликтеп койду. – Бойдоксунбу? – деди көз айнегинин үстүнөн карап.

«Ооба» дегендей баш ийкедим.

Ал чөнтөгүнөн жез чакчасын сууруп чыкты да алаканына каккылап жатып бир атым насыбай чекти... Анан чакчаны мага карматып.

– Приказың даяр болгуча, базардан буга насыбай толтуруп келегой, кичи пейилдүүлүккө! – деди.

Толтуруп келдим. Инженер болуп иштейт деген приказ даяр болуптур. Эми столумду көрсөтүшөт го деп турам. «Начальник чакырып жатат» дешти.

Бардым.

– Аракчиев белең? – деди терин шыпырып.

– Жок, Орокчиев...

Бир аз ыңгайсыздангансып жылмайды да:

– Кичи пейилдүүлүккө мындай кыл, короодо машина турат. Кабинасына отур да базага барып, мобу кагазды көрсөтсөң бир буюм берет. Ошону колхозго жеткирип келе гой!

Кагазын ачып караган жокмун. Кабинага отуруп базага бардым. Отуз такта шифер жүктөштү машинага. Шаардын сыртындагы колхозго келдик. Шиферди түшүрүп, бастырманын алдына жыйдым.

– Жаңы келген баласың го? – деди начальниктин атасы.

«Ооба» дегендей баш ийкедим. Бир кесе максым сунушту. Тартып жибердим.

– Сен жеткенче баары бир кызмат бүтүп калат, тиги күрөктү ал да алмалардын түбүн бошотуп бер айланайын, кичи пейилдүүлүк кылып, – деди. Күүгүм киргенде араң бошотуп бүттүм. Дагы бир кесе максым жутуп, ошол эле машина менен түнөөчү жериме түшүп калдым.

Эртеси кызматка келдим. Жаза турган такта кагаз түгөнүп калыптыр. Баягы Васянын машинасы менен кагаз жүктөп келдик. Анан бөлүм башчысынын кеңешмеден колу бошобой жатыптыр, дандыр нандан экини, бир бөтөлкө айран, бир кило алма алып Ахунбаевдин клиникасында жаткан аялына киргиздим. Түштөн кийин жергиликтүү комитеттин председатели «Шельменко-денщик» деген фильмге жыйырма билет алып кел деди. Алып келдим. Келсем, мекемеге жаңы стол, стулдар

келген экен, кечке аны түшүрдүм. Суй жыгылып түнөөчү жериме жетип куладым. Эртең баягы көз айнектин насыбайы түгөнүп калгандыр, адегенде жез чакчаны толтуруп келишим керек. Мына ушинтип иштеп жүрөм. Баса, кече айлык алдым. Жаман эмес, канча кылса да жогорку билимдүү инженермин да! Жашоого болот.

## ООРУБАС КИШИ

Чын-чынын айтканда Индирбайдын  ден соолугундай ден соолук ар бирибизде болсо кана, атаганат! Суктана турган эмнеси бар экен дейсизби?  Бар.

Ал бала болуп (азыр ал чоң киши) башына жүн чыкканы ооруп көргөн эмес. Ымыркай кезинде чырныктаса керек, бирок эс киргени эл катары ооруп, «оорунун мааниси онтогон» болуп чекеси бырышкан жан эмес. Жаштык өтүп, Индикең тиш каккан кызматкер катары бир мекемеде иштеп жүрдү. Адатта мекеменин жетекчиси кол алдындагы кызматкерди жакшы билиш керек эмеспи. Алсак, анын ата тегин, мурда кайда, кандай кызматтарда иштегенин, а түгүл кызматка алынсын деген буйрук чыгарардан мурда «эртең келиңизчи», «бүрсүгүнү кайрылыңызчы» деп коюп (албетте мындай ыкма эстүү жетекчилердин гана колунан келет) анын мурдагы иштеген жеринен териштирип, тааныш-тамырларынан үч маал ичүүчү тамагынын тизмесинен өөдө сурап алуусу да ыктымал.

Индирбай азыркы кызматына өтөөрдө ошондой «ыктымал» иштер болгонун тиги шордуу кайдан билсин. Анын үстүнө «баш оорубагандын кудай менен иши жок» дегендей оору дегенди билбеген неме ыктымал-сыктымалың менен эсептешеби, салып-уруп иштей берди. Дале баягыдай денеси жупжумуру тартып чымыр, иштеген үч жыл ичинде бир да жолу жергиликтүү комитетке эмгекке

жарамсыздык баракчасын жалбыратып көтөрүп келген жок. Ал эми үч жылдын ичинде мекеме башчысынын жеңил машинасы беш жолу талкаланып, кайра түзөлдү.

Ооба, темир деле жешилет турбайбы! Индирбай жашы улгайып бараткандын өзү сезбегени менен тамчы суу ташты ойгондой, күндөр анын ден соолугун четинен кетип, кемирип жатты.

Күндөрдүн биринде алыскы районго командировкага жөнөөгө туура келди. Жөнөсө эмне экен. Индикеңдин командировкадан башы агарып, согончогун чор баскан. Жөнөп кетти.

Адырдагы айдоонун жүрүшүн, тоодогу малдын төлдөшүн, күдүрдөгү эгинди көрүүгө туура келди. Багжаңдаган койчулар, сарамжалдуу дыйкандар менен сүйлөштү, ысыкка какталып, суукка тоңду. Айланып келип сапары карып, бери тартар күнү эле баягы Индирбай жок, дене-башы ысып, өзүн жаман сезди. Адегенде буга өзү да чочуп кетти, капырай ооруйт деген эмне тамтык. Бирок, ага оору болобу, көңүлү айнып жаткан жеринен турбай калды. Эртеңки иштен кечигерин ойлоп азаптанды. Ошондо да ооруганына ишенген жок: «Зарыл иштер чыккандыктан командировканы эки күнгө узартып койсоңуздар экен» деп телеграмма жөнөттү.

Жаны жер тартып баратат, эстеп отуруп кайсы бир жылдары бирге окуган жолдошун таап босогосун аттап кулады. Эртеси оңолом десе жок, шылкыны жаман, эсучун билбей дагы кулады. Бүткөн боюн бирөө жанчып салгансып сыздайт. Мээнет болсо бүтүп баратат, жаналакетке түшкөнүнө карабай жанбашын сүйрөп автобуска чыкты.

Үйүндө эки күн сулк жаткандан кийин гана докторсуз адам болбосуна көзү жетти. Көзү канталап, деми кыстыкканына карабай ишине жөнөдү. «Барып көз көрсөтүп, айтып коёюн да анан доктурга түшөйүн» деген чечимге келди.

Мекеме жетекчисинин үстүндө кишилер бар экен. Күтүүгө чыдабады, жаны жер тартып турат, баш бакты. Өзү менен бирге иштешкен бөлүм башчыларынан үчөө отурган экен.

– Аа, мына ушундай болорун билгем! – деди кимдир бирөө.

– Сизге эмне болду? – деп сумсайды мекеме башчысы.

– Кандайча?

– Ушундайча эле, жөн эле ооруйт экен адам...

– Капырай, сиз дагы ооруйсузбу?! – деди мекеме башчысынын орунбасары, аял.

Кабинет жымжырттыкка чөгүп, баары ага тигиле карашты.

– Көрсө? – деп сурарсыздар, кымбаттуу окуурмандар.

Көрсө, Индирбайды кызматка аларда мекеме башчысы анын мурдагы иштеген жериндегилерден сураган турбайбы, сурашса тиги Индирбай шордуунун тамагына таарынган бирөө.

– Мында оору деген болбойт, ооруса эле ичкиликтен ооруйт! – деп мүнөздөмө берген тура!

# МАЗМУНУ

**СМАР ШИМЕЕВ**......3
ТҮШҮМДӨ ......5
БАКЧАДАГЫ ГҮЛ ......6
БАРЧЫН......7
МЕН ИЧКЕН БУЛАК......8
БИР ШИЛТЕМДЕР......9
КЫЛ КЫЯКЧЫ ЧАЛ......14
ЖООМАРТКА ......14
ЖАЛБЫРАК......15
УУЛУМА ......15
ЫСЫК-КӨЛ ЖӨНҮНДӨ ЫРЛАР ......18
САРЫ-ӨЗӨН ЧҮЙ......19
УЯ ......22
ЖАҢЫ ШААР ......23
ЭНЕ МОСКВАДА ......30
СҮЙӨМҮН ......34
АК-КУУ......36
СУЛУУ КЫЗ ......37
ЫСЫК-КӨЛ ......38
САР ЖЫЛДЫЗ ......39
БИР КЫЗГА ......39
«К-К» ГА......39
АНЫ КӨРДҮМ......40
ЧОЛПОН ЖЫЛДЫЗ ......40
КҮЛГҮН ЖАШКА......41
ЖАРЫМА ......42
ТҮНКҮ ЫР......42
КЫЗДЫН ҮНҮ......43
НЕГЕ СҮЙБӨЙТ......43
КЫЗГА БЕРГЕН СҮРӨТКӨ......44
САГА......44
ЭНЕМЕ......51
ДОСУМА......55
СЕН ......56
КАРЫНДАШЫМ......57
КӨЛ БОЮНДА БИР ЭЛЕС ......58
ТҮШКӨН ЖЫЛДЫЗ ......60
ЖҮЗҮМ......61
ӨРҮК ГҮЛДӨДҮ......62
ЭЛИҢДИ СҮЙ ......63
КАУХАР ТАШ ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА ......63
СҮЙҮҮ ......67
КЫЗ КҮЛКҮСҮ......68
АРКЫТ ......69

ШАРКЫРАТМА ........ 70
ТЕРМЕЗ КЫЗЫ ........ 70
ДОСТУК ЫРЫ ........ 71
ТАҢ АТСА ........ 72
БАЛА ........ 74
СОНЕТТЕР ........ 75
ШУМКАР КОНОТ ТУУРУНА ........ 113

**БАКЫ ӨМҮРАЛИЕВ** ........ 115
АТА СӨЗҮ – АР-НАМЫС ........ 117
МЕН БИЛЕМ, ТООЛОР БИЛЕТ ........ 169
ЖАҢЫРЫК (ЖҮЗ КАТЫН)[1] ........ 216
УНУТУЛГУС КҮНДӨР ........ 262
ЭПИЛОГ ........ 314

**ШАТМАН САДЫБАКАСОВ** ........ 315
АЗАТТЫК ҮЧҮН ........ 318
АР КИМИБИЗДИН ЖОЛУБУЗ БАР. ........ 385
АК БОЗ АТ ........ 403

**ЖАПАРКУЛ АЛЫБАЕВ** ........ 465

САТИРАЛАР

БИЛИП ТУРУП АЙТПАЙБЫЗ ........ 467
ЧАРАБАЙ ........ 469
АКЫРКЫ САПАР ........ 472
КОНУШБАЕВГЕ КОЛ БЕРҮҮ ........ 472
АЖЫГУЛДУН КӨРГӨНҮ ........ 475
АРЫЗ ЖАЗГЫЧ ТОГОЛОК ........ 477
ОҢОЛБАЙДЫН «НАМЫСЫ» ........ 479
КЫМЫЗ, КЫМЫЗ ........ 481
ТӨРТ КҮЙӨӨ БАЛА ........ 485
КӨНГӨН АДАТ ........ 486
ЧЫЧАЛА ........ 487
ЭКИ БУТТУУ ӨГҮЗДӨР ........ 488
КОШУНАНЫН ЧЫМЫНЫ ........ 488
ӨЛГӨНДӨ КИЙИПТИР ........ 489
«ЭСКЕРМЕ» ЖАЗГАН АДАМ ........ 490
АРАКТЫ ТАШТАГАН АДАМДЫН МОНОЛОГУ ........ 490
ЭМНЕ СОЮПТУР! ........ 491
ТОГОЛОК АРЫЗЧЫНЫН ӨЛҮМҮ ........ 492
СОРГОК МЕНЕН БАЛА ........ 494
КОШТОШУУ ........ 495
ЖАҢЫ БАШЧЫ КЕЛГЕНДЕ ........ 501
ЖОЛДОШУМА АЙТКАН КЕҢЕШ ........ 501

КӨЗ ЖӨНҮНДӨ СӨЗ ........ 502
ЖАКЕН «БАЙКУШ» ........ 504
ЧАЙКООЧУГА ........ 505
БЕЛГИЛЕР ........ 506
ӨЗҮНҮКҮ ЖӨТӨЛҮ ........ 506
ЭР ДЕСЕ… ........ 507
«МЕНИ АКСАКАЛ ЖИБЕРДИ...» ........ 507
ЭШЕКТЕР КЕБИ ........ 509
ШААРДЫК ИТ ........ 510
ЧАБАН МЕНЕН ИТ ........ 511
ДӨӨЛӨС БААТЫРДЫН ЧЫПАЛАК КӨКМЕЛТЕЙДЕН ЖЕҢИЛГЕНИ ........ 512
«САПАТТУУ» КИТЕП ........ 514
КИТЕПТИН АРМАНЫ ........ 514
ЖЫГА КОЙДУ ........ 514
БИР АДАМ БАР КҮЛБӨГӨН ........ 517
САТИРАЛЫК КҮЙГӨН ........ 518
АТА-БАБАМ АНТЧҮ ЭМЕС ........ 523
БЕШИК ЫРЫ ........ 525
АЙЫЛДАН КАТ ........ 526
УЗУНКУЛАК МЕНЕН ДҮРБӨЛӨҢ ........ 528
ИЧТЕН СЫЗМА ........ 530
СЕН БОЛСОҢ ДА МЕН БОЛСОМ ........ 532
СЫРТТАН ОКУГАН КИШИ ........ 533
МОНОЛОГ ........ 538
КОШУНАЛАР ........ 541
ТАБЫШКАНДАР ........ 543
ЭКИ УУЛ ЖӨНҮНДӨ ........ 545
КАЙРЫЛУУ ........ 546
КОЛТУКТАН ЧЫМЧУУ ........ 548
ТААРЫНЧААК ЧЫМЫН ........ 548
УШУНДАЙ ДА БАР ........ 549
«АК НИЕТ» САТУУЧУ ........ 550
ИНИМ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ ........ 550
КАЙГЫ ........ 552
БУЛ КИМ ........ 553
СЫР ........ 554
ТУУРАБЫ! ........ 555
ТЕҢ ЭМЕС ........ 557
ЧОҢОЮУНУН СЫРЫ ........ 558
ТҮШҮНДҮ ........ 559
ТАМСИЛЧИЛЕРГЕ ТАМСИЛ ........ 559
АЙЫЛДАШКА КҮЙГӨНДӨН ........ 563
ОЮ КИР ........ 565
БӨЛКӨ НАН ........ 566
МИТЕ ........ 567

ТАШ ЖЕГИЧ ........ 570
«БАКТЫЛУУ» КҮЙӨӨ ........ 571
КАРТАЙГАНДА КАБЫШТЫ... ........ 572
ТЕТИРИ ЖҮРГӨН КИШИ ЖӨНҮНДӨ ........ 573
ЖАМАК ........ 573
БУЗУКУ СУУ ........ 576
НАН ТАНДАГАНДАРГА ........ 577
«ШАРТ» ТҮЗДҮ ........ 579
АК ЖООЛУКЧАН «БОКСЁР» ........ 580
КӨЛӨКӨ ДОС ........ 581
КӨРСӨ........ 582
ДҮКӨНЧҮ КЫЗГА ........ 582
КОРОЗДУН ОЮ ........ 583
ЭПТЕП САКТАП КАЛЫПТЫР ........ 584
КЫЗМАТ УБАГЫНДА ЖАЗЫЛГАН ЫР ........ 585
АРАҢАРДАН ТАПКЫЛА........ 587
ИЛКЕШ........ 588
ТАШ-БАШАТ........ 589
АРНООЛОР ЖАНА АЗИЛДЕР ........ 590
ТЕМИРКУЛ ҮМӨТАЛИЕВГЕ ........ 591
МУКАМБЕТКАЛЫЙ ТУРСУНАЛИЕВГЕ........ 591
САЛИЖАН ЖИГИТОВГО........ 592
ҮМӨТОВ ЖУМАБАЙГА ........ 593
КАЙЫРГҮЛ САРТБАЕВАГА ........ 593
ТУРГУНБАЙ САДЫКОВГО ........ 594
КАЛЫЙ МОЛДОБАСАНОВГО........ 595

ЛИРИКАЛАР

АТА-ЖУРТ ЖАНА МЕН ........ 596
ТУУГАН ЖЕРГЕ ........ 596
АЛТЫН БАЛАЛЫК........ 597
КӨҢҮЛ АЙТУУ ........ 598
ЖЕТПЕЙ ТУРДУ БИР НЕРСЕ ........ 598

САТИРАЛЫК АҢГЕМЕЛЕР

БАЯГЫ ЭЛЕ БЕКИШ........ 599
БЕЧАРА ИРБИТ ........ 604
КАЙРАН ГАНА КАШКА ТИШ! ........ 611
«ОЛУЯ»........ 613
КЕЗДЕШҮҮ ........ 617
«ООЗУҢДАН ЧЫГАРБА»........ 620
ҮЧ ТАБАКПЫ, ЖЕ... ........ 628
КӨҢҮЛ АЙТУУ........ 632
КИЧИ ПЕЙИЛДИК ........ 637
ООРУБАС КИШИ ........ 639

*Адабий-көркөм басылма*

*«Окурмандын китеп текчеси» сериясы*

30-том

# СМАР ШИМЕЕВ
# БАКЫ ӨМҮРАЛИЕВ
# ШАТМАН САДЫБАКАСОВ
# ЖАПАРКУЛ АЛЫБАЕВ

*Тандалган чыгармалар*

Түзгөндөр: *Текешова М., Турсуналиева А.*
Тех. редактор: *Өмүров Б.*
Корректорлор: *Текешова М., Турсуналиева А.*
Компьютердик калыпка салган *Тилекматова Н.*

Терүүгө 04.02.17 берилди. Басууга 20.06.17 кол коюлду.
Кагаздын форматы $60x84^1/_{16}$.
Көлөмү 40,375 б.т. Нускасы 500.

---

"Кут-Бер" ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68